Арстанбек Буйлаш уулунун
190 жылдыгына карата



Арстанбек Буйлаш уулу
1824-1878 ж

ЭЛ МЕНЕН СЕН БИЙИКСИҢ...

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН
190 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА



54828

ЭЛ МЕНЕН СЕН БИЙИКСИҢ...

«АДЭМ БАСМА»
БИШКЕК – 2014

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Э 45

Арстанбек Буйлаш уулунун
190 жылдыгына карата

Редакциялык курам:

Ү. А. АСАНОВ, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги - төрага, **С. О. БАЙГАЗИЕВ**, Кыргыз Билим берүү академиясынын академиги, **М. Ж. КУРМАНКОЖОЕВ**, Кыргызстандагы тынымсейит уругунун башчысы, **И. Т. ОСМОНОВ**, "Теңир-Тоо ынтымагы" коомунун катчысы - катчы, **Т. ШАЙЫКОВ**, Нарын областтык ТРК Башкы редактору.

Түзгөн жана жооптуу редактору **И. Т. Осмонов**.

Э 45 Эл менен сен бийиксиң. И.Т. Осмонов. – Б., 2014. – 576 б.

ISBN 978-9967-465-78-7

Китепке Арстанбек Буйлаш уулунун жарык көргөн өздүк чыгармалары менен акын жөнүндөгү илимий изилдөөлөр, омоктуу ойлор, таасын табылгалар жана талантка таазим эткен макала-ырлар топтолду. Бул жыйнактан окуучулар, студенттер, мугалимдер, жаш илимпоздор, аспиранттар кеңири пайдалана алат жана көптөгөн маалыматтарды табат. Айрыкча кыргыз адабиятына же эл ырчыларына кызыккандар үчүн колдонмо китеп болууга жарайт.

Э 4702300100-14

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-465-78-7

© Түзгөн Осмонов И.Т., 2014

АТАБЫЗДЫН КЕРЭЭЗИ – АЗЫРКЫНЫН ГҮЛАЗЫГЫ

Урматтуу агайын-туугандар,
эже-карындаштар, боордоштор!

Колуңуздардагы жыйнак Арстанбек атабыздын 190 жылдыгына арналган аздыр-көптүр белегибиз. Бул кишинин өмүрү өрнөк, айтканы акыл, кеби кеңеш, санат-насыяты жашоо-турмушубузда колдонулуучу көрсөтмө жана артында калган керээзи – биз үчүн түгөнбөгөн гүлазык.

Кудайга шүгүр, улуу акындын мурасы мезгил мейкиндигинде, кылымдардын кыйрында жоголуп кетпей, жер алдында чирибей, кайра табылганы кийинки урпактарга зарылдык окшойт. Ал кишинин айткан: "Тирүүлүгүң бир дөөлөт" деген эскертме-учкул сөзү бүгүнкү күнгө дал келчүдөй. Сөздүн кудурет-дарамети менен жамы журтка берген таалим-тарбиялык касиети азыркы жаштарга кош мончок каректей, токтобой аккан мөлтүр булактай.

Сөз баккан адамдын дыйкандан айырмасы жок, ал дагы даамдуу, таза, дандуу сөздөрдү тандайт, кайра аны үрөн кылып себет. Түшүмүн элге чачат, анын жыйынтыгын кары-жаш баалайт. Ошону атабыз жаштайынан түшүнгөн тура, кызыл тилден бал тамыза, ак сөзү күчкө ээ болорун билген экен, андыктан сөзгө өтө кылдат, аяр мамиле кылганы жол чырак. Бирок таккесе айтып, бирөөнүн көңүлүн ооруткан эмес. Көңүл деген гүлдөй болмогу чын го.

Бизге калтырган байлыгы боюнча эки кызыбыз: Назгүл Бегалиева – филология илимдеринин, ал эми Шаткүл Кулматова – педагогика илимдеринин кандидаты болушту. Бул демек, Арстанбек Буйлаш уулунун урпактарга таштаган улуу мурасындагы жана сөз казынасындагы баалуулуктардын көзүн ачканга барабар. Кыздарга чоң ыракмат, кудайдын кулагы сүйүнсүн. Ден соолуктары чың, иштери ийгиликтүү болсун!

Арстанбек атабыздын 190 жылдык мааракесин өткөрүү тууралуу өкмөттөн кабар күтсөк, убакыты узарып кетти. Айла жок демилгени колго алдык. Академик Үсөн Асанов, профессор Советбек Байгазиев менен кеңешип, коомдук комиссия түздүк, анан ишти баштадык. Адегенде эле республикалык илимий-практикалык конференция уюштурдук. Алгачкы кадамыбыз арымдуу, ишибиз ийгиликтүү өттү.

Анткени бул иш чарага Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги, Кыргыз Билим берүү академиясы, Улуттук Жазуучулар союзу, "Манас эл" коому түздөн-түз катышты да, 2014-Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылына арналды. Арстанбек атабыздын да бирден бир көксөгөнү ушул болчу – кыргыз эли башын бириктирип, ынтымакта, бакубатта жашашын каалаган.

Уруш-талаштан, бөлүнүүдөн жалпы эле эл-журт жабыр тартпастан, жаратылыш, табыйгат да талкаланаарын таасын айткан Арстанбек Буйлаш уулунун таберигин жаш аалымдарга, илимпоздорго, адабиятчыларга, тарыхчыларга тапшырууну эп көрдүк. Себеби, алардан мындан ары карай музыка, күү жаатындагы, ошондой эле олуялык көрөгөчтүгү боюнча изилдөө, иликтөөлөрдү жана жаңы көз караштарды күтөбүз.

Сиздерди урматтоо менен,

Курманкожоев Муканбай Жунушалиевич,
Кыргызстандагы тынымсейит уругунун төрагасы.

ТҮЗҮҮЧҮДӨН ТҮШҮНДҮРМӨ

(Баш сөз ордуна)

Ачыгын айтканда Арстанбек Буйлаш уулунун айланасындагы сөз өткөн чактын 1990-жылдарынан баштап, кайрадан жанданган. Ага дейре айрым гана адабиятчылардын, илимпоздордун жана анча-мынча адамдардын ичиндеги сакталган сыры (оной менен сыртка чыкпаган), анан да акырын айтылуучу темасынан болчу. Мунун себеби өтө жөнөкөй түшүндүрүлгөн: ал эскичил, байманаптардын (элди эзүүчүлөрдүн) таламын талашкан реакциячыл акын, анын айткандарында мистика бар – мындай кишинин чыгармаларын окуганга болбойт, бул деген коммунисттик идеологияга туура келбейт. Ошондуктан ордутүбү менен окуу куралдарынан алып таштап, бай мурасын китеп кылып чыгарууга таптакыр тыюу салгандыгы тууралуу тарыхыбыз ырастап отурат.

Алгачкылардан болуп Арстанбек Буйлаш уулун даңаза, дайын кыла изилдеген Тазабек Саманчин болгону баарыбызга маалым. Адабиятчынын таасын саптарындагы аныктоону колдоого алганыбыз оң: "...Арстанбекти эл арасында Арстанбек атка кондурган анын ырчылыкты кесип кылып, түмөн элди түрө кыдырып, ырдагандыгы эмес эле. Ал анын ошол өз заманын, замандын элин таамай мүнөздөп, элдин мунун, ой-тилегин, арман-зарын жазбай ырдап, айта алгандыгында болуучу". Ооба, "далайлардан бата алган, булбул акын аталган" сөөгү таза, асылзаада адамдын Жараткандан берген таланты – табиятынан, дээринен эл-жер дегенде эбегейсиз жигери күч, анысы мекенчилдиги менен камыр-жумур, намыска жаралган жан экени талашсыз. Өз заманынын акыны, жараны катары ой-акылы, баамы менен эртеңки күнүнө, келечегине сереп салганы тегин эмес. Анткени, эли, бала-чакасы, жакын туугандары – алардын артындагы улут уюткусун түзгөн урпактары – ошол болочокко бара жатканы аны кабатырлантканга толук шарт жараткан. Заман коогалаңын, коомдун тездик менен өзгөрүшүн өз көзү көрүп, көкүрөгү туюп, жон териси сезип, жүрөкзаада болгонго өбөлгө түзүлүп калган. Ошондонбу, пендеден өйдө турган инсандыгы менен Арстанбек атабыз кийинки жаштарга жаманбы же жакшыбы, өз оюн, көз карашын билдирип, добушун угузуп, акыл-насаатын, кеп-кенешин айтуу милдетин өзүнө алган.

Баягы, "уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук" деген туюнтмадан акылы зирек, зээни түлөк укум-тукумдун уюткулуу өкүлдөрү өздөрүнчө жол, багыт таап, салт-санааны сактап, каада-адатты кармап, уул-кыздарына үлгү болгондой эле, муундар байланышын үзбөй улоо озуйпасын аткаргандар бар болгон. Ошону орду менен улантуу үчүн биз, ар дайым Арстанбек атабызга кайрылып турууну парзыбыз экенин унутпайлы. Эки ортодо Тазабек Саманчиндин тагдыры кайгылуу аяктаганы (ишинен кулуп, жалаа жабылып, ден соолугугунан ажырашы) – муундар байланышын үздү, ортонку жана кийинки муундарга терс таасирин тийгизбей койгон жок. Изилдөө иштери уланмак тургай, атын атагандан чочулап, өз көлөкөсүнөн корккон абалга жеткен учурду элестетүү кыйын эместир. Бул убакыт 1947-48-

жылдарга туш келет. 1950-жылдан баштап, 1960-жылга дейре жеке эле Арстанбек атабызга асылуу жосуну Калыгул менен Молдо Кылычты да кыйгап өтпөптүр. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын съездериндеги, анын Борбордук Комитетинин жыйындарындагы токтомдорго Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч реакциячыл акындар деп ачык жазылганы сакталып турат.

Реакциячыл (реакционер) термини бизде каршыгуу, кабыл албоо, өгөйлөө маанисине жакын. Ушул пикир Б. Кебекова түзгөн "Арстанбек" жыйнагынан да орун алган: "Албетте, жарым кылымга жакын убакыт Арстанбектин тегерегинде чуулгандын болуп келишинин да негизи бар" (33-бет, Бишкек. "Илим" басмасы, 1994-жыл). Бул жагынан алганда аянчыл, акылман, ойчул акындарыбыз компартиянын каарына кандай деңгээлде жана кайсыл "кылыктары" үчүн жакпай калды десең? Кудайга тобо, агезде алар бир кылым мурда жашап, айтчусун айтып, дечүсүн деп, керээз-мурасын калтырып, жарыкчылык менен коштошуп коюшканын билбей калыпты бекен? Адабият айдыңынан болбой эле "күчкө салып", учурдун урунттуу окуяларын, мезгилдин мерчемдүү оош-кыйышын алдын ала көрө билген көсөмдүгү менен аларды кайра ырга айлантып, элге түшүндүрө-жеткирген Арстанбек атабыздын атын чийип таштагандыгы өтө кечиримсиз иштердин бири экендигин оомалтөкмөл турмуш учурчагы өзү айгинеледи. Бүгүнкү күнү тирүү тарых – биз урматтаган Турдакун Усубалиев аксакал "Акылман Калыгул" китебине ошол кездин "каармандарынын" аттарын атап, эң туура иш кылыптыр (21-23-беттер, Бишкек. "Шам" басмасы, 2000-жыл). Ошондой кыянат, карөзгөйлөрдүн кесепетинен көптөгөн муундар Арстанбек Буйлаш уулунун поэтикалык, музыкалык мол мурасынан ажырадык, убакыттан уттурдук, эл ичинен чыгармаларын чогултуу, жыйноо иштери түгүл, кол жазмадагыларын изилдөөдөн баш тарттык. Натыйжада, бул багытта чоң өксүк жаралды, анын арты кайырлуу болбой, жалпыбызды өкүнүчкө чулгады.

Эмнеге мындай болду деген тике суроо жаралат. Менимче, менин болжолумда бул жерде өзөк менен өтүүчү "орус" маселеси турат. Ошо кездеги орустардын кылык-жоругун, кыргызга кылган зордук-зомбулугу менен кысымын ачык-айкын айткандардын алдыңкы сабында Арстанбек актандай бар эле. Кыргыз жергесине орус баскынчылары жете электе: "Ушул орус чыкканда/Кара жол кылар көлүндү/Эсепке алар жеринди/Кайсандаар сенде чама жок/Капкандай чабар белинди" деп белгилесе, алар басып алгандан кийин: "Капкандай чапты белинди/Каптап алды элинди/Сурап алды жашыңды/Каттап алды башыңды" деп, жыйынтык чыгарган. Демек, "эшиктен кирип, төр меники" деген жосунду көрүнөө жасап, калкты көз каранды, күнкор кылуу аракетинин арааны жүрүп жатканда, акын ооз ачпай, дудук болуп отуруп бермек беле? Ансайын баскынчы, талоончу орустардын элге көрсөткөн кордугун, тескери мамиле кылган жоругун, күчкө таянуу менен өзүмбилемдик саясатын ачыктап ырдай берген. "Бул каапырдын сыры болот дечү эле", "Кыялы журттан башка экен", "Бузукту журтка көп салар", "Эми, орус зор болду/Кайран кыргыз кор болду", "Орусуң кыйын жин экен!" сыяктуу мүнөздөөлөрдүн артында ансыз да кокондуктардын алык-салыгынан, бугу менен сарыбагыш урушунан тукулжураган карапайым калктын орустардан тарткан азабын көркөм ыргак менен айгине кылганы жашыруун эмес.

"Ал убакта-деп эскерет Талып Молдо-биздин кыргыздан чыккан акынырчы, маркум Арстанбектин айтканы эң эле туура келди. Арстанбек орус келбестен ондогон жыл илгери, орусту көрбөй туруп айткан. Же ошол мезгилде кээ бир угулган кабар болгонбу, ошол кабарды угуп айтканбы, эч бир бугунун аксакалдары айта албады.

Бугунун аксакалы, билерманы, Арстанбекти көргөн кишилер жакасын кармап: -Кудая тобо, бизди ушундай күнгө туш болорубузду кантип билди экен-деп коёр эле.

Бала убактымда өзүм да ырын угуп жүргөн элем. Кийин орус өкмөтү келип, өкүмүн жүргүзө баштаганда бугунун аксакал жакшылары айтаар эле: Арстанбек биз орусту көрбөгөн, билбеген убакта ушул орустун келерин, келгенде кылар ишин, баарын айтчу эле. Биз ал убакта ишенчү эмес элек. Эми, өз көзүбүз менен көрдүк. Айткандарынын баары болуп келе жатат. Муну сен кайдан билесиң? Олуясыңбы? Же сенин оозуңа шайтан түкүргөнбү-дегек, Арстанбек күлүп, баарыбызды шылдыңдап, шашпа, көрө элегиңер али көп, ага чейин өлүп, көрбөй кутулуп каларбыз. Боло турган замандын түрү курусун. Бизден калган балдардын көргөн күнү не болот-деп коёр эле дешип, сөз кылышчу" ("Кыргыздар" китеби, Бишкек. 2004-ж. 3-том, 235-236-беттер). ...Каракол калаасындагы бүтүн улуктар, тилмечтер, төрөлөр, полиция жасоолдору жана жадегенде соодагер далдалдар да минтип айтышкан: тоо-таштардын арасында кийикке окшоп жүргөн, жапайы айбан. Булардын малынан башка, өзүлөрүнүн кереги эмне?! Мына көчмөн кыргызды ошончолук кордогондун белгиси ("Кыргыздар" китеби, Бишкек. 2004-ж. 3-том, 233-бет).

Ал эми сөз пайгамбары, ой акылманы Калыгулду көпчүлүк Арстанбектин устаты катары эсептейт. Бул бүтүмдү жалган дешке ооз барбайт. Анткени, орус тууралуу экөөнүн көз караштарында жана олуялыгында бир бүтүндүк, бир түз сызык бардыгы ырларынан эле кашкайып көрүнө түшөт. Мисалы, Калыгулдун бул саптарындагы: "Өңү сары, көзү көк/Орус келет/Узун чөптү шыпырып/Оруп келет/Кыска чөптү жолотпой/Коруп келет/Кызылдай сенин канынды/Соруп келет", "Илгери басып жүргүзбөй/Деминди алат/Оозуңдан сөз чыгарбай/Кебиңди алат" же "Жылдан жылга мээнети/Ашып турат/Сөөгүң сыздап күйгөндөн/Жашып турат/Сыр алдырбай, сыртыңдан/Басып турат" ("Акылман Калыгул", Бишкек. "Шам" басмасы, 2000. 71-74-беттер) дегендеги жеке көрүүсүн Арстанбек жан туюму менен өркүндөтүп, өөрчүтүп, өзүнүн жеткиликтүү, тубаса жөндөмү менен коштоп кеткен. Элибиз ошон үчүн убагында жазма болбогондугунан, көсөмдөрдүн осуяттарын ортолук кылып, бириникин бирине окшоштуруп, айырмасы жок алмаштырып, айтып келген жайы бар.

Кыргыздын башына түшкөн каран күндү Арстанбек акын "Тар заман" поэмасында (термесинде) ушунчалык чеберчилик менен сүрөттөгөн экен, орустардын элди оңбогондой азап-тозокко салышы жөнүндө кеңири маалыматтарды калтырган. Сезимтал, зирек, кыраакы төкмөнүн жан дүйнөсүнүн дүрбөлөңгө түшүүсү бекер жерден чыкпаптыр. Акыры тили буруу, дини, дили бөлөк калктын зомбулугу жарылууну жаратты, акын айткандай: "Жай-

лоо тургай, жер кайда/Жайылып жаткан эл кайда/Ачып кирер көр кайда?" деген суроосу жоопсуз бойдон турганда, орус менен кыргыздын ортосундагы ажырым – 1916-жылкы Улуу үркүнгө апкелди – өлүм-житимди, кайгы-муңду каратамандардын башына үйдү. Колунда куралы бар, "орусуң оной көк эмес, мылтыгы турат кашында", убал-сооптон коркпогон кайырдиндер кыргызды тукум курут кылуудан кайра тарткан жок. Ошол кезде "Орус оюндагысын кылат" дегендей эле болгон экен.

Бүгүнкү күнү ата-бабабыздын башына мүшкүл апкелген мындай кайгылуу күндөрдү орус калкы (биздин "киргиздер" да) сөз кылып, моюндагысы келбейт. Минткен себебим, орус калкы ар дайым "биздики туура" дегенди карманышат жана өздөрүнө жаман сөз жууткусу келишпейт. Мисалы, жакында эле Орус мамлекетинин Федерация Кеңешинин төрайымы Валентина Матвиенко Кыргыз Республикасынын жетекчилери менен жолугушууга келди. Бир мезгилде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасы Асылбек Жээнбековду Кыргызстандагы орустардын укугун бузуп жатасыңар таризинде жарга такап, жаман кебин айтты эле, эми, орус тилин колдогонуңар үчүн 30 млн. АКШ долларын алгыла деп, сунуштап жатат. Атакөрү, орустар 1989-жылга чейин ушунча акчаны бергенде, Кыргыз тилин эбак мамлекеттик тил кылып, тикесинен тик тургузуп алат элек го? Дагеле расмий делген орус тили жакабызга жармашып, эне тилибизди муунтуп келатат. Муну кандай түшүнсөк болот же орустардын марттыгында эмне максат бар?

"Кысас кыямат кетпейт" дейт кыргыз. Убагында орус кандууларды, анан орус жандууларды, азыркы тапта орус тилинде сүйлөгөндөрдү өзүнө тартууга жасалган аракет – орус улутуна каршы орой сөз айтууну, каршыгууну түп тамырынан бери үзүп таштоого, жаманаттылыгын жымсалдап, жакшы көрүнүүгө алып баратат. Анткени бул "улуу" улутта башкаларга үстөмдүк кылуу, аз сандагы калкты каратып алуу илгертен бери калыптанган. Алар убагында жашыруун доктрина (илим же үстөмдүк саясаты – бул АКШ менен Кытайда да катуу өнүккөн) кабыл алышкан, мында кандай гана болбосун орусту өөдөсүнтүү, көтөрмөлөө күч. Бул боюнча купуя, көзгө урунбаган бөлүмдөр иштейт, адистери да мыкты. Алар дөөлөттүү мамлекетке жеткенден бери ушул адатынан жазбай келет. Ошонун кесепетинен орус маселесин олуттуу көз карашта талдап, эл алдына алып чыккан дааныштман акындарыбыз – Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч эс тутумубуздан сүрүлүп олтургаңы анык. Болбосо, он жылдар бою коммунисттик партиянын чечимдеринде кайра-кайра каралмак эмес, айрым маселе көтөргөн окумуштуу сөрөйлөрдүн "колтугуна суу бүркүлбөйт" эле. Кыргызстан КП БКнын ошол кездеги кызматчыларын карасак, чечүүчү кызматтагы орус өкүлдөрү басымдуулук кылган экен. Балким, замана акындарына алар акаарат келтирген жок деген кандаштарым четтен чыгаар? Андай болсо, башка себебин чогуу издеп көрөлү. Буга биздин тарыхчыларыбыз, этнографтар менен социологдорубуз жакындан жардам беришсе, огеле жакшы болмокчу.

Арийне, Арстанбек тууралуу Кыргыз эл акыны Асан Жакшылыков аныктагандай: "...Негизги поэтикалык жактан ажыратып, чылк учурлук саясатка

же оруска бир беткей каршы деп, олдоксон жана кытмыр буруп, омурткасын биротоло омкоруп салганы кашкайган чындык" дегенинде да омоктуу ойдун үлүшү жатат. Ал эми философ А. Дөнөнбаевдин пикиринде: "... "орустарга" карата заманчыл акындардын сын айтуулары улутка каршы айтылган сын катары каралбоосу зарыл. Мында "орус" деген түшүнүк кандайдыр бир улуттук мазмунду, ошол кезде көбүнчө орустар аркылуу элдин турмуш-тиричилигине сиңе баштаган оң жана терс көрүнүштөрдүн жалпыланган образын гана билдирген" дегени ("Мурас" журналы, 1991. №3, "Акын заманчылар", 4-бет) эки ача ойду тартуулайт, орустар кыргыз жерине келбегендей таасир калтырат. Алардын айынан өз алдынча эл улут эркиндигинен ажыраганын эс-тутумдан, тарых баракгарынан чийип чыгаргандай...

Кандай десек да, эл сыйлаган акындын кудурет-кубатын убагында орустар пайдаланууга аракеттенген экен. Аны ал өзүнүн ырында айкындайт же Б. Кебекова эжебиз жазгандай: "Уезд башчысы – майор бир жыйында Караколдо ууруларга сот болгондугун, качкандарды кармап жок кылгандыгын, журт башкарууга кимдерди дайындагандыгын, мыйзамды бузгандарга кандай жаза колдонорун калкка угуз деп, Арстанбекти жарчы кылат. Ошондо ал ыңгайлуу кырдаалдан пайдаланып, бугулардын Ормондон көргөн запкысын, ал өлгөндө катын-балдардын олжолонуп кеткенин айтып, түшүндүрүп, аларды кайта кайтарып келет. Андан ары орус чиновниктеринин акынды өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга жасаган аракетинен майнап чыкпагандай" деп жыйынтыктайт. Орустар да ойдоно билген, акындын сөзү – атылган октон оор экенин алар жакшы түшүнгөн, ошондуктан Арстанбек Буйлаш уулун 1874-жылы Жетисуу аскер губернаторунун №17 буйругу менен Жууку (Заука) волостунун №1 айылына бий кылып бекиткен архивдик даректеме 2000-жылдардын башында Алматыдан табылган. Демек, Арстанбек атабыздын бий болушу – анын дагы бир бейнесин ачат: калыстыкты карманган, акыйкатты ардактаган, жүрүм-туруму үлгү, жоопкерчилиги бар, малмүлкү жетиштүү адам катарында. Бирок, акын бийликке барса да өз айткандарынан баш тартпаган көрүнөт, болбосо кошоматтыгы жөнүндө узун жомок ушу күнгө чейин улана бермек эле.

Дагы бир касиети – анын жүрөктүүлүгүн, коркконду билбегендигин айтсак жарашаар. Тилин кесип, денесин көлгө салууну эңсегендерге кайра күчөп ырдап, көздөрүнө көрүнүп турган, кара жанын калкалап, коңулга кире качпагандыгы менен да элдин эсинде калды. Өмүрүнө коркунуч келгенин өткүрлүгү, өжөрлүгү, курчтугу менен жеңгенин белгилеп койбосок болбос. Муну сүйүктүү жазуучубуз Сейит Жетимишов аксакал аныктагандай: "...тил кесерлерден коркпой, кайран ырчы – "Тар заманды" баатырларча ырдаган, тарткынчыктап же кылчактап, тынчып калган эмес". Мындан кандай жыйынтык чыгарсак болот? Чыныгы акын – Жан акыны болгондо гана ийгилик жылоолойт, атактанкка жетет, бийиктикке көтөрүлөт, ал ар дайым биз менен аралашып, тирүү жүргөндөй элес калтырат. Ал эми эшик ырчы кара башынын камын көрөт, элжердин тагдыры менен анын иши болбойт, ага бир курсагынын тойгону эсеп. Арстанбек атабыз андайлардын жазасын берген окшойт, алдына киши чык-

паптыр, ошон үчүн алп акын деген сыйга татыган улуу инсандардын биринен болуп, эл арасында сүймөнчүлүккө эгедер.

Б. Кебекова эжебиздин үчүнчү бир бүтүмүндө: "...кыргыз жергесине падышачылык бийлик орношу менен кыпымдар боюнча өкүм сүрүп келген уруучулук, уруктук жол-жобого негизделген журтту башкаруу системасына, чарбачылык иштерине, соттук мыйзамга өзгөртүү киргизип, ата уулдарынын чексиз бийлигин чектөөгө алуу зарыл болучу. Орус өкмөтүнүн ушул саясатын Арстанбек толук түшүнө алган жок, муну замана-заңдын, нарк-нусканын бузулушу катарында баамдады" деп, акынды бир аз күнөөлөп койгонун учуратабыз (34-бет, Бишкек. "Илим" басмасы, 1994-жыл). Чын-чынына келгенде Арстанбек Буйлаш уулунун жашаган замандагы мыйзам ченемдүүлүк менен коммунисттик көз караштын же илимий коммунизмдин аныктамасынын асман менен жердей айырмасын сезүүгө тийиштиз. Төкмө акын коомдогу катмарды таптарга бөлгөн эмес, ак-кара, жаман-жакшы, адал-арам, таза-ыплас, калыстык-калпыстык тууралуу дараметине жараша нуска, санат, терме ырларын "кара нөшөрдөй төгүп", элинин эрмеги болгонун эсибизден чыгарбасак. Бул жерден илимдин кандидаты Н. Бегалиеванын: "Арстанбекти саясый темада ырдаган биринчи акын десек болот" деген жыйынтыгы кыйла ынанымдуу жана заманбап баа. Демек, ушул аныктама Арстанбектин тек гана элине жөн гана эрмек болбостон, ошол доордун үнү жана күзгүсү болгонун далилдейт. Айтор, ал өз кезегинде патриархалдык-феодалдык эзүүчүлөргө жан тартканын же карапайым калкты колдогонун андабаса деле керек. Бирок, бир нерсеге толук ишенсе болот: акын эч качан элине каршы ырдаган эмес жана ыры маалымат булагына айланган.

Мына ушундан кийин Арстанбек актандайдын ыры менен кары-жашты ыйлатышында кандай сыр бар деген суроого жооп табууга туура келет. Кайра эле Т. Саманчинге кайрылалы: "Күйүп-бышып чок болуп, "Тар заманды" угуп отурган элди, эгер ал күндөн кутула аласың деп, ага от көрсөтсөң, от кечип, суу көрсөтсөң, суу кечери шексиз эле. Чебер устаттын оозунан чыккан көркөм сөздүн чыныгы күчү мына ушул" дегени көп нерсени айкындап, ойлонууга жем таштайт. Ырасында эле Арстанбек акын катары алдындагы угармандарын алып жүрө алган, алардын маанайын, көңүлүн өзүнө бурдуруу менен калпты-чынды койгулаштырып, удургута кошуп жибербеген кадимин сактаган. Же башкача айтканда, ырында ыпымдай жалганчылык жок болгон. Ошону менен бирге, угуп жаткан элди акыл калчоого дейре жеткирип, сөз кудуретине чырмап, андан оной менен чыкпагандай абалга апкелип, өз дүйнөсүнө "байлап" салгандай. Анда-санда: "Айлында барбы, бу (эр) киши?", "Арстанбектин келбейт көргүсү", "Мен Арстанбек болгону/Акын атка конгону" же "Арстанбек башы маң болду" деп, жеке кайрылуу аркылуу адамдардын сезимин, ички туюмун козгоп, жан дүйнөсүнө бүлүк түшүрөт.

Кыял чабытына азгырылып, аткаруучу менен угармандарын ортосуна түшүп барсак, чебер чертилген комуз менен аргендей, мукам добуш эришаркак, анысына кыймыл-аракети, кебете-кешпири төп келип, айтып аткан ырына муюган, ишенген аял-эркектин көз жашы кылышы – алп акындын гана колунан келүүчү касиет. Өзү белгилегендей: "периште ишин ондоп":

Сүйлөп өттүм башында,
Доор сүрдүм жашымда.
Адамдын баары сыйлады,

Аманат жаным жыргады-деп, ар бир ырында өмүр белестерин, жашоо элестерин артына таштап, таржымалын тастыктаганына тан бересиң. Аны менен кошо ошол учурдун турмуш шарты, жашоо маңызы, улуттун уңгулук карманаары, жан туюмдук тутунаары ар бир саптан желаргыдай уруп турат. Адеп-ахлак, жүрүм-турум айдыңындагы өзөрүүлөр, мисалы өзүмчүлдүктүн арты менен көр дүйнөгө азгырылуу, карыга кайрым кылбоо, элдиктен, уруучулуктан кетүү – жан дүйнөнүн кыйроосу сыңары кабылданат. Ыдырап, ынтымактан ажырап, беткелди бараткан эл-журтту бириктирүүгө далбастайт акын, аларга эскертүү берет. Бирок, ал гана эмес, биз ойлогондой да болбой, кыргыз эли "кыйрап", акырында, мына азыркы учурда кыргыз көчү өз жолунан адашканын баштан кечирүүдө. Ата-бабабыздын башкаруу салты, бийлик каадасы жана адептик нарк-нускасы кайрылып келмейин кыйналганыбыз кыйналган. Албетте, бул өткөндөгүнүн өзүндөй калыбына келтирүү дегендик эмес, мезгилге, агымга, шартка жараша өзгөргөн түрүн колдонсок болот дегендик.

"Анык нуска ырчыдан/Ааламга кетчү кеп калат" деп, Арстанбек Буйлаш уулу айткандай, бул акындын ар бир айткан-дегени текке кетпейт, анысы аягында макал же учкул сөзгө айланат. Маселен, "Жок издеген жолдо өлөт, эр азамат жоодо өлөт", "Ырчы болсоң – сынчы бол!", "Эрегиш чыксa, элчи бол", "Тирүүлүктүн көркү сый", "Жалкоо адам жарыбас", "Таразанын ташы бол", "Тиш ырыскы, тил дөөлөт/Тирүүлүгүң бир дөөлөт", "Өзөндүн көркү тал, өрүштүн көркү мал" ж.б.с. эсепке албаганда: "Эл менен сен бийиксиң/Элден чыксаң кийиксиң!", "Эл менен сен адамсың/Элден чыксаң жамансың!" деген бир поэманы боюна батырган ушул төрт сапта кандай гана орошон ой камтылганын бир окуган адам байкоос албашы мүмкүн. Мындагы коомдук-тирдик көз караштардын жыйындысы – жеке адамдын керт башына байланыштуу экендигине ынандырат. Жалгыздап жашоо кечирүү – бул жапайылыктын белгиси катары сыпатталат. Ошондуктан Арстанбектин айткандарынан учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды бөлүп алып, ылайыгына жараша илимдин даражасын алууга ыңгай да, ыктымалдык да бар. Демек, жаш иликтөөчүлөр ушул багытта аракеттенсе, ишинен майнап чыгаарында шек жок.

Ар качан Арстанбек акын көп ырдаган деп айтып келебиз. Бирок, биздин колубузда чакан эле чыгармалар топтому турат. Аттиң, дүнүйө, Актан Тыныбеков атабыздын арман кылганындай эле экен. Убагында акын казак жергесинде эки жылча жүрүп, екейден чыккан Сүйүмбайга асыл мурасын эки куржун көзү толтура калтырып келиптир. Мына-ана барам деп жүрүп, анысын кайрып, алалбай калат. Ошону менен унуткарылып, аңгыча өзүнүн да көзү өтүп кетип, артынан түшкөн адам болбой, кийин Актан Тыныбеков Алматыга 1946-жылы атайы барганда, баягы эки куржун көзүнөн жети эле барак ыр калганын көрүп, үшкүрүгү таш жарган тура. Азыр кыргыз адабияты менен маданиятына дайрадай салымын кошуп, залкарыбыздын жан азыгы – алтындан артык

чыгармалары бирде көңүл кушун көкөлөтсө, бирде заманабызды кууруп, кемчиликтеribизди көзгө сайып көрсөткөн санат, насааттары жаңырып турбайт беле, бул жалганда?! Бирок, үмүттү үзбөй коё туралычы, "эл ичи – кенч", бирөө-жарымы Арстанбек атабыздын арбагын сыйлап, укканын же жазып алганын апкелип калаар. Артыкча, Фергана өрөөнүндөгү, Баткен, Ош дубандарындагы боордошторго ишеним зор. Себеби, акындын аталган жерлерде алгач ырдап, даңк-атагы чыкканы элибизге белгилүү эмеспи.

Китепке Арстанбек Буйлаш уулунун жарык көргөн өздүк чыгармалары менен акын жөнүндөгү илимий изилдөөлөр, омоктуу ойлор, таасын табылгалар жана талантка таазим эткен макала-ырлар топтолду. Баарын таап, бүткүлүн киргиздим дегенден алысмын, айрым кол жетпеген архивдик материалдар менен КТРК, ЭлТРК көрсөтүүлөрү, Кыргыз радиосундагы уктуруулардын айрымдары сыртта калды. Ал эми табылгалардан Кыргыз эл акыны Эрнис Турсунов менен санжыра иликтөөчү Калый Токтосуновдун тапкан ырлары, бий болгондугу тууралуу маалымат менен Жууку капчыгайындагы Таш-Кыя бейитиндеги жаткан жайы көпчүлүккө маалым эмес болучу.

Бул жыйнактан окуучулар, студенттер, мугалимдер, жаш илимпоздор, аспиранттар кеңири пайдалана алат жана көптөгөн маалыматтарды табат. Айрыкча кыргыз адабиятына же эл ырчыларына кызыккандар үчүн колдонмо китеп болууга жарайт.

Жазма, басмадан тышкары Арстанбек Буйлаш уулуна арналып, бүгүнкү күнү кино өнөрүндө да жылыштар болууда. Акыркы мезгилдерде үч кыска арымдуу тасма тартылганы белгилүү. Алардын бири жана көрүнүктүүсү Алтынбек Максүтов менен Өмүрзак Кайыповдун мыкты эмгеги – "Арстанбектин алп саптары" деп аталат. Бул тармакта дагыңкысы дагы болоор, кудай кур койбос. Аты аталган инсандарга чыгармачыл өрүш каалап коёлу.

Биз эми, арканды алыс таштайлы, алдыбызда төкмө акын, көрөгөч, даанышман, олуязаада, күү атасы Арстанбек Буйлаш уулунун 200 жылдыгы турат. Ошого карата дагы жаңы табылгалар табылсын деп тилейли, көөнөрбөс мурасы дайыма бөксөрбөй, куржунубуздун көрөңгөсү көбөйсүн жана атабыз арбагында ыраазы болсун дейли!

Ишенбек ОСМОНОВ,
журналист,
"Теңир-Тоо ынтымагы"
коомунун жооптуу катчысы

КЕЧИККЕН КЕНЧ

(Бул топтомго Арстанбек Буйлаш уулунун жарыяланган өздүк чыгармалары кирди)

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын
Философия жана укук институту

МУРАС
Калыгул
Арстанбек
Молдо Кылыч
Алдаш Молдо
Жеңижок
Токтогул
жана башкалар

Түзгөн – *Мелис Курманалы уулу Абдылдаев*,
философия илимдеринин кандадаты.
Фрунзе, "Кыргызстан", 1990

"ТАР ЗАМАН"

Карылардан кеп уктук,
Уламадан сөз уктук.
Ошондо орус чыгат дечү эле,
Миң үйлүүгө баш болуп,
Болуш чыгат дечү эле.
Буйрук менен кондурган,
Конуш чыгат дечү эле.

Ушу заман тар заман,
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман.
Заманаң келди закымдап,
Тайган иттей тақымдап.

Улуу суунун баарысы,
Чулук[1] болот дечү эле.
Кичүү атанын балдары,
Улук болот дечү эле.
Жаан-жуун азайып,
Шамал болот дечү эле.
Адамзаттын билгени,
Амал болот дечү эле.
Кыш көбөйүп, жигиттер,
Жай азаят дечү эле.

[1] - Шалбаа

Карындагы жыйылган,
Май азаят дечү эле.
Короодогу айдаган,
Кой азаят дечү эле.
Оюн, күлкү түгөнүп,
Той азаят дечү эле.

Көч алды болор орусуң,
Сары журт болор конушуң.
Жайлоо тургай, төр кайда,
Ачып кирээр көр кайда?

Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм?
Кашкардагы Бакдөөлөт,
Ата кылып алсак бейм?

Байыркыдан барк кетти,
Каадалуу нуска, нарк кетти.
Жардылардан барк кетти,
Каада, нуска, нарк кетти.

Онжогой куйрук күрөң ат,
Орустан чыгат дечү эле.
Оң кулактуу миз казан,
Колодон чыгат дечү эле.
Шумдуктуунун баарысы,
Баладан чыгат дечү эле.

Акча, теңге түгөнүп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат дечү эле.
Калаа-коргон көбөйүп,
Кент[2] түгөнөт дечү эле.

Тегерете урдурган,
Коргон чыгат дечү эле.
Тегеректин баарысын,
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечү эле.

[2] - Айыл

Кийинкинин баарысы,
Буту-колун жашырбай,
Дөрбөл чыгат дечү эле.

Алматыдан аттанып,
Орус келе жатырай,
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатырай.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатырай.
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды,
Бээден туулган керди алды.
Карды салык байды алды,
Кача турган жайды алды.
Качканың кайда кутулду?
Туурадан салды тозокту,
Кармап алды Кулжадан,
Балбай менен Шоорукту!
Сууга чыккан жекендей,
Орус келсе, сыйлайсың,
Ак сакалдуу акендей.
Илгерки кары калыптыр,
Сууга түшкөн текедей.
Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти,
Болуштарды карасаң,
Катынындай кекетти.

V

Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын каректап.
Жасоолдор ылгабай минди айгырды,
Жакшылардын баарысы:
"Чын ушундай болдум"-деп,
Жатып алып кайгырды.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кызыл кагаз бул болду.

Куран жатып, үстүнөн,
Кат жүгүрөт дечү эле.
Ошо катты көтөрүп,
Ат жүгүрөт дечү эле.
Өзү сары, көзү көк,
Орус чыгат дечү эле.

Ошол орус чыкканда,
"Бир, эки" деп санаган,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат дечү эле.
Ошол орус чыкканда,
Эки башы кайкайган,
Кайык чыгат дечү эле.
Мейли кадыр[3] болом деп,
Элечегин булгалап,
Зайып чыгат дечү эле.
Ошол орус чыкканда,
Кара жол кылаар көлүндү,
Эсепке алаар жеринди.
Кайсандаар сенде чама жок,
Капкандай чабаар белинди.
Ой, журтум, көрөрсүң,
Араба менен чананы,
Бага көр торпок менен тананы,
Зили түбү сактаарсың сары талааны.
Солдаттыкка берээрсиң,
Ичиңден чыккан баланы.

Карагайдын башында,
Чыны болот дечү эле.
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчылык жолдордон,
Алты күндө сүйлөшкөн,
Бу капырдын сыры болот дечү эле.
Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
Жасоолдордун кийгени,
Катар-катар дүрүйө.[4]
Жасоолдор минди жакшы атты,
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман болгондо,
Мусулман көрөөр бүлүктү.

54828

[3] - **Билерман**
[4] - **Жибек кийимдер**

Акыр заман болгондо,
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын,
Баштагыдай көркү жок,
Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда,
Энесине баш бербей,
Боюн күүлөйт дечү эле.
Эмки азаматтын баарысын,
Катыны бийлейт дечү эле.
Элечегин булгалап,
Зайып чыгып жыйынга,
Чечен болот дечү эле.
Ушул кийинкинин баарысы,
Бечел болот дечү эле.

Шум жалгандын белгиси –
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн,
Көлүк[5] болду элибиз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

ЫРЛАР

Солдаттарын карасаң,
Итий болгон баладай.

Жасоолдорду карасаң,
Желмогуздун сүрүндөй.
Жарды кайдан байысын,
Жалгыз атын саттырып,
Жана болуш деген эмеңиз,
Ичкен чайын тарттырып.
Күздүн күнү болгондо,
Мужугунун буудайын,
Оруп турат турбайбы.
Андан тапкан тыйынын,
Болуш деген эмеси,
Соруп турат турбайбы.

[5] - Жүк артылчу унаа

Аппак салган бекети,
Журтту жаман түгөттү.
Бирди болуш дейт экен,
Паралап журтту жейт экен.
Старчынга айла жок,
Элүү башы, он башы,
Ал шайтандын жолдошу.
Эмки байга мал бүтсө,
Ит капырдын олжосу.
Эгин айдап, мал багып,
Эми оокат кылыңар.
Тамды салып, бак тигип,
Тамашаны куруңар.

**("Мурас" китеби,
Фрунзе-1990, 36-40-беттер)**

АРСТАНБЕК

***Бул таберик тартуу алп акын Арстанбектин
170 жылдык даңазалуу маарекесине багышталат***

Кыргыз Республикасынын УИА Адабият жана көркөм өнөр институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган.
Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы. Бишкек шаары – 1994.

Кайрылуу

Урматтуу окурман!

Колуңуздардагы таберик китеп – улуу акын, ойчул, көсөм-философ, олуядай көзү ачык дааныштман, виртоуз комузчу, кара нөшөрдөй төкмө ырчы Арстанбек Буйлаш уулунун (1824-1878) алгач ирет жарык дүйнөгө келген, көбүнөн кол жуусак да, азырынча аздыр-көптүр толугураак деп эсептелген ар кыл жанрдагы ырлар, поэмалар-дастандар, керээз, терме, санат, арман, айтыштарынан турган бир томдук.

Арстанбектин поэтикалык, музыкалык бай мурасын жыйноо, иликтөө иштери 20-30 жылдарда Каюм Мифтаков тарабынан башталып, андан ары улантылбагандыктан, системаланбай, соңуна чыкпай калган. Бирок 40-жылдары белдүү окумуштуу-адабиятчы Тазабек Саманчин жыйналган материалдардын негизинде акындын чыгармачылыгы тууралуу биринчи жолу "Арстанбек" аттуу салмактуу эмгегин жарыялаган. Ал эмгек өзүнүн теориялык, фактылык, аналитикалык маанисин азыр да жоготкон жок. Бирок тоталитардык үстөмчүл идеология заманачы акындарга – Калыгулга, Ар-

станбекке, Молдо Кылычка ж. б. мурунку патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн "эскичил", "реакциячыл", "мистик" идеологдору деген жалган жалаа жаап, жок жерден жарлык тагып, андан ары аларды басып чыгарууга, окуп-үйрөнүүгө тыюу салган, Тазабек Саманчин сыяктуу күйөрмандарды жазыксыз репрессиялаган. Анткен менен улуу гуманист, гений акындар, сынчыл реалисттер элдин эскирбес эсинде, эч кимге, эч нерсеге жүгүнбөс жүрөгүндө, рухунда, эстетикалык аң-сезиминде бүгүнкүгө дейре жашап келатат жана түбөлүккө жашай бермекчи.

Арстанбектин рух даражасы, талант таразасы, инсандык, акындык-жаратмандык энергиясы, кудурет-кубаты кандай уникалдуу экендигин Сизге багыштаган ушул кичинекей Кайрылууда түгүл, бүтүндөй профессионал адабиятчы-адистер даярдаган фундаменталдык изилдөөлөрдө да биротоло кенен, терең ачып берүү деле мүмкүн эмес. "Эмне үчүн?" деген собол таштаарсыз, некин? Бул суроого жообу Сиз Арстанбектин ушул жыйнагына кирген, колуңузга өтө эле кечигип тийген рухий керээз -- мурасын башынан аягына дейре кунт коюп, дит баксаңыз, кайта-кайта окуп чыксаңыз, жан ырахатка батып, сезимиңизди серпилтип, толгоо тартып, миң мертебе толгонсоңуз гана табасыз, анын чыныгы акындык, генийлик дидарын дааналап, далил тааныйсыз. Акындын поэзиясы жалаң дүйнө таанытқыч, агарткыч, таалим-тарбиялагыч демөөрү, дасмиясы менен гана эмес, нукура көркөмдүк-эстетикалык, гедонистик-ырахат тартуулагыч, кумарланткыч, акцеологиялык-баалуулукка багыттагыч, катарсистик-аруулантқыч, тазартқыч касиеттери, сапаттары менен да Сиздин жан жигериңизди, кумар кушуңузду кучагына туткундап алышы ажеп эмес. Ылайым эле ошондой болсун!..

Мына ушундай себептерден, рухий факторлордон улам Арстанбектин көркөм мурасынын эстетикалык системасы, асемдүү ак сарайдай поэтикасы уламкы жаңы замандын жаңы көз карашынан, жаңы табит татымынын, жаңы критерийлердин, принциптердин чен-өлчөмүнөн, чегинен сызылта өткөрүлүп, такталып, тереңдетиле бере турган түбөлүктүү проблема. Анткени бир эле учурда өткөндү, өз заманын, келечекти туташ, тутумдаш чагылткан заманачы акындардын, анын ичинде Арстанбектин поэзиясы профессионалдык оозеки адабияттын эле эмес, профессионалдык жазма адабияттын тарыхында да кайта-кайта иликтенип, үзгүлтүксүз үйрөнүлүп, өздөштүрүлүп, бардык жагынан, биринчи кезекте текстологиялык жагынан тактала бермекчи. Себеп дегенде, байыркы Гомердин, эң байыркы классикалык доордогу жаратман кыргыз рухунун туу чокусун түзгөн өлбөс-өчпөс, эч көөнөрбөс туундулары, үлгүлөрү кандай керектелип, кандай аздектелип келсе, замана агымы жараткан даркан шедеврлер да ошондой эле бактыга тагдырлаш, тамырлаш. Не дегенде – барган сайын татаалданып, жаткан замандын, анын кайнаган чордонунда турган адамдын, рух экологиясы менен табият экологиясынын теңирден тескери бузулушун, мындай дисгармониянын, диспропорциянын алды жактагы кесепеттүү, кесирлүү натыйжаларын заманчы акындар күчтүү трагедиялык пафос менен укмуш-

туудай алейне, образдуу элестеткен да, эсхатологиялык, кыямат кайым өңүтүнөн пенденин үшүн алып, көркү көрүмдүү жашоо-турмушту бийик идеалдын четинен астейдил самашкан, көксөшкөн. Ошондуктан биздин бүгүнкү көргөн күнүбүз үчүн да, келечек үчүн да алардын эстетикалык мурасы өзгөчө актуалдуу: "Кайда баратасың? Көзүңдү ач, көр пенде!" - мына дал ушул ичкериден чыккан чучуктай чыңырык, улуу гуманисттик идея замана поэзиясынын түпкү квинтэссенциясын, девизин, лавизин түзүп турат. Албетте, ар кандай мистикалык элементтер, белгилер болгонуна карабастан. Бул аябагандай зор проблеманы – жашоонун өмүрүн кантип узартуу, адам турмушун кантип текши ондоо проблемасын – бүткүл адамзат, ар бир эл, ар бир инсан биргелешип, жапатырмак киришкенде гана оң чечилиши этимал...

Бул жерде биз Арстанбектин ажайып поэзиясынын дениздей, ай талаадай айдыңына, чалкыган чалкар ааламына тереңден сүңгүп кирүүгө, майдалап талдоого алууга таптакыр мүмкүнчүлүгүз жок. Кайрылуу деген кайрылуу – анын алкагы тар, чектери ченелүү. Ошон үчүн акындын мурасы менен байланышкан эсеп жеткис, кучак жеткис маселелердин айрымдарын гана учкай белгилешке аракеттендик. Биринчиден, биздин милдет – бул томго тиркеме катары берилип, жогоруда эскертилген Тазабек Саманчиндин эмгегине Сиздин көңүлүңүздү буруп коюу. Анткени анда Арстанбектин өмүр сапары, чыгармачылык таржымалы, тагдыры белгилүү өлчөмдө дурус баяндалган, анализденген. Экинчиден, көп жылдар бою акындар поэзиясын, атап айтканда Арстанбектин сүрөткерлик, универсалдык феноменин, поэтикалык мурасын, өнөркана өзгөчөлүктөрүн изилдеп жүрүп, ушул жыйнакты түзгөн жана басмага даярдаган адис окумуштуу, ф. и. к. Батма Кебекованын түйшүктүү да, үзүрлүү эмгегин жогору баалап, терең ыраазычылык билдиребиз жана чоң рахмат айтабыз. Минткенибиздин бир себеби – ал кишинин "Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878)" деген көлөмдүү эмгегин жыйнактын аянты мүмкүндүк бербегендиктен, бул китепке бере албай калдык. Тиркемелерге изилдөөчүнүн "Түзүүчүдөн" деп аталган маалыматы жана "Түшүндүрмөлөрү" тиркелди.

Жыйынтыктап айтканда, Тазабек Саманчин башатын баштаган Арстанбектин Арстанбектигин изилдөө, үйрөнүү, өздөштүрүү иштери жаңыдан гана колго алынууда. Демек, алдыда акындын жаңы чыгармалары табылып калаарынан, ал жөнүндө жазылган олуттуу теориялык эмгектер жарыяланып, жаңылары жазылаарынан үмүт үзбөйбүз. Чынында эле Арстанбекти ар тараптан изилдөөгө ар кайсыл илимдердин комплекси катышууга тийиш: философия, эстетика, психология, социология, этнография, адабият таануу, музыка таануу, көркөм өнөр таануу, тарых ж. б. Ошондо гана акындын асыл мурасынын ар кайсыл параметрлери, ар кайсыл аспектилери толугураак ачылмакчы.

КЭнин гуманитардык илимдер редакциясы.

КЕРЭЭЗ

Кыл мурутум жок чакта,
Кылтылдаган шок чакта,
Байры-байры жаш чакта,
Токтоло элек мас чакта,
Эттүүсү элем моюндун,
Эптүүсү элем оюндун,
Тотусу элем токойдун,
Оттуусу элем бозойдун,
Күлгүнү элем торконун,
Күлүгү элем жоргонун.
Күкүгү элем токойдун,
Күл чогу элем бозойдун.
Эми, күлүк чобур ат болду,
Күкүк үнүм жат болду,
Отум өчүп жок болду,
Торгой бозуп, боз болду,
Торко тозуп, бөз болду,
Кара сакал ак болду,
Оо дүйнө кетер чак болду,
Эми, кыл мурутум ак болду,
Кыямат кетер чак болду.
Эти кетти мойнумдун,
Эби кетти ойнумдун.
Эми, күлгүнү кетти өмүрдүн,
Күл чогу өчтү көңүлдүн.
Миң кубулуп кулпурган,
Уккан адам умсунган,
Мукамы кетти үнүмдүн,
Нуру өчтү өңүмдүн.
Арманы болор мергендин,
Алганы болор бергендин.
Күнөөсү болор күлгөндүн,
Күйүтү болор өлгөндүн.
Өзөндүн көркү тал болот,
Өрүштүн көркү мал болот,
Аялдын көркү эр болот,
Аргымак көркү жал болот,
Үйдүн көркү кыз болот,
Аштын көркү туз болот,
Тирүүнүн көркү сый болот,
Өлүүнүн көркү ый болот,
Айланайын эл-журтум, менин
арманым айтар ким болот?

Сай-сайдын башы кыр болот,
Санаамды айтсам ыр болот.
Аа дүйнө кетер окшодум,
Менин санатым айтар ким болот?
Тоо-тоонун башы кыр болот,
Толгонуп айтсам ыр болот,
Оо дүйнө кетер окшодум,
Менин толтурчу ордум ким болот?
Ажал жетип, күн бүтсө,
Өлүмгө жок ылаажым,
Тилим бир шыңгыр жылаажын.
Ырымды ырдап төгөйүн,
Сырымды айтып берейин,
Салып тургун кулагың.
Оо дүйнө кетер баштандым,
Керээзим угар убагың.
Башың барда мал дөөлөт,
Бар болгонуң зор дөөлөт.
Тилиң барда тил дөөлөт,
Тиричилик өзү зор дөөлөт.
Баш барда келет тууганың,
Баш жаздыктан тайган соң,
Баары калат жыйганың,
Көз барда келет тууганың,
Көз жумулуп кеткен соң,
Көрүнбөй калат жыйганың.
Кеткенден кийин келмек жок,
Бир жаныңа эрмек жок.
Баргандан кийин кайтмак жок,
Калганга дува айтмак жок,
Бул дүнүйө жалганда,
Өлбөй тирүү ким калар?
Айры-айры жол калар,
Арманың ичте мол калар,
Айтылбаган сөз калар,
Айрылбаган бөз калар,
Ачылбаган сыр калар,
Арстанбектен ыр калар.
Асмандагы Ай калар,
Күлүп-жайнап Күн калар,
Ай караңгы түн калар,
Касиеттүү көл калар,
Түбөлүктүү жер калар,
Түгөнбөгөн кен калар,

Аа дүнүйө кеткенде –
Менин сөзүм ким табар,
Комузумду ким чалар,
Көңүлүмдү ким табар?
Оо, армандуу дүнүйө,
Уста өлсө не калар?
Чаргы темир дат калар.
Молдо өлсө не калар?
Тумар чийген кат калар.
Баатыр өлсө не калар?
Маңдайлашкан жоо калар.
Чечен өлсө не калар?
Таңдайлашкан доо калар.
Акын өлсө не калар?
Айтылбаган сөз калар,
Ырдалбаган ыр калар,
Чертилбеген күү калар.
Бул өлүмү курусун,
Чабар камчы сүйрөргө,
Жан таслим болгондо –
Чаркың келбейт сүйлөргө,
Бул дүнүйө жалганда –
Ажалдан күчтүү балбан жок,
Айла таппай ичим чок.
Улуу сөздү улаган,
Укkан адам ынаган,
Чеченди алган – бул өлүм.
Кары-жашка карабай,
Неченди алган – бул өлүм.
Жамы журтту кыдырган,
Эшенди алган – бул өлүм.
Гүлкайырдын гүлүндөй,
Кызыл жибек түрүндөй,
Тоту куштун жүнүндөй,
Кыздарды алган – бул өлүм.
Байчечекей гүлүндөй,
Башайынын түрүндөй,
Балдарды алган – бул өлүм.
Ак сакалы жайкалган,
Нуска сөздү барк алган,
Чалдарды алган – бул өлүм.
Кээжим[1] тордой созултуп,
Келинди алган – бул өлүм.

[1] **Кээжим – парча (кездеменин түрү)**

Каса элечек заңкайган,
Төрдө отурса маңкайган,
Кыз өстүрүп кынаган,
Уул төрөп улаган,
Келин жумшап сынаган,
Кемпирди алган – бул өлүм.

Жоо келгенде жоолашкан,
Доочу келсе доолашкан,
Журт башчысы, кадырман
Баатырды алган – бул өлүм.
Ит төрөсү – Кумайык,
Куш төрөсү – Буудайык,
Муну да алган – бул өлүм.
Аз күнчүлүк өмүрдө,
Аркы-терки теминип,
Аргымак атың жоорутпа,
Алабарман сөз сүйлөп,
Азамат көөнүн оорутпа.
Жетимге камчы көтөрбө,
Жесирдин отун өчүрбө.
Жакының менен жоолашпа,
Өнбөс доону доолашпа.
Сөзү октой жамандан –
Жакын жүрбөй оолакта.
Карынын сөзүн капка сал,
Калк оозунда нуска бар.
Сөз кезеги келгенде –
Акыры башка бир өлүм,
Калыс сөзүң айта сал.
Кылтылдаган арамды –
Кылчактабай башка сал.
Оо армандуу дүнүйө,
Кайсы бирин айтайын,
Тигилип ажал келгенде –
Атка минсе буттаган,
Алкымыңдан жыттаган,
Колун коюп башына –
Аста-секин уктаган,
Баламды коюп, мени ал-деп,
Атаң турбайт арага.
Аяздуу күндө айланган,
Булуттуу күндө муңайган,
Тогуз ай курсак көтөргөн,

Тоорулуп эмчек эмизген,
Токтунун этин жегизген,
Торкодон топу кийгизген,
Кимдин уулу дегизген,
Энең турбайт арага.
Айдап-айдап мал берген,
Алганым деп жан берген,
Аялың түшпөйт арага,
Аллага калбайт жалаага.
Антташып сага дос болгон,
Айткан сөзүң куш болгон,
Азирейил келгенде –
Досуң түшпөйт арага.
Каршылашар жоо болсо,
Камчы салар жөлөгүң,
Кара өзгөй доо болсо,
Кебиңди коштор өбөгүң,
Инимден мурун мени ал-деп,
Аганың түшпөйт арага.
Артымдан издер бурагым,
Ат байланар турагым,
Мындан көрө мени ал-деп,
Эжең түшпөйт арага.
Акылымды табарым,
Артыман издеп барарым,
Ата жолун жабарым,
Азирейил жалаңкыч,
Абамды коюп, мени ал-деп,
Карындаш түшпөйт арага,
Аганың сенден садага.
Бул дүйнөдө шум жалган,
Алладан буйрук келгенде,
Андан качып ким калган?
Коркут-Ата даанышман,
Кутулам деп өлүмдөн,
Төрт тарапты кыдырган,
Сырдын боюн сыдырган,
Кырдын башын кыдырган,
Андан да айла болбогон,
Акыры ажал сомдогон.
Сөзүмдү уккун калайык,
Абалтан кепти баштайын:
Мен Арстанбек болгону –
Периште ишим оңдоду.

Тиш ырыскы, тил дөөлөт,
Тирүүлүгүң бир дөөлөт.
Аралап көрдүм ар жерди,
Көрүп келдим кыйланы,
Жыйып келдим дүйнөнү.
Далайлардан бата алдым,
Булбул ырчы аталдым.
Коконго барып жашымда,
Кыпчактардын ыктуусун,
Ордо хандын мыктысын,
Бирден терип ырдадым,
Кыйлаларын сындадым,
Сарт аке[1] менен беттештим,
Комузда күү чертиштим,
Анжиян, Кокон аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Кайта келдим пааналап.
Доор сүрдүм жашымда,
Дуулап жүрүм башында.
Караколду бийледим,
Калк ичинде сүйлөдүм.
Мен Арстанбек болгону,
Акын атка конгону –
Периште ишим оңдоду.
Алдыма киши чыкпады,
Ырчынын баары ыктады.
Жашымдан ырчы атыктым,
Ат үстүндө катыктым.
Он бешимде белсендим,
Оң менен солго теңселдим.
Бет алып ырчы чыккан жок,
Өтүп кетти дүйнө бок.
Учар кушка бир канат,
Өмүрүм өттү бир замат.
Бул дүйнөдө арман жок,
Менде арман калган жок,
Аш, тойду өзүм бийледим,
Албан түрдүү сүйлөдүм.
Көп ырчыны көргөмүн,
Койго тийген бөрүдөй,
Алды-алдынан бөлгөмүн.
Жакшыларга жанаштым,
Жамандардан адаштым.

[1] 1 Сарт аке – түштүктүк Ысакан ырчынын лакап аты.

Ар жакшыдан ат алдым,
Булбул ырчы атандым.
Бир жыл катуу оорудум,
Ооруганда шекиндим,
Өлөмүн деп бекиндим.
Өлүмдөн шондо чочудум,
Бейитти көрсөм бекиндим,
Мен да ушундай болом деп,
Өз жанымдан шекиндим.
Бир күнү чыгат жаным деп,
Мүшкүл болот алым деп,
Баштан таят багым деп,
Ийилип сынат шагым деп,
Ошондон кийин ойлондум,
Отуз эки толгондум.
Карыптардын баарына,
Кайыр бердим жаныма.
Калк ичинде ырдадым,
Калктын сөзүн тындадым,
Карөзгөйдү сындадым.
Журт ичинде ырдадым,
Журт жакшысын сыйладым.
Музооке[1] менен мундаштым,
Сейилкан[2] менен чертиштим.
Каркыраны жайладым,
Казакка барып ырдадым.
Тезек[3] төрө алдында,
Замана ырын зарладым.

Экейден чыккан Сүйүмбай,[4]
Башканы көргөн буюмдай,
Айтса сөзү куюндай,
Аны менен айтыштым,
Өткөн кептен тартыштым.
Каңтарбайды[5] каңтардым,
Калк ичинде аңтардым.
Тынымсейит уругу –
Көкөтөйдү көргөмүн,
Көрүп, көңүл бөлгөмүн.

---

[1] **Музооке – Тоголок Молдонун чоң атасы, атактуу комузчу, акын.**
[2] **Ормон хандын уулу Сейилкан чоң комузчу болгон дешет.**
[3] **Тезек төрө – казак султаны, акындыгы да болгон.**
[4] **Сүйүмбай Арон улы – казак акыны.**
[5] **Каңтарбай – казак акыны.**

Солтобайды ээрчиттим,
Ашта, тойдо телчиттим.
Ормон кандын чабуулу –
Олжосу жолдон табылуу,
Көлдөгү бугу элине
Катуу апат баштады.
Ормон каны өлгөндө
Карагайдын таңында
Элик болгон көп бугу.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болгон көп бугу.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болгон көп бугу.
Ақылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян көздөй качканбыз.
Азаптуу жолду басканбыз,
Атандын мурду жырылган,
Анжыян кеткен бугу эли,
Андан бетер кырылган.
Кашкарга кире качкандын,
Заманасы куурулган,
Топуракка жуурулган.
Кайра келдик сандалып,
Баш азайып тандалып,
Дагы көрдүк зордукту,
Арылбаган кордукту.
Капыр келет дегенде,
Зарлап ырдай баштадым,
Күндүр-түндүр какшадым,
Муңдуу үнүм баспадым,
Журт башына жакпадым.
Оо, калайык несин айтайын,
Орус берди жазаңды,
Жаагын жанып Арстанбек,
Айта берди казалды.
Билбедик кайда басарды,
Каякка барып батарды.
Орусуң кыйын жин экен,
Замана жаман тарыды,
Кайран кыргыз арыды.
Жарды менен кедейим,
Өлүм келсе не дейин,
Жалынган менен айла жок,

Өкүнгөн менен пайда жок,
Бул дүнүйө бекер кеп,
Кара жаның шекер деп,
Ушул дүйнө шум жалган.
Шум жалганда ким калган?
Дабыр-дабыр дабыр таш,
Дарбазанын түбү таш,
Тагдырына келгенде –
Калат экен алтын баш.
Канча кайрат кылсаң да,
Кайрылбайт экен жыйырма жаш.
Үркөр Айдын жолдошу,
Үч аркар таңдын болжошу.
Толгон тоонун закымы,
Торгой куштун акыны.
Булбул куштун мырзасы,
Буудайык куштун төрөсү.
Ай тегерек, сабы жок,
Айча жылдыз табы жок,
Өгөөдөн бүлөө өткөн жок,
Экөөнө бирөө жеткен жок,
Өткөн иште бушман жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок.
Күн тегерек, сабы жок,
Күнчө жылдыз табы жок,
Жакшыга жаман жеткен жок,
Шар аккан сууда өткөөл жок,
Күйүттүү иште бушман жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок.
Көздөн агып кандуу жаш,
Катын, балаң чуркурап,
Карып жаның чыркырап,
Он эки мүчөң зыркырап,
Көкүрөктөн жан чыгып,
Ойрон болот экенбиз.
Бул өлүмгө айла жок,
Айткан менен пайда жок.
Жараткан өзү билбесе,
Жалынган менен даба жок.
Дубанача зарланып,
Турган менен арга жок.
Оо, калайык чогулуп,
Коштошкону келипсиң:
Айта турган ырым бар,

Ача турган сырым бар.
Он эки түрдүү ырым бар,
Ондоп айтар сырым бар.
Алланын берген ак сөзүн,
Капка салдым ийнелеп,
Сүйрөтүп жүрдүм чийнелеп.
Каптын оозун сөгөйүн,
Ырымды кумдай төгөйүн,
Калкыма айтып берейин.
Сүйлөп өттүм башында,
Доор сүрдүм жашымда.
Адамдын баары сыйлады,
Аманат жаным жыргады.
Бул дүйнөдө арман жок,
Ооруу жаман шаштырып,
Азирейил азгырып,
Ичиме салды кайгы чок.
Зил жүгүрдү санаага,
Эгер көзүм жумулса,
Малым калар талаада.
Үйдүн баары бош калды,
Балаларым жаш калды.
Булбул элем ташындым,[1]
Муунум бошоп жашыдым.
Күлүк эле басындым,
Күкүк элем ташындым.
Аргымак элем арыдым,
Азамат элем карыдым.
Кайсы бирин терейин,
Ичим толгон ырым бар,
Айтарга түрлүү сырым бар.
Жакшы чыктың Солтобай,
Ойлоп тургун ой тобо-ай,
Сен, жакшылап ырда онтобой.[2]
Келтирип айткын сөзүмдү,
Кейитпегин өзүмдү.
Таштабагын сөзүмдү,
Таарынтпагын өзүмдү.
Менин айткан кебимди,
Көкүрөккө жат алгын,
Оо, Солтобай чырагым,
Эптеп сөздү курадым.

[1] **Ташындым – текстте ал-күчтөн тайдым деген мааниде.**
[2] **Солтобай солуп, ыңгыранып ырдоочу экен.**

Ажал жакын окшоду,
Айламды таппай турамын.
Батамды сага берейин,
Тулпар минип, туу аштап,
Дуулап жүргүн эл баштап.
Туйгун салып, куу алып,
Ырдап жүргүн той баштап.
Добушумду арбытып,
Калктын баарын жаркытып.
Солтобай ырчы чунагым,
Ушунчадан ынагым,
Байкап турсуң чырагым,
Башым кеңгип турамын.
Өрө кийиз жаздандым,
Өлө турган баштандым.
Алда кандай күн болот,
Балаларым жаш калды,
Солтобай ырчы көз салгын.
Өлө турган өңдөндүм,
Акыретке көөндөндүм.
Сүйлөөрүмө дарман жок,
Турайын десем алым жок,
Көңүлүм айнып, боорум чок,
Сүлдөрүм бар, өзүм жок,
Мурункудай сөзүм жок.
Булбул өңдүү доошум жок,
Мындан кийин көзүм жок,
Муунумдун баары бошоду,
Муңканып айттым ошону.
Кайран көзүм кылайып,
Кыяматка ылайык,
Агайын-тууган муңайып.
Байкадыңбы, Солтобай,
Каруум кетти ой тобо-ай,
Кайтпай турган дарт экен,
Шум өлүмдүн зарпы экен,
Бул дүнүйө жалганда –
Туулуп, өлүш шарт экен.
Жакшы башта Солтобай,
Жаш баладай онтобой,
Айыкпаймын ой тобо-ай.
Бул оорудан кетемин,
Айта берип нетемин.
Азапка салган оорум бар,
Арылбаган шорум бар.

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын,
Айтылып калса калкымда,
Арстанбек неге карысын.

ТАР ЗАМАН
(кара ыр)

Байыры бала, жаш чакта,
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Карылардан көп уктук,
Уламадан сөз уктук,
Ошондо өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат дечү эле,
Узун чөптүн баарысын,
Оруп чыгат дечү эле.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп чыгат дечү эле.
Ай-ааламдын баарысын,
Соруп чыгат дечү эле,
Бул заманың кай заман, ой журтум?!
Ушул орус чыкканда,
Бир, эки деп санаган,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы –
Кыйын чыгат дечү эле.
Эки башы кайкайган,
Кайык чыгат дечү эле.
Мейилкадыр болом деп,
Элечегин булгалап,
Зайып чыгат дечү эле,
Бул заманың кай заман, ой журтум?!
Улуу суунун баарысы,
Чулук болот дечү эле.
Кичи атанын баарысы,
Улук болот дечү эле.
Жаан-жуун азайып,
Шамал болот дечү эле.

Адамзаттын билгени,
Амал болот дечү эле.
Кыш көбөйүп жылынан,
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган,
Май азаят дечү эле.
Короодогу айдаган,
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын,
Баштагыдай көркү жок,
Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда,
Энесине баш бербей,
Боюн күүлөйт дечү эле.
Эмки азамат баарысын,
Катын бийлейт дечү эле.
Элечегин булгалап,
Зайып чыгып жыйынга,
Чечен болот дечү эле.
Шум жалгандын белгиси –
Ушул кийинкинин баарысы,
Бечел болот дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?!
Ошол орус чыкканда,
Миң үйлүүгө баш болуп,
Болуш чыгат дечү эле.
Суу башында үйү бар,
Үй башында бийи бар,
Буйрук менен кондурган,
Конуш чыгат дечү эле.
Онжогой[1] куйрук күрөң ат,
Орустан чыгат дечү эле.
Он кулактуу мис казан,
Калаадан чыгат дечү эле.
Тиришумдук баарысы,
Баладан чыгат дечү эле.
Этеги жок, жеңи жок,
Кийим чыгат дечү эле.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кагаз акча пул болуп,
Тыйын чыгат дечү эле.

[1] **Онжогой – олдоксон, өтө узун.**

Акыр заман болордо,
Өзүнүн малын үлөшүп,
Короосуна чарк уруп,
Жыйын чыгат дечү эле.
Эки агайын – бир тууган,
Акы алышат дечү эле.
Айтканына ишенбей,
Бата алышат дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?!
Ошол орус чыкканда,
Кала коргон көбөйүп,
Кент[1] түгөнөт дечү эле.
Төгөрөктөп урдурган,
Коргон чыгат дечү эле.
Тегеретип баарысын,
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечү эле.
Кийгенинин баарысы,
Буту-колун жашырбай,
Дорбол чыгат дечү эле.
Куран жатып үстүнөн,
Кат жүгүрөт дечү эле.
Ошо катты көтөрүп,
Ат жүгүрөт дечү эле.
Караколдо топ болсо,
Насыямды бергин деп,
Жакадан алып, алкылдап,
Көзү-башын соолтуп,
Сарт жүгүрөт дечү эле.
Карагайдын башында,
Чыны болот дечү эле.
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчылык жолдордон,
Алты күндө сүйлөшкөн,
Бул капырдын сыры болот дечү эле,
Бул заманың кай заман, ой журтум?!
Ушул орус чыкканда,
Кара жол кылар көлүндү,
Эсепке алар жеринди,
Кайсандар сенде чама жок,
Капкандай чабар белинди.

[1] **Кент – иран сөзү: калк отурукташкан жай.**

Ой журтум, аман болсоң көрөрсүң,
Араба менен чананы,
Торпок менен танаңы,
Зили түбү сактарсың сары талааны.
Солдаттыкка берерсиң,
Ичиңден чыккан баланы.
Ушул орус келгенде –
Аштык чыгар жерди алар,
Бээден туулган керди алар.
Ошондо менменсинген эрди алар.
Бузукту журтка көп салар.
Ушул заман – тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

* * *

Алда кудай, капырай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр-ай.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр-ай.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр-ай.
Ай-ааламдын баарысын,
Соруп келе жатыр-ай.
Капкандай чапты белиңди,
Каптап алды элиңди,
Сурап алды жашыңды,
Каттап алды башыңды.
"Ыстарик"-деди карыңды,
Эсепке алды баарыңды.
Ушул заман – тар заман,
Азуулугу бар заман,
Бечарага зар заман.
Маңдайлары кашка экен,
Кыялы журттан башка экен.
Ышкын түптөй сарысы,
Кайда кеткен карысы.
Ажалдан акы качпаган,
Баары мерген кул экен,
Көгүчкөндөй көздөрү,
Чар учкандай сөздөрү.

Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды,
Бээден туулган керди алды,
Карды салык байды алды.
Кача турган жайды алды,
Таластан Маймыл тутулду,
Качканың кайдан кутулду?
Туурадан салды дозокту,[1]
Кармап алды Кулжадан,
Балбай менен Шоорукту.
Жакшылардын баарысы,
Тактысынан гайгылды.
Кайраттуу эрдин баарысы,
Өз элинен айрылды.
Өзү баштын баарысы,
Шиберди көздөй кайрылды.
Байыры жакшы бар эле,
Бала жолборс баштанган,
Байбичелер бар эле,
Кара сандык жазданган.[2]
Байыры баатыр бар эле,
Кылычынан кан тамган.
Байырта биздин кайран журт,
Баласы бараң атчу эле,
Баракатта жатчу эле.
Кыздары кымкап кийчү эле,
Кылыгы журтка тийчү эле.
Эми орус зор болду,
Кайран кыргыз кор болду.
Байыркыдан барк кетти,
Када-нуска нарк кетти.
Сууга салган чекендей,[3]
Сурагы мунун бекемдей,
Орус келсе сыйлайсың,
Ак сакалдуу акеңдей.
Илгерки кары калыптыр,
Сууга түшкөн текедей.
Булут минип жетпейсиң,
Мурункунун артынан,

---

[1] **Дозок – тозок.**

[2] **Кара сандык жазданган – акка баш коюп, өлүмдүн камылгасын көрүп калган сарамжалдуу байбичелерге карата айтылат.**

[3] **Чекенде – иран сөзү: уй шилекей.**

Буркурайсың, боздойсуң,
Алды каткан мусулман –
Урулган заман дартынан.
Ушул заман – тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага зар заман.
Кылдыратып чанасы,
Ашталганын айтайын,
Казак, кыргыз жыйылып,
Башталганын айтайын.
Канаттуунун жүндөрү,
Жаздалганын айтайын.
Милтеси жок мылтыгы,
Түтөгөнүн айтайын.
Жылдан-жылга орустун,
Күчөгөнүн айтайын.
Салам айтса – алик жок,
Эсен айтса, шүгүр жок,
Шарият менен иши жок,
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
Көч алды болор орусун,
Сары журт болор конушуң.
Жайлоо тургай – жер кайда?
Жайылып жаткан эл кайда?
Ачып кирер көр кайда?
Мусулман уулу дуңкана,
Ажыларга дин кайда?
Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм,
Кашкардагы Бакдөлөт –
Ата кылып алсак бейм?!
Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти,
Болуштарды карасаң,
Катынындай кекетти.
Майырды[1] көрсөң майындай.[2]
Набактыны карачы,
Атаңдын салган жайындай.
Орустарды карачы,
Өзүңдүн жасап койгон бириңдей,
Жасоолдорду карачы,
Өзүңдүн кичүү иниңдей.

[1] **Майыр – майор, падышалык бийликтин өкүлү.**
[2] **Туурасы – майыр, Ысык-Көл өрөөнүндө кончу кыска кийиз өтүктү "майыр" дешкен.**

Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын карактап.
Жасоолдор ылгабай минди айгырды,
Жакшылардын баарысы –
Чын ушундай болдум деп,
Жатып алып кайгырды.
Алтын, күмүш түгөнүп,
Кызыл кагаз бул болду.
Он бөлөктөн үй чыкты,
Он башы деген бир чыкты.
Эки бөлөк үй чыкты,
Тебетейин кырдантып,
Элүү башы бий чыкты.
Кыз сыйлабайт энесин,
Ыстарчы кылып коюптур,
Бир чыйраксынган эмесин.
Үйөз башы бар экен,
Үйүрү өскөн айгырдай,
Мужуктары бар экен,
Мендубана бүрүндөй,
Жасоолдору бар экен,
Желмогуздун сүрүндөй.
Акча катты койнуна,
Насыя түштү мойнуна.
Азаматтан күлкү өлдү,
Айдап жүрүп жылкы өлдү.
Жорго жолдон суурулду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара момундар,
Баткак болуп жуурулду.
Бирди болуш жеп койду,
Бир ыстарчын деп койду.
Арадан журтту жеп койду.
Быйыл көрдүк калайык,
Араба менен чананы.
Сан жылкыны нетесиң,
Жакшы баккын торпок менен тананы.
Бакпасаң торпок менен тананы,
Сактайсың сары талааны.
Солдаттыкка бересиң,
Ичиңден чыккан баланы.
Ушу заман – тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага зар заман.

Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
Жылдан-жылга көп болду,
Ташыганы чөп болду.
Көк жалтаң экен тамыры,
Узун экен өмүрү.
Көлөкөлүү телпеги,
Жоо дегенде элпеги,
Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен арбагы.
Карагай экен чарбагы,
Катуу экен арбагы.
Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
Жасоолдору кийгени,
Катар-катар дүрүйө.
Жасоолдор минди жакшы атты,
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Атан төө тартты чүлүктү,
Элге салды бүлүктү.
Ушул заман – тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

КАҢТАРБАЙ МЕНЕН АЙТЫШЫ

Казак акыны Каңтарбай менен Арстанбектин беттешүүсү Каркырада, кыргыз-казак көп чогулган бир чоң жыйында өтөт. Кыргыздар атайылап Арстанбекти чакыртып келишет. Бирок ал ырдагандан кийин Каңтарбай жооп берүүдөн баш тартып, айтыш Арстанбектин ыры менен аяктайт.

АРСТАНБЕК:

Оо, казактан чыккан Каңтарбай,
Домбураңды чалганча,
Ойбойлоп обон салганча,
Каркылдап үнүң калганча,
Каркыра учар толгонуп,
Каракуш кетер ойгонуп,

Каран туткан султаның,
Кашыңдагы ултаның,
Калың кыргыз олтурат,
Сөздү сынга толтурат,
Каада менен айтышпай,
Өйдө-төмөн чарпышпай,
Мени бир мыят кылат деп,
Калар бекен ойлонуп?
Жеңилип калсаң сөз таппай,
Калк баштаган султаның,
Калка кылар ултаның,
Калчылдап жини келбесин,
Сени – кастарлап топко ээрчитип,
Калк көрсөтүп телчитип,
Алып жүрбөй жанына,
Ээлик кылбай алыңа,
Кайрылып камчы салбасын.
Кашаң ат минген Каңтарбай,
Калк сөзүнөн аңтарбай,
Капчыгайда калбасын.
Сен – казактан чыккан Каңтарбай,
Мен – бугудан чыккан Арстанбай,
Сөз туурасын айталы,
Тозок отун жазданбай.
Мөңке[1] бий айткан кеп эле,
Арстанбек кимден кем эле,
Санат сөзүм сан эле,
Санжыра сөзүм кап эле.
Нуска сөзүм кум эле,
Кордосом сөзүм шум эле.
Айтышканы олтурсуң,
Беделиң түшүп калбасын,
Казак, кыргыз ичинен,
Мага тең келер ырчы жок эле,
Оозум менин шок эле.
Теңселе туруп кетүүчү,
Теңдеше турган сөз таппай,
Терме сөзүм ок эле.
Анда эмесе, Каңтарбай,
Санат ырдан баштайлы,
Урматын элге таштайлы.

---

[1] **Мөңке – казак бийи, уулу Мурат замана поэзиясынын өкүлү, 1843-1906-жылдардын аралыгында өмүр сүргөн.**

Замана ырын ырдайлы,
Илгеркинин санатын,
Артыбызда сөз калсын,
Бирден терип сындайлы,
Сөз жакшысын ылгайлы.
Уламадан улаган,
Улуулар сөздү кураган.
Илгеркинин жакшысы,
Олуя сындуу бакшысы,[1]
Өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат деп айткан,
Узун чөптүн баарысын,
Оруп чыгат деп айткан,
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп чыгат деп айткан,
Ай-ааламдын баарысын,
Соруп чыгат деп айткан.
Эки башын кайкайтып,
Кайык чыгат деп айткан.
Мейилкадыр болом деп,
Зайып чыгат деп айткан.
Калем алып, кат жазган,
Безер[2] чыгат деп айткан.
Калпты чындай сүйлөгөн,
Эсер чыгат деп айткан.
Акыр заман киши си,
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот деп айткан.
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан.
Акыр заман адамы –
Бакыл болот деп айткан.
Эгини өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана,
Акыр болот деп айткан.
Акыр заман адамы –
Аалым болт деп айткан.

[1] Бул жерде Арстанбектин Калыгул Бай уулунун санаттарына таянгандыгы байкалат. Анткени Ормон хан Калыгулду "бакшым" дечү экен.

[2] Безер – писарь, катчы

Аяттын сөзүн бек тутпай,
Залим болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш,
Ошондо айыл конот деп айткан.
Замананын адамы –
Молдо болот деп айткан.
Акыр заман жакындап,
Келип калды деп айткан.
Оо, армандуу дүнүйө,
Булут минсең жетпейсин,
Мурункунун наркына,
Буркурайсың түтүндөй,
Бул замандын артына.
Байыркынын мингени –
Кылтылдаган ат болгон,
Кыргызга ким чак болгон?
Баатырлары көп болгон,
Байыркыга сөз болгон.
Кыраандары көп болгон,
Кылым арта сөз болгон.
Жомогу жолдо айтылган,
Жоругу жолдо камтылган.
"Манасын" айтып, баптаган,
"Семетейин" септеген,
Анча-мынча ырчыны,
Ашка, тойго келтирбей,
Ана-мына дедирбей,
Боз балдар эле эптеген.
Кыргыз кырда ырдаган,
Кыз-кыркыны сындаган.
Тоо башында ырдаган,
Топ карыя сындаган.
Ашка, тойго чакырып,
Аземдеп күлүк чабуучу.
Ырчылар чыгып ортого,
Сөз гүлгүнүн табуучу.
Мурункунун наркында,
Казак, кыргыз калкында,
Миң жылкыда жорго жок,
Миң түтүндө молдо жок,
Кызыл кагаз пулу жок.

Эки бөлөк үйү жок,
Элүү башы бийи жок.
Араба менен чана жок,
Торпок менен тана жок,
Жасоол деген балаа жок,
Ыстарчын деген жалаа жок.
Набакты деген тамы жок,
Үйөз башы чоңу жок,
Болуш деген бийи жок,
Суу башында бекет жок,
Карагай башы зымы жок,
Кагаз жазаар безер жок,
Калп айтуучу эсер жок,
Нечен түрдүү кесел жок.
Шариат сөздү билбеген,
Адамды көзгө илбеген,
Орус деген осол жок,
Каары катуу капыр жок.
Кайкалап баскан майыр жок,
Жазалоочу соту жок,
Жазаңды берчү оён жок,
Калктын болчу көңүлү ток.
Байырыда кыргыздын,
Баласы бараң атчу эле,
Баракатта жатчу эле.
Кыздары кымкап кийчи эле,
Кылыгы журтка тийчи эле.
Не бир азаматтар бар эле,
Бала жолборс баштанган,
Кылычынан кан тамган,
Каңгайга чейин жол салган.
Не бир байбичелер бар эле,
Сарамжалы сан эле,
Салтанаты мол эле.
Эми, баатырлары пас болду,
Балакет капыр кас болду.
Кымкап кийген кыздардын,
Тал-талдап өргөн чачтары,
Осмо койгон каштары,
Түйдөктөлүп жүн болду.
Эндик жапкан беттери,
Кызылы өчүп, боз болду,
Кыйын заман кез болду.
Каса элечек байбиче,
Кара жоолук салынып,
Казан кармар күң болду.

Кайсы бирин айтайын,
Кадеми кетип кыргыздын,
Кандай гана күн болду?
Кайран өткөн илгерки,
Жарды-байы белгисиз,
Кунан-тайы мингисиз,
Кулу-бийи белгисиз.
Маңдайлашып жоону алган,
Таңдайлашып доону алган.
Эми, жыты кетти жалбыздын,
Жарыгы өчтү жылдыздын,
Баасы кетти кундуздун,
Байымы кетти кыргыздын.
Барбардигер кудурет,
Пааналаган пендеңе –
Кандай күндү туугуздуң?!
Эми, кайран заман куурулар,
Капыр менен мусулман,
Камырдай болуп жуурулар.
Кайран гана кыргызым,
Кылычы кетер кынынан,
Кыздары кетер сынынан,
Келиндер кетер келбеттен,
Уландар кетер уяттан,
Катындар кетер наркынан,
Карылар кетер баркынан.
Эми, заман бузулду,
Кыл жоргоң – жоор ат болду,
Кыл торко тонуң – бөз болду.
Мурункудан барк кетти,
Каада-нуска нарк кетти.
Башалык менен башкарып,
Башыңды орус кармады.
Күндө мыйзам чыгарып,
Замананды кууруду,
Топурак кылып жууруду.
Каркыра кылды элиңди,
Каратып алды жериңди,
Кайыштырды белиңди.
Тоодак кылды элиңди,
Талоонго алды жериңди,
Кабакка салды эриңди.
Эми, кимге айтасың,
Көкүрөк толгон кебиңди,
Ичиңдеги кегиңди.

Жакшы жерден ажырап,
Тоо-ташка кыргыз чегинди,
Кайберен болуп элирди,
Арстанбек айтпас тегинди.
Сурагы кыйын капырың,
Суунун башын ээледи,
Суракка жол бербеди.
Эсепке алды башыңды,
Кары менен жашыңды.
Каршы турар чама жок,
Казак, кыргыз басынды.
Кара жол кылды көлүңдү,
Касапка салды элиңди.
Катуу заман туш келип,
Кайгыга салчу көрүндү.
Сары журт болду конушуң,
Көч алды болду орусуң,
Өз колунда бийлик жок,
Кулаалы болду болушуң,
Кыйын го кыргыз оңушуң.
Наркы кетти карынын,
Урматы кетти уулдун,
Кымбаты кетти кызыңдын,
Кыябы кетти узундун,
Кайран заман бузулдуң.
Кызыл-тазыл көчүң жок,
Кымкап кийген кызың жок,
Кылымга кетер сөзүң жок,
Кылычың чабар баатыр жок.
Оо, армандуу дүнүйө,
Байыркыны ойлосом,
Байтерек түгүл, чырпык жок.
Байыр алар бийиң жок,
Баш калкалар ийин жок,
Ынтымак курган айыл жок.
Ызаат кылар байың жок,
Карагайда чайыр жок,
Каран тутар жайың жок.
Айта берип эрте-кеч –
Арстанбектин ичи чок!
Кыйытып айтар сөз келди,
Кыйын заман кез келди.
Бир күнү айтар солдат деп,
Колуңдагы баланды –
Колмо-кол мага кармат деп.

Анда кандай кыласың?
Ошондо чыгар жыласың.
Асты заман бузулду,
Беш убак намаз усулду,
Бейили менен окубай,
Пендең көрөр кусурду.
Азаматтан ал кетти,
Аргымактан жал кетти.
Адырга толгон мал кетти,
Айры өркөчтүү нар кетти.
Желе толгон бээ кетти,
Короодогу кой кетти,
Козу, улагы тең кетти.
Калың берип, кыз албай,
Каада-салтты буза албай,
Же колунда малы жок,
Аны табар алы жок,
Кокуйлап жигит бой кетти.
Мындай заман кез келди,
Арстанбек айтар сөз келди.
Кокондуктун сарттары,
Кокуй ишти баштады,
Кой көтөрүп, бул[1] берип,
Эки кылып эсебин –
Эсинди жаман кетирди,
Чом минген сартың эсирди.
Байыркы кыргыз көрбөгөн,
Пул жыйнаган эсерди.
Аргымак азып, жооруду,
Азамат көөнү ооруду.
Боз балдарың мунайды,
Баштагыдай көркү жок,
Кыз-кыркының чунайды.
Оо, армандуу дүнүйө,
Тоо-ташыңдын көркү жок,
Өрүп жүрчү түлкү жок,
Өргөө толгон мүлкү жок,
Күмүш кармар зергер жок,
Күлүк чабар эрлер жок.
Кайберен атар мерген жок,
Калк арасы бөксөрдү,
Арстанбек айтып теңселди.

[1] **Бул ("була" деген сөз уйкаштыкка карата айтылып калган) – кендир, кебез жана жибек кездемелери.**

Көркү кетти жериндин,
Мүлкү кетти элиңдин,
Күлкүсү өчтү эриндин.
Аргымак ат мине албай,
Алгы сөздөн биле албай,
Саны кетти жашыңдын,
Сыны кетти башыңдын,
Сыйы кетти ашыңдын.
Тар заман келди такымдап,
Азапка калган каран эл –
Эми, кайда жашындың?
Журттун сөзүн айта албай,
Ынтымагын кайтарбай,
Жакшыларың басынды,
Кашкарга качып жашынды.
Андан да айла болбоду,
Амалы кыйын капырың –
Өз тууганын азгырып,
Асыл тууган Балбайды,
Текестен барып кармады,
Алматыга айдады.
Карагер атты ким минет,
Кайыш тонду ким киет?
Жанында карап турбасаң,
Жан отумду жебейин,
Калпы-чынын ким билет.
Уу бердирип жайлаптыр,
Баатыр жүрөк Деркембай,
Бугудан чыккан көркөм-ай.
Көтөрүп чыгып абактан,
Көрүн казып кенендеп,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Аманат жанын тапшырган.
Бейажалдан өлтүргөн,
Алладан көрсүн ант урган!
Орусуң оңой көк эмес,
Майыры турат башында,
Мылтыгы турат кашында.
Обдулуп топто сүйлөсө,
Чулдураган сөзү бар,
Көк кытандай көзү бар.
Караколду бийледи,
Пашаанын сөзүн сүйлөдү,
Калк башкарган жакшыны,
Камгактай да көрбөдү.

Мыйзамды катуу баштады,
Карагай, жыгач аштады,
Калкты жаман актады.
Суунун башын ээледи,
Суунун башы Сулайман –
Анын да күчү келбеди,
Калкты кыйын тергеди.
Кыйын болду кыргызга,
Бул орустун келгени.
Тырышманке[1] минем деп,
Майыр деген эмеси –
Жылкыдан тандап кармады.
Өз малымды бергин деп,
Үрөйү учкан кыргыздын,
Бир да бири барбады.
Каз, өрдөк калды балаага,
Байыры кыргыз кылбаган,
Балакеттүү жалаага.
Топ-тобу менен кармады,
Толгоп туруп байлады.
Жүнүн жулуп, жулмалап,
Канатын кыркып, куйкалап,
Катары менен жалмады,
Айтарга сөз калбады.
Мылтык үнү тарсылдап,
Көлдүн үстү кан болду.
Жаш балапан чуркурап,
Жулунган жүн бырпырап,
Жалпы журтка дың болду.
Каары катуу заманды,
Айта берип күнү-түн –
Арстанбек башы маң болду!
Казак, кыргыз мусулман,
Көзүм жетпейт артына –
Кандай гана заң болду?!
Орустардын мужугу,
Эгин айдап өрөөнгө,
Кара жерди каңтарды.
Ыплас экен чочкосу,
Жерди казып аңтарды.
Макирөө кылып сууңду,
Кайран кыргыз куулду.

[1] 1 Тырышманке – орустун экипаж, фаэтон деген сөзүнүн кыргыз арасында айтылышы.

Там, ташты салды бекемдеп,
Чарбасы кыйын экен деп,
Бей-бечара таң калды.
Сыны кетти жериңдин,
Сыйы кетти элиңдин,
Кайсы арманым айтайын,
Кыргызга кандай жай калды?
Түрү суук заманды –
Айта берип, боруктум,
Түбү бирге мусулман,
Кандай күнгө жолуктуң?!
Казактан чыккан Каңтарбай,
Замана ырын ырдачы,
Калпыңды айтып калтарбай,
Бул орустун келгени –
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Диниң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Пашааң кандай, бай кандай?
Жакшың кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Байың кандай, бар кандай?
Жардың кандай, жан кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?
Болуш кандай, бой кандай?
Элиң кандай, эр кандай?
Замана кандай, заң кандай?
Эми, сенден тыңдайлы,
Айттым окшойт бир далай.

Арстанбек ырдап бүткөндө Каңтарбай обдула калып: -Мен жауп бермей ак жеңилдим-деп, ыраазычылыгын билдирет.

Жолдо келе жатканда, ээрчитип барган султаны (бир кабарда Тезек төрө делет):

-Бу калай болды Каңтарбай, казак ишинде сеннен мыкты ыршы жоктай көрүнүши еди. Арстанбектин алдында бөрини көрген күшиктей короого кире каштың гой, бир ауыз жауып бергенге да жарамадың-деп, жекирип калат. Анда Каңтарбай: -Арстанбек жети суу кешип өткен акыр замандын ыршысы екен, еки ыйыгында еки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр. Акыр заман болмак болды гой-деген экен.

ЧОҢДУ МЕНЕН АЙТЫШЫ

ЧОҢДУ:

Оо, Арстанбек, угуп тур,
Абайлап көңүл буруп тур.
Талас жердин атасы –
Сөзүмдүн жоктур катасы.
Пайгамбардан кат алган,
Бардык жандан кат алган,
Манас жердеп өткөн жер.
Уй түгүндөй кытайдан,
Кыргыздын өчүн алам деп,
Кандуу жолго аттанып,
Алмамбет, Сыргак, Чубактан,
Катары менен айрылып,
Кабыргадан кан жутуп,
Көктү карай өкүрсө,
Көк жарылып, түн түшүп,
Жерди карай өкүрсө,
Жер жарылып, күн түшүп,
Айкөлүңө аза күткөн жер.
Кабыргага кадалган,
Казалына жаралган,
Ажыдаардын заарына,
Каста[1] жерде сугарган,
Кара ниет капырдын,
Карам[2] огу кабылган,
Карттанып ичи жалындап,
Калк атасы эр Манас –
Жан таслим кылган жер.
Түмөн кыргыз күтүнө,
Тул орнотуп үйүнө,
Кара желек көтөрүп,
Кайгырып башын ийген жер.
Бул дүнүйө жалганда,
Табылбастыр мындай эр.
Арстанынан айрылып,
Кара кийип, кан жутуп,
Каныкей чачын жайган жер.
Кан ордодон баш кетип,
Камчы бою жаш кетип,
Карабет катын Каныкей,
Кара чок болуп күйгөн жер.

---

[1] **Каста – жашыруун.**
[2] **Карам – арам.**

Кадырын билбей канкордун,
Абыке, Көбөш эки кул –
Кан жесирин какшатып,
Ымыркайын көтөртүп,
Букарды көздөй сүргөн жер.
Буркурап ыйлап Каныкей,
Булкунуп чачын түйгөн жер.
Эрезеге жеткенде –
Айкөлдөн калган Семетей,
Ашуу ашып, арбын жол басып,
Арманы түтөп, муну артып,
Ата-Журту жердеген,
Алма, өрүгү бүрдөгөн,
Киндик кесип, кир жууган,
Кейиштүү иштер өтсө да,
Түпкү теги бир тууган,
Кең-Кол, Талас келген жер.
Канкордон калган кайран эр,
Капалык ичке толсо да,
Керилип боюн керген жер,
Кудурет чындап берген жер.
Айкөлдүн уулу жез туяк –
Айтып жүрөм ыр курап,
Улуулар айткан сөздү улап.
Саны кеткен кыргызды,
Сай-сайдан таап чогултуп,
Куну кеткен кыргызды,
Кыр-кырдан таап чогултуп,
Элдин башын кошкон жер,
Эзелтен Талас озгон жер.
Айда алтын тапкан жер,
Алсыздарды баккан жер,
Күндө күмүш тапкан жер,
Күчсүздөрдү баккан жер.
Жардылары жалданып,[1]
Жалгыз атын семиртип,
Той байгеге чапкан жер,
Кыздары кымкап кийген жер,
Кылыгы журтка тийген жер.
Балдары жорго минген жер,
Бири эмес, баары эр!

[1] **Жалданып – байып, ирденип деген мааниде.**

Келиндери сымбатту,
Кемпирлери урматтуу,
Айта берсем түгөнбөйт,
Берекелүү бейпил жер.
Жылкысы сансыз мол болот,
Жылкы тийген кор болот,
Короосу толгон кой болот,
Кой уурдаган шор болот.
Журтта күндө той болот,
Ырчылары мол болот,
Айтылуу акын Арстанбек,
Айтышып көрсөк не болот?

АРСТАНБЕК:

Оо, Чоңду өнөгүм,
Ырдап көрчү бөлөгүн,
Таласты нечен көргөмүн,
Талдап көңүл бөлгөмүн.
Жумурудай жер экен,
Журт сөзү менен иши жок,
Жулунган ырчы көп экен.
Байкап көрсөм жериңди,
Кушчу, саруу элиңди,
Малга кенен жайыт жок,
Мал уурдаса, айып жок,
Башын кармар берен жок,
Баш калкалар эрен жок,
Байыр кылар байы жок,
Өрнөк кылар бийи жок,
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Сөз кадырын билбеген,
Алабарман эл экен.
Баш-аягы биригип,
Бир көөкөргө сыйгандай,
Аймагы тар жер экен,
Айтар сөзүң кем экен.
Оо, Чоңду, өнөгүм,
Жер жакшысын билбепсиң,
Жер соорусу Ысык-Көл –
Желдирип барып көрбөпсүң.
Эл жакшысын билбепсиң,
Чалкып жаткан көп бугу,
Чарбагын барып көрбөпсүң.

Касиеттүү көлүмдүн,
Каркылдап учат каздары.
Каса элечек кийинип,
Карыны көрсө ийилип,
Кастарлуу келет уздары,
Карысы келет нускалуу.
Чабагы ойнойт көлүндө,
Береке бар жеринде,
Берени көп элинде.
Чарба малы мол болот,
Өйүз-бүйүз эл конуп,
Өлбөгөн адам зор болот.
Чечени элдин көп болот,
Чечпеген доосу жок болот.
Каз-өрдөгү көп болот,
Касташкан жоосу жок болот.
Тоосу токой чер болот,
Тоосунда толгон шер болот,
Толгоп кармап илбирсти,
Токтоткон адам көп болот.
Толорсуктан чөп болот,
Топуктуулар көп болот.
Кайберен койдой жайылат,
Адис кыраан мергендер,
Эчки-улагын сулатып,
Текесин атып кулатып,
Жарды менен жалчынын,
Жабыгып жүргөн малчынын,
Капшытын этке толтуруп,
Казан-аяк май кылат,
Калктын көөнүн жай кылат.
Каркыра жердин соорусу,
Кыргыз-кыпчак конушу,
Белден шибер жайкалат,
Белсенип эрен мал табат,
Бир көргөндөр таңкалат.
Жашыл тулаң аралап,
Жайдары көңүл салаалап,
Жашаган адам шаңданат.
Калк атасы кан Кошой –
Каркыраны жактырган,
Кысырактан бактырган,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Кыргыздын болсун башы деп,
Манаска киши чаптырган.

Жер соорусу Жети-Өгүз,
Эсинден кетпейт бир көрүш,
Көрбөй калсаң чоң кейиш.
Көк Жайыкты жайласаң,
Элиртип кулун байласаң,
Өзүнчө жаткан бир бейиш.
Чычкан менен Даркандын,
Кудурети жетпестир –
Аны жомок кылып айткандын!
Манастын жери Талас деп,
Баян кылдың баятан,
Ал айтканың ырастыр,
Алдастабай тура тур.
Аламан ырчы сизде бар,
Алп манасчы бизде бар.
Уктуң бекен өнөгүм,
Келдибек Манас айтканда –
Шамал уруп, бук болуп,
Боз үйлөргө жүк болуп,
Чагылган учуп, чартылдап,
Кереге, уук карчылдап,
Үзүктөрү желпилдеп,
Түндүк жабуу салпылдап,
Эшиктери шалкылдап,
Ат дүбүртү угулуп,
Айыл калбай чогулуп,
Журт атасы Манастын,
Алмамбет, Сыргак, Чубактын,
Арбагы көзгө урунуп,
Кырк чоро кырдан суурулуп,
Кемпирлер турчу балпылдап,
Келиндер коркчу калчылдап.
Желеде кулун чыңырбай,
Кымызга көңүл бурулбай,
Азынабай айгыры,
Аздектеп турчу бардыгы.
Төөлөр чөгүп жоодурап,
Карылары кобурап,
Койлор жуушап, кепшебей,
Коңулда иттер эт жебей,
Барбардигер кудурет –
Паана болуп өзүнө,
Кара тору түспөлү,
Кыпкызыл болуп чыңалып,

Арча отундай чок болчу,
Ашырып айтар Манасты –
Ак уул, Куба уул кыргызда,
Андай адам жок болчу!
Түндүк бою түйүлүп,
Кереге бою керилип,
Коргошундай былкылдап,
Кор кызындай жалтылдап,
Он эки мүчө шалкылдап,
Бүт денеси балкылдап,
Он манчасы калтылдап,
Тар дүйнөнү унутуп,
Кең бейиште жүргөндөй,
Сыйкырдуу дүйнө аралап,
Керемет болуп кеткенин –
Көргөн жайым бар эле,
Көрбөгөн адам зар эле.
Чоң манасчы Акылбек,
Чогоол сөздү сүйбөгөн,
Чоюлган сындуу жан эле.
Чоң казатты айтканда,
Чок түшкөндөй чартылдап,
Ээ-жаа бербей жети күн,
Элирчү жайы бар эле.
Андан кийин жети күн –
Бутун тартпай уктачу,
Аралап айыл чыкпачу.
Чынында да Акылбек,
Эл оозунда жүргөндөй,
Жаркырап күйгөн шам эле.
Калп айтып, ыймаң жебейин,
Манасчынын нары эле,
Мактагандай бар эле.
Балды тарткан аарыдай,
Бар адамды караткан,
Баамы артык жан эле.
Канаты сынып кайрылып,
Чоролордон айрылып,
Кабыргадан кан чыгып,
Кабылан Манас айкөлдүн,
Канкакшап түшүп ордого –
Кайгырган жерин айтканда,
Кабыргасы сөгүлүп,
Кара нөшөр жамгырдай,

Көзүнөн жашы төгүлүп,
"Манас" айтып жатканын,
Унутканын көргөмүн,
Умсунуп көңүл бөлгөмүн.
Тыңшап турган калайык,
Көрүп турган эмедей,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Кошулуп кошо ыйлаган,
Журт атасы айкөлдүн –
Арбагын чындап сыйлаган,
Кабылан кайран баатырды,
Кара жерге кыйбаган.
Оо, Чоңду, өнөгүм,
Чөл жериңди сактабай,
Чөп ырчыңды мактабай,
Чоң манасчы көлдө бар,
Чоюлбай барып көрүп кел,
Көкүрөккө түйүп кел!
Семетейчи Назардын,
Кан жесири Каныкей –
Букарды көздөй качканын,
Төлгө кылып долунун,
Тайторуну чапканын,
Кара нөшөр жамгырдай,
Төгүп ырдап турганда,
Каныкейдин арманын,
Калк дилине жеткирип,
Чөгүп ыйлап турганда,
Ат дүбүртү угулчу,
Айыл калбай чогулчу,
Жетик жесир зарына,
Калк көңүлү бурулчу,
Салаалап жашы куюлчу.
Оо, Чонду, өнөгүм,
Аргымак минип, жол жүрсөң,
Ат арытып, мол жүрсөң,
Ашуу-ашуу кезең бар,
Ашкере көркөм өзөн бар,
Касиеттүү көлүмдө –
Калп айтып, ырыс жебейин,
Арбагы зор Манасты,
Ашырып айтчу нечен бар.

ЧОҢДУ:

Оо, Арстанбек, акыным,
Жомок сөзгө жакыным,
Көлдү айттың сыпаттап,
Келдибек менен Акылбек,
Келтирип айттың ызааттап.
Чынында да Арстанбек,
Ырчылыкка мыктысың,
Айтышам деген акынды,
Алкымдан алып жыкчусуң.
Санат ырга мыктысың,
Сабалап ырдап жыкчусуң.
Анда эмесе, Арстанбек,
Бул сөздү мындай таштайлы,
Табышмактан баштайлы.
Айры-айры бел болот,
Ойлобой айтсаң жел болот,
Атасы өлсө не болот?
Эр өлүшсө жоо болот,
Энеси өлсө не болот?
Акыл уккан зор болот,
Ага-тууган бел болот,
Агасы өлсө не болот?
Кара чым басып денесин,
Карындаш өлсө не болот?
Жеңилиң жерден алуучу,
Жеңең өлсө не болот?
Эзилип тосуп туруучу,
Эжең өлсө не болот?
Балкытып турчу денеңди,
Балаң өлсө не болот?
Тоту куштай кулпунган,
Кызың өлсө не болот?
Керилип бурчта олтурган,
Келиниң өлсө не болот?
Капшытыңды толтурган,
Катының өлсө не болот?
Журт жакшысы кадырман,
Акылман өлсө не болот?
Эки эл жоолашса,
Эби кетип доолашса,
Анын жайы не болот?!

АРСТАНБЕКТИН ЧЕЧКЕНИ:

Оо, Чоңду, өнөгүм,
Чойроңдобой тура тур,
Маселиңди табармын,
Бир оозуңду жабармын.
Атасы өлгөн кор болот,
Аталуу адам зор болот,
Аскар зоосу солкулдап,
Ураган менен тең болот,
Айткан сөзү кем болот.
Энеси өлгөн адамдын,
Чалкар булак соолуп,
Чаңкаган менен тең болот.
Эти-бою эзилип,
Энедей сүйчү ким болот?
Агасы өлгөн адамдын,
Айтарга сөзү кем болот,
Сени, аркалап жүрчү ким болот?
Иниси өлгөн адамдын,
Чабарга камчы кем болот,
Жатындаш сага дем болот,
Жатындаштан ажыраш –
Жалын менен тең болот.
Карындаш өлсө какшайсың,
Бар айланды таппайсың.
Жеңеси өлгөн адамдын,
Жеңи желден жыртылат,
Жакасы кирден кыркылат.
Эжеси өлгөн кишинин,
Эркелер жери аз болот,
Эженин көзү өткөн соң,
Жээн деген жат болот.
Баласы өлгөн адамдын,
Бар өзөгү өрттөнүп,
Чок чачкан менен тең болот,
Байкуш болуп калды деп,
Бар эсинен танды деп,
Калк ичинде кеп болот.
Кызы өлгөн адамдын,
Кабыргасы бөлүнөт,
Кандуу жашы төгүлөт.
Келини өлгөн адамдын,
Кермеден аты бошонуп,
Кемиген менен тең болот.

Катыны өлгөн адамдын,
Куту кетет үйүнүн –
Куну кетет тирүүнүн.
Акылман өтсө дүйнөдөн,
Артында асыл сөз калат.
Эки эл жоолашса,
Элдиктен кетип доолашса,
Жетим менен жесирдин,
Саны элде көбөйүп,
Саясы кетет жериндин,
Сандырактап ар жерде,
Саны кетет элиңдин.

ЧОҢДУНУН ТАБЫШМАГЫ:

Оо, Арстанбек, акыным,
Акыл сөзгө жакыным,
Айтышканга бекемсиң,
Башка сөздөн козгосом,
Анда кантер экенсиң?
Кара ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн бар бекен?
Боору бүтүн, башы эсен –
Ааламда бүтүн бар бекен?
Кетмен-чот мизи тийбеген,
Жерде бүтүн бар бекен?
Ак таман ат кечпеген,
Сууда бүтүн бар бекен?

АРСТАНБЕК:

Оо, Чоңду, өнөгүм,
Чоюлган ырчы деп койсом,
Чоёндоп кеттиң окшодуң,
Чобур сөздөн көп сурап,
Чорт кыялым козгодуң.
Арстанбек акын жөн эмес,
Өйдө-төмөн ойдолоп,
Сынаганың эп эмес.
Баятан берки айтканың,
Баамдаган адамга –
Баасы артык кеп эмес,

Соболуңа сөз таппай,
Сүрдүгүп калчу мен эмес!
Кара ылаачын теппеген,
Калдайып жерге түшпөгөн,
Канатта бүтүн карлыгач.
Куу ылаачын теппеген,
Кулдуюп жерге түшпөгөн,
Куйрукта бүтүн куркулдай.
Боору бүтүн, башы эсен –
Ааламда бүтүн бир кудай,
Мунун несин айткыдай.
Кетмен-чот мизи тийбеген,
Жерде бүтүн дегениң –
Кеңирсип жаткан – Кең Текес.
Ак таман ат кечпеген,
Сууда бүтүн дегениң –
Суусунга сузуп албаган,
Сай-сайлап өзөн салбаган,
Суусу бүтүн шор болгон,
Суктанган душман кор болгон,
Түбү терең туңгуюк –
Түнөрүп жаткан сыр туюп,
Касиеттүү Ысык-Көл.
Оо, чоюлган ырчы Чоңдуке,
Табышмагың таптымбы,
Абийириңди жаптымбы?
Айта бергин дагы да,
Алдырып сага койбосмун,
Мен, алышып жүрчү жолборсмун.
Жеңдирип сага койбосмун,
Мен, жеңе жүргөн жолборсмун.

СҮЙҮМБАЙ МЕНЕН АЙТЫШЫ

Эки ырчынын беттешүүсү 1850-жылдардын тегерегинде Түптөгү беш уулдуу Аалыбайдын ашынан кийин Жети-Өгүз тараптагы бир чоң жыйында өтөт. Айтышууга төмөнкү окуя себепчи болуптур.

Аалыбайдын ашы Кененсары, Норузбай менен кыргыздардын согушунан кийин эки эл ынтымакташып, баш кошкон алгачкы чоң жыйын экен. Ошол себептүү Боромбай, Жантай, Ормон, Байтик сыяктуу кыргыздын билермандары чатак чыгып кетпесин деп, катуу көзөмөлгө алышат. Ашта Катаган ырчы менен казак Сүйүмбай айтышат. Сүйүмбайды чоң айтышка жарайт деп, Тезек төрө, Бөлтүрүк ээрчите келиптир. Ал мын-

дай казак, кыргыз чогулган жыйында айтышып көрбөсө да, жаштыгына карабай, казак калкынын учу-кыйырына атагы чыгып, оозго алынып калган курч ырчы экен. Катаган болсо, кырктын тегерегинде, оңду, солду аралап, элге катуу таанылып калган, казактарга да барып айтышып, байге алып жүргөн чоң ырчы болот. Сөздү Катаган баштап: "Кененсары, Норузбайынды өлтүрүп, башын итке салгамын, канакей кегиң алганың?!" деп, чуулуу сөздү чубуртуп, өктөм ырдайт. Калыстарга анын бул сөзү жакпай, Сүйүмбайдын жообунан кийин байгени казак ырчысына ыйгарышат. Ашта Арстанбек да болуп, ары чоң акын, ары жашы улуу Катагандан жол талаша албай, айтышка түшпөгөнүнө өкүттө калат да, Сүйүмбай менен бир беттешсем деп, кекенип жүрөт. Аалыбайдын ашынан 2-3 жыл өткөндөн кийин Жети-Өгүздө дагы бир чоң аш болот.

Мында да казак Тезек төрө, Бөлтүрүк төкмө Сүйүмбайды ээрчите келет. Өргөөгө кирип жайланышкандан кийин Бөлтүрүк Сүйүмбайга: "Кана ырчым, сүйлөй отыр, кызыл тилди бүлөй отыр"-дейт. Ошондо Сүйүмбай кыргыз манаптарына саламдашып ырдайт:

Ассаломалейкум, бурадарым кыргыздарым,
Ай менен Күнгө тете жылдыздарым.
Силерди аңсап келдим ат арытып,
Жүйрүк акын Сүйүмбай жыр бастагын,
Таскак уруп, аргымактай бой тастагын.
Кан Ормон, Кара Байтик, баатыр Жантай,
Бармысың, мал-жан аман, жайың калай?
Кара жок бир ишиңде өңшей хансың,
Баркыңды айта берсем сөз жетмейди,
Бааңды салмактасам пул жетмейди,
Ар бириң ат көтермес албан жансың.
Аркы атаң эр Атаке – баатыр Жантай,
Басыңа кийдин бөрик кызыл алтай.
Жүзүңдү бир көрсем деп, баатыр сенин,
Элимде эңсөөшү эдим – далай-далай.
Кан Ормон болмас иске бурулмайды,
Кан Жантай ак шумкардай шуулдайды,
Мөмөлүү Кара Байтик чынар агаш,
Сан торгай бутагында шырылдайды.
Камшысын Кара Байтик катуу устаса,
Азыр тур мүлдө кыргыз кырылганы.

Сүйүмбайдын кыргыз манаптарын көкөлөтүп мактап, зоболосун көтөрүп отурганын казак султандары жактыра бербейт. Муну байкаган кылдат Бөлтүрүк: "Не болдың мыншалык, Ай менен Күндүн оз орду бар гой. Дурустап жырласаңшы"-деп, сөз ыргытат. Сүйүмбай комдоно отуруп, ырын улантат:

Осы отырган манаптар,
Айткан сөзүм жаратар.

Ээр токуму алтындан,
Бир ат бергин минерге.
Алтын шапан жабарсың,
Асем менен киерге,
Марттыгыңды билерге.
Он алты жасар бир кыз бер,
Алышып ойноп күлөргө,
Нарк билбеген адамдар,
Акындын сөзүн билерме.
Бир ак отан үй бергин,
Эңкейип ага кирерге,
Беш-алты атан түйө бер,
Жүгүмдү артып жүрөргө,
Токсон жылкы бериңиз,
Элиме айдап бararга.
Кыргызга келген Сүйүмбай,
Куру кол айыл барарма.
Жамбы туяк бериңиз,
Сандыгыма саларга,
Мейманыма жararга.
Кыз берсең жумшап, күң бергин,
Түйөгө артып, бул[1] бергин,
Өзүмө бергин эки кул,
Эки жакка айдарга,
Элиртип кулун байларга.
Атайын келген Сүйүмбай,
Азды берсе аларма,
Айың сөзгө каларма.
Суурулган жүйрүк болмаса,
Өз боюна сенбесе,
Жаксы алдына барарма.
Жалгыз түйе жетелеп.
Жарыбаган олжо алып,
Жалалуу кепке каларма.
Олжа берсең көптү бер,
Ойдолобой сөздү бер.
Кан Орман, Байтик, кан Жантай,
Бак-дөөлөтү басында,
Нөөкөрү мол касында.
Алланын берген бактысы,
Астындагы тактысы.
Менин айткан кебимдин,
Такыр жоктур калпысы.

[1] **Бул (була) – кездеме.**

Сүйүмбайдын осы еди,
Көңүлүнө алганы,
Сурабаймын анша көп,
Өздөрүң билип кошорсуң,
Дагы да болсо калганы.

Арстанбек мырза сыпаа ырчы болуп, ашта-тойдо суранып ырдаганды жаман көрчү экен. Сүйүмбайдын сөзүнө жини келип, анын үстүнө Аалыбайдын ашында кыргыздардын байгени алдырганына кекээри бар эме – айтышууга чакырып, ырдап кирет.

АРСТАНБЕК:

Оо, Сүйүмбай, токтогун,
Алсыздын сөзүн козгодуң.
Мойнуңа көлбоор[1] асынып,
Алакан жайган таз белең,
Ырчылыгың пас белең?
Кече Аалыбайдын ашында,
Кан Боромбай башында,
Акылмандар кашында,
Бел жоорутпай байге алып,
Сен, кыныгып калган окшодуң!
Ээ, екейден[2] чыккан Сүйүмбай,
Айткан сөзүң куюндай,
Бөлөктү көрбө буюмдай.
Келе сала бер дейсиң,
Калганбы напсиң тыйылбай?
Кол жыйдырбай кыргызга,
Эки чобур ат бериш –
Жер жайнаган жылкылуу,
Тезек төрө ханыңа,
Журт башкарган баарыңа,
Ошончолук кыйынбы-ай?
Ото тигип, кыз бер деп,
Ойбойлойсуң казагым,
Алакан жайып калыпсың,
Өчкөнбү сенин мазарың,
Түгөнгөнбү казалың?
Уяты кеткен казагым,
Уялбай сурай баштадың,
Жоо талаган жери жок,
Мынча неге какшадың?

[1] Көлбоор – кудайчынын баштыгы.
[2] Екей – уруктун аты.

Ачарчылык кез эмес,
Уккан адам уялар –
Опсуз сөздү таштагын!
Көпчүлүк угуп кубансын,
Нуска сөздөн баштагын.
Орунсуз кепти айтканың,
Ойлоп көрчү, Сүйүмбай,
Ото тигип бергидей,
Олжо кылып бөлгүдөй,
Сен, ажосу белең кыргыздын,
Же перзенти белең нур кыздын?!
Аял алып бергидей,
Алды-алдынан бөлгүдөй,
Сен, атасы белең кыргыздын,
Же айымы белең нур кыздын?!
Антаңдап улам сурайсың,
Атаңдын барбы энчиси,
Анаңдын барбы берчиси.
Төө бергин деп сурайсың,
Төө өстүргөн казактын –
Төбөсүнөн урганбы!
Жүк артарга төөсү жок,
Жүктөгөнгө мүлкү жок,
Султанында кайыр жок,
Суусунда суусар жок,
Ичейин десе чайы жок,
Байыр кылар байы жок,
Чайнайын десе майы жок,
Киейин десе шайы жок,
Саамалынын курчу жок,
Чара толгон айран жок,
Көнөгүндө каймак жок,
Эзип ичер курут жок,
Эзилип ичер угут жок,
Кедейинде көйнөк жок,
Кемпиринде өрнөк жок,
Түбүнөн бери курганбы?
Жамбы сурап жалбарып,
Жанталашып ырдайсың,
Жамынарга жабуу жок,
Жамбаштарга жайы жок,
Жаштарында каруу жок,
Ырчысында ыйман жок,
Жараткан сени урганбы,
Жалпы казак курганбы?!

Жамбынын жайы башкача:
Кыраан мерген сен болсоң,
Кыя атып аларсың,
Канжыгага чаларсың,
Олжого тунуп каларсың.
Талытып жамбаш жатпасаң,
Жамбыны кыя атпасаң,
Сураганга байге жок,
Суурулганга суусар жок,
Куру жалак каларсың.
Ажысы март кыргыздын,
Ат сурасаң аларсың,
Айлыңа минип барарсың.
Кыз бергидей кыргыздын,
Кызы жатпайт талаада.
Алкымыңды агытып,
Куру болбо убара.
Баятан байкап отурсам,
Сүйүмбайы келжирейт,
Суратып коюп ырчысын,
Сурап олжо алчусун,
Султандары мелтирейт.
Мунун султанын кудай урганбы,
Казагың түбүнөн бери курганбы?
Кул сурайсың, Сүйүмбай,
Кул жумшоочу сен белең?!
Кулжуңдаба кур бекер,
Кул жумашап берип казакка,
Кылымга калып мазакка –
Кулдук урчу мен белем?
Күң сурайсың, Сүйүмбай,
Күң жумшоочу сен белең,
Күл чыгарчу мен белем?
Кутурбагын кур бекер,
Күң болсун деп кыздарын,
Кыргыз бербейт казакка,
Калкка калбайт мазакка.
Кудайыңды карасаң,
Өткөнүңдү санасаң,
Кул жумшайм деп көпкөндөй,
Сен, кулдуктан качан кутулдуң?
Кургак сөздү көп айтып,
Сен – Арстанбекке тутулдуң!

Күң сурайсың, Сүйүмбай,
Күң жумшап, каада күткөндөй,
Сен, күңдүктөн качан кутулдуң?
Күпүлдөп мактанч кылам деп,
Сен – Арстанбекке тутулдуң!
Оо, акылман калыстар,
Айткан сөздү калыптаар.
Аркы-терки сүйлөсө,
Асыл сөздү билбесе,
Акындын буту чалыштаар.
Ала көөдөк ырчынын,
Аңги-маңги сөздөрүн –
Акылман кайдан барыктаар.
Оо, алабарман казагым,
Унутпагын өткөндү,
Бүтүн шалбар кийгенге,
Султандар менен жүргөнгө,
Бейопа сөздү көп сүйлөп,
Сүйүмбай чындап көпкөнбү?
Мактанбагын казагым,
Сенин жайың белгилүү –
Чыгарамын мазагың.
Түбүң маңгул, калмактан,
Жылкысын тийип жылгадан,
Коюн айдап конулдан,
Каада-салтты сактабай,
Кыз-келинин барктабай,
Олжо кылып алам деп,
Кыргызга кыргын салам деп,
Аблай хан бизге жармашкан,
Бегимжан сулуу кошогу,
Белгилүү кылган ошону.
Канышбектин арманы –
Калк ичинде айтылып,
Али күнгө калганы.
Түбү бузук казагым,
Түргөндүн суусун бойлодуң,
Түндө жылкы айдадың.
Эч жериңе жукпаптыр,
Чекеңе мүйүз чыкпаптыр.
Эрдиң турат кеберсип,
Канакей, жарып калганың?
Каркыра суусун бойлодуң,
Катарлап жылкы айдадың,

Калжыраган казагым,
Айтсам чыгар мазагың,
Бир көтүнө жабышып,
Калдыр шымың түшпөптүр,
Канакей, жыргап калганың?
Аблай кулдун тукуму,
Кененсары, Норузбай,
Кесирлүү чыкты чоюштай,
Коңшу жаткан кыргызды,
Жөн жайына коюшпай.
Кылычын канга кандаган,
Кушчуларды жайлаган,
Арам калмак тукуму,
Кимге азап салбаган?!
Бейкапар жаткан кыргыздын,
Шейит болгон баатыры,
Жесир калган катыны.
Малын жыйып айдаган,
Албаганы калбаган,
Кыз-кыркынын ыйлаткан,
Кемпир-чалды сыздаткан.
Тирүүнү мындай коёлу,
Түрү бузук капырың,
Арбакка да кол салган,
Эшкожо менен Канайдын,
Көрүн бузган далайдын.
Мусулман пенде кылбаган,
Бузукту журтка көп салып,
Бей-бечара ыйлаган,
Бейопа жанын кыйнаган.
Айбандын ишин жасайм деп,
Акыры чыкты мазасы,
Кененсары, Норуздун,
Кыргыздан жетти казасы.
Аблай жолун жолдойм деп,
Кыргыздарды кордойм деп,
Өзү келип кабылды,
Ажалы четтен табылды.
Алардын кылган иштери,
Аллага кантип жөн болду,
Асыл жаны кор болду,
Ак кепиндеп, аруу жуун,
Ардактап көмгөн ким болду?
Кенен менен Норуздун,

Кылганы журтка жеткенден,
Ыза-кордук өткөндөн,
Сарбагыш, солто чогулуп,
Жантай, Байтик оолугуп,
Ормон колду баштаган,
Опсуз көпкөн Кенендин,
Башын кесип таштаган.
Норузбайдай баатырдын,
Жүлүнүн жулуп сабынан,
Жүрөгүн сууруп кабынан,
Журтка өткөргөн зары үчүн,
Шейит болгон жан үчүн,
Кемпир-чалдын ыйы үчүн,
Талкаланган жер үчүн,
Талоонго түшкөн мал үчүн,
Олжолонгон кыз үчүн,
Жаманкара[1] каны үчүн,
Мазакталган көр үчүн,
Канын ичкен кашыктап,
Канкорлугун бышыктап.
Угуп тургун калайык,
Кийинки биздин урпакка,
Арстанбек сөзү ылайык!
Коонун башы тоо болот,
Тоонун башы зоо болот,
Токойдун ичи куш болот,
Туюктун ичи туз болот,
Ашуунун бели муз болот,
Туздун түбү шор болот.
Эки эл жоолашса,
Элдиктен кетип доолашса,
Элдештирер бий болот,
Эптештирер кыз болот.
Зордун түбү зор болот,
Зоболосу чон болот.
Чегинен чыкса азгынып,
Чеңгелинен кан чыгып,
Зордуктун түбү кор болот.
Баркташып эл мен жүргөндүн,
Байсалдуу өмүр сүргөндүн,
Таажысы түшпөйт башынан,
Тактысы кетпейт астынан,
Башына келип бак конот,
Кашына келип журт конот.

[1] **Жаманкара баатыр Кененсары, Норузбай согушунда каза болгон.**

Ойлодуңбу базарың,
Ордуңду бил, казагым,
Онтоп чыгар мазагың.
Бер дегенден башка сөз,
Оозуңа келбейт ойдолоп,
Кайда кеткен казалың?
Айкайлаба казагым,
Аябай чыгат мазагың.
Аттууга жөө жете албайт,
Айланып зоону өтө албайт.
Агын суудан кече албайт,
Ашкан булбул Арстандан,
Алыңды бил, казагым,
Айтышып акын өтө албайт!
Түбү болот майтарбайт,
Түптүү акын калтаарбайт,
Түбү жука адамдар,
Төгүлгөн сөздү айта албайт,
Сага окшогон ырчыны,
Арстанбек булбул – барк албайт.
Жараткандын мыйзамы –
Түн жаңырып, күн болгон,
Күн жаңырып, түн болгон,
Жамгыр жаап, сел болгон,
Булак агып, суу болгон,
Бел бөксөрүп, ой болгон,
Төрдүн көркү мал болгон.
Айкайлаган казакка,
Атаандашар ал кайда?
Баатырлыгы кыргыздын,
Бээжинге жетип даң болгон.
Алыңды билбей казагым,
Айтышканы олтурсуң,
Арстанбектей акынды –
Ар санат сөзгө жакынды,
Аңтарып алчу ким болгон?!
Айтышам деп келгендер,
Айласын таппай тамтаңдап,
Акырын сүйлөп, жөн болгон.
Белсенип ырдайт Арстанбек,
Мен – белдүү жердин баласы,
Теңселип ырдайт Арстанбек,
Мен – тектүү жердин баласы,
Тегинде жок карасы.

Териштирсең тукумун,
Акындын барбы чаласы?
Терип ырдап берейин,
Темтеңдебей угуп тур,
Тегиме жакын келейин,
Мен – Арстан Буйлаш баласы,
Тынымсейит даанасы,
Ырымдын жок чаласы.
Мен – Арстанбек болгону,
Арстанбек атка конгону,
Периште ишим оңдоду.
Он алтымда ырдадым,
Оң менен солду сындадым.
Күкүк болуп, күү чалдым,
Гүлбурак болуп, нур салдым.
Он сегизге келгенде,
Ырчы аталып суйсалдым.
Туура он алты жашымда,
Жаратканды жар тутуп,
Жалгыз чобур ат минип,
Камчыланып бат жүрүп,
Атам Буйлаш артынан,
Саркерлердин[1] зарпынан,
Анжыянга баргамын.
Комуз чертип, ыр ырдап,
Ордонун болгом эркеси,
Көп ырчынын серкеси –
Мендей барбы эр киши?!
Алымбекти көргөмүн,
Ордо хандын ичинен,
Өзгөчө көңүл бөлгөмүн.
Кокон менен Маргалаң,
Кошо жүрдүм аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Хан датканы пааналап.
Көп акын менен айтыштым,
Көп ичинде тартыштым.
Комуз күүсү жагынан –
Эч ким менден өткөн жок,
Бет алып ырчы жыккан жок.
Атын укчу Анжыян –
Ар жеринде бир жыйын,

[1] **Саркер – иран сөзү: кол башчы, аскер башы, тексте хандын кыргыздардан алык-салык жыйнаган адамдарына карата колдонулган.**

Ар өнөрдүн сыры экен,
Мөмө-жемиш төгүлүп,
Берекеси мол экен,
Пулдун күчү зор экен.
Пулу жок, жарды-бечара,
Чынында эле кор экен.
Шалысы көп жер экен,
Мата, жибек көп экен,
Жеринин көбү чөл экен,
Атагы алыс кетсе да,
Төрт түлүк малга кем экен.
Аш, тойго аздап мал соёт,
Бир, жарым бодс болбосо,
Торпок, тана, кой соёт.
Күрүчтөн табак көтөрүп,
Күймөлгөндөр көп болот,
Азем сөзү аз болот,
Ала чапан көп болот.
Бычак ала жүгүрүп,
Бүрмөсүн чечип бүгүлүп,
Бирине бири кас болот.
Жар куласа, түз болот,
Жамак айтса, сөз болот,
Жарты нан түйүп белине,
Кол куушуруп ийиле –
Жармачтары көп болот.
Жигит кезден Арстанбек,
Аш менен тойду бийлегем,
Ажарлуу сөздү сүйлөгөм.
Журт алдында ырдагам,
Журт жакшысын сыйлагам.
Ашкан ырчы аталгам,
Аксакалдан бата алгам.
Ырысымды жебеймби,
Калпты кантип айта алам,
Сен сыяктуу казагым,
Айкырбай эле ат алгам,
Айттырбастан бат алгам,
Мырза ырчы аталгам.
Көп ичинде ырдагам,
Көп жакшыны сыйлагам,
Карыядан бата алгам,
Калк ырчысы аталгам.
Каркылдабай кузгунча,
Кадими менен ат алгам.

Келе сала бер дейсиң,
Кыргызды сен – ким дейсиң?
Нарктуу сөзгө келбейсиң.
Калжыраган казагым,
Калбаганбы базарың,
Тайганбы сенин мазарың,
Дагы барбы айтарың?!

СҮЙҮМБАЙ:

Оо, Арстанбек не дейсиң,
Сөзгө кезек бербейсиң.
Тектүүмүн дейсиң, Арстанбек,
Тегиңди жакшы билемин,
Текебер сөздү сүйлөдүң,
Мен, сенин тек жайыңды теремин.
Сөзүмдүн жок катасы,
Кыргыздын барбы атасы?
Кызыл иттен төрөлгөн,
Кырк кыз сенин көрөңгөң.
Андан бери мен келсем,
Сөзүңдүн жок чаласы,
Сен – Буйлаштын баласы.
Анжиянга барыпсың,
Азынатып жетелеп,
Айгыр аттан алыпсың,
Аңгиге жакшы марыпсың.
Ат сурайт деп, ардыкпа,
Айта берип, кардыкпа,
Бий баласы болсоң да,
Бий үйүнө батпаган,
Сен – салбардан туулган карыпсың!
Оо, Арстанбек акыным,
Айың сөзгө жакыным,
Тегиңди айтып мактандың,
Мени тексиз деп айтып каптадың.
Менин ата-тегим ыр болгон,
Ыр менен күүгө пир болгон,
Сөз чынына келели,
Силерде Кабандай[1] ырчы ким болгон?
Бак даарыган бабамдын,
Баскан жери сыр болгон,
Барган жери ыр болгон.

[1] **Кабан – XVII кылымдагы Жети-Суу акындарынын ири өкүлү.**

Тегимде бар ырчылык,
Темселебе чыр кылып,
Текебер кылбай, тек тургун,
Андан көрө Арстанбек –
Тектүү сөздөн кеп кылгын!
Мактана турган жайың жок,
Жаш кезиңде Арстанбек,
Карагай, тикен аралап,
Колу-бутуң жаралап,
Козу бактың кокуйлап,
Кой кайтардың чокулап,
Бакканың болчу козу-улак,
Калыпсың эми сөз улап.
Күң баласы катары –
Атаң бир кадыр кылбады,
Айып этпе, Арстанбек,
Айыңдуу сөздөн сен баштап,
Сүйүмбай сөзү ырбады.
Оо, Арстанбек, мактанба,
Калпты сүйлөп, актанба.
Укканым бар кабарын,
Кокон жакка барганың.
Кокондуктун Мадал хан,
Кокуйлаган чала хан,
Мактап ырдап жүрүпсүң,
Көк чапанды кийипсиң,
Көтөрүм сартты сүйүпсүң.
Анжиян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап,
Ашта-тойдо көп ырдап,
Алабарман сарттардын,
Ырчыларын жеңипсиң.
Аламан көп ырчынын,
Алдына таштап коюучу,
Ала топу, көк чапан –
Аябай эле жыйыпсың.
Кокондуктун көк чапан,
Бир көтүнө чак чапан,
Төшү ачык сарт чапан,
Көп эле олжо алыпсың.
Сопусунуп сүйлөбө,
Сомдоп ырдап сарттарды,
Соогатка чындап марыпсың.
Асыл заада кандардан,
Ат сурансам арданбайм,
Сенчилеп сартка жалданбайм.

IX

Арбын ырдап, ат алам,
Акындыктын салты ушул,
Аш менен тойдун наркы ушул.
Аксакалдан бата албай,
Аргымак минип, жамбы албай,
Айылга кантип кайта алам.
Жамбы берсе жанбаймын,
Сенин айткан сөзүңө,
Жабыгып токтоп калбаймын.
Алтын берсе арбаймын,
Сенин айткан сөзүңө,
Арданып токтоп калбаймын.
Арстанбек, мени ким дейсиң?
Абайласаң пир дейсиң,
Туура жыйырма эки жашымда,
Аалыбайдын ашында –
Ормон, Жантай, Боромбай,
Жакшыларың башында,
Тезек төрө, Бөлтүрүк,
Булар болчу кашымда.
Өөдө-төмөн тартышкам,
Көптү көргөн Катаган,
Көп ырчыны матаган,
Көп сөздүн башын чатаган.
Ага моюн бербестен,
Домбураны колго алып,
Толгоп-толгоп бурадым,
Толгон сөздү курадым.
Бир Алланы пааналап,
Артыктыгым дааналап,
Көк шилиге сайгамын,
Көпчүлүктүн ичинде –
Күйүттүү сөздү көп айтып,
Көчүгүнөн салгамын.
Анда, Арстанбек, кайда элең?
Сүйүмбайдай акынга,
Сүйлөй койчу жан белең?
Оо, Арстанбек, акыным,
Ар бир сөзгө жакыным,
Албан, дулат[1] аралап,
Ашка барган жок белең?!
Ашыкча ырчы деп жүрсөм,
Аштан тулпар минбеген,

[1] **Албан, дулат – казак урууларынын аттары.**

Асем чапан кийбеген,
Асыл сөздү билбеген,
Айылда жүргөн шок белең?
Акындыгың жок белем!
Оо, Арстанбек, акыным,
Ар бир сөзгө жакыным,
Шапырашты[2] – екейдин,
Тоюна барган жок белең?
Сени мен – толкуган ырчы деп жүрсөм,
Тойдон торко кийбеген,
Туйлатып тулпар минбеген,
Туура сөздү билбеген,
Тана минген шок белең?
Ырчылыгың жок белем!
Баёо сөздү көп сүйлөп,
Баймын дейсиң кыргызым.
Байлыгыңды билемин,
Баса жатып күлөмүн.
Айлың жакын конгондо,
Баламдын ичи катты деп,
Көк айран жанга батты деп,
Келүүчү элең ун сурап,
Кайнатканга чай сурап,
Катыктыкка май сурап,
Кечээ көргөн жарды элең,
Бүгүн кайдан байыдың?
Мактанам деп Арстанбек,
Чындык кептен кайыдың.
Бекмин дейсиң, кыргызым,
Бектигиңди билемин,
Кийизден башка киймиң жок,
Килем салган төрүң жок,
Мактанарга жөнүң жок.
Баатырмын дейсиң, кыргызым,
Анын несин айткыдай,
Эли бардын – эри бар,
Эри бардын – беги бар,
Айтар кептин жөнү бар.
Калкы бардын – ханы бар,
Карөзгөй капыр болбосо,
Кастарлуу журтта баркы бар.
Каптап калың жоо келсе,
Калк намысын сактаган,
Ар бир элдин наркы бар.

[2] Шапырашты – улуу жүздөгү ири уруудан.

Айтканында калет жок,
Баатыры бардын – баркы бар.
Жалгыз мазар болбостон,
Баатырдын да калкы бар.
Өткөндөн кеп баштасаң,
Чындык сөздөн качпасаң,
Кылымга кетер кыркышып,
Кастарлуу калың казакта,
Кыргыздын да кеги бар,
Мактанычтын да чеги бар.
Аблай кандын чабуулу,
Далайдын калган эсинде,
Кененсары, Норузбай,
Кыргыздардан өлдү деп,
Кордукту бизден көрдү деп,
Кокуй кеп айтып эсирбе,
Башың кетет кесирге.
Баатырмын деп, мактанба,
Баамы артык, Арстанбек,
Баланын сөзүн айтарма.
Тоо куласа, зоо болот,
Хан бузулса, жоо болот,
Сел каптаса, жер көчөт,
Жоо каптаса, эл көнөт.
Анын несин айткыдай,
Абалтан бери ушундай.
Алсыз адам үйдө өлөт,
Арсыз адам күндө өлөт.
Жок издеген жолдо өлөт,
Эр азамат жоодо өлөт.
Ажал жетсе, хан да өлөт,
Ай-ааламды тергеген,
Ак пайгамбар а да өлөт.
Кызыл тилин сайраткан,
Калың журтту жыргаткан,
Сүйүмбай, Арстан дагы өлөт.
Боору бүтүн, башы эсен,
Бир кудайдай сүйлөйсүң,
Алланын жолун билбейсиң.
Шейит өлүм болбосо –
Сенин кайда Манасың?
Ээн калган Таласың!
Кандуу жолдо кармашып,
Көп кытай менен таймашып,
Алмамбет, Сыргак эр өлгөн,
Чуулуу Чубак дагы өлгөн.

Баатырлардын баары өлгөн,
Казак, кыргыз биз тургай,
Азиретаалы балдары –
Шейит болуп, жоодо өлгөн.
Асан, Үсөн эки эгиз,
Бир кудага тептегиз,
Кербаланын чөлүндө,
Жоо колунан мерт болгон,
Шейиттерге шек кылбас,
Адамзатка шерт болгон.

Сүйүмбай ырдап бүткөндө, Арстанбек комузунун кулагын бурап, жооп кайтармакчы болот. Боромбай колун көтөрүп, токтоп тур дегендей, белги берет. Ошондо өргөөдө отурган кыргыз, казак султан, бий, бектери сөзгө аралашып: "Түбү бирге эл элек, уруш-талаш ыркыбызды кетирди. Ынтымакка жаңыдан келип олтурабыз, өткөн чатактан кеп баштап, Арстанбек сеники да ыңгайсыз болду. Өз кезегинде Сүйүмбай да жөн калган жок. Орду менен жооп кайтарды. Сөз жагынан биринди бириң жеңе алгандай көрүнбөйсүңөр. Экөөңдүн тең чоң ырчылардан экендигиңерге күбө болдук. Айтыш мындан ары уланса, сөз ырбап, чатакка айланчудай көрүнүп калды. Экөөңө тең ыраазыбыз. Мындан кийин бир-бириндин алдыңарга чыкпагыла"-деп, ынтымакташтырып, байгесин тең бөлүп беришет. Ушундан кийин Арстанбек менен Сүйүмбай айтышпай, экөө сыйлашып, жылуу мамиледе жүрүшкөн экен.

ТЕРМЕ

Жаздын күнү кар жааса,
Жабыркап жандык куураса,
Жамандыктын белгиси.
Эки айыл катташса,
Амандыктын белгиси.
Жамгыр төгүп, сел жүрсө,
Тоо бузулуп, тоз болсо,
Дөң түзөлүп, түз болсо,
Тамдар урап, таш болсо,
Адам көңүлү пас болсо,
Жан-жаныбар кырылса,
Наристелер ыйласа,
Жаны бирге ата-эне –
Жалбарып жанын кыйнаса,
Бул – кыяматтын белгиси.
Киши акысын жегендик,
Арамдыктын белгиси.

Мээнет менен жан багыш –
Адалдыктын белгиси.
Тузуна кара санаган,
Айбандыктын белгиси.
Эки киши мушташса,
Араздыктын белгиси.
Эки абысын урушса,
Эки тууган болушуп,
Душман болуп жоолашса,
Топко түшүп доолашса,
Нарк кеткендин белгиси.
Жосунсуз мындай жорукту,
Адамдын келбейт көргүсү!
Өңдөн азып, саргайыш,
Кеселдиктин белгиси.
Кызыл өңүн нур чалып,
Күмүштөн кемер курчанып,
Сүлөөсүн кийип, сүлкүлдөп,
Манаттан кийип, бүлкүлдөп,
Жаз күнүндөй жаркырап,
Күз күнүндөй күркүрөп,
Жалтанбай топто сүйлөсө,
Бул -- жаштыктын белгиси.
Жаш улгайып калганда,
Жаштан мыкты чыкты деп,
Жаш жолборстой ыктуу деп,
Ар кимдин келет көргүсү.
Сөз ыргытса артыңдан,
Касчылыктын белгиси.
Жамандык башка келгенде,
Жан ачыган адам жок,
Жабыркап жанын кыйнаса,
Көзүнүн жашын тыйбаса,
Жан кейиткен кайгы-зар,
Көкүрөккө сыйбаса,
Өйдө чыкса – өбөк жок,
Ылдый түшсө – жөлөк жок,
Жалгыздыктын белгиси.
Түнүндө терең уктаган,
Санаасыздын белгиси.
Жөрмөлөп уча албаган,
Канатсыздын белгиси.
Үшкүрүп тойдо кайгырса,
Баласыздын белгиси.



Онтоп чыкса түнүндө,
Оору адамдын белгиси.
Аппак болуп кийизи –
Түн ичинде заңкайып,
Ото башы көрүнсө,
Меймандын көөнү бөлүнсө,
Сарала жылкы сан болгон,
Санаты элге дың болгон,
Бай адамдын белгиси.
Сөздүн ыгын билбесе,
Сөөдүрөп топто сүйлөсө,
Тантыктыктын белгиси.
Балкытып эмчек эмизбей,
Кимдин уулу дегизбей,
Мазардай өтсө өмүрү,
Балкыбай аял көңүлү –
Бакытсыздын белгиси.
Артында бала калбаса,
Атакелеп ыйларга,
Аза күтүп сыйларга,
Асыл жанын кыйнарга,
Азаптуу ата белгиси.
Арманда байкуш өттү деп,
Артында калбай туягы,
Оо дүнүйө көздөй кетти деп,
Чындап аты өчтү деп,
Топурак салып томпойтуп,
Адамдык парстан кутулуп,
Аяп кетер бар киши.
Эртели-кеч жаш төгүш,
Мунду улуктун белгиси.
Бир-бирине эркелеш,
Курбулуктун белгиси.
Айтса кулак илбесе,
Акылсыздын белгиси.
Адамдын көөнүн оорутпай,
Аста-секин кеп айтыш,
Асылдыктын белгиси.
Тойдо жорго минбеген,
Торко тонду кийбеген,
Топ жыйында жүрбөгөн,
Жакырдыктын белгиси.
Көчкөндө унаа табалбай,
Салкын төргө баралбай,

Саргарып талаа күзөтүү –
Бакырдыктын белгиси.
Топту жарып, сөз айтыш,
Чечендиктин белгиси.
Кырчоо кармап жүгүрүш,
Бечелдиктин белгиси.
Убада сөзүн унутуу –
Эсерликтин белгиси.
Айттырбастан сыр билген,
Кыраакынын белгиси.
Ата журтун ардакташ,
Азаматтын белгиси.
Айткан сөздө жанабы,
Ар-намыстуу эр киши?!
Айылды түрө кыдыруу,
Бекерликтин белгиси.
Түтүн аңдып жүгүрүү,
Соргоктуктун белгиси.
Алкы бузук нааданды,
Кимдин келет көргүсү?
Келген жоодон качпаган,
Керилип төшөк жатпаган,
Кер-мур сөздү айтпаган,
Баатырлыктын белгиси.
Бет алышкан душманын,
Ар кимдин келет жеңгиси.
Ат мингизип, тон жабуу,
Аш менен тойдун белгиси.
Көңүл сүйгөн жер болсо,
Айткан сөзүң эм болсо,
Акындын келет келгиси,
Бермет сөздү тергиси.
Чагым салып, эл бузуу –
Ыймансыздын белгиси.
Сураганын аткаруу,
Кыйбастыктын белгиси.
Эки жаман баш кошсо,
Безерликтин белгиси.
Эки жакшы баш кошсо,
Эсендиктин белгиси.
Ушак-айың айтпаган,
Илгерки өткөн бир ишти,
Улам козгоп казбаган,
Уятгуунун белгиси.

Кара жерди каңтарган,
Кажыбастын белгиси.
Табакта түп калбаган,
Жарыбаган түбүндө,
Жалчыбаган күнүндө,
Жетесиздин белгиси.
Конок келсе сүйбөгөн,
Күнгүрөнүп сүйлөгөн,
Безгек болгон эмедей,
Кабагын бүркөп, калчылдап,
Катын-бала тилдеген,
Сарандыктын белгиси.
Чакыртпай үйгө кирбеген,
Чагым сөздү билбеген,
Пейили актын белгиси.
Кеч бешим үйгө кирбеген,
Бейпай сөздү сүйбөгөн,
Жакшы адамдын белгиси.
Артын салып чыкпаган,
Карыны көрсө ийилип,
Чыгдан жакка ыктаган,
Ызаттуу келин белгиси.
Ыймандуу мындай бүлөөнү,
Ата-эне келет көргүсү.
Жок жерден чырды баштаган,
Жалалуунун белгиси.
Үйүндө жылуу сөз айтып,
Сыртка чыга көз артып,
Ушак-айың сөз сүйлөп,
Беделинди түшүрүү –
Арамзанын белгиси.
Алыс жүргүн андайдан,
Абийирдүү эр киши!
Базар болсо бака-шак,
Балалуунун белгиси.
Жаны кейип онтосо,
Жаралуунун белгиси.
Кызыл-тазыл кийинген,
Мажүрүм талдай ийилген,
Кыз баланын белгиси.
Кырдан ылдый жүгүргөн,
Кыздуу үй аңдып бүлүнгөн,
Боз жигиттин белгиси.
Боз жигит болгон жок белең?

Момураган эр киши.
Кайгыга катуу малынса,
Кара жоолук салынса,
Кара жолтой болду деп,
Катын-калач кагынса,
Кардыккандын белгиси.
Мындай кыйын азапты,
Кудурет башка салбаса,
Кимдин бир келсин көргүсү.
Ак өргөө тигип, тай союп,
Катар-катар бээ союп,
Кош өркөчтүү төө союп,
Субай-салтаң кой союп,
Арбакка арнап мал союп,
Алакан жайып, бата окуп,
К[illegible][1] молдо таза окуп,
Алыстан мейман чакырса,
Ак үйлөргө батырса,
Жүгүрүп жигит сыйласа,
Ырчылар келип ырдаса,
Сынчылары сындаса,
Кара кийип катыны,
Кызылдан кийип кыздары,
Аза күтүп ыйласа.
Эр эңишип, жамбы атып,
Келген мейман дууласа,
Өткөн аштын кабары –
Канча бир адам келди деп,
Мынча байге берди деп,
Баланча күлүк чыкты деп,
Түкүнчөнүн балбаны,
Так көтөрө жыкты деп,
Сайышка түшкөн мыкты деп;
Жар чакырды бул акын,
Эл оозунда айтылса,
Бул – чоң жыйындын белгиси.
Келбей калса арманда,
Кабар жеткен бар киши.
Балаң өлсө жашыңда,
Келиниң калса кашыңда,
Өлгөнчө эстен кетпеген,
Көңүлүң өксүп өспөгөн,
Тар дүйнөнүн белгиси.

[1] К[illegible] – чоң.

Кызың өлсө жашында,
Кылыгы калса башында,
Өзүң менен бир көтөр,
Өлгөнүңчө эс кетер,
Бул – армандуу дүйнө белгиси.

Келиниң өлсө жашында,
Нөберең турса кашында,
Өгөй эне өксүтүп,
Өчөшүп турса башында,
Өчпөгөн кайгы белгиси.
Жашты алганча, мени ал деп,
Атанын келет өлгүсү,
Аа дүйнөнү көргүсү.
Оо, армандуу дүнүйө,
Башы бүтүн айда бар,
Ботосу өлбөс кайда бар?
Көзү бүтүн күндө бар,
Кызы өлбөс кайда бар?
Жашында өлсө атасы,
Жетим бала дедиртип,
Бөксөргөндүн белгиси.
Энеси өлсө жашында,
Өгөйдүн түшүп колуна,
Өксөгөндүн белгиси.
Кемпирдин калса артында,
Алды-артын жыя албай,
Аа дүйнө өзүн кыя албай,
Азаптуу кары белгиси.
Айтылган сырды жашыруу –
Бекемдиктин белгиси.
Эп келтирип сөз айтуу –
Эстүүлүктүн белгиси.
Эркелеп буюм сурашуу –
Жакындыктын белгиси.
Ат арытып, жол жүрүү –
Алыстыктын белгиси.
Туура сөздөн качпаган,
Калыстыктын белгиси.
Меймандан качып, жашынуу –
Бакырдыктын белгиси.
Өз орду менен сүйлөсө,
Кызыл тилин бүлөсө,
Таасындыктын белгиси.

Кадырлуу болсо журтуна,
Сүйлөгөн сөзү тек кетпей,
Кары-жаш укса умсуна,
Акылдуунун белгиси.
Көп кошунду тоготпой,
Жоону жеңсе жолотпой,
Эр адамдын белгиси.
Беттешкен жоодон качабы,
Намысы бар эр киши?!
Бет алганы жыгылса,
Балбандыктын белгиси.
Эңкейтип аттан оодарса,
Алгандыктын белгиси.
Кылган ишке карганса,
Таңгандыктын белгиси.
Оройлонуп урушуу –
Зөөкүрлүктүн белгиси.
Элге жакса кылганы –
Жакшылыктын белгиси.
Күлө багып, каш кагыш –
Көңүлдөштүн белгиси.
Убада сөздөн качабы,
Уяты бар эр киши.
Жорго минип, жол тосуу,
Сүйгөндүктүн белгиси.
Эртели-кеч ырдаса,
Муңканып жашын тыйбаса,
Күйгөндүктүн белгиси.
Дуба окуп, дем салыш,
Бакшылыктын белгиси.
Жалган жерден жан бериш –
Пасчылыктын белгиси.
Эчки, теке, кулжа атып,
Төрттөн-бештен кулатып,
Текесин кошо сулатып,
Жаза атпай мээлесе,
Кыраандыктын белгиси.
Көргөндүн көзүн тайгылтып,
Алтын-күмүш кармаса,
Арамдыкка барбаса,
Зергерликтин белгиси.
Бет алган жоосу ыктаса,
Алдынан каршы чыкпаса,
Эли бейпил уктаса,

Женгендиктин белгиси.
Жармачтарга карашуу –
Бергендиктин белгиси.
Жардыга камчы чаппаса,
Жетим менен жесирди,
Кылбаган пенде кесирди,
Жаман айтып какпаса,
Берендиктин белгиси.
Элинде барбы бул киши?
Жетим козу жоготсо,
Желкелеп урса камчылап,
Кыбыраган жетимдин,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Бул – кайырсыздын белгиси.
Жез чака сүттү төгөт деп,
Жесирди сөксө сыздатып,
Бүткөн боюн муздатып,
Бул – акмактыктын белгиси.
Айлында барбы ал киши?
Эне-атасын барктаган,
Элин жоодон сактаган,
Жол күзөтүп күн-түнү,
Эки ай бою жатпаган,
Эр азамат белгиси.
Көңүлгө толгон адамын,
Эл-журттун келет көргүсү.
Калкы турса каржалып,
Калктын камын ойлобой,
Келечегин болжобой,
Казына чачса калактап,
Эки көзү алактап,
Бул – кара өзгөй аким белгиси.
Мындай безер башчыны,
Үйрүп камчы чапчууну,
Кимдин келет көргүсү?!
Бекер карап жатпаган,
Бейопа сөздү айтпаган,
Беделдүүнүн белгиси.
Өрнөктүү өмүр баштаган,
Артына нуска таштаган,
Акылмандын белгиси.
Калдаландап шашпаган,
Адамдын көөнүн оорутуп,
Калпыс сөздү айтпаган,
Калбааттыктын белгиси.

Камчыланса баспаган,
Кашаңдыктын белгиси.
Бирине бирин тукуруп,
Эл ичинде чаң салган,
Бузукунун белгиси.
Кайгыга өңү азбаган,
Кайраттуунун белгиси.
Ат жакшысын тандаган,
Саяпкердин белгиси.
Куш жакшысын баптаган,
Мүнүшкөрдүн белгиси.
Жарылып кабак ачпаган,
Капалыктын белгиси.
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Масчылыктын белгиси.
Бекитип тамак катпаган,
Айран-сүтү батпаган,
Берекенин белгиси.
Жолдошун жолго таштаган,
Жосунсуздун белгиси.
Өзүн-өзү мактаган,
Көйрөңдүктүн белгиси.
Жакында таң атпаган,
Санаалуунун белгиси.
Башкага элин сатпаган,
Бар жакшысын мактаган,
Журт намысын сактаган,
Көсөмдүктүн белгиси.
Жамандыкты кечирүү –
Айкөлдүктүн белгиси.
Азамат баркын билбеген,
Наадандыктын белгиси.
Андай менен бир жүрсөң,
Адамдын келет өлгүсү!
Эртели-кеч сырдашуу,
Таттуулуктун белгиси.
Ичпей-жебей мал күтүү,
Катуулуктун белгиси.
Айыктырыш ооруну,
Дарыгердин белгиси.
Чайпалып жүрсө миңгениң,
Жорголуктун белгиси.
Калем алып, кат жазуу –
Молдолуктун белгиси.

Кой көтөрүп, бул[1] берүү,
Соодагердин белгиси.
Кара кийип катыны,
Белин чырмап буунуп,
Эл көзүнө көрүнбөй,
Эрте туруп жуунуп,
Башына кара салынып,
Кайгы менен кайыгып,
Кошок кошсо эрте-кеч,
Өлгөндүктүн белгиси.
Боз топурак томпойсо,
Көмгөндүктүн белгиси.
Айланайын калайык,
Азирейил азабын –
Күндө айтылаар казалым,
Кимдин келет көргүсү?
Кызылы өчсө өңүндүн,
Күчү кетсе белиңдин,
Карылыктын белгиси.
Муунуң бошоп шалдырап,
Оозуңда тишиң жок,
Оюн менен ишиң жок,
Сүйлөсөң сөзүң балдырап,
Күлсөң күлкүң колдурап,
Таш куурчактай сексейип,
Албарстыдай үксөйүп,
Ордуңда жатсаң жалдырап,
Адамдын келет өлгүсү,
Аа дүйнөнү көргүсү.
Насыят айтыш балдарга,
Карыянын белгиси.
Эт туураса, кол чалыш –
Чоркоктуктун белгиси.
Ашуу ашса, жөө-жалаң,
Качкандыктын белгиси.
Бар айласы түгөнүп,
Шашкандыктын белгиси.
Бар шайманын камдаса,
Эрте жаз эгин айдаса,
Баба дыйкан белгиси.
Аркырап турса аялың,
Ажаандыктын белгиси.

[1] Бул – (була) кездеме.

Түндүгүн эрте тарпаса,
Түшкө чейин уктаса,
Жалкоолуктун белгиси.
Агайын-тууган кирбесе,
Алкылдап сүйлөп тилдесе,
Чалпоолуктун белгиси.
Агартып жакаң жуубаса,
Арманың күндө арбыса,
Акыл айтсаң астыртан,
Аңкылдап сүйлөп чырдаса,
Жамандыктын белгиси.
Мындай бепай катынды,
Салбар кылат эр киши.
Кызың турса кылактап,
Жеңеси жандап булактап,
Анда бойго жеткени –
Бар тынчыңдын кеткени.
Уулуң турса муңайып,
Сөз айтуудан уялып,
Эрте кетип, кеч келсе,
Эс учун билбей, нес келсе,
Анда бойго жеткени,
Мазаңдын чындап кеткени,
Бул – жаштыктын белгиси.
Агайын-тууган айтышса,
Ары-бери тартышса,
Тозгондуктун белгиси.
Эки тууган ыкташса,
Бири-бирин сыйлашса,
Өлгөнүндө ыйлашса,
Жамандыкка кыйбашса,
Озгондуктун белгиси.
Ашта-тойдо айтышса,
Ар акын менен тартышса,
Бетине адам чыкпаса,
Беттешем деген ырчылар,
Бедели түшүп ыктаса,
Ал – ашкан ырчы белгиси,
Айлында барбы бул киши?
Эл чакырып, той бериш,
Желе тартып, мал бөлүш,
Ат чаптырып алыстан,
Жар чакыртып калыстан,
Бейкуттуктун белгиси,
Ар кимдин келет көргүсү.

Санжырасы сан болсо,
Сарамжалы мол болсо,
Салтанаты зор болсо,
Ал – жакшы аялдын белгиси.
Эртең менен кечинде,
Эринин келет көргүсү.
Зоңкулдап орой сүйлөсө,
Топтун сөзүн билбесе,
Жаман уулдун белгиси.
Сөзгө кулак салгандар,
Шыпшынышып тургандар,
Атаганат дүнүйө –
Атанын келет өлгүсү.
Сөздүн жайын билбесе,
Сөөдүрөп ушак сүйлөсө,
Жаман келин белгиси.
Кызы жаман экен деп,
Абысын-ажын күлгөндө,
Атаны арман дүнүйө,
Эненин келет өлгүсү,
Оо дүйнөнү көргүсү!
Кой сураса, тай берген,
Карта, жалды мол берген,
Сураттырбай жөн берген,
Март адамдын белгиси.
Суусар кийип суйсалган,
Жорго минип, жол салган,
Белине кемер курчанган,
Мырзалыктын белгиси.
Жан-жөкөрү болбосо,
Жүрө алабы бир киши?
Ай чырайлуу, кундуз чач,
Асем сөздүү, алма баш,
Бели ичке ийилген –
Кашы тасма чийилген,
Сулуулуктун белгиси.
Сулуу сүйүп, суктанбай,
Кумары таркап, бук канбай,
Жүрө алабы эр киши?
Сөз жакшысын тандаган,
Ашта-тойдо ырдаган,
Ырчылыктын белгиси.
Эки сүйлөп арада –
Эпчилдик менен жан баккан,
Куйтулуктун белгиси.

Айыл ичин иритет,
Андай шумпай адамды,
Кимдин келет билгиси?
Кабагын ачпай түнөрүп,
Жакшылыгың көрө албас,
Ичи тардын белгиси.
Азан-казан чуу чыкса,
Добулбас уруп, дуу чыкса,
Жоо келгендин белгиси.
Жолунан чыгат жалтанбай,
Калың жоодон калтарбай,
Журт сактаган эр киши!
Ай караңгы, түн болсо,
Тутулгандын белгиси.
Агайынды кордосо,
Кутургандын белгиси.
Күн караңгы, түн болсо,
Тутулгандын белгиси.
Өз тууганын кордосо,
Утулгандын белгиси.
Сурабастан мал алыш,
Зордогондун белгиси.
Түндө кирсе корооңо,
Уурдагандын белгиси.
Кыш жылымык, жаз болсо,
Жыйган чөбүң аз болсо,
Жут болордун белгиси.
Ынтымак болсо элиңде,
Кут конордун белгиси.
Күндөп-түндөп токтобой,
Жамгыр жааса көнөктөп,
Сел болордун белгиси.
Элдин камын ойлогон,
Эр азамат белгиси.
Өзү үчүн жан берген,
Өзүмчүлдүн белгиси.
Мындай адам көбөйсө,
Жумурай журт маарыбайт,
Урук-тууган жарыбайт.
Аргый-аргый жүгүрсө,
Аргымактын белгиси.
Азамат көөнү ооруса,
Азгандыктын белгиси.

Күрпөң-күрпөң жүгүрсө,
Күлүк аттын белгиси.
Гүл көңүлүң ооруса,
Күйгөндүктүн белгиси.
. . . . . .
Эңкейип белден күч кетет,
Эки колдон иш кетет,
Бул – өлүмдүн белгиси.
Отуз эки тиш кетет,
Бул да өлүмдүн белгиси.
Балдарга жакпай сөз кетет,
Бул да өлүмдүн белгиси.
. . . . . .
Урматы кетсе уулунун,
Кадыры кетсе карынын,
Азаматтын курбалы –
Зайыптын кетсе ыйманы,
Кыздын кетсе кылыгы,
Келиндин кетсе келбети,
Мойнуна таккан бермети.
Ата-эненин кымбаты –
Уулдун кетсе уяты.
Журт бузулуп, нарк кетсе,
Ата уулунан барк кетсе,
Саржан салып бөлүнүп,
Сарасы[1] кетсе жериңдин,
Сандырактап ар жерде,
Саны кетсе элиңдин,
Кадыры кетсе сынчынын,
Кадими кетсе ырчынын,
Кайрылып топко турчунун,
Калк көңүлүн бурчунун,
Бул акыр заман белгиси,
Арстандын келбейт көргүсү.

САНАТ

Бир туугандан кем эмес,
Бирге жүргөн айылдаш,
Тирүүлүктө агайын –
Бириңе бириң кадырлаш.
Өтүп кетсе өмүрүң,
Экинчи кайра табылбас.

[1] Сара – жер соорусу, суулуу, оттуу жер.

Жериңде күлүк болбосо,
Чоң байгеге чабылбас.
Жоо чаппаса жоголбос,
Жосунсуз адам оңолбос.
Кадырлаш болуп жүрбөсө,
Адамды адам сагынбас.
Оору-сыркоо болбосо,
Жакында адам карыбас.
Санаа тартып күйбөсө,
Сай-сайлап киши арыбас,
Жалкоо адам жарыбас.
Жамандык башка түшпөсө,
Адамга адам зарылбас.
Күнүгө алтын тапса да,
Акылсыз жигит байыбас.
Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып, учса да,
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!
Арзанды кымбат баалаган,
Сүткордун жайы – кара жер.
Айылга бүлүк, чыр салган,
Анткордун жайы – кара жер.
Алсызга кайрым кылбаган,
Залимдин жайы – кара жер.
Өмүрүн кыйган адамдын,
Канкордун жайы – кара жер.
Ушак-айың сүйлөгөн,
Уяттын жайын билбеген,
Жамандын жайы – кара жер.
Адамга жок пайдасы,
Ач көздүн жайы – кара жер.
Күйүткө өзүн алдырган,
Күндө ыйлап зар кылган,
Кайратсыз жайы – кара жер.
Санаага өзүн алдырган,
Заарда ыйлап, зар кылган,
Алсыздын жайы – кара жер.

Эртели-кеч ооруса,
Азирейил тооруса,
Адамдын жайы – кара жер.
Ууру кылса түнүндө,
Уктап жатса күнүндө,
Андайдын жайы – кара жер.
Зорлугу өтсө жакырга,
Зомбулук кылса бакырга,
Зордун түбү – кара жер.
Катарлаш элге кан чачса,
Канкорлорго жан тартса,
Кандын жайы – кара жер.
Кара өзгөй болсо калкына,
Калктын жетпей баркына,
Жакырдык жанды кыйнаса,
Өйдө-төмөн чарпыла,
Акимдин жайы – кара жер.
Ажаан чыкса катыңын,
Акыл сөзгө кирбесе,
Алкылдап, беттеп сүйлөсө,
Анын жайы – кара жер.
Эрмин деп турса, эрдемсиз,
Эрдин тиштеп, келберсип,
Эртели-кеч корсулдап,
Балага баар кылбаса,
Аялын уруп чырдаса,
Эрдин жайы – кара жер.

* * *

Эсиң оосо, эчки бак,
Мейли чебич, мейли улак,
Сүтүн ичсең күлазык,
Эти, майы эң артык,
Уяң тыбыт – апаппак,
Чөп жакшысын таптаган,
Көк бетеге, көк шыбак.
Эгиндердин жакшысы,
Эрте бышкан ар убак.
Арпа болот баарыдан,
Ичип алсаң жармасын,
Талканы чын күлазык.
Суу атасы тоңбогон,
Кайнап чыккан – таш булак.
Сөз атасы башында,
Угуп турган кош кулак.
Чапса күлүк, минсе бек,
Жылкы атасы – Чын бурак.

Таап алып өмүрү –
Талыкпастан сылап бак!
Адамзаттын досу экен,
Ажырабас чын ынак.
Тоо бузулуп, таш урап,
Тозулбаган жерде жок.
Чайпалбаган көлдө жок,
Чаалыкпаган жанда жок,
Бөксөрбөгөн сууда жок,
Бөлүнбөгөн элде жок,
Түгөнбөгөн кенде жок,
Түйшөлбөгөн пенде жок.
Терең акыл, кең пейил,
Термелбеген элде жок.
Бирде мырза, бирде кул,
Жаман-жакшы элге жак,
Териң төгүп, жерге жак.
Бул[1] жакшысы бөз экен,
Кездемеңиз мырзараак.
Мата чепкен кашкардан,
Чыгып турат алжырап,
Алжыракай болсо да,
Бир жыл киет бүрмөлөп,
Ак сурп,[2] шалпар,[3] киритон,[4]
Алты ай сайын бир кийип,
Анан кийим таба албай,
Карап калат жалдырап.
Аны эмне киесиң –
Акылы жок, калжырак?
Жыгачын арбын кыйбаса,
Кирпичин арбын куйбаса,
Бышыксынган жигитке,
Салынуу турган там кайда?
Арыгын терең казбаса,
Арпасын тегиз чачпаса,
Топондосун[5] чыгарбай,
Токтотуп суун сугарбай,
Дыйкансынган жигитке,
Бышып турган дан кайда?

---

[1] **Бул (була) – кездеме.**

[2] **Ак сурп – түп негизи, суп деген иран сөзүнөн: ак жибектен же ак төөнүн жүнүнөн токулган кымбат баалуу ак материал.**

[3] **Шалпар – иран сөзү: кебезден токулган кызыл түстүү кездеме.**

[4] **Киритон – кретон деген орус сөзүнөн – баалуу кездеме.**

[5] **Топондо – үрөндү сепкен учурда, калбырлап чар-чу... тазалоо.**

* * *

Кокон хандыгы кыргыздарды сурап турган мезгилде ордонун даткалары саркерлерин жиберип, Буйлашка кошуп, тынымсейиттин билермандарын чакыртып кетет. Ошондо он алты жаштагы Арстанбек артынан барып, ордонун билермандары: Мааразык, Кулназар, Алымбек даткалардын астында ырдап, комуз чертип, купулуна толуп, атасын, ага-тууган, жоро-жолдоштору менен бошотуп алат. Ошондогу Арстанбектин ырдаган ырларынан:

Ой, оозума менин сөз келди,
Ордоп айтар кез келди.
Эрте аттанып, кеч келдим,
Чапкан аттан тез келдим.
Ой, кара сакал Сарт аке,[1]
Даткалардын астында,
Айтуучу булбул кез келдим.
Байгамбар ак, кудай бир,
Баары жокту сүйлөткөн,
Таңдайдагы кызыл тил.
Кап оозундай сөгөлү,
Кар суусундай төгөлү.
Андап айтат Арстанбай,
Ордолуу бай Орчунбай,
Ана тоонун биринде,
Ак чалмалуу пиримдей,
Айтайынбы билинбей.
Эки көздүү куржундай,
Аргымактын аласы,
Өз жайымды сурасаң,
Алжан-Буйлаш баласы,
Кай жеримде чаласы?
Арстанбек ырчы жөз таңдай,
Оозумдан чыккан сөз кандай?
Баракелди, эр кыпчак,
Саадактарың бир кучак,
Санжыралуу кан кыпчак,
Мингендери тобурчак,
Шай колдогон эр кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн,
Төрөлүк кылса, төө берет,
Бектик кылса бээ берет.
Доолду[2] байлап, ат берет,
Кечиктирбей бат берет.

[1] Түштүктүк Ысакан ырчынын лакап аты.
[2] Доол (добулбас) – кичине барабан.

Күрмөгүн берип күрүчтүн,
Аргымак атты таптаптыр,
Тобурчак жемге какаптыр.
Аркалыктын жакшысын,
Кыйыгына тийгенде –
Кысырыктай матаптыр,
Он алтыда Арстанбек,
Эр кыпчакты мактаптыр.

КОКОН БИЙЛИГИ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин көп кыргыз,
Көк чапан сартка кор болду.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашкере өттү зордугу.
Алтындан камчы алакан,
Аркы түптө чоң ханы –
Анжыяндык Мала хан.
Атка каккан жез казык,
Коргондогу турганы –
Кыпчактардын Мааразык.
Азаматтын мойнуна,
Аябаган түлүктү,
Салып турат кокондук.
Айгыр ат менен атан төө,
Бир айтканын калтырбай,
Алып турат кокондук.
Каарына алганда –
Бели катуу эрлерди,
Жарып турат кокондук.
Алымына ат алды,
Аял кылбай бат алды.
Зекетине кокондук,
Каркырасын сайдырып,
Дүнүйөсүн жайдырып,
Беш көкүлдүү кызды алды.
Оймоктуудан узду алды,
Кулактарын карыштап,

Короодон тандап койду алды,
Кызматына бойду алды.
Олпоң[1] деп алды эгинди,
Жанына жакын баралбай,
Кыргыз байкуш чегинди.
Сайрап турган Арстанбек,
Сүйлөбөсмүн тегинди.
Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм так чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Таш-Кыянын үстүндө,
Жуукунун оозунда –
Козуга бала чоң эле,
Сарт кыргызга кор эле.
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле.
Бутундагы өтүгү,
Аяккаптан зор эле.
Кончунан чыккан кычысы,
Кой тойгондой шор эле.
Эми, Караколду сарт алды,
Жакшылардын баарысын,
Көкүрөгүн дарт чалды.
Сарт жыйылып, дан салды,
Караколго там салды,
Кат оодарып, мал салды.
Каракол сарттын үйүндөй,
Сарт жыйылып, бастырса,
Курсактары чандайып,
Санаттуу кыргыз бийиндей.
Караколдо сарт ойнойт,
Эриккенде карта ойнойт.
Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элинди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.

КАШКАРГА КИРЕ КАЧКАН БУГУЛАРГА ЫРДАГАНЫ

Орустар кирип келгенде, бугулардын бир катары Кашкарга кире качат. Алар кайтканда, келгиндер бул аймакка отурукташып алып, элчи салып жатып, эптеп орун алышат. Бугулардын жерин таштай качканын унутпаган Арстанбек аларга кайрылып ырдайт:

[1] **Олпоң – эгинден алынган салык.**

Качып барып Кашкарга,
Кайтып келдиң бугулар.

(Алты сабы алынып ташталды – түзүүчүдөн*)*

Эми, сөздү угуңар:
Келе берди араба –
Караколдун өзүнө.
Карасаң мунун көзүнө,
Баары маймыл окшогон,
Көгөндөй болгон көзү бар.
Айтса тили билинбейт,
Нечен түркүн сөзү бар.
Шайлоо кылды үйөзү,
Абай кылып карасаң,
Жаман экен мүнөзү.
Он кишиден бир киши,
Он башыны кылды эми,
Ошентип эсеп алды эми.
Жүз түтүнгө бир киши,
Ыстарчын кылып салды эми,
Ылдамдап эсеп алды эми.
Жүздөн санап, он кылып,
Ошол ондун үстүнө,
Болуш шайлап, чоң кылып.
Бей-бечара баарысын,
Ат байлатты бекетке,
Айдап жүрүп кекетти.
Барган сайын бул орус,
Күчөгөндөн күчөдү,
Адамдан артык мүчөлү.
Ууруларга сот кылды,
Караколго топ кылды.
Качкандардын баарысын,
Кармап алып, жок кылды.
Күңгөйдөгү доңузду,
Союш кылам-деп айтты,
Субандын уулу Адылды,
Болуш кылам-деп айтты.
Караколдун как өзүн,
Конуш кылам-деп айтты.
Ушунун баарын айткын деп,
Жарчы кылды өзүмдү,
Жайнатты минтип көзүмдү.

Кан Ормондун өлгөнүн,
Баян кылдым майырга,
Кан Ормонду өлтүрүп,
Көлүк болуп калдык деп,
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болуп калдык деп.
Карагайга корголоп,
Элик болуп калдык деп.
Сарбагыштын жакшысы,
Оорусуна бакшысы –
Ормон канын өлтүрүп,
Ойрон болдук көп бугу.
Чабылдык да чачылдык,
Калк ушинтип камалды,
Таба албадык амалды.
Ормон ханы өлгөндө,
Акылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян кире качканбыз.
Кайтып келдик, жай таппай,
Баш койгонго баар таппай,
Угуп, карап өзүмдү,
Кабыл алды сөзүмдү.
Ормон ханы өлгөндө,
Катын менен баланы,
Олжо кылып бөлгөндө,
Ошону кайра тийгиздим.
Жигит алып, мал жыйып,
Олжого кеткен эл жыйып,
Кылган ишим бул болгон.
Хан Ормондун айынан,
Эркек балдар кул болгон,
Ургаачысы күң болгон.
Басылып таман жүн болгон.
Жыйып келип баарысын,
Ар тарапка чаптырдым,
Ата-энесин таптырдым.
Ушул айткан сөзүмдү,
Аныктап жакшы угуңар,
Эгин айдап, мал багып,
Эми, оокат кылыңар.

БОРОМБАЙДЫН КЕРЭЭЗИНЕ ЫРДАГАНЫ
(1858-ж.)

Боромбай өлөрүндө чогулуп келген журтуна керээзин айтып, коштошуп: "Дыйканчылыкка көнгүлө, мал багып, бак тигип, жер казып, эгин айдагыла, жашоого ыңгайлуу Чычкан, Даркандан чыкпагыла, жаңы келген коңшу (орустар) менен ынтымакташып жашагыла, башыма коргон урба, ашыма ат чаптырып, калың кара собогула"-дейт. Байбичесине: "Кара кийип, тытынып, бетиңе тамга салба, башыңды жоолук менен бууп ал"-деп, таң калгандай сөз айтат. Керээзин тыңшап отургандар бир топ кеби менен макул болсо да, "ат чаптырба ашыма, коргон курба башыма" же "катыным кара кийип, кара жашка бетин жуудуруп, тытынып ыйлабасын" дегенине түшүнө албай, аң-таң. Бирок өлүп бараткан адамга акарат айтуу да кыйын эмеспи, дымып отуруп калышат. Үй ичинде жакын туугандары, журт адамдары бар экен. Ошоной кыжаалат учурда Арстанбек коштошуу мүнөзүндөгү мундуу күүнүн кайрыктарын комузга салып, нечен ирет кайталап черте келип, төмөнкүчө ырдаган экен:

Оо, Боромбай абаке,
Журт башчысы сен элең,
Жомогун айткан мен элем.
Ат чаптырбас ашыңа,
Коргон урбас башыңа,
Бетине тырмак салбастан,
Белине аркан чалбастан,
Катыны аза күтпөгөн,
Ханзадага күйбөгөн,
Сарбагыш, солто, саяктын,
Кайсынысынан кем элең?
Калыс сөздү айтайын,
Көлдө сүзчү кеме элең,
Калк коргогон эр элең,
Кул өлгөндөй кыл дейсиң.
Күлпөттөп сөөгү коюлуп,
Казак, кыргыз чогулуп,
Ашы-жыты берилип,
Ак өргөөлөр тигилип,
Аргымактар чабылып,
Ырчылар ырдап жабылып,
Эр эңишер балбандар,
Эл четинен табылып,
Эли урмат кылбаган,
Сен – кай жериңден кем элең?

САРЫ ОРУС СУЛТАН БОЛГОНУ

Кыргыз жергесине келип жашай баштаган орустар менен жергиликтүү калктын ортосунда болгон карым-катнаш, алака, алыш-бериш сыяктуу байланыштар акындын орус элине болгон көз караштарына эволюциялык өсүү таасирин тийгизгендиги көрүнөт. Акын орустар жөнүндөгү оюн конкреттештирип, мындай деп ырдайт:

Шоодураган солдаты,
Бопорос кагаз, канжасы,
Карап турсак орустун,
Катыла келген жоолорго,
Катуу экен калбаасы.
Кара ниет душманын,
Кармап алып жай кылды,
Кокондуктун кандары,
Тактысынан тайгылды.
Баатыр орус тушунда,
Ак калпактуу кыргыздар,
Ала-Тоонун жерлерин,
Тынчып уктап, жай кылды.
Калмактын журту калтаарды,
Казакты баскан кадимки,
Канкор Төрө тукуму –
Каш кайтарбай жалтанды.
Сары орус султан болгону,
Саамал ичип кенелдик,
Зардабы өткөн душманга,
Санга жетип тенелдик.
Канкор Ормон уулдары:
Үмөталы, Чаргындар –
Карагай найза өңөрүп,
Кара санап оруска,
Качып калды көгөрүп.
Ак болотту май кылды,
Көк жалтаң экен темири,
Узун экен өмүрү.
Көлөкөлүү телпеги,
Жоо дегенде элпеги,
Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен салмагы.
Карагай экен чарбагы,
Катуу экен салмагы.

ООРУП АЙЫККАНДАГЫ ЫРЫ

Арстанбекти калк аябай сүйүүчү экен. Анын колдоочусу бар, олуя деп айтыша турган. Бир жылы катуу ооруп, Боромбай баштаган бугу эли чуру-чуу түшөт. Оорудан баш көтөргөндө көңүлүн сурап келгендерге комуз чертип ырдаганы:

Жүз бир күнү суу ичип,
Айыкканым айтайын,
Арт жагында каран түн,
Кайыкканым айтайын.
Кабыргамдан сезгенип,
Кагынганым айтайтын,
Теңтуштарым жакшылар,
Сагынганым айтайын.
Кече Боз-Бешиктин боюнда,
Боз-Учуктун оюнда –
Болбой жатып эл көчкөндө,
Мен – Чоң Кызылды мингемин,
Көч астында жүргөмүн.
Көркөм болгон мен башым,
Боз бейитти көргөмүн,
Бейитти көрүп бекиндим,
Мен да ушундай болом деп,
Өз жанымдан шекиндим.
Мандай жагын карасам,
Ак сакалы арбайып,
Кыл муруту сербейип,
Атакем турду башымда.
Белдемчисин байланып,
Безеленип айланып,
Айланайын энекем,
Сени алганча – мени ал деп,
Энекем турду кашымда.
Энеден башка жолдош жок,
Кудайдан башка айла жок,
Эне бир кокуй турбайбы.
Тигиндей жакты карасам,
Катын деген баш душман,
Эки көзү мендедир,
Эси-дарты эрдедир.
Катын калар – эр табар,
Бала калар – мал табар,
Менин көзүм өткөн соң,
Кайран энем не табар?

АРМАН

Каркыранын башынан,
Башы Арстанбек ооруду,
Ооруганы курусун,
Азирейил жаланкыч –
Аламын деп тооруду.
Маң-маң, маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Айры өркөчүн май баскан,
"Чөк" дегенде, "бук" деген,
Тизесин жерге бүктөгөн.
Кош аркан салып тарттырган,
Калы килем жаптырган.
Ак тикен көрсө аймаган,
Алкымын тикен сайбаган.
Көк тикен көрсө аймаган,
Көмөкөйүн сайбаган.
Жардын башын кыдырган,
Талдын башын сыдырган.
Ойсул-Ата малым бар,
Андан берсем бир тогуз,
Азирейил алабы?!
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Көк жон ылдый өңкүгөн,
Көгөн сайын мөңкүгөн.
Сары жон ылдый өңкүгөн,
Сайгак сайып мөңкүгөн.
Үй арасын боктогон,
Үйдөн туруп жоктогон,
Токтойлуу жерге токтогон,
Өлөңдүү жерде оттогон.
Сары суу көрсө шимирген,
Сары камыш көрсө кемирген.
Куйруктары камчыдай,
Сийдиктери тамчыдай.
Мүйүздөрү жылтылдак,
Кулактары былкылдак,
Туяктары шылкылдак.
Чычкан богу ушактай,
Сааган сүтү булактай,
Зеңги Баба малым бар.

Мындан берсем бир тогуз,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!
Татыра башын тарта оттоп,
Таң атканда эрте оттоп,
Күтүрө башын күрт оттоп,
Күн чыкканда эрте оттоп.
Маараса үнү азандай,
Куйруктары казандай.
Жүнү жибек, сүтү ынак,
Тула бою бүтүн ак.
Эртеден кечке уктайсың,
Этин жесең ныксырап.
Кыгың жаксаң, көң болот,
Териси жылуу тон болот.
Чолпон-Ата малым бар,
Мындан берсем бир тогуз,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!
Бак-даракка асылган,
Бадалды жөөлөп, кашынган,
Жамгыр жааса дыбырап,
Жар менен үйгө жашынган.
Чакмак мүйүз – чаар эчки,
Какмак мүйүз – кара эчки.
Жүргөн жери зоо болот,
Жүнү үйгө боо болот.
Тогуз конок келгенде,
Тойбогонун айтайын,
Эки конок келгенде,
Эттүүлүгүн айтайын,
Чычаң-Ата малым бар.
Мындан берсем бир тогуз,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!
Аксакалын жайкаган,
Набат менен оозун чайкаган,
Ар иштин жөнүн байкаган.
Атакем турат башымда,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!

Белдемчисин байланып,
Чарк көпөлөк айланып,
Энекем турат кашымда,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!
Илбирстей ийни тартылган,
Ийнинен чачы артылган,
Жолборстой жону тартылган,
Жонунан чачы артылган.
Карындашым турат жанымда,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!
Казан-аяк калдырап,
Алганым турат жалдырап,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?!
Баштан да айла болбоду,
Малдан да айла болбоду.
Адамзат пендеге –
Айтпагыла каргышты,
Мен өндөнтүп адамдан,
Жаратпасын жалгызды.

АР КЫЛ ЫРЛАРЫНАН ҮЗҮНДҮЛӨР

Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин бугулар талоонго түшүп, бир топ запкы тартат. Бир даары Анжыянга кире качып, бир даары Текес, Жылдызга агылат. Арстанбектин ошол мезгилде ырдаган ырларынан айрым үзүндүлөр гана сакталып калган:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар,
Оо, сарбагыш, туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенгулдун Ормону –
Эми, кайдан табылар?
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Ой, сарбагыш, туугандар,
Эсенгулдун Ормону –
Тирилип кайра келчү эмес.

Ормон ханы өлгөндө,
Акылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян көздөй качканбыз.
Атандын оозу жырылды,
Анжыян качкан бугу эли,
Андан бетер кырылды.
Коңур-Өлөң, Ала-Баш,
Коңурсуган кайран саз,
Ал эле биздин жерибиз,
Кайран биздин көлүбүз,
Кошулган малын жоктобос,
Коңур бугу элибиз.
Үч-Кайынды, Богошту,
Үстүндө элиң барында,
Сени – келин менен кыз ашты,
Сени – кара менен көч ашты,
Үстүнөн элиң кеткен соң,
Сени – шамалдан башка ким ашты?
Бакасы бала уктатпас,
Балыгы жылкы сугартпас,
Кайран биздин көлүбүз,
Кайда кеттик көбүбүз?
Салаалап аккан булагы,
Сапсары болгон тулаңы,
Сагындырат ыраңы.
Жылга, чыбыр, адыры,
Жылкыга өтөр кадыры.
Аркайган тоо, адыры,
Адамга өтөр кадыры.
Жерибизден ажырап,
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз,
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз,
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз.
Сары орус султан болгону,
Саамал ичип кенелдик,
Зардабы өткөн душманга,
Санга жетип теңелдик.

* * *

Бир жылдары Арстанбек Кашкар багытына барып калса, Кулназар бий: "Биздин эл, жерди сыпаттап ырда" дейт. Ошондо ал минтип ырдаптыр:

Алабата күбүрөктүү,
Төө жүрүүчү жер экен.
Ат ташыркап, баса албай,
Жөө жүрүүчү жер экен.
Ашка-тойго барууга,
Төө минүүчү жер экен.
Бетегеси, ыраңы,[1]
Кой жүрүүчү жер экен.
Берерге малы жок киши,
Бой жүрүүчү жер экен.
Эгин ташып ичүүгө,
Эшек бакчу жер экен.
Элинин баары соодагер,
Эсеп тапчу жер экен.
Эмгек кылып эринбей,
Кетмен чапчу жер экен.
Жакшылары паракор,
Зулумдардын жери экен.
Жардылардын сөзү өтпөс,
Пулу бардын жери экен.
Эл ичинде шайырдын,
Баркын билбес жер экен.
Эзелден бери кыргыздын,
Наркын билбес жер экен.
Кыштапсың Кашкар токойду,
Катының киет чокойду.
Кулназар бийи айт десе,
Калыстык сөздү айтуудан,
Арстанбек акын мокойбу?!

УЙЛАР ӨЛГӨНДӨ

Бир жылдары уй көп өлүп, элде уй калбай калганда Арстанбек ырдаган экен:

Жылдыз жаап, боз өлдү,
Жылма болуп, козу өлдү,
Эрте өлбөй, кечте өлдү,
Маарап туруп, эчки өлдү.
Желеде калды боркогу,
Жетим калды торпогу,
Бири өлгөндө, баары өлгөн,
Байталман уйдун коркогу.

[1] **Ыраң — иран сөзү, текстте жазгы жашыл чөп деген мааниде.**

Уйлар өлүп, кой калды,
Ала бука, кокуй, бой калды.
Уйлар өлүп, төө калды,
Куруп калган жардылар,
Үзүгүн сүйрөп, жөө калды.
Кемпирлер майды туурады,
Балдар сүттөн куурады.
Кудай кылды ар ишти,
Итке доор тийгенде,
Баштан байге сайышып,
Иттер кунан чабышты.
Айдап жүрүп, жылкы өлдү,
Азаматтан күлкү өлдү.
Жорго жолдон сууруллду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара момундар,
Баткак болуп жуурулду.

ЭКИ НОГОЙДУН КОШТОШКОНУ
(текстүү күү)

Керме-керме тоо,
Керме тоонун сары өзөн,
Туура суунун баары өзөн,
Оту, чөбү жок туруп,
Малы семиз – керме тоо.
Жылтырканы, шыбагы,
Жылкы баккан бу дагы.
Шаркырап аккан булагы,
Саамалынын ынагы.
Кылдырап аккан булагы,
Кымызынын ынагы.
Үч-Каркыра, Көк-Дөбө,
Эми, бизге жок дөбө.
Арта салып кеткенге,
Ар кайсысын карачы:
Бетеге менен ыраңы,
Мал үчүн азык бу дагы.
Жамынчы болуп элиме,
Суктанат залим жериме.
Балдырканы билектей,
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.

Үч-Алматы жерим-ай,
Кайран менин элим-ай!
Айтып энди нетейин,
Жаман көрбө, жерим-ай,
Кош, аман бол, кетейин.
Ак-Суунун башы дарыя,
Ак ала сакал карыя –
Сени, колдосун Жапар олуя.
Көк суунун башы дарыя,
Көк ала сакал карыя,
Жаман көрбө, жерим-ай,
Сени, колдосун Жапар олуя.

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН УЧУРАШУУ ЫРЫ

Жеңижок Арстанбектин даңкын угуп, бир көрүүгө ынтызар болуп, эңсеп жүрүп, Каркырага издеп барып, жолугушкан экен.

Анда Жеңижоктун Нурмолдо ырчыны, Ысык-Көл, Талас, Олуя-Ата, Меркеге кеңири белгилүү чоң акын Эсенаманды, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кези болот.

Ал барганда жай мезгили экен, Арстанбектин айылы Каркырада жатыптыр. Акындын өргөөсү обочо жердеги дөбөчөгө тигилиптир. Жеңижок аттан түшүп, жанындагы жигити менен салам айтып, үйгө кирет. Аттарын алып, эшик ачкан киши да болбойт. Үй ичинде Арстанбек кара көрпө көлдөлөңдүн үстүндө ичик жамынып, жамбаштап жатыптыр. Киргендерге анчалык назар бөлбөй, ооз учунан алик алат. Буга Жеңижок тырчый түшүп, "Ээ, кетеличи" деп, жанындагы жигитке караганда, жолдошу: "Ырда, анан көрө жатарбыз" дегендей белги берип, токтотот. Ошондо Жеңижок комузун алып:

Аманбы, абам, Арстанбек,
Ааламга айттың далай кеп,
Эсенби, абам, Арстанбек,
Элге айттың далай кеп.
Эңсеп келдим сени издеп,
Нукура ырчы Арстандын,
Нуска сөзүн уксам деп.
Буйлаштын уулу Арстанбек,
Бүткүл кыргыз чогулса,
Булбул болуп сайрадың,
Бурап тилиң кайрадың,
Бурадар ишке барбадың.

Боомдон урган шамалдай,
Бурулбай сөзүң айдадың.
Карала сакал болупсуң,
Каралап келдим өзүңө,
Кадоо салгын сөзүмө.
Ырчылыгым жок болсо,
Жаш экен деп санабай,
Көңүлүмө карабай,
Тике айткын көзүмө.
Жерим менин кең Талас,
Жердеп өткөн эр Манас.
Түп тегимди сурасаң,
Калың кытай ичинде,
Уругум сол – Каратал.
Жашымда жетим калгамын,
Жабыгып өскөн баламын.
Жалбарсам да эгедер,
Жетимдин тонун кийгизген,
Жетилтпей ичим күйгүзгөн.
Козу баккам коктуда,
Кой кайтаргам чокуда.
Кокуйлап нечен ыйлагам,
Койго жетпей кубалап,
Калың токой аралап,
Бутумду тикен жаралап,
Жараттан чыккан кочкул кан,
Агып кетчү салаалап.
Алланын берген дартынан,
Жетимдиктин зарпынан,
Айыл ичин аралап,
Эркин басып жүрө албай,
Далай көргөм кордукту.
Бай балдары басмырлап,
Башыма камчы тийгизген,
Жетимдигим билгизген.
Көзүмдөн жашым тамчылап,
Кийген киймим самтырап,
Коного кылгам ар жерди,
Мага окшогон алсыздын,
Кыйналганын ким билди?
Бир жылы чоң той болду,
Төрт дуван элди чогултуп.
Калк башчысы кадырлуу,
Катарлап ак үй тиктирип,
Казылуу нечен бээ сойду.

Кемегенин башында,
Эт бышырган жигиттер,
Шымаланып кашымда.
Отурат элем сексейип,
Сары үкүдөй чекчейип,
Той башкарган эмеси,
Мени көрүп зекиди:
Ала киши айылда,
Залалы тиет баарына.
От башынан куугула,
Жетим өлсө, бир соолук,
Желкеден алып сойгула.
Жан соогалап жалбардым,
Ажалымдын жогунан,
Качып чыктым тобунан.
Таяке-тайым табам деп,
Аксыга кеткем тентиреп.
Асырап алар жетимди,
Агайындын жогунан.
Аксыга барып, жай таптым,
Алтын боолуу куш таптым,
Аркырап аккан суу таптым,
Асеми артык журт таптым,
Агайын-тууган, дос таптым.
Көркөмү артык тоо таптым,
Көңүлү куна[1] эл таптым.
Шалысы бар жер таптым,
Шаанисн бар эл таптым.
Адыр-адыр тоо бастым,
Кадырымды билүүчү,
Ажарлуу ак периште –
Айнектей асыл жар таптым.
Тектир-тектир жер бастым,
Тегимди тербес эл таптым.
Курбу-курбу тоо бастым,
Куюктурбас эл таптым.
Дары таптым дартыма,
Аброй алдым артыла.
Эл аралап ырдадым,
Эссиздин сөзүн сындадым,
Эстүүнү ээрчип, сыйладым.
Ырчылыгым жактырган,
Күрүч берип бактырган,
Алдыма тулпар мингизген,
Асылдыгын билгизген.

[1] Куна – куунак, жайдары.

Арзыган жарым Көк Сулуу,
Бир колума тийгизген.
Ажынын уулу Сулайман,
Абийир алган кудайдан,
Ыйман берсин ал жайдан.
Жетимдин тонун кийгизбей,
Жетимдигим билгизбей,
Желкеме камчы тийгизбей.
Ак ала чапан кийгизбей,
Алсыздыгым билгизбей,
Аркама камчы тийгизбей.
Аргымак тандап мингизип,
Ак парча кемсел кийгизип,
Алып жүргөн жанына,
Дайын кылган баарына.
Эрезеге жеткенде,
Нурмолдо менен айтышып,
Шарыят сөздөн тартышып,
Атыккан ырчы аталып,
Атагым тарап кеткенде –
Кайрылып келдим Таласка,
Арбагы артык Манаска.
Атаганат, арман күн,
Тууган жерди көргөндө,
Көңүлүм жаман бөлүндү,
Көзүмөн жашым төгүлдү.
Ата-энемдин арбагы,
Алдыман тосуп, жол берди.
Агайын-тууган эмеспи,
Алыс-жакын чогулуп,
Аксыда, алыс жүрсөм да,
Адашып журттан күйсөм да,
Амандашып кол берди.
Калк чогулган жыйында,
Эсенаман карыя,
Атагы элге жарыя,
Алдыман тосту ыр баштап,
Өткөн иштен чыр баштап.
Сары Өзөндү сагалап,
Жаңгарачты пааналап,
Жакшылар менен жанашып,
Ырчылык жолун талашып,
Казак, кыргыз аралап,
Акындыгын дааналап,
Атагы арткан кексе чал,
Алдыман кыйын тороду.

Мени – элсиз деп айтып, эңшерди,
Калксыз деп айтып, каңтарды.
Тексиз деп айтып, тенселтти,
Көпкө ойлонуп, буйдалдым,
Ич отумду билгизбей,
Бутумду сунуп, суйсалдым.
Алла таала кудурет,
Абийир бер деп жалындым,
Табият берген тартуулап,
Өнөрүмө багындым.
Барбардигер кудурет,
Паана болуп өзүмө,
Эсенаман ырчыны –
Эңшерип тойдо жеңгемин,
Кадимин колго бергемин.
Той тараган эртеси,
Карабет катын Наркүлдүн,
Кылыгын айтып берейин,
Мен – калыс сөзгө келейин:
Айыл башы тукуруп,
Сук[1] катындай карабет,
Албарстыдай апсайып,
Алды-артына карабай,
Акындыгым баадабай,
Айтышамын деп келди.
Аркы-терки сөз айтып,
Абийирин жеген ит катын,
Айламды катуу кетирди,
Аңги жалап эсирди!
Калың топтун ичинде –
Карабет катын калтарбай,
Кадими журттан жалтанбай,
Сөзү кандуу ок экен,
Күйгүзүп ийчү чок экен.
Шыпырып таштап уятты,
Жан жерин жаңсап, сөзгө алып,
Ары-бери калчады,
Каткырып баары күлүштү.
Албын[2] сөздү укканда,
Жыйрылып боюм бүрүштү.

[1] Сук – суунун ээси, суу ичинде жашаган аял жынысындагы жез кемпир кейпиндеги мифтик каарман.

[2] Албын – оорунун ээсин кубалап чыгуу максатында дем салуу учурунда айтылган орой сөз.

Баам алдым саамда,
Бетме-бет каршы кеп айтсам,
Кайра тартар түрү жок,
Бет ачылар окшоду.
Бети курган – бул бетпак,
Бейжай сөздөн козгоду.
Катарлашып олтуруп,
Жалмандатып катының,
Жалкы сөздөн айттырып,
Жалпы баары жактырып,
Жаш-карысы каткырып.
Ошондо, кыт-кыт күлгөн карыга,
Ташкара, Эшен (Эшенкул) баарына,
Наркүлдүн сөзүн кайырып,
Устукан тарттым учалап,
Жото жилик ортолоп,
Табак койдум алдына.
Нарын кылып, үймөлөп,
Чучук кесип үстүнө.
Күлүп жаткан көпчүлүк,
Кан буугандай токтоду,
Айтышка шыкак бергендер,
Бирден жылып жоголду,
Ошентип, ишим оңолду.
Калк ырчысы Арстанбек,
Кабарынды көп уктум.
Анжыян, Кокон аралап,
Алымбекти пааналап,
Ырдап кеткен деп уктум.
Кокон хандын ордодо,
Коно жүрүп бир жылча,
Ордо толо ырчыны –
Сындап кеткен деп уктум.
Омурткасын омкоруп,
Озуп кеткен деп уктум.
Карыядан кеп уктум,
Кадими ырчы деп уктум,
Аксакалдан көп уктум,
Артык ырчы деп уктум,
Өзгөлөрдөн кеп уктум,
Өзгөчө ырчы деп уктум.
Ошондон улам келгенмин,
Аксы деген жерденмин.
Айтып бүттүм болгонун,
Атактын кантип конгонун,
Калганын өзүң талдап бер,
Жаман-жакшы болжолун.

АРСТАНБЕК:

Аманбы, балам, Жеңижок,
Айтканыңдын кеми жок.
Алкынып турчу ээ бербей,
Оо, балам, алтындай жаштын бири жок!
Эсенби, балам, Жеңижок,
Эчен кеп айттың кеми жок,
Элирип турчу ээ бербей,
Оо, балам, күлгүн жаштын бири жок!
Оо, тирикарак чырагым,
Термедей сөздү курадың,
Темир тоо жылып, көчсө да,
Сен – термелбей турган курагың.
Оо, аныкбир буудан чырагым,
Сен – кестедей сөздү курадың,
Көмүр тоо жылып, көчсө да,
Сен – кебелбей турган убагың.
Байкоос салдым сөзүңдү,
Баалап турам өзүңдү,
Сыноого салдым сөзүңдү,
Толтурдум сынга өзүңдү.
Сын-сыпатын байкасам,
Бучкагыңа теңебей,
Бороон урса кенебей,
Борумдуу басып, бой салып,
Жыйырмада жашың бар,
Жаш жолборстой башың бар.
Келбетиңди байкасам,
Жан бүткөндү теңебей,
Жамгыр төксө кенебей,
Кериле басып, бой салып,
Как жыйырмада жашың бар,
Кабылан сүрдүү башың бар.
Менин жайым сурасаң,
Кара сакал болсом да,
Кадими үнүм өчө элек.
Кадырым журттан кете элек,
Агала сакал болсом да,
Аргендей үнүм өчө элек,
Аброюм журттан кете элек.
Эр ортондон өтсөм да,
Али комуз күүм төп эле,
Ырдар ырым мол эле.
Азар салсаң байкарсың,
Ааламга жайым айтарсың,
Азыр аксаргыл өңүм азыңкы,
Алибеттүү денем басыңкы.

Балам, алдага айтар арзым бар,
Алда качан башталган,
Арылбай жүргөн дартым бар.
Ажалдан алыс качсам да,
Азирейил жалаңкыч –
Алды-артымдан аймалап,
Айламды жаман кетирди,
Айласыз эсер эсирди.
Урмат менен тоспойт деп,
Таарынба, балам, Жеңижок,
Калк алдында шаңшыган,
Кар суусундай ташыган,
Топ алдында шаңшыган,
Тоо суусундай ташыган,
Абаңдын булкунуп турчу күчү жок!
Арстандай сүрү жок,
Ак маралдай түрү жок,
Ак ботодой жүнү жок,
Аркырап акчу күнү жок.
Таң алдында сайраган,
Таңшып үнүн кайрыган,
Булбул өңдүү доошуу жок.
Алсырап барам күндөн-күн,
Абаңдын аман болор түрү жок.
Айтканыңдын баары чын,
Туура он алты жашымда,
Алымбектин кашында –
Аралап Аксы көргөмүн.
Жер соорусу жарыктык,
Авлетум тоосуна –
Кожожаш учкан зоосуна,
Абайлап көңүл бөлгөмүн!
Пачата суусу жарыктык,
Бутуңду салсаң муз болот,
Суусунуң кана жутканда,
Ичиң муздап, кыш болот.
Арчалары түз болот,
Көлөкөлөп уктасаң,
Ак жайдын күнү күз болот.
Кызыл-тазыл кийинип,
Кечке маал болгондо –
Шынаарлашып кыз-жигит,
Жеңелерин жетелеп,
Бирине-бири эркелеп,

Токойдун ичи жыш толот.
Кара чачтуу, моймол көз,
Кашын серпип койгондо,
Калдактап ичиң тыз болот.
Кайкалап басып кеткенде,
Кара жаның чок болот.
Ал айтканың дагы чын,
Шайыры көп эл болот.
Шакылыктап бүт күлүп,
Айткан сөзү кер болот.
Кодура талдай жанашып,
Биринен-бири талашып,
Ырчымын деген көп болот.
Жазгы кара жамгырдай,
Нөшөрлөтүп сабаган,
Ашкере ырчы жок болот.
Агала сакал болгондо,
Калпты кантип айтайын,
Жаз күнүндөй бүрү жок,
Күз күнүндөй мөмө жок,
Күн-түндөп айтар нугу жок,
Манасчысы пас болот.
Эсенаман ырчыны,
Аксыдан келген бир бала,
Жеңип кетти деп уккам.
Эңшерип аттан оодарып,
Эңип кетти деп уккам.
Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кески ырчы,
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу.
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле,
Кызыл тили курч эле,
Ырчылардын мурчу эле,
Он-сол кыргыз чогулса,
Какшап бир ырдап турчу эле.
Казак, кыргыз аралап,
Кыргыздыгы билинбей,
Эки тилде бипбирдей,
Элирип ырдап жүрчү эле.
Эсекемди жеңгениң –
Элде калчу сөз болгон,
Эгем сүйүп, жар болгон,
Атагың чыгып, шар болгон.

Катындан ырчы кыямат,
Айткан сөзү алаамат,
Таластагы бир тойдо –
Наркүлдү мен да көргөмүн.
Нурмолдо баштап бир тобу,
Жаландаган ырчылар,
Шатыра-шатман каткырып,
Акынмын деп наз кылып,
Айтышам деп шаштырып,
Артынан калбай ээрчиген.
Байкап турсаң сөздөрүн,
Ырчылыгы бар экен.
Ажары бар алынча,
Шыңга бойлуу, чекир көз,
Айткандары шар экен.
Кажаң[1] кара сөздөрдү,
Камырдай жууруп жиберген,
Калпыс жери бар экен.
Кар, борошо урса да,
Каарына алса капырың,
Катарлап адам турса да,
Кара өзгөй сөздү айткандан,
Кайра тартпас жан экен.
Айтканыңча бар экен,
Атагы бар чоң ырчы –
Айтышпай турган жан экен.
Адыгене Нурмолдо,
Аят сөзү бир жорго.
Дагы бир тойдо көргөмүн,
Атайлап көңүл бөлгөмүн,
Молдолугу бар экен,
Нур бетинен төгүлгөн,
Сымбаты ашкан жан экен.
Шарыяттан шар экен,
Сөз өктөмүн кетирбес,
Сүйлөгөнү курч экен.
Пайгамбардын тарыхын,
Балкып ырдап турганда,
Кол жетпеген мүлк экен.
Ырчы балам, Жеңижок,
Сенде – ырчылыктын кеми жок!
Ырдасаң сөзүң нар экен,
Түбү терең ор экен,

[1] **Кажаң – богооз, орой сөз.**

Сени менен беттешкен,
Ырчылардын шору экен,
Айтышкан адам кор экен.
Айт дедиң, айтып калайын,
Комуз күүсүн черткенде –
Так келтире албаган,
Тайкылыгың бар экен.
Термелтип колду бош таштап,
Жандырып ийип күүндү,
Жаздырган жайың бар экен.
Санат сөзүң сан экен,
Сайраган жайың бар экен.
Санжырага келгенде –
Уруулардын тарыхын,
Оң-сол кыргыз канатын,
Ундай элеп айтпаган,
Сылтыган жериң бар экен.
Аттиң, балам, Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт деди –
Эгемдин берген белгисин.
Айтпай коёр эрким жок,
Көк Сулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың.
Артыңан бала ээрчибей,
Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир ташы кем – шум дүйнө,
Арман толор ичиң чок.
Кабатыр болбо сөзүмө,
Тоодой мүшкүл түшсө да,
Томуктай кылып көтөрөт,
Таң калам адам күчүнө.
Шаймерден[1] сени колдосун,
Барбардигер кудурет,
Пааналап ишиң оңдосун.
Камбаркан Баба[2] кол берсин,
Кыдыр даарып, жол берсин.
Оо, балам, ырчылык жайын айтайын:
Ырчы болсоң – сынчы бол,
Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол!

[1] **Шаймерден - жигиттин пири – колдоочусу.**
[2] **Камбар-Баба – күүнүн пири – колдоочусу.**

Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол,
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол,
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол,
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол,
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол,
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол,
Ашта-тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол,
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол,
Коркокторго уруш бол,
Кош сөздүүгө – буруш бол,
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар[1] бол,
Ашы жокко айран бол,
Эрегиш чыкса, элчи бол,
Эл-журтуңдун кенчи бол.
Аш менен тойдун көркү бол,
Тону жоктун бөркү бол,
Желек кармар жетик бол,
Жардыларга кешик бол,
Жармачтарга эшик бол,
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол,
Пейилдүүгө бейпил бол,
Ысаптууга байыр бол,
Мүлдө журтка шайыр бол,
Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол,
Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт,
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып, жыргап өт.

[1] **Айбар – жөлөк, калканч.**

Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт,
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып, жыргап өт.
Уламаны улагын,
Улардай таңшыр убагың.
Баяда минтип айткан деп,
Кек сактап, сөздү куубагын.
Санат сөздө сабагың,
Сабап айтар убагың.
Санаа тартпай, жыргап өт,
Сакадай болгон чырагым.
Күлүк минип, гүлдөп өт,
Күмүрөй журтка сүйлөп өт,
Жорго минип, жолдо өт,
Жамы журтка ырдап өт.
Ырың журттун ынагы,
Өзүң болгун чырагы.
Балам, сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук,
Жомокчуну издеп ук,
Ушакчыны уктап ук,
Акылманды аңдап ук,
Дудуктарды жаңдап ук,
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук,
Комузчунун күүсүн ук,
Кыякчыны кылдат ук,
Добулбастын доошун ук,
Чоорчуну чордоп ук,
Темир комуз күүсү –
Термелтип жанды жыргатат,
Назар салып, таасын ук.
Жолоочуну жолдон ук,
Добогердин доосун ук,
Манасчыны түнөп ук,
Кошокчуну кошуп ук,
Боз балдардын ырын ук,
Булбулдун мукам үнүн ук,
Кыз баланын сырын ук,
Боздогонду бозуп ук,
Бекбекейди безип ук,
Борумдууну тосуп ук,
Замананын зарын ук,
Каапырлардын каарын ук,
Мусулмандын жайын ук.

Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук.
Думананын зарын ук,
Мүлдө журттун баарын ук.
Балам, нуска сөзүң кап болсун,
Санат ырың сан болсун,
Санжыра сөзүң саз болсун,
Калың кыргыз элине,
Кадырың артып, бак консун!
Балам, жугумдуу сөздү сүйлөгүн,
Жулунган ырчы көп болот,
Журт ичинде сөз болот.
Ыр кадырын билбеген,
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Жуксузга көңүл бөлбөгүн.
Журт алдында айтышып,
Ары-бери тартышып,
Жолбун жаман сөз угуп,
Асти бир жолой көрбөгүн,
Балам, каадалуу сөздү сүйлөгүн.
Калкыган ырчы көп болот,
Калк ичинде сөз болот,
Сөз кадырын билбеген,
Өйдө-төмөн сүйлөгөн,
Кадими жок ырчыга –
Кайрылып көңүл бөлбөгүн.
Калк алдында айтышып,
Кадырың калчу сөз угуп,
Тегинде бир жолой көрбөгүн.
Баркыңды төмөн түшүрбө,
Бар атыңды өчүрбө,
Кадырыңды түшүрбө,
Кадими атың өчүрбө.
Адеби жок ырчынын,
Артында жаман сөз калат.
Анык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү кеп калат.
Балам, кайрылып сени көрбөсөм,
Нуска сөзүм айта жүр,
Арстанбекти көргөм деп,
Арткыларга айта жүр.

Жеңижок Каркырада бир топ болуп, Кегенге чейин барып, көл кыргыздарын, албан казактарын аралап, ырдап жүрүп кеткен экен. Кетеринде Арстанбектин алдына келип, таазим кылып, коштошуп, узак ырдаган дешет. Арстанбек да комуз күүсүн өзгөчө муңканта чертип, ырдап узаткан экен.

ТИРКЕМЕЛЕР
Түзүүчүдөн

Жыйнакты даярдоодо төмөнкү принциптер жетекчиликке алынды: биринчиден, институттун корунда сакталган бул же тигил чыгарма бир канчалык саналганы менен негизинен бир эле нускаңы түзөт. Алар улам көчүрүлүп, алымча-кошумчалар менен жаңылана берген. Ошондуктан бардык инвентардагы нускаларды салыштырып, текстологиялык тактоо иши жүргүзүлдү. Айрыкча Калыгулдун, Арстанбектин чыгармалары удаама-удаа жаңы формада каттала берген. Мындай нускалар өз алдынча вариантты түзбөйт. Анткени "Акыр заман", "Тар заман" туундулары "алымча-кошумчага" көп дуушарланып, бул же тигил ойдун маанисн кеңейип же тарып кеткендигине карабастан, негизги багыты, мазмуну, мотиви боюнча алгачкылыгын сактап калган, вариантуулукка көтөрүлгөн эмес. Ушул жагы өзгөчө эске алынып, киши аттары, ыр саптарындагы айырмачылыктары салыштырылып, такталды. Түшүп калган ыр жолдору калыбына келтирилди. Кошумчаланган ыр түрмөктөрү кыскартылды. Экинчиден, ырчылар чыгармачылыгы кылымдан-кылымга, муундан-муунга, ооздон-оозго өтүп, чачырап кеткендиктен, көбү эл чыгармачылыгына сиңип же башка акындарга оошуп кеткен. Ошондуктан бул же тигил акындын жеке чыгармачылык өнөрканасынын эрекчилигин, башкача айтканда, ырларынын структуралык, идеялык-ой, мазмундук, мотивдик бөтөнчөлүктөрүн иликтеп келип, алардын авторлугун ар бир акындын өзүнө ыйгарууга аракеттендик. Ушундай жол менен 1992-жылы алгач катталган материалдардын ичинен инв. №1013, I – II бөлүм Арстанбектин сөздөрүн башка ырчылардын чыгармаларынан, Калыгулдун маселдеринен бөлүп алдык. "Мурас" жыйнагында Калыгулга ыйгарылган "Акыр замандын" ыр формасына түшүрүлгөн нускасын Арстанбектин өз авторлугуна бердик.

Акындын керээзин Шапак Ырысмендеев да өз оозунан жаздырган. Эки нускаңы салыштырганда маалымдоочу Арстанбек сөздөрүнүн айрымдарын гана эске тутуп калгандыгы, жалпы жонунан жамактап айтууга аракеттенгендиги аныкталды.

Үчүнчүдөн, текстте механикалык түрдө айрым сөздүн орун алмашышы же маанисн бузулушу, сөздүн өз ордунда болбой калышы жана өз мезгилинин мүнөзүнө туура келбей турган деталдардын кошулуп кетиши сыяктуу мүчүлүштүктөрдүн орун алгандыгы байкалды. Буга бир ачык мисал: Арстанбектин "Арманы" бир канча ирет катталган, бирок бирибиринен айырмачылыгы дээрлик жокко эсе. Ошонун бир нускасында "Арак менен оозун чайкаган" (сөз атасы жөнүндө болуп жатат), экинчисинде "Набат менен оозун чайкаган" делет. Басмага даярдоодо "Набат менен оозун" чайкаган дегенин алдык. Анткени Арстанбек жашаган доордо арак азыркыдай "даңазалуу" даражага жетпегендиги айдан ачык. Кыскасы, мындай учурда туурасын тактоого аракеттендик. Арийне, буга чектелүү гана нормада жол бердик. Төртүнчүдөн, чыгарманын башы аягына түшүп, аягы башына чыгып, системасыз, чачкын болуп кеткен учурларга күбө болдук. Мындай жагдайда ыр саптарын өзгөртпөстөн, окуяны ирээти менен, логикасына ылайык берүүгө умтулдук. Арстанбектин "Тар заман" поэмасын басмага даярдоодо ушул ыкманы пайдаландык.

Жыйнактын негизин Кабай Абдыракман уулу тарабынан жыйналган материал түздү. Бул адам биздин кылымдын 20-30-жылдарында мугалим болуп иштеген. Өзү 1914-жылы Чоң Кеминде туулган. Арстанбектин ырларын жаштайынан өз атасы Абдыракмандын, кадмики Муратаалынын оозунан угуп жүргөн окшойт, кыязы. Кийин билим алып, мектепке иштей баштаганда мурунку укандарын кайра кайталатып, жазып калууга үлгүргөндөй. Тилекке каршы, кийинчерээк Түштүккө кызматка которулуп, ошол жакта 1937-жылдагы репрессиянын курмандыгы болуптур. Ал өзү да акын болгондой. Түрмөдө жатып жазгандары (үйүнө, ата-энесине жибергендери) бул оюбузду бекемдейт. Ата-энеси анын кагаздарын кийизге ороп, короосунун четине куранга кошуп, көөмп коюшат. Алардын көзү өтүп кетип, эч ким билбей калат. 1992-жылы жер айдоо убагында капилеттен жарыкка чыгат. 60 жыл көмүлүп жаткан асыл мүлктүн кийинки абалын көз алдыга элестетүү анча деле кыйын эмес. Ошол кагаздардын арасында катылып келген улуу Арстанбектин мурасын биз көп убарачылык менен колубузга тийгиздик.

Адабият институтунун корунан бир басма табактан бир аз ашык көлөмүндө материал кирди. "Аалыкенин ашында жар чакырышы" сыяктуу айрым чыгармаларын тестологиялык иш жүргүзүп, тактоо максатында киргизген жокпуз.

Жыйнакты түзүүдө демилге көтөрүүчүлөрдөн болгон акындын жердеши Мукаш Найманбаевге жана кол жазманын мураскору Кабай Абдыракман уулунун туугандарына зор ыраазычылык билдиребиз.

Батма Кебекова,
филология илимдеринин кандидаты

ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

"Керээз" – Кабай Абдыракман уулунун (1914-1937) кол жазмасы боюнча жыйнакка кирди. Институттун корунда сакталган (инв. №59) Шапак Ырысменде уулуна таандык материал менен салыштырылды. Ал киши элден укканын эсинде сактап калганы боюнча өз алдынча айтууга аракеттенип, Арстанбектин стилинен четтеп кеткендиктен, бир аз гана ыр түрмөктөрүн алдык.

"Тар заман" – 1922-жылы Каюм Мифтаков Каракол Уездинде жашаган Арстанбектин курдашы Алыбек ажы Чулчуке уулунан, Саадабай Бабакан уулунан (иниси), Бектур Шераалы уулунан жана Сооданбек, Сарыбай, Алтыбай, Сармалай, Орунтай, Мамбет өндүү бир топ адамдардан сурамжылап, "Тар замандын" үч нускасын жазып алган. Бири-бирин толуктап турат. Ошондой эле кошумчаланып кеткен ыр саптары да арбын, айрыкча маалымдоочулар Калыгулдун сөздөрүн аралаштырып айтышкан. Башка да катталгандары бир топ: инв. № 1015, 1302, 57, 58, 59, 87, 288, 1268 ж.б. Булардын бири-биринен анчалык айырмачылыгы жок, ал эми Койлу Түкөлөй уулунан жазылып алынган нуска бир топ тагыраак (инв. № 57, 58). Жогорку катталгандардын бардыгын салыштырып, белгилүү деңгээлде такталды деген нускасын окурмандарга сунуш кылдык.

"Кантарбай менен айтышы" жөнүндө Институттун корунда айрым маалыматтар бар. Бирок тексти жок болчу, жыйнакка Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди. Материалдарда өз атасы Абдыракмандан, Дөөлөталы Молдо, Муратаалы Күрөңкөй уулунан жазып алганын жалпы жонунан эскерткен. Бирок кайсынысын кимден жазып алганын ачык көрсөткөн эмес. Институттун корунда "Чонду менен айтышынын" толук эмес варианты сакталууда. Жыйнакка Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди.

Институттун корунда "Сүйүмбай менен айтышынын" айрым нускалары сакталууда. Көркүмдүү жагынан начар, айрым фактылар чаташкан, бир текстте эле айтышкан акын бирде Катаган, бирде Арстанбек делет. Мындай маалыматтар тактальп, Сүйүмбай Катаган ырчы менен да, Арстанбек менен да айтышканы аныкталды. Эки айтыш тең Түп, Жети-Өгүз өрөөнүндө эки жыл аралыгында өтөт. Жыйнакка Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди. Жалгыз гана ушул айтышты Күрөңкөй уулу Муратаалыдан жазып алганын так көрсөткөн, ал киши Арстанбектин шакирти Солтобайдан угуп үйрөнөт. Солтобай: "Арстакем Сүйүмбайдын сөзүн казакча эле айтуучу. Мен тилимди буруп жүрөмбү деп, кыргызчалатып ырдап жүрдүм"-деген экен.

"Терме" – Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасынан. "Энкейип белден күч кетет..." он сап ыр Жанжигит Казакбаев жыйнаган институттун корундагы материал боюнча кирди, инв. № 627.

"Санат" – "Бир туугандан кем эмес..." – 16 сап ырды 1973-ж. Ж. Казакбаев Көккөзов Сарыүкүдөн жазып алган, инв. № 627, 6-дептер. Калган "Санат" К. Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча кирди.

"Эсиң оосо, эчки бак" – институттун кору, инв. № 1057, Белек Солтоноев жазып алган.

"Жыгачын арбын кыйбаса"... – институттун кору, инв. № 1013, 16, 1922-ж. Нарын уездинен чогултулган учкул сөздөрдө.

"Анжыян ордосундагы ырдаганы" (үзүндү) – институттун кору, инв. № 59, Шапак Ырысменде уулунун айтуусунан кыскартылып берилди.

"Кокон бийлиги жөнүндө ыр", "Тегереги кыргыздын"... – институттун кору, инв. № 129, 369, Ыбырай Абдыракманов боюнча.

"Байыры бала жаш чакта"... – 13 сап ыр көп жолугат, инв. № 57, (320), 58, 129, 1269, 1015 ж.б. Мазмуну чыгарманын негизги багытынан бөлүнүп тургандыктан, Кокон бийлиги жөнүндөгү ыр жолдорун "Тар замандан" бөлүп алдык.

"Боромбайдын керээзинде ырдаганы" – Кабай Абдыракман уулу боюнча.

"Ооруп айыккандагы ыр" – көп катталган, айрымдары бир нускадан экинчисине көчүрүлгөн да түрү бар: инв. № 57, 58, 1269, 1013 ж.б. Негизинен бири-бирин кайталайт. Алгач 1922-ж. Каюм Мифтаков Саадабай Бабакан уулунан жазып алган.

"Арман" – институттун корунда бир канча нускасы сакталууда: инв. № 57, 58, 1013, 534. Аталышы жагынан болбосо, мазмуну боюнча анча айырмачылык жок. Жыйнакка Көөдөй Тазабековдун айтуусунда кирди, инв. № 534 (5172). Чыгарманын аты мазмунуна ылайык өзгөртүлдү.

Ар кыл ырларынан үзүндүлөр: "Жыгач болсо табылар"... – институттун 24-номурлуу инвентарындагы кол жазмадан алынган эле. Азыр бул материал жок, жоголгон көрүнөт.

"Кулназар бийге ырдаганы"... – институттун кору, инв. № 24.

"Коңур-Өлөң, Ала-Баш"... – жогорку кол жазмадан.

"Карагайдын таңында" – 6 сап ыр институттун корундагы материалдардан көп учурайт, эл арасына кеңири тараган. Акындын ырындагы маалымат боюнча анын толук тексти падышалык бийлик мезгилинде эмес, Ормон хан өлүп, бугулар чабылып-чачылып, туш-тушка оодарылган учурунда ырдалганы аныкталды.

"Уйлар өлгөндө" – институттун кору, инв. № 129. Ыбырай Абдыракман уулу чогултткан.

"Эки ногойдун коштошкону" (тексттүү күү) – Арстанбек беш жүзгө жакын күү чертиптир, эки жүзү өзүнүкү деген сөз бар. Күүлөрү экиге бөлүнөт: тексттүү жана кара күү. Каюм Мифтаков 1922-жылы бир канча күүнүн тизмесин берген. Анын ичинде "Керме каш", "Ак кочкор каңкы", "Арстанбектин арман күү", "Толгонайдын селкинчек", "Топурак бел", "Айгандын күүсү", "Урум күүсү" сыяктуу обондуу күүлөрү бар. "Эки ногойдун коштошконун" К. Мифтаков Саадабай Бабакановдон угуп, ырдын текстин да жазып алган, инв. № 1013, № 2.

"Сары орус султан болгону" – институттун кору, инв. № 1057.

"Жеңижок менен учурашуу ыры" – Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча берилди.

(Китепти басууга
20.09. 1994-ж. кол коюлган)

Батма Кебекова

АРСТАНБЕК

Бишкек-1994. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясы, Адабият жана Көркөм өнөр институту. (Адабий мүнөздөмө) / Жооптуу редактор А. Акматалиев.

Басмага Адабият жана көркөм өнөр институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан бекитилген.

Рецензеттер – Обозканов А., Сабыров Б.

АРСТАНБЕК МЕНЕН КАЗАК ЫРЧЫСЫ СҮЙИНБАЙДЫН (СҮЙҮМБАЙ) АЙТЫШЫ

ЖЕҢИЖОК МЕНЕН АРСТАНБЕКТИН ЫРДАШКАНЫ

өзүнчө 1994-жылы академиялык басылышта адабий мүнөздөмөсү менен китеп болуп чыккан. ***(Түзүүчүдөн)***

ИЛИМИЙ ИЗДЕР

(Бул топтомго илимий изилдөөлөр,
аалымдык иликтөөлөр жана
көз караштар чогултулду)

Тазабек САМАНЧИН

АРСТАНБЕК

Колониялык доордогу акындардын тобунан Арстанбектин карааны алда кайдан бөлүнүп көрүнөт. Ага мынчалык караан берген – анын бул күнгө чейин унутулбай эл оозунда айтылып жүргөн өз доорун мүнөздөй даана, так, таамай жана курч ырдаган ырлары. Ыр чыгаруу чебердиги жагынан Арстанбек өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү катарында болгон акын деп айтууга болот. Өз заманын, ошол учурда болгон бардык окуяларды Арстанбекчелик таамай айтып, даана көрсөткөн чанда гана акындар болгон. Жана Арстанбек мындай ырларды өтө чеберчилик менен ырдаган. Кыргыз поэзиясында болгон көп касиеттерди жалгыз Арстанбектин ырларынан бүт учуратууга болот. Арстанбектин ырлары да Калыгулдун маселиндей мааанилүү, Көкөтөй менен Куйручуктун сөздөрүндөй таамай жана курч. Токтогулдун ырларындай лирикалуу жана шайыр болгон. Мындай өзгөчөлүк жалгыз Арстанбектин касиетинде болуп, ал доордогу башка акындардын ырларынан бул касиет чанда гана биринен учурайт. Мына ошондуктан эл Арстанбекти "Булбулум" деп атап, ал доордогу акындардын ичинен андан башка эч ким булбул атка коно алган эмес. Арстанбекти көрүп, анын ырдаганын бир нече жолу уккан, азыр токсонго келген Талип молдо анын акындыгын мындайча мүнөздөп сүйлөйт: "Мен келсем, эл үйдүн ичитышын бербей, толуп чыгып кеткен экен. Отургандар Арстанбекти "Мырзам, тамашаңызды сала отуруңуз"-деп, жаалап сурап калды.

Арстанбек "Тар заман" деген ырынан баштады. Кары, жаш дебей отургандардын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткыртып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей, тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып, уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан тийген күндүн илебиндей ыры менен элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди. Жыйылган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү малы эстеринен чыгып кетсе керек. Арстанбек ырын токтотуп, "кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла"-деген кезде гана эстерине келип, ырга маашыр болгон эл кынжылып, зорго тарооо бет алды.

Мурун далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок".

Чындыгында Арстанбек колониялык доордогу кыргыз адабиятынын танга маалкы бийик көтөрүлүп чыккан чолпон жылдызы болуучу.

Арстанбек өтө көп ырдаган акын. Анын ырдаган ырлары негизинен өзү чыгарган өз төл ырлары болгон жана Арстанбек тематика, жанр, түр жагынан да чектелбестен, арышын кең таштаган. Лирикалык – сүйүү, арман ыр, кошоктордон тартып, социалдык мааниси терең болгон чоң поэмаларды да чыгарган. Арстанбектин негизги поэмасы болгон "Тар заманына" окшогон анын дагы бир нече реалисттик терме поэмалары болуу керек. Бирок Арстанбектин эч бир чыгармасы бизге толук жеткен жок. Анын ар кайсы поэма, ырларынын үзүндүлөрү гана жетти. Ошондой болсо да, бул кичинекей изилдөөлөр Арстанбектин акындык жүзүн мүнөздөөгө бизге толук мүмкүнчүлүк бере алат.

Арстанбек өз чыгармалары менен гана чектелбестен, бир катар сюжеттүү элдик поэмаларды да айткан. "Кожожаш", "Берди кожо", "Беш казак", "Чоро" деген жомок-поэмаларды айтуучу эле дешет, Арстанбекти көрүп калган карыялар. Булардын ичинен кайсы бирөөлөрүнө Арстанбек өзү сюжет берип, анын элестерин күчөтүп, поэмага айландырган болуу керек.

Арстанбектин чыгармалары ар түрдүү мүнөздө болгон. Арстанбектин ырлары кээде кишини кабартып, кайратка келтирип, кара жерди каңтарчудай күч-кубат берген эпикалык мүнөздө болсо, кээде жүрөктү элжиретип, жибектей үлпүлдөгөн жумшак лирикалык мүнөздө болгон. Кээде кишинин каңырыгын түтөткөн романтика болсо, кээде күн тийгендей кабак ачкан шат күлкүлүү, юмор болгон. Ушундай ар түрдүү мүнөздө болгон ырларды чыгаруу Арстанбектин гана колунан келген. Мынчалык көп мүнөздүү чыгарманын башын бирге кошуп келтирүү – бул сөзсүз, таланты ашкан чебердин колунан гана келет.

Арстанбек элине булбул атыккан жалаң эле ак таңдай акын болбостон, ошону менен бирге чоң комузчу болгон. Поэзия менен музыка шайкеш келип, акындар ал экөөнүн башын бирге кошуп, бири менен биринин эстетикалык күчүн арттырып келе жатканы эзелтен берки кыргыз адабият жана искусствосунун традициялык жолу. Арстанбектин комузчулугу анын жамак сөзү менен кол кармаша кошо чыгып, бирге өсүп жетилген. Арстанбек Арстанбек болуп турган чагында баш-аягы болуп, беш жүзгө жакын күү чертчү экен. Мунун ичинен бир далайы өзүнүн төл чыгарма күүлөрүү болуу керек. Арстанбектин чыгарган күүлөрү жана черткендери кандай мүнөздө болгондугун баалап айта албайбыз. Анткени музыканын чийилген нотасы болбогондон кийин, ал поэзияга караганда тез өзгөрүлүп, тез фольклордошот.

Анын музыкалары да, ырлары ар түрдүү мүнөздө болгон. Кичинекей музыкалык обон күүлөрдөн тартып, чоң күүлөргө чейин черткен. Кийинки убакка чейин Арстанбектин күүсү деп, бир топ күүлөрдү комузчулар чертип жүрдү: Арстанбектин "Толгоосу", "Мендирманы", "Камбарканы", "Айганы", "Какмасы", "Тили буруусу", "Кер өзөнү", "Кой бөлөөрү" жана "Манасы" сыяктуулар.

Эл оозунда айтылып жүргөн ылакаптарга караганда, музыкалык жанры жагынан Арстанбек виртуоз комузчуга жакын болуу керек. Анткени ал комузчулар менен чертише келгенде, буту менен да чертип жиберип, комузчуларды

жеңип алуучу экен дешет. Кандай гана болбосун, Арстанбек кыргыз элинин музыкалык кенчине поэзиясынан кем болбогон далай музыкалык мурас кошуп калтырган комузчу акын болгон. Арстанбек Кальпгүлдай өзүнүн ой-пикирин эл арасына таратуу үчүн жамак сөздү меселдетип пайдаланган кадыресе акын болбостон, ал акындык менен комузчулукту кадимкидей кесип кылган чыныгы акын болгон. Ушул өнөрү менен ал катын-баласын оокат кылдырып, ушул өнөрү менен муратка жетишкен. Арстанбектин бардык кылык-жоругу – акындыкты өнөр кылган акындардын үлгүсү катарында. Ал ар дайым той-тамашанын үстүндө болгон жана той-тамаша Арстанбектин үстүндө болгон. Арстанбек эл кыдырып, эл кыдырганда да мол кыдырып, айлап, жайлап, кыштап ырдап, жүрүп келген. Кыргыздын оң-солун түрө кыдырып, казак менен кыргызды аралай кыдырып ырдап, комузун черткен, Арстанбек жүргөн жердин баары кадимкидей оюн-күлкү, тамашага кенчиккен. Ал таңдайындагы, кол учундагы өнөрү менен элди ыйлатып да, күлдүрүп да ыраазы кылган.

Арстанбек Арстанбек болгуча, ал акындыктын бардык татаал кыя жолун басып өткөн. Ал ырчылар менен ырдашып, комузчулар менен күү чертишкен. Тойдо, ашта, кыз оюнда ырдап, өлгөн жердин келин-кызына кошок да үйрөткөн. Күлүк атты мактап ырдаган. Атты баккан ээсин да мактаган. Айтор, жамак сөздөн намыс кылган киши эмес. Бир сөз менен айтканда, Арстанбек кыргыздардын түшүнүгүндөгү ырчылыкты өнөр кылган чын акындын жолун басып өткөн. Арстанбектин жамак сөздү мынчалык кесип кылышы, ал анын акындык салмагын эч убакта кемитпейт. Анткени, бул анын анык жамак сөз чыгармачылыгы үчүн туулган киши экендигин мүнөздөйт. Ырчылык турмушу болгон жана көргөн күнү да ошол болгон. Мына ошондуктан гана Арстанбек Арстанбек боло алган. Арстанбек акындык жанры жагынан өзүнүн кенже замандашы, бизге көбүрөөк тааныш болгон Токтогулга жакын акын.

Бирок, Арстанбекти эл арасында Арстанбек атка кондурган анын ырчылыкты кесип кылып, түмөн элди түрө кыдырып, ырдагандыгы эмес эле. Ал анын ошол өз заманын, замандын элин таамай мүнөздөп, элдин муңун, ой-тилегин, арман-зарын жазбай ырдап, айта алгандыгында болуучу. Мына ошондуктан кыргыз элинин оң-солуна бирдей атагы чыгып, казак, кыргыз журтуна бирдей таанылган. Мына ошондуктан эл аны "Булбулум" деп арзыгыдай туура наам менен атаган. Арстанбек көлдүн сыртын жердеген тынымсейит уругунан чыккан, Бойлош дегендин уулу. Бойлош дөөлөттүү жана эл арасында бир далай кадыр-баркка ээ болуп, бий болуп жүргөн. Бойлош Акшыйрактан бери тарта сыртты жердеп келген. Арстанбек ушул тескей сыртында туулган. Бойлош кийин чоң ырчы чыккан Арстанбек уулу менен тескейдин Жууку, Чычканын келип жердейт. Ал кезде көл жана сырт кыргыздары да Кокон канынын бийлигинде болот. Кокон канынын Алымбек, Атамкул деген даткалары көлдүн тегерегиндеги кыргыздарды бийлеп, алым-салыгын алып турган.

Бойлош бийдин эки катыны болгон. Байбичесинен беш, токолунан эки балалуу болот. Мына ушул Төрөкан аттуу Бойлоштун токол зайыбынан 1824-жылы Арстанбек төрөлөт.

Кийинчерээк Бойлош токолу Төрөканды бала-чакасы менен салбар кылып таштайт. Көп катындуу кыргыздын бай-манаптары, эгер анын бир катыны кантиптир байынын алдында жазып калса же ал катынынан бара-бара көңүлү сууса, аны салбар кылып таштоочу. Бай салбар катынынын оокат-тиричилигине каралашпайт. Ал катынына талак катын колуна берип, анысынын башын биротоло ачып да жибербейт. Салбар катын бала-чакасы менен байдын үй-бүлөсүнүн кем бүлөөсү болуп жүрө берген. Ошентип, Арстанбек салбар энесинин салбар уулу болуп, улуу катындын балдарына тең-ата боло албай, чоңоё баштайт. Салбар катын Төрөкан эл көчсө көчкө илээшпей, жыртык кара алачыгы, жаш балдары менен жатакта калып, же отордо мал четинде көчүп жүрөт. Бойлош салбар токолуна жарытылуу саан мал таштап жана ун-талканын да камдап бербейт. Төрөкан же Бойлоштон биротоло кол үзүп кете албай, же анын укуктуу зайыбы болуп, улуу катын менен тең укукташ болуп, кенен оокат, кенен ашка жете албай, замандын тузагына тушалып, чүрпөлөрүн эптеп багып жүрө берет. Тоюна тамак ичпей, үстүнө куур, курмушудан башка кийим кийбей, жаш Арстанбек эптеп жерден боорун көтөрүп, тестиер болуп жетилет. Салбар баласы Арстанбек оокат-карага жарап калганда, Бойлош аны козу, анан кой кайтартат. Бойлоштун миндеген коюн кайтарган малай койчулар менен Арстанбек укукташ болуп, бир жыл үзбөй, койчу болот.

Арстанбек он эки, он үч жашка келген кезинде, бир күнү таң эртең менен орозосун ачпастан, атасынын үстүнө "түш көрдүм" деп, кирип барып, түшүн айта баштайт: "Атаке, кой четинде түндө жатып, түш көрдүм. Кош өркөчү баладай ак төөгө минип алыпмын. Боз төө чепкен экен үстүмдөгү кийгеним. Ак дөбө жерге чыгып алыпмын. Ак комузду колго алып, чертип жаткан экемин. Ак дөбөнү тегеректеген казак, кыргыз калың эл черткениме тегиз ыраазы болуп, алкап, батасын берип жатыптыр"-дейт.

Атасы: "түшүң туш келсин, зоболоң зор болсун"-деп, жорумуш болот да: "жамандын түш көргөнү да жаман, жүр салбар"-деп, Арстанбекти үйдөн кууп чыгат.

Бул кезде Арстанбек бир-эки күү черте коюп, анча-мынча комузуна үн кошуп ырдай коюп, айыл арасында эл баш кошкон жерде анча-мынча эрмек болууга жарап калган кези.

Жаш Арстанбекти курбулары жана улуу катындын балдары канчалык Бойлош бийдин салбар болгон кем тукуму деп шылдыңдап, сындырмакчы болушса да, аны түк капарына алып, арданып койбойт. Балким, мындай шылдың Арстанбектин жанына аябай эле катуу тийип жүргөндүр, бирок ал бул ызаны шайырданып, шайкелендик менен женүүгө аракеттенет. "Салбар экемин" деп, ыза болуп арданып, элге кымындай да сыр билгизбейт. Билген жарым-жарты күүсүн чертип, анча-мынча ырдап коюп, жүрө берет. Ыгы келсе, байбиченин балдарын уруп, кийимин тартып кийип, атын жыгып минип да алат. Бойлоштун жакшы атын уурдап минип, аш-той аралап, чаап кыйнайт. Бул кылыгы үчүн атасы Бойлош канчалык жазалап жүрсө да, андай шайкелендик кылыгын койбостон, кайта ого бетер кычап, күчөй берет.

Арстанбекти бийдин сүйгөн катынынын балдары канчалык шылдыңдап, сындырмакчы болгон менен, ал өзүнүн шайыр, шайкелең жана ачык-айрым мүнөзү менен жана үч кыл комуз черте койгон азын-оолак өнөрү менен элге

жагат. Арстанбекти атасы көрүнөө кем кылса да, ал улуу катындын балдарын бөйдөй кууруп, жазасын колуна бергенине эл ыраазы болот. "Бойлош бийдин бул салбар баласы өрт болот. Аман жүрсө, эрке катындын балдарынын баарын сатат"-деп, жаш Арстанбекти эл кеп кылып, айта баштайт.

Бойлош салбар катынынын баласы Арстанбек бардык балдарынын ичинен жүнү тирүү болуп, бышык чыгып келе жатканынын өзү да байкайт.

Моңолдор Айтымбет (Айтмамбет-түзүүчүдөн) уста деген көбүнчө комуз чапкан чебер уста болгон экен. Бул уста да Акшыйрак менен Көл ортосун жердеп, Бойлош бий менен канатташ көчүп-конуп жүргөн. Бул уста бир жылы Бойлош менен айыл конот. Күндөрдүн бири Айтымбет уста бир топ киши менен Бойлоштукунда түштөнүп отурушат. Сыйланып, кымыз ичип отурган Айтымбет устага Бойлош мындай дейт: "Тиги, биздин салбар токолдун уулуна Кызырдын батасы аян болгон белем. Ошого бир комуз чаап берсеңиз кантет?" Айтмамбет уста үйдүн үч уугун сууруп алып, эшикке чыгып кетет. Эт чыгарып жаткан маалда – уста турнабайдай суурулма бир сонун комуз жасап келип, Бойлоштун колуна берет.

Бойлош Арстанбекти чакыртып алып: "Мына, жаман, сага комуз. Сага берген энчим ушул. Кокус муну сындырсаң же кылын үзүп, же тепкесин жоготсоң, жаман энең менен өзүңө бир төөнүн отуну салынат!"-деп, жакшы урунсун деген нээт менен уулун анча-мынча коркутуп, комузду колуна берет. Он эки жашар Арстанбек бул өзү сүйлөгөн татынакай комузду басса-турса колунан түшүрбөй, уктаса койнуна кошо ала жатып, чертип жүрөт.

Бир күнү Бойлоштун айлы көчөт. Арстанбек кой айдайт. Өгүз минген Арстанбек камчыланып, теминип жүрүп, дагы комузумду сындырып алмбы дейт да, комузун энесине табыштап берип кетет. Күндөп-түндөп кой айдап жүрүп отуруп, Арстанбек жаңы конушка жетет. Башка сөзгө келбей, а дегенде эле энесинен комузун сурайт. Энеси ары карап, бери карап, жүгүн аңтарып: "Мен бейбак, түбүнө жеткен турбайымбы, уулум"-деп, алаканын шак чаап алып, ыйлап коё берет.

Энеси комузду жүк артып болуп, аттанганда алаармын деп, чийдин түбүнө жөлөп койгон эле. Ошо бойдон тарс унутуп, эсинен чыгарып, кете бериптир.

Арстанбек өзү комузуна канчалык кейисе да, сыр билгизбей, "кейибегин апа, комуз табылып калаар..."-деп, энесине кайта кайрат айтып, дем берет. Кайтарган коюн карабай, таштап коюп, күнчүлүк жерден кайра комузун издеп жөнөйт. Энесинен мындай узап чыккандан кийин, жоголгон комузунун күйүтүнө чыдай албай, кичинекей Арстанбек ыйлап жиберет. Көчкөн журтка жетип, комузун чийдин түбүнөн тапкыча – бир сооронуп, бир ыйлап, жүрүп отурат.

Арстанбек он төрткө чыкты. Эми, турнабайдай суурулган комузун безилдетип, анча-мынча күүлөрдү чертүүчү болду. Күйгөн, секетбайларды ырдаса, тым эле жаагын жаныйт. "Кожожашка" окшогон чакан жомок-поэмалардын ар кайсы жеринен айтып да жиберет. Уккан эл: "колундан айланайын, үнүңдөн айланайын"-деп, Арстанбекке жалынып, анын

комузуна, ырына уюй баштайт. Бирок алиге Арстанбекти атасы койдон биротоло бошотуп, булбулдай сайрап, чыгып келе жаткан жаш баланын таланттын өстүрүүгө кеңири жол берген жок. Турмушу канчалык оор болсо да, анын кең таланты барган сайын арбып, булактай оргуп чыга берди.

Кыргыздын ошол турмушунда ырчы, комузчулар – "ырчы же комузчу" деген наамга жетишип, эл оозуна кирүү үчүн бир топ оор сыноодон өтүү керек эле. Өсүп келе жаткан жаш ырчы ашта, тойдо же ушул сыяктуу чоң жыйындуу эл алдында мурун элге тааныльп келген ырчы же комузчулар менен бир жолу беттешүү керек болуучу. Жаңы чыгып келе жаткан ырчы беттешкенин жеңсе да, жеңбесе да, анын аяк ташташын калың эл байкап, баалашмак. Ошондой бир топ сыноодон өткөндөн кийин гана жаңы чыккан жаш ырчы, комузчу же бар болмок, же ошондон ары жок болмок. Жыйындагы элдин жана ага келген ырчы, комузчулардын сынына толсо, анан гана ал "ырчы, комузчу" деген атакка ээ болуп, эл арасында анын алымдуулугу артуучу.

Арстанбек жашынан ырчы, комузчулар көп келген чоң аш, тойлорго барып, эркинче катышып, жүрө алганы жок. Барса да, айылына жакын жерде болгон анча-мынча чакан тойлорго барып жүрдү, уккан ыр-күүлөрүн көңүлүнө түйүп альп, ошол олжосуна гана ыраазы болуучу. Бул кезде Арстанбек жаш болсо да, анча-мынча ырчы, комузчулар менен ырдашса ырдашып, чертишсе чертише кетүүчү даражага келип калган. Бирок анын салбарлык турмушу кендирин кесип, арманын арылтпады. Атасы эл арасында канчалык альмдуу киши болсо да, жалындап чыгып келе жаткан жаш баласынын кадырына жете албады.

Бойлошту баш кылып, Тынымсейит уруусунан дагы беш-алты баш билги кишилерин Алымбек датка саркер аскерлерин жиберип, Анжианга чакыртат. Кейпи, Тынымсейиттин жакшылары Алымбек датканын алдында кандайдыр бир жазыгы болуу керек. Арстанбек атасынын Анжианга бара жатканын угат да: "Мен да силер менен кошо барайын"-деп, атасынан суранат. "Сени ээрчиткидей, биз тойго бара жатканыбыз жок"-деп, атасы Арстанбекти кагат да, жөнөп кетет. Алыска жол тартып, эл аралап көрсөм деп, көптөн бери самап жүргөн Арстанбек эми делөөрүп, санаасы тынбайт. Атасынын айдалып баратканы менен анын иши жок. Аны атасынын артынан жөнөсөм экен деген ой чырмап, алпурушуп, бардык аракетин кылат. Чоң үйдөгү күнү катындын балдарынын бир кунанын уурдап, минип алып, комузун койнуна катып, атасынын артынан Анжианды бет алып, жөнөп кетет. Бойлошту баш кылып, Тынымсейиттин мыктыларын Алымбек датка ак үйлүү набакка салып, сурак кылат.

Бул учурда Арстанбек да Анжианга жете барат. Бирок атасын издебестен, шаар аралап, шаардын чет жакасындагы кыргыз айылын кыдырып, комузун чертип, ырдап жүрө берет. Арстанбектин черткен комузу жана ыры бул өрөөндөгү кыргыздардын арасына бир далай даңаза болот. "Бир аркалык комузчу бала келип, эл кыдырып, комузун чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуштуу чертет экен, ырдаса булбулдай сайрайт" деген кабар Алымбек даткага жетет. Алымбек угаары менен саркерлерин чаптырып, бул аркалык комузчу баланы издетип, таптырып алат.

Кокон хандыгы бир улуттун колундагы улут хандыгы боло алган эмес. Бул хандык ар дайым үч партиянын ортосунда талаш болуп келген, алар: өзбек, кыргыз, кыпчак партиялары. Кокон хандыгынын бийлиги мына ушул үч партиянын биринин колунан бирине алмак-салмак өтүп турган. Кээде бул үч партия ынтымакка келишип, бийликти бирге жүргүзүп да турушкан. Көбүнчө кыргыз менен кыпчак партиясы ынтымакташып, жармакташа келишкен. Кыргыздар арасына келип, ошол Кокон хандыгынын өкүмүн жүргүзүп, Кокон хандыгынын датка, саркер, сыпаалары көбүнчө Анжиан кыргыздары, кыргыз-кыпчактар болушкан. Кыргыз жана кыпчактар Кокон хандыгында көбүнчө аскердик милдетти аткарып келишкен жана кыргыздарды бийлеген да ошолор болушкан.

Ырчы, комузчуларды жыйнап алып, чарбактын ичинде жолдош-жоролору менен тамаша кылып отурган Алымбек датка а дегенде эле бул аркалык комузчу баланы комузчулары менен беттештирет. Арстанбек Алымбек датканын комузчуларынын тапшырган күүлөрүнүн бардыгын чертип кетет. Анан датканын уруксаты менен өзү күү чертип, датканын комузчуларына тапшырат. Алар Арстанбектин тапшырган күүлөрүнүн бирин да аткара алышпайт. Ошентип, Арстанбек бала болсо да, өнөрү менен даткалардын алдында бир далай сыйга жетишет. Бир топ күнү Арстанбек бар өнөрүн чыгарып, даткаларга эрмек болуп, алардын көңүлүн алып, мактап ырдап жүрөт. Ошондо даткаларды мындайча мактап ырдаган:

Баракелде, эр кыпчак,
Саадактарың бир кучак,
Санжыргалуу кан кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн.
Тобурчак жемге какаптыр,
Он алтыда Арстанбек,
Эр кыпчакты мактаптыр.
Аркалыктын жакшысы,
Кыйыгына тийгенде –
Кысырыктай матаптыр.

Арстанбектин мындай ырлары даткалардын көңүлүнө аябай жагат. Алар Арстанбекти ырчы кылып алууга ниеттенишет. Арстанбек ыры жана комузу менен даткалардын кадырына жеткенден кийин аларга жайын айтып, Тынымсейиттин мыктылары – ошентип Алымбек датканын туткунунан бошоп, Арстанбектин олжо-буйлаларын артынып алышып, элине кетишет. Арстанбекти Алымбек датка жанына алып калат. Эми, Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, көп той-тамашалардын үстүндө болот. Анжиан, Кокон тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен учурашат, беттешкендерин бет алдырбай жеңе берет. Ошентип, Арстанбек өз элинен ооп келип, башка эл, башка жерде өнөрүн кенен өстүрүп, ырчы жана комузчу деген чоң атакка ээ болот.

Жыл маалы болду дегенде, Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, көп олжо-буйла менен элине кайтат. Анын жетишкен даңкы бир нече атка арткан олжосунан алда канча ашып түшөт.

Арстанбек Анжиан жакта жүргөндө кабары элге катуу угулат. Эми Арстанбекти эли жорго менен жолдон тосуп алышат. Ага көрсөткөн элинин сый, урматы өтө чоң болот. Ушундан тартып, бир да каадалуу той, тамаша Арстанбексиз өтпөй калат. Эми Анжиан эмес, аркалыктардын ырчы, комузчуларынын эч кимиси Арстанбек менен беттеше албас болот. Ошентип, Арстанбек ыр менен комуз жагынан Анжиан-арканы кошо басып, казактын акындары менен айтышып, домбрачылары менен чертишип, казак журтуна да бир далай белгилүү болот.

Даана туулуп, бирок тар күндө жүргөн Арстанбек ушинтип, өнөрү артып, таланты өсүп, кыргыздын оң-солуна, казак, кыргызга бирдей тааныльш, элижуртуна кадыры ашкан атактуу Арстанбек ырчы болгон.

Арстанбек эл арасында чоң ырчы болуп, кадыр-сыйга ээ болгон кезде, Сарбагыштар менен Бугулардын мамилеси бузула баштайт. Сырт Сарбагыштары Бугу уругунан таркаган Тынымсейит уруусуна да кысымчылык көрсөтө баштайт. Ошол учурда Арстанбек атасы жана агайын-туугандары менен бугулардын чондорун караан кылып, Көлгө көчүп келет. Арстанбек өлөөр өлгүчө Көлдүн тескейиндеги Чычканды жердеп турат.

Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөргөн алааматы күч, бир нече зор окуяларды көрөт. Кокон хандыгынын кыргыз элине кылган бийлигин көрөт. Бугу менен Сарбагыштын бир нече жыл созулган кан төгүлгөн чабыштарын көрүп, буга өзү да катышат. Кененсарынын кыргыздарга кылган чабуулу да Арстанбектин тушунда болот. Падышалык Россия Кыргыздардын жерин чаап, каратып алып, кыргыз элине бийлигин жүргүзгөн заманды да чеке-белин көрүп, 1878-жылдары 54 жашында дүйнөдөн кайтат.

Арстанбектин мурун (жаш жигит кезиндеги) чыгарган ырлары бизге сакталып, жеткен жок. Эл оозунда сакталып, али да болсо айтылып жүргөн Арстанбектин ырлары, көбүнчө анын кийинки 50-жылдардан тартып, өлөөр алдындагы ырлары. Ошондуктан анын мурунку акындык жүзүн ачык мүнөздөй албайбыз.

Салбарлык – кем тукум наам менен тушалган Арстанбек, ал кезде ырчылык жол талашып, ырчылык наамга жетишүү аракетинде болгон, комузчулук өнөрүн өстүрүп, ырчылык талантын арттырган. Ал кезде Арстанбек ырчылар менен айтышкан, киши мактаган, ат мактаган, тойдо, кыз оюнда ырдаган. Бир сөз менен айтканда, ал кезде Арстанбек жамак сөздү кара жамгырдай төккөн жамакчы, ырчы болгон.

1850-жылдардын ичинде Арстанбек Көл башындагы туугандары – Бугулардын чоңдорунун жанына көчүп келет. Бул кезде ал оң-солго атагы чыгып, бүт кыргыз журтуна ырчы аталып, тааныльш, алымдуулугу артып, кадыр-сыйы жетишип калган кези. Жана бул кездерде Арстанбек кыргыз эли башынан өткөргөн бир топ алааматы күчтүү, капсалаңы катуу, кан төгүлгөн кызыл кыргындуу күндөрдү көрөт. Хандардын башы кесилип,

менменсинген эрлер өлүп кетет. Кыргыз жерин катын-баланын ыйы, эр азаматтын үшкүрүгү басат. Заман кыйчалыштап, олку-солкусу көбөйөт. Арстанбекке ушул заман кыйчалыштаганы менен гана бүтчүдөй түрү көрүнөт. Бул кезде тили, дини башка, тыбы мыкты, күчтүү жоо кыргыз жерине жакындап келип калат. Бул орус падышачылыгынын кабары кыргыз элине абыдан катуу угулат. Эл арасында капсалаң катуу жүрөт. Россия падышачылыгынын экспедициялык войскалары кыргыз жерине угулган дүмөктүү кабары менен кошо жетет. Көчмөндүү эл удургуп ары кетет, бери кетет. Малы, башы чачылат. Ансыз эле мындан мурун чабылып, чачылып, тукулжураган эл – акырында Россия падышачылыгына айласыздан туруп берет.

Арстанбек замандын ушундай түрүн көрүп туруп, "Тар заман" деген поэмасын ырдаган. Бул поэмасында Арстанбек замандын түрүн өтө чебердик менен мүнөздөйт. Арстанбек ал поэмасында элдин малы, башы, жер, суусунан айрыларын айтат. Элдин таалайсыз келечегин сүйлөйт. Элден мурунку нарк-нускалар кетип, кийинчерээк башка эл болорун сүйлөйт. Мына ушундан тартып, 1850-жылдардан, Арстанбек социалдык мааниси өтө терең болгон ыр, поэмалар ырдап, нускоочу акын болот.

Арстанбек "Тар заман" поэмасын ырдаганда, бул поэма эл арасына желдей тарап жайылат. Ошондо белгилүү акылман деген "мыктылардын" бири: "Арстанбектин тилин кесип, көлгө салуу керек"-деп, элге жарыялайт. – Анткени, "келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын оозунда болот, эгер Арстанбек өлсө, анын айтканындай ал өлчөөсү жаман заман келбей калаар"-деп, акындын өлүмүн негиздеп түшүндүргөн. Эл андай "акылмандык" кылган бузукунун тилине кирип, акынына кол көтөрө алышканы жок. Арстанбек элдин көкүрөгүн алган муңун-зарын өтө чебердик менен ырдай алгандыктан, кайта эл аны "Булбулум" дешип барыктап, атагын асман-айга көтөрүштү. Арстанбектин "Тар заманы" менен Калыгулдун "Акыр заман" меселин эл анчалык бири-биринен чектеп бөлбөйт. Бириникин бирине ыйгарып айта беришет. Анткени Арстанбектин "Тар заман" поэмасы менен Калыгулдун "Акыр заманы" мүнөз жагынан өтө окшош. Калыгул замандын бузуларын жоруп сүйлөсө, Арстанбек бузулуп бара жаткан замандын фактылары менен Калыгулдун айткандарын далилдеп келтирет. Ал фактылардын негизинде замандын келечек түрүн дагы терендетип, ырдап айтат. Ошондуктан "Акыр заман" менен "Тар заман" – бирин бири толуктаган, бир нече кишинин сөзүндөй, бир кишинин ырындай болуп көрүнөт.

Бул эки поэманын бирине бири окшош чыгышы Арстанбектин Калыгулду ээрчип, аны тууралагандыгынан эмес. Бул окшоштук – закондуу окшоштук. Анткени Калыгул менен Арстанбек бул поэмалары менен бир доорду ырдашкан. Калыгул "Акыр заманында" келечек доорду алдыртан жоруй айтса, Арстанбек ошол доордогу болгон өзгөчөлүктөрдү көрүп туруп ырдаган жана экөө тең акыйкатты сүйлөгөн реалист акын болгондуктан, булардын поэмаларынын көп учурлары окшош болуп чыккан. Бул биринчи жагы. Экинчиден, Арстанбектин "Тар заман" поэмасынын тематикасы – Калыгулдун "Акыр заманы" менен бир. Арстанбек ошол Калыгулдун "Акыр заманын" өз учуруна ка-

рата кеңитип, терендетип ырдаган. Калыгул менен Арстанбек эгер Бугу менен Сарбагыштардын чабышы саат кылбаса, экөө бир нече жолу учурашар эле. Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, анын айткан сөздөрүн мурунтан эле баштан аяк угуп жүргөн. Калыгул "Акыр заман" меселдери менен Арстанбекке бир далай таасир кылып, нуска берген. Ошондуктан Калыгулдун "Акыр заман" сөздөрү менен Арстанбектин "Тар заман" ыры окшош чыккан.

Бирок бул окшоштук Арстанбек Калыгулдун айткандарын кайталагандыгы эмес, кайта аны толуктагандыкка жатат. Анткени Арстанбектин "Тар заманында" өзүнчө касиет болгон бир топ өзгөчөлүктөрү бар. Бул өзгөчө касиеттерди Калыгул меселдеринен учуратууга эч мүмкүн эмес.

Арстанбек "Тар заман" поэмасын 1860-жылдардын ичинде ырдап чыгарган. Акындын өзү айткандай, бул поэманын сюжеттик жолу, анын көлөмү, композициясы жана поэма кандай башталып, эмне менен бүтөрүн биз ачык айта албайбыз. "Тар заманды" эл оозунан, бир ооздон жыйналып кураштырган абалында бул поэманын көркүүлүгү жагынан, өзгөчө анын социалдык тереңдиги жагынан эң бийик даражада турганы көрүнөт.

Арстанбек бул поэмасын бир ырдап чыгарышы боюнча тим койгон эмес. Бул поэмасын өзүнүн кийинки он беш, жыйырма жыл өмүрүнүн ичинде, эл алдында үзбөй ырдап жүргөн. Ошондуктан Арстанбек "Тар заманын" улам өзгөртүп, оңдоп, анын көркүүлүгүн арттыра берген. Арстанбектин көзү өткөндөн кийин, поэма көп бурмаланып бузулган. Бул поэма менен Арстанбектин өзгө ырларын да аралаштырып жиберишкен. Кээ бир ырчылар поэмага өз сөздөрүн да, ырларын да кошуп жиберишкен. Ошентип, эл оозу аркылуу бизге жеткен Арстанбектин "Тар заманынан" анын алгачкы түрүнүн тарпы гана калган.

Арстанбектин өмүрүнүн кийинки учурунда эл андан көбүнчө "Тар заманды" угууну талап кылышкан. Акын бул ырын он беш жылдар бою үзбөй ырдап, күнүнө бир нече жолу кайталап айтса да, эл андан кымындай жадап койгон эмес. Анткени Арстанбек бул поэмасында чабылып, тарланган, башы-көзүнөн айрылган элдин башына түшкөн оор түйшүгүн айныбастан туура көрсөтө айтып, жана анын таалайсыз келечегин да кошо көрсөтө ырдаган. Эл "Тар заманды" укканда көз жаштарын сала-алатып, башына түшкөн мындай каран күнүнө алсыз эл айласыздан гана чыдашкан. Күйүп-бышып чок болуп "Тар заманды" угуп отурган элди, эгер ал күндөн кутула аласың деп, ага от көрсөтсөң, от кечип, суу көрсөтсөң, суу кечери шексиз эле. Чебер устаттын оозунан чыккан көркөм сөздүн чыныгы күчү мына ушул.

Падышалык Россия кыргыз элин каратып алуудан мурун, анын кыргыз жерине келип, бийлигин тургузарын Арстанбек мурунтан эле эл арасында какшап, ырдап жүргөн.

Кара жол кылар көлүндү,
Коруп алар жеринди.
Кайсаңдаар сенде чара жок,
Капкандай чабар белиңди.

Бул ырын Арстанбек кыргыздардын уруу баштаган хан, баатырлары ынтымакка келип, күчтөрүн бирге жыйнап, бир күчтүү жоого каршы турса экен деген тилек менен айткан. Бирок бай-манаптар эртелеп кам уруп, падыша өкмөтүнүн зордугуна каршы туруунун ордуна, кайта Арстанбектин тилин кесип, көлгө салып жоготуу аракетинде болушкан.

Арстанбектин айткандары бат эле келе баштагандан кийин, эл аны Калыгулдай олуя катары эсептешкен.

"Тар заманда" Россия падышалыгы кыргыздарды а деп колониялаганынын ар учуру байкалат. Падыша өкмөтүнүн кыргыз элин чапканы келе жаткан войскасынын аттанып, келе жаткан кабарын угуп, мындайча айткан:

Алда кандай капырай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр ай!
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр ай!
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр ай!

Арстанбектин бул айтканынан падыша өкмөтүнүн кабары кыргыз элине абдан катуу угулуп, эл арасында чоң дүмөк, катуу капсалаң жүргөнү байкалат. Бир топ кыргыз руулары, аларды баштаган Балбай баатыр сыяктуу кайсы бир илгери тилектүү адамдар падыша өкмөтүнө баш ийбөөгө аракет кылат. Бирок, бул аракеттер антаалап, ар кайсы жерден чыгып, туташ күчкө ээ боло албайт. Арстанбек да, падыша өкмөтүнө баш ийип, карабоо жагында катуу турган. Ал ынтымагы жок кыргыз урууларын ынтымакка чакырып, бир кандыкка баш кошуп, падыша өкмөтүнө каршы чыгууга үндөгөн:

Казак, кыргыз биригип,
Бата кылып алсак бейм.
Кашкардагы Бакдөөлөт,
Ата кылып алсак бейм.

Арстанбек жалаң эле кыргыз урууларын ынтымакка чакырбастан, кыргыздарга окшогон падыша өкмөтүнө чабылган бардык жармач элдерди ынтымакка чакырып, падыша өкмөтүнө каршы чыгууга үндөгөн. Кыргыз руулары бири-бири менен жоолашып, кыргыз арасында уруучулдук аракет аябай күчөп турган чакта, Арстанбек мындай аракеттен алыс болгон. Кайта ал жоолашкан урууларды ынтымакка келтирүү аракетинде болгон.

Өз ара жоолашып жаткан башы жок кыргыз руулары жарашып, ынтымакка келишкиче, айсал-буйсал кылдырбай, падыша өкмөтүнүн экспедициялык войскасы кыргыз элин чаап, жерин басып алды. Арстанбектин айткандары келе баштады.

Падыша өкмөтү кыргыз элин каратып алаары менен ага кылган жабырчылыгын Арстанбек "Тар заманында" өтө таамай мүнөздөп, чебердик менен көрсөтөт: "Бээден тууган керди алды, ченчи кылып жерди алды" деп, элдин жерсуусунан айрылып, малы таланганын айтат. "Баатырсынган эрлерин, Сибирь жол көздөп кайрылды" деп, падыша өкмөтүнө карабай каяша кылгандарды эл-

журтунан аздырып, алыска айдалганын айткан. Кыргыз эмес Оро-Төбө, Ташкенди кошо чаап, аны ордосу менен сай кылганын айтып, падыша өкмөтүнүн бийлигинен кыргыз эли зили кутула албасына көзү жетип: "Жайлоо тургай, төр кайда, качып кирээр көр кайда?"-деп, муңканып, каңырыгы түтөйт.

1868-жылдары падыша өкмөтү кыргыздарга болуштук жаңы башкаруу бийлигин киргизет. Бул бийликтин негизинде, кыргыздын эмгекчилери – кыргыздын өзүнөн чыккан болуш-старшин, жасоолдордон катуу кордук көрүп, дагы чексиз таланат. Администрациялык-башкаруу бийлиги жолго коюлуп, ал өзү ишин тактагандан сайын, алардын элге кылган зулумдугу ого бетер ашына барат. Мына ушул абалдардын баары Арстанбектин "Тар заманынан" айнуусуз ачык көрүнөт:

Суу-сууга салды бекетти,
Болуштарды карасаң,
Катынындай кекетти.
Майырды[1] көрсөң байындай,
Набактыны карачы,
Атаңдын салган жайындай.
Солдаттарды карачы,
Жасаган сенин пириңдей,
Жасоолдорду карачы,
Өзүңдүн кичүү иниңдей.
Кыз сыйлабайт энесин,
Старшы кылып коюптур,
Бир чыйраксынган немесин.

Падыша өкмөтү кыргыз арасына киргизген жаңы башкаруу бийлигинин аркасында мурунку хан, баатырлардын тукумдары жарым-жартылай бийликтен четтей баштайт. "Тексиз жерден" чыккан кээ бир шылуун немелер, кылган кызматы менен падыша өмөтүнө жагып, бийликке илээше баштайт. Экинчи жагынан, падыша өкмөтүнүн бийлиги жүрүү менен мурун өзү хан, өзү бек болуп, элди өз билгениндей бийлеп келген хан, баатырлардын тукумдарынын бийлиги чектелет. Мунун натыйжасында, падыша өкмөтүнө каршы нааразылыктарын көрсөткөн учурлары болот. Падыша өкмөтүнө кызмат кылуудан баш тарткан кээ бир хан, баатырлардын тукумдарын жаңы өкмөт көрүнөө бийликтен четтетип, кээ бирөөлөрүнө жаза чараларын колдонгон күндөрү да болгон. Бул учурду да Арстанбек "Тар заманында" таамай көрсөтө айткан:

Байыры жакшы бар эле,
Бала жолборс баштанган.
Байбичеси бар эле,
Кара сандык жазданган.
Байыры баатыр бар эле,
Кылычынан кам тамган.
Байыры сулуу бар эле,
Сууга чыккан жекендей.

[1] **Майыр – маер (туурасы - майор)**

Илгерки кары калыптыр,
Сууга түшкөн текедей.

"Тегиз жерден тегирмен жүрөр"-деп, Калыгул карыя айткандай, Арстанбектин түшүнүгүн падыша өкмөтүнүн бийлиги менен бирге, кыргыз жерине жаңы тиричилик түрлөрү, кыргыз элине белгисиз болгон жаңы техникалык өнөр келе баштайт. Кыргыздар араба, чананы көрөт. Алтын, күмүш теңге жоголуп, анын ордуна кагаз акча чыгат. Мунун баары Арстанбекке заманды тарылткан жаманчылыктын нышанасындай көрүнөт. Жаңы бийлик, жаңы тиричилик белгилеринин негизинде эл арасына билинээр, билинбес жаңы мамиле кире баштайт. Жаңы мамиле өз ирети менен элдин салт-санаасына, нарк-нускасына аздап таасир кыла баштайт. Элдин салт-санаа, нарк-нускаларындагы өзгөрүштөр канчалык арзыбагыдай аз болсо дагы, аны акын байкап, "кыз сыйлабайт энесин" деп, ача айткан.

Ошентип, Арстанбек "Тар заманында" замандын өзгөрүлгөн бардык белгилерин таамай көрсөтө айтып келип, поэмасын мындайча корутундулайт.

Ушул заман тар заман –
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

Падыша өкмөтү кыргыз элин биротоло каратып алып, кыргыз арасына өз бийлигин жүргүзүп, заң-законун таратып, элди кыңк эткизип өөдө каратпай, малдай күргүштөп айдаганын Арстанбек төрт ооз ыр менен классикалык түрдө, өтө таамай мүнөздөп айткан:

Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

Арстанбектин бул төрт ооз ырынын маанисинин тереңдиги – өзүнчө бир поэмага тете. Бул ырдан кыргыз жерин колониялаган падыша өкмөтү кыргыз элин кандай абалга жеткиргендиги эч кандай, экинчи сөз кошумчалабастан, бардыгын толук жана ачык түшүндүрөт.

Арстанбек эл алдында "Тар заманын" какшап ырдап жүрүп, замандын түрүн, элдин абалын көрө туруп, ары кетет, бери кетет. Барган сайын падыша өкмөтү кыргыз жерине бекип орной берет. Арстанбек анын өнөрүнө, күчүнө таңданат. Анын кыргызга окшогон нечен элдерди чаап алып, өзүнө каратып, бийлигин жүргүзүп келе жатканын угат. Падыша өкмөтүнүн бийлигине каршы кыргыз эли миң туйласа да, андан кутула албасына акындын көзү жетип, акырында өзү да падыша өкмөтүнүн бийлигине баш ийип, моюн сунат.

Көк жалтаң экен тамыры,
Узун экен өмүрү.
Көлөкөлүү телпеги –
Жоо дегенде элпеги,
Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен арбагы...

Падыша өкмөтүнүн бийлигинин тактыгын жана катуулугун Арстанбек көрө туруп, мурунку Кокон хандыгынын кыргыздарга кылган өкүмүн "Тар заманында" салыштырып эскерет. Падыша өкмөтүнүн бийлигине караганда, Кокон хандыгынын бийлигинин начардыгын, анын жокко эселигин шылдыңдап, күлкү кылып, ырдап айткан:

"Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм так чакта,
Көк сакалым жок чакта.
Козуга бала зор эле,
Кокондук бизге кор эле.
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле,
Бутундагы өтүгү,
Аяк каптан зор эле.
Кончунан анын чыкканы,
Кой сойгондой шор эле".

Кокон хандыгынын бийлиги кыргыз арасына тараганы менен чындыгында түндүк кыргыздар ага толук бийлеткен эмес. Элди бийлөө кыргыздардын өз хан, баатырларынын колунда болуп, Кокон ханына алым гана берип турган. Кээ бир кыргыздын чоң уруулары Кокон ханына баш ийген да эмес. Ормон Кокон ханы менен тең аталык, дипломатиялык мамиледе болуп, анын бийлигин кабыл алган эмес. Кокон ханынын өкүмүн кабыл алган кайсы бир кыргыз уруулары ага ак үйлүү өкүл жиберип, ага да толук багынбай, дипломатиялык мамиледе болгон.

Эми, падыша өкмөтү менен кыргыздар мындай мамиле кылмак кайда. Кыргыздар падыша өкмөтүнүн бийлигине кудайындай багынды. Өз алдынча болгон эл улут эркиндигинен ажырап, Арстанбек айткандай: "Башка чапса, былк эткис өлүк болуп", мусапырчылык күн элдин башына түштү. Арстанбек падыша өкмөтүнүн кылыгын, элдин абалын көрө туруп, эми элдин бул күндө кутулуп чыгуу жолун эч көрө албайт. Ага барган сайын заман тарып, элдин кысымчылыгы ашына берүүчүдөй болуп көрүнөт. Арстанбекке эл үчүн келечек, ымырт баскан кара түндөй болуп, көз алдына элестейт. Ошондо акын элге көргөн күнүң ушул эле дейсиңби, мындан беш бетер болот, андан көрө эптеп оокатыңарды кылып, өлбөс күнүңөрдү көргүлө деп, ага тиричилик кеңешин айткан:

"Бага көр, торпок менен тананы,
Түбү сактаарсың сары талааны.
Солдаттыкка берээрсиң,
Ичиңден чыккан балаңы".

Кыргыз эли ушул күндөрдү көрүп, ичинен чыккан баласын солдаттыкка берип, өз балдарынын колуна жоо-жарагы тийгенде, падыша өмөтүнөн бир өч алаар күн келээр деп, Арстанбек келечектен үмүт кылат. Акын ошентип, кыргыз эли падыша өкмөтүнүн катуу бийлигинин аркасында биротоло бүтүп кетпей, анын келечекте кайта эл болоруна ишенген.

Жазма адабият болбогондон кийин акындык чыгармалар тил, форма, стиль, элес жактарынан элдик ооз адабияттан эч ажырабайт. Анын идеялык багыты болсо, ал сөзсүз элдик мүнөздө болуу керек. Эгер ал туруктуу чыгарма болсо, тупа-туура барып, элдик адабияттын казынасына куюп, дароо элдик мүлккө айланат. Акындык чыгармалардын дагы бир өзгөчө артыкчылыгы мына ушул.

Арстанбектин дагы бир артыкчылыгы, анын ырлары эч качан элдик ооз адабияттан кымындай ажыраган эмес. Ошондуктан анын чыгармалары бүт дээрлик элдин мүлкү болуп, элдин фольклордук казынасына түшкөн. Бирок, бул анын эл оозундагы ырлардын үлгүлөрүн гана туурап, ошону кураштырып, ошонун негизинде өз ырларын чыгарды деген сөз эмес. Анын чыгармаларында акындын өз башынан касиет болгон толуп жаткан өзгөчөлүктөрү бар. Арстанбектин чыгармалары өз учурундагы ооз адабияттын үлгүсүнө гана салып, бычып отурбай, кайта элдик ооз адабияттын алдына түшүп алып, аны илгери карай сүрөгөн. Эгер акын элдик чыгармалардын үлгүсүнөн чыга албай, ошонун тегерегинде элдик адабиятта болгон элестерди кайталап эле кырк курак кылып жүрүп отурса, ал сүйрөткүлүк болот.

Арстанбектин ырларынын ошол кездеги ооз адабиятта учурабаган толуп жаткан жаңы элестерди учуратабыз. Маселен:

"Маң-маң-маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан,
Төрт аягын тең баскан,
Айры өркөчүн ком баскан.
Тизелерин чор баскан –
"Чөк" дегенде, "бук"деген,
Тизесин жерге бүктөгөн,
Кош аркан салып жүктөгөн,
Калы килем жаптырган,
Ак тикен көрсө аймаган,
Тилин тикен сайбаган –
Ойсул ата малым бар".

Акындын бул ырында элдик адабиятка жат же ага каршы келип, түрүн бузган кылайган бир да боёгу жок. Бул ыр кыргыз эли төрт түлүк малдын ичинен төөнү өзгөчө барыктаганын, анын бардык өзгөчөлүктөрүн таамай жана мүнөздүү айтып ырдалган. Бул сыяктуу ыр ошол Арстанбектин учурунда ооз адабиятка киргизилген жаңылык катарында болгон. Анткени, ойсул атаны мынчалык таамай мүнөздөп ырдаган ыр ал учурда кыргыз ооз адабиятында болгон эмес. "Тар заманынан" тартып, Арстанбектин бардык чыгармалары, ошол кездеги кыргыз ооз адабиятына ушул сыяктуу толуп жаткан жаңылыктарды киргизди.

Арстанбек акындын чыгармачылыгынын жанр-түрү негизинен эпосчу. Анткени, анын чыгармасына түрткү болгон анын жеке башынын түйшүгү болбостон, элдин, коомчулуктун түйшүгү болгон. Ошондуктан анын ырларынын элестери, салыштырууларынын баары эпостук түрдө келет.

"Жолборстой жону тартылган,
Жонунан чачы артылган,
Карындашым жанымда.
***
Арак (набат-түзүүчүдөн) менен оозун чайкаган,
Ак сакалын жайкаган,
Атам турат кашымда".

Арстанбек бул ырын катуу ооруп, төшөктө жатканында ырдаган. Акындын жаны катуу кыйналып, көр көзүнө көрүнүп турса да, ушундай эпостук көтөрүңкү түрдө ырдаган.

Арстанбектин акындык жанры негизинен эпосчу болгону менен кээде анын ырынан лирика өзөгү чыга келет:

Болбой жатып, эл көчтү,
Мен Чоң Кызылды мингемин.
Көркөм болгон бу башым,
Көч астында жүргөмүн.
Боз бейитти көргөмүн.
Бейитти көрүп бекиндим,
Мен да ошондой болом деп,
Өз жанымдан шекиндим.

Бирок, бул таза лирика эмес, романтика менен аралашып келген. Ошентип, Арстанбектин чыгармасына лирика анчалык касиет болгон эмес. Кыргыздын өткөн акындарынын ичинен таза лирик – Токтогул. Анын ырларынын бардыгы, акындын башынан өз түйшүгү негизинде ырдалып, анан бул аркылуу гана элдин түйшүгү менен барып байланышат. Ал эми Арстанбектин ырлары болсо, мунун каршысынча анын чыгармачылыгына элдин түйшүгү негизинде козголуп, анан барып, өз башынын ички түйшүгү менен оролушат.

Кээ бир акындардын ырлары көбүнчө сезимге гана негизделип, маани жагынан өтө тайкы келет. Андай ырлардан олуттуу бир маани табуу өтө кыйын. Арстанбектин ар бир ооз ырынан маани майдай тамчылайт. Кээде Арстанбектин төрт ооз ырынын мааниси өзүнчө бир поэмага тете келет. Жана анын ырларынын формасы, копшогондой кооз келип, андан кымындай да өөн табылбайт, ырларынын ички, тышкы уйкаштары бай жана так, сөз элестери акындын өз чыгармачылык башына гана таандык болуп, башка акындардын ырларында андай элестер учурабайт. Ошондуктан Арстанбектин ар бир ыры, учурунда адабиятка киргизилген жаңылык катарында болгон.

Арстанбектин "Тар заманынын" жана башка ырларынын идеялык багыты элдин улут эркиндик талабына негизделген. Ошол кезде туш-тушунан капталган түрлүү жоолорго чабылып, таланып жаткан эл өз бет алдынча күн көрүүнү талап кылган. Элдин ушул саясы талабы Арстанбектин ырларына идеялык негиз болуп, анын бардык ырларынан орун алган. Ошондуктан бий-

лиги катуу падыша өкмөтүнүн кыргыз элине кылган мээримсиз өкүмү Арстанбектин чыгармаларынан кең орун алып, андан айнуусуз ачык көрүнөт. Ошондуктан Арстанбек эл өз эркинче болуп, анын малы-башы түгөл, байкери жашаган чагы, хан, баатырлар элди өз бет алдынча бийлеген байыркы турмушунда болгон деп эсептейт. "Байыры жакшы бар эле, бала жолборс баштанган, байыры баатыр бар эле, кылычынан кан тамган"-деп, Арстанбек ошол күндөрдү самап ырдайт. Жалаң эле Арстанбек эмес, колониялык доордогу кыргыз акындарынын көпчүлүгү өз доорун жектөө менен бирге кыргыздардын өткөн баатырчылык турмуштарын самашкан.

Арстанбек улам тарыгандан тарып бара жаткан өз учурунун түрүн байкап, "азуулууга бар заман, кедейлерге тар заман"-деп, ал заманда элге жакшылык келбесине көзү жетет. Бирок элге түбү бир жакшылык болоор деп, келечектен үмүт кылат.

28/IV – 1941-жыл.
("Арстанбек" китеби,
Бишкек – 1994, 145-174-беттер)

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын
Философия жана укук институту

МУРАС
КАЛЫГУЛ
АРСТАНБЕК
МОЛДО КЫЛЫЧ
АЛДАШ МОЛДО
ЖЕҢИЖОК
ТОКТОГУЛ
жана башкалар
Түзгөн - Мелис Курманалы уулу Абдылдаев,
философия илимдеринин кандидаты

Фрунзе, "Кыргызстан", 1990

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында туулат. Анын балалык чагы атасы Буйлаштын жана ага-туугандарынын кой-козусун кайтаруу менен өтөт. Арстанбек Буйлаштын салбар аялынан төрөлгөндүктөн, улуу аялдын балдарына тең ата боло албай чоноёт. Үстүнө курумшудан башка кийим кийбей, тоё тамак жебей, эптеп борбуюн көтөрөт.

Карыялардын айтуусуна караганда, жаш кезинен эле чыйрак чыгып, ырга жана комузга шыктуу болгон. Ал "Кожожаш", "Бердикожо", "Беш казак" аттуу кенже эпосторду айта билген. "Тар заман" Арстанбектин эң көлөмдүү чыгармасы болуу керек. Тилекке каршы, бул поэма да акындын калган ырларындай эле бизге толугу менен жеткен жок.

Атасы Буйлашты ээрчип, Арстанбектин Анжыянга барышы – акындын ырчылык чеберчилигинин жогорулашына, анын атак-даңкка ээ болушуна көмөк көрсөтүп, кийинки тагдырына олуттуу таасир тийгизет. Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, той-тамашалардын үстүндө болот. Анжыян тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен беттешип, аларды жеңет.

Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөн бир нече оор окуяларды көрөт. Кокон хандыгынын үстөмдүгүн, бугу-сарбагыш чабыштарын, Кененсарынын кыргыздарга жасаган чабуулун жана орус падышачылыгынын Кыргызстанда жүргүзгөн колониялык саясатынын чекебелин көрүп, 1882-жылы 42 жашында дүйнөдөн кайтат.

Арстанбектин "Тар заманы" акын Калыгулдун "Акыр заманы" менен өтө окшош экенин ачык байкоого болот. Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, мурунтан угуп-билип, андан нуска алганы көрүнүп турат. Эки акындын ырларынын багыты, мазмуну өтө окшош болгондуктан, айрым учурда аларды ажырата билүү оңой-олтоң иш эмес. (Акындын туулган жана дүйнөдөн кайткан жылдары жөнүндө ажырым пикирлер бар).

("Мурас" китеби,
Фрунзе-1990, 35-36-беттер)

Алым Дононбаев,
кандидат философских наук

В КУЛЬТУРЕ – ПАМЯТЬ НАРОДА
(страницы истории)

Историческая память народа сохраняется прежде всего путем преемственности культур. Деятельность и жизнь акынов-сказителей Калыгула (1785-1855 гг.), Арстанбека (1824-1874 гг.) и Молдо Кылыча (1866-1917 гг.) совпала в основном со временем крутых перемен в жизни киргизского народа, связавшего свою судьбу с русским и другими народами, входившими в состав Российского государства.

Это было сложное и противоречивое время в жизни киргизского народа. В гуще народного бытия проявлялись самые разноречивые, а порой и крайне противоположные тенденции общественного развития. Одна из них с наибольшей четкостью проявилась в так называемом заманистком течении, виднейшими преставителями которого были Калыгул, Арстанбек и Молдо Кылыч.

На протяжении довольно значительного отрезка отечественной истории утверждалась точка зрения, согласно которой мировоззрение акынов-заманистов, несмотря на отмечаемые положительные стороны, все же в целом считалось консервативным и более того, реакционным по своей направленности. И действительно, такое мнение может сложиться при первом, поверхностном знакомстве с основными произведениями заманистов: "Акыр заман" ("Эпоха

крушения") Калыгула, "Тар заман" ("Эпоха оскудения") Арстанбека и "Зар заман" ("Эпоха страдания") Молдо Кылыча. Их обвиняли, как будто не без основания, в мистицизме и религиозном эсхатологизме, т.е. в необъяснимом доводами разума и подчиняющимся сверхестественным силам скором крушении мироздания. Но стоит читателю более внимательно и вдумчиво вглядеться в подлинный текст этих произведений, как картина меняется на глазах. Мы сталкиваемся со своеобразным, сочетающим в себе реальные и религозные элементы художественным осмыслением происходящих жизненных процессов.

С точки зрения увеличения или уменьшения в жизни человека добра и зла, хорошего и плохого оценивают заманисты соотношение между прошлым и настоящим. Почему акыны столь негативно воспринимали настоящее и положительно отзывались о прошлом?

Более быстрое развитие экономических отношений, разрушало патриархальные мирки. Развитие частнособственнических тенденций, базирующихся на товарно-денежных отношениях, до предела обостряло чувство конкурентной борьбы. Манапы, баи, чиновники и торговцы, желая получить как можно больше продуктов для прожажи и извлечения прибыли, усиливали эксплуатацию рядовых крестьян. Появляются и нарастают такие, ранее несвойственные человеку черты, как жадность, корысть и т.д. Эти свойства не отсутствовали и в прежнем обществе, но они приглушились в какой-то мере коллективистким сознанием и поведением. Товарно-денежные отношения индивидуализировали человека, но частнособственническая основа труда и общения, развивая самостоятельность и предприимчивость, вместе с тем способствовали развитию эгоистических черт в сознании и поведении людей.

Речь у заманистов идет не о возврате к прошлому как историческому состоянию, а о сохранении и приумножении положительного опыта, накопленного предшествующими поколениями. В центре их внимания человек. Что происходит с ним – вот главный вопрос, задаваемый ими себе и окружающему миру. Акыны видели, что в человеке совершаются изменения, причем больше в худшую сторону. Почему это происходит и как остановить этот процесс?! Нравственно-этическое крушение человека, являющего основой самого бытия, воспринималось заманистами как гибель мироздания. На что опереться, если настоящее зыбко и ненадежно, а будущее неопределенно и смутно? Конечно, на положительный опыт прошлого! Но если идет стремительное разрушение прошлого в поведении и сознании людей – как быть? И здесь они привлекают на помощь идею об "акыр заман", "тар заман" и "зар заман".

"Крушение мироздание близко, на пятки наступает оно" – восклицает Калыгул. "В мире призрачном все покроется тленом" – вторит ему Арстанбек. И Молдо Кылыч подводит итог: "Исчезла в людах добродетель, время лишилось благодати. Основы рухнули у верхов и низов".

По-видимому, предсказание фатального исхода выступает здесь в качестве некоего сигнала-предупреждения, заставляющего глубже осмыслить происходящее. Восстановить историческую память в себе – лейтмотив всех рассуждений акынов-заманистов.

Черты разложения акыны связывают с ухудшающимися конкретно-историческими условиями жизни простого народа. При самодержавном режиме власть имущие, т.е. волостные, старшины, баи и т.д., независимо от национальной принадлежности, приобретали большие права в распоряжении судьбами подчиненных людей. К тому же должностные лица имели возможность безнаказанно нарушать те законы, которые они по долгу службы были обязаны соблюдать. "Не замечая будто страданий, берет обильные взятки, а ложь превращает в правду, опираясь на свои законы" – отмечает Молдо Кылыч. Эти слова акына ясно показывают, сколь тяжким бременем оказывалось чиновичье-бюрократическое управление. Консервативная система институтов правления в Российской империи, распространяясь и на окраинные земли, совершенно подавляла имеющиеся в общинно-родовом укладе элементы самоуправления. И все это усугублялось тем, что стихийно нараставшие буржуазно-капиталистические порядки накладывались на господствующую систему феодальных отношений, усиливали алчность верхов, изживали традиционную взаимопомощь и выручку.

Вполне естественно, что акыны-заманисты с ностальгией обращались к прошлому. Из его опыта они брали на вооружение те принципы и нормы, которые имели гуманистическое содержание, и именно с этих позиций критиковали действительность, в которой сами жили. Сейчас мы все больше убеждаемся, что элементарные моральные заповеди, выработанные на заре человеческой истории, так же актуальны и ценны, как и прежде. Призыви христианской и мусульманской религии: "не укради!", "не убий!", "не прелюбодействуй!", "трудись!", "будь честен и справедлив!" и т.д., имеют общечеловеческое, гуманистическое содержание. Соблюдение их повышает нравственный потенциал общества в целом и каждого из нас.

("Советская Киргизия", 13 июня 1990 г.)

Алым Дононбаев,
кандидат философских наук

МОЖНО ЛИ ВОССТАНОВИТЬ СВЯЗЬ ВРЕМЕН?
(критика)

Время физическое – неподвластно людям, время социальное, напротив – несет на себя черты, свойственные всем другим плодам рук человеческих: оно может поражать своим великолепием и своим ничтожеством, оно может создаваться, но может и пропадать, дичать, подобно саду, который оставила заботливая рука садовника...

История человечества знает немало катастроф в жизни народов, когда рвалась связь времен. Тогда либо находились люди, которые подобно Гамлету, были готовы пожертвовать собой, ради восстановления этой связи, либо, если таковых не находилось, возникали бесчисленные ман-

курты, не знающие ни прошлого своего, ни настоящего, ни будущего. Однако закономерность эта была открыта не сегодня. И теперь когда достоянием читателя становятся произведения киргизских акынов-заманистов – Калыгула, Арстанбека, Молдо Кылыча, ("Кыргызстан маданияты", "Ала-Тоо", "Литературный Киргизстан") – мы имеем возможность не только убедиться в высочайшей художественной культуре киргизского народа, но и воочию увидеть, что в сегодняшних тревогах, заботах своих мы лишь наследуем заботы и тревоги наших предков.

Деятельность и жизнь акынов Калыгула (1785-1855 гг.), Арстанбека (1824-1874 гг.) и Молдо Кылыча (1866-1917 гг.) совпало со временем крутых переломов в жизни киргизского народа, связавшего свою историческую судьбу с народами России.

Уже по названием их поэм – "Акыр заман" ("Эпоха крушения"), "Тар заман" ("Эпоха оскудения"), "Зар заман" ("Эпоха скорби") – можно угадать их реакцию на происходящее. Нравственно-этическое крушение времени, в котором человек знал себя, воспринималось заманистами* как гибель самого мироздания. На что опереться, если настоящее зыбко и ненадежно, а будущее неопределенно и смутно? Конечно – на положительный опыт прошлого. Но если идет стремительное разрушение прошлого в поведении и сознании людей – как быть? И здесь акыны обращаются к идее гибнущего времени.

*Заманисты – авторы поэм в жанре заман, произведений эсхатологического, нарвоучительного содержания.

"Крушение мироздания близко, на пятки наступает оно"- восклицает Калыгул.

"В мире этом призрачном, все покроется тленом"- вторит ему Арстанбек. И Молдо Кылыч подводит итог: "Исчезла в людах добродетель, время лишилось благодати. Основы рухнули у верхов и низов".

Какова же была историческая ситуация, которая заставляла акынов-заманистов отрицать настоящее, обращаться к прошлому?

Исторически прогрессивный акт политического вхождения в Российскую империю был чреват многими экономическими и, следовательно, социально-психологическими последствиями. Началось интенсивное развитие частнособственнических отношений, которым в господствующем патриархальном сознании не было ни адекватных нравственных категорий, ни сколько-нибудь удовлетворительных толкований.

Надо отметить и такую особенность: манапы, баи, игравшие при родоплеменном образе жизни важнейшую роль традиционных, освященных историей руководителей, пользовавшиеся авторитетом у рядовых общинников как хранители народных обычаев, – они первыми начали проявлять интересы, диктуемые новой ситуацией. Товарно-денежные отношения индивидуализировали человека, частнособственническая основа труда и общения, развивая самостоятельность и придприимчивость, одновременно развивала эгоистечиские характеры. Если патриархальная зависимость сдерживала личность, опутывая ее множеством традиционных регламентаций, то она же и защищала человека, – он чувствовал себя частицей некой проч-

ной общности. Это, конечно, вселяло в индивида уверенность – ведь он был ячейкой в огромной иерархической цепи родственных отношений, охватывающих как пространство, так и время; целостность этих отношений словно свидетельствовала о гармонии и порядке в мироздании. Даже не распадение еще, а сама мысль о возможном распадении этих отношений воспринималась как приближающаяся гибель общества, культуры...

Нельзя не увидеть в процессах сегодняшнего дня известную аналогию с тем, что происходило сто и более лет назад. Очевидно, что политические, экономические причины тогдашних и сегодняшних конфликтов принципиальны различны, однако психологические, эмоциальные следствия представляются во многом схожими. Ужасна была сталинщина, унизителен "застой", но так или иначе, все эти эпохи в жизни народа давали человеку чувство общности судьбы; человек мог быть уверенным (неважно, получала ли в каждом конкретном случае эта уверенность подтверждение), что, если он выполнит предписанные ему положением в обществе правила, – он сможет получить полагающуюся ему награду. Знаменательно и то, что поэмы-заманы Калыгула, Арстанбека и Молдо Кылыча возвратились к нам именно сегодня. Прежде достаточно было обвинить их в религиозности, в том, что они воспевали прошлое, – и путь их к читателю автоматически закрывался. Впрочем, поводом для запрещения могло быть все, что угодно, важно другое, – само настроение, пафос поэм-заманов противоречили господствующей идеологиии, само понятие – "заман" – опревергало план построения нового мира из обломков старого...

Идея гибнущего, разрушающегося времени уходит своими корнями вглубь истории. Непосредственно истоки заманистских идей в Средней Азии и Казакстане имеют отношение к распространению ислама, хотя нельзя исключать и влияния зороастризма. Но в исламе, как, кстати, и в других моноетических религиях, идея гибели времени приобрела целостную форму учения о Конце света. Это учение может служить и воспитанию в духе покорности главным догматам ислама, но может быть и революционизирующим массы катализатором. Так, например, духовный вождь иранских фундаменталистов, аятолла Хомейни, в своей критике западного образа жизни, насаждавшегося шахом Мохаммедом Реза Пехлеви, неоднократно обращался к идеям, связанных концепцией "акыр заман". Аятолла Хомейни прекрасно понимал, что эсхатологические настроения близки и доступны сознанию масс, – ведь шахская реформа резко усиливала социальную дифференциацию, вызывала крайнее недовольство низов.

Конечно, мировоззренческая направленность киргизских акынов-заманистов далеко отстоит от этих, новейших течений в исламе. Эсхатологические мотивы занимают в их произведениях важное, но вовсе не центральное место. Так, Молдо Кылыч часто обращается к богу ("кудаю"). Действительность, которой столь часто подчиняется в своих поступках человек, есть для Молдо Кылыча, согласно традиции ислама, действительность иллюзорная ("жалган"): "Друзья мои хорошие, не прельщайтесь обманчивым блеском этого мира" - призы-

вает акын. Единственное основание добродетели в мире – заключено в Аллахе, непостижимом нередко обманывающимися органами чувств. Образ бога при этом не имеет у Молдо Кылыча черт сверхъестественного существа, он – высшая нравственная инстанция в мире: "Молите Бога, друзья, чтобы он наградил вас совестью". Мысль Молдо Кылыча стремиться к тому, чтобы бог стал достоянием каждой души, совесть, таким образом, оказыается еще одним именем бога.

Жизнь без совести, жизнь без бога (как тут не вспомнить Достоевского) значительно облегчает существование человека в призрачном, ложном мире: "Потерявший совесть чувствует себя в этом ложном мире, как в раю". Это, наверное, самая краткая, но и самая точная формулировка свидетеля гибели патриархального мира, приближения эпохи скорби.

Признаки приближающегося краха имеют не потустороннее происхождение, а вполне земное. Вот, например, Кальгул перечисляет их: "Сыновья станут врагами отцов, братья – недругами, служанка станет хозяйкой, а безродный станет знатным. Слабый окажется властителем, имевший власть превратится в нищего. То, что было внизу, окажется наверху, после этого миру придет конец". "Все меньше ручьев и дождей, все чаще суховей, – это предзнаменование! Дни зимы удлиняются, дни лета укорачиваются, – это еще одно предзнаменование...". "Корова станет ценностью, бумажные деньги по рукам пойдут...".

Акын Арстанбек горюет о минувших благодатных днях и предсказывает скорое приближение эпохи скудости ("тар заман"): "Как гончая, стремглав, мчится к нам лихолетье!". Людям остается, по мнению акына, лишь уповать на бога и стремиться встать на путь благочестия. Оскудение времен приближается потому, что "старость почтения лишили, приличия и мудрость обеценили; старость уважения лишили, мудрости лишились".

Резкое противопоставление прошлого и настоящего проходит через все размышления трех акынов-заманистов, и для этого были достаточно веские причины.

Окидывая взором окружающую действительность, Кальгул, Арстанбек и Молдо Кылыч не могли не замечать, что жизнь народа с утверждением царско-чиновничьей администрации в крае стала иной. Вместе прежней воли, ограниченной лишь предписаниями традиции и старейшин, пришел незнакомый закон, навязываемый принудительно государственно-бюрократическим аппаратом, чаще всего представленный русским человеком. В сознании заманистов русский человек ("орус"), вторгаясь в общинно-родовую среду, олицетворял собой новый мир буржуазных отношений. Предчувствуя новые порядки, Кальгул восклицал: "Русские идут, чтоб тысячью управлять одному...".

Вообще же, термин "орус" акыны-заманисты использовали в разных значениях. Они видели, что приход русских принес много полезного и хорошего. Произвол и беззаконие, царившие до присоединения к России, постепенно исчезли. Строились дороги, почтовые станции, открывались рынки, появлялись новые земледельческие культуры. С другой стороны, растущая эксплуатация, вызванная приходом русских, их

поведение, основанное на совершенно иных представлениях о должном и недолжном, не могли не вызывать отрицательной реакции. Но было бы неверно помещать критические высказывания в адрес "орус" у акынов-заманистов в ряд антирусских настроений. Следует подчеркнуть, что **понятие "орус" не имеет какого-либо национального содержания,** а представляет скорее комплекс тех положительных и отрицательных новаций, которые вторглись в тогдашний быт народа.

Вот близкое к афоризму, определение "орус", данное Калыгулом: "Они не знают начало молитвы, значит, неверные они; они не отличают бедных от богатых, значит, хорошие они".

Но больше всего акынов занимало происходящее в самом киргизском обществе – ведь непосредственные руководители народа возникли не "со стороны". Волостные, старшины, бии (судьи) и т.д. приобрели еще большую, чем прежде, власть над людьми. Теперь, будучи должностными лицами, будучи администрацией, они часто нарушали не только законы родовой взаимопомощи, но и законы империи, от лица которой вершили свою власть. "Словно не замечая страданий, берет взятки, а ложь превращается в правду, опираясь на свои законы"-отмечает Молдо Кылыч. Лишенное каких-либо демократических институтов, правление Российской империи, распространяясь на окраины, совершенно подавляло имеющиеся в общинно-родовом укладе элементы самоуправления.

Естественно, акыны-заманисты не использовали в своих размышлениях подобных абстрактных категорий, они видели главное: честному человеку становилось жить тяжелее, чем нечестному, верующему – хуже, чем ни во что не верящему, послушному законам и обычаям – в сто крат невыносимей, чем тому, кто не преследовал никаких других интересов, кроме своих собственных.

Из исторического прошлого киргизского народа акыны избирали те принципы и нормы, которые имели гуманистическое содержание: нет ничего удивительного, что принципы эти и нормы были выражены в религиозной форме – иной формы у них, основанных не на принуждении, а на абсолютном авторитете бога, и не могло быть. Призывы, заветы "не укради", "не поклоняйся идолам", "не убивай", "не прелюбодействуй", "трудись", "будь честен и справедлив" – в равной степени принадлежат и христианству, и исламу, и человечеству в целом, диктуя правила жизни, достойной человека.

Именно человек был отправной точкой размышлений акынов-заманистов, в этом – их принципиальное несовпадение с новейшими учениями XX столетия, которые вгоняли человека в "научно обоснованные" формации, отсекая то, что было слишком велико, растягивая то, что было слишком мало.

("Литературный Киргизстан", 1990. №8, стр. 124-127)

Алым Дөнөнбаев,
философия илимдеринин кандидаты

АКЫН ЗАМАНЧЫЛАР: Рухий изденүүлөр...

(Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын адеп-ахлактык нускоолоруна карата айрым байкоолор)

Элдин тарыхый акыл-эси барыдан мурда маданияттын өтмөлүгүндө сакталып келет. Ал эми маданий жактан өз ара аракеттенүүлөрдүн очогу эң кыйын кезеңдерде өзүнүн отун өчүрбөй сактап кала алды, жылуулугун тегерекке да, алыска да таратып, адам тукумунун муундарынын улануу тизмегинин үзгүлтүксүздүгү бузулбасы үчүн бирдиктүү аракет чөйрөсүн жаратты. Мына ушул муундар тизмегин үзүп, талкалоого чындап коркунуч туудурган тарыхый өнүгүүнүн чукул бурулуштарында, элдин турмушундагы ушунчалык кыйраткыч деңгээлге жетишкен мезгилде жер алдынан жаңы гана өнүп чыккан майса сыяктуу үмүт отун жандырып, ошол өткөндөн өз учурунда маданияттын жана акыл-эстин өчпөс жарыгын жеткирүүгө умтулган адамдар пайда болгон. Менин оюмча кыргыз элинин тарыхында Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын ойногон ролу ушундай мааниге ээ. Бул инсандардын өмүрү (Калыгул 1785-1855-жж., Арстанбек 1840-1882-жж., Молдо Кылыч 1866-1917-жж.) жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрү кыргыз элинин тагдырындагы эң урунттуу учурга – Россия мамлекетинин карамагына өткөн мезгилге туш келет. Бул кездер элдин турмушунда өзүнүн татаал, карама-каршылыктуу жактары менен терең из калтырган. Коомдун өнүгүшүндөгү оошкыйыштар, ал түгүл кээде таптакыр эле бир-бирине карама-каршы агым-багыттар дал ушуну күбөлөйт. Ушул агым-багыттардын бири – көрүнүктүү өкүлдөрү Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылыч болгон заманчылар агымында бир топ даана байкалат.

Көп жылдар бою биздин улуттук маданиятыбыздын тарыхында заманчыл акындардын дүйнөгө көз караштары дээрлик консервативдүү, ал түгүл реакциячыл планда каралып келген. Чындыгында эле алардын негизги чыгармаларын (Калыгулдун "Акыр заман", Арстанбектин "Тар заман", Молдо Кылычтын "Зар заман") алгач, үстүртөн таанышканда ушундай пикирлер жаралбай койбойт. Учурунда бул акындарды мистикага жана диний үгүткө баткан, кудайдын кудуретүүлүгүн, анын алдында адамдын, анын акылынын алсыздыгын, акыр замандын жакындап келе жаткандыгын үгүттөгөндөр катары күнөөлөшкөн. Албетте, бул жүйөөсүз айтылган пикир экендиги эч кимди таң калтырбайт. Эгерде ал

акындардын чыгармаларынын мазмунуна терең үңүлүп көрсөк, жогорудагы баа көз көрүнөө эле орунсуз болуп чыгат. Мында биз нагыз-тарыхый жана мистикалык-диний элементтерди өзүнө айкаштыруу менен, дүйнөдө өтүп жаткан кыймыл-аракеттерди көркөм таасындыкта маанилештирүүнүн фактысына туш болобуз. Бул өзгөчүлүктөр заманчыл акындардын этикалык, философиялык көз караштарын иликтеген авторлор тарабынан да белгиленип келүүдө. Тилекке каршы, бул багытта айрым учурларда алардын дүйнөгө болгон көз караштарын ашыкча саясатташтырып жиберүүлөр да кездешет. Тагыраак айтканда, заманчыл акындардын чыгармаларында орун алып, дүйнөгө болгон көз караштарынын таптык учурлары апыртылып көрсөтүлүп, алардын чыгармасынын мурастарын баалоого бул жагдай өзүнүн тескери таасирин тийгизген.

Заманчыл акындардын дүйнөгө көз карашынын эң уюткусу моралдык-этикалык принциптерде жатат. Андыктан алардын чыгармаларын талдоодо ушул принциптердин ролун ачып көрсөтүү, мына ушул чен өлчөмдөн кароо талап кылынат. Жалпы алганда, заманчыл акындар өткөн мезгил менен азыркы учурдун өз ара катышын адамдардын турмушундагы Жакшылык менен Жамандыктын көбөйүп же азайып туруу көз карашынан баа беришкен. Алардын өткөн заманды мактоолорунун, ал эми өздөрү жашаган мезгилде теңирден тескери сындоолорунун моралдык-этикалык түйүнү да ушул жерде көрүнөт. Мында сөз албетте, тикеден тике өткөнгө кайрылып баруу жөнүндө эмес, өткөн муундар топтогон адептик-ахлактык оң тажрыйбаларды көбөйтүү жана сактоо тууралуу болуп жатат.

Мында көңүлдүн борборунда дайыма адам тургандыгын баса белгилеп кетүү абзел. Заманчыл акындар өздөрүнө жана тегерегиндегилерге "Адамга эмне болду?" деген суроону тынымсыз беришкен. Адамдарда өзгөрүүлөр болуп, алар жаман жакка ооп жаткандыгын өз көздөрү менен көрүп: "Эмне үчүн ушундай болуп жатат, бул көрүнүштөрдү кантип токтотууга болот?" деген сыяктуу суроолорго баш катырышкан. Болмуштун майнабын түркөй адамдардын адептик-ахлактык турпатынын бузулушун заманчыл адамдар дүйнөнүн кыйрашы катары кабылдашкан. Эгерде жашап жаткан турмушуң мазасыз кылтылдак болсо, ал эми эртенки күнүң ишенимсиз, күнүрт элестесе, эмнеге таянып иш кылуу керек? Албетте, мында өткөндүн оң тажрыйбасына таянуудан башка эч арга жок. А эгерде адамдардын жүрүш-турушунда жана аң-сезиминде өткөндү тездик менен кыйратуу жүрүп жатса, кантүү керек? Дал ушул жерде акындар "акыр заман", "тар заман" жөнүндөгү идеялардын жардамына таянууга аргасыз болушкан. Ушундан улам Калыгул: "Дүйнө жемирилип, ал согончоктоп келе жатат", Арстанбек: "Бул дүнүйө баласыз дүнүйө", ал эми Молдо Кылыч болсо: "Адамдан жакшылык качты, жыргалдуу убакыт кетти" деген тыянактарды чыгарышкан. Бул айтылгандардан кандай корутунду жасоого болот? Мында зыяндуу жана кыйраткыч кыймыл-аракеттер мурункудай эле он эселеген күч менен жүрүп олтурса, эл деген акыр түбү кандай туюкка барып капталаарын терең түшүнүүгө жана маани берүүгө

түрткөн фаталдык, алдын ала айтууга кандайдыр бир өзүнчө сигнал-эскертүү катарында туюлат. Өздөрүнө тарыхый акыл-эсти калыбына келтирүү заманчыл акындардын бүткүл ой толгоолорунун чордонун түзгөн.

Заманчыл акындардын өз учуруна кош көңүл, сын көз менен мамиле жасоого, өткөндүн адептик-ахлактык тутамынан оң таянычтарды издөөгө аргасыз кылган ошол кездеги рухий-тарыхый жана социалдык-психологиялык кырдаал кандай болгон? Биринчиден анын саясий тамырын белгилөө менен кыргыз элинин Орто Азиянын жана Казакстандын элдери менен бирдикте бүткүл XVIII жана XIX кылымдын биринчи жарымында Жунгар хандыгына жана Цин империясына каршы өзүнүн эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн тынбай күрөшүп келгендигин айтуу керек. Бул узакка созулган согуштар, ошондой эле кылымдар бою тынымсыз уланып келген феодалдык-уруулук чыр-чатактар, карама-каршылыктар рухий агымдарды жараткан, бир жагынан элде өз ара баш кошуу, биригүү, бирдиктүү мамлекеттүүлүктү түзүүнүн зарылдыгы күчөп турган.

Элдин биримдикке умтулуусу канчалык кубаттуу болгондугу "Манас" эпосунда өтө айкын жана даана чагылдырылгандыгы кокустук көрүнүш эмес. Бүткүл кыргыз уруулары бириктирген жана аларды баскынчыларга каршы күрөшкө баш коштурган Манастын образында кыргыздын биримдик жөнүндөгү ой-тилегинин орундалары терең таасир калтырат. Бул кыйын кырдаалдан Россиянын карамагына өтүү менен гана чыгууга туура келген. Кыргыз жергесинин Россия империясына саясий жактан биригүүсүнүн тарыхый прогрессивдүү жагы жана патриархалдык түзүлүштөрдү кыйраткан жеке менчик мамилелердин ыкчам өнүгүшү коомдук аң-сезимдин тереңинен бардык учурларда жана дайыма эле (адекваттуу) бирдей орун ала алган жок. Товардык акча мамилелерине негизденген жеке менчиктик мамилелердин өнүгүшү россиялык рынокко тартылуунун алгачкы тажрыйбалары көрсөткөндөй, кыргыз аймагында конкреттик күрөш сезимин аябай курчутуп, жетээр жерине жеткизген. Манаптар, байлар, төрөлөр жана соодагерлер сатуу жана пайда табуу үчүн продуктыларды көбүрөөк өндүрүү максатында карапайым, эмгекчи элди эзүүнү күчөтүштү. Адамда мурун учураган зыкымдык, мансаптык, акчага, байлыкка, бийликке жан үрөө сыяктуу жаңы пейилдер пайда болуп, күч ала баштады. Патриархалдык коомдо мындай касиеттер таптакыр болгон эмес деп айтуу албетте, кыйын. Бирок алар коллективдүү жүрүш-туруштун жана аң-сезимдин деми менен басылып турган. Товардык-акчалык мамилелер адамдан кыйла индивиуалдыктарды, бирок эмгектин жана карым-катнаштын жеке демилгелүүлүктү өнүктүрүү менен адамдын аң-сезиминде жана жүрүш-турушунда (эгоисттик шарттарды) өзүмчүлдүк белгилердин калыптанышына, адамдардын өз ара мамилесине сиңе баштаган өзүмчүлдүк, материалдык-акчалай пайда табуу моралдык-этикалык негиздерин жукартып, жардыланышына, начарлашына алып келди.

Патриархалдык көз карандылык адамдарды өзүнө тушап, ошону менен бирге эле ага жан сактап, жашоо үчүн жамааттык-уруучулук каражаттардын зор мүмкүнчүлүктөрүн берген. Анда өзүн кандайдыр бир жамааттын бөлүкчөсү катары сезүү, жалгызсырабоо, коркунучтарды жана тынчсызданууларды өзүнүн керт башына түшкөн гана мүшкүл шекилдүү карабоо психологиясы калыптанган. Кыскасы, өзүнүн уруусунун ичинде болуу ага ишенимдүүлүктүн булагы катары кызмат кылган. Мында адам эң зор уруулук жамааттын тизмегинде өзүн ячейка катары сезе алган, ушул тизмекти бүтүн ажырагыс деп түшүнүү ал үчүн дүйнө түзүлүшүндөгү ирээттүүлүк менен гармониялык төп келишим туюндурган. Мына ушуларга карама-каршы бир эле муундун көз алдында өзгөрүп жаткан жаңы турмуш адамды социалдык дайынсыздык менен жекеме жекеге, зор жана коркунучтуу дүйнөгө оропара алып чыкты. Мурда жамааттык-уруулук байланыштын тыгыз баш кошкон дүйнөсүндө андагы ар бир ишке катыш болуп, өзүн коллективдүү турмуштун ажырагыс элементи катары сезип калган адамга жаңыга көнүү кыйынчылык туудурду. Анын жашоосу жамааттык-уруучулук доордо, балким өтө деле жеңил-желпи болбогон чыгар. Бирок ушуга карабай, ал "уруктук топтун аң-сезимин сактап жана коргоодо" күчүн аяган жок. Ошондуктан тарыхтын чукул бурулушунда коом ал инсандын аң-сезиминде турган бөлүктөргө ажырап кеткендей, андыктан эң эле туруксуз, иллюзиялуу болуп көрүнгөн. Албетте, Россияга кошулуу менен жергебизде социалдык өзгөрүүлөрдүн темпи кескин түрдө тездетилген деп ойлоого болбойт. Өзгөрүүлөр болду, бирок алардын мүнөздөрү мурунку турмуш тартиптерин (уклад) тез арада бузуп-жара тургандай темпте жүргөн жок. Ошентсе да акырындап жүрүп турган өзгөрүүлөр кыргыз коомун сапаттык жактан жаңылоонун өкүмдөрүн айгинелеген. Ал эми жамааттык-уруулук байланыштардын шексиз кулашын алдын ала коомдук маданияттын жана адамдын кыйроого учурап, күнү бүтүшүнүн жакындоосу катары кабылдаган.

Заманчыл акындар Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылыч биринчи эле көзгө уруна баштаган көрүнүштөрдүн негизинде шамалдын каякты карай согуп жаткандыгын туура баамдашкандыгы жана мезгилдин койгон суроосуна ар кимиси өз алдынча жооп берүүгө аракет кылышкандыгы ачык байкалат. Мында "акыр заман", "тар заман" жана "зар заман" жөнүндөгү идеялар – алардын ойлоп тапканы эмес, муну алар белгилүү бир адеп-ахлактык максатта гана колдонушкан. Дегинкисинде, замана жөнүндөгү идея өзүнүн пайда болушу жагынан тарыхтын терецине барып такалат. Орто Азияда жана Казакстанда замана идеясынын башаты ислам дининин таралуусу менен байланышкан. Кыйыр түрдө алганда улам бирин алмаштырган "алтын кылым", "күмүш кылым" жана "темир кылым" жөнүндөгү идея көп элдердин мифологиялык түшүнүмдөрүндө эзелтен бери эле сакталып келгендиги маалым. Аларда жогоруда аталган кылымдар келип бүткөндөн кийин дүйнөнүн жакырданышы жана кыйрашы

башталаары айтылат, бул популярдуу идея Чыгыштын көп өлкөлөрүнө жайылган. Анын белгилүү бир вариациялары түпкү жана кийин келип кошулган байыркы жана орто кылымдагы кыргыз эпосторунун рухий чөйрөсүнө да тараган. Анын таасирлери кээде коомдук аң-сезимдин ар түрдүү катмарларын дүүлүктүрүп, адамды кыймыл-аракетке келтирген. Ушунун натыйжасында эл ичинде пессимисттик жана эсхатологиялык ойсанаалар күчөгөн. Турмуштун кыйын, кысталаң мезгилдеринен дүйнөнүн кыйрашы, акыр заман жөнүндөгү идеялар алдыңкы катарга чыга келгендиги белгилүү. Мунун себептери кезегинде ар түрдүүчө түшүндүрүлгөн. Аңдыктан таптык аёосуз эзүү, тышкы душмандардын кол салуулары, табигый кырсыктар жана ушул окуялардан кийинки бүлүнүү, талоончулук жана адамдардын өлүмү акыр замандын шексиз жакындап келе жатышы катары гана көрүнүшү толук ыктымал болгон.

Кыргыз заманчыл акындарынын дүйнөгө көз караштарынын багыт алуусу исламдын агымынан таптакыр алыс. Дүңүнөн алганда, алардын чыгармачылык ишмердүүлүктөрүндө диний жана мистикалык эсхатологиялык элементтер анча деле көп орунду ээлебейт, эң башкысы – ныгырып, басып турбайт. Булар белгилүү бир кызмат өтөө ролун гана аткарышат жана дүйнөгө болгон көз караш өсүп келаткан кабыкча шекилдүү заманчылардын дүйнөгө көз карашынын багытынын мүнөзүн гана аныктайт. Алсак, Молдо Кылыч көп эле жолу кудайга кайрылат. Бирок, акындын түшүнүгүндө кудайдын чындыгы кандайча? "Тирүүлүк", б.а. адамдын жашап турган жана ишмердигин багыттаган акыкый чындык – туруксуз, кыямат. Муну акын "жалган" дүйнө, "алдамчы" дүйнө катары аныктайт. "Азил достор, бул алдамчы дүйнөгө азгырылбагыла". Акындын айтуусунда кандайдыр бир бизди курчап турган чөйрөдө ак пейил адам үчүн таянар нерсе жок. Ошондуктан таянар нерсени "милдеткерликтен", б.а. коомго эмнени кайруу керек экендиктен издөө абзел. Адамды "милдеттүүлүк" жолуна тайбай кирүүгө аргасыз кылган бир гана күч – ал кудай. Ошондуктан, акын кудуреттүү кудайды адамдардын эсине салуу менен көпчүлүк учурларда акын табияттан сыртканы күч катарындагы образын эмес, анын эң жогорку адеп-ахлактык тескөөчү сапатын белгилейт. "Кудай" адамдын ыйманынын, уят-сыйытынын булагы болуп кызмат кылат. Бүт баары жараткан теңирим, сенден өтүнөм... Дүйнөгө бол жөлөк... "Кудайга чын пейил менен таазим этсең жалгайт, достор, силерди, кааласа кудай ыйман берет...". Кудай менен ыймандуулукту акын ажырагыс, бир маанилеш планда карайт. Молдо Кылычтын ою боюнча кудай өзүнүн ыймандык бийик жетиктиги менен ар бир адамдын кылган ишинин жана жан дүйнөсүнүн энчиси болууга тийиш. Акын ыйманды, адепти сактоо үчүн жардамга мусулман динининин ыйыктары Асан менен Үсөндү чакырат... Молдо Кылычтын пикири боюнча ыйманга, абийирге ээ болуу адамды накта адам, б.а. "Эгерде ыйман бар болсо, аны көздүн карегиндей сакта"-деп, боорукер, гумандуу кеңеш берет. Адамдардын айырмачылыгын ал

ыймандуулугу бар же жок экендигине байланыштырып аныктайт. Адамды куру кыялдан арылтып, ыймандуулуктун чегинде кармоо үчүн акын ар түрдүү каражаттарды издейт. Мына ушулардын бири – исламдын этикетин, б.а. шариат жолун так колдонуу. Буга "акындын жана башка намаз окуу ыймандуулуктун белгиси" дегени айкын мисал. Калыгулдун идеялары да негизинен ушундай эле багытта. Муну акындын "Куранды унуткан тозокко түшөт. Кичүү менен улуу агасын укпайт, ынтымак кетсе, ыйман да кетет" деген сөздөрү эле ырастап турат. Өз мегилине жана келечегине ой жүгүртүү менен Калыгул жалаң эле шарияттын жолу курандын нормаларын аткаруу менен максатка жетүүгө болбой тургандыгын, мында адамдардын өз ара мамилелериндеги ыймандык, адептик негиздерди сактап жана бекемдөө зарылдыгын баса көрсөтөт.

Калыгул сыяктуу эле Арстанбек да кудайдын боорукердигине айрыкча ишенген. Өткөн жыргал заман жөнүндө күйүп-бышып жана "тар замандын" куушуруп келатканына алдын ала кейип: "Заманың келди жакындап, тайган иттей такымдап"-деп, өтө эле образдуу айткан. Акындын ою боюнча, абалды оңдоо жана адамдарга "такыбалыкты" кайруу үчүн кудайдын өзүнө "үмүттөнүүдөн" башка арга жок. Ал каардуу жаманчылык күндөрдүн себебин: "өткөндүн мурасын унутту, сый-сыпатты, акылдын баркын кетирүү, карынын кебин капка салбай, акылмандын айтканын укпай коюудан" көрөт. Ошентип, бул жерде көрүнүп тургандай, өткөн мезгил менен учурду мындай кескин карама-каршы коюу Калыгул жана Молдо Кылыч сыяктуу эле Арстанбектин ой толгоолорунда урунтуктуу орунду ээлеген. Ал эми мунун акыкый негиздери кандайча түптөнүп чыккан? Айланада жүрүп жаткандарды алар байкабай коё алган эмес. Өзгөчө өткөндө жакшылык көрбөгөн кара таман кедейлер катуу кысымга алынып, тагдырлары ого бетер оор боло баштаган. Жергиликтүү төбөлдөрдүн, башкаруучулардын оор салыктары жана жыйноолору улам күчөй берген. Бул аз келгенсип, эл жер ээлигинен ажыратылып, тоого сүрүлүп, улам тарып отурган. Мыкты сугат жерлер казнага тартылып алынып, жаңы орус келгиндерине бөлүштүрүлүп берилген. Мурун эркинче көчүп-конуп жүргөн элге чек коюлуп, алардын ары-бери катнашы мыйзам менен бекемделип, белгилүү тартипке салынган. Элдин жашоосу катуу кысымга алынган. Өткөн заманда салтка бекем синген тартип болсо да, алар жалпы жамаатка тиешелүү болуп, мында адамдар өздөрүн кыйла эркин сезишээр эле. Эми болсо падышанын төрөлүк-буйруктук башкаруусу ар бир адамдын жеке жана коомдук турмушунда мамлекет тарабынан орнотулган бекем тартиптерди, нормаларды толук аткарууну талап кылып олтурат. Бул мамлекеттик тартипке салуулар элди башкарууда бюрократтыкты күчөтүүгө алып келген. Өзүнүн тарыхый өнүгүшүндө мамлекеттик аппараттын репрессивдик-зомбулукчул ноктосуна туш келбеген жана өзүн салттардын жана каадалардын мыйзамы менен кармап келген эл, албетте мындай табиятына теңирден тескери келген тартиптер, эрежелер менен келише алган жок. Мына ушул патриархалдык, феодалдык коомду алмаштырып, анын ордуна келе жаткан өзүнүн алгачкы көрүнүштөрү менен адамдардын сесин алган жаңы дүйнө заманчыл акындар тарабынан көбүнесе

этикалык мүнөздөмөлөр менен маанилештирилген. Заманчылардын аң-сезиминде "орус" кыргыз коомунун жамааттык-уруучулук чөйрөсүнө кирип келүү менен, кандайдыр бир буржуазиялык капиталисттик мамилелердин пайда болушун туюндурган. Жаңыны алдын ала баамдаган, Калыгул: "Орустар келе жатат, бири минди башкаруюга" десе, Арстанбек муну мындайча улантат: "Алтын, күмүш түгөнүп, кызыл кагаз пул болду, төгөрөктүн баарын кагаз менен иштетип". Орус деген сөз заманчыл акындардын чыгармаларында ар түрдүү мамилелерде: анын келиши менен пайда болгон прогрессивдүү жаңыларды сүрөттөө үчүн да, падышалык жеке бийликтин колонизатордук маңызын мүнөздөө үчүн да колдонулган. Акындар орустар көптөгөн пайдалуу жана жакшы нерселерди алып келишкендигин даана байкап, чыгармаларында өзгөчө белгилеп да көрсөтүшкөн. Жолдор, почтабекеттери салына баштагандыгы, базарлар ачылгандыгы, жаңы техникалардын келиши, жерди түзөтүү, там салып, отурукташуу тигил жана бул даражада алардын ырларында чагылдырылган. Албетте, алар мына ушул жаңы нерселер адамдардын өз ара мамилелериндеги адеп-ахлактык нормаларга да көптөгөн залал келтирип жаткандыгын жашырышкан эмес. Ток этер жерин айтканда, байларды кедейлерди кыйноосунун, эзүүсүнүн адамдардын аң-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы моралдык негиздердин бузулушуна алып келди. Мына ошондуктан "орустарга" карата заманчыл акындардын сын айтуулары улутка каршы айтылган сын катары каралбоосу зарыл. Мында "орус" деген түшүнүк кандайдыр бир улуттук мазмунду, ошол кезде көбүнчө орустар аркылуу элдин турмуш-тиричилигине сиңе баштаган оң жана терс көрүнүштөрдүн жалпыланган образын гана билдирген. Ошондуктан корутундулай кетсек, эң оболу төмөнкүлөрдү белгилеп өтүүбүз зарыл: Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын доорунда кыргыз элинин тарыхында чукул бурулуш, терең өзгөрүүлөр болду. Мурунтан келе жаткан жамааттык-улуттук, уруулук түзүлүш бөлүнүп, мурунку муундар өздөштүргөн, түптөгөн жөнөкөй, жалпы адамдык адеп-ахлак, ыймандык нормалар бузулду. Жаңынын жарамсыз жактарын көрүп, сезишкен заманчыл акындар көбүнчө өткөнгө кайрылууга аргасыз болушту. Өткөн тажрыйбадан алар гуманисттик мазмундагы принциптерди жана нормаларды алып, мына ошолорго таянышты жана дал ушул ыңгайдан өздөрү жашаган мезгилди, турмушту сынга алышты. Чындыгында эле, адамзаттын тарыхынын эң алгачкы мезгилинде иштелип чыккан моралдык осуяттардын мурунку кездериндегидей эле абдан актуалдуу экендигине азыр да ынанбай коё албайбыз. Маселен, христиан жана мусулман диндеринин: "уурдаба, өлтүрбө, эмгектен, чынчыл жана адилет бол!" ж.б. чакырыктары – астейдил алганда жалпы адамдык, гуманисттик мазмунга ээ. Буларды дайыма көңүлгө тутуп, жашообузда колдонуу бүгүндөй алганда ар биребиздин да, ошондой эле коомдун да адептик дараметин арттырат. Заманчыл акындар инсанды турмуштун каалагандай формаларына түрткүлөп киргизген эмес. Тескерисинче, адамдын табиятындагы гуманисттик көрөңгөнү мыкты жана төп келгендей ишке ашыруу үчүн анын мүмкүнчүлүгүнө ылайык турмушту талап кылышкан. Мында турмуштун, жашоонун принциптери адамга тийгизүүчү жыргалчылык аркылуу аныктальшы абзел. Ал эми

бул жыргалчылык кандайдыр бир күч колдонуу, буйрук берүү менен эмес, табигый тарыхый булактан агып чыгышы зарыл. Бул корутунду белгилүү акын А. Вознесенскийдин: "Бардык прогресстер, эгерде ал адамга апаат алып келсе, реакциячыл деген афоризм менен үндөшүп турат".

Көрүнүп тургандай, заманчыл акындар өткөн турмушту бүгүнкү күнгө келтирүүгө мүмкүн эмес, тескерисинче өткөндөгү мыкты адептик белгилерди жалгаштырууга, улантууга далалат кылышкан. Мында, албетте, өткөнгө кайтып барууга чакыруу менен азыркы турмушта тарыхый акыл-эсти жоготпоо, өткөндөн ажырап калбоого чакыруунун ортосунда чоң айырма бар. Андан калса, турмуштун моралдык негизи жукарып, тайкыланып, ал эми адамдардын жүрүш-турушу, аң-сезими өзүнүн өбөктөрүн жоготуп жатканда, тарыхый кыстаңдан мезгилде жогорку ойлор өтө актуалдуу болуп саналат. Мындай жагдайларда өткөндүн топтолгон тажрыйбалары коомдук прогрессивдүү, ал түгүл революциялык алга жылуусуна да көмөк көрсөтөөрү шексиз. Бул тажрыйба өз учурунун талабына жооп берүү менен, коомдун жана адамдын жыргалчылыгы үчүн гана кызмат кылат. Акырында, жыйынтыктап айтканда, биринчиден, сөз заманчыл акындардын дүйнөгө көз караштарынын жалпы белгилери тууралуу жүрсө да, алардын ар биринин чыгармачылык мурасы өзүнүн терең индивидуалдуулугу, ар түрдүү проблемаларды өз алдынча көрө билүү, чындыкты инсандык даражада маанилештире, жалпылаштыра алган сапаттар менен айырмаланат. Экинчиден, заманчылардын чыгармаларында акыр замандын келе жатышын эсхатологиялык пессимисттик планда көрүү кандайдыр бир сигнал, эскертүү катары айтылып, ал сөзсүз боло турган нерсе эмес, тарыхтын жүрүшүндө мүмкүндүк катары таксымдалат. Үчүнчүдөн, заманчылар өздөрү күбө болуп, башынан кечирген турмуш көрүнүштөрү гана аларды пессимизмге батырган. Бирок, эгерде адамдар пейилин оңдосо, адеп-ахлак жагынан өзгөрсө, ошол терс көрүнүштөрдү оң жакка бурууга болот, булар адамдардын колунан келе турган нерсе деген ойлор аларды дайыма коштоп келген. Төртүнчүдөн, тарых улам алгалаган сайын заманчылардын эсхатологиялык "аяны" өңүнө чыкпасына эл ынана баштаган, андыктан эл жаңы турмуш шарттарына ыкташып гана тим болбостон, ошондой эле акырындык менен аларга карата сын көз менен карап, ушул ыңгайдан маани берүүгө, тыянак чыгарууга жетише баштаган. Мына ушул келтирилгендерден эле заманчыл акындардын адеп-ахлактык мурастары өзүнө көптөгөн баалуулуктарды камтып тургандыгын ачык байкоого болот.

("Мурас" журналы,
1991. №3, 2-4-беттер)

Батма Кебекова,
филология илимдеринин кандидаты

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

(1824-1878)

Арстанбек – XIX кылымда жашаган кыргыз ырчыларынын эң көрүнүктүү өкүлү, чыгармачылык багыты жана мазмуну боюнча нускоочулардын тобуна кирет, калк аны булбул атап, зор урмат көрсөткөн. Кыргыз адабияты, маданиятынын тарыхында акындын адабий жана маданий мурасы зор из калтырган. Өз чыгармачылыгы менен замандаш жана кийинки (XIX кылымдын аягы – жыйырманчы кылымдын башы) төкмө жана жазгыч акындарга, ырчы, комузчу, күүчүлөргө зор таасир тийгизген. Тилекке каршы, Совет бийлиги мезгилинде (айрыкча 40-жылдардын аягынан баштап) Арстанбектин чыгармачылыгы бир жактуу бааланып, айрым патриархалдык-феодалдык доордун идеологиясын жактаган көз карашы өтө коюуланып, эскичил ырчы катарында чоң саясый айып жүктөлүп, жарым кылым убакыт иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилип келди. Ошонун кесепетинен ырлары убагында жыйналбай, болгону да жарык көрбөй, адабий мурасынын бөксөрүшү жана музыкалык мурасынын колго тийбей, негизинен фольклордук маанайда аңыз сөз болуп калышы өкүндүрбөй койбойт. Табыйгый түрдө акындын чыгармачылыгы өз учурунда туура баасын албагандыктан, кыргыз адабиятынын тарыхында да реалдуу ордун ээлебей калган. Бирок эл акыйкатчыл жана калыс эмеспи. Арстанбек канчалык ургу-бергиге алынса да, калк эсинен өчкөн жок, тескерисинче олуя, көзү ачык деп, ыйык эсептеп, анын акындык дараметин, комузчулук өнөрүн, күүчү-обончулугун жогору баалап, ооздон-оозго өткөрүп, камкордук менен сактап келди.

Көзүм өтсө, Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба.
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын.
Айтылып калса калкыма,

Арстанбек неге карысын[1] – бул акындын өлөөр алдындагы керээзин угуп, өзү менен коштошкону келген агайын-тууган, шакирти Солтобайга жана журт билермандарына айткан акыркы сөзү экен. Бүгүнкү күндө акындын көксөгөн тилеги, мүдөөсү кечигип болсо да орундалды көрүнөт. Калк булбул атап, эки кылымга жакын убакыт өтсө да эсинен чыгарбай, ырчылык дараметин аңыз кылып, аздектеп келе жаткан улуу инсандын, ырды кара жамгырдай нөшөрлөткөн төкмө, чыгаан

[1] **Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча.**

комузчу, ырчы, обончу, күүчү, чебер аткаруучу көп тармактуу көркөм өнөрдүн башын бириктирип, синкреттик искусствонун туусун бийик көтөргөн ойчул, нускоочу Арстанбек Буйлаш уулунун туулгандыгына быйыл 170 жыл толуп, коомчулук тарабынан белгилөө алдында турат.

Арстанбек 1824-жылы эки Нарын ортосунда, Ийри-Сууда Буйлаш бийдин токолу Төрөкандан төрөлүп, 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Чычканда каза болот. Сөөгү Жуукунун үстү Таш-Кыя бейитине коюлат. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан. Таланты ар кырдуу, чыгармачылыгы көп тармактуу. Жанрдык, мазмундук жагынан бай жана ар түрдүү. Калктын турмуш тиричилиги, социалдык ал-абалы жөнүндөгү терең ой толгоолору адамды кайдыгер калтырбайт. Ушул өзгөчөлүгү менен угуучулардын купулуна толуп, укандар зор канагаттануу алган. Арстанбекти көрүп, ырларын өз оозунан угуп калган замандаштарынын эскерүүсүнө караганда үнү мукам – кооз, аткаруу чеберчилиги бөтөнчө артык болуп, комуз чертүү жагынан адам баласын алдына салбаган, чыгаан комузчу аталган. Талип Байболот уулу акынды бир нече курдай көрүп, атасы Буйлаш жана бала чагы жөнүндөгү аңгемесин өз оозунан угат. Маалымдоочу Арстанбекке алгач Нарын-Колдун башы Сой-Кол (Сай-Көл-түзүүчүдөн) төрдөн жолугат. "Төмөнкү айылга Арстанбек келиптир" деп, эл дүрбөп жөнөгөндө Талип да барат. Айрыкча "Тар заманды" ырдаганда тыңшоочулардын жалпы ыйлап отурушу жаш өспүрүмдүн балалык сезиминде түбөлүк из калтырат. Күн кечтеп, кара жамгыр нөшөрлөп төгүп, кой-козу маарап, теребелдин кыймылга келиши да отургандарды ордунан козгой албагандыгына күбө болот. "Мурун-сонду далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум-дечү экен Талип Байболот уулу, - бирок Арстанбектин ырындай кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырларды уга алган жокмун".[1]

Ат-Башылык чериктердин акчубак уругунан чыккан Калча да Арстанбекти көрүп, өз аткаруусундагы ырларын угат, ал киши 1935-ж. 86 жашында Ой-Терскен деген жерде каза болот. Жолугушуу Ат-Башы жайлоосунда өтөт. Бейбиттин уулу Орозбек деген бай өлүп (аны менен Арстанбектин аталарынын кудалыгы бар экен), акын бата окуганы келет. Бул киши да: "ырды төгүп-төгүп жибергенде, ыйлап эле жаткан жандар болду"[2] деп, эскерген экен.

Арстанбектин ырчылык дарамети, чеберчилиги өнөрлөштөрү тарабынан да жогору бааланган. Жеңижок 1870-жылдардын аяк ченинде издеп барып, Каркырадан жолугуп, улуу акындын ырчылыктын жол-жобосу, сөз кадыры жөнүндө айткан нускасын угуп:

Көл башы экен Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура.
Оттой жанып көздөрү –

Ой, акылы шар тура-деп, көңүл төрүнөн түнөк берсе, Тоголок Молдо калк арасындагы чыгармаларын аздектеп жүрүп:

---

[1] **Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын адабият жана көркөм өнөр институтунун кол жазмалар кору, инв. №110, 19-б., инв. №185 (мындан ары институттун кору делип, кыскартылып, инвентарь номери гана көрсөтүлөт).**

[2] **Институттун кору, инв. №129.**

Заманында ырдаптыр,
Санат ырдан ар санат.
Элге жакса кызыл тил,

Артында өлбөс ат калат- деп, акындын нуска сөздөрүнүн кылым карыта муундан-муунга, атадан-балага өтүп, көөнөрбөс калк мурасына айлангандыгын баса белгилейт. Осмонкул ырчы Арстанбектин чыгармаларынын акыл, нускага толгон тереңдигин, сөзгө чебердигин, "улаштырып сүйлөсө, оозунан шекер чубуруп" куюлушуп, уйкаштыкка устаттыгын белгилеп келип, өткөн-кеткенди жана келечекти таасын айткан ойчул катарында мүнөздөйт.

Осмонкул Калыкка:
Алтымышка бой бербей,
Алкынып топто жүрчү экен,

Арстанбек кандай ырчы экен?-деп, суроо салганда, Калык анын акындык дараметин:

Аз жашап, бирок саз берген,
Аныс ырчы даанышман – катарында баалайт.

Кыскасы, бардык маалымдоочулар – Арстанбекти көргөн да, көрбөгөн да, мурунку, кийинкилер да төкмөлүк, аткаруучулук мүмкүнчүлүгүнүн бийиктигин, сөзгө чебер, ойго терең, ойчул акын, чоң комузчу катарында мүнөздөшөт. Арстанбектин комузчулук өнөрү, ырчылык кудурети эл ичинде аңызга айланган. "Эки ийнинде эки периште отуруп, сайрап туруучу экен, өткөндү гана эмес, келечекти болжоп айткан олуя, көзү ачык даанышман экен, комузу да өзү күүгө келип чертилчү экен" деген сөздөрү али да калк ичинде айтылууда. Айрым фактыларга караганда аны менен беттешип отурган ырчы да кереметтүү адам катарында сестенип, чочулагандай түрү бар. Алсак, казак ырчысы Каңтарбай Арстанбек ырдап бүткөндө "айтышпай-ак жеңилдим" деп, жоон берүүдөн баш тартат. Ээрчитип барган султаны жолдо келе жатканда: "Эмне үчүн жоон бербедиң?"-дегенде: "Эки ыйыгында эки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр-ой"-деп, айтышпагандыгынын себебин түшүндүрөт. Арстанбектин өзүнүн да "барбардигер кудурет", "жаасы күчтүү жараткан" жаркын талант берип, жөлөп-таяп жүргөнүнө ишениими бек көрүнөт. Ырында "периште ишим оңдоду" деп, ар дайым баса белгилеп отурат. Жеңижок менен жолукканда атайлап издеп келген жаш өнөрлөшүнө олуттуу көңүл бөлүп, анын ырчылык дараметин, чыгармачылыгынын күчтүү, тайкы жагын таразалап, талдай келип:

Аттиң, балам, Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт деди –
Эгемдин берген белгисин.
Айтпай коёр эрким жок,
Көк Сулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың,
Артыңан бала ээрчибей,

Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир башы кем шум дүйнө,
Арман толор ичиң чок[1] –деп, келечекте жаш үй-бүлөнүн башына түшө турган бактысыздыкты көзү ачыктык менен алдын ала көрөт. Кыскасы, калк булбул деген ардактуу атакты ыйгарган сүйкүмдүү ырчысынын чеберчилик дараметине, ой терендигине, комузчулук өнөрүнө, адамдык сапатына бекеринен легендарлык мүнөз берип жаткан жок. Чындыгында да Арстанбектин ооздеки түрүндө бизге жеткен азыноолак чыгармаларынан эле калк сезиминде аңыздык деңгээлге көтөрүлгөндөй ырчылык кудуретинин бийиктиги, нуска сөздүн эч акын тендеше албаган алпы, айтыш өнөрүнүн ири устаты, өз доорунун улуу акыны экендиги көрүнүп турат.

Арстанбектин чыгармачылыгынын алгачкы изилдөөчүлөрдөн болгон Тазабек Саманчин уулу "ыр чыгаруу чебердиги жагынан Арстанбекти өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү"[2] катарында мүнөздөгөн. Бирок ал негизинен 1922-жылы Каюм Мифтаков тарабынан Каракол жана Нарын уездинен жыйналган азыноолак материалдардын үстүндө гана ой жүгүрткөн. Анда да чыгармачылыгынын белгилүү жагы толук козголбой, чектөөгө алынгандыгы, канткен өз мезгилинин талабына ылайык Арстанбектин балалык кезиндеги окуялары социалдык маанайда талкууланып, ата-баланын мамилеси чындыктан бир аз оор кеткендей. Маалымдоочулар да ушул мүнөздө баяндап берген. Ал эми кийин табылган материалдар, жаңы фактылар Арстанбек жөнүндө аңыз катары айтылып жүргөн пикирдин чындыгын, башкача айтканда, кара ырчы-санатчы-нускоочулугун, айгышта алдына адамды салбаган ири устаттыгын, турмуштун, коомдун, ата-бабалык нарк-нусканын, адеп-ахлактын ар кандай жагына көз чаптырган ойчулдугун, көркөм сөзгө чебер чоң талант экендигин аныктоого, чыгармачылык өмүрүндөгү ар кандай кырдаалдарды тактап, өз заманындагы өнөрлөштөрү менен карым-катышы, кыдырган жерлери, көргөн ырчы-комузчулары жөнүндө толугураак түшүнүк алууга мүмкүндүк түздү. Азыр акындын социалдык көз карашы, турмуш-тиричилик баамы, ырчылык көрөңгөсү жөнүндө кеңейтип сөз кылууга болот. Буга чейин "төкмөлүгү күчтүү экен, бул акынга жолугуптур, тигил ырчы менен айтышыптыр" деген өндүү жалпы мүнөздөмө берилип, конкреттүү чыгармалары колдо аз эле. Негизги материал Академиянын корунда гана сакталганына карабастан, анда бар болгону бир басма табактан бир аз гана ашык ырлары болуучу. Билген адамдардын көзү өтүп кетип, эл арасынан табуу, жыйноо да кыйындаган. Ушундай жагдайда 1933-1934-жылдарда Кабай Абдыракман уулу тарабынан жыйналган Арстанбектин чыгармаларынын колго тийиши кубанарлык иш болду. Ушул материалдын негизинде жыйнак түзүлүп, окурмандарга сунуш кылынды.

Кол жазманын ээси – Кабай Абдыракман уулу. Кесиби боюнча мугалим. 1914-жылы Чоң Кемин өрөөнүндө туулган. 1935-жылдардын аягында түштүккө мугалим болуп иштеп кеткен экен. Туугандарынын айтуусу боюнча Кара-Суу, Ош эл агартуу бөлүмүндө да иштеген дешет. Бирок алар ал кезде жаш болгондуктан, так маалымат бере алышпады. Эне-атасы эчак каза болуптур.

[1] Жогорудагы аталган кол жазмадан.

[2] Тазабек Саманчин уулу. Арстанбек. Советтик адабият жана искусство журналы, 1941-ж., №6, 90-101-б.

Түрмуштук кыйчалыш себеп болгонбу (үй-бүлөөсүнө байланыштуу жергиликтүү айрым адамдар менен араздашып калат), 1937-жылкы алааматтын кесепети да тийсе керек, кыскасы, 1937-жылы жалаа менен камалып, түрмөдөн каза табат. Түрмөдө жатканда өзүн ак жеринен кастык менен каматышканын, абалынын оордугун, кайрылып эл-журтун көрөр-көрбөсү арсарлыгын, ага-тууган, бир туугандарын, балалыгы өткөн түл бураган жайлоону, ал кезде тамтун басып жүргөн карындашын сагынып өнүндө да, түшүндө да түйшөлгөндүгүн казал кылып, эки курдай көлөкөдүү кат жиберген экен. Кийин түрмөдө бирге жаткан адам жалаа эле[illegible]ктын уусунан ак шишик болуп өлдү деп, кабарын билгизет. Таяныч [illegible]ган уулунан ажырап, атасы кайгыга алдырып, алдан-күчтөн таят. Аңгыча согуш чыгат, ошол бойдон дайнын биле албай калышат. Аялы Кочкор тараптан экен, түштүк жактан түз эле төркүнүнө кетип калганын угушат.

Ошко кетерден мурун эл арасынан "Акылмандын сөзү" деген ат менен Асан Кайгынын көлөмдүү термесин, Калмырзанын ырлар[illegible]н, Арстанбектин бир топ чыгармаларын жазып алган экен. Башка да материал[illegible]ры бар өндүү. Бир канча кишиден жыйнаган көрүнөт, казал жазганына карап[illegible]анда өзүнүн да акындыгы бардай. Бирок кол жазмада үч гана кишинин аты аталган. Жалгыз гана Сүйүмбай менен Арстанбектин айтышын Муратаалыдан жазып алганын көрсөтөт, ал киши Солтобай ырчыдан уктум эле деп айткан экен.

Кол жазманын табылышы да жомоктогудай окуя. 1937-жылкы коогалаңдан чочуган болуш керек, ата-энеси уулунун дептерлерин (көп кагаздарын ыргытышкан көрүнөт) сандыктан алып, куранга кошуп, кийизге ороп, короонун четиндеги айдоого көөмп коюшат. Алардын көзү өтүп, кол жазма унутулат. 1992-жылы жаз айында кокусунан табылышы туугандарын бир чети кубандырса, бир чети өткөндөгү кайгылуу окуяны кайрадан эске салып, өкүндүрөт. Беш мектеп дептеринен турган материал арабча жана латын тамгасы менен жазылыптыр. Албетте, алтымыш жыл жер астында жаткан кагаз алгачкы түрүндөй кайдан сактасын, сыясы өчүп, кагаздары упаланып, окулушу өтө кыйындап калган. Табылган мурас кандай болсо, ошол бойдон колго тийсе, музейде өтө баалуу экспонаттан болмокчу. Тилекке каршы, бир жыл колдон-колго өтүп, кара көнгө айланган кийиз кап, жарабай калган дептердин сырткы бети ыргытылып, бир топ өзгөрүүгө учурайт. Буга да каниет, сөз учугун улап, сураштырып отуруп, колго тийгиздик.

Арстанбектин туулган, өлгөн жылы боюнча кабарчылар жана жыйноочу, иликтөөчүлөр ар башка датаны көрсөтүп келишкен: 1840-1882 (Бектур Шераалы уулу), 1840-1882 (Белек Солтоноев), 1838-1882 (Каюм Мир[illegible]ков), 1828-1882 (Ыбырай Абдырахманов), 1824-1874 (М. Богданова), 1828-1882 (Шаршенбек Үмөталиев), 1824-1878 (Талип Молдо), 1824-1878 (Тазабек Саманчин). Талип Байболотов Арстанбек бугу уруусунун бир бөлүгү Текестен көчүрүлө электе (1881-ж. көчүрүлөт) үч жыл мурун 54 жашында каза болот деп маалымдайт.[1] Тазабек Саманчин Талип Молдонун маалыматын туура деп эсептеген көрүнөт, макаласында ушул датаны алат. Бул кабарчынын

[1] **Институттун кору, инв. №110**

көрсөтүүсү чындыкка жакын. Анткени ал киши Арстанбекти жаш кезинде, кийин да көрүп, көзмө-көз отуруп баарлашып, балалык өмүр таржымалын өз оозунан укkан экен. Анын үстүнө көп жылдар бир аймакта жашашат. Талип Молдонун Чыныбайдын катчысы болуп, жыйын-топторго көп катышышы да башка маалымдоочуларга караганда акынды жакыныраак билүүсүнө шарт түзөт. Айрым маалыматтар боюнча Арстанбек журт билермандары Боромбай, Чыныбай, Токсобай, Өмүрзактар тарабынан урматталып, бугу уруусунун ички, сырткы маселелерине аралашып, үн кошуп жүргөн сыяктуу. Бул Боромбайга кайрылып ырдаганынан ачык байкалат. Боромбай өлөөр алдында калкына керээзин айтып: "Ат чаптырба ашыма, коргон курба башыма, катыным кара кийип, бетине белги салбасын"-дейт. Ошондо Арстанбек комузун колуна алып, коштошуу мүнөзүндөгү мундуу күүнү нечен ирет кайрып, комуздун кылдарын дирилдетип, муңкана чертип келип:

Оо, Боромбай абаке,
Журт башчысы сен элең,
Жомогун айткан мен элем.
Кайгысын жеген сен элең,
Казалын айткан мен элем.
Ат чаптырбас ашыңа,
Коргон курбас башыңа,
Бетине тырмак салбастан,
Белине аркан чалбастан,
Катыны аза күтпөгөн,
Ханзаадага күйбөгөн,
Сарбагыш, солто, саяктын,
Кимисинен кем элең?[1] -деп, Боромбайды өзүн журт башчысы катарында кастарлап, кадими менен узатууга көндүрөт.

Арстанбек катуу ооруганда Боромбай баштап тынчсызданып, ал-жайын сурап тургандыгы, өлөөр алдында Чыныбайга өзүн көмүүнүн ыгым-чыгымы жөнүндө сөз козгогондугу тууралуу маалымат бар. Ушундай жагдайлар Талип Молдонун Арстанбек жөнүндө кабардарлыгынын артышына өбөлгө түзгөн. Кабарчы тарых китептери, чыгыш адабияты, поэзиясы боюнча колуна тийген адабияттарды окуп, өз учурунун билимдүү инсаны болгондуктан, анын көрсөтүүсүнө таяныш, акындын туулган, өлгөн жылы такталган деп, эсептөөгө толук негиз бар. Арстанбек түптүү жерден чыгат. Атасы Буйлаш жылкысы минден ашкан чоң бай, тынымсейит уруусуна тутка болуп, бий аталып, журт башын кармаган кадырлуу, белдүү киши экен. Балык акын аны:

Бугунун Бойлош дегени –

Бул турган журттун тереги-деп мүнөздөйт. Ата-тегин жиктеп айтканда атасы Буйлаш,[2] анын аталары: Шопок – Үркүнчү – Акбагыш – Токтогул – Мортук – Тынымсейит, түбү Бугуга барып ко-

[1] Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы.

[2] Кабарчылардын маалыматында Бойлош, Буйлаш делип, эки түрдүү айтылат. Буйлаш көбүрөөк колдонулуп жүргөндүктөн, ушул ысым менен кетирдик.

шулат.[1] Буйлаштын байбичеси Салтанаттан беш уул төрөлөт: Атакан, Бабакан, Кулпу, Сулпу, Молдо. Кичи аялы Төрөкандан Арстанбек. Энесинин төркүнү – саруу. Ооруп айыкканда ырдаган ырындагы, арманындагы учкай маалыматка караганда, карындашы да болуу керек. Бирок кабарчылардын бири да ал жөнүндө эскербейт. Арстанбектин уулу Көчөр 1917- жылы Ийри-Сууда өлөт. Көчөрдөн үч уул: Ысмайыл Мамбет молдо, Кален (бир кабарда Окен) жана Бурулкан аттуу кыз. Бектур Шераалы уулунун айтуусунда булар көл боюнда саяк Кырбаш дегендин айлында жашап турушкан эле (20-жылдары болуу керек).[2] Чомой уулу Сыдыкбектин кабарында Ысмайылдан бир кыз, бир эркек: уулунун аты – Жөлөгөн, кызынын аты – Тырнактай. Календен тукум калбайт. Ысмайылдын сөөгү Ийри-Суугa коюлат. Жөлөгөн Нарында милицияда иштеп жүрүп, каза болот. Тырнактай эки Нарын ортосундагы моңолдор Мамбетказыга турмушка чыгып, андан үч уул калат. Жөлөгөндөн Марат, Нарында шофер болуп иштейт,[3] эки уул, бир кызы бар.[4]

Кабарчылардын айрымдары Арстанбекти өз көзү менен көрүп, баарлашып калгандыктан, анын тулку бою, бет түзүлүшү жөнүндө реалдуу маалымат беришет. Б. Солтоноевдин көрсөтүүсүн (узун бойлуу чокчо кара сакал, кара сур киши катарында сыпаттайт, 42 жашында өлгөн дейт)[5] эсепке албаганда бардык маалыматтар бир жерден чыгат, Ыбырай Абдырахманов Арстанбекти көргөн Калча карыянын айтканына таянып, өң-ырайы сары, сары сакал, көзү көгүшүрөөк, "чарчы бойлуу киши болгон экен"[6] деп жазса, Талип Байболот уулу: "Ыраматылык Арстанбек орто бойлуу, толмоч келген сары киши эле, бултулдап жөн отура албаган жайдары, ачык-айрым жана шок, отурган жерин оюн-күлкү менен маашыр кылган адамын гүлү эле"-дейт. Бир жерде "булбул деп коюшчу"[7] деп толуктайт. Осмонкул ырында "өңү жука, кызылдуу" деп, сыпаттаса, Жеңижок менен ырдашканда толук болбосо да, Арстанбектин портреттик элеси тартылган. Ырынын мазмунуна караганда Жеңижок издеп барып, Каркыradан жолукканда элүүдөн өтүп, эски кеселден жакшы боло албай, өз сөзү менен айтканда:

Калк алдында шаңшыган,
Кар суусундай ташыган,
Топ алдында шаңшыган,
Тоо суусундай ташыган, "булкунуп турчу күчү", "арыстандай сүрү", "ак маралдай түрү", "аркырап акчу күнү", "булбул өндүү доошу жок" алсырап турган учуру болот. Жеңижоктун саламдашуусуна жооп катарында ырын кара нөшөр жамгырдай төгүп ырдап, али да "комуз күүсү төп", "ырдаар ыры мол" экендигин айта келип:

---

[1] **Арстанбектин жети атасынын санжырасы 1922-жылы алгачкы жолу жазылып боюнча берилип (инв. №1013, 1 бөлүм), институттун корундагы кийин жыйналган материалдардагы фактылар менен толукталды, инв. №148, 149.**

[2] **Институттун кору, инв. №1013, 1-бөлүм.**

[3] **Кору, инв. №148,149.**

[4] **Мукаш Найманбаевдин маалыматынан.**

[5] **Кору, инв. №129.**

[6] **Институттун кору, инв. №1057, 510-б.**

[7] **Кору, инв. №129.**

Азар салсаң байкарсың,
Ааламга жайым айтарсың,
Азыр ак саргыл өңүм азыңкы,
Алибеттүү денем басыңкы[1] -дейт. Кабарчылардын айткандарына, акындын ырындагы маалыматка таянып, Арстанбектин төмөнкүдөй реалдуу портреттик сыпаттамасын жана шарттуу түрдө кулкмүнөзүнүн мүнөздөмөсүн түздүк: **өңү ак саргыл, бети кызылдуу, чарчы бойлуу, толмоч, көзү көгүшүрөөк, сейрек сакалдуу, көзү оттой жанып, жандуу, кыймылдуу шайыр.**

Бир маалыматта Арстанбек Буйлаштын салбар кылып таштап койгон улуу зайыбынан төрөлөт делет. Бирок көпчүлүк кабарчылар, анын ичинде өзүнүн аталаш бир туугандары тарабынан бул факты бекемделбейт. Тескерисинче, бардык маалымдоочулар акындын салбар-токолдон төрөлүп, атасы тарабынан барктalбай өскөндүгүн маалымдашат. Энесинин жанында кой-козу кайтарып, койчу-колоңдордун арасында бой тарткандыгы да чындык сыяктуу. Бул жөнүндө казак ырчысы Сүйүмбай менен айтышында ачык маалымат орун алган. Арстанбек өзүн тектүү жердин баласы катарында көтөрө чалып ырдаганына сөз өктөмүн кетирбеген казак ырчысы:

Карагай, тикен аралап,
Колу-бутуң жаралап,
Козу бактың кокуйлап,
Кой кайтардың чокулап,
Калыпсың эми сөз улап,
Бакканың болчу козу-улак.
Күң баласы катары,
Атаң бир кадыр кылбады,
Айыңдуу сөздөн сен баштап,
Сүйүмбай сөзү ырбады.
. . . . . .
Бий баласы болсоң да,
Бий үйүнө батпаган,
Бий өргөөсүн баспаган,
Сен салбардан туулган карыпсың[2]-деп, чалма ыргытат. Кыскасы, Арстанбектин балалыгы карапайым адамдардын арасында өтүп, ошого карата белгилүү даражада турмушту баамдоо көз карашы калыптанган. Ага төрт түлүк малдын пайдасы, тамактын таттуусу, кийимдин жакшысы жөнүндө айткан чакан санаты[3] ачык мисал. Ал мал жакшысы деп, жесе эти, майы, ичсе сүтү адамга жагымдуу эчкини, ичип алсаң – суусун, курсакка тамак – гүлазык арпа жарманы, кийимдин жакшысы деп, алты ай бир кийилип, катылып жаткан шайы, жибекти эмес, бүрмөлөп

[1] **Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы. Женижок менен Арстанбектин саламдашуусунан.**
[2] **Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы.**
[3] **Институттун кору, инв. №1057, 510-511-б.**

кийгенге бышык бөз кездемени эсептейт. Ырдагы бул ойлор карапайым адамдын турмуштук тажрыйбасына, түшүнүгүнө шайкеш келип турат.

Арстанбектин көлгө келгендиги жөнүндө эки түрдүү пикир бар. Бири болочок акын он жашка чыкканда Буйлаш көлдүн тескейи Чычкан, Жууку аймагына көчүп келет дешсе, айрым маалымат боюнча Арстанбектин Көл өрөөнү, Назарбек элине (аялы Үмүтайдын төркүнү Назарбектен экен) келиши акын Кокондон кайткандан кийинки мезгилде болуп, өмүрү өткөнчө Чычканда жашайт. Байкоого караганда, кийинки пикир туура көрүнөт, анткени Арстанбектин Анжыянга Нарын тарапган баргандыгы жөнүндө кабарчылар ишенимдүү маалымат берет.

Кабарчылардын айтымында Арстанбектин ырчы болууга далалаты эрте, бала кезинде эле башталат. Ырчылыкты самап, өнүндө да, түшүндө да делебеси козголуп жүргөндөй түрү бар. Ырчыларга таандык салттуулуктан ал да куру кол эмес. Болочокку акын бир күнү түш көрөт. Түшүндө эки өркөчү эки баладай ак төөгө минип, боз чепкен кийип, Ак-Дөбөнүн үстүнө чыгып, колуна ак комуз алып, ырдап турган болот. Кыргыз, казактан эч ким астына чыкпайт. Эртеси атасына барып, түшүн жорутат. Буйлаш баласынын өз жолун жолдобой, ырчы болушун жактырбаса да, Сарбагыш молдонун атасы моңолдор Айтмамбетке айтып, бир жакшы комуз чаптырып берет.

1840-жылдарда Кокон бийлөөчүлөрүнөн болгон Алымбек Буйлаш баштаган Алжан, Кожомжар, Сыдык, Божокой, Нурмамбет, Арзымат, Чоң Сарык, Бий Суван – он төрт кишини саркерлерин жиберип, Анжыянга айдаттырып кетип, Арстанбектин артынан барышы, анын ырчылык тагдырында, жеке турмушунда чоң бурулуш жасайт. Ал кезде ордонун бийлиги кыпчак, өзбек, кыргыздардын колунда, биринен сала бирине өтүп, теңтайлашып, бийлик талашып турган учуру болот.[1] Бирок кантсе да санжырада белгилегендей, бийлик ээлери Кокон хандыгын негиздөөчүлөрү токсон боолуу өзбектин мин тукуму болуп,[2] үстөмдүгү артып турган сыяктуу. Кыпчак-кыргыздардын белгилүү даражада башкаруу иштерине аралашып жүргөндүгү тарыхый санжырада, маалымдоочулардын кабарында чыныгы аныкталат. Арстанбектин өмүр таржымалына байланыштуу окуяларда, ырында ушул кырдаал ачык чагылдырылыптыр. Алсак, 1922-жылы Саадабай Бабакан уулу (Бабакан Буйлаштын уулу) К. Мифтаковго төмөнкүдөй бир фактыны баяндаган экен. Буйлаш өз бир туугандары жана тынымсейит билермандары менен Кокон ордосуна эмес, кыпчактар ээлик кылып турган Анжыянга айдалып барат. Арстанбек атасынын артынан барып, ордо билермандары Алымбек, Атамкул, Кулназар, Комчу датка жана Мааразыктын[3] (бул жөнүндө төмөндө да сөз болот) алдында ырдап, купулга толот. Ал ырдаардан мурун саркерлерден отургандардын атыжөнүн сурамжылап, "буларды Кокондун беги деп мактайынбы же Анжыяндын беги деп мактайынбы?" деп, суроо салганда "булар анжыяндык кыпчактар" дешет. Ыр үзүндү түрүндө келип жетти. Бирок анын кыпчак бектерине багытталгандыгы мазмунунан ачык көрүнүп турат:

---

[1] **Тазабек Саманчин уулу. Арстанбек. Советтик адабият жана искусство, №6, 1941-ж.**

[2] **Ж. Кенчиев. Кыргыздын оң канаты. Б.Ш. 20-март, 1992-ж.**

[3] **Эл ичинде Мааразык, өз аты Мамразык.**

Баракелди, эр кыпчак,
Саадактарың бир кучак,
Санжыргалуу көп кыпчак,
Миңгендери тобурчак,
Шай колдогон эр кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн.[1]

Ошондой эле "төрөлүк кылса – төө", "бектик кылса – бээ", "доолду байлап, ат берет" деп, даткаларга кылтак ыргыта келип:

Аркалыктын жакшысын,
Кыйыгына тийгенде –

Кысырактай матаптыр-деп, ырын аяктаганда балага ыраазы болуп, отурган даткалар келген себебин түшүнүп, айдалып келгендердин күнөөсүн кечип, айлына жөнөтөт. Арстанбек Кокон ордосунда бир жыл жүрүп кайтат. Кабай Абдыракман уулу жыйнаган материалдагы фактыларга караганда, анын акындык чеберчилигинин артышында Кокон ордосуна барып, көп жерди аралап көрүп, табият тартуулаган кылдаттык менен жер шартына, калктын турмуш-тиричилигине, каада-салтына, жаман-жакшы жактарына байкоо салышы ири өбөлгө түзөт. Өз ырындагы маалыматтарда ордо ырчы, комузчулары, анын ичинде Сарт аке[2] менен комуз чертишип, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип, өз чеберчилигин арттырат. Дутар күүлөрүн комузда сайратып, каршысын жеңип, тыңшоочулардын купулуна толот. Кокон ордосуна барып, түпкү хандын астында да ырдаган көрүнөт. Сүйүмбай менен айтышканда:

Комуз чертип, ыр ырдап,
Ордонун болгом эркеси,
Көп ырчынын серкеси,

Мендей барбы, эр киши?-деп, каршысынын сезин алат. "Керээзинде", "Жеңижок менен ырдашканда" да комуз күүсү жагынан бет алып, адам чыкпагандыгын баса белгилейт. Бир жыл ичинде табиятынан сезимтал, кылдат Арстанбек ыр-күү менен гана өз чыгармачылык өнөрканасын байытпастан, калктын турмушунун оор жактарын, муктаждыгын туура талдап, реалдуу ой жүгүртүүгө үлгүрөт. Буга Анжыян жөнүндө айтканы ачык күбө:

Атын укчу Анжыйан,
Ар жеринде бир жыйын,
Мөмө-жемиш төгүлүп,
Берекеси мол экен.
Пулдун күчү зор экен,
Пулу жок, жарды бечара,
Чынында эле кор экен.
. . . . . .

[1] Институттун кору, инв. № 1013, 1-бөлүк.
[2] Сарт ырчы – түштүктүк Ысакан ырчынын лакап аты.

Жар куласа, түз болот,
Жамак айтса, сөз болот,
Жарты нан түйүп белине,
Кол куушуруп ийиле,
Жармачтары көп болот.

Ошондой эле каада-салтынын өзгөчөлүгүн туура баамдайт:

Аш-тойдо аздап мал соёт,
Бир жарым бодо болбосо,
Торпок, тана, кой соёт.
Күрүчтөн табак көтөрүп,
Күймөлгөндөр көп болот,
Ала чапан көп болот,
Азем сөзү аз болот.

Кийин Женижок менен жолугушканда, ошо мурунку көргөндөрүн эскерип, Аксынын, жалпы эле Анжыян тараптын жер шартынын кооздугун, мөмө-жемиш төгүлүп, берекелүүлүгүн реалдуу баяндайт:

Пачата суусу жарыктык,
Бутунду салсаң муз болот.
Суусунун кана жутканда,
Ичиң муздап кыш болот.
Көлөкөлөп уктасаң,
Ак жайдын күнү күз болот.

Ырынын мазмунуна караганда, Аксынын жер шартына, калкынын турмуш-тиричилигине гана байкоо салбастан, ырчылык өнөрдүн бөксө жактарын баамдаган өңдүү:

Ал айтканың дагы чын,
Шайыры көп эл болот.
Шакылыктап бүт күлүп,
Айткан сөзү кер болот.
Кодура талдай жанашып,
Биринен бири талашып,
Ырчымын деген көп болот.
Жазгы кара жамгырдай,
Нөшөрлөтүп сабаган,
Ашкере ырчы жок болот.
Агала сакал болгондо,
Калпты кантип айтайын,
Жаз күнүндөй бүрү жок,
Күз күнүндөй мөмө жок,
Манасчысы пас болот.[1]

Дегеле, айтуучулардын кабары[2] жана акындын ырындагы фактылар тарыхый булактагы маалыматтар менен шайкеш келип, тарыхый чындык катарында аныкталат. Анткени Кокон феодалдык мамлекети 1740-

[1] **Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы.**
[2] **Институттун кору, инв. №1013, 1-бөлүк.**

жылда негизделип, Анжыян, Маргалаң, Наманган, Кокон вилайеттерин (бөлүктөрүн) түзөт. Алардын бийлиги кыргыз жергесине кеңири жайылып, Кетмен-Төбө, Бишкек, Ак Мечет, Кызыл Ордо, Куртка ж.б. чептерди куруп, аларга негизинен өздөрүнүн башкаруучуларын дайындап, саркер (кошуун) менен камсыз кылып турушкан. Саркер көбүнчө кыпчактардан түзүлгөн.

Анжыян бөлүгүнө Ош, Алай тарабы, Жумгал өрөөнү, Арпа, Нарындын жогору жагы карап,[1] негизинен Алымбек бийлик жүргүзөт. Тогуз-Тородо курулган Куртка чебин Мамразык тейлеп, алык-салык жыйноо жагы бир топ күчтүү жүрүп, жергиликтүү калкты катуу каржалтат. Негизинен бардык кабарчылар Арстанбектин Кокон Ордосуна он алты жашында баргандыгын көрсөтүшөт, Арстанбек кереэзинде, Жеңижок менен ырдашканда, Сүйүмбай менен айтышканда Ордо даткаларынын ичинен Алымбекке көбүрөөк ыктап, "кан датканы пааналап", Анжыян, Кокон, Маргалаң, Алай, Аксыны аралап, нечен аш-тойго катышып, чыгаан ырчы аталганын, комуз чертүү жагынан "алдына эч ким чыкпагандыгын" баса белгилеп отурат. Ошондо Арстанбек Кокон Ордосуна 1840-жылдардын тегерегинде Мадали-хандын (1822-1842) мезгилинде барат, Мадали-хан 1862-жылы өлтүрүлөт. Эскерте кетүүчү маселе – оозеки маалыматтарда жана акындын ырында Мадали-хан эскерилбей, тескерисинче, Малла-ханга (Мала хан) орун берилет. Буга ачык мисал: Арстанбек Кокон бийлиги тууралуу ырдаган ырында:

Аркы түптө чоң ханы,
Анжыяндык Малахан.
Атка каккан жез казык,
Коргондогу турганы –

Кыпчактардын Мааразык[2]-деп, Ордонун чоң ханы Малла хан десе, Сүйүмбай менен айтышкан учурда казак ырчысы:

Кокондуктун Мала хан,
Кокуйлаган чала хан,
Мактап ырдап жүрүпсүң,
Көк чапанды кийипсиң,
Көтөрүм сартты сүйүпсүң[3]-деп, Арстанбектин астын торойт. Эгерде Белек Солтоноев көрсөткөндөй, барган учуру 1855-жылы[4] болсо, анда Малла-хандын (1857-1862) тушунда Алымбектин Анжыян вилайетин толук бийлеп, Кокон ордосуна таасири артып турган учурду ичине алат. Малла-хан да, Алымбек да 1862-жылы Кокондо өлтүрүлөт. Бирок Б. Солтоноев боюнча деле Арстанбек Коконго 15-16 жашында барат. Туулган, өлгөн жылы

[1] **Кокон Ордосу тууралуу тарыхый маалыматтарды келтирүүдө В. М. Плоских-тин "Киргизы и Кокандское ханство" Ф. 1977., аттуу китебине таяндык.**

[2] **Институттун кору, инв. №129.**

[3] **Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы.**

[4] **Белек Солтоноев. Кыргыз-казак тарыхы, кол жазма, инв. №1057.**



туура эмес көрсөтүлгөндүктөн, датасы артка жылып кеткен сыяктуу. Оозеки маалыматтарда Мадали-ханга караганда, Малла-ханга көбүрөөк орун берилиши 1857-1862-жылдардын аралыгында Кокон Ордосунун бийлиги түндүк кыргыздарында катаал жүрүп, эл эсинде чоң из калтыргандыгы менен түшүндүрүлөт. Ушул жагдайга байланыштуу Мадали-хандын ысымы арткы планга сүрүлүп калгандай түрү бар. Бирок мындан Арстанбек өзү Кокон Ордосуна барган мезгилин гана ырдаган деген жыйынтык чыкпайт. Байкоого караганда, кийинки тарыхый жагдайларга, Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунун артышына, салыктын түрлөрүнүн көбөйүп, калктын каржалышына байланыштуу акындын ырларынын объектиси кеңейип, мазмуну, социалдык маңызы тереңдеп, бүтүндөй хандык кулаганга чейинки мезгилди ичине алган сыяктуу. Буга Кокон бийлиги жөнүндө ырдаган ырларынан бизге жеткен үзүндүлөр ачык күбө. Тилекке каршы, мындай мазмундагы ырлары бизге өтө аз жетти. Бирок ошол азыноолак ыр түрмөктөрүнөн эле Арстанбектин Кокон бийлигинин маңызын калктын сезимине жеткире алган чебер ырчы экендиги көрүнүп турат:

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду,
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин көп кыргыз,
Көк чапан сартка кор болду.

Дегеле ал Кокон бийлөөчүлөрүнүн талоончулук саясатты жүргүзүп, калкты катуу каржалткандыгын таасын айтат:

Азаматтын мойнуна,
Аябаган бүлүктү –
Салып турат кокондук.
Айгыр ат менен атан төө,
Бир айтканын калтырбай,
Алып турат кокондук.
Каарына алганда –
Бели катуу эрлерди,
Жарып турат кокондук.

Бирок алар "алымына ат", "короодон тандап кой", "олпоң" деп, эгин алып гана чектелбестен, салыктын түрүн адам башына чейин жайылтат: "каркырасын сайдырып, дүнүйөсүн жайдырып", ордого "беш көкүл кыз", "оймоктуудан уз алат", "кыл куйрук" атап, кызматына "бойду алат". Арстанбектин өз мезгилинин окуясын реалдуу чагылтышы тарыхый булактардагы жана эл оозеки чыгармачылыгындагы толгон фактылар менен бекемделет. Анткени Кокон бийлиги кыргыз жергесине 1830-жылдардан баштап жайылып, калктын тарыхында катаал кезеңди түзөт. Алык-салыктын түрү чексиз көбөйүп, ырда белгилегендей, эгин-тегин, козу-кой, бодо малдан баштап, ордо кызы, кыл куйрук делип, салык жаш кыз, уландардын башына чейин кеткен. Кокон хандыгы курган чеп-кор-

гондорун, сарбаздар (аскерлер) менен толтуруп, өз бектерин башкартып, каршылык кылгандарды зынданга салып, өлүм жазасын кеңири колдонуп, калкты өтө катаалдык менен бийлейт. Алардын жапайычылык кылык-жоругунан жана ашкере ач көздүгүнөн жабыркаган эл көз карандылыктан кутулуу максатында тынымсыз каршылык көрсөтүп турган. Нарын өрөөнүндө Атантай, Тайлак аталган бир туугандардын Кытай өкмөтүнө жана Кокон бийлигине каршы жүргүзгөн күрөшү калк эсинде бек сакталып калган. Тайлак баатырдын Ак-Талаадагы Куртка чебин ээлеп, бектерди кубалап, сарбаздарын барымтага байлап, туткунга алышындагы баатырдык кыймылы калк оозунда даңазалуу окуяга, уламыш, дастанга айланган. Тайлак баатыр – тарыхый болгон адам, анын Куртка чебин алуу максатында жасаган аракети акыры коргонду талкалап, убактылуу болсо да, алык-салыктан калктын жонун сергитип, журтчулуктун алкоосуна ээ болушу, ордого олжолонуп кеткен кыздарды кайтарып алууга жасаган аракети да турмушта орду бар окуяны түзөт. Тарыхый уламыш боюнча атайылап Кокондон жиберилген тыңчы-табыптын кыянатчылыгынан Тайлак каза таап, кайрадан калк башына каран күн түшөт. Мал-мүлкү таланып, адатынча кыздар олжолонот, баш көтөрөөр эр бүлөөлөр, анын ичинде Тайлак, Атантайдын балдары орго салынып, даргага асылат. Ордого жөнөтүлгөн кыздардын арасында Тайлактын да өз кызы болуп, бир жеңеси төмөнкүчө кошуп ыйлаган экен:

Кара тоону кар алды,
Карчыганы сор алды.
Кан атамдын айымын,
Кара сакал маң[1] алды.

Алык-салык мурункудан да көбөйүп, калк каржалып, азап-тозогу артат. Ошол кездеги калк башына түшкөн оор түйшүк, башчысынан ажыраган элдин кайгы-зары, арман-муңу Тайлак жөнүндөгү аңыз-аңгеме жана ыр, кошоктордо ачык чагылышып, анын өлүмү бүтүндөй журтчулуктун орду толбос оор жоготуусу катарында мүнөздөлөт:

Какырдан алыш чаптырган,
Жериң калды, туйгунум,
Капа болуп, кайгырып,
Элиң калды, туйгунум.
Асмандагы боз торгой,
Жагалмай учса корголор,
Кол тийбеген биздин эл,
Кокондук келсе кор болор.
Кынама жорго минбеген,
Кызылды тандап кийбеген,
Кыздардын буту чор болор.

[1] Маң – нашаачы, айланпаш.

Суксур моюн сонолор,
Кыргыек учса корголор,
Кылдаттагы биздин эл,
Кытай келсе кор болор.
Чачылып суудай каныбыз,
Кылыч тийсе шорголор.
. . . . . .
Калкыңа тийген керегиң,
Кайран Тайлак береким.
Кыркылды чынар терегим,
Кыраан Тайлак береким.[1]

Дегеле Кокон бийлигинин үстөмдүгү учурунда, хан ордосуна жөнөтүлгөн жаш кыздардын тагдыры бөтөнчө аянычтуу эле. Кыргыз фольклорунда алардын муң-зары арман ырларынын өзүнчө чоң тобун түзүп, угуучулардын ички сезимин козгойт. Буга Барпыжан, Топу, Меке аттуу кыздардын жана Кашкарга оокат издеп кетип келгенче зайыбы Толгонайды Кокон беги Исабекке алдырып ийип, жер сыйпалап отуруп калган Андаштын арманы ачык мисал.

Оозеки маалыматтарда Кокон хандыгы Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөңдө чептерди куруп, Көл өрөөнүнө бийлигин кеңири жайылтат. Ырда баяндалгандай, "сарт жыйылып, даң салып", "Караколго там салып" отурукташып, эриккенде пул сайып, кумар ойноп, кыргыз бийиндей санат күтүп, катарлаша бастырып, ыйык жерди тебелеп, сайран курушун сезимтал Арстанбек оор кабыл алат. Ошондуктан Кокон бийлөөчүлөрүнө:

Аргымагын кекейтип,
Көк чапанын тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашкере өттү зордугу-деп, таамай берген мүнөздөмөсү калктын калың катмарына тарап, эл оозеки чыгармачылыгына сиңген.

Кыскасы, акындын өмүрүнүн күрдөөлдүү учуру ушул мезгилге туура келет. Анын жаш кезинде ордодогу жапайычылыкты, ач көздүк, зордук-зомбулук, айрыкча ордо кызы, кыл куйрук болуп барымтага барган өзү куруктуу улан-кыздардын кайгылуу тагдырына күбө болушу – кийинчерээк калктын тагдыры, келечеги, социалдык ал-абалы, Кокон бийлигинин чыныгы маңызы жөнүндө ойлонуп, жыйынтык чыгарууга өбөлгө түзөт. Бизге келип жеткен ырларынын үзүндүлөрүнө караганда, Арстанбек Кокон хандыгы калкты моралдык, материалдык жактан жакырдантуудан башка кыргыздарга жакшы эч нерсе алып келбестигине көзү жеткен. Натыйжада, Кокон бийлөөчүлөрүнө карата акын тарабынан берилген мыскылдуу портреттик элестер жана мүнөздөмө, сыпаттоолор алардын кылык-жоруктарына, кулк-мүнөзүнө шайкеш келип турат:

[1] **Кошоктун толук текстине көз жүгүртсөк, Тайлакка тууганды бар адамдын жоктоосу көрүнөт, балким белгилүү акын тарабынан чыгарылышы да ыктымал, бирок автору унутулуп, элдик оозеки чыгармачылыкка айланган.**

Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта,
Козуга бала чоң эле,
Кокондук бизге кор эле.
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле.
Бутундагы өтүгү –
Аяк каптан зор эле,
Кончундагы кычысы,
Кой тойгондой шор эле.

Арстанбектин ар кыл мүнөздөгү ырлары калктын ой-мүдөөсүн чагылыштырып, тикеден-тике алардын саясий укугун жана турмуштук муктаждыгын коргоого алат. Акындын ырларында журттун бейкутчулугу сыяктуу эл аң-сезиминде түнөк кылган түбөлүктүү идеялар көтөрүлөт. Өзүнүн ырындагы фактыларга жана оозеки маалыматтарга караганда, Арстанбек Кокон хандыгында кадырлуу жүрүп, калкына чоң аброй алып кайтат. Энеси күндүктөн, салбар деген аттан кутулуп, чоң үй менен бирге көчүп жүрүү укугуна ээ болот. Ордо ханы, даткалар менен туз-даамдаш болуп, сыйдын үстүндө жүргөндүгүнө, үйүр жылкы айдап, чоң олжо менен кайтканына карабастан, өчпөс өчү, кетпес кеги ичинде кала берет. Калктын каржалып салык төлөп турушун, эже-карындаш, курбуларынын базарга түшүшүнө күбө болуп, зээни кейип, жаны ачыган Арстанбек Кокон бийлөчүлөрүнүн жер соорусу Караколго келип отурукташып, сайран курганына жаны күйүп, көкүрөгүн тээп, көөдөнүнө батпай турган ачуу ызасын, ордого болгон жек көрүүсүн төрт сапка эле батырып берет:

Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элинди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.

Ушундан эле анын ыр жаратуудагы чеберчилиги ачык көрүнүп турат. Дегеле акын Кокон бийлигинин калкты каржалтып, эзип жаткандыгын өтө курч, кыска, бирок адамдардын сезимине жеткире таамай айтат. Аларды өз тагдыры, социалдык ал-абалы жөнүндө ойлонууга мажбурлайт. Мында бир айта кетүүчү маселе – анын ырында эки хандын (Мадали-хан, Малла-хан) учурундагы тарыхый окуянын изи жатат. Алымбек датканын Арстанбектин ырында же эл оозеки чыгармачылыгында чагылышы тарыхый негизи бар реалдуулуктан келип чыккан. Материал оозеки түрүндө келип жеткендиктен, мурунку окуя артка түшүп, кийинкиси алдыга жылып, мезгили алмашып калышы ыктымал. Алсак, Арстанбек Коконго баргандагы Ордонун ханы Мадали экинчи катарга сүрүлүп, Малла-хан алдыңкы катарга чыкса, Мааразыктын кыргыз ичинде өтө куулук менен кылдат саясат жүргүзүп турган учуру негизинен Тайлактын баласы Осмон датканын Нарын өрөөнүн башкарган мезгилине туура келсе да, оозеки кабарда Мааразык Кокон бийлиги кыргыздарга жайылган бардык учурга таандык ордонун өкүлү катарында маалымдалат.

Арстанбек – чоң арымдагы нускоочу акын. Анын чыгармачылыгында калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы, келечеги негизги темадан болуп, акын турмуштагы, коомдогу, жаратылыштагы бул же тигил көрүнүштү кабыл алуу, туюу мүмкүнчүлүгүнө жана түшүнүү, баамдоо деңгээлине жараша ой жүгүртүп, өз доорунун орчундуу проблемаларын, коомдук-социалдык маселелерин козгойт. Айрыкча моралдык, материалдык жагынан кысымга учураган эл тагдыры жана жер тагдыры өтө курч көтөрүлөт.

Кыскасы, акындын ырларында элдин жүрөгүн өйкөп, көңүлүн чөгөрүп, тынчсыздандырып турган өз мезгилинин орчундуу маселелери бир топ реалдуу чагылдырылган. Арстанбектин калк тарабынан жогору бааланып, эл эсинен түбөлүк түнөк алышынын бирден-бир себеби ушул. Замана-заң жосуну, Кокон бийлиги, айрыкча падыша өкмөтүнүн колониячыл саясаты туурасындагы ырлары тыңшоочуларга күчтүү таасир эткен. Эл жогорку мазмундагы ырларды тегиз тунжуроо менен көздөрүнө жаш алып, зор ынтаа коюп угушкан.

Ыгым-чыгымды, өлүм-житимди көбөйтүп, ансыз да каржалып турган калкты чегине жеткире мөгдүрөткөн бугу, сарыбагыштардын согушу да Арстанбекти кайдыгер калтырган эмес. Өлгөндүн өчүн, кеткендин кегин алып, бири-бирине ыдык көрсөтпөй, бир тууган эки элдин тынчып калышын көксөйт. Ормон манап бугуларга колго түшүп, 1854-жылы өлтүрүлгөндө, анын керээзи боюнча Эсенгул тукуму бугуну үч айлантып чапмакка калкты бүлүнтүп калганда, чатакты ырбатпай, эки элди ынтымакташтыруу максатында сарыбагыштарга төмөнкүчө кайрылат:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар,
Ой, сарбагыш туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенгулдун Ормону –
Эми, кайдан табылар?
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Ой, сарбагыш туугандар,
Эсенгулдун Ормону –
Тирилей кайра келчү эмес.

Ал уруу чатагы ансыз да жик-жикке ажырап, ыдырап турган кыргыз коомчулугу үчүн оор жоготуу жана катуу кайгы экендигин айра түшүнөт. Өз ырында Ормондун өлтүрүлүшү менен айласын таба албай, алдастап калган бугулардын башынан өткөргөн окуяларын реалдуу чагылыштырат:

Ормон ханы өлгөндө,
Акылдан жаман шашканбыз,
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян көздөй качканбыз.
Атандын мурду жырылды,
Анжыян качкан бугу эли,
Андан бетер кырылды.

Уруш-талаштан жаратылыш да жабыркайт, жер томсоруп, табыйгый көркүнөн, ажарын ачкан сулуулугунан ажырап, суйдаң тартат. Жер эне да өз үстүндө бейкутчулукта жашаган эли, жандуу тиричилик менен көркүнө чыгат. Бул идея төмөнкү ыр түрмөктөрүндө ачык мүнөздөмөгө ээ болгон:

Үч-Кайыңды, Богошту,
Үстүндө элиң барында,
Сени – келин менен кыз ашты,
Сени – кара менен көч ашты.
Үстүндө элиң кеткен соң,
Сени – шамалдан башка ким ашты?

Кыскасы, акын өз ырларында уруулардын ынтымагын, бейкутчулук турмуштун салтанатын поэтизациялайт. Аны өз учурундагы көчмөндүү кыргыз турмушунда бирден-бир романтикадай болуп көрүнгөн кыз-келиндер кызылтазыл кийинип, жигиттери шайдоот тартып, жабдыгы келишкен жарашыктуу ат минип, байбичелер көркүнө келтире ак элечек оронуп, алдыларына турмуштун жаман-жакшысы жөнүндө түшүнүгү жок, болбураган бейкапар наристелерди өңөрүп, бөтөнчө шаан-шөкөт менен жолго чыккан кыргыз көчү менен символдоштурат. Жогоруда келтирилген үзүндүдөн эле, анын нукура талант-туу акын экендиги айдан-ачык көрүнөт. Образдары бай, сүрөттөө элестери өтө таамай. Ал өз ырларын кыска жана курч айтып, ага чалкыган терең ойду, кайнаган сезимди батырат. Анын поэзиясынын жагымдуу касиеттеринин бири сөздүн күчү кыскалыгында, тактыгында, ойдун терендигинде жатат.

Арстанбектин ырларынын мазмунуна караганда, бир канча жылга созулган бугу, сарыбагыштардын чабышында, айрыкча Ормон өлтүрүлгөндөн кийин бугу элинин тынчы кетип, бир даары Анжыян, Кашкарга качып, бир катары Текеске, Жылдызга агылат. Акын элдин бейкутчулук турмуштан ажырап, туш-тушка кетип, жер которуп, оор түйшүк тартышына, бугулардын чачырап, биримдигин жоготушуна катуу кайгырат.

Коңур-Өлөң, Ала-Баш,
Коңурсуган кайран саз.
Ал эле биздин жерибиз,
Кайран биздин көлүбүз,
Кайда кетти көбүбүз?
Кошулган малын жоготпос,

Коңур бугу элибиз?-деп, суроо салып, жоктой келип, калк башына түшкөн кайгылуу тагдырды таасын тартат:

Элибизден ажырап,
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болуп турабыз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болуп турабыз.

Жогоруда акындын уруш-талаштын кесепетинен тукулжурап турган бугулардын оор абалын алты сап ырга батырып бере алган чеберчилиги көрүнүп турат.

Арстанбектин Кокон бийлиги, бугу, сарыбагыштардын чатагы учурунда көп ырдаган болсо да, үзүндүлөр гана келип жетти. Бирок ошол азыноолак ырлардан эле Кокон хандыгынын кыргыздарга көрсөткөн зордук-зомбулугун, талоончулук саясатын, бугу, сарыбагыш урушунда, айрыкча бугулардын чабылып-чачылып, тукулжурашын көрсөтүүдө реалдуулук ченемин жоготпойт. Кыргыз турмушундагы кайгылуу кырдаалдарды жалпылай келип, образдуу түрдө эл сезимине жеткирет. Акындын жогорку ырлары ооздон-оозго өтүп, авторлугун жоготууга баш коюп, эл оозеки чыгармачылыгына сиңип кетиши бекеринен эмес, калктын ой мүдөөсүнө жана турмуш чындыгына шайкеш келиши менен түшүндүрүлөт.

Кыскасы, XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз коомчулугу саясий-экономикалык оор жагдайды башынан өткөрүп турган. XVIII кылымдын ортосунда Цин империясы тарабынан Жунгар мамлекетинин талкаланышы менен айрым түндүк кыргыз уруулары негизинен XVIII кылымдын аягына чейин да, Кытай империясына көз каранды болуп келген. Ал эми Синьцзян провинциясы менен чектеш жашаган черик, чоң багыш жана бугу уруусунун бир бөлүгүндө Түндүк Кыргызстан Россияга кошулганга чейин да алардын таасири күчтүү болгон.[1] 1770-жылдары Аблай-хандын Орто жүздө өз бийлигин бекемдеп, андан ары Улуу жүз жана түндүк кыргыздарына жайылтуу максатында Талас жана Чүй өрөөнүнө кол салышы менен кыргыз, казактардын ортосунда катуу кагылуулар жүрөт. Ошондо сарыбагыш ичиндеги тынайдын бийи Атаке өздөрүн казак султандарынын чабуулдарынан калкалап калуусун өтүнүп, Россияга өкүлдөрүн жиберет.[2] Жогоруда белгилегендей, Арстанбек да кыргыз турмушундагы тарыхый оор кырдаалдын бир катарын башынан өткөрөт. Айрыкча Ысык-Көл кыргыздарынын Мадали-хандын мезгилинде катуу бекемделген Кокон бийлигин ыдыратып, курган чептерин талкалап, алык-салык жыйноого келген адамдарын кубалап, катуу каршылык көрсөтүшү – алардын Ордо менен мамилесинин бузулушуна түрткү болуп, Кокон хандыгы кандайдыр бир ыңгайлуу учурду күтүп, катуу тирешүү жүрүп турат. Ошондой эле кыргыздардын коомдук түзүлүшүндө уруу, урукка жиктелүү кеңири жайылып, табыйгый түрдө патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн жол-жосуну, мыйзамы өкүм сүргөн. Мындай шартта уруу, уруктардын чыр-чатагы ырбап, солто, сарыбагыштар, саяк, бугулар менен чабышып турат. Ал эми сарыбагыш менен бугулардын бири-бирин талап, эр өлтүрүп, 2-3 жылга созулган согушу – калкты катуу каржалтат. Айрыкча Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийинки бугу элинин ал-акыбалынын Арстанбектин

[1] 1 Б. Жамгерчинов. Очерк политической истории Киргизии XIX века. Илим, 1986, стр. 19.

[2] Ошондо, стр. 24.

ырында реалдуу чагылышкандыгын жогоруда белгилеген элек. Мындай тарыхый кырдаалда 1844-жылы бугулардын башчысы Боромбай, 1847-жылы сарыбагыш уруусунун билермандары Жантай, Ормон, солтодон Жангарач өздөрүнө караштуу түтүнү менен Россиянын карамагына кошууну өтүнүп, падыша өкмөтүнө кайрылышат.[1]

Ушундай эле кайрылуулар 1851-жылы Боромбай, Ажыбек, Жантай, 1853-жылы Ормон тарабынан да болот.[2] 1855-жылдын январында Ысык-Көлдүк кыргыздар Россиянын карамагына өтөт. Натыйжада, кыргыз жергесинде колониячыл бийликтин орношун тездеткен жагдайлар, өбөлгөлөр түзүлөт. Бул жөнүндө Боромбайдын керээзинде жана Арстанбектин Боромбай менен коштошуу мүнөзүндөгү ырында ачык маалымат сакталган:

Ормон хандын зарпынан,
Баштап келип орусту –
Пааналаткан сен элең,
Паашага жаккан эр элең.
Бак тигип, эгин айда деп,
Жөн-жай оокат кайда деп,
Кышы жылуу малга жай,
Жери суулуу, данга бай,
Чычкан, Даркан жайла деп.
Кашкар жакка барба деп,
Айтып жүргөн сен элең,
Акылың кимден кем элең?[3]

Ошондой эле Арстанбектин керээзиндеги:

Орус келет дегенде –
Зарлап ыйлай баштадым,
Журт башына жакпадым сыяктуу маалыматка караганда, бул маселе боюнча Боромбай экөөнүн ортосунда пикир келишпестик болгон көрүнөт.

Арстанбектин "Тар заманы" кыргыз тарыхынын ушул мезгилин баяндайт. Шарттуу алганда ар кандай мазмундагы санаттын жыйындысын түзөт. Өзүнүн обону, аткаруу манерасы, кайрык-кайталоолору бар. Бирок форма жагынан дидактикалык чыгармага окшошуп турганы менен өз алдынча жанрдык өзгөчөлүккө ээ. Мазмуну кеңири, санат, терменин чегинде калбастан, замана заңы, калктын келечеги сыяктуу коомдук, социалдык маселелерди козгоп, терең ой жүгүртүшү менен айырмаланып турат. Дегинкиси, Асан Кайгынын философиялык мазмундагы толгоолоруна үндөш. Ошондуктан поэтикалык толгоо же толгонуу атоо чыгарманын ички маңызына, мазмунуна туура келет.

Кантсе да, Арстанбектин чыгармачылыгынын күрдөөлдүү, көркөм өнөрдүн эң бийиктикке көтөрүлгөн учурун падыша өкмөтүнүн бийлиги кыргыз жергесине орногон мезгилде жараткан чыгармалары түзөт. Алсак, "Тар

[1] Жогорку эмгекте, стр. 113.
[2] Ошондо, стр. 138.
[3] Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы.

заман" – акындын турмуштук жана социалдык көз карашынын жыйындысы, автордун өз позициясы. Ошондуктан ага реалдуу баа берүү зарыл. Чыгарманын түзүлүү, калыптануу аймагы бир топ узак. Ал бир эле мезгилде түзүлбөстөн, болжолдуу түрдө 1852-1870-жылдардын аралыгын камтыйт. Шарттуу түрдө окуясы эки бөлүктөн турат:

1. Орустар басып келе жатат деген кабардан улам ырдалган ырлар. "Орус келет" деп, өз алдынча да аткарылчу дешет. Бирок кийинчерээк "Тар заманга" кошулуп, негизги окуяга өтүү алдындагы киришүү милдетин аткарып калган сыяктуу.

2. Орус колониячылары кыргыз жергесине келип отурукташып, жер-жерлерге пикет куруп, суулуу, оттуу жерлерди ээлеп, өз мыйзамын, саясатын жүзөгө ашырып, бийлик жүргүзгөн мезгилде өзү күбө болгон окуялардын чагылышы. Акындын кабылдоо, баамдоо мүмкүнчүлүгү, көз карашы, чеберчилиги ушул учурду баяндоодо ачык көрүнөт.

Арстанбектин заман ырын жаратууда өзүн чоң сүрөткер катарында көрсөтөт. Көркөм сөздүн күчү менен айрым маселе боюнча туура эмес позицияда турса да, өз айтканына калкты ишендирип, замандын катаалдыгын эл сезимине жеткирет. Акындын күчтүүлүгү ушунда турат. Буга бир мисал: "баласы бараң аткан, кыздары кымкап кийген", "жарды, байы белгисиз", "кунан, тайы мингисиз", "кулу, бийи белгисиз" илгерки ата-бабасы жашап өткөн доорду идеялизациялай келип:

Эми, баатырлары пас болду,
Балакет капыр кас болду.
Кымкап кийген кыздардын,
Тал-талдан өргөн чачтары,
Осмо койгон каштары –
Түйдөктөлүп жүн болду.
Эндик жапкан беттери,
Кызылы өчүп, боз болду,
Кыйын заман кез болду.
Каса элечек байбиче –
Кара жоолук салынып,
Казан кармар күң болду.
Кайсы бирин айтайын,
Кадеми кетип кыргыздын,
Кандай гана күн болду?-деп, жыйынтыктайт.

Ырдагы жаратылыштан алынган параллелизмдик салыштыруу акындын оюнун ажарын ачып турат:

Эми, жыты кетти жалбыздын,
Жарыгы өчтү жылдыздын.
Баасы кетти кундуздун,
Байымы кетти кыргыздын.
Барбардигер кудурет,
Пааналаган пендеңе –
Кандай күндү туугуздуң?!

Кыскасы, Арстанбектин чыгармачылыгын кандай көз караштa туруп баалабайлы, анын көркөм сөздүн чебери, чоң акын экендигин жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Бул анын аброюн арттыруу максатында айтылган жөн жай гана сөз эмес, кийин колго тийген чыгармаларынын негизинде чыккан реалдуу пикир. Ага Каңтарбай менен айтышы ачык күбө. Бул чыгарма "Тар заман" менен тикеден-тике тутумдаш. Айтылыш шартына, ордуна карай айтыш дегенибиз менен акындын өзү жашаган мурунку, кийинки доор, замана заңы, калктын келечеги жөнүндөгү ой толгоолору, анын мазмунун түзүп, жанрдык жагынан салттуу айтыштан айырмаланып турат. Маалымдоочулардын кабарында "Тар заман" көлөмдүү, узак ырдалып жүрсө да, бизге кыскарган түрү келип жетти. Оозеки жашагандыктан, алымча-кошумчага учурашы да табыйгый көрүнүш.

"Тар заманды" жаратууда Арстанбек таянган чыгармачыл өбөлгөлөр жөнүндө ырларында айрым маалыматтар орун алат. Ал "Каңтарбай менен айтышындагы" фактылардан ачык көрүнөт. Жаш кезинде акыр заман жөнүндө "уламадан улап", "илгеркинин жакшысы, олуя сындуу бакшысы" (сөз Калыгул жөнүндө бара жатат) уккандыгын, казак бийи Мөңкөнүн да айткандыгын чыгармаларында эскере кетет. Жалпы замана идеясынын башат алышы орто кылымда эле башталып, акырындык менен Орто Азия, Казахстан аймагына тараган. Бирок суфичил акындардын тунгуч өкүлү эсептелген Ходжа Ахмед Яссави, Рабгузи, Сулейман Бакирганилердин заманачыл поэзиясынын төкмө акындарга канчалык өлчөмдө таасири тийгендигин так айтуу кыйын. Кыргыз адабиятынын тарыхында замана поэзиясынын баштоочулары катарында эсептелген Калыгул, Арстанбектердин чыгармаларында диндик-мистикалык түшүнүк басымдуу эмес. Бирок акыр заман, замана идеясы көбүнесе уламыш, аңыз түрүндө жана китеп аркылуу кыргыздарга да тарап, белгилүү өлчөмдө жазгыч акындарга гана эмес, төкмө ырчыларга да таасирин тийгизген көрүнөт. Алсак, замана поэзиясынын айрым мотивдери Асан Кайгынын толгоолорунда да орун алат. Ал эми бул салттуу темага кайрылуу падышалык бийлик Орто Азия, Казахстанга жайылган мезгилде айрыкча күч алып, белгилүү даражада ошол элдин коомдук-социалдык, турмуштук маселелерин, каада-салттык, адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүн чагылыштыра өзүнчө бир адабий форманы түзөт.

Коңшу казактардын Россияга кошулушу бизге салыштырганда эрте башталып, 1731-жылы Кичи жүздүн, 1740-жылы Орто жүздүн, 1846-жылы Улуу жүздүн Россиянын составына кириши менен өлкөнүн административдик бөлүнүүлөрүнө, башкаруу системасына өзгөрүүлөр кирип, патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн жол-жобосуна негизделген ата уулдарынын чексиз бийлиги чектөөгө алынат. Ушундай тарыхый кырдаалда замана поэзиясына болгон кызыгуу бир топ жанданып, Дулат Бабатай уулу (1802-1871-жж.), Шортанбай Канай уулу (1818-1881-жж.), Мурат Мөңке уулу (1843-1906-жж.) сыяктуу замана поэзиясынын өзүнчө бир топ өкүлдөрү пайда болуп, алардын чыгармачылыгында казак коомунун башкаруу тартибине, турмуш-тиричилик, жүрүм-турум нормасына кирип жаткан өзгөрүүлөр замана-заңдын бузулушу, акыр замандын белгиси катарында баяндалат:

Ай, заман-ай, заман-ай,
Тусти мына туман-ай,
Истиң бари күмөн-ай,
Баспак, тана жиылып,
Фани болгон заман-ай,
Кул-кутандар жиылып,
Куда болгон заман-ай.

(Бухар жыраудан)

Заман акыр болганда,
Алуан-алуан жан шыкты,
Хайыры жок бай шыкты,
Самаур менен шай шыкты,
Сауп ишер сүти жок,
Акша деген мал шыкты.
Минип жүрөр күши жок,
Тарантас деген ат шыкты,
Ул сыйламас атасын,
Атасы бермес батасын,
Старшин, болыс кояды,
Кайдагы асыл задасын.

(Дулат жыраудан)

Атанын тилин улы алмас,
Ананын тилин кызы алмас,
Айта берип кайтейин,
Өлинин тилин тири алмас.
Жакыннан шыккан жаксыны,
Агайын-журты көрө алмас.
Заман акир белгиси,
Бирге туган бауырың,
Тату да болып жүрө алмас.

(Шортанбайдан)[1]

Кыскасы, биринчиден, чоң аш, тойлорго катышып, казак калкын аралап, не бир сөзмөр адамдар, ырчылар менен баарлашып жүргөн Арстанбек коңшу элдердеги болуп жаткан жагдайлар жана замана ырлары менен кабардар эле. Булар кыйыр түрдө болсо да, анын чыгармачылыгында өз изин калтырган. Экинчиден, Калыгулдун "Акыр заман" жөнүндөгү масел сөздөрү ошол заманда өз чөйрөсүндө кеңири талкуугa алынып, зор кызыгууну туудурган чыгармадан болгон. Арстанбек "дечү эле" деген ыкманы колдонуу менен өткөндө улама, аңыз болуп айтылып жүргөн сөздөрдү жана акылмандын масел кебин, "Акыр замандагы" ойлорду улантуу менен маанисин кеңейтип, толуктап өнүктүрүп, поэтикалык формага түшүргөн. Кабарчылардын айтымында, падышалык бийлик кыргыз жергесине орногонго чейин "Акыр заман" өз алдынча да аткарылып жүрөт. Бирок бизге толук жеткен жок.

[1] **XVIII-XIX гасырлардагы казак акындарынын шыгармалары. Алматы, 1962, 40-41-б., 67-б., 152-153-бб.**

"Тар заман" чыгармасынын негизги бөлүгүн кыргыз жергесине колониячыл бийликтин орношу, өзү күбө болгон окуялар түзөт. Падыша өкмөтүнүн колониялдык саясатынан калктын моралдык, материалдык жактан жабыркашын бир топ реалдуу талдайт: алар жайлуу конушунан ажырап, тоо-ташка сүрүлөт, келгиндер суу башына ээлик кылат, "майыры башында", "мылтыгы кашында" орус чиновниктери баш көтөргөндөрдү түрмөгө салып, же Шиберге айдап, калктын үшүн алат. Ошондуктан "тырашманке минем деп, майыр деген эмеси, жылкыдан тандап" карматып алганда, "өз малымды бергин" деп, "үрөйү учкан кыргыздын" бири да сурап барууга батына албайт. "Орустун мужугу жерди казып каңтарып" отурукташып, "ыплас чочкосу" жер-сууну "макирөө" кылат. "Салам айтсаң, алик жок", "шарыят менен иши жок" жергиликтүү калкка үстүртөн карап, текебердик менен мамиле жасайт. Журт кишиси Балбай сыяктуу баатырларды түрмөгө камап, тымызын уу бердиртип, амал менен көзүн тазалайт. Күндө мыйзам чыгарып, катуу бийлик жүргүзөт. "Болуш" аталган кыргыздар "өз колунда бийлик жок, кулаалы болуп салпылдап", бийлик өкүлдөрүн "ак сакалдуу акесиндей сыйлап", кошомат кылат. "Жасоолдор жардынын жалгыз атын каректап минип", "катар-катар дүрүйө кийип", "жардынын баарын какшатып", "элге бүлүк салат".

Арстанбек падышалык чиновниктердин жаратылыш байлыгына жырткычтык менен кылган мамилесине зээни кейийт:

Каз-өрдөк калды балаага,
Байыры кыргыз кылбаган,
Балакеттүү жалаага.
Топ-тобу менен кармады,
Толгоп туруп байлады.
Жүнүн жулуп жулмалап,
Канатын кыркып куйкалап,
Катары менен жалмады,
Айтарга сөз калбады.
Мылтык үнү тарсылдап,
Көлдүн үстү кан болду.
Жаш балапан чуркурап,
Жулунган жүн бырпырап,
Жалпы журтка даң болду.
Каары катуу заманды –
Айта берип күн-түнү,
Арстанбек башы маң болду!

Акын падыша өкмөтүнүн кыргыз жергесине орногон мезгилин "азуулуга бар заман, бечарага тар заман" катарында мүнөздөйт. "Кара жол кылар көлүндү", "касапка салар элинди", "солдаттыкка берерсиң, ичинден чыккан баланды"-деп, кыргыз элин келечекте кандайдыр бир коогалаңдуу катаал тагдыр күтүп тургандыгын реалдуу баамдайт. Чоң акын замандын түрүн, колониячыл бийликтин оорчулугун калкка жеткирүүдө чыгармачыл ой жүгүртүү (вымысел) ыкмасын кеңири колдонот:

Оо, армандуу дүнүйө,
Тоо-ташыңдын көркү жок,
Өрүп жүрчү түлкү жок,
Өргөө толгон мүлкү жок.
Күмүш кармар зергер жок,
Күлүк чабар эрлер жок.
Кайберен атар мерген жок,
Калк арасы бөксөрдү,
Арстанбек айтып теңселди.
Көркү кетти жериндин,
Мүлкү кетти элиндин,
Күлкүсү өчтү эриндин.
. . . . . .
Саны кетти жашыңдын,
Сыны кетти башыңдын,
Сыйы кетти ашыңдын.
Азапка калган кайран эл,
Эми, кайда жашындың?

Кыскасы, Арстанбек залкар таланты менен калктын кадыр-сыйына ээ болгон, эл анын чыгармаларын өз турмушунун күзгүсү катары кабыл алган.

Ал эми Калыгул, Арстанбектин сөздөрүнүн калктын калың катмарына кеңири сиңип, замана тематикасынын, ойлорунун калк арасына, акындар поэзиясында тамыр жайып, тамырланып кетишине 1916-жылкы калк башына түшкөн катуу мүшкүл, падыша өкмөтүнүн кысымынан жабыркап, башына азаттык издеп, Кытайга үркккөн кыргыздардын оор жоготуулары, массалык түрдө кырылган трагедиялуу тагдыры себеп болот. Замана поэзиясы XIX жана XX кылымдын башында да акындар чыгармачылыгында салттуу тема катарында уланып келет. Ага мисал: Солтобайдын "Жарыктыгым Көл-Атасы", Молдо Кылычтын "Зар заманы", Алдаш Молдонун "Хал заманы", Тоголок Молдонун "Зар заманы", Жеңижок, Сагымбай, Алтай Айдарбек уулунун "Заманалары". Демек, мындан кыргыз поэзиясынын тарыхында замана поэзиясы өзүнчө бир күрдөөлдүү форма катарында орун алгандыгы ачык көрүнүп турат. Айрым фактыларга караганда, азыр да жанданууалдында тургансыйт. Ошондуктан салыштыруу ыкмасын кеңири колдонуп, замана поэзиясын иликтөө, изилдөө объектисине киргизүү зарыл.

Албетте, жарым кылымга жакын убакыт Арстанбектин тегерегинде чуулгандын болуп келишинин да негизи бар. Анткени ал өз доорунун, өз заманынын акыны, бий баласы, журт мыкчыгерлеринин арасында кадырлуу, сыйлуу жүрүп, өз уруусунун "жомогун айтып", белгилүү деңгээлде патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн идеологиясын коргогон адам. Бул же тигил жагдайга баа берүүдө да ушул позицияны бек туткан учурлары байкалат. Ошондуктан аны ашыкча демократ кылуунун же эскичил деп саясий күнөө тагуунун да зарылдыгы жок. Өз учурунда анын чыгармачылыгына баа берүүдө ушул жактары, ал жашаган мезгилдин

тарыхый шарты, акындын чөйрөсү эске алынбай калган. Анын үстүнө бир бүтүн жыйынтык чыгарууга да материал жетишсиз эле.

Реалдуу, калыс талдай келгенде, табыятынан сезимтал, кыраакы акын Орус падышачылыгы бирде жеңип, бирде чегинип турган Кокон Ордосу же кытай, калмак төбөлдөрү эмес, курал-жарактуу, мыйзамы бар, түптүү, күчтүү мамлекет экендигин тааныйт. Ошондуктан алар басып келе жатат дегенде эле "орус келе жатыры" деп, зарлап ырдап, катуу дүрбөлөңгө түшөт. Орустарды тили, дини жана дили бөлөк чоочун калк катарында эле эсептейт. Бул – реалдуулук. Аны кучак жайып, достошуп калды десек, чындыктан четтеген болобуз. Арстанбек орустар келген кезде:

Жайлоо тургай, жер кайда,
Жайылып жаткан эл кайда?
Ачып кирер көр кайда?
Мусулман уулу дуңкана,
Ажыларга дин кана?-деп, ырдай келип, "казак, кыргыз биригип", "Кашкардагы Бакдөөлөттү ата кылып алсак бейм" деп да ой жоруйт.

Албетте, кыргыз жергесинде падышачылык бийлик орношу менен кылымдар бою өкүм сүрүп келген уруучулук, уруктук жол-жобого негизделген журтту башкаруу системасына, чарбачылык иштерине, соттук мыйзамга өзгөртүү киргизип, ата уулдарынын чексиз бийлигин чектөөгө алуу зарыл болучу. Орус өкмөтүнүн ушул саясатын Арстанбек толук түшүнө алган жок, муну замана-заңдын, нарк-нусканын бузулушу катарында баамдады. Анын бул көз карашы "Тар заманда", айрыкча "Кантарбай менен айтышында" ачык-айкын берилген:

Мурункунун наркында,
Кыргыз, казак калкында.
Миң жылкыда жорго жок,
Миң түтүндө молдо жок.
Кызыл кагаз пулу жок,
Эки бөлөк үйү жок,
Элүү башы бийи жок.
Араба менен чана жок,
Торпок менен тана жок.
Каары катуу капыр жок,
Кайкалап баскан майыр жок.
Жазалоочу соту жок,
Жазаңды берчү оён жок,
Калктын болчу көңүлү ток.
. . . . . .
Байыркыны ойлосом,
Байтерек түгүл, чырпык жок.
Байыр кылар бийиң жок,
Баш калкалар ийин жок.

Ынтымак курган айыл жок,
Ызаат кылар байың жок.
Карагайда чайыр жок,
Кара тутар жайың жок.
Айта берип эрте-кеч,
Арстанбектин ичи чок.

Бара-бара акын орустардын "тамыры терең", "көк жалтаң", "арбагы күчтүү", аскер кызматына элпек, чарбачылыкка эптүү экендигин баалаган өңдүү. Орустар келгенде Кашкарга кире качып, кайра келген бугуларды мал багып, эгин айдап, отурукташууга чакыргандыгына караганда, алардын "бекемдеп салган там-ташы", иреттүү чарбасы көңүлүнө ынаган көрүнөт. Ошондой эле орус бийлиги уруулар арасындагы чыр-чатакты токтотуп, жылкы тийип, эр өлтүрүп, барымталашуунун жолун бууп, ууру кылгандарды мыйзам жолунда жазалап, тартип орнотууга жасаган аракетин:

Сары орус султан болгону,
Саамал ичип кеңелдик,
Сарыбагышка теңелдик[1]-деп, жакшы жышаан катарында эсептейт. Ырындагы маалыматка караганда, падышалык бийликтин өкүлдөрү акынды өз жагына тартууга аракеттенет. Уезд башчысы – майор бир жыйында Караколдо уруларга сот болгондугун, качкандарды кармап жок кылгандыгын, журт башкарууга кимдерди дайындагандыгын, мыйзамды бузгандарга кандай жаза колдонорун калкка угуз деп, Арстанбекти жарчы кылат. Ошондо ал ыңгайлуу кырдаалдан пайдаланып, бугулардын Ормондон көргөн запкысын, ал өлгөндө катын-балдардын олжолонуп кеткенин айтып түшүндүрүп, аларды кайта кайтарып келет.[2] Андан ары орус чиновниктеринин акынды өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга жасаган аракетинен майнап чыкпагандай.

Жыйынтыктаганда Арстанбек колониячыл бийликтин маңыз-мазмунун бир топ күчтүү, реалдуу талдап, поэтикалык формада калк сезимине жеткирет. Мурун-кетки андан ашыра ырдаган ырчы болбосо керек. Экинчиден, айрым маселелер боюнча патриархалдык-феодалдык нарк-нускасынын позициясында туруп, аны коргоого алган. Кыргыз жергесинде падыша өкмөтүнүн бийлигинин орношу менен башкаруу иштерине, турмуш-тиричилик, каада-салт жана адамдардын жүрүм-турум эрежелерине, кулк-мүнөзүнө кирип жаткан өзгөрүүлөрдү баамдап, аны терс көрүнүш катарында кабыл алган.

Арстанбек өз чыгармачылык өмүрүндө арман, санат, терме, керээзден тартып, коомдук-социалдык мааниси терең көлөмдүү толгоолорго чейин жараткан. "Төштүк", "Кожожаш", "Чоро", "Бердикожо жалгызым", "Беш казак" сыяктуу эпос, поэмаларды жана "Көкөтайдын ашын" чебер аткарган дешет. Бирок ал айткан эпикалык чыгармалардын биринин да тексти бизге жеткен жок.

[1] **Институттун кору, инв. №1057.**
[2] **Институттун кору, инв. №59.**

Арстанбек айтыш өнөрүнүн ири устаты. Өз ырындагы маалыматка жана Чоңду ырчынын:

Чынында да Арстанбек,
Ырчылыкка мыктысың,
Айтышам деген акынды,

Алкымдан алып жыкчусуң-дегенине караганда, бир да акын айтышта, комуз чертүүдөн астына чыкпайт. "Керээзинде" 16 жашында Кокон Ордосуна барып, көптөгөн комузчулар менен чертишип, ырчылар менен айтышканын эскерсе да, жалгыз гана Сарт ырчы (Ысакан) менен комузда беттешкендиги жөнүндө маалымат бар. Ары акын, ары чоң комузчу Музооке менен комузда күч сынашып, ырдашкан дешсе да, тексти бизге жеткен жок. Казак Тезек төрөгө барып, "Тар заманды" ырдап, купулуна толот. "Экөө айтышыптыр" деген да сөз бар, бирок колдо материал жок. Казак акыны Каңтарбай жооп кайтарбастан жеңилсе, Сүйүмбай экөөнүн айтышы эки чоң акындын сөзгө болгон чебердигин, логикасынын күчтүүлүгүн айкындап, айтыш өнөрүнүн бийиктикке көтөрүлгөн классикалык формасын түзөт.

Айтыш 1852-жылдары Жети-Өгүз тараптагы бир чоң ашта өтөт. Эки жыл мурун Түптөгү Аалыбайдын ашында Катаган ырчыга жол берип, Сүйүмбай менен беттеше албай, өкүттө калган Арстанбек кыргыз ханзаадаларынан бир нерсе үмүтөтүп отургандыгын айтып, жөн жай саламдашып, ырдап жаткан казак ырчысына сөз кылтагын ыргытып, айтышка чакырат. Айтыш бир топ узак. Ашыкча кордошуу тенденциясы орун албайт. Чыгарма сөз жарыштыруу багытында жүрүп, эки чоң акындын чеберчилиги, ырчылык кудурети сынга түшөт. Алардын поэтикалык каражаттары, колдонгон ыкмасы, санат, терме сөздөрдү кеңири пайдаланышы өз алдынча изилдөөнүн предметин түзөт. Арстанбек айтыштын татаал формасы – табышмактуу айтышта да ой жүгүртүү дараметинин бийиктигин көрсөтөт. Мындай айтыштын устаты катарында калкка таанымал Чоңду ырчынын ар багыттагы суроосуна так жооп таап, өнөрлөшүн оңтойсуз абалда калтырат. Албетте, булар бизге белгилүү гана фактылар, канчасы көмүскөдө калып, унутулгандыгын болжоо кыйын. "Керээзиндеги" маалыматка, айрым кабарчылардын билдирүүсүнө караганда, Арстанбек комузчулукту жана ырчылыкты бирдей алып жүрөт. Ормондун уулу Сейилкан менен чертишип, жеңиши калк оозунда аңызга айланган.

Кыргыз маданиятынын тарыхында Арстанбектин музыкалык мурасы – текстүү жана кара күүлөрү чоң из калтырган. 500гө жакын күү чертиптир, эки жүзү өзүнүн төл чыгармасын түзөт деген сөз бар. Бирок негизинен анын музыкалдык мурасына кол тие элек. Алгач 1922-жылы К. Мифтаков 37 күүнүн тизмесин берген.[1] Кийинчерээк залкар комузчулар аркылуу бизге жеткен "Арстанбектин арманы", "Кербези", "Кет Букасы", "Ат чубатар ботою", "Солтон Сары", "Анжыян күүсү" укандарды кайдыгер калтырбайт. Албетте, Арстанбектин күүлөрүнүн көбү бир нече адамдардын аткаруусунда бизге жетип, фольклордук мүнөз алган. Кеч болсо да иликтөө, изилдөө ишин колго алуу – музыка изилдөөчүлөрдүн алдында турат.

[1] Институттун кору, инв. №1013, №2.

Өзүнүн чыгармачылык багыты боюнча Арстанбек нускоочу акындардын ири өкүлү. Анын нускоочулугу ар бир чыгармасынан – айтыштарынан, керээзинен, санат, термесинен, айрыкча Жеңижок менен жолугушуп, ырдашканынан ачык көрүнүп турат. Ырларындагы маалыматка караганда, көптөгөн манасчы, ырчы, комузчулар, казак акындары менен жолугушат. Келдибек, Акылбек, семетейчи Назардын аткаруудагы чеберчилигине, көркөм сөздүн сыйкырдуу күчүнө таң калып тамшанса, Солтобайдын "жакшы чыккандыгына" кубанып, "мен өлгөндөн кийин нуска сөзүм айта жүр" деп, керээз калтырат. Чоңдуну чоюлган сыпаа ырчы атап кадырласа, Эсенаманга өзгөчө баа берет:

Эсенаман эски ырчы,
Элге жаккан кексе ырчы.
Жомоктун болчу молдосу,
Айтыштын болчу жоргосу.
Нуска сөзгө нар эле,
Айтканындай бар эле.
Кызыл тили курч эле,
Ырчылардын мурчу эле.

Наркүлдүн ырчылыгы бардыгын баамдай келип:

Ажары бар алынча,
Шыңга бойлуу, чекир көз.
Айткандары шар экен,
Кажаң кара сөздөрдү –
Камырдай жууруп жиберген,
Калпыс жери бар экен.
Атагы бар чоң ырчы,
Айтышпай турган жан экен-деп, нааразы болот. Адигене Нурмолдонун шарыятка шар молдолугун, "пайгамбардын тарыхын балкып ырдаган" ырчылыгын жогору баалайт. Жеңижок менен ырдашканда өзүнүн нускоочулугун таасын айкындайт. Анын "комуз күүсүн так келтире албаган" тайкылыгын, оң-сол кыргыздарынын санжырасын "ундай элеп", айта албаган "сылтыган" жерин белгилей келип, ырчылык дараметине тендеш таппайт:

Ырчы балам, Жеңижок,
Сенде – ырчылыктын кеми жок.
Ырдасаң сөзүң нар экен,
Түбү терең ор экен.
Сени менен беттешкен,
Ырчылардын шору экен,
Айтышкан адам кор экен.

Ал эми акындыктын жол-жобосу жөнүндө айткандары, улуу ырчынын өз өнөрлөштөрүнө калтырып кеткен сабагы, муундан-муунга өтө турган мурас, азыркы күндө да өз күчүн, маанисин жоготпогон улуу сөз:

Ырчы болсоң – сынчы бол,
Зөөкүрдү чабаар камчы бол.
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Ашта-тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол.
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
. . . . . .
Таразанын ташы бол,
Акындардын башы бол,

Манасчыны түнөп, жомокчуну издеп, кошокчуну кошуп, ушакчыны уктап ук-дейт. Кыскасы, Жеңижоктун нуска сөздөрүнөн адамзат баласынын жашоосунун туш тарабына көз чаптырып, жаман-жакшысын кылдат талдап, өз боюна сиңиргин деген жыйынтык чыгат. Ал эми улуу акындын көркөм сөз кудурети, кадыр-баркы жөнүндө айткандары ырчылар үчүн чоң үлгү:

Баркыңды төмөн түшүрбө,
Бар атыңды өчүрбө.
Кадырыңды түшүрбө,
Кадими атың өчүрбө.
Адеби жок ырчынын,
Артында жаман сөз калат.
Анык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү кеп калат.

Акындын санат, термелеринде турмуш, табият, өмүр, өлүм мыйзамы, адамдардын жаман-жакшы сапаты, агайын-туугандын, үй-бүлөөнүн ынтымагы, жаш өспүрүмдүн, кыз-кыркындын таалим-тарбиясы, журт башкаруучунун инсандык бийиктиги ж.б. ар кырдуу, ар тараптуу маселелер козголот. Анын көбү бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой, алдыңкы катарга чыгып отурганына төмөнкү ыр түрмөгү ачык күбө:

Калктын жетпей баркына,
Жакырдык жанды кыйнаса,
Өйдө-төмөн чарпыла,
Акимдин жайы – кара жер.

Жогорку ой экинчи бир термесинде терендейт:

Калкы турса каржалып,
Калктын камын ойлобой,
Келечегин болжобой,
Казына чачса калактап,
Эки көзү алактап,
Бул – кара өзгөй аким белгиси.

Кыскасы, акындын санат, термелеринде канча бир ачылбаган сырлар, айтылбаган мааниси терең философиялык ойлор жатат. Мындан ары терендеп, изилдөө иши колго алынат деген ойдобуз.

Канткенде да калк кадырлаган улуу инсан, залкар акын, чыгаан комузчу, ырчы, обончу-күүчү Арстанбек эл эсинде гана эмес, кыргыз адабият тарыхында да өз ордун ээлеши абзел.

("Арстанбек" китеби, Бишкек – 1994, Академиялык басылыш, 3-39-беттер)

Шаршенбек Умөталиев,
филология илимдеринин кандидаты

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

Редакциядан: *Бул макала болжол менен мындан 7-8 жыл мурда, өлкөбүздө коммунисттик идиологиянын арааны адаттагыдай жүрүп турган мезгилде жазылган. Ошол себептен анын кайсы бир жактары, айрым бөлүктөрүндөгү ой-пикирлер, айрыкча тап күрөшүнө байланыштуу жол-жоболору азыркы учурдун талабына, соңку жылдардагы рухий өзгөрүүлөргө шайкеш келбей калды. Ошондуктан окурмандарыбыздын автордун позициясын журналдын позициясы катарында кабыл албоону өтүнөбүз. Ден соолугуна байланыштуу азырынча Шаршенбек Умөталы уулунун өз эмгегин кайрадан иштеп чыгууга, оңдоо-түзөтүүлөр киргизүүгө мүмкүнчүлүгү жок болуп турат.*

Арстанбек – XIX кылымда аты элге кеңири белгилүү болуп, "булбул" атанган акын. Ал 1824-жылы Нарында Эки-Нарын ортосунда туулган. Атасы Буйлаш Арстанбек он жашка келгенде Ысык-Көлдүн баш жагындагы Чычкан аттуу жерге көчүп барат. Буйлаш Бугу уруусундагы тынымсейиттердин баш бийлеринен болуп, журт бийлеген адамдардан. Буйлаштын эки аялы болот. Арстанбек байбичеден болгон. Атасы байбичесинин үстүнө токол алып, Арстанбектин энесин салбар кылып, өзүнчө бөлүп, таштап коёт.

Арстанбекти баш кылбастан, көп азаптарды көргөзгөн. Ошол жашынан эле Арстанбек жаактууга жай бербеген какшанган бала болуп, козу айдап, кой багып, отун алып, суу куюп жүрсө да ыр ырдап, комуз черте баштаган. Атасы Буйлаш мунусун байкап, ырчы-комузчу болосуң (байманаптар балдарын ырчы, комузчу болгонун уят көрүшкөндүктөн, ага тыюу салышкан) деп, нечен курдай урса да, ал талаада кой багып жүрүп,

койчу-колоң, жылкычы ж.б. ырдап, комуз чертип, өзүн такшалта берген. Ушинтип, эл аралай ырдоого ат-тону жок жана да атасынан коркуп жүрүп чоңоюп, эр жеткенден эле "ырчы" атыга баштайт. Акырында бирөөлөрдүн атын минип, тонун кийип, атасына баш бербей, колдогон элдин деми менен ачыкка чыгып, өнөрүн көрсөтүп, кадырлуу боло баштайт.

1850-жылдарда Кокондун ханынын Алымбек даткасы баш болгон бийликтер бир топ кыргыз билермандарын "силер бизден баш тарта баштадынар" деп, залог (барымта-түзүүчүдөн) катары кармап, элине жибербей койгондо, Арстанбек атасынын артынан барып, Кокон хандыгынын бектеринин алдында ырдап да, комуз да чертип, өз өнөрүнө таңдандырат. Алардын айтыштырган өнөрпоздорун жеңип чыгат. Арстанбектин өнөрүн жактырып, алар атасын бошотот.

Ошону менен Арстанбек кара жумуштан калып, жалаң акындык, комузчулук менен кесип кыла баштайт. Ушунусуна байланыштуу ал көп жерлерди кыдырган. Кытай кыргыздарына да барып ырдаган.

Арстанбектин обону ал замандагы кыргыз ырларынан артык болуп, төкмөлүгү жагынан "булбул" атангандыгы ырас болсо да, анын ырларынын чейреги да сакталган эмес. Кээ бир санаты элдики катары сиңип да кеткен. Сюжеттүү чоң көлөмдөгү чыгармалардан "Бердикожо", "Беш казак", "Шоро", "Кожожаш", "Көкөтөйдүн ашы", "Төштүк" аттуу чыгармаларды билген жана ушу өңдөнгөн поэтикалык репертуары 200гө жакын болгон.[1] Анткени менен алар азырынча белгисиз. Анын бизге белгилүү чыгармаларынан "Тар заманы" бар жана Кокон хандыгына, бугу-сарбагыш чабышына байланыштуу бир аз ырлары менен катар, Сүйүмбек (Сүйүмбай – түзүүчүдөн) менен айтышы, эл тиричилигине жана өзүнө байланыштуу бир аз ырлары сакталган.

Арстанбек өз заманында астына акын салбаган ашкан булбул акын болуу менен бирге, чыгаан комузчу да болгон. Айрым маалыматтарга караганда, ал 500 чамал күү черткен. Алардын арасынан "Кой бөлөр", "Тиш бөрү", "Арстанбектин камбаркан", "Желпиниш" деген күүлөрү гана бир аз белгилүү.

Арстанбек өз тушундагы казактын залкар акыны Сүйүмбай менен жана таластык Чоңду менен айтышкан.

1882-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн башындагы Чычкан деген жерде өлүп, Жуукунун күн чыгыш жагы, Таш-Кыя бейитине коюлган.

* * *

Арстанбек Буйлаш уулу кыргыз тарыхындагы катаал учурда жашап өткөн. Негизинен алганда ал өз башынан кыргыз элинин башынан өткөргөн үч орчундуу мезгилинде жашаган.

Анын жаш кези кыргыз эли Кокон хандыгына карап турган мезгилине туура келди. Андан кийин бугу-сарбагыш ортосундагы уруу урушун башынан өткөрдү. Булардан соң, кыргыз элинин Россияга өз ыктыяры менен кошулуш доорун да көрдү.

[1] Белек Солтоноев «Кыргыз казак тарыхы», инв. 1057, 509-бет.

Ар бир чоң акындардай эле, Арстанбек да өзү жашаган доордогу мына ушундай тарыхый окуяларды өзүнүн чыгармаларында өз түшүнүгүнчө сүрөттөп көрсөттү. А турмак, негизги деген чыгармалары мына ушул окуяларга арналган.

Кокон хандыгы кыргыз тарыхына өтө кайгылуу изин калтырды. Анткени, бул хандык чыгыштагы деспоттук жана артта калган хандык эле. Кокондуктар Арстанбек жашаган көл жергесине 1830-жылдарда эле өз өкүмүн жүргүзүп калган. Кокон эзүүсүнүн айрыкча зулумдугу – алар салган ар түрдүү салыктардан эле көрүнүп турат: хораж, олпоң, чыгым, түндүк зекет, үшүр, питир ж.б. Башкасын койгондо да кокондуктар кыргыздардан ар жыл сайын "ордо кыз" деп, сулуу кыздардан да салык алып тургандыгы тарыхтан белгилүү.

Кыргыз жергесинин ар кайсы ыңгайлуу жактарына чеп салышып (мисалы, Пишпек, Токмок, Каракол, Тогуз-Торо ж.б.), аларда өздөрүнүн сарбаздарын кармашкан. Ар кайсы чептерде акимдери болуп, сарбаздарга (аскери) жергиликтүү элди былк эттирбей кармап, толгон салыктарды өндүрүүгө чегилген. Эл ошол сарбаздарды багууга жана ар кандай дагы башка курулуш иштерине тартылган.

Кокондуктар кыргыз элин духовный жактан да катуу эзип, ар түрлүү артта калган көз караштардын алкагында кармоого умтулушкан. Ошолордун бири шариатка негизделген диндик эзүү болгон жана ар кандай ырым-жырымдарды да кеңири таратууга катуу киришкен. Кыргыз эли кокондуктардын эзүүсүнө катуу каршылык көрсөтүп, күрөштөр жүргүзүп тургандыгына Атантай, Тайлактын кыймылы мисал. Эл массасы кокондуктарды жек көргөндүгүнө "Коко тикен көп чыгып, кокон билген замана" деген ылакап ачык далил.

Көмөлдүрүк, куюшкан,
Көркүбүзгө жарашкан.
Көк чапандык кокондук,
Көрүнөө бизден талашкан[1] -деген ырды "ордо кыз" катары кокондуктарга айласыздан берилген кыздар ырдагандыгы фольклордо сакталып калган.

Кокон бийлигинин жана ушул өңдүү чектен тыш эзүүсүн Арстанбек чоң акын катарында жандуу сүрөттөгөн:

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин көп кыргыз,
Көк чапан сартка кор болду.
Кокондуктун бийлиги,
Маңдайга бүткөн шор болду.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашкере өттү зордугу.

[1] **Ш. Үмөталиев. Токтогул. М. Фрунзе, 1975. 9-бет.**

Алтындан камчы алакан,
Аркы түйтө чоң ханы.
Анжыяндын Малма хан,
Атка какқан жез казык,
Кыпчактардын Мааразык.
Азаматтын мойнуна,
Аябаган түлүктү,
Салып турат кокондук.
Айгыр ат менен атан төө,
Бир айткандан калтырбай,
Алып турат кокондук.
Башын жарып ордуна,
Салып турат кокондук.
Каарына алганда,
Бели катуу эрлерди,
Жарып турат кокондук.
Алышына ат алды,
Аял кылбай бат алды.
Көк чапандуу кокондук,
Тандап туруп кыргыздан,
Оймоктуудан узду алды.
Зекетине кокондук,
Каркырасын сайдырып,
Дүнүйөсүн жайдырып,
Беш көкүлдүү кызды алды.
Кулактарын карыштап,
Короодон тандап кой алды.
Каржалдырып жигитти,
Кызматына бой алды.
Олпоң деп алды эгинди,
Жанына жакын бара албай,
Кыргыз байкуш чегинди.
Сайрап турган Арстанбек,
Сүйлөбөсмүн тегинди.[1]

Арстанбектин бул ырын өзүнүн көркөм реалисттик багытта, мазмуну боюнча кокон доорун сыпаттап көрсөткөн бирден бир факты катарындагы поэтикалык летопись деп айтса да болот. Ырда кокондук бийлөөчүлөрдүн зулумдугу кыргыз элин материалдык жактан да жана духовный жактан да чектен тыш эзген, ашынган тарыхый чындык катарында терең жана таамай образдар менен эмоционалдуу түрдө сүрөттөлөт.

Ырдын тарыхый адабияттык мааниси мына ушунда жана анын бүтүндөй бир мезгилди – кыргыз элинин кокон заманындагы мезгилин жалпылаштырып чагылдырган бирден бир көркөм чыгарма экендигинде турат.

[1] Инв. 336. "Колониялык доордогу кыргыз маданияты". И. Абдыракманов, 97-98-беттер. Дагы: Б. Джамгерчинов. Присоединение Киргизии к России. М. 1959, стр. 102.

Жогорку ырлары менен бирге, Арстанбектин Кокон хандыгы менен, анын крайдагы эзүүсү жана эзүүчүлөрдүн кебете-кешпирлери, жагымсыз кылык-жоруктары сатиралык мааниде жек көрүү менен сүрөттөлөт:

Кокондук алды көлүндү,
Кокуйлатты элинди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.
Кадимки конуш Каракол,
Кокондуктун үйүндөй.
Касканактап бастырса,
Кадимки кыргыз бийиндей.

Бул сындуу поэтикалык афоризмдери эл тарабынан кубатталып, ооздон-оозго көчүп жүргөндүгү үчүн гана биздин күндөргө чейин келип жетип отурат.

Демек, Арстанбектин Кокон хандыгына байланыштуу ырлары ошол кездеги кыргыз элинин түпкү максаттарына жооп берген элдик патриотизм духундагы чыгармалардан болуп эсептелет. Анда өз эл, жерди терең сүйүү, көз каранды болбоо, баскынчыларды жек көрүү жана бөштондук идеялары берилген.

Кокон хандыгы кыргыз урууларынын ортосунда болуп турган ар кандай чатак, жаңжалдарды басуунун ордуна, аларды кайрадан курчутуп, күчөтүүнүн аракетинде болгон. Себеби, алар бирин-бири алсыратып турган учурда, ар кимиси коконго жагынып, андан жардам сурап, көз карандылыгы тереңдей бермекчи. Ал эми бул болсо, хандыкка жакшы жана оңтойлуу өбөлгөлөрдү түзүп, эзүүгө ар тараптан жол ачкан. Ошондуктан, Кокон бийликтери уруучулук ар кандай чатактарды, барымталарды ого бетер күчөтүп, бытыранды уруулардын баш кошсо, күчкө айлана тургандыгынан кооптонушуп, аларды бири-бирине тукуруунун үстүндө болушкан.

Мына ошолордун бири 1850-жылдардын биринчи жарымындагы Көл жана Кочкор, Нарын, Жумгал аймактарындагы бугу-сарбагыштын урушу болуп эсептелет.

Бул уруш дагы кыргыз тарыхындагы кандуу баракгардан болуп эсептелет. Себеби, анда ансыз деле кыйроонун алдында турган кыргыз чарбасы катуу бүлүнүп, уруучулуктун уусуна сугарылган төбөлдөрдүн кесепетинен нечен жүздөгөн, миңдеген адамдардын каны жазыксыз жерден төгүлүп, бөөдө кыргын болгон.

Бул уруштун башталышы жер жана үстөмдүк талашуудан келип чыгып, аягы чоң чырга айланган. Уруштун чыгышына дагы бир катар фактылар менен бирге, кыргыз ичинде формалык жагынан болсо да, хан атагын алган Ормондун жана анын жан-жөкөрлөрүнүн, андан башка да уруу төбөлдөрүнүн жекече керт баштарынын кызыкчылыгын талашуу өндүү дагы бир катар себептер болгон.

Ормон хан 1854-жылы көл багытындагы саяк, бугу урууларына чабуул койгондо, колго түшүп калып, бугулар тарабынан өлтүрүлгөн соң, уруш ого бетер күч алат. Сарбагыштар бугуларды көлдү үч айланта чабууга максат кылышып, катуу бүлүк салганда, Арстанбектин ырдаганы:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар.
Ой, сарбагыш тууғандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенгулдун Ормону –
Эми, кайдан табылар?
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Ой, сарбагыш тууғандар,
Эсенгулдун Ормону –
Тирилип кайра келчү эмес.

Мына ушул саптардан акындын элге кайрылып, тынчтыкты жактагандыгы, кек кууша бергенден зыяндан башка пайда жок экендиги ачык байкалат.

Ырас, Арстанбек да өз доорунун түркөй адамы катарында урууучулук идеялардан биротоло бошоп чыга алган эмес. Мына ошондуктан ал ырларын ошол өзү чыккан бугу уруусунун позициясынан туруп ырдагандыгы көрүнөт. Бирок, ошондой болсо да, анын эл, жер, тынчтык, бейкут турмуш жөнүндөгү пикирлери жалпы элдик идеалдарга туура келет. Анын ушул темадагы ырларынын субъективдүү жагы – уруунун атынан чыккандай көрүнгөнү менен, объективдүү мазмуну жогорудагыдай жалпы элдик идеяны таркаткан: уруу атынан кайрылып, жалпы биримдикке жана бейкуттукка, ынтымакка үндөйт. Урушту урууучулук жана улуттук катастрофага алып келүүчү трагедия катары карайт:

Ормон ханы өлгөндө,
Акылдан жаман шашканбыз.
Атанга жүктү артканбыз,
Анжыян көздөп качканбыз.
Атандын мурду жырылды,
Анжыян качкан бугу эли,
Андан бетер кырылды.

Чындыгында урууучулук рамка менен чектелген акын мындай чындыкты жашырууга да мүмкүн эмес. Анткени уруу акындары кандай учурда болбосун, ошол уруунун оң жактарын гана даңазалайт. Ал эми Арстанбек жогорку ырларында көздү тунарткан урууучулук идеалдан жогору көтөрүлүп, бүткүл эл алдында урууучулуктун эмнеге алып келгендигин жашырбай айтат да, ошону менен мындай трагедияларды четке кагат.

Согуш же уруш жылдарында тынчтык турмуштун тиричилигиндеги өмүр бөтөнчө баалуу, бөтөнчө кызык, бөтөнчө бейкут болуп көрүнө тургандыгы чын. Анын баркы ошондо гана өз баасына татыктуу бааны алгандай болуп сезилет. Арстанбек бейкутчулук менен эл башына бүлүк түшкөн уруштун каардуу жылдарын поэтикалык түрдө аналогия кылат да:

Үч-Кайыңды, Богошту,
Үстүңдө элиң барында,
Сени – келин менен кыз ашты.
Сан кара менен көч ашты.
Үстүңдөн элиң кеткен соң,
Сени – шамалдан башка ким ашты? -деп, анан ошонун натыйжасында мына ушундай образ жана риторикалык суроо менен бейкут турмуштун салтанатын поэтизациялайт. Бу болсо, кыргыз турмушундагы ал кездеги бирден-бир романтикадай болуп көрүнгөн кыргыз көчү менен символдоштурулат.

Жогоруда келтирилген акындын ар кайсы тексттеринен эле, анын нукура таланттуу акын экендиги өзүнөн өзү көрүнөт. Образдары бай, сүрөттөө менен элестери өтө таамай, сөздөрү кыска болгону менен аларда өзүнчө чалкыган терең ой жана кайнаган сезим бар экендиги – анын поэзиясынын жагымдуу касиеттеринен.

Арстанбектин жогоруда айтылган поэтикалык чеберчилигинин жана терең пикирлеринин жүрөктү козгоочу илеби төмөнкү саптардан да уруп тургандыгында шек жок.

Коңур-Өлөң, Алабаш,
Коңурсуган кайран саз.
Ал эле биздин жерибиз,
Кайран биздин көлүбүз.
Кайда кетти көбүбүз?
Кошулган малын жоктобос,
Коңур бугу элибиз.
Элибизден ажырап,
Карагайдын таңында,
Элик болуп турабыз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болуп турабыз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болуп турабыз.

Нукура талант болгондугу үчүн гана мындай күчтүү поэтикалык образдарды түзүп отурат. Бүтүндөй бир элдин башына түшкөн ушундай трагедияны бериш үчүн акын ушундай гана кыска поэтикалык символдорду колдонгон.

Ырас, анын ушул жана ушундай мисалдагы чакан ырларында урушка чейинки турмуштун бейкутчулугун идиллиялык түрдө көрсөтүп жиберген учурлар да жок эмес. Чындыгында акындын ырларындагы мындай көрүнүштөр акындын согушка караганда, кандай да болбосун тынчтык, бейкутчулуктун жакшы экендигин поэтизациялоо ниетинен келип чыккан. Экинчиден, андай көрүнүштөр элемент түрүндө кезигет да, башкы идея согуштун адамга, эл-журтка алып келген зор трагедиясын көрсөтүүгө багытталат. Ал эми ага чейинки кыргыз турмушунун жалпы көрүнүшү жана

ага берген акындын баасы анын кокон заманындагы ырларынын жалпы идеялык пафосунан ачык көрүнгөндүгү жогоруда айтылды – акын аларда кыргыз турмушунун кайгылуу картиналарын жалпылап жана образдуу көрсөтүп, тарыхый чындыкты бузбай бере алган деп айтууга болот.

Арстанбектин чыгармачылык өмүрүндөгү үчүнчү бир маанилүү мезгил кыргыз элинин өз ыктыяры менен Россия империясына караган мезгил болуп саналат. Бул мезгил Арстанбектин чыгармачылыгынын өсүп турган мезгилине туура келет жана ал өз кучагына алгачкы жыйырмага жакын жылды камтыйт.

Демек, Калыгул орус колонизациясын башынан өткөрбөгөн болсо, Арстанбек башка эл массасы менен бирге, аны адеп башталгандан тартып, өлөр-өлгөнүнө чейин түздөн-түз башынан өткөргөн жана анын позициясындагы мына ушуга байланыштуу маселелер Калыгулга караганда көбүрөөк да, айкын да берилет.

Кыргызстандын Россияга өз ыктыяры менен кошулушу тышкы жана ички себептер менен шартталган, узакка созулган процесс болучу. Россияга кошулуудан мурда Кыргызстан бардык жагынан эң артта калган Кокон хандыгына карап турган. Кокон хандыгы жогоруда айтылгандай, кыргыз элинин коомдук өсүшүнө тоскоолдуктан башка эч нерсе алып келген жок. Мына ошондуктан кокондук эзүүгө каршы болгон күрөш барган сайын күчөп турган. Ушундай шартта кыргыз урууларынын өз ара, бири-бири менен болгон күрөштөрү да эл массасына аябагандай зор кыйынчылыктарды алып келген. Бир туугандык, согуштарга уруу намысын талашкан бийлөөчүл төбөлдөр карапайым элди күргүштөтө айдап, тынымсыз кан төгүүнү барган сайын күчөтө берген. Жалпысынан алганда, эл эл катарында абдан жакырланган жана катуу бүлүнгөн.

Мына ушундай башка шарттар кыргыз элин орус мамлекетине өз эркн менен кароого жана ошонун негизинде эл катарында аман калууга түрткү берген.

Негизинен алганда, кыргыз элинин Россияга өз ыктыяры менен карашы интенсивдүү түрдө 1860-жылдардан башталат да, 1876-жылы бул процесс биротоло аяктайт.

Россияга кошулуу кыргыз элинин тарыхындагы чоң прогрессивдүү көрүнүш болгон. Падышалык самодержавиенин реакциялык-колонизатордук саясатына карабастан, кыргыздардын Россия империясынын составына кириши объективдүү жагынан алганда, кыргыз элинин тарыхындагы коомдук-саясый прогрессивдүү көрүнүш. Анын тарыхый мааниси баарыдан мурда мына мында турган:

Феодалдык-патриархалдык Кыргызстан экономикалык, саясый, маданий өнүгүштүн Россиялык орбитасына тартылды. Россиялык капитализмдин кенен өсүшү менен катар кыргыз жергесинде капиталисттик мамилелердин өнүгүшүнүн алгачкы элементтери пайда болду, феодалдык-патриархалдык негиздердин урашына мындай шарттар жакшы өбөлгө түздү. Кыргызстанда маданий турмуш акырындап жандана баш-

тады, орус маданиятына болгон кызыгуулар күчөдү. Орус илими менен басма сөзү эл арасына барган сайын канат жайып, өз таасирин тийгизе баштады. Мурдагыдай уруу-уруу арасындагы өз ара күрөштөргө катуу тыюу салынуу менен ал басаңдап, акырындап жоголо баштады. Кыргыздар орус эмгекчилери менен достошуп, бара-бара алардын алдынкы чарбасын үйрөнө баштады: алгачкы айыл чарба шаймандарын ала башташты, жашоонун жана тиричиликтин жаңы формаларын үйрөнө башташты. Кыскасы, орустардын бай материалдык жана маданий турмуштарынан кеңири үйрөнүүгө жана ошонун натыйжасында өз турмуш-тиричиликтерин да кайрадан курууга мүмкүндүк алышты.

Орус бийликтери кыргыз жергесине өзүнүн бийликтерин жүргүзө баштагандан соң, мурда кулак укса да, көз көрбөгөн, ойдо жок жаңы административдик тартиптер киргизиле баштайт: бир айылды башкарган старшиналар, миң түтүнгө бирден болуш чыгат, писарлар, чиновниктер келет. Мына ошол сындуу өзгөрүүлөрдүн натыйжасында мурда караңгы элди өз эркинче басып келген жергиликтүү эзүүчүлөрдүн укуктары тарый баштайт жана алар бийликтен кетебизби дегендей коркунучтарга учурайт.

Арстанбек Буйлаш уулу өзүнүн "Тар заманында" мына ушундай идеяларды ачыктан ачык берген. "Тар заман" өзүнүн башкы мазмундук багыты боюнча негизинен эки теманы камтыйт. Биринчиси, ошол өзүнүн тушундагы замандын абалын көрсөтүүгө аракет жасайт, экинчиси, андагы орустардын келиши жөнүндөгү маселе. Бирок, алар бири-бири менен тыгыз байланыштуу.

Арстанбек өзүнүн поэзиясында кыргыз жерине орустук административдик бийликтер алып келген бийликтин жаңы формасын таптакыр жактырбайт.

Эки бөлөк үй чыкты,
Тебетейин кырдантып,
Элүү башы бий чыкты.
Кыз сыйлабайт энесин,
Ыстарчын кылып коюпсуң,
Бир чыйраксынган немесин.[1]

Ошону менен бирге, падышалык төрөлөрдүн мурда кыргыздарда болуп көрбөгөн башкаруунун жаңы тартибин киргизгендиктерин чоң чочунуу менен сүрөттөйт:

Капкандай чапты белиңди,
Каттап алды элиңди.
"Старик" деди карыңды,
Каттап алды баарыңды.
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр-ай,
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр-ай.

[1] **Инв. 1321. 5-бет.**

Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр-ай.
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды.
Бээден туулган керди алды.
Карды салык байды алды,
Кача турган жайды алды.[1]

Арстанбектин бул ырын гана эмес, дагы башка ырларын караганда кээде алар падышачылыктын кыргыз жерине алып келген зордук менен зомбулугун туура көрсөткөндөй ой калат. Чындыгында падышалык – "элдердин түрмөсү" болгондугу чын. Алар кыргыз жергесине баскынчы колонизаторлор катарында келгендиги да факт. Эң жакшы жерлерди алып, ар кандай кыштак, пикеттерди салып, там салып, чарба күтүп, жакшы жерлерди эзлеп, жергиликтүү калкты алардын бардыгынан сүрүп таштагандыгы да чын. Бир караганда, Арстанбек акын катарында мына ошолорго күйүп-бышып жаткандай туюлган жерлер да жок эмес. Жогорку мисалдар ошого далил. Чындыгында эле падышалык бийлик төбөлдөрүнүн жүргүзгөн иштерин туура сүрөттөп жаткандай болуп көрүнөт. Төмөнкү мисалдар да ошогон үндөш:

Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти.
Болуштарды карасаң,
Катынындай кекетти.
Майырды көрсөң майындай,
Набактыны карачы?
Атаңдын салган жайындай.
Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын карактап.
Жасоолдор минди жакшы атты,
Жардынын баарын какшатты. (17-бет)

Мына ушул ырларда падышалык колонизациянын көрүнүштөрү реалдуу берилген. Жогорку ырларда падыша өкмөтү тарабынан 1865-жылы иштелип чыккан "Түркстан крайын башкаруу боюнча жободогу" жаңы бийликтин өкүлдөрүнүн крайда жүргүзгөн былык иштери катуу сынга алынган. Жогорку "Жобо" боюнча административдик жаңы падышалык аппарат адегенде бир канча жылдар бою военный (аскерчил) аппарат катары курулган. Уездердин, облоттардын башында аскер адамдары турган жана алар биригип келип, туркестандык аскер генерал-губернаторуна баш ийген. Мына ушунун өзү эле падышачылыктын жергиликтүү элдерге жүргүзгөн колониялык саясатын көрсөтөт.

Бирок, ушундай реадуу картиналар менен бирге, Арстанбек аларды көбүнчө эски позициядан туруп сүрөттөйт, анын ою боюнча жаңы тартиптерден көрө уруучулук-патриархалдык негиздерге таянган кыргыздын байыркы адат жолун идеализациялайт. Жогоркудай жаңы тартиптердин натыйжасында элди чек жок эзип келген феодалдык катмарлардын бийлиги

[1] **Инв. 1321. 5-бет.**

белгилүү даражада кысылган эле. Алардын өз билгендериндей бийлик жүргүзүүсүнө белгилүү даражада чек коюлган болучу жана башка бийлик орус администрациясына өткөн болучу.

Байыркыдан барк кетти,
Каадалуу нуска нарк кетти,
Карылардан барк кетти -деп, феодалдык көндүм болгон нарк (обычное право) сүрүлгөндүгүн жана алар менен кошо аны жайылтуучу, өздөрүнүн күндөлүк иштеринде колдонуучу кары адамдардын бийликтен ажыраганына кейиген.

Жакшылардын баарысы,
Тактысынан айрылды.
Терс аяктын баарысы,
Шиберди көздөй кайрылды –дегени (8-бет) да чындыкка туура келет. Анткени, падышалык жаңы тартипке көнбөгөндөрдү ушул жол менен жазалаган. Бирок, Арстанбек ошолорго каршы чыгат, орус бийлигин адилетсиз бийлик дегенде жалаң гана карапайым элге карата көрсөткөн кысымына байланыштуу айтпастан, басымдуу учурда кыргыздын "өздүк" бийлик ээлеринин бийликтен кеткенине байланыштуу да карайт. Аларга боору ачыйт. Айрым бир кокондук бийликке ориентация жасаган Маймылдын же өз бет алдынча бийлигин жүргүзүү үчүн орустарга каршы чыккан Балбай сындуу манап баатырлардын жазалангандыгына кайгырат. Ошонун негизинде эскичиликти жактайт.

Ошону менен бирге, Арстанбек өзүнүн түшүнүгүнө байланыштуу орус ичиндеги эмгекчи менен бийлөөчүлөрдүн айырмасын биле алган эмес. Ошондуктан, ал жалпы жонунан эле "орус" дегендин бардыгына каршы чыгат. Ага караганда мусулмандардын бийлигин жактаган жерлери да бар:

Казак, кыргыз биригип,
Бата кылып алсак бейм.
Кашкардагы Бадөөлөт,
Ата кылып алсак бейм -деген жери да бар (инв. 1321. 6-бет).

Ырас, мурда тарых илиминде, изилдөөлөрдө Кашкардагы ошо туштагы Бадөөлөттүн өкмөтү жана анын ишмердиги реакциячыл кыймыл жана тарыхый көрүнүш катары бааланып келген. Бирок, акыркы изилдөөлөрдө ошо тушта өзүнчө мамлекет курууга бет алган бул кыймыл прогрессивдүү көрүнүш катары бааланып жүрөт. Бирок, ошондой болгон күндө Арстанбектин орус ориентациясынан баш таркандыгы – анын реакциячыл жагын далилдебей койбойт.

Ушуга байланыштуу акындын эң чоң жаңылган жери – анын кыргыз жериндеги бардык ар кандай эзүүнүн жана бүлүнчүлүктүн болушун орус ысмы менен байланыштыргандыгында. Бардык "балээнин" негизги өзөгү орустардын келишинен башталгандай көрүнөт жана бул – чындык.

Мына ушундай терс идеяны жайылтууда ал көбүнчө өзүнө чейинки Калыгулдун айткандарына таянат. Ошону негизги "учуучу аянт" катары кабыл алат. Демек, Арстанбектин "Тар заманы" Калыгулдун "Акыр заманын" түздөн түз

уланткан адабий көрүнүш. Бирок, Арстанбек Калыгулдун айткандарын кайталап гана тим болбостон, аны андан ары акындык күчүнө салып, абдан керип-чоюп, андан ары күчөтүп айткандыгында шек жок жана жакшы изилдегенде булар айдан ачык көрүнөт. Мындайча айтканда, Калыгулдун бир сөзүн эки жана андан да көп сөз кылып айткандыгында талаш жок деп айтсак да болот.

Калыгул Бай уулу жөнүндөгү бөлүмдөрдө анын замана жөнүндөгү айткандары толугу менен келтирилди жана текстологиялык иштерди жүргүзгөндө, анын алардан башка (биз келтирген ырлардан башка) чыгармасы жок. Ал эми Арстанбек өтө таланттуу жана ашынган кыйын акын болгондуктан, мына ошолорду көбөйтүп айткан. Акындык кыялына кененкесири эрк берген деп да айтууга болот. Ошону менен өзүнүн айткандарын жана оюнан чыгаргандарын "Калыгул...дечү эле" дегендей жол менен уланта берген. Ал эми Калыгулдун айрым бир айткандарын анын идеясына туура келбегендиктен, таптакыр унчукпай таштап кеткен жерлери да бар. Мисалы, Калыгул заманга канчалык катуу кейигени менен ал акыры түбү "кара орустар" келгенде оңолорун, оңолмок тургай, "жесир катын миң кой айдап, кой үстүнө торгой жумурткалай" турган жыргалдуу заман келээрин айткандыгын Арстанбек эч бир жерде оозанбайт.

Ырас, муну менен биз Калыгулдун замана жөнүндөгү ойлорун толук бойдон актап жана аны прогрессивдүү көрүнүш катары көрсөтүп жатканыбыз жок. Ал орустардын келишин жакшылыкка бүтүн бойдон жоруп отурган да жок. Бирок, ал келечекке оптимисттик түрдө караган жана анын замана жөнүндөгү санаттарында прогрессивдүү рационалдык көрүнүштөр да жок эместигин айтууну тарыхый адилеттүүлүк талап кылат.

Ал эми Арстанбек болсо, ошол рационалдык көрүнүштөрдү бүтүнү менен реакциячыл көз караштар менен боёгон. Калыгулдун орустун келишинен чочуган жерлерин биротоло андан ары алып барып таштаган. Мында ал өз жанынан жаңы кошумчалар киргизип, Калыгулдун негизги ойлорун алуу менен бирге, аларды кээде апырта сүрөттөгөн жана ошонун натыйжасында Калыгулдун окуучусу, анын шакирти катары көрүнгөн. "Угушка караганда Арстанбек акындын устаты Калыгул акын Бай уулу болгон. "Тар заманды" Калыгулга ээрчип айткандыгы көрүнүп турат"[1]-деген сөздөрдө чындык бар. Бирок, анын таалими жогоркудай.

Арстанбек Калыгулдун айткандарын апыртып айткандыгына төмөнкү мисал далил болоор дейбиз:

Замананын адамы,
Молдо болот деп айткан.
Боростойлор молдого,
Олжо болот деп айткан.
Абалкы өткөн адамдар,
Орундатып көп айткан.
Беш намазга бел байлап,
Окугун балдар деп айткан.

[1] Ч. Валиханов. Собр. соч., т. 1. стр. 413.

Мындай айтылган тексттер Калыгулда жок. Бул бир. Экинчиден, Калыгул "боростой" деген сөздүн эмне экендигин билбегени талашсыз. Ал жашаган кезде орустар кыргыз жерине келе элек болучу. Ошондуктан "боростойлор" деген орус сөзүн Калыгул билбегендиги шексиз. Үчүнчүдөн, динге байланыштуу келтирилген ойлор да Калыгулда жок. Анын үстүнө Калыгулдун поэзиясында диндик мотивдер кезикпейт. Мунун себеби, Калыгул жашаган кезде мусулман дини кыргыз жергесине жаңыдан гана кире баштаган. "Ислямдын прутанизми бул элдин арасына азырынча тарап жете элек. Буруттар (кыргыздар) өздөрүн мусулманбыз дешет, бирок Мухаммеддин ким экендигин да билишпейт"-деп, жазган 19-кылымдын ортосунда кыргыздардын арасына келген Ч. Валиханов.[1]

Калыгулдун динчилдиги "алла" менен "кудайдын" аттарын атоодон ары чыга алган эмес. Ал эми Арстанбек болсо, замана жөнүндөгү ырларында реакциячыл мусулман динин жактап чыккан жана ошого үндөгөн.

Ушул орус чыкканда,
Мусулман көрөр бүлүктү -деп айтып, кандайдыр бир мусулмандык мамлекетке чакырган.

Акыр заман киши си,
Кичине болор мүчөсү.
Илгерки өткөн адамдан,
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок,
Ташка конот деп айткан.
Эгиндин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан.
Акыр заман адамы,
Бакыл болот деп айткан.
Мал азайып арымдан,
Жакыр болот деп айткан.
Эгин өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана,
Акыр болот деп айткан. (1-бет)

деген сындуу реакциячыл көз караштарды Арстанбек Калыгулдун санаттарынын негизинде эмес, (анткени, ал замандын акыры кайрылып келип, жакшы болорун айткандыгын эстегенде) көбүнчө диний түшүнүктөрдүн жолу менен айткан.

Карагайдын башында,
Чыны болот дечү эле.
Ал чынынын четинде,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчалык жолдордон,
Алты күндө сүйлөшкөн,
Бул капырдын –
сыры болот дечү эле. (17-бет)

[1] **Ч. Валиханов. Собр. Соч., т. 1. стр. 413.**

Демек, буга караганда Арстанбек кыргыз жергесине келген же келүүчү ар кандай техникалык жаңылыктарды элдин башына түшкөн "алаамат" катары жайылткан.

Арстанбектин орустардын келишиндеги "балээни" материалдык жактан начардоо катары түшүндүргөнүн көрөбүз. Ошону менен бирге, ар кандай кыйынчылыктарды алардын өнөрүнөн да көрөт. Жүргүзгөн бийлигинен да көрөт, аларды нагыз баскынчы катары карайт. Буга жогорку эле тексттер мисал. Материалдык эле аспектиден карабай, орустардын келишин духовный катастрофа катары да карайт:

Акыр заман болгондо,
Кой азаят дечү эле.
Журтка ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын,
Баштагыдай көркү жок,
Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда,
Энесине баш бербей,
Боюн күүлөйт дечү эле ж.б.

Арстанбек өз заманындагы элдин башына түшкөн айрым бир жапачылык, кыйынчылыктарды туура көрсөткөн акындардан экендигинде шек жок. Ал мына ушул жапаларды элдин башына алып келгендер адегенде кокон баскынчылары болсо, андан соң орус колонизаторлору болду деген пикирди айтат:

Мисалы:

Таш кыянын үстүндө,
Козуга бала зор эле.
Ушу сарт –
жан бүткөндүн кору эле.
Астындагы ээри,
Камыштан кылган чом эле.
Өтүгүнүн чондугу,
Нак каптан чоң эле. (инв. 336. 94-бет)
Каракан калды үйгө окшоп,
Сарт чогулуп бастырса,
Курсактары чандайып,
Кадимки биздин бийге окшоп.

Кокондук эзүү аяктагандан кийин орус колонизаторлорунун да кыргыз элин өз билгендеринче аёосуз эзип жаткандыгын сатиралык курч ырлары менен ачык айткан. Бул ырларында да ал жогорку кокондуктардын портретин кандай тартса, ошого жакын ыкмалары менен:

Көгүчкөндөй көздөрү,
Чар учкандай сөздөрү -деп тартат. Бирок, ал үчүн баарыдан мурун колонизаторлордун кылган иштери ыпылас катары, чектен чыккан зулумдук катары көрүнөт.

Бир старчын деп койду,
Арадан журтту жеп койду.
Акча катты койнуна,
Насия түштү мойнуна.
Үйөз байы бар экен,
Үйүрү өскөн айгырдай.
Судиясы ал экен,
Тасмадан чыккан талаадай.
Мужуктары бар экен,
Меңдибама бүрүндөй.
Жасоолдору бар экен,
Желмогуздун сүрүндөй. (Ошондо)

Бирок, ал ушул эле саптарда жалаң гана кокондук, орустук колонизаторлук эзүүчүлөрдү гана жамандабастан, кыргыздын өз ичинен чыккан эзүүчүлөрдү да алар менен кошо салыштырып жаткандыгы көрүнүп турат.

Анткени менен акын аларды жалпы улуттук эзүү катарында түшүнгөндүгү да жогорку ырлардын мазмунунан ачык байкалат. Ал элди жеп жаткан ошол "азуулуулар" болсо да, ошолордун өкүлдөрү менен кызматын кылуучулар болсо да жана аны көп учурда ошо калыбында көрсөтсө да, негизги жыйынтыктарында таптык жагынан ажыратпастан, улуттук жагынан "кокондук", "сарт", "орус", "кыргыз" деп, жалпы жонунан айтышы, анын таптык сезиминин төмөн тургандыгын көрсөтөт.

Өзү ушундай деп түшүнгөн катуу эзүүдөн чыгуунун жолун Арстанбек да өзүнчө издеген. Бирок, ал ар кандай прогрессти алды жактан издөөгө кудурети жеткен эмес, ал үчүн андай түркөй акынга ал кезде коомдук шарттар да жол бербегендиги да ага кошул-ташыл болгон. Ошон үчүн ал өзү угуп жүргөн эски замандын "жыргалчылыгын" ырдап, идеализациялоо менен аны өз доорундагы заманга карама-каршы коюп, пессимизмге түшүп кеткен.

Жарды, байы белгисиз,
Жабагы-тайы мингисиз.
Кулу-бийи белгисиз,
Кунан-тайы мингисиз.
Кайран өткөн илгери,
Мандайлашып жоону алган,
Тандайлашып тоону алган.
Кайран заман куурулар,
Капыр менен мусулман,
Камырдай болуп жуурулар.
Кылычы кетер кынынан,
Кыздары кетер сынынан.
Келиндер кетер келбеттен,
Уландар кетер уяттан.
Катындар кетер наркынан,
Карылар кетер баркынан.[1]

[1] **Инв. 241, 123-бет. 1926-жылы Тоң болушунан К. Мифтаков жыйнаган тексттен.**

Көрүнүп тургандай, акын тап күрөшү болбогон байыркы согуштук демократияга негизделген кыргыздын эски турмушун гүлдөтө ырдап, анын "капырлар" келгенден соң, бардык жагынан кыйрагандыгына катуу кейийт.

Байыркы биздин кыргыз кайран журт,
Баласы бараң атчу эле,
Баракатта жатчу эле.
Кыздары кымкап кийчү эле,
Кылыгы журтка тийчү эле.
Азаматтар бар эле,
Кылычынан кан тамган,
Байбичелер бар эле,
Бала жолборс баштанган.[1]

Өткөндү идеализациялоо – акындын көз карашындагы негизги белгилерден болгон.

Мына ушулардын натыйжасында Арстанбек Кыргызстандын Россияга кошулушун элдин башына түшкөн чоң кырсык катары караган жана ушуга байланыштуу эски заманды жана анын тартиптерин мактаган. Орустарга бийлигин алдырып, "сууга түшкөн текедей" шалдайып калган карыларга жан тартып, күйүп-бышкан, динди тутууга чакырып, панисламисттик идеяларды жактаган. Ошону менен эски патриархалдык турмушка чакырып, кыргыз жериндеги Россияга кошулгандан кийинки коомдук прогресстерге каршы турган жана акыр аягында орустук колонизациянын айрым бир жактарын туура көрсөткөнү менен жогорку планда алганда реакциячыл көз караштa турган. Ырас, анын "Тар заманы" өзүнүн күүсү менен комузда ойнолуп, айтылгандыгы көрүнөт. Ал улам бир ойлорду айтып келип, дайыма:

Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,

Тайган иттей такымдап -деген (мисалы, 10-бет) кайырмасын бир нече жолу кайталай берет. Бирок, анын мындай "бечарага" күйүшүн түз мааниде түшүнбөө керек. Ырларынын маанисине караганда, акын буларды айтканда, "азуулуу" деп, өзү айткан "орустарды", ал эми "бечара" деп, кыргыздарды жалпы жонунан айтып отургандыгы көрүнөт.

"Орус маселесинде" Арстанбек ушундай реакциячыл көз караштa турган жана Калыгулдун санаттарын бурмалап, ага жаңы маани киргизип, андагы рационалдык оң көрүнүштөрдү биротоло жоюп таштаган. Бирок, ошону менен бирге, Арстанбек өзүнүн санатынын бир жеринде орустар жөнүндө реалдуу көз караштарды бергендигин да айтпай кетүүгө болбойт. Мисалы:

Көк жалтаң экен темири,
Узун экен өмүрү.
Көлөкөлүү телпеги,
Жоо дегенде элпеги.

[1] Инв. 336. 92-бет. К. Абдыракмановдун текстинен.

Кырчын экен чарбагы,
Кыйын экен арбагы.
Карагай экен чарбагы,
Катуу экен арбагы. (инв. 1321)

Мына буларда орустардын мүнөзү, өнөрү ж.б. жөнүндө реалдуу ойлор айтылган менен (балким аларды акын орустарды жакшылап билгенден кийин айтуусу да мүмкүн) негизинен алганда, алар анын "орус маселесиндеги" башкы, тескери тенденциядагы ойлорун жууп кете албайт.

Көрүнүктүү манасчы Шапак Ырысмендеевдин айтуусуна караганда да, Арстанбек өзүнүн акыркы жылдарында орустарга карата болгон пикирин өндогон жерлери бар. 1870-жылдардын ортосунда көлдүк бугулардын бир тобу орустардан качып, Кашкарга кирет. Кийин алар кайта келет. Ошондо орус майору (уездной начальник) качкандарды жыйып алат да, топ уюштуруп, анда орус бийлиги жөнүндө элге маалымат берет. Мына ошого ал Арстанбекти жарчы кылып шайлайт. Арстанбек бул ырында Кытайга кире качкан кыргыздарды шылдыңга алып, аларды орус бийлигинин жакшы жактарын айтып, тынчтык турмушка үгүттөйт:

Качып барып Кашкарга,
Кайтып келдиң бугулар.
Оозуңа кирген калпыңды,
Айтып келдиң бугулар.
Бута атканда жүгүрүп,
Огун тердиң бугулар.
Кашкардагы кытайдын,
Богун тердиң бугулар.
Ушу сөздү айтабыз,
Аныктап жакшы угуңар.
Эгин айдап, мал багып,
Эми, оокат кылыңар.
Тамды салып, бак тигип,
Тамашаны куруңар. (инв. 426. 279-бет)

Демек, Арстанбектин "орус маселесиндеги" мына ушундай прогрессивдүү жактарын айтууну да тарыхый адилеттик талап кылат.

Бугулар Россияга караганда падышалык бийликтер жогоруда Арстанбек айткандай, жаңылыктарды киргизет. Орустардын чарбасынан үлгү алган кыргыздар эгин айдап, бак тигип, малга кышкы чөп-чарларды чалгы менен чаап, буурсундун ордуна сокону колдонуп, дыйканчылыкка өтө баштайт. Уруу арасындагы тытышкан күрөштөргө биротоло тыюу салынат.

Арстанбек мына ушундай жаңылыктарды көрбөй койгон эмес жана алардын артыкчылыгын эл арасында ырдап, ошондой жаңылыктарды кубаттап, элди ага үндөгөндүгүнө жогоркулар менен катар төмөнкүдөй ырлары да ачык далил:

Сарыдан айгыр салганы,
Саамалга эми кенелдик.

Сарыпбек султан болгону,
Сарыбагышка теңелдик.[1]

Мында "сарыдан айгыр салганы" деп, ирониялык түрдө болсо да орус бийлигин айтып жатат. Ал эми Сарыпбек бугулардын Россияга кошулганынан кийинки биринчи султан – бугунун үстүнөн койгон башкаруучусу.[2]

Муну менен катар Арстанбектин чарбанын жаңы формасы болгон дыйканчылыкты, жаңычылыкты поэтизациялаган ырлары да бар:

Жыгачын арбын кыйбаса,
Кирпичин арбын куйбаса.
Бышыксынган жигитке,
Салынуу турган таш кайда?
Арыгын терең казбаса,
Арпасын тегиз чачпаса.
Топосун калың чыгарбай,
Токтотуп суун сугарбай.
Дыйкансынган жигитке,
Бышып турган дан кайда?

Карапайым эмгекчилерди мына ушундай жагдайда дал ушундай чарбанын алдыңкы формаларына үндөө – прогрессивдүү көрүнүш. Бирок, мындай ырлар ошол доор менен кошо эле жоголгон жок. Чындыгында эмгекти эң сонун образдар менен даңазалаган мындай ырлар – ушу күнгө чейин өз маансин жоготкон жок.

Арстанбек – эл арасынан чыккан жана ошол элди зулумдук менен жеп жаткан эзүүчүлөрдү да катуу сынга алып ырдаган акын. Андайлар жашап жүрүүгө акысыз, алардын бара турган жери көр экендигин баса көрсөтөт:

Арзанды кымбат баалаган,
Сүткордун жайы – кара жер.
Айылга бүлүк, чыр салган,
Анткордун жайы – кара жер.
Ак кагаздан маани айткан,
Алымдын жайы – кара жер.
Алсызга кайрым кылбаган,
Залымдын жайы – кара жер.[3]

Албетте, акын болуп аталгандан кийин, ал өз көзү менен көрүп, билген нерселери жөнүндө калыс, адил пикирлерин айтпай коё алган эмес. Эл андай акындарды акын катары эсептебеген традиция мурдатан бар болгондуктан, Арстанбек да акын катарында мындай чындыктардан четте тура албагандыгы факт. Арстанбек кытайдын Кашкар багытына барып калганда, ошол жерди бийлеген Кулназар деген кишинин "биз менен биздин жакты да сыпаттап айт" деген өтүнүчү боюнча, анын алдында тайманбай туруп, төмөнкүлөрдү ырдаган.

[1] Белек Солтоноев. "Кыргыз-казак тарыхы". Инв. №1057, 447-б.
[2] Инв. 336. 59-бет.
[1] А. Тыныбеков. "Көкөтөй". 23-бет.

Алабата, койректүү,
Төө жүрүүчү жер экен.
Ат ташыркап, баса албай,
Жөө жүрүүчү жер экен.
Аш-тойго барууга,
Төө минүүчү жер экен.
Бетегеси кыраакы,
Кой жүрүүчү жер экен.
Берерге малы жок киши,
Бой жүрүүчү жер экен.
Эгин ташып ичүүгө,
Эшек бакчу жер экен.
Элинин баары соодагер,
Эсеп тапчу жер экен.
Эмгек кылып эринбей,
Кетмен чапчу жер экен.
Жакшылары паракор,
Зулумдардын жери экен.
Жардылардын сөзү өтпөй,
Пулу бардын жери экен.
Эл ичинде шайырдын,
Баркын билбес жер экен.
Эзелден берки кыргыздын,
Наркын билбес жер экен.
Кыштапсын Кашкар токойду,
Катының киет чокойду.
Кулназар бийи "айт" десе,
Калыстык сөздү айтуудан,
Арстанбек акын мокойбу?

Бул ырларда акын карапайым элдин атынан чыгып сүйлөйт, анын симпатиясы ошолордо жана алардын таламын талашат.

Арстанбектин ырларында элди-жерди нагыз поэтикалык эргүү менен сүрөттөгөн керемет картиналар да жок эмес. Мисалы, ал бугу кыргызы көлдөн үркөндө бир тууган мекенге карата мындайча патетика менен кайрылат.

Бакасы бала уктатпас,
Балыгы жылкы сугартпас.
Кайран биздин көлүбүз,
Кайда кетти көбүбүз?
Сандалып аккан булагы,
Сапсары болгон тулаңы,
Сагындырат тулаңы,
Сагындырат ыраңы.
Жылга, чыбыр, адыры,
Жылкыга өтөр кадыры.

Кокту, колот, адыры,
Койлорго өтөр кадыры.
Аркайган тоосу, адыры,
Адамга өтөр кадыры.

Зор поэтикалык эргүү менен акын табият менен адамдын гармоникалык бирдиктүүлүгүн даңазалаган мындай саптар элди, жерди сүйүүгө, аны терең урматтай билүүгө тарбиялайт.

Арстанбектин ырлары өзүнүн терең образдуулугу менен адамдын эмоциясын козгойт. Ошондой эле айрым бир саптарында акын кыска жана өтө таамай поэтикалык илеби тышка чыгып турган ырларында эч качан эскирбес, элдик нукура терең идеяларды бергендигине төмөнкү строфалар ачык далил болуп бере алат:

Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да.
Жаратылыш дүнүйө,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!
Кайратың тоону бузса да,
Чөмүчүң көлдү сузса да.
Оозуңан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып, учса да –
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң айбансың!

Акындын ою боюнча эл менен бирге болуп, аны менен кандаш жана жандаш болуудан артык эч нерсе жок. Бардыгынан эл зор, андан артык эч нерсе жок.

Турмуш-тиричилигине байланыштуу чыгарган жогоркудай ырларынан биздин күндөргө бир азы гана жетти. Ошолордун бири – бир жылдарда уйларга ылаң пайда болуп, кырылгандагы Арстанбектин ырдаганы:

Жылдыз жаап, боз өлдү,
Жылма болуп, козу өлдү.
Эрте өлбөй, кечке өлдү,
Маарап туруп, эчки өлдү.
Желеде калды боркогу,
Жетим калды торпогу.
Бир өлгөндө, баары өлгөн,
Байталман уйдун коркогу.
Уйлар өлүп, кой калды.
Ак букам, кокуй, бой калды.
Уйлар өлүп, төө калды,
Куруп калган жардылар,
Үзүгүн сүйрөп, жөө калды.
Кемпирлер майды туурады,
Балдар сүттөн куурады.

Кудай кылды ар ишти,
Итке доор тийгенде,
Баштан байге сайышып,
Иттер кунан чабышты.
Азаматтан күлкү өлдү,
Айдап жүрүп, жылкы өлдү.
Жорго жолдон суурулду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара, момундар,
Баткак болуп жуурулду![1]

Куучуйган, куурулган заманда үрпүн тартып отурган уйларынан ажырап, аңгиреп калган бей-бечаралардын көз жашы менен эзилип отуруп, "баткак болуп жуурулгандардын" кайнатылуу шору бу чыгармада абдан таасын сүрөттөлгөн.

Ушул сындуу ырларында акындын бүт симпатиясы карапайым адамдардын жагында экендигин айтпай кетүү – фактыны, акындын поэзиясын бир жактуу карагандыкка алып келээр эле.

Арстанбектин эл арасына кенири тараган ырынын бири – анын ооруп калганда көңүлүн сурап келгендерге комуз менен ырдап берген ыры. Ырдын кыскача тарыхы мындай. Арстанбек Каркыра тараптан көчүп келе жатып, кабыргасынан сезгенип, ооруп калат. Мына ошондо "жаш кезимде өлүп калбайын" деп, "жан алгыч Азирейил периштеге кайрылып" ырдаган.

Маң, маң, маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан.
Айры өркөчүн чом баскан,
Тизелерин чор баскан.
"Чөк" дегенде, "бук" деген,
Тизесин жерге бүктөгөн.
Калыдан килем жаптырган,
Сулуу кызга арттырган.
Кош аркан салып тарттырган,
Жардын башын кыдырган.
Талдын башын сыдырган.
Ак тикен көрсө аймаган,
Ойсул ата малым бар,
Андан тогуз берейин.
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Көк жон ылдый дөңкүгөн,
Көгөн сайса мөңкүгөн.

[1] **Инв. 336. 92-93-беттер.**

Сары жон ылдый дөңкүгөн,
Сайгак сайса мөңкүгөн.
Үй арасын боктогон,
Үйдөн туруп жоктогон.
Токойлуу жерге токтогон,
Өлөңдүү жерден оттогон.
Сары суу көрсө шимирген,
Саратанда элирген.
Куйруктары камчыдай,
Сийдиктери тамчыдай.
Мүйүздөрү жылтылдак,
Кулактары былкылдак.
Туяктары шылкылдак.
Чычкан богу улактай,
Зеңги баба малым бар.
Мыңдан тогуз берейин,
Муну берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?

Мына ушундай нукура поэтикалык сүрөттөөлөр менен төрт түлүк малдын (ойсул ата – төө, камбар ата – жылкы, зеңги баба – уй, чолпон ата – кой, чычаң ата – эчки) ар биринин мүнөздүү жактарын сүрөттөйт. Эски кыргыздардын мал-жаныңаманбы?-деп, учурашканынан эле жалаң мал менен оокат кылган көчмөн элдин малсыз тиричилиги жок экендиги баамдалып турат. Бирок да малды адам тапкандыгынан адамдын өмүрү андан да кымбат. Арстанбектин ырында өмүрдүн, жашоонун кымбаттуулугу жөнүндө идея берилет.

Француздук илгерки бир королева өлүп бара жатканында бүт дүйнөсүн, анан Парижди, анан бүт Францияны берсем жаным калаар бекен деп, кудайга жалынганы да албетте, жогорку эле Арстанбектин ырындагыдай шарттуу гана форма. "Туулгандын өлмөгү бар" дегендей, Арстанбек да:

"Баштан да айла болбоду,
Малдан да айла болбоду" -деп, жыйынтык чыгаруу менен өлүмдүн шексиз экендигине моюн сунат.

Бул ыр - кыргыз поэзиясындагы өмүр менен өлүм жөнүндөгү өзүнчө нукура поэтикалык касиеттеги классикалык элегиянын биринен деп айтсак болот. Ырдын мазмунунда биринчи кезекте өлүм темасы тургандай көрүнүп жана ага карата болгон адамдын табыгый кайгысы берилсе да, аны менен бирдикте өмүр менен жашоонун кымбаттуулугу жөнүндөгү мотив бир гармонияны түзүп жүрүп отурат да, бул дүйнөнүн реалдуулугу жана кызыктыгына гимн айтылат. Арстанбек бул ырын чыгарган кезде өлүмгө диний жактан баа берүү өкүм сүрүп турса да, акын алардан оолак. Ал тиги дүйнөдегү жыргалчылык жөнүндө ырдабастан, бул дүйнөдөгү өмүрдүн жалгандыгын жокко чыгарып, анын реалдуулугун, кымбаттуулугун ырастайт.

Ошентип, Арстанбек Буйлаш уулу 19-кылымдагы кыргыз тарыхынын өтө орчундуу жана татаал мезгилинде жашап өтүп, анын түйүндүү проблемаларына, коомдук, саясы ж.б. жактарына карата өзүнүн үнүн кошуп, изин калтырган акын. Бирок, ал кыргыздардын Россияга кошулушундагы прогрессивдүү жактарды көрө албай, бу маселеде негизинен алганда реакциячыл идеяда турду. Аны менен катар ал Кокон эзүүсүнө байланыштуу жана падышалык колонизаторлордун турмуш чындыгын ырдаган ырлары бар. Ал уруу күрөштөрүн жектеген, тынчтык, биримдикке чакырган жана дагы бир катар граждандык мотивдеги ырларды чыгарып, адабият тарыхынан өз ордун таба алган көркөм сөздүн устаты катары таанылды.

Анткен менен бу ырларга караганда, Арстанбектин "орус маселесиндеги" көз караштарында эволюциялык өсүү болгондугун көрөбүз. Ал дагы бир ырында жогорку оюн конкреттештирип, мындай дейт:

Шоодураган салдаты,
Бопорос кагаз, канжасы.
Карап турсак орустун,
Катыла келген жоолорго,
Катуурааk экен калбасы.
Кара ниет душманын,
Кармап алып жай кылды.
Кокондуктун кандары,
Тактысынан тайылды.
Баатыр орус тушунда,
Ак калпактуу кыргыздар,
Ала-Тоонун жерлерин,
Тынчып уктап, жай кылды.

Мына ушуларда орус мүнөзү жана куралы менен каармандыгы макталат, жек көрүмчү Кокон хандыгынын (1876-жылы) кулагандыгы кыргыздарга ар дайым кол салып турган калмактар менен казак төрөлөрүнүн чабуулдары орус куралы астында токтоп, кыргыздардын өз ара уруучулук чабуулдары тыйылып жана бул иштерге демилгечи болгон бийлөөчү төбөлдөрдүн жазалангандыгы айтылат. Орус келгенден кийин кыргыздар тынчып, Ала-Тоону жай кылгандыгын баса белгилейт да, ага каршы чыккандарды мыскылдап ырдайт. Демек, орустардын жүргүзгөн мындай иштери жалпы эл үчүн прогресс болгондугун орчундуу мисалдар менен белгилеп, аларды кубаттайт.

("Ала-Тоо" журналы, 1995-жыл. №1, 271-288-беттер)

Кадырбек Матиев,
философия илимдеринин кандидаты

АЛП АКЫНДЫН АЙКӨЛ МУЗАСЫ

(Адабий сын, адабият таануу)

Арстанбектин бизге толук жетпеген, бирок да азоо дайрадан ташкындуу, толкундай кооптуу да шоокумдуу, назик булбулдай мукам сайраган, ырчы торгойдой таңда шаңшыган керемет поэзиясы, рухий керээз-мурасы эч кандай мактоого да, жактоого да муктаж эмес. Жазма адабият айдыңында, анын көөнөрбөс тарыхында Калыгул, Молдо Нияз, Молдо Кылычтын чыгармалары сыяктуу эле бир жолу да өзүнчө китеп болуп басылбаганына карабастан, анын ырлары ушул күнгө дейре эл оозунан түшпөй, кыргыздын рух көөдөнүн, жүрөк түнөгүн көздөй өзүнө-өзү жол чаап келген жана калайыктын аң-сезиминде жашаган акындар галереясынын төрүнө өзүнө татыктуу, эч бир кайталангыс ордун небак ээлеген.

Арстанбектин рух ааламын айланкөчөк чарк уруп чабыттап, поэзиясынын мазмун-форма булуң-буйткасына терендеп үңүлө карап, териштирип, ар тараптуу аналитикалык талдоого алуу, олуттуу илимий тыянактар, жалпылоолор жасоо, объективдүү, калыс баа берүү коллективдүү эмгектерди, коллективдүү изилдөөлөрдү талап кылат. Андай фундаменталдык мүнөздөгү кеңири иликтөөлөр али алдыда. Эгерде 1941-жылы жазылган Т. Саманчиндин "Арстанбек" аттуу эмгегинде коюлган теориялык проблемалар, божомолдор системалуу, ыраттуу, типологиялык түрдө, илимий-профессионалдык деңгээлде андан нары улантыла бергенде, алигиче көп маселелер такталып, көп иштер аткарылып калмак. Тилекке каршы, белгилүү себептерден улам, көбүнесе өзүбүздүн кыргызчылыктан улам андай болбоптур. Ошондуктан биздин бул жупуну макаладагы милдетибиз – акындын поэтикалык мурасына колдон келишинче, мүмкүнчүлүгүбүздүн жетишинче комплекстүү мамиле этип, анын мазмун-форма байлыгын, эстетикалык концепциясын, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, көрөңгөлүү касиеттерин анализге алуу, б.а. Арстанбектин чыныгы акындык, инсандык жүзүн таанууга далалат кылуу, белгилүү бир жыйынтыктарга жетүү.

Арстанбектин чыгармаларына саресеп салып, түп-тамырына, ичикоюнуна сүңгүп кирүү, өнөркана өзгөчөлүгүн туура түшүнүү, устагерлигин туура аңдоо – жаңыча методологиялык өңүттү, позицияны, республикабыздын эркиндүүлүк, эгемендүүлүк шартында илимде жетишилген жаңыча талдоо-иликтөө ыкмаларын, усулдарын, жолдорун колдонууну, жаңыларын табууну талап кылат, ошого мажбурлайт. Мурунку көнүмүш схемаларын, стереотиптердин күнү бүтүп, жашоосу токтогон. Экинчи бир эске алуучу нерсе – ар кандай эле акын өнөрчүлүгү жок жерден жаралып, "чү" дегенде эле түптүз кетпеши белгилүү эмеспи. Миң тубаса таланттуу

болгон күндө да, аны бапестеп өстүргөн уюткулуу көркөм салттар, уюлдар, руханий мектептер, университеттер, академиялык зарыл го. Ансыз талант такырланып, какшып, соолуп калаары белгилүү. Арстанбек дал ушундай булактардан кана сугарылганын, дал ошондой баскычтарды, тепкичтерди басып өткөндүгүн, "окуп бүтүргөндүгүн" анын туундулары туюнтуп турат, ырастап турат. Салттуу поэзиянын өнүтүнөн алып караганда, дегеле ар кандай жаңычыл, реформатордук элементтер, касиет-сапаттар элдин рухий-эстетикалык көркөм казынасынан кайнар булактай кайнап агылат да, жеке сүрөткердин жаратмандык практикасы аркылуу кайта эле ошол казынага барып куюлат, аны түркүн түстө кубулта байытат, кеңейтет, тереңдетет, алга жылдырып, көкөлөтө бийиктетет. Себеби ар бир конкреттүү сүрөткер өз учурундагы замандын, элдин социалдык-психологиялык, руханий-маданий абалын, денгээлин, идеалмүдөөлөрүн өзүнүн индивидуалдык талант таразасына, талант даражасына жараша реалисттик нукта чагылдыруу менен бирге алды жактарга чалгын чалат, көз чаптырат, прогноздоп боолголойт.

Арстанбек акында ушундай касиеттердин бардыгы бар. Анын поэтикалык палитрасын, дүрдүйнө дасмиясын туура чечмелөөдө бирден бир алгылыктуу, бирден бир жемиштүү натыйжаларга жетүүнүн аныктоочу шарты – эл акындарынын, ырчы-обончуларынын, күүчү-комузчуларынын, манасчы-жомокчуларынын, бүт эле көркөм өнөрпоздорунун ошол доордогу генеалогиясын, эволюциясын, замандын тарыхый-маданий контекстин, руханий-интеллектуалдык менталитеттин генезисинен баштап тугаш эске алуу, туташ көңүлдүн борборунда тутуу. Өз ара ичтен бири-бирине таасир тийгизүү процесстерине, өз ара өтүшмөлүк мыйзамченемдерин гана эмес, тыштан болгон башка элдердин маданий, руханий таасирлери, ачык же тымызын карым-катнаш байланыштары да эсепке алынышы абзел. Айталы, Калыгул, Молдо Нияз, Арстанбек, Молдо Кылыч өндүү төкмө жана жазгыч акындар, Келдибек, Акылбек, Тыныбек сыяктуу улуу манасчылар башатын баштаган жаңы генерациясынын, жаңы Ренессанстын жаралышына жана 150-200 жыл бою учугу үзүлбөй ургаалдуу улanышына кандай тарыхы-социалдык, рухий-маданий, саясий-идеологиялык факторлор түздөн түз же кыйыр түрдө себепкер болуп, алдыга сүрөгөн? Көркөм прогресстин нечендеген көз мелжиген белестерин, белдерин, чокуларын, дабандарын жеңип алууга жол чапкан? Мурда, ага чейин кандай рухий өбөлгөлөр, себеп-натыйжалуу түртмөктөр, көрөңгөлөр даярдалган эле? Б.а. жаңы секириктер үчүн зарыл болгон кандай гнесеологиялык, социалдык-психологиялык, гедонисттик, аксеологиялык ж.б. негиздер, базалар бар эле?

Биздин оюбузча, 18-19-кылымдар толук бойдон жүздөгөн жылдар бою бирде ашып-ташып, көбүрүп-жабырып, өркөчтөнө көкөлөп, бирде бөксөрө түшүп, тартылып, орточолоп, бирде дымый калып, басаңдап, өнүгүп отурган кыргыз рухуна, кыргыз менталитетинин, "Манас" баштаган алп эпосторунун, поэтикалык дөөлөт-кенчтеринин, ыр-күүлөрүнүн, Асан-кайгы, Жээренче чечен, Акыл Карачач, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Кет Бука, дагы башка бизге белгисиз кеткен сан миңдеген дааныштмандардын, ойчул-

акылмандардын, улуу таланттардын жараткан эбегейсиз бай көркөм салттарынын, мурастарынын, ашкере бышып, жетилүү жолуна түшкөн оозеки эстетикалык, синкреттик аң-сезимдин образдуу ойлоо, ой жүгүртүү, дүйнө таануу, аны элестетүү, бешбейнелүү туюнтуу жөндөмү апогейине жетип, жапырт гүлдөгөн доору болгону бүгүн талашсыз. Так ошол байыртан келаткан мифологиялык, синкреттик, эмпирикалык аң-сезим алкагында топтолгон, жыйнакталган философиялык, эстетикалык, поэтикалык бай тажрыйбанын, практиканын кыртыштуу аңызы, образдуу арсеналы жаңы генерациянын, жаңы Ренессанстын жаралышына жарашыктуу жагдай, жагымдуу шарт түзгөн. Анын мүлдө башатында жогоруда ысымдары аталган улуу инсандар, учтуу да утуштуу таланттар туруп, аягы могикандардын соңкулары аталган айтылуу Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев мөндүрлүү кара нөшөрдөй төкмө акындардан Ысмайыл Борончиев, Токтосун Тыныбековдор менен тамамдалган...

Кыргызга таандык салттуу поэзиянын эзелтеден түптөлө келген асылдуу топурагынан, асемдүү арсеналынан өнүп чыгып, бирин-бири улаган поэтикалык эстафетанын баш-аягын бириктирип турган кудуреттүү күч – албетте, "Манас" эпопеясы, ири дастандар түрмөгү, акындар поэзиясы. Дал ушул теңдешсиз терең дөөлөттөр жана атактуу ырчылар, акындар, күүчү-комузчулар, манасчылар, жомокчулар ж.б. чогуусу менен жаңы генерация үчүн табылгыс мектептин, университеттин, академиянын милдетин өтөгөн. Ошон үчүн Арстанбек ар бир чыгармасында кайта-кайта артка кылчаят, учурга үңүлөт, келечекке көз жүгүртөт.

Он алты жашында оозго алынган, болгондо да өз аймагында, туулуп-өскөн Эки-Нарында гана эмес, алыскы Анжиян тарапта айтылуу Алымбек датканын алдында, Кокон хандыгынын ордосунда бир жыл ырдап, күү чертип, түштүк жергесин түрө кыдырып, нечен кыргыз ырчы, комузчу, күүчүлөрү менен, өзбек шайирлери, хафиздери, түркмөн бакшылары менен далай беттешип, баарын жеңген, талантын такшалтып, дасыктырган, кызыл тилин албарс бүлөөгө булап, рух кайракка кайрап курчуткан, жүрөк күүлөрүн музыкада, поэзияда бирдей күүлөнткөн, ошондон баштап, өмүрүнүн соңуна дейре беттешкенге бербеген, алышканга алдырбаган, акырында нечендеген симфониялык мазмундагы полифониялык күүлөрдү, эсеп жеткис поэтикалык шедеврлерди артында мурас калтырган, алп акын Арстанбек жөнүндө өзүнө тете оригиналдуу жаңы пикир айтыш (Т. Саманчиндин салмактуу эмгегинен кийин), жаңы концепция жаратыш аябагандай оор озуйпа, ополтоодой олчойгон жүк, татаал милдет.

Бугунун Тынымсейит уругунан чыккан кадыр-барктуу Буйлаш бийдин Төрөкан ысымдуу кичи зайыбынан төрөлүп, өсүп-өнгөн нарктуу үй-бүлөдө таалим-тарбия алган болочок акындын ошол чыт курсак бала кезинде коктуда козу, чокуда кой кайтарып жүргөндө көмөкөйүнөн көлкүтүп, кырааттап ырдап турганын, анан боз улан, кыл мурут жигит, андан соң кара сакал, буурул сакал мойсопут курагында, толгоосу толо комузун колдо ойнотуп, созолонгон коңур аваз менен шаңкылдап, ыр-

дап жаткандыгы – кызыл жүздүү өң-түспөлүн, жайдары мүнөз, чымыр булчуң, калбаат келбетин көз алдыга келтириш анча деле кыйын эместир кыялкеч жанга. Бирок да анын музасына мүнөздүү поэтиканы, эстетикалык өздүк жасалгаларды жайнатып, ачып берүү алда канча кыйын, түйшүктүү жана мүшкүлдүү. Демек, өмүрүндө бир жолу да мүдүрүлүп, ташыркабаган анын талантын таразалоо, өлчөп-бычуу, андан бетер кыйын. Мындай милдетти коллективдүү эмгек кана аткара алышы мүмкүн.

Арстанбек акын өзүнүн шакардай кайнап, жанар тоодой атырылган албуут талантын жакшы түшүнгөн, өзүнөн-өзү баалай билген инсан. Анын бул өзгөчөлүгүн өңгөсүн коюп, айтыштарынан деле байкашка болот. Маселен, Чоңду акын менен айтышында:

Айта бергин дагы да,
Алдырып сага койбосмун,
Мен – алыша жүрчү жолборсмун.
Жеңдирип сага койбосмун,
Мен – жеңе жүрчү жолборсмун-дейт.

Ушул идея, ушул мотив Арстанбектин көп чыгармаларында ар башка түрдө, ар башка ыргакта жагдайга, атаандаштарынын алына жараша лейтмотив сыңары кайталанат. Мындан апачык көрүнүп тургандай, акын өз доорунун келечекке багышталган улуу өкүлдөрүнүн ичинде өзүнүн талант даражасын, рух энергиясын, жаратмандык кудурет-кубатын айкын туюп, айкын сезген көзү ачыктардан. Ошон үчүн ал өзүнүн майтарылбас, муңбас ырчылык, комузчулук жигерине, өнөрүнө, чабытчыл, изденгич жана табышкан рух кудуретине бекем ишенген. Ошон үчүн ал кыргыз комузчу, ырчыларынын ичинен эч кимден, кала берсе, атактуу казак акындары Картаңбай, Сүйүмбайлардан да жеңилбеген.

Арийне, акындын чеберчилик, билгилик, устагерлик өнөрүнө катуу ишенгендиги тек гана анын текеберленип, менменсиңгендигинен эмес. Жалпы мурасын дүңүнөн алып караганда, бул идея ассоциациялуу ой түрмөктөрүнүн жылуу уясындай, уңгулуу уюгундай кабылданган ыр саптарынын көркөм жалпыламасы, жыйынтыгы тейде сезилген "Керээзинде" да аталган эстетикалык акыл-ой, кадыресе санат түрүндө саймедиреленген. Бул чыгармасында ал адам өмүрүнүн түркүн баскычтары, б.а. анын гүлгүн кезинен тарта улам бийиктеп, өрдөн өргө өрмөлөшү, анын табыйгат ыйгарган чекитине жеткен соң, төмөндөгөндөн төмөндөй барып, эң армандуу, кайгылуу аякталышы жөнүндөгү чоң идеяларды философиялык планда аңтарып чыгат. "Артымда ким айтат менин ырымды?" деген муңдуу кайрыкка каңырыгы түтөйт. Ушуга байланыштуу бир жүйөөлүү мандемди белгилей кеткенибиз жөн: Арстанбектин көкүрөккөөдөнүн куйкалап жаткан жанагы өкүттүү, өкүнүчтүү, күйүттүү арман оозеки поэзиянын ири өкүлдөрүнүн дээрлик бардыгына тиешелүү, мүнөздүү. Жазмасы, китеп басмасы жок элдин арылбас шору, зээн кейиткен түпсүз трагедиясы ушунда турбайбы көрсө. Кыргыздын адабият тарыхында оозеки поэзиянын, атүгүл кагазга түшүрүлгөн кол жазма

үлгүлөрүнүн канчасы жоголбосун? Мисалы, ушул эле Арстанбектин ырлары, казалдары, айтыштары, күүлөрү автор өзү ырдаган, өзү черткен калыбында жеттиби бизге? Анын канчасы ың-жыңсыз жоголду? Канчасы элдин же башка ырчы, акындардын чыгармаларында жутулуп кеткен? Мунун баарын өтө кылдат жүргүзүлгөн текстологиялык изилдөөлөр гана тактай алмакчы.

Арстанбектин түтөгөнүнчө бар да, гений өзүнүн генийлигин жакшы билгендиктен, жүрөгүндө, мээ беренелеринде ырдалып, чертилип жаткан канчалаган чыгармалар бу дүйнөдөн көзү өтсө, бөөдө кара жерге көмүлөөрүнө, чым астында каларына күйүп-бышып, жаны ачып жатпайбы. Чынында эле анын канча чыгармасы жоголгонуна, канчасы эл оозунан так, туура жазылып алынганына, оригиналдуулугу өз калыбында сакталгандыгына ким кепил боло алат? Өзүндөй кылып ким айта алмак да, ким сактап калмак? Акын бул көйгөйдү ичинен сыздамай сызылткан.

Менин көзүм ким табар,
Комузумду ким чалар?
Көңүлүмдү ким табар?
Оо, армандуу дүнүйө,
Акын өлсө не калар?
Айтылбаган сөз калар,
Ырдалбаган ыр калар.

Чертилбеген күү калар-деп, аргасы түгөнгөндө "ажалга баары баш иерин" айтып, өзүн өзү жоошутуп, өзүн өзү жубатып, өзүн өзү сооротот.

Далайлардан бата алдым,
Булбул ырчы аталдым.
Мен Арстанбек болгону,
Акын атка конгону –
Периште ишим оңдоду...
Алдыма киши чыкпады,
Ырчынын баары ыктады.

Ушундай көтөрүңкү пафос менен аяктайт керээзин. Акырында өзүнүн шакирти, жаш ырчы Солтобайга акындык-мурасын илгери үмүт менен табыштайт:

Айтылып калса артымда,
Арстанбек неге карысын?-деп, өзүнүн өлбөстүгүнө көзү жеткендей, ишеним билдирет.

Өнөрпоздук касиетти, наамды бийик жана таза тутуу принцибин Арстанбек көп чыгармаларында ортого салып, бир эле идея, бир эле тема ар башкача жаңырат, түркүн түстө, түркүн мааниде трансформацияланат. Маселен, ошол эле Жеңижок менен учурашуу ырында:

Ырчы болсоң – сынчы бол!
Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол.

Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол-деген кеп-кеңешин, нускоосун айтат ага. Мындан биз, чыгармачылык башатынан бери акын карманып келаткан эстетикалык критерийин, атүгүл бүтүндөй концепциясын көрүп турабыз: тагыраак айтканда ырчы ар нерсени, биринчи кезекте адамдын адамдык жана айбандык жактарын бирдей таразалап, сынчыл көз караштан өткөрүүгө милдеткердиги тууралуу маселе коюлган. Ал эми Каңтарбай акын менен айтышында кайрадан өзүнүн өмүр белестерин элестетип, эч кимден жеңилбегендигин эскертет:

Арстанбек кимден кем эле?
Санат сөзүм сан эле,
Санжыра сөзүм кап эле.
Нуска сөзүм кум эле,
Карасам сөзүм шум эле.
Казак, кыргыз ичинен,
Мага тең келер ырчы жок эле,
Оозум менин шок эле...

Бул саптарда да гений акын өзүнүн генийлигин ашкере жарыя салган. Арстанбектин талант күчүн сергек байкаган кексе акын Каңтарбай айтышты улап кетүүдөн сылык-сыпаа баш тарткан... Жогорудагыдай эле мотив-идея Арстанбектин терминдеринде да ажайып ырдалган:

Ашта, тойдо айтышса,
Ар акын менен тартышса.
Бетине адам чыкпаса,
Беттешем деген ырчылар,
Бедели түшүп ыктаса.
Ал – ашкан ырчы белгиси,
Айлыңда барбы бул киши?

Мындай көркөмдүк бийиктикке, тереңдикке акын кантип жеткен? Бул соболдун алаканга сала койгондой, ташка тамга баскандай, кашкайган жообун биз, Анжиян-Арканын Нурмолдо, Эсенаман, Нуркүл (Наркүлтүзүүчүдөн) сыяктуу чоң ырчыларын жеңип, атак-даңк алып келген, алыстан ат арытып, жер кезип, атайлап учурашуу үчүн бел ашып, Каркырага келген Жеңижокко берген кеңешинен, насыятынан табабыз... Өзүн тоодой толкутуп, эрите ырдаган кыл мурут ырчы Жеңижок купулуна куп толо ыраазы кылганда, ага айткан санат-насыятында "башыңа бак консун" деген ак батасында, Арстанбектин жалпы эле эстетикалык программасы айдан ачык баяндалган. Б.а. орошон ойчул сүрөткерликке, генийликке жетиш үчүн жаңыдан кадам шилтей баштаган чыгармачыл инсанга, өнөрпозго тубаса таланттан башка дагы эмнелер керек? Узун мисал келтирүүгө аргасызбыз, угуп көрүңүзчү:

Балам, сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук.
Ушакчыны уктап ук,
Акылманды аңдап ук.

Дудуктарды жандап ук,
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук.
Комузчунун күүсүн ук,
Кыякчыны кылдат ук.
Добулбастын доошун ук,
Чоорчуну чордоп ук.
Темир комуз күүсү –
Термелтип жанды жыргатат,
Назар салып таасын ук.
Жолоочуну жолдон ук,
Добогердин доосун ук.
Манасчыны түнөп ук,
Кошокчуну кошуп ук.
Боз балдардын ырын ук,
Булбулдун мукам үнүн ук,
Кыз балдардын сырын ук.
Боздогонду бозуп ук,
Бекбекейди безип ук.
Борумдууну тосуп ук,
Замананын зарын ук.
Каапырлардын каарын ук,
Мусулмандын жайын ук.
Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук.
Думананын зарын ук,
Мүлдө журттун баарын ук.
Балам, нуска сөзүң көп болсун,
Санат ырың сан болсун,
Санжыра сөзүң саз болсун.
Калың кыргыз элине,
Кадырың артып, бак консун!

Мыңдан Арстанбектин поэзиясынын, музыкасынын гносеологиялык, социалдык, психологиялык негиздери чалкып жаткан деңиздей, мухиттей канчалык кенен, канчалык терең, поэтикасы, архитектоникасы, стили, стилистикасы канчалык бай, рухий энергиясы канчалык мол, кубаттуу экендигин көрөбүз. Акын жаштайынан элдин рухий казынасында эмне болсо, түгөлү менен үргүлжү үйрөнүүгө, жык-жыйма өздөштүрүүгө, гүлазыктай аш кылууга, тулку-боюна сиңирүүгө үлгүргөн... Казак, кыргыз, Анжиян-Арка элин, жерин кыдырып, кайыр чалып дегендей. Табигый тубаса сезимталдык, дилгирлик, зиректик, ийкемдүүлүк менен ыктап коюп, ынтызарланып, эл казынасына баш-оту менен кирген, жүрөк толтосун толтура чыңалкы, чыйрак толгонгон жана өзү туш келип, туштукка гүлзар чарбактан ал эч качан куру кол, олжосуз, шыбагасыз, үлүшсүз, бейүмүт чыкпаган. Ошон үчүн ал кичинесинен куйма кулак болуп бүткөн жана эске тутуу,

көңүлүнө, жадысына түйүү жөндөмү да күчтүү өнүккөн. Уккан-көргөндөрүн, билгендерин беймаани ысыраптабаган. Ошон үчүн анын сезими курч, кулагы сак, көзү өткүр, акылы тунук, интеллектиси илберинки таалимделген. Эң негизгиси – кыбыр эткен тирүү жандан, шырп эткен табият кубулуштарынан ар дайым бирдеме үйрөнүүгө, бирдеме өздөштүрүүгө, сабак алууга умтулган. Музыка менен поэзияны айкалыштырып, сөз менен живопись, көркөм сүрөт тартууга ашмалтай машыктырган өзүн. Бир сүрөткерден тартууланган ушул үч искусствонун шайкеш каражаттары аркылуу адам рухунун чексиз ааламында арыштуу, масштабдуу чабак урууга толук мүмкүн. Арстанбектин Жеңижокко айтып жаткан нускасынын диалектикалык терең сыры, катылган терең маанисимына ушунда. Мыңдан ар бир талапкер үлгү алганы абзел.

Ошентип, заманды дүңгүрөткөн рух дүйнөнүн тээ алыстан чаңызгыткан дүбүртүн жер тыңшаар Мамыттай жата калып тыңшап, жашоо-тиричилик, турмуш күрөшүнүн философиялык-антифилософиялык кыймылын, кагылыштарын, карама-каршылык коллизилияларын, муң-зарлуу, ачуу-таттуу, азап-тозоктуу драмасын, кубулуштарын бадырайта батыл ачууга, көрсөтүүгө, шөкөттөөгө, сыпаттоого жетише алган Арстанбек акын. Бир идеяны, бир ойду миң түркүн кулпуртуп айтууга, чеберчилигин, виртуоздугун саяпкердей, мүнүшкөрдөй таптап, турмуш казанында дак кайнаткан, чыйралткан, дөшүгө чалгы чыңагандай чыңаган. Ал бекеринен Жеңижокко ар иште актык, калыстык кылууну, бей-бечараларга мээрмандык, кайрымдуулук көрсөтүүнү, зөөкүр залимдерге, азуулуу зулумдарга атылган ок, чабылган кылыч, сайылган найза болууну табыштап жатпаса керек. Нускоонун акырында Арстанбек карылык жайынан башка түшкөн түйшүктөрдү түрүп келип, көргөн-билгендерин калтырбай төгөт да, жаш барчындай, ак шумкардай кайкып учкан Жеңижоктун ырчылык талантын сынчыл өнүттөн жогору баалап, нарк-насилдүү өкүмүн чыгарат:

Оо, тиркарак чырагым,
Термедей сөздү курадың.
Темир тоо жылып кетсе да,
Сен – термелбей турган убагың!
Оо, анык бир буудан чырагым,
Сен – кестедей сөздү курадың.
Көмүр тоо жылып, көчсө да,
Сен – кебелбей турган убагың!
Байкоос салдым сөзүндү,
Баалап турам өзүндү.
Сыноого салдым сөзүндү,
Толтурдум сынга өзүндү.

Убагында Т. Саманчин туура белгилегендей, Арстанбек ымыркай кезинен манасчыларды, дастанчыларды көп укканды-ктанбы, айтор, анын чыгармачылык арымы көбүнесе эпостук, эпикалык стилге, эпикалык поэтикага ыкталган. Буга акындын көз алдында алмар-телмер куушуп өткөн нечен-

деген кандуу окуялар, Кокон хандыгынын эзүүсү, падышалык Орусиянын колониячыл саясаты, адамды мүңкүрөтүп, калчылдата үшүткөн каар-заман-дын капсаландуу, коогалуу сүрү да өз мөөрүн басып, тамга салган окшойт, стилдин эпикалык мүнөздө калыптанышына таасир эткен көрүнөт. Эмпирикалык ыңгайда экенине карабастан, Арстанбектин футурологиялык, экологиялык, эсхатологиядык чалгыны чабыттуу. Ал ушунусу менен да, өзү айткандай, көптөгөн "чөп ырчылардан", "жөө ырчылардан" кескин айырмаланып алган. Калыгул, Молдо Кылыч сыяктуу эле Арстанбек да коом турмушун сүрөттөөгө киргенде, угуучунун үшүн алгыдай таризде – бу дүйнөнүн бар болушу же жок болушу жүрүп отуруп, акыры адамга, анын жан-дилинин, рухийлик, адеп-ахлактык кулк-мүнөзүнүн, иман-илетинин оңолушуна же ойрондолушуна байланышканын белгилейт, ушуга басым коёт. Үч жүз сегиз саптан турган "Тар замандагы" заманизм, эсхатология идеялары башка чыгармаларында да баамга урунат. Сыягы, байыртадан түптөлүп, араб, түрки элдеринин канына, маданиятына сиңген укумдан тукумга уланып келаткан политеизмдин, зороастризмдин аң-сезимдеги рудименттери-калдыктары исламдын шарият жоболору да акынга чоң таасир бергени, көп табылгаларга, изгиликке жеткиргени калетсиз. Баса, мезгилдеш жашаган акындын дастандары тематикалык жактан жакын болгондуктан, алар мазмун-форма табиятында көрүнгөн авторлордун индивидуалдык-инсандык өзгөчөлүктөрү менен гана айырмаланышат. Калыгулдун месел формасындагы "Акыр заманы" көлөмү жана эсхатологиялык, футурологиялык концепциясы боюнча тигил экөөнөн анча деле алыстабайт. Ошондой болсо керек, Молдо Кылыч өзүнүн эки миңге жакын саптан турган "Зар заманында" мындай ойду айтыптыр:

Мен жүрөмүн жубанып,
Акындыкка кубанып.
Акын өлбөй тургансып,
Өлбөс болсо Арстанбек,
Жүрбөс беле түбөлүк?
Акындыгым шончодур,
Ойлобогон мен карып...

Арстанбек ак сөөк таптын өкүлү болгону менен, реалдуу турмушунда да, чыгармачылыгында да социалдык топторго, таптарга объективдүү, калыс мамиле жасап, ар кандай көрүнүшкө чындыктын көзү менен караганы байкалат. Ал акыйкатты, актыкты, адилеттикти жактаган акын экендигине "Тар замандын" кызыл өзөгүн өрдөп өтүп, рефрен сымал улам-улам кайталанган мына бул идея айгинелеп турат:

Бул заманың кай заман, ой журт?
Ушул заман – тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.

Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө...

Акын ошол заманда эле жаратылыш экологиясы менен адам рухунун экологиясын бир катар коюп, жанаштыра карай алыптыр. Кылымдар кылкылдап, закымга жутулган сайын, табият көркү кандай болорун көрө билиптир. Ысык-Көлдүн, жер-суунун, жан-жаныбар, чөп-чардын кандай күнгө туш келээрин так айта алыптыр. Мунун баарын ал орустун келишине, анын колониячыл саясатына, ошондон улам көп жагынан идиллиялык көнүмүш кыргыз турмушунун, патриархалдык тириликтин, каада-салттын, адам алкынын, мүнөзүнүн бузулушуна, кыйрашына байланыштырган. Мына бул строфаны, шиңгилди окуп көрөлү:

Эгиндин нурку азайып,
Ачык болот деп айткан.
Эгин өнүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана,
Акыр болот деп айткан.
Каары катуу заманды,
Айта берип күн-түнү,
Арстанбек башы маң болду...

Байкалып тургандай, анын патриоттук, гуманисттик ой-санаасы, алысты самаган идеялары жанын жай алдырбай, катуу мүшкүлгө, түпсүз толгонууга дуушарлантып, тынчтык бербегендей. Бул тек гана кейикчээлдиктен эмес, алды жактан күтүлгөн тирукмуштай шойкондорду туя билгендигинен, ачык көрө алгандыгынан болуп жатат, чыныгы граждандык, акындык парзды терең сезгендиктен күйүп-бышкан. Арстанбектин аң-сезиминин түпкүрүндө байыркы жамаат коомунун жышаандары, "баёо коммунизмдин" бүлбүл элестери, картиналары, теңсиздик, теңдик принциптери жашап жүргөн окшойт. Акын буга интуициясы менен, болгондо да трансценденттик учкул интуициясы менен жетип, ага чындап ишенген, ошол заман кайтып келээр бекен деп, көксөп-самаган. Биздин бул жоромолубузду "Тар замандагы" төмөнкү саптар бекемдей алат:

Кайран өткөн илгерки,
Жарды-байы белгисиз,
Кунан-тайы мингисиз,
Кулу-бийи белгисиз.
Мандайлашкан жоону алган,
Таңдайлашкан доону алган.

Теңирден тескери жагына өзгөрүлүп кеткен шумзаманда ич ара касташып, жоолашып, уруу менен уруу кызыл-кыргын чабышканы, миңдеген бейкүнөө өмүрлөрдүн кыйылганы акындын зээнин кейиткен. Адамдар ортосунда, элдер ортосунда ырк, ынтымак, ырыскы кетиши, чынында эле анын

"башын маң" кылган. Дал ушун үчүн Арстанбек бугу-сарбагыш чабышынан, Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийинки жүрөк титиреткен, муун-жүндү калтыраткан кандуу трагедиядан, Аблай хан, Кененсары, Норузбайлардын чапкынынан, калмак-кытай суктугунан, доосунан, Кокон хандыгынын деспотизминен, орус падышачылыгынын кыргыз байлыгын тоноп-талашынан, Көл айланасынын арамдалышынан, кыргыз төбөлдөрүнүн алкы бузулушунан акыр заман-кыяматтын кыл көпүрөсүн көргөн, жүрөгүндө сезген. Сүйүмбай менен айтышында да мына ушуларды образдуу тизмектеп чыгып, "Кийинки биздин урпакка, Арстанбек сөзү ылайык" деп жыйынтыктайт. Анткени анын көөнөрбөс, эскирбес мурасы кийинкилерге өткөн көйгөйлүү замандардын тарых-таржымалына, социалдык-рухий портретин жеткирээрине ишенген. Ырчылык этикадан кеп козгоп, Сүйүмбайдың намысына, арына тийип ырдап, сөөлөттүүлүккө, салабаттуулукка, сабырдуулукка чакырган, кыргыздын сыймыгын, кадыр-баркын, нарк-насилин коргой алган. Ошондон кийин бул эки ырчы эч айтышпаптыр. Бирок өмүр бою сыйлашып, достук мамиледе өтүптүр.

Кара таманга капталган каар замандын катаал турмушунда жашап өткөн эл акындарына, эл өнөрчүлөрүнө бир орток белги, жалпылык – алар айтыштарында, санат-насыят термелеринде, нускоочу үлгү ырларында көп учурда тема кууп ырдашкан. Жеңижоктун "Айт, айт десе" өндүү чакан ырында коюлган тематиканы Барпы акын чоң дастандын масштабында көтөргөндөй. Бул салт мурда келаткандыгына манасчылардын өнөрү деле күбө. Анткени, акындар ошондой тематикалык, сюжеттик, проблематикалык таймашуу аркылуу өзүнүн талант дараметин, артыкчылык же чабалдык жактарын сынашкан. Аларды кызыктырган темалар, идеялар тобун же түрмөгүн көбүнчө жакшылык-жамандык, жакшы адам-жаман адам, сүйүү-жек көрүү, өмүр-өлүм, жаштык-карылык, эмгекчилдик-жалкоолук, актык-каралык, адалдык-арамдык, жарык-караңгы, толук дүйнө-кем дүйнө, утурумдук-түбөлүктүк, байлык-кедейлик, сулуулук-суксурлук, терендик-тайыздык, бийиктик-пастык, айкөлдүк-ичи тардык ж.б. түзгөн. Эзелтеден өрүш алган мындай салт боюнча өлбөс-өчпөс проблемаларды өз алдынча кайталангыс мазмун-форма чегинде чечмелөө – алар үчүн талант чеберчилигин таалимдеп-тарбиялоонун, жетилтүүнүн, кенемтесиз курчутуунун, жеткире бышыруунун, тынымсыз өркүндөтүүнүн табигый мектеби, устаканасы болгон. Арстанбек акын да андай айлакер мектептин, узанаар устакананын сыртында калган эмес, тескерисинче, анын кызылдай чордонунда кайнаган. Ал, мисалы, Чоңду менен айтышканда Көл кылаасында жашаган элдин социалдык турмушун, үрп-адатын, этнографиялык жөрөлгөлөрүн Анжиян, Талас аймактарына тикелей салыштыра сүрөттөп, табияттын көркүн куп гана келиштире тарткан. Ошону менен бирге Чоңду акынга "аламан ырчы артыкпы же чалкар манасчы артыкпы?" деген соболду соктурат. Айтмакчы, ушул жерде Келдибек менен Акылбектин, семетейчи Назардын манасчылык өнөрүн машына келтире, ийине жеткире кудум эле сахнада же экранда ойнолуп жаткандай жандуу, элестүү бере

алган. Окурмандын көз алдына манасчы да, Манас, анын кырк чоросу да, табият кубулуштары менен угуучулар да кадимкидей катарсистик-психологиялык абалда өтмө катар жуурулушуп, ширелишип, ашташып, тутумдаш бир бүтүн, жумуру картинадай тартылат. Акылбек "Чоң казатты" бир нече күн тынбай айтып, анан жети күнү-түнү бутун тартпай уктап, чарчаганын жазчу экен. Казаттын соңку кульминациясына, финалына келгенде "Манас" айтып жатканын унутуп коюучу экен:

Канаты сынып кайрылып,
Чоролордон айрылып,
Кабыргадан кан чыгып,
Канкакшап түшүп ордого,
Кайгырган жерин айтканда,
Кабыргасы сөгүлүп.
Кара нөшөр жамгырдай,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
"Манас" айтып жатканын,
Унутканын көргөмүн,
Умсунуп көңүл бөлгөмүн.
Тыңшап туруп калайык,
Көрүп турган эмедей,
Көзүнүн жашы тамчылап,
Кошулуп кошо ыйлаган.

Арстанбектин аксеологиялык-баалуулук жөнүндөгү түшүнүктөрү, көз караштары да анын көркөм ойлоо системасында көп кырдуу ачылган, гедонисттик кумарлануу, ышкысы, илхамы күчтүү, ырахат табуу таклиби татымдуу. Дегеле, анын поэзиясынын катарсистик аруулантқыч кубаты бакубат, илеби ысык, деми күүлүү. Караңгыдан жарык нурун издеген гөзөл акын өзүнүн тууштуу туундуларында он сегиз миң ааламдай түбү, чеги жок, учу-кыйырсыз жашоонун түмөндөгөн түпөйүл маселелерин кабыргасынан коюп, жооп издейт, аны табууга аракеттенет. Арыштуу эркин ой жүгүртүүсү нукура поэзиянын философиясынан чыгып, адам турмушунун, замандын заң-закондорун ачууга багытталган. Чыгармачылык максат-мүдөөнүн бийиктиги жана анын жемиштүү ишке ашырылышы Арстанбектин ырчылык өнөрүнүн, демек, анын эстетикалык, рухий мурастарынын түптүү, түркүктүү өзөгүн, кызыл чоктой чордонун түзүп турат.

Акын ар бир чыгармасында моралдык-этикалык маселелерди биринчи планга коёт. Мындан ал акыл-эстүү адамдын такыбалык-тазалыгын, актык ысмын, адамдыгын, имандай ыйыктыгын, руханийлигин бийик тутканын түшүнөбүз. Маселен, "Санатта" кишиге текебердик, карөзгөйлүк кылган эл безери, журт безери – ичи кара бузуктарды жеберине жеткире сындаган:

Тирүүлүктө агайын,
Бириңди бириң кадырлаш.
Күнүгө алтын тапса да,
Акылсыз жигит байыбас.

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып, учса да –
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың!
Кабарың Күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да.
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!-деген омоктуу ойду ортого салат (Кашаа ичинде белгилеп өтөлү – ал Картаңбай акын менен айтышында да эл мүдөөсүн, кызыкчылыгын биринчи орунга коюп, эбине келтире эскертет: "Улуу сөздөн баштайлы, Урматтуу элге таштайлы, Кыйма сөздөн баштайлы, Кымбатын элге таштайлы"). "Санатта" адамдагы жакшы сапаттар менен бирге теңирден тескери кыял-адаттар, жорук-жосундар, жаман жөрөлгөлүү кулк-мүнөздөр сындалат. Соңунда: "Өлбөй турган жандуу жок. Бул дүйнөгө баары келет. Бу дүйнөдөн баары кетет. Тирүүлүктө өмүрдүн кадырын бил: сыйлашып өт. Акыры баарын сорот кара жер. Чарба жүргүзүүнүн ыгын бил, эгин эгип, мал бак. Асты адамдын көңүлүн калтырба, оорутпа, шагын сындырба, назарын сындырба. Колундан келсе, ар кимге ажат ач" деген нукура гуманисттик, адамгерчилик жыйынтык-резюме айтылат.

Мындай мээрмандык идеялар, ой-мүдөөлөр акындын башка ыр-дастандарында да түбүнөн түптөлгөн. Алсак, "Термеде" кишиге тиешелүү акылмандык, даанышмандык, көсөмдүк, жоомарттык, кайрымдуулук, боорукерлик же мунун тескерисинче, ушакчылык, кыянатчылык, ач көздүк, тойбостук, бекерчилик, зөөкүрлүк, зулумдук сыяктуу оң-терс касиеттер, жакшы-жаман өнөкөттөр контрасттык планда карама-каршы коюлуп, сыпатталган:

Киши акысын жегендик,
Арамдыктын белгиси.
Мээнет менен жан багыш,
Адалдыктын белгиси.
Убада сөзүн унутуу –
Эсердиктин белгиси.
Айттырбастан сыр билги,
Кыраакынын белгиси.
Ата-журтун ардакташ,
Азаматтын белгиси.

Акындын түркүн мүнөздөгү социалдык-психологиялык типтердин портретин, ич дүйнө кыймылын, руханийлигин же руханийсиздигин таасын сүрөткө тартуу чеберчилиги ченемсиз, устагердиги уз. "Термеде"

машыккан устат катары мартабасы бийик озгон адам менен киши сыягынан кеткен тозгон адамдын кайнаса каны кошулбас турпаттарын көз алдыбызга таасирдүү келтирет. Инсандар ортосундагы ар кыл мамилелер, байламталуу байланыштар, карым-катнаш алакалар, анын ичинде бири-бирине атаандашуу, араздашуу, оң-тетири түртүштөр, оош-кыйыш, өйдө-ылдыйлар жашоо үчүн күрөштүн гармониялуу, дисгармониялуу тирилик күүлөрү – дал ушундай социалдык факторлор, психологиялык мотивдер бирде турмуштун илгерилөөсүнө, прогресске түрткү, көмөк берсе, бирде тескерисинче, анын алга жылышына кедерги, бөгөт болуп, регресске алып барчу роль ойноорун Арстанбек жакшы түшүнгөндөй. Ошондонбу, акын ар кандай көрүнүштү эстетикалык ан-сезимдин ой-лоо, ой жүгүртүү элегинен кылдат өткөрүп, кыраакы баалайт, ар нерсеге өзүнө ылайык, өзүнө эриш-аркак, шайкеш келген же аны жектеген сын-сыпат берет. Ал Женижокко айткан нускоосунда да: "Ырчы болсоң – сынчы бол! Зөөкүргө чабар камчы бол" деп, жөн эле куру кеңеш бербесе керек. Мындай сынаакы жөндөм-шык, сынчыл, ышкы сүрөткер үчүн эчтеме алмаштыргыч ажайып касиет, табылгыс талант экендиги талашсыз, шексиз. Муну сүрөткерге бүткөн аксеологиялык сүрдүү жана сүрөөлүү тубаса талант десек да туура болчудай. Анткени ал бүтүндөй элдин көрөгөч көзү, угаанак кулагы, сезгич жүрөгү, өнөр алды – кызыл тил эмеспи.

Адамдын көөнүн оорутпай,
Аста-секин кеп айтыш –
Асылдыктын белгиси.

Биз, мурда эскерткендей, мындай гуманисттик мотивдер, гуманисттик концепция Арстанбектин жалпы чыгармачылыгына мүнөздүү. Ошондуктан акын адамдын жүрүш-турушундагы, мүнөзүндөгү түркүн белгилерди, жышаандарды мерчемине жеткире, кыялына келтире элес берүүгө зергердей уста. Ушул чеберчилиги, виртуоздугу менен, коюлуп келаткан эстетикалык проблемалардын глобалдуулугу жана түбөлүктүүлүгү менен Арстанбек бүгүнкү окурманды да таң калтырбай койбойт. Эң башкысы – анын поэзиясы ой менен сезимди бирдей ширештирген көркөм каражаттарга, образдуу салыштырууларга, метафораларга бай, кулакка уккулуктуу, мукамдуу, музыкалуу, уйкаштары куюлушуп, ритмикалык-метрикалык ыр өлчөмү поэзиянын чегинде 7-8-9 муундан турса да, идеялык мазмуну жактан акындын чыгармалары жаңычыл кубулуш болгон өз учурунда. Өз заманындагы угуучулардын эстетикалык кабылдоосуна ылайыкташтырылган поэтикалык ыргактары көп кайраттуу, женил жоргонун желишиндей элпек, тили жатык, лексикасы бай, образдары көп маанилүү, таасирдүү. Терс көрүнүштөрдү өлтүрө сындаган сарказм, какшык, кыйытма, күйдүргү сөз иретинде айтылган сынчыл идеялар жыш. Мунун баары акындын рухий демөөрүнөн, талант кудуретинен кабарлап, көптү билгенинен күбөлөндүрөт, анын эстетикалык-көркөмдүк диапазону кенендигин көрсөткөн төгүндөлгүс чындык:

Эки жаман баш кошсо,
Безерликтин белгиси.
Эки жакшы баш кошсо,
Эсендиктин белгиси.
Табакта түп калбаган,
Жарыбаган түнүндө,
Жалчыбаган күнүндө,
Жетесиздин белгиси-дейт ал.

Эркекзада, аялзада жынысына бирдей таандык белгилерди, жоруксжосундарды ар кайсыл куралтагы, ар кандай социалдык-психологиялык маанайдагы, абалдагы адамдардын табиятынан таба алган. Ошондой эле кыргызга тиешелүү традициялык каада-салттын көп жактуу, көп кырдуу, көп түстүү мозаикадай этнографиялык панорамасын чоң чеберчилик менен элестүү тарткан. Айрыкча аш-тойлордо, оюн-зоок салтанаттарда бардык көркөмдүүлүгү менен жадырап-жайнап көрүнчү шаан-шөкөттөр, асемдер өз калыбында, өз реалдуулугунда өтө колориттүү чагылдырылган. Бир чети нака ошондой чоң-кичине аш-тойлор, андагы калың масса акындардын, ырчылардын, күүчү-комузчулардын, кошокчулардын талантына талант, демине дем, төкмөлүк өнөрүнө төкмөлүк өнөр кошуп, курчутуп турган күчтүү эстетикалык фактор болгону, рух кайрагын бүлөө болгону да чындык. Экинчиден, андай элдик реалисттерге кошо адамдын адамдыгына шек келтирген, күмөн туудурган каргашалуу илдеттердин, осол өнөкөттөрдү сынга алууга ыңгайлуу жагдай түзүлгөн. Кишидеги ошондой кесирлүү жоруктар, эссиздин эсерлигин, замандын зардебин зардап ырдаган саптар, строфалар "Термеде" да кездешет:

Кылган ишке карганса,
Таңгандыктын белгиси.
Оройлонуп урушуу –
Зөөкүрлүктүн белгиси.
Жалган жерден жан бериш,
Пасчылыктын белгиси.

Көрдүнүздөрбү, акындын тил байлыгын түштүк диалектисинен, дагы башка лексикалык булактардан калпып, сузуп алынган сөз айкалыштары, элестүү эпитеттер ого бетер кооздоп, көркүнө чыгарган. Оң-тескерини контрасташтырып, көз алдыга келтирген образдуу параллелизмдер Арстанбектин көркөм ойлоо системасында кадыресе табийгий стихия шекилдүү. Сөз жок, бул ички мыйзам ченемдүүлүк көнүмүш стихия аксап, бузулган кезде максатка жетиши күмөндөр. Себеби, ойлоонун – поэтикалык рефлексиянын бүтүндөй системасы, образдар логикасы ойкукайкы кетип калышы ыктымал. Ошол принцип, ошол ыкма көздүн карегиндей сакталгандыгы үчүн Арстанбектин "Тар заман", "Керээз", "Терме" же айтыштары өндүү айырмаланган бир эле чыгармасында рухтун чалкагынан ааламы чабыттуу чагылдырылып жатат.

Ошентип, биринин артынан бири удаама-удаа таңкы чолпондой жаркырап, өз элине рухий нурун чачыраткан топ жылдыздын башат, баштоочуларынын бири болгон, тобурчак акын Арстанбек туулгандан же адеп ооз ачкандан эле жетпесе керек бул даражага, бул атакка. Чыгармаларын салыштыра окуган адам ал жүрө-жүрө, ырдай-ырдай баралына жеткенде кызыл тили кубулжута сайраган булбул атка конгонуна, алыска чапса чаалыкпас, дулдул сынга толгонуна ынанат. Бирок анын аныктоочу кредосу башында эле дээринде, дилинде болгону калетсиз. Б.а. акын ар качан тазалыкты, актыкты, акыйкатчылыкты, аруулукту, чындыкты, адалдыкты, калыстыкты башынан даңазалап, даңктап келгенин мурда да айтканбыз. Өзгөчө оокаттуу адамдар жарды-жалчы, бейбечара, мусаапырларга, жетим-жесир, сагырларга, жону жукаларга кайрымдуу, мээримдүү карап, соопкерчилик кылышын айтып, кайыр-садага берип турууга үндөп-үгүттөгөн. Мындай үгүт-насыятты ал өзүнүн акындык милдети катары сын-сыпаттап термелеген, бардар адамдарга батымдуу кайрылган:

Жармачтарга карашуу,
Бергендиктин белгиси.
Жардыга камчы чаппаса,
Жетим менен жесирди,
Кылбагын, пенде кесирди.
Жаман айтып, какпаса –
Берендиктин белгиси.
Элинде барбы бул киши?

Бул строфадагы акыркы сап кандайдыр бир байламта-рефрен катары Арстанбектин башка чыгармаларында да арбын кайталанат. "Озгон адам эмнеден, кантип озот? Тозгон адам эмнеден, кантип тозот?" Мына ушуга окшогон эсеп жеткис, сан жеткис суроолорду коюп, жакшы-жаман сапаттарды, касиеттерди карама-каршы эки уюлдай бири-бирине коошпостугун козгоп, пенде турмушунда түмөн түйшүккө салып, баш катырып, баш ооруткан эң орчундуу, эң аштуу адеп-ахлактык, социалдык-психологиялык, кала берсе эстетикалык маселелерге жооп издейт, көйгөйдөн чыгууга дабаа издейт. Миң түйүндүү, миң сырдуу проблемалар менен алпурушуп, жүрөгү сыздайт. "Тар замандын", "акыр замандын", "зар замандын" заманизм фонун, трагедиясын, акындын чыгармаларынын квинтэссециясын биз, мына ушундан көрөбүз. Ошону менен бирге баятан бери сөз кылып келаткан "Термеде" да акындын гуманисттик идеялары, идеалдары, алды жактан күткөн ишенимдери бардык туруш-турпаты менен шаңкая ачылган. Дал ушундай эстетикалык сапаты менен ал окурманды артка кылчайып, өткөн тарыхыбыздын кубанычтуу куунак жактарына, кайгылуу көз жаштуу баракгарына кайрылууга мажбурлайт, учурга, келечекке акыл-эстүү көз чаптырып, сак болууга түрткү берет. Адам атын, өмүрдү, тирүүлүктү сыйлап өтүүгө, жашоонун кадыр-баркын чын ыкластан түшүнүүгө, билүүгө үндөйт, үйрөтөт. Көзүн бакырайта ачып, айрыкча бүгүнкү жашообуздун маанимаңызына, кыйчалыштуу тенденцияларына алдыртадан аяр үнүлүүгө, өз алдынча ой толгоого астейдил чакырат. Ушул жерде айтканыбызга ынан-

дырыш үчүн "Термеден" узун мисал келтирүүгө аргасыз болобуз. Эмне дегенде – бул строфаларда камтылган ой очогу, идеялар тутуму биздин бүгүнкү турмушубуз, бүгүнкү заманыбыз үчүн да өтө маанилүү жана актуалдуу:

Жетим козу жоголсо,
Желкелеп урса камчылап,
Кыбыраган жетимдин,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Бул – кайырсыздын белгиси.
Жез чака сүттү төктүң деп,
Жесирди сөксө сыздатып,
Бүткөн боюн муздатып,
Бул – акмактыктын белгиси.
Айлында барбы ал киши?
Бирине бирин тукуруп,
Эл ичине чаң салган –
Бузукунун белгиси.
Башкага элин сатпаган,
Бар жакшысын мактаган,
Журт намысын сактаган –
Көсөмдүктүн белгиси.
Жамандыкты кечирүү –
Айкөлдүктүн белгиси.
Азамат баркын билбеген –
Наадандыктын белгиси.
Өзү үчүн жан берген –
Өзүмчүлдүн белгиси.
Андай адам көбөйсө,
Жумурай журт маарыбайт,
Урук-тууган жарыбайт.
Самоор кайнап, чай болбойт,
Мал семирип, май болбойт,
Адам көңүлү шаң болбойт.

Ушундайча жыйынтыктап туруп, "Бул – акыр заман белгиси, Арстанбек келбейт көргүсү" дейт акын. Жашоонун, тирүүлүктүн кымбаттыгын, өткөн өмүр кайта келбестигин, адамзада ысымынын бийиктигин терең түшүнгөн, айныксыз көрө билген Арстанбек жогорудагыдай корутунду, жалпылоону жедеп күйгөнүнөн, инсан рухун, пейилин кантип оңдоого, жаныртууга болоруна жооп издеп, жан үрөгөнүнөн айтып отурат. Бул ичтен жеген зилдей мүшкүл, адамдын атына, затына ылайык жарык күндү издөө, "кой үстүнө торгой жумурткалаган заманды" көксөө – дүйнөлүк поэзияда тээ байыртан байыр алган түбөлүктүү тема, түбөлүктүү проблема. Андай заман таптакыр ишке ашпас иллюзия, курулай кыял-фантазия болгон күндө да, "мен-менмин" деген ар кандай гуманист сүрөткер ал идеалды, ал теманы-проблеманы айланып, буйтап кете албайт, аттап өтө албайт.

Блез Паскаль Ааламдын акыл жеткис, кучак жеткис, көз жеткис кыйырына, чексиз, түпсүз масштабына таңыркап, анын алдында адам жападан жалгыз, алсыз, байкуш бечара, мажүрөө-мажес, кыпындай бирдеме экендигин айтат. Ошондуктан, дейт ал, Ааламды аңтар-теңтөр аңдап-тааныгандан көрө адам баласы жайбаракат, үн-сөзсүз тегерегине көз салып, байкоо жүргүзбөй эле, өзү менен өзү алек болгону артык. Бир чети муну ал какшык түрүндө замандаштарына жем таштап, жылдырма күйдүргүлүк кылып жаткандай. Арийне, Паскаль деле адамдын улуулугун, анын рухий-энергетикалык кубатынын соолубастыгын, майтарылбастыгын бизден алда канча терең түшүнгөн, жакшы билген. Бирок да шум замандын үрөйү суук каарына таарынып, инсанат үчүн жаны ачыган улуу гуманист, философ-ойчул пендезатты карикатуралаганга чейин барганы түшүнүктүү. Карикатуралаганы үчүн "Адам дегениң – ыргайдай ыргалган бир макулук" деп жатпайбы. Адилетсиз, акыйкатсыз замандын запкысына, заарына зээни кейип, аргасы куругандан ушинтсе керек, кайран киши.

Ал эми кыргыздын заманчы акындары заманга, адамга карата ошол эле Блез Паскаль түзгөн концепцияны ыр түрүндө, порумдуу поэзиянын тилинде чыпчыргасыз жайнатып, чачырата төгүп салышкан. Ал гана эмес, синтезделген турумунда адам турпатынын эки жагын тең – жакшысын да, жаманын да, көркөмдүүлүгүн да, куник-кунарсызыгын да, сулуулугун да, суксурлугун да, улуулугун да, бузукулугун да, бийиктигин да, пастигин да, аруулугун да, ыпластыгын да контрастташтырып, драмалаштырып, турмуштун түбүндө арылбас трагизмин теренден көрсөтө алышкан. Бирок, канткен менен заманчы акындар адам рухунун азиздигин, ыйыктыгын, эчтемеге багынбас эркиндигин, эрктүүлүгүн, кажыбастыгын, күйшөлбөс күжүрмөндүгүн жогору баалашкандыгын байкамаксанга салыш – эң эле бир дегенде элегейлик, эсерлик болор эле. Айталы, ушул эле Арстанбек улуу Аалам чегиндеги адам тирлигинин аттап өткүс, качып кутулгус трагизмин кандим диалектик-сүрөткерче сыпаттоо менен инсанат философиясынын татаалдыгын, чырдуулугун, чиелүүлүгүн айтып жатат. Ошол эле учурда акын адамдын улуулугун, өмүрдүн таңкыстыгын, табылгыстыгын жокко чыгарбайт. Бул пикири бизди анын Женижок менен учурашуусунан алынган төмөнкү саптар бекем данакерлей алат:

Тоодой мүшкүл түшсө да,
Томуктай кылып көтөрөт –
Таң калам адам күчүнө.

Кыяматтай кыйын замандын тардыгын, зардыгын, акыр аягын көзгө сайгандай көрсөтүп берген акындын инсанат концепциясынан келип чыккан бул кызык фактыда чоң мандем, чоң маани жаткандыгын кантип танабыз? Бу дүйнөдөгү бардык керемети эң ыйык, эң бийик, эң кудуреттүү экендигин кашкайта тастыктап жатпайбы ал.

Дегеле эл ырчыларынын эстетикалык аң-сезиминде жазма адабияттагыдай, биротоло калыптанган, эзелтен эртелеп түшүнүлгөн формасында болбосо да, замандын заң-законунан туулуп, объективдүү факторлор менен шартталган, кадыресе эмпирикалык, стихиялык романтизмдин, сынчыл реализм-

дин элементтери, принциптери жашаган жана алардын жаратмаларында чагылдырылган. Ал принциптер күн менен нур альша жылт-жулт эте жүз чайышкан мөл булактай, мөлтүр мүрөктөр Арстанбектин чыгармаларынан да даана байкалат. Сөз эл ырчыларынын чыгармачылык, дүйнө таануучулук методу туурасында баратат. Чындыгында эле оозеки поэзияга таандык метод кимдир бирөөлөр тарабынан тануланган же китептен өздөштүрүлгөн усулдардын, жоболордун, эрежелердин, чектөөлөрдүн жыйымы, топтому катары эмес, тек гана алардын аң-сезиминде дүйнө таануунун жана аны көркөмдөп ырга салуунун эч жерде жазылбаган оозеки кодексин түзгөн. Ар бир ырчы аны оозеки түрүндө мураска алып, алынын жетишинче андан ары уланткан. Айталы, Арстанбектин Женижокко арнаган нускоосунда дал ошол оозеки реалисттик, эгер ушундай дешке мүмкүн болсо – методдун принциптери, критерийлери саналып жатканын айдан ачык көрүп турабыз. Дүйнө таануунун жана ошол таанылып жаткан дүйнөдөн калпып алынган, үйрөтүлгөн, көргөн-билген, сезген-туюнган нерсени ар бир конкреттүү учурда, конкреттүү чыгармада конкреттүү рубрикага-аудиторияга кантип ырдоонун жол-жобосу, ыкмалары, ыктары жөнүндө айтылган. Болгондо да акындык өнөрдү чыгармачылыкта, ырчылык кесипте эмнени кантип туюнтуунун чыныгы методун, методдун эстетикалык принциптерин, критерийлерин көрүп турабыз. Ырчы, акын үчүн адам мүнөздөрүн, социалдык-психологиялык типтерин, коом турмушун, замана идеяларын, рухий чыгармачылыктын ар кайсыл тарамдарында, түрлөрүндө түптөлгөн көркөм дөөлөттөрдү, эл тарыхын, санжырасын канчалык көп билсең, канчалык терең түшүнсөң, канчалык көркөм ырдасаң, талантың, рухтун сүрөткерлик күчү, көөрү, сүрү мына ушундай деп жатпайбы улуу устат. Сүрөткердин эстетикалык аң-сезиминин, көркөм ойломунун гносеологиялык дүйнө таануучулук, социалдык-психологиялык кубулуштарды изилдөөчүлүк негиздери, түп-тайпаңы канчалык масштабдуу, чабыттуу болсо, анын чыгармачылык искусствосунун алкагы, амплуасы ошончолук кенен, ошончолук терең, ошончолук бийик, мыкты түшүнгөнү үчүн, өзүнүн көркөм методу дал ошого таянганы үчүн Арстанбек шакирти Женижокко алигидей багыттоочу кеп-кенешин, акыл-насаатын табыштаган... Келечекте "заманчылардын" нары жагындагы, бери жагындагы акындар поэзиясын изилдөө дал ушул глобалдык багытта алардын чыгармачылык методунун табиятын, принциптерин, жолдорун так аныктоо, тактоо, алардын ортосундагы өтүшмөлүк мыйзам-ченемдерди, бирин таанып, бирин алуу, улантуу салтын илимий түшүндүрүү багытында жүргүзүлүшү зарыл. Калыгул мурункулардан эмне алды, Арстанбек мурункулардан жана Калыгулдан, башка замандаштарынан эмне алды жана кандай улантты, кай жагынан байытты? Ушундай методологиялык принциптин негизинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр алардын ортосундагы салттык окшоштуктарды, үндөштүктөрдү, жакындыктарды жана индивидуалдык-инсандык өзгөчөлүктөр, турмуштук факторлор менен шартталган айырмачылыктарын ачып берүүгө мүмкүнчүлүк бермекчи. Конкреттүү бир эле жагын алсак, эгерде ошол эле Калыгул, Арстанбек орустарды "капыр-арам" деп жатса, бул түшүнүк Молдо Кылычта кандай

өзгөрүүгө дуушарланган? Мына ушундай толгон-токой түйүндүү маселелер илимий жактан тактоону талап кылат. Буларды илимий методологиянын негизинде чечмелөө деген сөз – акындар поэзиясынын эстетикасын, поэтикасын, стилистикасын ж.б. толук изилдөө дегенге жатат. Демек, алардын рухий түшүнүктөрүнүн, көз караштарынын жаңыланышынын негизинде чыгармачылык методу да жаңырып, өзгөрүлүп турган.

А бул мыйзамченемдүүлүк коомдук турмуштагы процесстерге – прогресске же регресске, идеологияга жана антиидеологияга, субъективдүү симпатияга жана антипатияга байланышкан. Айтпай койбой турган дагы бир маселе – убагында заманчы акындарга жарлык тагып, табу кылынганы жөнүндө эми, түштөн кийин сөз коротуштун кажаты да калбагандай. Чындап карасак, алардын поэзиясында "Бөрк ал десе, баш алган" кыргызчылыктан улам, зордоп таңууланган "реакциячылдыктын", "төңкөрүшчүлүктүн", мистицизмдин жыты да жок. Бар болгону поэзиядагы замана агымы алар үчүн белгилүү өлчөмдө методдун да ролун аткарган. Ошондуктан заманачы акын жеке адамга, социалдык топторго, таптарга, коомдук турмушка тиешелүү ар кандай кубулушту, көрүнүштү, жакшы-жаман, оң-тескери нерселерди, катаклизмдерди реалисттик замана агымы методунун поэзиясынан кабыл алып, ошол көз караштан бааланган жана көркөмдөп сыпаттаган. Алардын бири да "мына бүгүн-эртең кыямат-кайың болот" деген эмес. Тек гана реалдуу турмушта өтүп жаткан реалдуу процесстерди, теңирден тескери өзгөрүүлөрдү, адамдардын мүнөзүндө, табиятында болуп жаткан элегей, эсирмелик, эсердик өзгөрүүлөрдү кайта эле өздөрүнө жеткире айтыш үчүн, оңолууга түрткү бериш үчүн, алардын үрөйүн учуруп, үшүн алгычалык деңгээлде сүрөттөп ырдашкан. Экинчиден, эсхатологиялык өңүттөн эртедир-кечтир акыр заман келээри төгүнбү? Чындыгында эле ошондой эмеспи, бир планетада жашоо токтосо, башка бир планетада жаңы жашоо башталат. Үчүнчүдөн, замана поэзиясы жалаң орустарга багытталган дештин өзү да калпыс, бир жактуу. Албетте, орус падышачылыгы баштаган саясий, социалдык реформалар, аймактык-административдик бөлүнүштөр, жер-суунун тарышы – адегенде кыргыздын көнүмүш жашоо ыктарын ыдыраткан, бүлүнткөн. Ал өзгөрүүлөр ар кандай эле кыргызды кыйын күйшөлткөн. Буга Арстанбектин эволюциясын күбөгө тартууга болот: маселен, "Тар заманда" бир заманачы акынды, ал эми "Сары орус султан болгонунда" таптакыр башка акынды көрөбүз. Арстанбек элдин биримдигин, ынтымактуу, ырктуу, нарктуу жашашын ак эткенден так этип самаган. Орустардын түз эле качырып кирип келиш себептерин ал уруулардын өз-ара чыр-чатагынан го деп ойлогон. Элдин биримдүүлүгүн күсөгөн анын идеалы андагыдан да мына бүгүн аябагандай актуалдуу, үлгүлүү. Анын рухий мурасынын өлбөстүгүн, түбөлүктүүлүгүн күбөлөнткөн негиздердин бири мына ушунда. Ал турсун Арстанбек кыргыз төбөлдөрүнө деле "азуулуулар", "азуусун айга жанган зулумдар" деп сындап, ашкерелеп жатпайбы. Мына ушул маселелерге байланышкан чындыкты толук далилдеп, ынанымдуу иликтеп бериш заманчылардан башталган жаңы генерациянын соңку өкүлдөрүнө чейин ар тараптан изилдөөлөрдү талап кылат. Эл рухунан жаралган, оозеки поэзиянын чегинде туулган алардын чыгармачылык

методунун теренге кеткен түп негиздерин, күрөө тамырларын, көкөлөп өскөн бутак-шактарын эмнеден, кантип издөө керек деген собол чыгат биерде. Ырасында эле, алардын чыгармачылыгына мүнөздүү консервативдүү синкретизм кандайча бара-бара реалисттик синтетизмге көтөрүлгөн? Же ал жөн эле эстетикалык эклектизмби? Канткенде да бүга окшогон глобалдык мүнөздөгү проблемаларды изилдөө өтө кылдат, өтө этият мамилеге, айкын таанылган, айкын түшүнүлгөн методологияга муктаж. Болгондо да теориялык жактан универсалдуу мамилеге муктаж. Мунсуз мурункуларды кайталап, керип-чоюп чектелебиз... Дегинкиси, бу Арстанбек акындын рух ааламын аңтара берсең, тамгалап мөөр баскандай, тасмалап түбүн казгандай таамай сыпатталган, бетегедей бейнеленген ой деңизинде чабак уруп, сүзүп бараткандай, жаркын дүйнөгө туш келесиз, кереметтен керемет табасыз. Анткени менен бул акындын таң калыштуу даркан дааныштмандыгын поэзиясынан изилдөө аркылуу анын индивидуалдык талант даражасына, рух кайратына кең-кесири баа берүү үчүн зор эмгек жумшоого туура келет. Текөөрү курч эстетикалык рухтун эчтемеге теңдешсиз, кайталангыс, бакубат кудуретине, дымагына, демөөрүнө тамшанып, суктанып эле тим болбой, ошону менен чектелип калбай, анын кулпусуна куп келчү ачкычын табууга жасалган аракеттер акыры оңунан чыгаарына биз ишенебиз. Бул үчүн көп окумуштуу, адистердин көз майын, күч-кубатын талап кылган белдүү, беделдүү текстологиялык иликтөөлөр жүргүзүлүшү күтүлөт. Мына ошондо биз башында айткан жаңы генерациянын ар бир чыгаан өкүлүнүн өз орду аныкталып, ким кимден эмне үйрөнгөнүн, алганын, ким кимге эмне берип, эмнени таңганын айкындашка жол ачылар эле. Азырынча апыртмайы, ашыра чапмайы жок эле мына муну белгилешке болот: акындын эстетикалык рух өзөгүн кыргыздын көрөңгөлүү оозеки маданиятынан, рухий менталитетинен, көркөм казынадан, Күн чыгыш элдеринин уламалуу салттарынан издеш – акыйкатта туура. Арстанбектин заманында биздин элге жеткен ичкиден бөлөк тышкы факторлордун таасирин да эске тутуу, иликтөөгө алуу максатка ылайык. Ушул эле чындыктын башка дагы бир жагы бар: дээринде тубаса таланты жок ырчы, айталы жамакчы, алабарман ырчы бүтүндөй дүйнөлүк цивилизацияны, көркөм дөөлөттөрдү түгөлү менен мээсине куюп, жүрөгүнө түнөтүп, жадысына түйүп алган күндө да жарытылуу бирдеме жаратышы күмөн. Арстанбектин поэзиясындай кол жеткис, көз мелжиген бийик үлгүлөрдү, оригиналдуу туундуларды жарата албашы аштан бышык. Менимче, ар кандай гениядин сүрөткердик гениялык ачкычы анын өзүндө: инсандык, адамдык турпатынын, талант жөндөмүнүн, шык ышкысынын, көркөм табитинин, эстетикалык аң-сезиминин, эмоциялык изденүүсүнүн өзгөчө жаралышында. Жогоруда биз айткан элдик рухий казынаны, сырттан кирген эстетикалык факторлорду сынчыл өздөштүрүү ошол тубаса талантты тарбиялайт, такшалдырат, жетилтет. Арстанбектин чоң артыкчылыгы – өзүнө бүткөн талантты туура тандай алгандыгында. Анын кайсыл чыгармасында кандай тема, кандай проблема ырдалбасын, трафареттин көнүмүш ыкмасында эмес, новатордук, реформатордук формада интерпретацияланат. Учугу узакка созулган эпициклдердин борборунда дайыма Адам турат. Кыязы, "Айт, айт десе" деген чакан ыры менен Женжок Барпыга кандай таасир

этсе, Арстанбекке анын замандаштары ошондой эле таасир эткендей. Мына ушундай божомолдоолорго далилдүү жооптор таба алсак, анда эле акындын поэтикалык рухканасына түшкүдөй ачкыч табышыбыз этимал. Акындын жалпы чыгармачылыгына жогоруда аталган өңүттөн карасак, ортодон замана проблемалары, анын чечмелениши өзүнөн өзү чыга бермекчи.

("Ала-Тоо" журналы,
1996. 219-234-беттер)

Абдысалам Обозканов,
филология илимдеринин кандидаты

АКЫЛЫ МЕНЕН ААЛАМДЫ АҢТАРГАН АКЫН

Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң...

Арстанбек

Арстанбек адамзаттык маанидеги глобалдуу маселелерди чечмелей алган, б.а. чыгармачылыгынын масштабы, акыл-сезиминин күчтүүлүгү, оргуп чыккан ойлорунун данектүүлүгү, жашоонун келечегин көрө алган, адамдардын ак-карасын, мүнөз өзгөчөлүктөрүн таасын ажырата билген көрөгөчтүгү жана даанышман акындыгы менен "анык нуска ырчыдан ааламга кетчү кеп калат" деп, өзү ырдагандай, дүйнөлүк улуу ойчулдардын сабында турат.

Анын санааркаган саптарына, көөдөндөгү көтөрүп чыккан маселелерине назар салсак ("Керээз", "Санат-термелеринде"), алар: "жер үстүндөгү тиричиликтин ойдогудай коопсуз өтүүсү"; "элдердин өз Мекенинде бөлүнүп-жарылбай, ынтымакта жашоосу"; "ар ким өз-өзүнүн ким экендигин анык билип, бирине бири өбөк, жөлөк болуп, кең пейилде жүрүүсү"; "эң негизгиси, адамдын көңүлү, эркиндиги баарынан кымбат экендигин сезип, бир өмүрдү АДАМЧА татыктуу өмүр сүрүү керектиги" өндүү көйгөйлөр экен. Булар, бүгүнкү күндө да аң-сезимдүү бүткүл адамзаттын алдына коюлган гумандуу негизги маселелер.

Эми, чыгармачылыгына келсек. Арстанбек кыргыз ырчыларынын ичинде кындан суурулган кылычтай курчтугу, төкмөлүгүнүн ар тараптуулугу жана сынчылыгы менен кадимкидей айырмаланып турат. Анын мындай чыгышына жашында өз башынан көптөгөн кыйынчылыктарды өткөрүп, баарына бышып, айткандын кылган көктүгү, эркүүлүгү себепчи болгон өндүү. Дагы бир өзгөчөлүгү, шайырдык өнөрдө өзүнө чейин эмнелер жолукса, анын баары Арстанбектин чыгармачылыгында кездешет. Алсак, ал ири санатчы, дастанчы, көп түрлүү айтыш

өнөрүнүн устаты, ондогон залкар күүлөрдү чыгарган чоң күүчү, төкмөлүк өнөрдө алдына акын чыгарбаган төкмөлөрдүн зору. Ырчылыктагы мынчалык арбын кырдуулукту өзүнөн жарым кылымча кийин чыккан Токтогулдан учуратабыз.

Арстанбектин толук кандуу Арстанбек болушунда, чынын айтканда, белгилүү фольклорист Батма Кебекованын эмгеги зор. Ал үчүн эжеге филологдор эле эмес, тарыхчы, философтор да чоң ыраазычылыгыбызды айтып коюуга милдеттүүбүз. Анткени, Б. Кебекова тарабынан кийин табылып, текстологиялык жагынан такталып, кыйла толукталып изилденип, комментарияланып, 1994-жылы жарык көргөн "Арстанбек" аттуу (ушул эле жылы кеңири иликтөөсү менен "Арстанбек" жыйнагы өзүнчө дагы чыкты) жыйнак улуу акындын негизги баалуу мурасы болуп калуу менен бирге, кийинки иликтөөлөргө жол ачты. Тунук булактын көзү ачылгандай болуп, ошондон кийин Арстанбектин ар тараптуу чыгармачылыгы туурасында тарыхчы, философ, филологдордун ар кыл аспектидеги (ичинде докторлук, кандидаттык диссертациялар да бар) көлөмдүү иликтөөлөрү чыга баштады. Бул деген, буга чейин башы толук ачылбай келген карама-каршылыктуу, ары кейиштүү тагдыр күткөн алп төкмөнүн "экинчи төрөлүүсү" эле...

Каза берсе не бир түрлүү кен байлыктардын мол запасы жаткан тоолорубузга окшоп, Арстанбектин чыгармалары аярлап окуса, өтө баалуу жана алар кеңири планда, комплекстүү изилдөөлөрдү талап этет. Бир эле ыры, "Керээзинин" поэтикасына учкай токтолуп көрөлү:

Өзөндүн көркү **тал болот,**
Өрүштүн көркү **мал болот.**
Аялдын көркү **эр болот,**
Аргымак көркү **жал болот.**
Үйдүн көркү **кыз болот.**
Тирүүнүн көркү **сый болот,**
Өлүүнүн көркү **ый болот.**
Оо дүйнө кетээр окшодум,
Менин толтурчу ордум **ким болот?**

Тизмектер психологиялык параллелизм ыкмасы, сүйлөм түзүүнүн этиштик жолу менен куралып, "толтурчу ордум ким болот?" деген аяккы ыр тизмектери жетектөөчү күчкө ээ болуп, автордун айтчу негизги идеясын туюнтуп турат. Жашоонун маңызын ырчы соңу редифтүү, аллитерациялык ыкма менен билдирет:

Башың барда мал **дөөлөт,**
Бар болгонуң зор **дөөлөт.**
Тиш ырыскы, тил **дөөлөт,**
Тирүүлүгүң бир **дөөлөт.**

Оюн таасирдүү берүү үчүн ал ар кыл туруктуу эпитеттерди, "күлүп-жайнап" деген өндүү метонимиялык атоону, аныктоочтук милдетти аткаруучу этиш сөз тизмектерин пайдаланган. "Керээзде" төгүп ырдоонун көптөгөн "не калар", "соң", "бул өлүм", "алдым", "арага", "болгону", "жок", "экен" деген өндүү түркүмдөрү (прием) пайдаланылган. Кыска-

сы, бул чыгармада акындар чыгармачылыгында кеңири жолуккан поэтикалык каражаттардын, ыкмалардын бардык үлгүлөрүн таба алабыз. Акындар чыгармачылыгы боюнча көрүнүктүү окумуштуу Т. Саманчин: "Ыр чыгаруу чеберчилиги жагынан Арстанбек өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү катарында болгон акын деп айтууга болот"-деп, ("Арстанбек"-Бишкек, 1994, 145-б) туптуура белгилеген. Тилекке каршы, анын дээрлик чыгармалары толук, өз калыбында жетпеди...

Арстанбектин эң көрүнүктүү чыгармасынын бири – "Тар заман". Тарыхый маалыматтарга таянсак, XIX кылымдын башында кыргыз жергесине чыгышынан Кытай империясы кызыгып, түштүк-батышынан Кокон хандыгы алык-салыгын салып, өз үстөмдүгүн орноткон. Кокон хандыгынын кулашына кол кабыш кылышканы менен түпкүлүгүндө падышалык Россиянын туура эмес жүргүзгөн саясаты да Арстанбекти кыйла ирээнжиткен. Натыйжада, жер тарып, ар кандай салык саясаты күчөп, кыргыз эли өз жерине толук ээлик кылуудан бара-бара кала баштаган. Арстанбек ушунун баарын толук сыйдырып, санатын "Тар заман" деп атаганы ошондон.

"Тар заманда" – "куттуу элим чабынып-чачылып, жок болуп кетпей, эл боюнча калса экен..." деп, калк келечеги үчүн абдан кабатырланган патриоттук идея санаттын негизги ядросун түзөт. Эгерде, чыгарма оор турмуштун бир гана танабын көрсөткөн болсо, мынчалык баалуу болбос эле. Арстанбек "Тар заманында" улам бир өзгөрүүлөргө учурап, кубулуп, барган сайын ар тарабынан тарып бараткан замандын каргашалуу түспөлүн ыр менен тартып жүргөн. Калктын турмушу оңолмок турсун, күн өткөн сайын артка кетип, өтө эле аяныч-туу ахыбалга жеткен... Эли үчүн жанын берген, намысы-ары, патриоттук сезими күчтүү Арстанбек буга эч качан кайдыгер карай алмак эмес.

Андыктан, Арстанбек "Тар заманында" кыргыздардын дыйканчылыкка жакшы, малга ылайыктуу, берекеси артып турган ырыс-кешиктүү жеринин башка бирөөлөрдүн колуна өтүп кетүүсү – кылымдар бою көчмөндүк шартта, төрт түлүк малы менен жашап келген эл үчүн тыптыйпыл жок болуу менен барабар экендигин; жердин тарышы – жашоону тарытып, ириде адамдардын пейилин бузарын; мүнөздөрүн, психологиясын өзгөртөрүн; мунун натыйжасы, ар ким өзүн гана ойлоп, элдик кызыкчылык, салт-нуска, адамдык нарк-насил, уят, ыйман-ынсап өзүнөн өзү артка сүрүлүп каларын тар алкакта эмес, ал бүткүл адамзаттык принциптен карап, мунун баарына ал акындык зор талантын, чеберчилигин жумшап, ар адамдын жүрөгүнө жете тургандай кылып, ар деталын көзүнө көрсөтө, тимеле сай-сөөгүн сыздата, эргип аткарган. Анын "Тар заманды" кантип аткаргандыгын өз көзү менен көргөн Талип Молдо: "Мурун далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок, ыраматылык Арстанбектей кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок" деген.

Замандын келечеги үчүн акындык туюму менен чындап күйүп-жанган ой толгоолор Кантарбай экөөнүн айтышында, "Керээзинде" да учурайт. Алсак, калк көңүлү көтөрүлбөй, баатырлар багынан тайып, дүйнө кандайдыр туңгуюк тартып турганын, аталган айтышта мындайча таамай чагылдырат:

Көркү кетти жериндин,
Мүлкү кетти элиндин,
Күлкүсү өчтү эриндин...

Арстанбек айтчу негизги оюн соңку үч сапка сыйдырып, "Тар заманын" корутундулагандай, бул учурдун – ооматы келип тургандарга "бар", жалпы калк үчүн "тар", колунда жок бей-бечараларды эч нерсеге жетиштирбей зарлаткан "зар заман" экендиги анык болчу.

Ошентип, "Тар заманда" кыргыз элинин кылымга чукул мезгилди камтыган коогалуу бир доору оош-кыйыш жактары менен летопистей эле туура сүрөттөлгөн. Эң башкысы, бул чыгарма улуттун саясий-социалдык жана тарыхый абалын так чагылдырып, тутумуна философиялык глобалдуу ойлорду сыйдырып, бир учурда салт-санаадагы, элдин мүнөздөрүндөгү орчундуу өзгөрүүлөрдү кошо баяндаганы, ошондой эле көтөргөн маселелери, берген идеясы менен өтө баалуу.

Чындыгында, кыргыздар үчүн тагдыры кылыч мизинде турган абдан опурталдуу ал заманды Арстанбекчелик таасын эч ким көрсөтө албаган. Өкүнүчтүүсү, тарыхый дастандай масштабдуу мүнөз күткөн, салмагы да ошончо "Тар замандын" кыйла алымча-кошумчага учурап, өз калыбынан өксүп, бизге айрым бир арзыбаган үзүндүлөрүнүн гана келип жеткендиги...

Даңазалуу дал ушул "Тар заман" көрүнүктүү музыковед А. Затаевич тарабынан 1928-жылы М. Күрөңкеевдин аткаруусунда нотага түшүрүлүп калган. Обону эпостордукундай салмактуу (бир аз мунду) бул эң сонун мураскы музыкант, комузчу Турганбай Молдогазиевдин аткаруусунда тамшанып уккам. Демек, "Тар заманды" обону менен аткарып, элге алып чыгууга азыр да мүмкүнчүлүк бар.

2. Арстанбек ар кыл мүнөздөгү айтышка ылгабай катышканы, чеберчилиги жана айтышка кошкон арбын салымы боюнча бул татаал искусствонун башатында тургандардын бири. Анын казактын көрүнүктүү акындары, айтылуу Сүйүмбай, Каңтарбай, кыргыздын Музооке, Чоңду өндүү көптөгөн ырчылары менен болгон айтыштары кыргыз акындар чыгармачылыгындагы эң салмактуу айтыштар.

Ашта-тойдо айтышса,
Ар акын менен тартышса.
Беттешем деген ырчылар,
Бедели түшүп ыктаса,

Ал – ашкан ырчы белгиси-деп, Арстанбек айтыштын – тил, өнөр жарыштыруудагы төкмөнүн өмүрүнчө топтоп келген ар тараптуу тажрыйбасы, чеберчилиги, мүнөз өзгөчүлүгү, анык төкмөлүк күчү эл алдында туура бааланган, ары опурталдуу, ары татаал өнөр экендигине так кесе жооп берген. Мындай тыянакка түркүм айтыштын кырчылдашкан кыйын кезеңдеринин толугу менен өз башынан өткөргөн төкмө гана келиши мүмкүн.

Ал айтышта эч бир ырчыдан жеңилбегендиги айтылат. Даңазалуу ырчы, күүчү Музооке менен комузда, төгүп ырдоодо да күч сынашып (ал комузчулар менен да көп жолу күү жарышына түшкөн) жеңише алышпаптыр.

Ырчынын казак акыны Сүйүмбай менен айтышы эки элден чыккан өнөр алптарынын – айтыш искусствосундагы анык күчүн, албан чеберчиликтерин даана көрсөтө алган, тарыхый мүнөзгө ээ чоң айтыш.

Көрүнүктүү айтыштардын дагы бири Чоңду экөөнүн айтышына көңүл бурсак, мында Арстанбектин абдан баамчылдыгы, өнөрлөштөрүнүн бүткүл кудуретин элестүү сүрөттөп, чебер тарта билген таасын художниктиги, табышмактарды тайгылбай чечмелеген ырчылыгы баамга урунат. Мында, көлдүк "семетейчи", "манасчылар" Келдибек, Акылбек, Назардын таланты, а түгүл дааруу касиеттери, айтуучулуктагы артыкчылыктары өздүк мүнөздөрү менен бирге мыкты портреттелген.

Кереметтүү жерлердин, өнөрлүү адамдардын негизги жактарын терең ачып бергенине ынанып, Чоңду Арстанбекке эми көптөгөн табышмактуу суроолорду узатат. Ага Арстанбектин берген жообун караңыз:

Аталуу адам зор болот,
Атасы өлгөн кор болот.
Аскар тоосу солкулдап,
Ураган менен тең болот.
Энеси өлгөн адамдын,
Чалкар булак соолуп,
Чаңкаган менен тең болот.
Эти бою эзилип,
Энедей сүйгөн ким болот?
Агасы өлгөн адамдын,
Айтарга сөзү кем болот.
Сени – аркалап жүрчү ким болот?
Иниси өлгөн адамдын,
Чабаарга камчы кем болот.
Жатындаш сага дем болот.
Карындаш өлсө какшайсың,
Бар айланды таппайсың.
Жеңеси өлгөн адамдын,
Жеңи желден жыртылат,
Жакасы кирден кыркылат.
Эжеси өлгөн адамдын,
Эркелээр жери аз болот.
Эженин көзү өткөн соң,
Жээн деген жат болот.
Баласы өлгөн адамдын,
Бар өзөгү өрттөнүп,
Чок чачкан менен тең болот.
Кызы өлгөн адамдын,
Кабыргасы бөлүнөт,
Кандуу жашы төгүлөт.
Келини өлгөн адамдын,
Кермеден аты бошонуп,
Кемиген менен тең болот.

Катыны өлгөн адамдын,
Куту кетет үйүнүн,
Куну кетет тирүүнүн.

Ата-эне, бир туугандар, сүйгөн жардын бул жашоодогу бар кезиндеги кубанычын жана жок кезиндеги өлчөөсүз өкүнүчүн, дегеле алардын турмуштагы ордун мынчалык терең талдап берүүсү – Арстанбектин даанышман акын экендигинин далили.

3. Арстанбек чебер сүйлөп, аны төкмөлүгүндө да пайдаланган, чечендиги зор ырчы. Ал 24 жашында Казыбайдын 16 жаштагы Айганым деген кызын сүйүп калат. Кыз ага: "Эр жигиттин үч шериги, үч асыл мүнөзү, үч кереги, үч душманы, үч жаман жагы жана үч кесири кайсы?"-дегенде, Арстанбек жооп берет: "Эр жигиттин үч шериги – асыл жубу, жакшы аты, жанга күйөр досу. Үч асыл мүнөзү – чынчыл болсоң, кол жеткис бийик чынарсың. Адал жүрсөң, турмушуңа кумарсың. Адилет жүрсөң, калкыңа калыс бийлик кыларсың. Үч кереги – аш, суу, от. Үч душманы – жалкоолук, аңкоолук, жатактык. Жаман жактары – жалтанчаактык, жагымпоздук, жалганчылык. Үч кесири: ушакчылык, алдамчылык, мактанчаактык".

4. Арстанбектин гениялдуу акын экендиги жашоонун түпкүлүктүү маңызын ар тарабынан келтире чечмелеген – нускоо ырларында кадыресе ачыкка чыгат. Мындай артыкчылыкты санат-термелеринен сырткары айтыштарынан, дагы башка мурастарынан да кезиктиребиз. Анын кандай ырларын албайлы, биз үчүн табылгыс накыл кептер:

Киши акысын жегендик,
Арамдыктын белгиси.
Мээнет менен жан багыш,
Адалдыктын белгиси.
Сөз ыргытса артыңдан,
Касчылыктын белгиси.
Топто үнүң чыкпаса,
Азчылыктын белгиси.
Айттырбастан сыр билген,
Кыраакынын белгиси.
Ата-Журтун ардакташ,
Азаматтын белгиси.
Бели ичке ийилген,
Кашы тасма чийилген,
Сулуулуктун белгиси.
Сулуу сүйүп суктанбай,
Кумары таркап, бук канбай,
Жүрө алабы эр киши?

5. Арстанбек чоң сынчы адам болгон үчүн Жеңижокко:

Оо, балам, ырчылык жайын айтайын,
Ырчы болсоң – сынчы бол!
Зөөкүрдү чабар камчы бол.

Ашта-тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт.
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып, жыргап өт-дейт.

6. Арстанбек 500дөн ашык залкар күү чертип, музыкалык маданиятыбызга да омоктуу салымын кошкон. Көбү өзүнүн чыгарган күүлөрү болгон. Алар "дастан күүлөр", залкар "кара күүлөр" жана "ботойлор". Булардын ичинен "Мендирман", "Камбаркан", "Какма", "Кер өзөн", "Солтон Сары", "Анжиян күүсү", "Кет Бука", "Ат чубатар ботой", "Арстанбектин ботою", "Арстанбектин арманы" ж.б. ондогон күүлөрү белгилүү. Көпчүлүгү алтын фондуга жазылып калгандыктан ушул күндө да аткарылып жүрөт.

Арстанбектин "Кожожаш", "Бердикожо", "Беш казак", "Чоро" деген өңдүү ири масштабдагы кызыктуу эпос, дастандарды жаратып, айткандыгы маалыматталат.

Ырчылык өнөрдөгү бир жакшы салт – кимдин кандай ырчы болгондугу мезгил сынынан өтүп келип, кийинки муундар тарабынан туура бааланган дыгы. Арстанбекке ак таңдай ырчы Осмонкул анын "кыргыз менен казакка даңазасы күчтүү, ар сөзү акыл, зор талант" болгондугун айта келип, төкмөлүк өзгөчөлүгүн мындайча таамай ачып берет:

Өткөн менен кеткендин,
Жайын айтып ырдаган.
Келечекти көбүнчө,
Дайын айтып ырдаган.
Кийинкиге калгандай,
Тарых айтып ырдаган.
Ак-каранын баарысын,
Таанып айтып ырдаган.
Ак комузун кайраган,
Булбул болуп сайраган.
Өзү жука, кызылдуу,
Өрттөй көзү жайнаган. (Осмонкулдун "Бизден мурда өткөндөр" деген ырынан алынды. Кыргыздын эл акындары. – Ф., 1946)

Жыйынтыктаганда, Арстанбектин кыргыз акындар поэзиясынын өркүндөп-өсүшүнө кошкон салымы баа жеткис. Арстанбекке таасирленбеген, үлгүлүү чыгармачылыгынан таалим албаган мейли төкмө, мейли жазгыч акындардан болсун – кыргыз акындарын табуу кыйын. Бул жагынан

алганда, ал "суффизм" адабиятындагы Ахмад Яссавидей эле абдан таасирлүү болгон. Кызыгы, улуу адамдардын баары өзүнүн ээлөөчү ордун билишкен. Анын: "оо дүйнө кеткенде, менин сөзүм ким табар?" дегени да тегин жеринен эмес. Молдо Кылыч: "Арстанбек акындардын тунугу эле" десе, Женижок устатына: "Оттой жаңып көздөрү, ой-акылы шар тура" деп, баа берет.

Ошентип, Арстанбек Буйлаш уулу өзүнө чейинки бир да ырчыда кездешпеген уникалдуу таланты, ошондой эле күүчүлүк өнөргө кошкон зор салымы менен акындар поэзиясынын гигант өкүлү катары анын тарыхында эч өлбөс болуп кала бермекчи.

(1999-жылдары жазылган кол жазмасынан алынды)

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

Арстанбек кыргыз ырчыларынын ичинде көзгө кындан суурулган, кылычтай көрүнгөн курч ырчы болгон. Ал 1824-жылы Нарындын "Эки Нарын" деген жеринде төрөлүп, 1878-жылы Ысык-Көлдүн тескейинде, Чычканда каза болот. Арстанбек ири санатчы, дастанчы, ондогон залкар күүлөрдү чыгарган чоң комузчу, ырчылык өнөрдө алдына киши чыгарбаган алп төкмө.

Арстанбек таланты зор, таасири күчтүү эл ырчысы болгондуктан "Тар заманын" калкты боо түшүрүп, бирде ыйлатып, бирде ынантып, өтө берилип, күчтүү аткарган. Бул ырды өз оозунан Талип Молдо уккан экен. Ал: "Мен келсем эл үйдүн ичи-тышын бербей, толуп кеткен экен. Арстанбек "Тар заманын" баштады. Кары-жаш дебей олтургандардын баарын ыйлатты, кайра элди сооротуп, каткыртып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей, тышта тургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып, уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол жамгырдай нөшөрлөнтүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде күндүн ачык илебиндей ыры менен элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди. Жыйылган эл ырды угуп отура берип, өрүштөгү малы эстеринен чыгып кетсе керек. Арстанбек ырын токтотуп: "кеч кирди, малынарды тейлеп алгыла деди" деп эскерет. Кыргыздар үчүн тагдыры кылыч мизинде калган өтө опурталтар заманды чындыгында эле кыргыз акындарынын ичинен Арстанбекчелик таамай эч ким көрсөтө албаган. Биз "Тар заманды" өз мезгилинин жүзүн көрсөтө, үрп-адат, салтын чагылдырган анын дагы бир катар ырларын окуу менен өйдө-төмөн кеткен андагы кыргыз элинин оор турмушун, ошол доорду, өз жүзүбүздү күзгүдөн чагылдыргандай ошол калыбында көрө, андай алабыз. Арстанбектин замана түрмөктөрү бизге дал ошонусу менен кымбат.

2. Айтыш өнөрүндөгү аркыл айтышта ылгабай катышкан чеберчилиги боюнча ал бул өнөрдүн башатында турат. Арстанбектин казактын ири акындары айтылуу Сүйүнбай (Сүйүмбай-түзүүчүдөн), Каңтарбай, кыргыздын Чоңду, Женижок өндүү ырчылары менен болгон өнөр сыноо айтыштары айтыштын эң ири, классикалык, ар кыл үлгүлөрүнө кирет. Ал айтышта эч бир ырчыдан жеңилбегендиги айтылат. Атактуу ырчы, күүчү Музооке менен комузда да, ырда да күч сынашып, эч жеңише алышпаптыр. Чоңду экөөнүн айтышында Арстанбектин чоң сынчы, өнөрлөштөрүнүн бар кудуретин таасын ачып берген ири сүрөткерлиги, татаал табышмактарды тайгылбай тапкан сөзгө чечен, даңшаарлуу ырчылыгы баамга урунат. Семетейчи Назарды ал мындайча сыпаттайт:

Семетейчи Назардын,
Кан жесири Канымкей,
Букарды көздөй качканын.
Төлгө кылып долунун,
Тайторунун чапканын.
Кара нөшөр жамгырдай,
Төгүп ырдап турганда,
Каныкейдин арманын.
Калк дилине жеткирип,
Чөгүп ыйлап турганда,
Ат дүбүртү угулчу,
Айыл калбай чогулчу.
Жетим-жесир зарына,
Калк көңүлү бурулчу.

Ал эми Чоңдунун берген суроолорун берегиче таасын чечмелейт:

Аталуу адам зор болот,
Атасы өлгөн кор болот.
Аскар тоосу солкулдап,
Ураган менен тең болот.
Энеси өлгөн адамдын,
Чалкар булак соолтуп,
Чаңкаган менен тең болот.
Эти бою эзилип,
Энедей сүйгөн ким болот?
Агасы өлгөн адамдын,
Айтарга сөзү кем болот.
Сени – аркалап жүрчү ким болот?
Иниси өлгөн адамдын,
Чабаарга камчы кем болот.
Жатындаш сага дем болот.
Карындаш өлсө какшайсың,
Бар айланды таппайсың.
Женеси өлгөн адамдын,
Жеңи желден жыртылат,
Жакасы кирден кыркылат.

Эжеси өлгөн адамдын,
Эркелээр жери аз болот.
Эженин көзү өткөн соң,
Жээн деген жат болот.
Баласы өлгөн адамдын,
Бар өзөгү өрттөнүп,
Чок чачкан менен тең болот.
Кызы өлгөн адамдын,
Кабыргасы бөлүнөт,
Кандуу жашы төгүлөт.
Келини өлгөн адамдын,
Кермеде аты бошонуп,
Кемиген менен тең болот.
Катыны өлгөн адамдын,
Куту кетет үйүнүн,
Куну кетет тирүүнүн.

Арстанбек акылга каныk, таланты жетиштүү, көрөгөч, чечен адам болгон үчүн ата-эне, бир туугандарды жоготуу канчалык мүшкүл болорлугун ушунчалык учкул тизмектегендиктен мунун баары бүгүнкү күндө макал-лакап катары айтылып келет.

3. Арстанбектин чынында эле чечен сүйлөгөн, ырчылыгы да ошондой чечен адам болгон. Ал 24 жашында Казыбайдын 16 жашар Айганым деген кызын сүйүп калат. Кыз ага: -"Эр жигиттин үч шериги, үч асыл мүнөзү, үч кереги, үч душманы, үч жаман жагы жана үч кесири кайсы?"-дегенде, Арстанбек жооп берет: -"Эр жигиттин үч шериги – асыл жубайы, жакшы аты, жанга күйөр досу. Үч асыл мүнөзү – чынчыл болсоң, кол жеткис бийик чынарсың. Адал жүрсөң турмушуңа кумарсың. Адилет жүрсөң калкыңа калыс бийлик кылаарсың. Үч кереги – аш, суу, от. Үч душманы – жалкоолук, аңкоолук, жатактык. Жаман жактары – жалтанчаактык, жагымпоздук, жалганчылык. Үч кесири – ушакчылык, алдамчылык, мактанчаактык".

4. Арстанбек ири нускоочу ырчылардан экендигин анын санат, термелеринен сырткары айтыштарынан, ал түгүл жайынча ырларынан да билүүгө болот. Ошол себептүү анын кандай ырларын албайлы, биз үчүн табылгыс накыл кептер:

Бир туугандан кем эмес,
Бирге жүргөн айылдаш.
Тирүүлүктө агайын,
Бир-бириңди кадырлаш.
Өтүп кетсе өмүрүң,
Экинчи кайра табылбас.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!

5. Арстанбек чоң сынчы адам болгон үчүн Жеңижокко:

Оо, балам, ырчылык жайын айтайын,
Ырчы болсоң – сынчы бол!
Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Ашта-тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт.
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып жыргап өт.
Адеби жок ырчынын,
Артында жаман сөз калат.
Анык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү кеп калат-дейт.

6. Арстанбек беш жүздөн ашык залкар күү черткен, алп комузчу болгон. Булардын ичинен "Арстанбектин ботою", "Мендирман", "Камбаркан", "Какма", "Кер өзөн" ж.б. ондогон күүлөрү белгилүү.

Ал ири масштабдагы эпосторду жараткан айтуучу, дастанчы катары да белгилүү. Арстанбектин "Кожожаш", "Бердикожо", "Беш казак", "Чоро" ж.б. дастандарды күндөп-түндөп айткандыгы жөнүндө маалыматтар бар.

Жыйынтыктаганда, Арстанбектин кыргыз акындар поэзиясынын өнүгүп, өсүшүнө кошкон салымы тендешсиз. Арстанбекке таасирленбеген, андан тарбия албаган мейли төкмө, мейли жазма акындардан болсун, кыргыз акындарын табуу кыйын. Бул жагынан алганда ал "суффизм" адабиятындагы Руми, андан соңку Яссави, орус адабиятындагы Пушкиндей эле таасирлүү. Ошол себептүү өзү туурасында:

"Оо дүнүйө кеткенде,
Менин сөзүм ким табар"-дейт.

Айтылуу Жеңижок ырчы "Оттой жанып көздөрү, ой-акылы шар тура"-деп, баа берет. Арстанбек көп кырлуу, тендешсиз таланты менен кыргыз ырчылар поэзиясынын ири классиги болуп кала бермекчи.

Темага суроолор:

1. Бүтүндөй бир доордун "Тар заманда" кандайча сүрөттөлүшүн айтып бер.
2. Төкмөлүк өнөрдөгү көп кырдуулук деген эмне?
3. Ырчылык чеберчилик дегенди кандай түшүнөсүң?

(А. Обозкановдун окуу-методикалык колдонмо "Классикалык доордогу кыргыз ырчылары" китеби. Бишкек-2008, 9-13-беттер. Ошондой эле бул макаласы эл аралык "Заман Кыргызстан" газетасына 27-июль, 2001-жылы "О дүнүйө кеткенде, менин сөзүм ким табаар" деп ырдаган Арстанбек аталышында жарык көргөн)

*Р. Каулбекова, окутуучу**

АРСТАНБЕК ЖАНА АНЫН ДООРУ

Кыргыз эли кылымдар бою өз элдүүлүгүн, мамлекеттүүлүгүн, үрп-адатын, каада-салтын, маданиятын укумдан тукумга өткөрүп, биздин күндөргө чейин сактап келген байыркы элдердин бири. Кылымдар бою жараткан өзүнүн көп кылымдык тарыхында узак саясый-социалдык онүгүү жолун, татаал тарыхый тагдырды башынан кечирип, өзүнүн улуттук маданиятын түздү. Улуттук маданият жөнүндө сөз козгогондо, сөзсүз түрдө элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылууга туура келет. Анткени, элдик оозеки чыгармачылык аркылуу элдин өткөндөгү тарыхынан, дүйнөгө болгон көз караштарынан, социалдык мамилелеринен кээ бир маалыматтарды жолуктурууга болот.

XIX кылым кыргыз элинин турмушунда, саясий-экономикалык өнүгүшүндө, кыргыз маданиятынын тарыхында бурулуш мезгил, бөтөнчө маанилүү доор болуп эсептелет.

Бул мезгилде учурунда "Кыргыз поэзиясында жана коомдук саясий ойпикирлеринде XIX кылымдын биринчи чейрегинде пайда болуп, XX кылымдын башталышына чейин келген реакциячыл адабий идеологиялык агым болгон" {1} деп, сынга алынган "замана" агымы башат ала баштаган. "Замана" агымынын өкүлдөрүнүн тобуна Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу баш болгон замана маселесин ырдаган акындарыбыз кирет. Бул акындардын тобунан ошол доордун орчундуу проблемасы, доор проблемасын көтөргөн Арстанбек Буйлаш уулу болгон.

Арстанбек жашаган доор кыргыз элинин тарыхындагы олуттуу саясий, коомдук өзгөрүүлөрдүн учуру эле. Акындын жаш кези Кокон бийлигинин түшуна туура келди, андан кийин Кененсарынын чабуулун, бугу-сарыбагыш ортосундагы уруу чатагын, түндүк кыргыз уруулларынын орус падышалыгына кошулуу мезгилинин орчундуу окуяларына күбө болгон. Ошондуктан Арстанбек доорлош акындардан айырмаланып, өз доорунун коомдук, саясий жана башка түйүндүү маселесин көтөрүп, саясий темада ырдаган акын.

Кокон бийлиги жүргүзгөн саясатты, зордук-зомбулугун акындын ырларында ошол учурдун, доордун маңызын чагылдырганын белгилей кетишибиз керек. Алсак,

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин көп кыргыз,
Көк чапан сартка жем болду... {2}-деп, ошол учурдагы элдин оор абалын чагылдырып ырдаган. Акын Кокон бийлиги жөнүндөгү

*** Каулбекова Р. тууралуу маалымат таба албадык, окумуштуулук даражасы дагы белгисиз, бирок илимий көз карашына карап, ушул топтомго коштук.**

[1] Абдылдаев М. Адабият жана атеисттик тарбия. Фрунзе, 1986, 15-б.

[2] Кебекова Б. Арстанбек. Бишкек, 1994, 103-б.

ырларында элдин турмушун реалдуу чагылдырып бере алган. Бирок бул ырларынын үзүндүлөрү гана келип жеткен.

Кокондуктар зекетине "короодон тандап кой", "алымына ат", "ордо кыз", "кыл куйрук", "оймоктуудан уз алган". Акын ырларында Кокон бийлигинин оор салыгы, салыктарды кандай жол менен алгандыгы тууралуу маалыматтарды да камтып, өз доорунун социалдык ал-абалын негизги орунга коюп, ошол учурдун коомдук-социалдык маселесин козгойт. Арстанбек өз доорунун тарыхый окуяларын реалдуу чагылдырышы элдик оозеки чыгармачылыкта жана тарыхый булактардагы маалыматтар ырастайт. Анткени "Кокон бийлиги түндүк Кыргызстанды каратып алуу 1810-жылдан 1831-жылга чейин, башкача айтканда, жыйырма бир жылга созулган" {3}. Кокондуктардын салык саясаты, зордук-зомбулугу чектен чыгып, салыктын түрү чексиз көбөйүп, ырда белгилегендей, эгин-тегин, козу-кой, бодо малдан баштап, ордо кызы, кыл куйрук делип, салык жаш кыз, уландардын башына чейин жеткен {4}.

Кокон бийлигинин салык саясаты туруктуу болбостон, түзүлгөн кырдаалга жараша өзгөрүлүп турган жана нааразычылыктын пайда болушуна алып келген. Бул нааразычылыктын чыгышынын себебин Джамгырчинов Радловдун маалыматтарына таянып, кокондуктар кыргыздардан үч түрлүү салыкты: 1. түндүк зекет, ар бир түтүндөн бирден кой; 2. адал зекет, элүү кара малдан бир баш; 3. дыйкандардан алынуучу жер салыгы, ар бир кырмандан үч кой алышы, башкача айтканда, кокондуктардын оор салыгы нааразычылыктын келип чыгышына себепчи {5} деп көрсөткөн.

Мындай шартта Кокон бийлиги жана анын жергиликтүү бийликтерине каршы чыгып, өзүнчө мамлекеттүүлүктү түзүү идеялары калыптанган. Алсак, Б. Джамгырчиновдун маалыматы боюнча Ормон хан менен Төрөгелди да өз алдынча феодалдык мамлекетти түзүүнү эңсегендиги жана Арстанбектин ырларында да өз алдынчалыкты көздөгөн идеялар чагылдырганын белгилеп кеткен {6}.

Кокон хандыгы өзүнүн үстөмдүгүн бекемдөө максатында XIX кылымдын орто ченинде Бишкекке – 1000, Курткага – 400, Токмокко – 200, Тогуз-Торого, Жумгалга, Кара-Балтага – 100 түтүн өзбектерди көчүрүп {7} келген. Кокон хандыгы Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөң чептерин куруп, Ысык-Көл өрөөнүнө бийлигин кеңири жайып, акындын ырында баяндалгандай: "сарт жайылып дан салып", "Караколго там салып" отурукташып, эриккенде пул сайып, кумар ойноп, кыргыз бийиндей сапар күтүп, катарлаша бастырып, ыйык жерди тебелеп, сайран курушун Арстанбек оор кабыл алат {8}.

---

[3] **Малабаев Ж. Кыргыз мамлекетинин тарыхы. Бишкек, 1999, 79-б.**

[4] **Кебекова Б. Арстанбек /адабий мүнөздөмө/. Бишкек, 1994, 21-б.**

[5] **Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек, 1997, 62-б.**

[6] **Джамгырчинов Б. Д. О прогрессивном значении вхождения Киргизии в состав России. Фрунзе, 1963, стр. 176.**

[7] **Малабаев Ж. аталган эмгекте, 80-б.**

[8] **Кебекова Б. Арстанбек /адабий мүнөздөмө/. Бишкек, 1994, 21-б.**

Ш. Үмөталиев өзүнүн макаласында "Арстанбектин Кокон хандыгына байланыштуу ырлары ошол кездеги кыргыз элинин түпкү максаттарына жооп берген элдик патриотизм духундагы чыгармалардан, анда өз эл, жерди терең сүйүү, көз каранды болбоо, баскынчыларды жек көрүү жана боштондук идеялары берилген" {9} деп ырастайт. Арстанбектин Кокон хандыгы жөнүндөгү ырлары Б. Кебекова белгилегендей: "Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунун артышына салыктын түрлөрүнүн көбөйүп, калктын каржалышына байланыштуу акындын ырларынын объектиси кеңейип, мазмуну, социалдык маңызы терендеп, бүтүндөй хандык кулаганга чейинки мезгилди ичине алган сыяктуу" {10}.

Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына кыргыз элинин турмушундагы орчундуу тарыхый окуялардын бири болгон казак султаны Кенесарынын чабуулу, бугу-сарыбагыш урууларынын ортосундагы араздашуулар да чоң из калтырган. Кенесары орто жүз султаны, ал кыргыздарга чоң атасы Аблай хандын эски доолорун коюп, өз элчилерин кыргыз манаптары Ормон менен Жантайга жиберген. Ормон, Жантай баш болгон уруу башчылары казак султанынын талабын орундатуудан баш тарткан. Арстанбек бул учурду төмөнкү ырында чагылдырат:

"Кенен менен Нооруздун,
Кылганы журтка жеткенден,
Ыза-кордук өткөндөн.
Сарыбагыш, солто чогулуп,
Жантай, Байтик оолугуп,
Ормон колду баштаган.
Опсуз көпкөн Кенендин,
Башын кесип таштаган..."

1847-жылы Россияга каршы болгон Кенесарыны өлтүргөндүгү үчүн кыргыздын улуктары Ормон Ниязбек уулу, Жантай Карабек уулу Омск губернатору тарабынан алтын медаль менен жана алтын кармаган чепкен менен сыйланган {11}. Арстанбек Кенесарынын кыргыздарга жасаган жоруктарын, чабуулун Солтобай (Сүйүмбай-түзүүчүдөн) акын менен айтышында камтыган. Кенесарынын колун талкалагандан кийин кыргыз урууларынын биримдиги чындала баштайт. Бирок, бул учурда уруулар ортосунда чыр-чатактар чыгып турган эле.

XIX кылымдын башынан тартып, уруу аралык араздашуулар күчөп турган болчу. Кокон бийлиги Бугу, Сарыбагыш, Солто, Багыш урууларынын ортосундагы жаңжалдарды өз бийлигин бекемдөөгө пайдаланган.

XIX кылымдын биринчи жарымында Түндүк кыргыз урууларынын ортосундагы ич ара кагылышуулар "Сарыбагыш уруусунун гегемониясына, ошол уруунун башкы манабы Ормон хандын жогорулашына алып келген".{12}

---

[9] **Үмөталиев Ш. Арстанбек. "Ала-Тоо" журналы, 1995, №1, 274-б.**
[10] **Кебекова Б. Арстанбек /адабий мүнөздөмө/. Бишкек, 1994, 18-б.**
[11] **Малабаев Ж. аталган эмгекте, 86-б.**
[12] **Джамгырчинов Б. Киргизы в эпоху Ормон хана. Бишкек, 1998, стр. 41.**

XIX кылымдын 50-жылдарынан баштап, бугу-сарыбагыш уруулары-нын ортосундагы мамилелер бузула баштайт. Мамилелердин бузулушу-на алып келген окуя 1853-жылы болуп өтөт, ага Ормон хандын айлында өткөрүлгөн ордо оюну эки уруунун ортосундагы жаңжалдын чыгышы-на шылтоо болгон. 1854-жылы июль айынын башында Ормон хан бугу уруусун чаап алганы аттанып, бирок Шаты суусунун боюндагы чабыш-та катуу жарадар болуп, аскерлеринин бир бөлүгү качып кутулган. Бул араздашуулардын негизинде Ормон хан бугулардын колунан каза бол-гон. Арстанбек Ормондун кунун кууп, сарыбагыштар бугу уруусун чаап алганы камынганда, аларды ынтымакка чакырат. Алсак, төмөнкү ырында сарыбагыштарга:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар.
Ой, сарыбагыш туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенгулдун Ормону –
Эми, кайдан табылар... деп ырдаганы Арстанбектин акын-дык ролун даназалап, коомдо болуп жаткан саясий окуяларга катышып, андагы маселелерди чечүүдө Арстанбектин салымын, ээлеген ордун көрсөтүп турат. Б. Джамгырчинов 1857-жылы Бугу уруусунда болгон Семенов-Тянь-Шанскийдин маалыматына таянып, Чычкан, Барскоон, Тамганы жердеп жүргөн Бугу уруусунун "Кыдык", "Желдең" уруктарын сарыбагыш, саяктар капысынан басып алганын көрсөтүп, түшкөн ол-жону сарыбагыштар Сарала сазда бөлүштүрүп жатканда, Арстанбек жогорку ырын ырдап, акындын урматына туткундагылардын арасынан 20 үйлүү бошотулат {13} деп белгилеген.

Арстанбектин ырларында Ормон хан каза болгондон кийин бугу элинин "Анжыян көздөй качканбыз" деп, Анжыян, Жылдызга, Текеске, Кашкарга көчкөндүгүн өз көзү менен көрүп, күбө болуп, ошол учурдун окуяларын ырларында реалдуу чагылдырган. "Кокон бийлиги бугу-сарыбагыш ортосундагы ич ара касташууну өз бийлигин бекемдөө үчүн колдонуп калуу аракетин жасаган -деп, Ж. Малабаев өзүнүн эмгегинде эң туура белгилеген. Уруулук кагылышуулар –деп жазат ал, сарыбагыш жана бугу уруларынын манаптары Кокон жана Россиянын падыша хан-дарынын кыргыздарды бүт ээлеп алууга умтулган колонизатордук саясатын ишке ашыруунун куралы болгонун далилдейт" {14}.

Бугу-Сарыбагыш уруларынын араздашууларынын учурунда бугу уруусунун манабы уруусун сактоонун бирден бир жолу Россиянын бу-каралыгына өтүү деп эсептеген. 1855-жылы, 17-январда бугу уруусунун өкүлдөрү Россиянын букаралыгын кабыл алгандыгы жөнүндө ант бер-ген, Түндүк Кыргызстандын Россияга толугу менен бириктирилгенине байланыштуу бугу-сарыбагыш чатагы басылган.

[13] **Жогорку эмгекте, 86-б.**

[14] **Малабаев Ж. аталган эмгекте, 80-б.**

Арстанбек жашаган доордун дагы бир орчундуу окуяларынын бири Түндүк Кыргызстандын Россия империясына кошулган мезгили. Арстанбек бул мезгилди:

"Капкандай чапты белиңди,
Каптап алды жериңди.
Сурап алды жашыңды,
Каттап алды башыңды.
Ушул заман – тар заман,
Азуулууга бар заман" -деп, коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жана кийинки, алдыда көптөгөн өзгөрүүлөрдүн болушун алдын ала эскертип ырдайт. Бул жерден баса белгилей кетүүчү нерсе, Арстанбек эл-жер кыдырып, өз өнөрүн элге тартуулаган улуу акын, ал коңшу элдерде болуп жаткан жаңылыктар, өзгөрүүлөр ага маалым эле. Ошондуктан ал: "Алматыдан аттанып, орус келе жатыр-ай" деп ырдаган. Анткени коңшулаш казак эли бизге салыштырганда Россияга кошулушу эрте башталып, 1731-жылы Кичи Жүздүн, 1740-жылы Орто Жүздүн, 1846-жылы Улуу Жүздүн Россияга кошулушу менен административдик бөлүнүүлөрүнө, башкаруу системасына өзгөртүүлөр киргизилген. Бул көрүнүштөр кийин орустардын келиши менен сөзсүз боло турган факт экендигин Арстанбек: "Ой, журтум, аман болсоң көрөрсүң" деп таамай белгилейт. Россияга кошулган мезгилди, ошол учурду Арстанбек "Тар заман" катары кабыл алып, орус бийлигинин орношу менен коомдо болуп жаткан тарыхый, саясий өзгөрүүлөрдү ырларында реалдуу чагылдырганынан акындын ырларын ошол доордун тарыхый окуяларынын көркөм сөз түрүндөгү күбөсү катары кароого болот. Кыскасы, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларында элдин көйгөйүндө турган өз доорунун негизги проблемалары камтылган.

Түндүк кыргыз урууларынын ичинен биринчилерден болуп, Бугу урусунун Россия империясынын карамагына өтүшү менен Россия Кыргызстанды колониялаштыруу процессин баштайт.

Түндүк Кыргызстандын Россиянын составына кошулушу менен көчмөн калк үчүн башкаруунун эки баскычтуу формасы чыккан: уезд болуштарга, ал эми болуштар 6 айылдык бөлүктөргө бөлүнгөн, отурукташкан элдер үчүн бир баскычтуу форма колдонулуп, алар аксакалдык жол менен топтоштурулган.

1000-2000 чейин түтүнү бар жерлерде айыл уюштурулган {15}. Арстанбек башкаруудагы бул өзгөрүүлөрдү сөзсүз боло турган иш катары кабыл алып, ал учурду:

Ошондо орус чыкканда,
Миң үйлүүгө баш болуп,
Болуш чыгат дечү эле...-деп чагылдырган. Арстанбек Россияга кошулууну баштаган "сен элең", "пашаага жаккан эр элең" деп, Боромбайды күнөөлөгөн. Бугу-сарыбагыш чатагынын учурунда өз уруусун сактап калуу үчүн ал кытайлык бийликтерден жардам сурап кайрылган, бирок көмөк ала

[15] Кыргыз ССРинин тарыхы, 1-том. Фрунзе, 1973, 347-б.

алган эмес. Ошондон кийин орус бийликтерине букаралыкка өтүүгө дагы бир ирет кайрылууга муктаж болот. 1855-жылы 17-январда бугу уруусунун өкүлдөрү орус букаралыгын кабыл алгандыгы жөнүндө ант берген. Бугулардын баш манабы деп, Боромбай эсептелинип, подполковник чини ыйгарылган {16}.

Падышачылыктын колониялдык саясаты алгачкы убакта жергиликтүү башкаруу бийлигин чектөөдөн жана жерди өздөштүрүүдөн баштаган. Ошондуктан Арстанбек: "Ушул орус чыкканда", "Эсепке алар жеринди" деп ырдаганы ошол учурдун коомдук-саясий абалынан маалымат берет.

Россия империясынын колониялдык саясаты биринчиден көчүрүлүп келгендерге пайдалануу үчүн жер бөлүнүп берилиши, жергиликтүү эл жер ээлигинен ажыратылса, экинчиден, административдик бөлүнүшү, башкаруу системасындагы өзгөрүүлөр мыйзамдар менен чектелиши мүнөздүү.

Кыргызстандагы административдик-территориялык бөлүштүрүү кыргыз элинин кылымдан бери келе жаткан уруулук байланыштары бузулуп, элдин уруу башчыларына көз карандылыгы жоюла баштаган. Башкарууда областтар уезддерге, уезддер болуштарга бөлүнүп, аларга айылдар караган. Болуштуктардын башында болуштар туруп, алар болуштуктун съездинде, ал эми айыл башчылары-старчиндер айылдык чогулушта шайланышкан. Башкарууда жогорку жана жергиликтүү бийликтеги баш аламандыкка, өзүм билемдикке Россия империясынын мыйзамдарына ылайык чек коюлуп, бай-манаптык бийликтин укумдан-тукумга мурас катары өтүшү шайлоо тартибинин киргизилиши менен токтотулган.

Кыргызстандын Россияга кошулушу менен коомчулуктагы өзгөрүүлөр "Тар заманда" кеңири чагылдырылган, алсак, орустардын келиши менен "бир, эки деп санаган тыйын чыгат", "алтын, күмүш түгөнүп, кагаз акча пул болду", "төгөрөктүн баарысын кагаз менен иштетип" деп баса белгилейт. Акындын "Тар заманында" орус букаралыгын кабыл алган мезгил менен өзү күбө болгон окуялар камтылган.

Арстанбек чыгармаларында элдин турмуш-тиричилиги, социалдык абалы негизги маселеден болуп, өз доорунун орчундуу проблемаларын, коомдук-социалдык маселелерин козгоп, учурдагы коомдук-саясий жагдайларда элди ынтымакка, биримдикке чакырып ырдаган.

Кыскасы, Арстанбек Буйлаш уулу кыргыз турмушундагы тарыхый оор кырдаалдын бир катарын башынан өткөрүп, ал жашаган доордо алгач Кокон бийлигинин салык саясаты жылдан жылга оорлоп, жергиликтүү элдин Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы чыгуулары күчөп, айрыкча Ысык-Көл кыргыздарынын каршылык көрсөтүшү Кокон бийлиги менен болгон мамиленин бузулушуна түрткү болуп, ортодо тирешүүлөр жүрүп турган. Ушул эле учурда уруу-уруктардын ортосундагы чыр-чатактар күчөп, солто, сарыбагыштар, саяк, бугулар менен чабышып турган. Бугу-сарыбагыш чатагы эки-үч жыл созулуп, 1855-жылы январда Ысык-Көлдүк кыргыздардан Бугу уруусунун Россиянын карамагына өтүшү менен басанда-

[16] **Джамгырчинов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX века. Фрунзе, 1966, стр. 50.**

ган. Бирок, эки уруунун ортосундагы чыр-чатак толугу менен Түндүк Кыргызстандын Россиянын карамагына киргизилгенге чейин басылган эмес.

Арстанбектин ырларынын баалуулугу орус бийлигинин орногон мезгилин тарыхый реалдуу чагылдыргандыгында. Ошондуктан ушул учурду камтыган "Тар заманы" тарыхый көркөм сөз түрүндөгү булак болуп эсептелет десек жаңылышпайбыз.

Арстанбек Буйлаш уулу өз доорунун улуу ойчулу, залкар комузчу, жамакчы катары гана баалабастан, ошол замандын орчундуу проблемаларын көтөргөн улуу акын. Акындын чыгармаларында ал жашаган доордун тарыхый окуялары камтылгандыктан, акындын чыгармаларын тарыхый булак катары кароого болот.

Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгы, ал жашаган доорду тарыхчылар да изилдеп, иликтөөнү колго алышы керек. Анткени Арстанбек тарыхый инсан, анын чыгармалары учурдун окуяларын реалдуу чагылдырышы менен баалуу.

("КУУнун жарчысы" 2003. 1 серия, 3 чыгарылышы, гуманитардык илимдер басылмасы, 115-120-беттер)

Муңдук Мамыров,
филология илимдеринин кандидаты

АК ТАҢДАЙ АКЫН АРСТАНБЕК

Өткөн кылымдагы кыргыз элинин таланттуу акындарынын көрүнүктүү өкүлү – Арстанбек Буйлаш уулу. Арстанбектин өмүрү, чыгармачылыгы Токтогул, Тоголок Молдонукундай ыраттуу изилденбей келгени жалпыга маалым. Эмне үчүн изилденбей келди? Анын себебин азыр эр ортону элүү жаштын ары-бери жагына келген адамдар так билишпейт. Боолголоп гана ой жүгүртүшөт. Андыктан Арстанбектин өмүр баянын, чыгармачылыгын үйрөнүү качан башталып, кандайча жүргөнүн атайы тыкан изилдемейинче, анын мурасын таанып-билүүгө тыюу салынышынын сыр-себеби так ачылбайт. Мурдагыдай белгисиз бойдон кала берет. Акындын чыгармачылыгы кандай тарыхый кырдаалда башталып, кантип калыптанганы да кеңири ачылбайт.

Б. Солтоноевдин изилдөөсүндө (153-бет, 2. 1993) Арстанбек 1840-жылы эки Нарын ортосунда же 1835-40-жылдар чамасында туулган деген эки ача ой да берилген. Ушул пикир "Жаңы маданият жолунда" деген журналга чыккан А. Шабдан уулунун макаласында (43-44-бети, 1-3. 1929) да улантылган. Өз учурунда акындык поэзия боюнча ири адис катары таанылган Тазабек Саманчиндин изилдөөлөрүндө ("САЖИ" 93-бет, 6, 1941) Буйлаш дөөлөттүү бай жана бий болгондугун, Ысыккөлдүн сыртындагы Акшыйрактан бери Нарын тарапты жердеген үй-бүлөдө 1824-жылы Арстанбек төрөлгөнүн баса жазган. Өзүнө чейин айтылган мындай ар кыл ойду изилдеп-тактабай, 1990-жылы жарыяланган "Мурас" жыйнагын түзгөн М. Абдылдаев Арстанбек

1840-жылы Ысыккөлдүн Сыртында туулганын кайталайт. Мындан башка макала менен изилдөөлөрдө дагы ой ыраатту кайталанып келатат. Жалпы эле Арстанбектин өмүр баянынын, чыгармачылыгынын урунттуу жерлерин эске алганда, Т. Саманчиндин пикири абдан туура айтылган. Себеби, ал өз учурунда Арстанбекти жакшы көрүп-билген, ырдаганын бир нече жолу уккан, күйма кулак белгилүү адамдардан сураштырып, изилдеп-тактоодон жаралган ой болгондугу менен өзгөчө айырмаланат. Изилдөөчү пикирин кыргыздын ар кыл турмушун аябай мыкты билген Жетиөгүздүк Талип молдонун берген маалыматына таянып өнүктүргөн.

Арстанбектин өмүрү Тынымсейит уруусунун, жалпы эле аркалык кыргыздардын тарыхы менен эриш-аркак айкашып, бекем жуурулушуп өткөн. Ошондой элдин өткөндөгү тарыхы менен бекем байланыштырып караганда, жеке эле анын туулган жылы эмес, өмүрүнүн, чыгармачылыгынын орчундуу жерлерине чейин такталат. Ошондо гана, акындын коомдон алган орду, көз карашы, ишеним-түшүнүгү, баарыдан мурда талантынын өзгөчөлүгү кандай тарыхый кырдаалда жаралып, кантип жетилгендиги да таасын ачылат. Мындай болуштун башкы себеби, ал өткөн XIX кылымда кыргыз элинин тарыхында мурда эч качан болбогон саясий ири окуяларды өз көзү менен көрүп-билип, ары катаал, ары кайгылуу мезгилде жашап калгандыгында. Ошондой саясий окуяларды – кыргыздардын чексиз жырткычтыгы ашынган Кокон кандыгы менен падышалык орустардын карамагына өтүп, алардын зордук-зомбулугун да ал жакшы көрүп-билгендигинде. Кордоо-зордоону элдин атынан муңкана какшап ырдагандыгында.

Атасы Буйлаш жылкысы эле миңден ашкан бай аталган. Бий болуп, байлыгына чирене эл башкарып да көргөн. Байлыгы, бийлиги менен зоболосу көтөрүлгөн Буйлаш да эл көрүп, жер тааныган, сөзгө да алынган. "Балык ырдаптыр" деген сөз таластыктарга чейин тараган. Ошол сөздү келтирсем, Буйлаштын кандай адам болгондугунан кабар алабыз.

Байтиктин Байсал дегени,
Солтонун бир кароол төрөсү.
Жантайдын Шабдан дегени,
Шор дарыянын кемеси.
Чакырдын Чойбек дегени,
Тулпардын алтын ороосу.
Бугунун Буйлаш дегени,
Бу турган журттун тиреги. (Улуттук Академиянын кол жазмалар фондусу, инв. 7. (200) 324-бет).

Ушул ырды 1856-жылы Ысыккөл менен Нарын бай-манаптарынын жыйынында Балык ырдаптыр. Ыр кадимки мактоо болгон соң, узак эле ырдалган окшойт. Айтылуу Шабдан өндүү эл башкарган манаптардын катарында айтылышы – Буйлаштын жалпы бугуларды айтпаганда, тынымсейит уруусун башкарып өткөн бий болгондугун ашкерелейт. Бийлиги да, байлыгы да кокондуктардын көзүнө түшүп, жок жерден кыйкым таап, жазалоосуна кабылткан кебетеленет.

Кыргыз байыса катын алат дегендей, мал-мүлкүнө чиренген Буйлаш эки катын алган. Жакшы көргөн көрөр көзүнөн беш уул, токолу Төрөкандан Арстанбек, дагы бир кыз туулган. Каардуу, катынга касап киши болгондуктан, Буйлаш Төрөканды балдары менен салбар кылып, сыздаткан. Ошентип, Арстанбек эл бийлеген бийдин, байдын баласы болсо да, курсагы тоё аш ичпей, ийини бүтүн кийим кийбей, кадимки жетим балдардай, куур тондун ичинде курушуп өскөн. Жашаган үйү түнүндө жылдыз санальп, сыртынан караса түлөгөн тайлактай, самсаалаган. Ичкени сары суу, кулагы чуру-чуу, укканы какшык болуп, бала кези да жокчулуктун, ар кыл кордоонун чычырканагына да чырмала бөлөнгөн. Баралына толо элек баланы Буйлаш жашынан козу-кой кайтартып, багалчегин майыштыра, ары-бери үйрүп, калчаган. Ар кыл үй жумуштарын да такай жасатып, кул катары жумшаган. Көрөр көзүнүн балдары кийгени жибек болгондуктан, "беш баш айы" аталышып, тайракташкан.

"Эркек бала шок болсун, шок болбосо, жок болсун" деп, эл айткандай, Арстанбек жашынан өтө тентек бала болуптур. Тентектикти ал туш келди эле жасай бербеген. Андай жүрүш-турушун байбиченин беш баласына, атасы Буйлашка айрыкча көрсөткөн. Көз көрүнөө байбиченин балдарын сабап, кийимдерин тартып кийген. Атасы Буйлаштын кастарлап минген жакшы атын сурабай минген ээн баштыкты да жасаган. Жакшы ат минип, аш-тойго барып, топ аралаган. Атты ары-бери чаап, сынаган. Беш баш айынын аттарын да алардын көзүнчө эле тартып минип алган. Баланын ушундай кыял-жоругун көрүп-билген адамдар, өзгөчө эрке катындын балдарын бөөдөй кууруп, сазайын бергенине ыраазы боло, абдан жактырышкан. "Буйлаш бийдин бул салбар уулу өрт болот. Аман болсо эрке катындын балдарын сатат" (аталган журнал, 93-бет) деп, Арстанбектин тентектиги да эл оозунда узун сабак өзүнчө сөз болуп сүйлөнөт.

Козу-кой кайтарып, шоктугун жасап жүргөн Арстанбек "кара жаак, жаактууга жай бербеген бала" атка конот. Ыр ырдап, комуз да чертет, өзүнүн жөндөмдүү талантынын алгачкы учкундары менен да сөзгө алынып, эл көзүнө көрүнө баштайт. Аны билген Буйлаш уулунун ырчылыгына айрыкча каршы чыгып, уруп-согуп да, катуу жазалаган (аталган китеп, 153-бет). Атасынын айтканына, уруп-соккону маани бербей, кой артында, ар кыл жумуштарды жасап жүрүп, өзүнчө ырын ырдап, комуз черткенин кызуу уланта берет. Кой-айга келбей, өзүнчө талантын такшалтат.

Арстанбек, айрыкча комузчулук талантынын баштальшын сыйкырдуу күчтүн таасирине байланыштырып түшүнгөн өндөнөт. Күндөрдүн биринде он эки, он үч жашка келген кезинде эртең менен атасына барып, түндө көргөн түшүн айтат. "Ата-ке, кой четинде жатып, түндө түш көрдүм. Кош өркөч баладай ак төөгө минип алыпмын. Боз төө чепкен экен үстүмдөгү кийгеним. Ак дөбө жерге чыгып алыпмын. Ак комузду колго алып, чертип жаткан экенмин. Ак дөбөнү тегеректеген казак, кыргыз калың эл ыраазы болуп, алкап, батасын берип жатыптыр" дейт. Атасы: "түшүң туш келсин, зоболоң зор болсун" деп, жорумуш болот да, "жамандын түш көргөнү да жаман, салбар" деп, Арстанбекти үйдөн куып чыгат. Түш жаш баланын жашоосун, атасынын мамилесин да чагылдыргандыгы менен өзгөчөлөнөт. Арстанбектин

кантип, кандайча чебер комузчу болгондугун териштирген улама-болумуштарды айтып жүргөн адамдар азыр да Нарындын Үчнура айылынан бирин-серин кезигет. Ошондой улама-болумуштардын айрым уруттуу жерин келтирейин.

Бала кезинде Арстанбек өз төшүн өзү комуз черткендей болуп, тытмалап калчу экен. Сөздөн сөз чыгып, баласынын ошондой жосунун атасы – моңолдор Айтмамбет деген устага айтса, ал жети уук алып кел дептир. Айтмамбет ууктан балага комуз жасап берет. Күндөрдүн биринде Буйлаш конуш которуп көчкөндө, комуз унутулуп, журтта калат. Журтка келсе, комуз өзүнөн өзү чертилип, үн чыгып жаткан болот. Ошол комузду бала кезинен жатса-турса, кой артынан жүрсө да өзү менен кошо ала жүрүп, Арстанбек чебер комузчу аталат. Акындын комузчулук өнөрү жөнүндөгү уламыштын түйүндүү жери мына ушундай түрдө сөзгө алынып келген.

Солтоноевдин изилдөөсүндө 1835-жылы Буйлашты Кокон кандыгы атайы алдырып кеткендиги эскерилет. Бул мезгилде бугу, сарбагыш уруулары аянбай чабышып, согушта баскынчы Ормон өлөт. Мындай катаал кырдаал Кокон кандыгы жырткычтык бийлигинин каардуу күчүн жоготуп, туюкка камалганын далилдейт. Анда Буйлашты баш кылып, тынымсейит уруусунан беш-алты бай-манапты Кокон кандыгынын Анжиян тарапка алдырып кетишинин жылымезгили таптакыр туура эмес болуп чыгат. Кыргыздардан эл башкарган адамдарды зордук менен алдырып кетиши – Кокон кандыгынын күчөп турган мезгилде болсо, ал тиги-бу деңгээлде чындыкка жакындайт. Зордук-зомбулуктун мейли чону, мейли кичинеси болсун, бийлик күчөп, карама-каршылык курчуп турган мезгилде гана жасалат. Бул каардуу бийликтин мыйзам ченеми болмокчу. Ушул жерде айтылгандарды эске алганда, Буйлаш баштаган адамдарды ичкерге алдырып кетиши 1840-жылдардын ары-бери жагында жасалганын ырастайт. Кокон кандыгынын кыргыздарга көрсөткөн жырткычтыгы ушул жылдары аябай күчөп, ишке ашырылган. Дал ушундай тарыхый кырдаалды көңүлгө алганда, Арстанбек 1824-жылы туулгандыгы таасын аныкталат. Акындын өмүрүнүн, чыгармачылыгынын айрым уруттуу жерлерин элдин тарыхына байланыштуу караганда, мына ушундай тактоолор жаралат.

Кокон кандыгынын мезгилинде кыргыздар "Кокондуктун кордугу, айрыкча өттү зордугу" деп, кайгылуу арманда, зар какшоо айтылган мүшкүлдүү заманга туш келген. Ар түрдүү алык-салыкты айтпаганда, кокондуктар аркалык кыргыздардан өндүү-түстүү кыз-келиндерди да зордуктап алып кетип турушкан. Элдин сай сөөгүн сыздаткан мүшкүл "тартып алды кокондук, беш көкүлдүү кызымды" делип, мунду ырдаяган, адамдардын кендирин кескен кайгылуу заманды Арстанбек бала кезинен өз көзү менен көрүп-билип жашаган, өзү да ошондой жыркычтык замандын кайгылуу ырын ырдап, күүсүн чалган. Анын көп кырдуу тубаса таланты, чабытчыл көз карашы, ишеним-түшүнүгү, чыгармачылыгынын ар түрдүү өсүп-өнүгүшү, калыптанышы ошол капсаландуу катаал мезгилге кабылган.

Кыргыздардын уулун кул, кыз-келинин күң кылуу Кокон кандыгынын мезгилинде мурда болуп көрбөгөндөй ашынган. Алык-салыкты да өздөрү элден каалагандай түрлөнтүп алуу максатында, Кокондук бийлөөчүлөр кыргыздын баш

көтөргөн баатырларын, элге барктуу адамдарын, бай-манаптарын мал сыяктуу айдап кетип, зынданга, орго салышкан.

Бүт кыргыз элинин башына түшкөн тозоктун отуна Арстанбектин атасы Буйлаш да чалдыккан. Буйлашты да Тынымсейит уруусунун башка адамдары менен айдап кетип, Кокондук зулумбектер ак үйлүүгө – барымтага кармоону самашкан. Бу дагы кыргыздарды биротоло мөгдүрөтүүнү, талап-тоноону каалаган учурунда жасап турууну көздөп, белдүү адамдарды четинен айдап кетип, катуу жазага тартышканын айкындайт.

Атасынын Анжиян тарапка баратканын билгенде, Арстанбек: "Мен да силер менен кошо барайын" деп, Буйлашка кайрылат. "Сени ээрчиткидей, биз тойго бара жатканыбыз жок" деп, атасы Арстанбекти кагып коёт. Барымтага кармалган Буйлаштын айтылуу башайыга бөлөнгөн беш уулу атасынын тагдырын ойлоп койбой, камаарап-камсыкпай, үңкүйгөн бойдон жер карап, кала беришет.

"Беш баш айы" аталган аталаш туугандарынын кунанын уурдап минип, Арстанбек атасынын артынан жөнөйт. Бүктөмө комузун койнуна катып алып, ачыкка чыкпай, атасынын артынан акмалап жүрүп барган. Түз эле атасын алып барган жерге барбай, Анжиян кыргыздарды өзү каалагандай аралап, жер көрүп, эл тааныган. Ырын ырдап, комузун чертип жүрүп, өзү да бат эле сөзгө алынып, даңазаланып кеткен. "Аркалык бир комузчу бала келип, эл кыдырып, комуз чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуштуу чертет экен, ырдаса булбулдай сайрайт экен" деген сөз да элге дароо тарап кетет. Ушундай кабарды уккан Алымбек датка аркалык баланы алдырып, карамагындагы комузчулар менен чертиштирет. Өзбек дутарчылары черткен күүлөрдү да Арстанбек машына келтирип, так кайталап, чертип берет. Дутарчылар да, комузчулар да Арстанбек черткен күүлөрдү өзүндөй так черте алышпайт. Чертишмейде комузчуларды да, дутарчыларды да жеңип, аркалык бала Алымбекке жагат. Он алты жаштагы Арстанбек датка-бектерди келиштире мактап ырдап, акындык талантынын жетиле баштаганын да көрсөтөт. Акыры бала өзү урмат-сыйга бөлөнөт. Буга караганда Анжияндык акын-ырчылар менен да айтышып, мөрөй алган өңдөнөт.

"Өнөрлүү өлбөйт" дегендей, Арстанбектин чебер комузчулугу менен акындыгынын кокондук бийлөөчүлөргө жагышы – тынымсейиттен барымтага кармалган Буйлаш баш болгон билермандарды кордоо-кыйноодон камырдан кыл суургандай бошоттурат. Алар атанын жаман көргөн баласынын тырмак алды тапкандарын алып, эли-жерине аман-эсен, олжолуу кайтышат. Алымбектин буйругу менен акын-комузчу катары Арстанбек кокондуктардын ордосунда бир жыл туруп калат. Кан-бектер ыраазылыгын бергенде гана, көп олжо-буйласы менен элине келет.

Кокондук кан-бектерди мактаган ырынын сакталган үзүндүсүнө көңүл буралык.

Баракелде, эр кыпчак,
Саадактарың бир кучак.

Санжыргалуу кан кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн.
Тобурчак жемге какаптыр,
Он алтыда Арстанбек,
Эр кыпчакты мактаптыр.
Аркалыктын жакшысы –
Кыйыгына тийгенде,
Кысырактай маптаптыр.

Анжиян тараптагы акын-ырчылар менен айтышып, комузчу-дутарчылар менен күү чертиши, аларды жеңиши бала Арстанбектин зоболосун көтөрүп, даңкын катуу дүңгүрөтөт. Андай кабар аркалыктарга да жетип, катуу кубантат. Бөтөнчө Анжияндык комузчулар Арстанбектин күүлөрүн черте алышпаганы тамшанта таң калтырат. Анжияндан келатканда жолдон жорго мингизип, тосуп алышып, Арстанбекти кадыр-барктуу, даңазалуу адамды атайы күткөндөй, урмат-сый көрсөтүшөт. Ошондон баштап, Арстанбек өспүрүм бала болсо да, кадимки чоң акын, чебер комузчу катары элге таанылат.

Жашынан аш-тойго ырдап, комуз чертип жүрүп, Арстанбек элден каалоо-жактырууну көп укkан. Мурда көрбөгөн жерге, билбеген элге барып, өнөрүмдү көрсөтсөм дегенде, ак эткенден так этип, кыялга баткан. Атасынын жекире тыйганына карабай, тымызын Анжиян тарапка жөнөшүн, ал мурдатан самаган оюнун ишке ашышы катары эсептеген. Бир чоң уруунун атасы баш болгон бай-манаптарын Коқондук бийликтин алдырып кетиши – ар түрдүү сөздөрдүн айтылышын күчөткөн. Бүт урууну тынчсыздандырып, айрыкча алардын туугандарын, үй-бүлөлөрүн катуу кайгырткан, ошондой кайгыны өспүрүм Арстанбек өз башынан өткөрүп, акындык өтө сезгич сезими, учкул кыялдануусу менен кабыл алган. Ар кыл санаага батып, уйгу-туйгу ойлонгон. Эмнеси болсо да өзүнүн тагдырын атасынын, бир уруунун билерман адамдарынын тагдыры менен бекем байланыштырып, бара көрөрмүн деген чечимге келген. Өз акылы – өзөк менен тамыр дегендей, өспүрүм Арстанбек өзүн өзү билип, алыска биринчи сапарга аттанган.

Сапар байсалдуу болуп, оңунан чыккан. Акыл-эсинин эрте жетилгенинин үзүрүн көрүп, ал кадимки эр жеткен адамдардай аракеттенген. Өспүрүмдүн кадимки токтолгон адамдардай таанылган өзгөчөлүгү – кыргыздардын байыркы салты элдик дипломатияны – амалдуулукту, эптүүлүктү жаш болсо да акылдуулук менен ийкемдүү жасай билгендигинен таасын көрүнгөн. Адегенде эле атасы кармалган жерге барбай, ишти өз өнөрүн тааныгуудан башташи – ошол элдик амалдуулукту, эпчилдикти көрсөтүүнүн өзүнчө бир түрү катары эсептелүүгө тийиш. Ак үйлүүлүккө атайы кармалган бир нече адамдарды ал коқондук датка менен бектерге комуз чертип, мактап ырдап жаткандыгы менен бирге өз ара сүйлөшүүдө да жүйөөсүн таап, сөз айта билген акылдуу, чечен болгондуктан, аларды куткарууга да жетишкенин атайы өзүнчө белгилөөгө толук арзыйт.

Тынымсейит уруусунан ак үйлүүгө кармалган адамдарды бошотуп келгенден кийин атагы чыгып, элге төбөсү айрыкча көрүнөт. Арстанбек келечекти көрө билген акылман деген сөздөр да элге тез тарайт. Акындар менен айтышып, комузчулар менен чертишип, биринен сала экинчисин жеңип чыгышы да күч алат. Арстанбектин таланты көп кырдуу келип, бардыгы шайма-шай, бир кылка айкалышып, өнүккөн.

Чыныгы таланттуу акын акындык поэзияны эле жаратып, чектелип калбаган. Андай чыгаан акындын чыгармачылык таланты өтө кеңири, көп кырдуу келген. Кыргыздардагы ар кыл көркөм сөз менен түркүн музыкалык аспаптык өнөргө байланыштуу чыгармачылыктын бардык түрүн түзүп, аларды кулпунта укумдан-тукумга мурас калтырышкандар да ошол таланттуу акын-ырчылар.

("Кут билим" гезити,
8-сентябрь, 2006-жыл)

Советбек Байгазиев,
филология илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз Республикасынын
илим жана техника жагындагы
Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты

АРСТАНБЕК –XIX КЫЛЫМДЫН УЛУУ АКЫНЫ



Арстанбек Буйлаш уулу XIX-кылымда жашаган (1824-1878) кыргыздын ак таңдай акыны. Ырчылык өнөрүнүн күчтүү-лүгүнө карап, замандаштары аны «акындардын булбулу» деп атаган. Чынында эле, ал турмуш чындыгын ташка тамга баскандай даана ырдаган акын болгон. Убагында кыргыз-казак ичинен ага тең келер ырчы болгон эмес. Акын чоң комузчу да болуп, 500гө жакын күү чертken деген маалымат эл ичинде сакталып калган.

Ал жаш кезинде Кокон ордосунда да болуп, айтылуу Алымбек датканын алдында ырдап, өзүнүн келечектүү чыгаан ырчы экендигин далилдей алган. Орус падышалыгынын үстөмдүгүнүн доорунда Арстанбек ошол замандын катаал чындыгын, тайманбай таасын ырдап, «Тар заман» аттуу поэмасын жараткан. СССР доорунда Арстанбектин чыгармачылыгы идеологиялык жактан зыяндуу деп эсептелип, «кара сандыкка» жабылып, пайдаланууга тыюу салынган болучу. Демократиянын заманында улуу акындын мурастары калайык-калкка кайтып келди. XX-кылымдын 20-30-жылдарында Кабай Абдрахман уулу

тарабынан чогултулган Арстанбектин бир топ орчундуу поэтикалык мурастары 60 жыл бою жер астында жашырылып, көмүлгөн бойдон жатып, 1992-жылы кош айдоо учурунда капысынан табылган. Акындын негизги чыгармалары «Керээз», «Терме», «Санат», «Тар заман», «Кантарбай менен айтышы», «Сүйүмбай менен айтышы», «Женижок менен учурашуу ыры», «Арман» ж.б. эсептелет.

Арстанбек Буйлаш уулунун көркөм казынасы тарбия-таалимге олуттуу омок болуп бере турган адеп-ахлактык ойлорго, этикалык асыл нарктарга бай. Өзү түзгөн, жараткан, баалап-барктаган ошондой бай рух дөөлөттөрү, адеп-ахлак байлыктары кийинки урпактарга кокус жетпей калса не болот деп, Арстанбек өмүрүнүн акырында катуу тынчсызданган. Ал: «Оо дүйнө кетер окшодум, менин санатым айтар ким болот?»-деп, кабатыр болгон. Ал өзүнүн өлбөстүгүн тарыхый өтмө-катыштыктын салтынан, мындайча айтканда, кумдай куюлган нуска сөздөрүнүн келечек муундардын тарыхый акыл-эсинде жашап калышынан көргөн. Мына ошон үчүн өлүм алдында жаткан кезинде Арстанбек өзүнүн шакирти Солтобайга мындай деп акыркы керээзин айтып, өтүнүч кылган жайы бар:

Ичим толгон ырым бар,
Айтарга түрлүү сырым бар.
Жакшы чыктың Солтобай,
Ойлоп тургун, ой тобо-ай!
Келтирип айткын сөзүмдү,
Кейитпегин өзүмдү.
Таштабагын сөзүмдү,
Таарынтпагын өзүмдү.
Менин айткан кебимди
Көкүрөккө жат алгын,
Оо, Солтобай, чырагым!
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын.
Айтылып калса калкымда,
Арстанбек кайдан карысын.

Эмесе, ошол Солтобай ырчы жана калайык-калктын улуу эстутуму тарабынан бүгүнкү күндүн урпактарына (толук эмес болсо да) жеткен акындын адеп-ахлак мурастарына көңүл буралы. Ичке сыр болуп толгон, көкүрөккө жат кылып, кайран булбул сөзү деп таштабай айта жүрө турган ал кандай нускалар болду экен?

Арстанбек акындын адеп-ахлак сезими сергек, тунук, этикалык акыл-ою бийик болгон. Жакшы деген эмне, жаман деген эмне болорун так ажыратып ырдап, насаат-нуска сөздөрүн калайык-калкка кечиктирбей жарыя кылып, таратып турган. Осмонкул Бөлөбалаев Арстанбектин мындай өзгөчөлүгүн өзүнүн ыры менен: «Ак каранын баарысын, таанып айтып ырдаган, айткандын баарысы, уккан элге акыл деп, ушунуку макул деп, оозун ачкан далай жан», - деп акыйкат белгилеген.

Эмгекти сүйүү, эмгекчилдик – Арстанбектин урматтаган жогорку нравалык дөөлөттөрүнүн бири болгон. Ийгилик, байлык чекеден тер агызган ак мээнет менен гана келерин, бакыбат турмушту, барчылыкты күрөш менен жеңип алуунун зарылдыгын насааттаган акын. Эмгексиз эр жигиттин башына бакыт кушу конбос. Мээнеткечтик адам баласынын адеп-ахлактуулугунун белгиси. «Мээнет менен жан багыш – адамдыктын белгиси», - дейт Арстанбек.

Терин төгүп жерге жак.
Жыгачын арбын кыйбаса,
Кирпичин арбын куйбаса,
Бышыксынган жигитке,
Салынуу турган там кайда?
Арыгын терең казбаса,
Арпасын тегиз чачпаса,
Топондосун чыгарбай,
Токтотуп суун сугарбай,
Дыйкансынган жигитке,
Бышып турган дан кайда?

Арстанбек ошол эле «Терме» ырында мындай терс илдеттерге карама-каршы келген сапаттарды, каада-касиеттерди – кечиримдүүлүктү («жамандыкты кечирүү – айкөлдүктүн белгиси»), «адамдын көөнүн оорутпай, аста-секин сүйлөгөн асылдыкты», «туура сөздөн качпаган калыстыкты», «башкага элин сатпаган, журт намысын сактаган көсөмдүктү», «карыны көрсө ызаттаган», «эне-атасын барктаган» ыймандуулукту, «эбин таап сөз айткан» эстүүлүктү, «айткан сөзүнөн жанбаган ар намыстуулукту», «чакырмайынча үйгө кирбеген, чагым сөздү билбеген адептүүлүктү» көкөлөтө даңазалаган. Мунун өзү Арстанбектин инсан катары ички уят-абийири сергек, жан дүйнөсү кылдат, адеп-ахлак маданияты жогору болгондугун күбөлөп турат. Ал чыныңда эле чындык сөздү тайманбай түз айткан («сайрап турган Арстанбек, сүйлөбөсмүн тегинди»), каада, салтты, наркты, этикетти бекем сактап, өзгөлөргө өрнөктүү жүрүм-туруму менен да таалим көрсөткөн адам болуптур.

Тотусу элем токойдун,
Оттуусу элем бозойдун.
Күлгүнү элем торконун,
Күлүгү элем жоргонун.
Күкүгү элем токойдун,
Күл чогу элем бозойдун.

***

Жетимге камчы көтөрбө,
Жесирдин отун өчүрбө,
Жалгызга камчы көтөрбө,
Жардынын отун өчүрбө.

***

Аралап көрдүм ар жерди,
Ашы, тою бар жерди.

Көрүп келдим кыйланы,
Жыйып келдим дүйнөнү.
Далайлардан бата алдым,
Булбул ырчы аталдым.
Коконго барып жашымда,
Кыпчактардын ыктуусун,
Ордо хандын мыктысын,
Бирден терип ырдадым,
Кыйлаларын сындадым.
Сарт аке менен беттештим,
Комузда күү чертиштим,
Анжыян, Кокон аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Кайта келдим пааналап.

***

Алдыма киши чыкпады,
Ырчынын баары ыктады.
Жашымдан ырчы атыктым,
Ат үстүндө катыктым.
Он бешимде белсендим,
Оң менен солго теңселдим.
Бет алып ырчы чыккан жок,
Өтүп кетти дүйнө бок.

***

Аш , тойду өзүм бийледим,
Албан түрдүү сүйлөдүм.
Көп ырчыны көргөмүн,
Койго тийген бөрүдөй,
Алды-алдынан бөлгөмүн.
Жакшыларга жанаштым,
Жамандардан адаштым.
Ар жакшыдан ат алдым,
Булбул ырчы атандым.

***

Музооке менен мунаштым,
Сейилкан менен чертиштим.
Каркыраны жайладым,
Казакка барып ырдадым.
Тезек төрө алдында –
Замана ырын зарладым.
Капыр келет дегенде,
Зарлап ырдай баштадым,
Күндүр-түндүр какшадым,
Мунаду үнүм баспадым,
Журт башына жакпадым.

***

Айта турган ырым бар,
Ача турган сырым бар,
Он эки түрдүү ырым бар,
Оңдоп айтар сырым бар.
Адамдын баары сыйлады,
Аманат жаным жыргады.

***

Бул орустун келгени,
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Диниң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Паашаң кандай, бай кандай?
Жакшың кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Байың кандай, бар кандай?
Жардың кандай, жаң кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?
Болуш кандай, бой кандай?
Элиң кандай, эр кандай?
Замана кандай, эр кандай?
Эми, сенден тыңдайлы,
Айттым окшойт бир далай.

***

Таласты нечен көргөмүн,
Талдап көңүл бөлгөмүн.

***

Кокондук алды көлүңдү,
Кокуйлатты элинди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт алды.

АРСТАНБЕКТИН ОСУЯТТАРЫ

1. «Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң».

Улуу акын Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларынын акыл-ой мазмунун терең карай келгенде, мындай бир орчундуу логикалык ой корутундусу, осуят келип чыкпай койбойт. Эл-журт менен, калайык-калктын кайгы-кубанычы менен иши жок, өзүнүн гана жеке кызыкчылыктарынын алкагынан чыкпаган, өзүмдүкү дегенде өгүздөй кара күчүм бар, өзгөнүкү дегенде аны-муну ишим бар деген, өз көмөчүнө дайыма күл тарткан адамдын өмүр-жашоосунда башкаларга оң жагынан таалим, сабак боло тур-

ган адеп-ахлактык, моралдык маани-маңыз болбойт. Арстанбектин этикалык философиясы боюнча жеке кишинин акыл-эси, руханий дүйнөсү, жүрүм-турумунун тамыры, өзүнөн жогору турган бир бийик элдик мүдөө-идеалдар, жалпы таламдар менен бекем ашташып, байланышып турганда гана, анын адеп-ахлагынын баа-баркы болмок. «Тирүүлүк өзү зор дөөлөт», - дейт акын, ага татыктуу болуп жашаш керек. Мына ушундай ойдон улам, Арстанбек: «Ата-журтун ардакташ, азаматтын белгиси» - деп, баса айтып отурат, «Терме» деген чыгармасында. Ал эми жаш акын Женижокко карата ырдаган ырында «Элдин зарын зардап өт, эзелки ырын ырдап өт», - деп, бийик идеалга багыттап, кеңешин берет. Акын пенде баласынын жашоосунун маңызын элге, ата-журтка кызмат кылууда деген ишенимге бекиген. Эл, Ата Мекен, Ала-Тоо Арстанбектин этикалык түшүнүгүндө адамдын жүрүм-турумунун адептик жогорку чен-өлчөмү. Мындайча айтканда, эл мүдөөсү, эл кызыкчылыгы – адамдын адеп-ахлагын баалоонун критерийи. Сен жалпыга, элге кызмат кылганың менен кишисиң. Мындай ой, айрыкча «Терме» ырында даана чагылдырылганын көрөбүз:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозундан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да –
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың!
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!

Дагы бир жолу айталы, көрүнүп тургандай, эгер адамдын ашып-ташкан байлыгы, азуусун айга жаңган бийлиги, атак-даңкы – бардыгы өзү үчүн гана болсо, өзүнүн гана керт башынын кызыкчылыгын, жыргалын тейлесе, эл-журттун бакыбатына тиешеси жок болсо, калайык-калкка жарыгы тийбесе, анда андай адам, Арстанбектин түшүнүгүндө, элден бөлүнүп, ээн тоодо коколой башы жашаган жапайы кийикке тете.

2. Элдин чекесине чыккан чыйкан, калайык-калктын шору ким?

Арстанбектин калк башында турган башчылардын, атка минерлердин, байлыгы, бийлиги бар үлкөндөрдүн адеп-ахлагына койгон талаптары да бийик. Акындын адеп-ахлак позициясы боюнча, башкаруучулар элдин үмүт тилектери, мүдөө-кызыкчылыктары менен болгон тыгыз байланышына, алардын элге жакшылык иш кылгандыктарына, катардагы букара калкка жана коңшу элге жасаган мээримдүү, адилеттүү мамилесине, журттун турмуш-тиричилигин оңоого карата болгон ак ниет эмгегине жараша бааланууга тийиш. Эгерде эл башкаруучулардын жүрүм-туруму мындай асыл сапаттарга карама-каршы чыкса, тескери болсо, анда андай жетекчилердин баа-баркы, аброю болмок

эмес жана мындай башчылар, атка минерлер элдик эң оор жазага татыктуу. Мына ошондуктан өз заманында андай төбөлдөрдүн «адеп-ахлагына» карата Арстанбек өзүнүн төмөндөгүдөй элдешпес айыптоо бүтүмүн чыгарган:

Зорлугу өтсө жакырга,
Зомбулук кылса бакырга,
Зордун түбү – кара жер.
Катарлаш элге кан чачса,
Канкорлорго жан тартса,
Кандын жайы – кара жер.
Кара өзгөй болсо калкына,
Калктын жетпей баркына,
Жакырдык жанды кыйнаса,
Акимдин жайы – кара жер.

Арстанбектин нравалык өкүмү ушундай, калайыкка мээрими, жакшылыгы жок, зордукчул, кара өзгөй, «калк камын ойлобой, казына чачкан», өзүмчүл жетекчилердин эл башында турганынан көрө, чым жазданып кара жер алдында калганы жакшы. Мындай башчылар – калайыктын шору, элдин чекесине чыккан чыйкан.

Арстанбек акын өз заманында далай, далай башчылардын адилетсиз жорук-жосундарын көрүп, күйүп-бышып: «ушу заман – тар заман, азуулууга бар заман, бечарага зар заман» - деп ырдаган. Калкына кайрымы жок, өзүмчүл атка минерлердин, чиновниктердин бүгүнкү күндөгү эгемендүү Кыргызстандын турмушунда да көбөйүп, Арстанбек айткандай, андайлардан «барк кеткендиги, каада-нуска нарк кеткендиги» өкүнүчтүү. Бирок, ошондой өзүмчүл, калк байлыгын соргон жегич жетекчилер биздин коомдо жазалануунун, түрмөгө камалуунун ордуна (Арстанбекче айтканда «кара жерге көмүлүүнүн» ордуна), көп учурда кайра кызматтан кызматка көтөрүлүп, чардап жүрүшкөндүгү өзүнчө бир трагедия. Коррупцияга, паракорлукка малынган бүгүнкү көп жетекчилердин жашоосу, Арстанбектин логикасы менен айтканда, адеп-ахлак мазмун жагынан көндөй. Алар – «элден чыккан кийик». Ырасында эле, мындай «кийиктер» көбөйсө, калайык-журттун турмушунун оңолбостугун Арстанбек дагы дааналап мындай айткан: «өзү үчүн жан берген, өзүмчүлдүн белгиси, мындай адам көбөйсө, жумурай журт маарыбайт, урук-тууган жарыбайт».

3. Кимдин таажысы башынан түшпөйт, тактысы астынан кетпейт?

Эл ичинен адилет, калыс, акылгөй башчыларды көрсө, Арстанбек чын ниетинен кубанган жана өзүнүн этикалык чен-өлчөмдөрүнө туура келгендиги үчүн андайларды урматтап, ырга салып даңаза кылган. Ошондой калыс, оор басырыктуу, элге караштуу даанышман башчылардын бири 19-кылымда көлдөгү Хан Боромбай болгон экен. Хан Боромбайды «Калыс сөздү айтайын, көлдө сүзчү кеме элең, калк коргогон эр элең. Саябандуу бак элең, салтанаттуу жан элең» деп даңазалаган акын. Арстанбектин ою боюнча мыкты башчы эли үчүн саябандуу бакка окшош. Ал өзү мыкты башчы жөнүндөгү оюн дагы минтип ырастаган:

«Баркташып эл менен жүргөндүн,
Байсалдуу өмүр сүргөндүн,
Таажысы түшпөйт башынан,
Тактысы кетпейт астынан».

Демек, адал, ак кызматка, букараларга калыс, гумандуу камкор мамилеге негизделген эл менен болгон биримдик – калк башчысынын адеп-ахлагын баалоонун моралдык чен-өлчөмү. Арстанбектин этикалык көз караштарынан ушундай корутунду чыгып турат.

4. Адамдагы кара жерге көмүлүүчү сапаттар же канткенде жамаатка «акыр заман» келет?

Арстанбектин туу туткан этикалык көз карашы адам жамаатында кездешкен пас, жаман, терс, маскара, былгытма жорук-жосундарды таптакыр кабыл кылбагандыгы жана алар менен келише албагандыгы менен айырмаланып турат. Терс жосундарга карата акындын кескин бүтүмү төмөнкүдөй:

Арзанды кымбат баалаган,
Сүткордун жайы – кара жер.
Айылга бүлүк чыр салган,
Анткордун жайы – кара жер.
Алсызга кайрым кылбаган,
Залимдин жайы – кара жер.
Өмүрүн кыйган адамдын,
Канкордун жайы – кара жер.
Ушак-айың сүйлөгөн,
Уяттын жайын билбеген,
Жамандын жайы – кара жер.
Адамга жок пайдасы,
Ач көздүн жайы – кара жер.

Ошондой эле, Арстанбек акын өз ара мамилелердеги оройлукту, жетим козуну жоготтуң деп, жетим баланы урган катаалдыкты, сүттү төгүп алдың деп, жесир аялды сыздатып сөккөн акмакчылыкты, сөздүн ыгын билбей сөөдүрөп сүйлөгөндү, аркырап беттен алган ажаандыкты, азаматтын баркын билбес нааандыкты, жакшылыкты көрө албас, ичи тардыкты, үй-бүлөсүнө, бала-бакырасына корсулдап, аларды жакшылап бакпай, бекерчи болуп, түтүн чыккан үйдөн тамак аңдып, басып жүргөн намыссыздыкты, күнү уктап, түнүндө ууру кылган уятсыздыкты, табакка түп калтырбай баардыгын шыпырып жеген сугалак жетесиздикти, эмгектен качкан эринчээктикти, өзүн өзү мактаган көйрөңдүктү, жолдошун жолго таштаган жосунсуздукту өзүнүн жектей тургандыгын «Терме» ырында ачык жарыялаган. Ал бул өңдүү жаман сапаттардан жана каадасыздыктан алыс болууга замандаштарын үндөгөн жана мындай терс, жагымсыз илдеттер адам деген ардактуу атка көлөкө түшүргөн, жамаатты ичинен ирите турган көрүнүштөр деп түшүнгөн жана мындай жосундарга күйүп-бышып дайыма каршы ырдаган.

Арстанбектин чыгармачылыгынын этикалык дүйнөсүнө тереңдеп үңүлгөнүбүздө, ал дүйнөдөн адам жамааты адам деген атка жарашкан адал, аруу адеп-ахлак, каада, эреже, мыйзамдарды бекем карманган учурда гана адам жамааты катары жашап тура алат деген корутунду чыкпай койбойт. Кылымдарды карытып, илгертен келе жаткан түптүү моралдык эреже-нормалар, адеп-ахлак мыйзамдары адамдар тарабынан сакталбай, бархалбай бузула турган болсо, коомдо кандай натыйжа келип тууларын жана бул эмненин белгиси экендигин Арстанбек мындайча эскерткен:

Урматы кетсе уулунун,
Кадыры кетсе карынын,
Азаматтын курбалы –
Зайыптын кетсе ыйманы,
Кыздын кетсе кылыгы,
Келиндин кетсе келбети,
Ата-эненин кымбаты –
Уулдун кетсе уяты,
Журт бузулуп нарк кетсе,
Каадасы кетсе ырчынын –
Бул акыр заман белгиси.
Арстандын келбейт көргүсү.

Демек, Арстанбектин оюнун логикасынан байыртан адам коллективинде түптөлүп, турмуш сыноосунан өткөн адеп-ахлак эрежелер адамдар тарабынан аздектелип барктанса, сакталса гана жамаатта адеп-ыймандык, туруктуулук өкүм сүрүп, эл-журт бакыбатта жашайт деген жыйынтык ишараланып жатат. «Шарият менен иши жок, заманың келди жакындап», - дейт Арстанбек. «Шарият» деген сөз бул жерде жалпы эле изги моралдык эреже-жоболор маанисинде колдонулуп жатат. Бекем адеп-ахлак жоболорусуз, жамаат бузулуунун, бүлүнүүнүн жолуна түшөт деген маанини туюндурат акындын этикалык даанышмандыгы. Ошондой бекем адеп-ахлак жоболору бар, кичүүсү улуусун, уулу атасын сыйлаган, келини ызаттуу, кызы уяттуу коом деп акын кыргыз жамаатын эсептеген. Россиялык капиталисттик мамилелердин акырындап кириши менен кыргыз жамаатындагы адеп-ахлак идиллиясынын (бейпилчилигинин) бузулуу процессинин башталышына күбө болгон акын ичинен миң толгонуп, өкүнүч-арман менен: «булут минсең жетпейсиң, мурункунун наркына, бурулдайсың түтүндөй, бул замандын дартына» деп ырдаган.

5. Арстанбектин атуулдук адеп-ахлак кодекси – бүгүнкү ыймандык кризистен чыгуунун жол картасы

Арстанбек чындыкка, акыйкатка, калыстыкка, адамкерчиликке, боорукерликке, күйүмдүүлүккө, өзүн жөнөкөй тутууга, жоомарттыкка каршы келген терс жосундарга кылыч болуп чабылган, арамдыкты оттой куйкалаган түздүккө, «эл камын ойлогон азаматтыкка» негизделген жамаатчыл, атуулдук-граждандык күжүрмөн, айкөл жүрүм-турумду баарынан жогору койгон. Мына ушундай бийик этикалык эреже-жобону Ар-

станбек өзүнүн акын Жеңижокко карата кайрылып ырдаган төмөнкү сөзүндө дааналап ачыкка чыгарган:

Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол.
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Жетимдерге көмөк бол,
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол.
Эрегиш чыкса, элчи бол,
Эл-журтундун кенчи бол.
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол.

Бул, албетте акын гана ушундай болуш керек деген сөз эмес. Мындай жүрүм-турум этикасы жамаат, коом мүчөлөрүнүн, ар бир жарандын адеп-ахлагына тиешелүү касиет болуш керек. Бул ырда адамдык-атуулдук жүрүм-турумдун бүтүндөй бир кодекси, программасы берилген. Арстанбектин көз карашында ушундай күжүрмөн активдүү, гуманисттик адеп-ахлак этикасы гана жаранга элдин сүйүүсүн жана урматтоосун алып келе алат, адамдын аброюн көтөрүп, көздөгөн нравалык бийиктикке жетелеп чыгара алат. Мындай адеп-ахлак программасы азыркы биздин коомдун ар бир атуулу үчүн да зарыл болуп отурбайбы. Арстанбектин этикасынын өлбөстүгү дал ушунда туруп жатат.

Арстанбек өзү элим-жерим деген чоң патриот болгон. Ал кыргыз жеринин, элинин падышалык бийликтин баскынчылыгы алдында калганына атуул катары ичи күйүп, катуу кайгырып жүрүп дүйнөдөн өткөн. Арстанбектин чыгармачылыгынын маани мазмунунун логикасынан өз жериңде тыштан келген бөтөн күчтөргө кул болуп калбоого, кыргыздын ар-намысын алдырбоого, Ала-Тоо, Ата-Мекендин азаматы болууга үндөгөн атуулдук чакырык дайыма угулуп турат. «Кокондук алды көлүндү, кокуйлатты элиңди», падышачылыктын тушунда «каптап тузду көтөргөн, көлүк болду элибиз, башка чапса былк этпес, өлүк болду элибиз», - деген ыр саптары Арстанбектин кордукка, баскынчылыкка, көз карандылыкка, кулдукка чыдабай кыйкырган патриоттук ачуу чаңырыгы, рух бунту катары сезилет. Патриот акын өзү уулдук жүрөгү менен терең сүйгөн «салаалап аккан булагы, сапсары болгон тулаңы, сагындырган ыраңы» Ала-Тоо жергесинин бөтөндөрдүн бут алдында тепселишин түк көтөрө алган эмес, буга жан дүйнөсү чыдай алган эмес. Тирүүсүндө колониалдык баскынчылык кыргыз

жергесине алып келген азап-тозокторду жана терс көрүнүштөрдү тайманбай ачык ырдап, калкка жарыя кылган («Тар заман», «Кантарбай менен айтышы»). Ал акындык өнөрү менен калайыкты ар намыска ойготуунун, жамааттын адеп-ахлагын бекемдөөнүн камында болуп, бийик этикалык идеалдарга изден тайбай кызмат кылган. Арстанбек Буйлаш уулунун этикалык дааньшмандыгы, адеп-ахлак нускалары эскирбей турган, бүгүнкү күнү биз терең үйрөнүп моралдык практикабызда түздөн-түз колдоно турган баа жеткис руханий дөөлөттөр болуп эсептелет. Өз элинин патриоту болууга үндөгөн, элдик аруу адеп-ахлак эрежелеринин туусун бийик кармоого, жамааттагы ыплас моралдык илдеттерди айыптоого жана ага каршы активдүү күрөшүүгө чакырган Арстанбектин этикасын үйрөнүү жана аны менен куралдануу дүйнөлүк глобалдашуу процессинин оп тартып, ассимиляциялап таштоочу күчүнүн алдында өзүбүздүн улуттук жүзүбүздү сактап, өнүгүүбүзгө жана кризистен чыгуубузга омок-таяныч болмокчу.

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияда жасаган баяндамасы)

Назгул Бегалиева,
филология илимдеринин кандидаты

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА ОЧЕРК

Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878) 19 кылымдагы кыргыз акындарынын көрүнүктүү өкүлү, чыгаан ырчы, дааньшман акын.

Ырчы, акын эле эмес, комузчу, коомдук ишмер жана ойчул катары белгилүү болгон. Арстанбек Кыргызстанда Кокон хандыгынын бийлиги Россия империясынын бийлигине алмашып баштаган мезгилде жашап, өз чыгармачылыгында ушул өткөөл мезгилдин оош-кыйыштарын, карама-каршылыктарын, драмасын чагылдырган бирден-бир акын болду.

Бизге жеткен оозеки жана жазуу түрүндөгү маалыматтар, Арстанбектин чыгармачылыгындагы автобиографиялык мотивдер башка акындарга караганда, Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө толугураак кабар алууга мүмкүндүк берет.

Арстанбек Нарындагы Ийри-Суу деген жерде, Буйлаш бийдин кичүү аялынан төрөлөт. Атасы Арстанбектин энеси менен таштап кеткендиктен, бий тукуму болсо да болочок ырчы кыйынчылык турмушта жүрүп чоңоёт. Бийдин малын кайтарып, кыйналып, улуу аялдын балдарынан "кем тукум" деген жеме угуп, өксүсө дагы Арстанбек катаал тагдырына моюн

бербей, өжөрлүк менен чыйрактыгынын натыйжасында, бара-бара эл оозуна алынып, тааныла баштайт.

Мал артында жүрүп, комуз черткенди үйрөнөт. 12-13 жашында күү чертип, ырдай баштайт. 16 жашка келгенде Арстанбектин андан аркы тагдырында бурулуш жасаган окуя болот. Жаш Арстанбек Кокон бийлигинин жазасына калып, айдалып кеткен атасын издемекчи болуп, Анжыянга барат. Анжыян бектеринин алдында күү чертип, ыр ырдап, алардын купулуна толот, жаш ырчыга ыраазы болгон ордо бектери Буйлаш бий баштаган кыргыз жакшыларынын күнөөсүн кечип, жазадан бошотушат. Арстанбек Анжыянда калып, бир жыл жүрөт. Ордо бектеринин ичинен Алымбек датканы көп жандап, көп аш-тойлордо ырдайт, көп ырчылар менен жолугушуп ырдашат. Ырчылыктын чоң мектебинен өтүп, таланты такшалат, акындык көрөңгөсү өсүп, атагы чыгып, калың элге таанылат.

Маалыматтарга караганда, Арстанбек Анжыяндан чоң ырчы, чыгаан комузчу катары таанылып келет. Арстанбектин кийинки өмүрү Ысык-Көлдө өтөт.

Арстанбектин чыгармалары тематикалык жана жанрдык жактан ар түрдүү. Ал айтылуу "Тар заман" ырынан башка дидактикалык, лирикалык, терме жана санат ырларын жараткан, "Кожожаш", "Бердикожо", "Беш казак", "Чоро" элдик поэмаларын айткан. Бирок дээрлик көпчүлүк чыгармалары унутулуп, үзүндү түрүндө жеткендиктен, Арстанбектин чыгармачылыгын алгач изилдеген окумуштуулар Т. Саманчин жана М. Богданова кезинде "Тар заман" ырын гана иликтөө менен чектелишкен. Бактыга жараша, кийин айылдык мугалим Кабай Абдырахманов тарабынан жазылып алынган Арстанбектин чыгармалары табылып, китепче түрүндө басылып чыкты. Бул акындар поэзиясы боюнча адис окумуштуу Б. Кебековдун аракетинин жана эмгегинин натыйжасында болгондугун белгилей кетүү керек. Арстанбектин ар кыл ырлары топтоштурулган бул жыйнак акындын чыгармачылыгын тереңирээк жана кенен изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзүп олтурат.

Мурда белгилегендей, Арстанбектин ырлар жыйнагынан анын чыгармаларынын тематикасы жана жанры ар түрдүү экендигин көрүүгө болот. Жыйнакта Арстанбектин санат-термелери, арман, керээз ырлары жана айтышгары, ошондой эле "Тар заман" поэмасы киргизилген. Хронологиялык жактан алганда, Арстанбектин алгачкы чыгармалары катары "Анжыян ордосундагы ырын", "Кокон бийлиги жөнүндөгү ырын" көрсөтүүгө болот. "Анжыян ордосундагы ыры" автобиографиялык мүнөзгө ээ. Ушул ырынан улам Арстанбектин 16 жашында Анжыянга баргандыгы жана башка окуялар жөнүндө маалым болот.

Арстанбектин жаш кезиндеги ырларынан ушул ырын эске албаганда, дээрлик сакталган эмес. Ошондуктан акындын чыгармачылыгынын алгачкы мезгили тууралуу кененирээк сөз кылууга мүмкүн эмес. Эл акындарынын чыгармачылык таржымалына кайрылганыбызда, акындык өнөргө сөзсүз мүнөздүү болгон салттардын – белгилүү бир акынга таасирленүү, андан үйрөнүү, таалим алуу сыяктуу көрүнүштөрдүн орун алгандыгын көрөбүз. Токтогул, айталы, учурунда Чоңду акынга таасирленсе, Калык, Эшмамбет,

Барпы, Коргол Токтогулдун шакирттери болгондугу маалым. Ал эми Арстанбектин жаш кезинде кайсы акындан таалим алгандыгы жөнүндө сөз кылууга мүмкүн эмес. Албетте, Арстанбек дене башка акындар сыяктуу ырчылыкка дилгирленип жүргөн алгачкы мезгилинде, кайсы бир акынга таасирленген болуу керек. Бирок бизге мындай маалымат жеткен жок, акындын өзүнүн ырларында деле бул жөнүндө эч эскерилбейт.

Арстанбектин чыгармачылыгынын күрдөөлдүү учуру 50-жылдардан башталат деп, айтсак болот. Арстанбектин чыгармачылык көз караштарынын калыптанышына алды менен өзү аралашкан чөйрө таасир берди. Кокондук бийлик өкүлдөрүнүн ашкере зордукчул саясатына жакындан күбө болушу жаш акынды ойлондурбай койгон эмес. Бул жагдайдын өзү Арстанбектин андан аркы чыгармачылык тагдырын аныктаган факторлордон болуп калды, анын чыгармачылыгынын саясий-социалдык багыт алуусуна өбөлгө түздү.

Арстанбектин чыгармалары элдин турмушундагы коомдук-саясий жагдайларды, окуяларды чагылдырат. Бугу менен сарыбагыш урууларынын чатагы акындын чыгармачылыгында чоң из калтырган. Бугу менен сарыбагыштын урушун чагылдырган ырларында акындын терең толгонуулары көрүнөт. Уруу башчыларынын мансап, бийлик талашуусунун кесепетинен эки тараптын мамилеси курчуп, Ормон бугуларга согуш баштайт. Согуштардын биринде Ормон бугулардын колуна түшүп, каза болот. Ошондо Ормондун кунун алууга баштанган Эсенгул тукуму бугу элин чаап алмакчы болуп камынганда, Арстанбек аларды ынтымакка чакырып, мындай деп ырдаган экен:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар.
Ой, сарыбагыш туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенгулдун Ормону –
Эми кайдан табылаар?

Эки эл ынтымакка келе алышпай, сарыбагыштар бугу элин катуу талоонго алат. Бугулар жеринен качып, көбү Анжыянга качса, көбү Жылдыз, Текеске агылат. Ушул учурду камтыган чыгармасында Арстанбек жеринен агылган элдин азаптарын, дегеле согуштун кесепеттүү экендигин, согуш элди орду толгус жоготууларга, ал эми жаратылышты бүлүнтүүгө алып келээрин айтат. Ата-журт конушун, анын сулуулугун, жаратылыш байлыктарын даңазалайт, ата конушуна болгон терең сезимин, кусалыгын зор поэтикалык чеберчилик менен чагылдырат.

Сарыбагыштардын талоонунан калкалап калуусун максат кылып, бугунун манабы Боромбай Россия падыша өкмөтүнө кайрылгандан кийин, 1855-жылы Ысык-Көлдүк кыргыздар Россиянын карамагына өтүп, жер-жерлерде падышанын бийлиги орноп, колониалдык саясатын жүргүзө баштаган мезгилде Арстанбек бир катар тарыхый, саясий-социалдык маанидеги ырларын жаратат. Ырларындагы маалыматтарга караганда, Арстанбек башынан эле орустардын келишин жактырбагандыгы көрүнүп турат:

Орус келет дегенде,
Зарлап ыйлай баштадым.
Күндүр-түндүр какшадым,
Журт башына жакпадым...

Ушул сөзүнө жана Боромбайдын керээзине ырдаган ырына караганда, орустардын келиши боюнча Боромбай экөөнүн ортосунда пикир келишпестик болгондугу маалым болот:

Ормон хандын зарпынан,
Баштап келип орусту,
Пааналаткан сен элең,
Пашаага жаккан эр элең ж.б.

Арстанбектин кыргыз элинин тарыхындагы ушул олуттуу, тарыхый-өткөөл мезгилди, бул мезгилдин окуяларын чыгармаларында көркөмэлестүү жалпылаган бирден-бир акын болду десек болот.

Арстанбектин башка акындардан өзгөчөлүгү ушунда. Ушул өзгөчөлүгүнө, чыгармаларынын идеялык-тематикалык багытына карата Арстанбекти саясий темада ырдаган биринчи акын деп айтсак болот. Бүтүндөй доор алмашкан бурулуш мезгилде Арстанбек элдин, жердин тагдыры, келечеги жөнүндө терең толгонуп, санаага баткан. Акындын ички коогалаңы, психологиялык толгонуулары "Тар заман" ырында чагылып, көркөм жалпылаштырылат. "Тар заман" ыры жанрдык белгиси боюнча дагы өзгөчөлүккө ээ. Учурунда Т. Саманчин "Тар заманды" поэма деп атаган. Б. Кебекова ырды маңыз-мазмуунуна карата толгоо деп атоону сунуш кылат. Толгоо (толгау) жанры казак поэзиясында тарагандыгы белгилүү.

М. Базарбаевдин аныктамасы боюнча: "Толгау – своеобразное произведение акына или поэта об определенном событии, насыщенное подлинными переживаниями, чувствами автора, его личным отношением к описываемым событием" (Базарбаев М. "Образ человека труда в казахской поэзии". – Алма-Ата: Казакстан, 1962, стр. 135). Толгау казак поэзиясына гана тиешелүү жанр катарында белгилүү болуп келсе, азыр аны башка элдердин поэзиясына таандык кылган пикирлер бар.

Казак окумуштуусу Б. Абылкасимовдун пикирине караганда, бул жанр мурда жалпы эле түрк урууларынын адабиятында жашап келген. "Толгау" деген атальш казак, кара калпак, ногой элдеринде гана сактальп калганы менен башка дагы бир катар адабияттарда бул жанрдын белгилерине ээ болгон түрлөр бар экендигин айтат жана мисал катары кыргыз поэзиясындагы санат-насыят жанрын көрсөтөт (Абылкасимов Б. "Жанр толгау в казахской устной поэзии". – Алма-Ата: Наука, 1984, стр. 15).

Толгоо жанры менен кыргыз оозеки поэзиясындагы санат-насыят ырларынын ортосунда маанилүү айырма жок. Дидактикалуулук толгоо жанрынын негизги белгилеринен болуп эсептелет. Демек, ар башка аталганы менен бул жанрлардын маани-маңызы бирдей. Ал эми Арстанбектин "Тар заманы" жен гана санаттардын жыйындысынан турбайт, анда элдин тагдырындагы бүтүндөй бир тарыхый окуяга байланышкан акындын толгонуулары, көкүрөк санаалары чагылдырылат.

Идеялык-тематикалык жактан Арстанбектин чыгармаларын шарттуу түрдө эки топко бөлүүгө болот: саясий-социалдык темадагы жана дидактикалык, философиялык, турмуш-тиричиликке байланышкан ырлары. Биринчи топко "Тар заманы", "Кокон бийлиги тууралуу ыр", бугу менен сарыбагыштын согушунда ырдаган ыры, "Каңтарбай менен айтышы" кирет. Экинчи топту санат-термелери, "Арман", "Керээз", "Боромбайдын керээзи", "Ооруп айыккандагы ыры", "Уйлар өлгөндө" ж.б. түзөт.

Акындын чыгармачылыгында санат-терме ырлары өзгөчө орунда турат. Санат-термелери элдик дидактиканын мыкты үлгүсүндө жаралган жана акындын жаман-жакшы, дүйнө-өмүр, адеп-ахлак, аруулук жөнүндөгү философиялык ой-санааларын чагылдырып, идеялык мазмуунунун тереңдиги, ийкемдүүлүгү, поэтикалуулугу жана философиялуулугу менен жогорку сапатка ээ. Философиялык мотивдер Арстанбектин ырларында кызыл сызык болуп, жүрүп отурат. "Арман", "Керээз" ырларында өлүм, өмүр жөнүндөгү философиясы жогорку көркөмдүктө чечмеленет. Арстанбектин философиясы боюнча адам – эл, коом менен ажырагыс карым-катышта болуусу керек, жашоонун, адам өмүрүнүн маңызы ошондо гана ачылат.

Санат-термелериндеги ойлордун, идеялардын тереңдиги, кеңдиги алардын даанышмандыгын арттырып турат. Бул ырларында Арстанбек ошондой эле Адам турмушундагы түрдүү кырдаалдарга байланышкан маселелерди козгойт: үй бүлө ынтымагы, жаштардын тарбиясы, адамдардагы жакшы-жаман сапаттар, инсандык тазалык, адилеттүүлүк жөнүндө көз караштарын жалпылайт. Арстанбектин санат-терме ырлары идеялык-эстетикалык мааниси эскирбей турган, бүгүнкү күндүн талаптарына шайкеш келген чыгармалар болуп эсептелет.

Арстанбектин ырларындагы негизги өзгөчөлүктөрдүн бири – аларда бул доордогу акындарга салыштырганда "индивидуалдуу баштальштын", "автордук мендин" дааналыгы. Арстанбек дээрлик бардык ырларында салттуу алкактан чыгып, автобиографиялык темага кайрылып турат. "Керээз", Женижок менен учурашуу ырында, айрыкча айтыштарында автобиографиялык мотивдер көп учурайт. Индивидуалдык мотив, "автордук мени" акындын бардык чыгармаларынан көрүнөт. Ал дайыма өзүнүн "автордук менине" басым жасап отурат: "мен Арстанбек болгону", "Арстанбек айтпас тегинди", "Арстанбек айтып теңселди", "Мен – бугудан чыккан Арстанбек" ж.б.

Арстанбек поэтикалык өнөрдүн татаал түрү болуп эсептелген айтыш өнөрүндө дагы өзгөчө чебер болгон. Арстанбектин айтыштарынан Чонду жана казак ырчылары Сүйүмбай, Каңтарбай менен болгон айтыштары белгилүү. Чонду учурундагы чоң акындардан болгондугу маалым. Ал айтышта дагы күчтүү келип, айрыкча табышмактуу айтыштын чебери болгон. Эки акындын айтышы салттуу темада жүрөт: өз уруусун, өз тарабын көтөрө чалуу менен катар табышмак формасында акыл сынашат. Табышмак түрүндө айтышуу – айтыштын эң татаал түрү. Айтышта бул түрдү колдонуу белгилүү максаттарга негизделет: биринчи учурда ырчылардын бири өнөгүнө күтүүсүздөн табышмактуу суроо берип, оюнан адаштырып, туюкка камоо менен жеңишке жетишүү максатында, экинчи учурда өнөгүнүн билимин, тапкычтыгын, акыл жөндөмүн сыноо үчүн.

Айтыштын мындай түрү акындардан өзгөчө билгичтикти талап кылган: суроолорду табышмактатып түзүү жана ага так, тездик менен жооп берүү жөндөмү бардык эле акындарга мүнөздүү болгон эмес. Арстанбек Чоңдунун берген суроолорун чечмелеп, логикалык ырааттуулукта жооп кайтарып, өзүнүн талантын таасын көрсөтөт. Арстанбектин сөз өнөрүнүн бул түрүндөгү ийгилиги анын акындык сезиминин, логикасынын күчтүүлүгү менен бирге, поэтикалык тилинин ийкемдүүлүгүнө, көркөмдүүлүгүнө байланыштуу болгон.

Ал эми казак ырчысы Сүйүмбай менен айтышы – айтыштын классикалык үлгүсү болуп саналат. Анда айтыштын бардык тардициялары жана ыкмалары жогорку чеберчиликте колдонулган: кордоо, ашкерелөө тенденциялары, элдин тарыхына кайрылуу, макал-ылакаптарды чыгармачылык менен колдонуу. Каңтарбай менен айтышы болсо, жалпы эле айтыш өнөрүндөгү жаңы деңгээл болду десек болот.

Арстанбек мурдагы салттуу темадан чыгып, жаңы теманы көтөрүп чыкты. Чоңду, Сүйүмбай менен айтышында уруулук алкактан туруп ырдаса, мында жалпы адамзаттык маанидеги проблемаларды – заман, замандын келечеги жөнүндөгү маселелерди көтөрөт. Арстанбек оозеки поэзиянын типтүү өкүлү катарында, биринчи кезекте элдик поэзиянын салттарына, формаларына, көркөм каражаттар арсеналына таянат. Бирок, ошол эле учурда жанрдык, стилдик курамы, поэтикасы боюнча акындын чыгармалары өз алдынча өзгөчөлүккө ээ.

Арстанбек биринчилерден болуп, автобиографиялык теманы өнүктүрдү. Анын чыгармаларынан оригиналдуу сапаттар, поэтикалык ыкмалар көрүнөт. Айталы, Арстанбектин "Арманы" бөтөнчө поэтикалык касиеттеги чыгарма. Ырдагы автордук идея оригиналдуу ыкма менен берилген, анда оозеки поэзияда учурабаган образдар, сальштыруулар бар.

Ал эми "Керээз" деген ыры – оозеки поэзиядагы коштошуу ырларынын классикалык үлгүсү. Ырдын мазмуунунан үч негизги мотив көрүнүп турат: өлүм-өмүр жөнүндөгү, автобиографиялык жана социалдык мотивдер. Ырдагы өзгөчө белгиленчү нерсе – анда өткөн чак менен учур чактын (акындын жаштык кези менен азыркы учуру) терең символикалуу-философиялуу планда чечмеленет.

Акындын ырларынан оозеки поэзиядагы салттуу формулалардын колдонулуу мисалын жыш учуратабыз. Алар Арстанбектин ырларында органикалык түрдө жуурулушуп, жаңы түстөгү образдарды түзүүгө жардам берет:

Күлүгү элем жоргонун,
Күлгүнү элем торконун,
Эттүүсү элем моюндун...
Эми, күлүк чобур ат болду,
Кара сакал ак болду ж.б.

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияда жасаган кошумча баяндамасы)

Шаткул Кулматова,
педагогика илимдеринин кандидаты

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

Түйүндүү түшүнүктөр: көркөм-эстетика, көркөм мурас, адабий-теориялык, адабий-эстетикалык, адеп-ахылак, улуттук аң-сезим, этно-маданий, инновация, ык-усул.

Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы да кыргыз адабияты боюнча окуу программасынын[1] «системалык курстун элементтерин инине камтыган адабияттык окуу» курсунан орун алып, ага 2 саат бөлүнгөн. Орто мектептин VIII классынын окуу жүгүндө анын өмүрү жана чыгармачылыгынан тышкары «Тар заман» чыгармасы сунушталган. Мында мугалим окуу программасынын талабы боюнча «Арстанбектин заман, мезгил, элдин эртеңи жөнүндө кабатырлануу менен ой жүгүртүүсүн, ырдын мааниси жана идеясын, «Тар замандын» көркөмдүк бөтөнчөлүгүн»[2] көңүлүн буруп, ушул жагдайда турган маселелерди окуучуларга жеткирүүнүн оптималдуу илимий-методикалык негизин табууга басым коюусу маанилүү.

Ырасында, мугалимдердин интерактивдүүлүккө негизделген чыгармачыл аракеттери аркылуу дүйнөлүк билим берүү системасында кеңири пайдаланылып жаткан окутуу методдорун, ык-формаларын улуттук билим берүү "кыртышына" алып келүү – анын ичинде ар бир окуучуну азыркы мезгилге ылайык тарбиялоо, келечек муунга зарыл болгон адабий-эстетикалык билимди берүүгө умтулуу, жогоруда аталган методдорду эксперименттен өткөрүүгө көз каранды экендиги ачык байкалууда.

Коомдук түзүлүшү өзгөргөн соң, ал бардык көрүнүштү өзүнүн талаптарына ылайык келтирүү менен, анда аткарууга зарыл болуп жаткан кырдаалдарды аныктап, чыгармачылык менен иш алып баруу керектигин адабиятты окутуу процессинен талап кылып жатат. Демек, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда окутуунун жаңычыл методдорун, ык-формаларын, жалпылаштырып айтканда, интерактивдүү технологиясын окутуу процессине, анын ичинде кыргыз тили боюнча окуу предметине колдонуу – азыркы учурдун талабына ылайык билим берүү зарылдыгын гана шарттабастан, аны колдоно билүү чеберчилигин, жаштарга үйрөтүү, электрондук окутуу каражаттарын колдонууну, өзгөчө окуучуларга жаңыча мамиле кылуу зарылдыгын мугалимден талап кылган болсо, биз аны аткарууга аракеттендик. Ырас, азыркы учурда компьютер-

[1] **Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердинV-XI класстары үчүн: 3-басылышы. – Б.: «ТАС», 2003, 26-бет.**

[2] **Кыргыз адабиятынын программалары. Жалпы орто билим берүүчү мектептердинV-XI класстары үчүн: 3-басылышы. – Б.: «ТАС», 2003, 26-бет.**

дик жана башка жаңы технологияны окуу иштерине пайдаланмайын коомдун талабына ылайык билим берүүнү элестетүү кыйын. Башка предметтерден айырмаланып, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар кыргыз элинин маданий мурастарын жеткиликтүү өздөштүрүүгө окуучуларга кеңири шарт түзө алат. Мында көркөм текстти окутуу аркылуу кыргыз элинин тарыхын, андагы баалуу мурастарды, кыргыз жеринин өзгөчөлүгүн, кооздугун, көчмөн элдин тоо жериндеги кооздукту баалай билүүгө болгон артыкчылыгын аңдаштыруу жетишүү максаты – окуучунун маданиятын, маданий билим деңгээлинин жетилишин же маданий мурастардын алкагында билим алуусун калыптандыруу болуп саналат. Мугалим Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларын окуучулар менен бирдикте сабакта талдоодо төмөнкүдөй кырдаалдарга токтолгону да жөндүү болуп саналат. Биринчиден, анын чыгармаларынын философиясын ачып көрсөтүүсү, б.а., "Тар заман" менен бирге, замана ырларынын мазмунун ээлеп турган чоң сүрөткерлик чеберчилигин, көркөм сөздүн күчү менен берген чеберчилигин окуучуларга жеткирүүсү. Экинчиден, дүйнө таанымы боюнча окуучулардын айрымдары туура эмес кабыл алып, карама-каршы позицияда турса да, мугалим акындын бул багыттагы чыгармаларын, замандын катаалдыгын эл сезимине жеткирүүдө ордун ачып көрсөтүүсү зарыл. Ошондуктан, ал замандаштарынын делебесин козгой алгандыгын – акындын ыр саптарынын эстетикалык күчтүлүгүн аныктоо, алар аркылуу сабактарды максатына жеткирүүгө багыт алгандыгы маанилүү. Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман» чыгармасын окуп-үйрөнүүдө бул башкы орунда турууга тийиш. Ошондой эле, окуган да, укkан да адамды кайдыгер калтырбастыгын, өз мезгилинде ушул өзгөчөлүгү менен угуучулардын купулуна толуп, аны тыңдагандар зор канааттануу алгандыгын талкууга алып чыкканы маанилүү. Жана да Арстанбектин «Тар заманына» талдоо жүрүп жаткан маалда, мугалим окуучуларга слайд аркылуу акындын өзүн көрүп, ырларын өз оозунан угуп калган замандаштарынын эскерүүлөрүнөн үзүндүлөрдү келтирип, анда акындын үнү мукам, сөзү кооз жана көркөм, аткаруу чеберчилиги бөтөнчө болгондугун, күү аткарып, комуз чертүү жагынан кыргыз баласын алдына чыгарбагандыгын атасынын өз оозунан укkан Талип Байболот уулунун эскерүүсүнөн же ошол эле Талип молдонун Арстанбекке алгач Соң-Көлдөн (Сай-Көлдөн – түзүүчүдөн) жолукkандыгын, айрыкча «Тар заманды» аткарганда тыңшоочулар ыйлап отуруп укkандыгын, анын ошол мезгилдеги жаш өспүрүм Талип молдонун балалык сезимине катуу таасир калтыргандыгын, натыйжада «мурун-соңду далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум, бирок Арстанбектин ырындай кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырларды уга алган жокмун»[1]. Же болбосо слайдга Арстанбектин ырчылык дарамети, чеберчилиги өнөрлөштөрү тарабынан да жогору баалангандыгын Жеңижок ага жолугуп, улуу акындын ырчылык өнөрү жөнүндө баа берген төмөнкү саптарын да киргизсе болот:

[1] **Үзүндү алынды: Кебекова Б. Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Китепте: Арстанбек. – Бишкек, 1994, 4-бет.**

Көл башы экен Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура,
Оттой жанып көздөрү
Ой, акылы шар тура[1] -

О. э., Тоголок Молдо Арстанбектин чыгармачылыгына урмат көрсөтүп, калк арасындагы чыгармаларын аздектеп жыйнап, иликтеп, акындын нуска сөздөрүн баалап, муундан-муунга калгыдай, көөнөрбөс калк мурасына айлангандыгына салым кошкондугун, Осмонкул Бөлөбалаев Арстанбектин чыгармаларына акыл, нуска маани толгондугун, мазмуну терендигин, көркөм сөзгө чебердигин, «улаштырып сүйлөсө, оозунан шекер чубуруп», куюлушкан ыр түзүү чеберлигин, уйкаштыкты жаратууга устаттыгын белгилеген ойлорун да слайдга кошсо болот. Калык Акыевдин эскерүүлөрүндө чагылган анык даанышман ырчылыгы, өткөн менен келечекти таасын байланыштырып айткан ойчулдугу да слайдда камтылып, Арстанбек Буйлаш уулунун акындык чыгармачылыгына алгачкылардан болуп кайрылган адабиятчы Тазабек Саманчиндин «ыр чыгаруу чебердиги жагынан өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү»[2] катары мүнөздөгөн көз карашы да балдарга слайд аркылуу сунушталышы керек.

Кыскасы, мындай маалыматтардын сабакта слайд катары балдарга сунушталышы маалымдоо гана максатын көздөбөстөн, Арстанбектин чыгармачылыгы боюнча окуучуларга багыт берүү – акындын төкмөлүк, аткаруучулук мүмкүнчүлүгүнүн бийиктигин, сөзгө чебер, ойго терендигин, ырларында ойчул акын катары өз заманынын татаал турмушунда болуп жаткан көрүнүштөрдү жеткиликтүү мүнөздөгөндүгүн ар бир окуучу жеке дүйнө кабылдоосуна жараша аңдаштырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Анда Арстанбектин комузчулугу, ырчылык кудурети гана кепке алынбастан, эл ичинде аңызга айланган, «анын эки ийнинде эки периште отуруп, сайрап туруучу экен, өткөндү гана эмес, келечекти да болжоп айткан олуя, көзү ачык даанышман экен» деген ишенимдерди талдоого шарт түзүлөт. Мугалим окуучуларга кызыктуу болуш үчүн, анын казак акыны Кантарбай менен жолугушканына токтолуп, аны менен беттешмек болуп отурган ырчы да, кереметтүү адам катарында сестенип чочулагандыгын, Арстанбектин өзү да «барбардигер кудурет», «жаасы күчтүү жараткан» жаркын талант берип, жөлөп-таяп жүргөнүнө ишеними бек экендигин ырларында айткандыгын, «Периште ишим ондоду» деп, ар дайым баса белгилеп көрсөткөнүнө токтолуу менен окуучулардын талаш-тартыштарынын арасында кыстара кеткени жана анын маанисин түшүндүрүп бергени жөндүү.

Мындан тышкары, мугалим Батма Кебекованын, Тазабек Саманчиндин, ж.б. ой-пикирлерине таянып, окуучуларды конкреттүү чыгармага реалдуу баа берүүгө үйрөтүү максатын көздөөгө тийиш. Анда чыгарманын жаралуу мезгилин, калыптануу учурун, сүрөттөө аймагын «аныктап» бер-

[1] Үзүндү алынды: Кебекова Б. Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Китепте: Арстанбек. – Бишкек, 1994, 5-бет.

[2] Саманчин уулу Т. Арстанбек. // Советтик адабият жана искусство, 1941, № 6, 90-бет.

гени балдарга таасирдүү болот. Эгер мугалим чыгармага өзү талдоо жүргүзүү зарыл деп эсептебесе, анда Батма Кебекованын төмөнкү сүйлөмдөрүн слайд катары топ менен иштеп жаткан окуучуларга сунуштаганы ыңгайлуу.

«Тар заман» чыгармасы бир эле мезгилде түзүлбөстөн, болжолдуу түрдө 1852-1870-жылдардын аралыгын камтыйт. Шарттуу түрдө окуясы эки бөлүктөн турат.

1. «Орустар басып келе жатат» деген кабардан улам ырдалган ырлар. «Орус келет» деп өз алдынча да аткарылчу дешет. Кийинчерээк «Тар заманга» кошулуп, негизги окуяга өтүү алдындагы киришүү милдетин аткарып калган түрү бар.

2. Орус келгиндери, бийлик өкүлдөрү кыргыз жергесине отурукташып, жер-жерлерге пикет куруп, суулуу, оттуу жерлерди эзелеп, өз мыйзамын, саясатын жүзөгө ашырып, бийлик жүргүзгөн мезгилде өзү күбө болгон окуялардын чагылышы. Акындын кабылдоо, баамдоо мүмкүнчүлүгү, көз карашы, чеберчилиги ушул мезгилди баяндоодо ачык көрүнөт[1].

Батма Кебекованын Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган изилдөөлөрүн таркатма материал катары берсе болот. Өзгөчө көңүл буруу максатында акындын «кыл сакалы жок, кызыл өңү ток чакта» эле орустар жөнүндө кабары болгонун, ошол себептен алардын келиши менен «бир, эки деп санаган тыйын чыгып», «атасынан баласы кыйын чыгып», зайып элечегин булгалап, журт башкарып, «этеги жок, жеңи жок» чапан чыгып, алтын, күмүш түгөнүп, «кагаз акча тегеренип, пул болуп», «эки агайын бир тууган» бири-биринен акы алып, доо доолай тургандыгын айтып, аларды акыр замандын белгиси деп эсептегенин, акын катары өз доорун, ошого карата негизинен айлана-чөйрөнү андаштырууга аракеттенип, дүйнөнү таанып, өз баамын айтууга умтулганын, ал жерде турмуштук, социалдык көз карашы калыптандырууга жетишкендигин мугалим окуучулар менен бирдикте аныктоого тийиш.

Калыгул Бай уулунун чыгармачылыгын окутуудан айырмаланып, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган сабактарда адабият мугалими Тазабек Саманчиндин «Арстанбек»[2], Акындардын чыгармачылыгын антологиясы катары жарыяланган «Мурас»[3] жыйнагын, Батма Кебекованын «Арстанбек», «Арстанбек Буйлаш уулу»[4], ж. б. ушул сыяктуу изилдөөлөрдү колдонушу зарыл деп эсептейбиз. Анда Арстанбек Буйлаш уулунун таланты көп тармактуу болгондугун, чыгармалары жанрдык жана мазмундук жагынан бай экендигин, ырлары калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы менен терең байланышып, эл арасындагы маанилүү окуялар жөнүндө айткан ой толгоолору укkан адамды кайдыгер калтырбагандыгын мугалим окуучуларга аталган адабий

[1] **Кебекова Б. Арстанбек Буйлаш уулу. – Китепте: Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. I китеп. – Бишкек, «Турар», 332-333-беттер.**

[2] **Самавчин уулу Т. Арстанбек. // Советтик адабият жана искусство, 1941, № 6, 90-101-беттер.**

[3] **Мурас. / Түзгөн М.К.Абдылдаев/ - Фрунзе, Кыргызстан, 1990, 35-36-беттер.**

[4] **Кебекова Б. Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Китепте: Арстанбек. – Бишкек, 1994, 3-22-беттер**

изилдөөлөрдөн алынган таркатма материалдар аркылуу жеткиргени оң. «Арстанбекти көрүп, ырларын өз оозунан угуп калган замандаштарынын эскерүүсүнө караганда үнү мукам-кооз, аткаруу чеберчилиги бөтөнчө артык болуп, комуз чертүү жагынан адам баласын алдына салбаган, чыгаан комузчу аталгандыгын»[1] жогоруда сунуш кылынган адабий изилдөөлөр аркылуу билүүгө тийиш. Маселен, Арстанбек Буйлаш уулунун ырлары менен «Тар заман» чыгармасын окутууда ар бир сабакты кыргыз адабияты боюнча окуу программасына кирген Орхон–Эне-Сай жазма эстеликтери, ошондой эле, жалпы түрк адабиятындагы орток мурастары – Жусуп Баласагындын, Махмуд Кашкарлыктын чыгармалары менен байланыштыруурга умтулдук. Анткени, адабий-теориялык түшүнүктөргө салып, кеп кылганда, аталган чыгармаларды Батыш адабияты аркылуу келген адабий-теориялык нормаларга «баш ийдирүү» мүмкүн эместиги ачыкка чыгып отурат. Ошондуктан жаңычылдыкка аракеттенүүдө – биз окуучуларга көркөм чыгарманы талдап түшүндүрүү учурунда – бардык түшүнүктөрдү мына ушул багытта берүүгө умтулдук жана практик мугалимдерден дагы мына ушул багытта иш алып барууну талап кылганыбызды жокко чыгара албайбыз.

Ушундай эле мамилени Арстанбек Буйлаш ырлары менен «Тар заман» чыгармасын окутууда эле эмес, байыркы мезгилден XIX кылым бүткөнгө чейинки кыргыз адабиятынын көркөм мурастарын талдаган учурда да пайдалануу маанилүү деп эсептейбиз. Тактап айтканда, легендага айланган Токтогул, Кет Бука, Асан Кайгы ж.б. эл оозунда айтылып келген чыгармаларын, Молдо Нияз, Молдо Кылычтын жазма мурастарын, Калыгул Бай улуунун, Арстанбек Буйлаш уулунун калк арасында ооздон оозго өтүп, жашап келген адабий көркөм дөөлөттөрүн адабият таануу илиминде аксиома катары каралып келген, мурдагы – орус адабияты аркылуу кирген же Батыш адабиятында «иштелип чыккан» адабий-теориялык нормалардын алкагы менен анализдөө аракеттери азыркы кыргыз адабиятын окутуу процессинде башталгандыгын да белгилей кетүүгө тийишпиз.

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата республикалык илимий-практикалык конференцияда жасаган кошумча баяндамасы)

Батма Кебекова,
филология илимдеринин кандидаты

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ
(1824-1878)

Арстанбек – XIX кылымда жашаган кыргыз ырчыларынын эң көрүнүктүү өкүлү, чыгармачылык багыты жана мазмуну боюнча нускоочулардын тобуна кирет. Калк аны булбул атап, зор урмат көрсөткөн. Кыргыз адабияты, маданиятынын тарыхында зор из калтырган. Өз чыгармачылыгы менен замандаш жана кийинки (XIX кылымдын аягы, жыйырманчы кылымдын башы) төкмө

жана жазгыч акындарга, ырчы, комузчу, күүчүлөргө зор таасир тийгизген. Тилекке каршы, Совет бийлиги мезгилинде (айрыкча 40-жылдардын аягынан баштап) Арстанбектин чыгармачылыгы бир жактуу бааланып, айрым патриархалдык-феодалдык доордун идеологиясын жактаган көз карашы өтө коюуланып, эскичил ырчы катарында чоң саясий айып жүктөлүп, жарым кылым убакыт изилдөө, иликтөө алкагынан четтетилип келди. Ошонун кесепетинен ырлары убагында жыйналбай, болгону да жарык көрбөй, адабий мурасынын бөксөрүшү жана музыкалык мурасынын толук колго тийбей, негизинен фольклордук маанайда ауыз сөз болуп калышы өкүндүрбөй койбойт. Табигый түрдө акындын чыгармачылыгы өз учурунда да туура баасын албагандыктан, кыргыз адабиятынын тарыхында да реалдуу ордун ээлебей калган. Бирок калк акыйкатчыл жана калыс эмеспи, Арстанбек канчалык ургу-бергиге алынса да, эл эсинен өчкөн жок, тескерисинче олуя, көзү ачык деп, ыйык тутуп, анын акындык дараметин, комузчулук өнөрүн, күүчү-обончулугун, аткаруучулук чеберчилигин жогору баалап, ооздон оозго өткөрүп, камкордук менен сактап келди.

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба,
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын,
Айтылып калса калкымда,

Арстанбек неге карысын[1] –бул акындын өлөр алдында керээзин угуп, өзү менен коштошкону келген агайын-тууган, шакирти Солтобайга жана журт билермандарына айткан акыркы сөзү экен. Бүгүнкү күндө акындын көксөгөн тилеги, мүдөөсү кечигип болсо да орундалды. Эгемендүүлүккө ээ болгон кыргыз калкы арадан эки кылымга жакын убакыт өтсө да эсинен чыгарбай, ырчылык дараметин аңыз кылып, аздектеп келе жаткан улуу инсандын, ырды кара жамгырдай нөшөрлөткөн төкмө, чыгаан комузчу, ырчы, обончу, күүчү, чебер аткаруучу, көп тармактуу көркөм өнөрдүн башын бириктирип, синкреттик искусствонун туусун бийик көтөргөн ойчул, нускоочу Арстанбек Буйлаш уулунун туулган күнүнүн 170 жылдыгын (19994-ж.) чоң салтанат менен белгилеп, Нарындын кире бериш жеринде эстелик тургузду.

Арстанбек 1824-жылы эки Нарын ортосунда, Ийри-Сууда Буйлаш бийдин токолу Төрөкандан төрөлүп, 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Чычканда каза болот. Сөөгү Жуукунун үстү Таш-Кыя бейитине коюлат. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан. Таланты ар кылдуу, чыгармачылыгы көп тармактуу. Жанрдык, мазмундук жагынан бай жана ар түрдүү. Калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы жөнүндөгү терең ой толгоолору адамды кайдыгер калтырбайт. Ушул өзгөчөлүгү менен угуучулардын купулуна толуп, укандар зор канагаттануу алган. Арстанбекти көрүп, ырларын өз оозунан угуп угуп калган замандаштарынын эскерүүсүнө

[1] **Арстанбек (ырлар жыйнагы). – Бишкек, 1994. 22-бет. Түзгөн жана басмага даярдаган Б. Кебекова (ырга шилтеме ушул жыйнак боюнча берилет).**

караганда үнү мукам-кооз, аткаруу чеберчилиги бөтөнчө артык болуп, комуз чертүү жагынан адам баласын алдына салбаган, чыгаан комузчу аталган. Акынды бир нече курдай көрүп, атасы Буйлаш жана бала чагы тууралуу баяндаган аңгемесин өз оозунан уккан Талип Байболот уулу Арстанбекке улгач Соң-Көлдөн (Сай-Көл-түзүүчүдөн) жолугуп, айрыкча "Тар заманды" аткарганда тыңшоочулардын жалпы ыйлап отуруп угушу – жаш өспүрүмдүн балалык баёо эсинде түбөлүк өчпөс из калтырат. Күн кечтеп, кара жамгыр нөшөрлөп, кой-козу маарап, теребелдин кыймылга келиши да отургандарды ордунан козгой албагандыгына күбө болот. "Мурун-соңду далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум -дейт, Талип Байболот уулу – бирок Арстанбектин ырындай кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырларды уга алган жокмун".[2] Атбашылык Калча карыя да (ал 1935-жылы каза болот) "Ырды төгүп-төгүп жибергенде ыйлап эле жаткан жандар болду"[3]-деп эскерет. Арстанбектин ырчылык дарамети, чеберчилиги өнөрлөштөрү тарабынан да жогору бааланган. Жеңижок 1870-жылдардын ... ченинде издеп барып, Каркырадан жолугуп, улуу акындын ырчылык ... жол-жобосу, сөз кадыры жөнүндө айткан нускасын угуп:

Көл башы экен Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура,
Оттой жанып көздөрү,
Ой, акылы шар тура-деп, көңүл төрүнөн түнөк берсе, Тоголок Молдо калк арасындагы чыгармаларын аздектеп, иликтеп жүрүп, акындын нуска сөздөрүнүн кылым карыта, муундан муунга, атадан балага өтүп, көөнөрбес калк мурасына айлангандыгын баса белгилейт. Осмонкул ырчы Арстанбектин чыгармаларынын акыл, нускага толгон терендигин, сөзгө чебердиги "уйкаштырып сүйлөсө, оозунан шекер чубуруп" куюлуп, уйкаштыкка устаттыгын белгилеп келип, өткөн-кеткенди жана келечекти таасын айткан ойчул катарында мүнөздөйт. Калык "анык даанышман ырчы"-деп, жогору баа берет. Акындын чыгармачылыгына алгач көңүл бурган Тазабек Саманчин Арстанбекти "ыр чыгаруу чебердиги жагынан өзүнө доордош акындардын баш үлгүсү"[4] катарында мүнөздөгөн.

Кыскасы, бардык маалымдоочулар Арстанбекти көргөн да, көрбөгөн да, мурунку, кийинкилер да төкмөлүк, агартуучулук мүмкүнчүлүгүнүн бийиктигин, сөзгө чебер, ойго терең, ойчул акын катарында мүнөздөшөт. Арстанбектин кошуучулук өнөрү, ырчылык кудурети эл ичинде аңызга айланган. Анын эки ийининде эки периште отуруп, сайрап туруучу экен, өткөндү гана эмес, келечекти да болжоп айткан олуя, көзү ачык даанышман экен деген ишеним бек сакталган. Казак акыны Каңтарбай менен жолугушкандагы фактыга караганда, аны менен беттешмек болуп отурган ырчы да кереметтүү адам

[2] Б. Кебекова. Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Бишкек: Илим, 1994. 4-бет.
[3] Ошондо, 5-бет.
[4] Тазабек Саманчин уулу. Арстанбек. Советтик адабият жана искусство журналы, 1941. №6. 90-101-беттер.

катарында сестенип, чочулагандай түрү бар. Арстанбектин өзү да "барбардигер кудурет", "жаасы күчтүү жараткан" жаркын талант берип, жөлөп-таяп жүргөнүнө ишеними бек көрүнөт. Ырында "периште ишим ондоду"-деп, ар дайым баса белгилеп отурат. Жеңижок менен жолукканда атайылап өзүн издеп келген жаш өнөрлөшүнө олуттуу көңүл бөлүп, анын ырчылык дараметин, чыгармачылыгынын күчтүү, тайкы жагын таразалап, талдай келип:

Аттиң, балам, Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт деди,
Эгемдин берген белгисин,
Айтпай коёр эрким жок.
Көксулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың,
Артыңдан бала ээрчибей,
Көңүлүң толуп телчибей,
Бир ташы кем, шум дүйнө,
Арман толор ичиң чок[5] –деп, келечекте жаш үй-бүлөнүн башына түшө турган бактысыздыкты көзү ачыктык менен алдын ала билгендиги таң кала турган көрүнүш.

Кыскасы, калк булбул атаган сүйкүмдүү ырчысынын чыгармачылыгына, адамдык турпатына бекеринен легендарлык мүнөз берген эмес. Анткени Арстанбектин оозеки түрүндө бизге жеткен азыноолак чыгармаларынан эле калк кыялында аңыздык деңгээлге көтөрүлгөндөй бийик, тереңдик, акылмандык, көрөгөчтүк, нускоочулук жана айтыш өнөрүнүн ири устаты экендиги көрүнүп турат.

Акындын чыгармаларын жыйноо маселесине 20-жылдары көңүл бурулуп, 1922-жылы Каюм Мифтаков Каракол жана Нарын уезди[illegible] бир басма табакка жакын материал жыйнап келип, Академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн, али да сакталып турат. Албетте, ушул азыноолак ырларга таянып, Арстанбектей чоң акындын чыгармачылыгына бир бүтүм жасоо же жыйынтык чыгаруу мүмкүн эмес болуучу. Анткени, анын чыгармаларынын чордону эсептелген "Тар заман" да үзүндү түрүндө колго тийген, көптөгөн санат, термелери белгисиз бойдон калган. Айтыштары тууралуу бир да материал жок болуучу. Арстанбектин өмүр баянындагы маалыматтардын арасынан чындыктан четтеп кеткендери да орун алган. Баарынан өкүнүчтүүсү жарым кылым ушул гана чыгармалардын негизинде катуу сындалып, иликтөөгө тыюу салынып келди. Ал эми портреттик мүнөздөмөсүнүн автору тарабынан 1993-жылы Ка-

[5]Арстанбек. 135-бет.

бай Абдыракманов 1933-34-жылдары жазып калтырган араб, латын алфавитиндеги кол жазманын табылышы – Арстанбектин чыгармачылыгынын бүдөмүк көп жактарын ачууга, б.а. анын кара ырчы-санатчы-нускоочулугун, айтышта адамды алдына салбаган ири устаттыгын, коомдун, турмуштун, ата-бабалык нарк-нускасынын, адеп-ахлактын ар кандай жагына, келечекке көз чаптырган ойчулдугун, көркөм сөздүн чебери экендигин аныктоого, чыгармачылык өмүрүндөгү ар кандай кырдаалдарды тактап, өз заманындагы өнөрлөштөрү менен карым-катышы, кыдырган эл-жери, көргөн ырчы-комузчулары жана акындын социалдык көз карашы, турмуш-тиричилик баамы, ырчылык көрөңгөсү жөнүндө толугураак түшүнүк алып, жалпы сөз эмес, конкреттүү фактыларга таянып, реалдуу ой жүгүртүүгө мүмкүндүк түздү.

Арстанбектин ырчылыкка болгон шыгы эрте, бала кезинен эле байталат. Ырчылыкты самап, өңүндө да, түшүндө да түйшөлүп, делебеси козголот. Ырчыларга таандык салттуулуктан ал да куру эмес. Болочокку акын бир күнү түш көрөт. Түшүндө эки өркөчү эки баладай ак төөгө минип, боз чепкен кийип, Ак-Дөбөнүн үстүнө чыгып, колуна ак комуз алып, ырдап отурган болот. Эртеси атасына барып, түшүн жорутат. Буйлаш тирикарак баласынын өзү сыяктуу эл башкаруу жагына ыкташын каалап, анын ырчылыкка шык коюшун жактыра бербесе да, бир жакшы комуз чаптырып берет. Анын алгач кимден таасир-таалим алгандыгы жөнүндө маалымат жок. Бирок Арстанбектин балалык курагы "бий үйүндө, бий баласы" катарында тайранда өтпөй, салбар энесинин колунда кой, козу кайтарып, койчу-колондун арасында жашагандыгы – анын чыгармачылык өнөрканасынын реалдуу турмуштун нугунда калыптангандыгына өбөлгө түзгөн көрүнөт. Аны төрт түлүк малдын пайдасы, тамактын таттуусу, кийимдин жакшысы жөнүндө айткан алгачкы чакан санатынан[6] байкоого болот. Акын буларга карапайым адамдардын критерийинен туруп баа берет. Кантсе да Арстанбектин 16 жашында Кокон хандыгы кыйыктап, саркерлерин жиберип, айдаттырып кеткен атасы Буйлаш жана тынымсейит билермандарынын артынан Анжиянга барып, Ордо бектеринин астында ырдап, купулга толушу туткундарга гана эмес, өзүнүн жеке тагдырында, чыгармачылыгында да чоң бурулуштан болду. Ордодо алгачкы ырдаган ырынын мазмунуна караганда эле ырчылык дарамети бир топ артып калгандыгы байкалат. Ал эми Арстанбектин Кокон ордосунда бир жыл жүрүп, Маргалаң, Анжыянды аралап, түпкү Кокон ордосуна чейин барып ырдап, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип, сынакка түшүшү, дутар күүсүн комузда сайратып, тыңшоочулардын купулуна толушу – анын акындык чеберчилигинин артышындагы ири өбөлгөдөн болгон. Ушул аралыкта ал өз чыгармачылык өнөрканасын ыр, күү менен гана байытпастан, сезимтал акын жер шартынын кооздугуна, калктын каада-салтына, турмуш-тиричилигине кылдат байкоо салып, элдин жашоосунун оор жактарын, муктаждыгын туура талдап, реалдуу ой жүгүртүүгө үлгүрөт. Буга Анжыян жөнүндө айткандары ачык күбө:

[6] **Арстанбек (жыйнак). 100-101-беттер.**

Атын укчу Анжыян,
Ар жеринде бир жыйын.
Мөмө, жемиш төгүлүп,
Берекеси мол экен.
Пулдун күчү зор экен,
Пулу жок жарды бечара,
Чынында эле кор экен.

Ошондой эле "жарты нанды белине түйүп", "кол куушуруп ийилип" оокат кылган жармачтардын көптүгүн, ырчылык өнөрдүн бөксө жактарын да баамдайт.

Арстанбектин чыгармачылык өмүр жолу кыргыз тарыхынын кыйын кезеңдерине туура келет. Алсак, 1740-жылда негизделген Кокон феодалдык мамлекетинин бийлиги 1830-жылдардан баштап кыргыз жерлерине да кеңири жайылып, Кыргызстан аймагынын мерчемдүү жерлерине чептерди куруп, аларга өздөрүнүн башкаруучуларын дайындап, саркерлер (кошун) менен камсыз кылып турушкан. Алык-салыктын түрү чексиз көбөйүп, эгин-тегин, козукой, бодо малдан баштап, ордо кыз, кыл куйрук делип, кыз, уландардын башына чейин жеткен. Каршылык кылгандарды зынданга салып, өлүм жазасын кеңири колдонуп, калкты өтө катаалдык менен бийлейт. Алардын жапайы кылык-жоругунан жана ашкере ачкөздүгүнөн жабыркаган эл көз карандылыктан кутулуу үчүн тынымсыз каршылык көрсөтүп турат.

Арстанбектин Кокон бийлиги жөнүндө ырдаган ырлары бизге толук жеткен жок. Бирок ошол азыноолак ыр түрмөктөрүнөн эле анын Кокон бийлигинин маңызын калктын сезимине жеткире алган чебер ырчы экендиги көрүнүп турат:

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Азаматтын мойнуна,
Аябаган бүлүктү –
Салып турат кокондук.
Айгыр ат менен атан төө,
Алып турат кокондук.
Каарына алганда –
Бели катуу эрлерди,
Жарып турат кокондук.

Дегеле Кокон бийлигинин үстөмдүгү учурунда хан ордосуна жөнөтүлгөн жаш кыздардын тагдыры бөтөнчө аянычтуу эле. Кыргыз фольклорунда алардын муң-зары, арман ырларынын өзүнчө чоң тобун түзүп, угуучулардын ички сезимин козгойт. Буга Барпыжан, Топу, Меке аттуу кыздардын жана Кашкарга оокат издеп кетип келгенче, зайыбы Толгонайды Кокон беги Исабекке алдырып ийип, жер сыйпалап отуруп калган Андаштын арманы ачык мисал. Арстанбектин ар кыл мүнөздөгү ырлары калктын ой-мүдөөсүн чагылдыштырып, тикеден

тике алардын материалдык муктаждыгын, саясий укугун коргоого алат. Акындын ырларында журттун бейкутчулугу сыяктуу эл ан-сезиминде түнөк кылган түбөлүктүү идеялар көтөрүлөт. Өзүнүн ырындагы фактыларга жана оозеки маалыматтарга караганда, Арстанбек Кокон хандыгында кадырлуу жүрүп, калкка чоң аброй алып кайтат. Энеси күндүктөн, "салбар" деген аттан кутулуп, чоң үй менен бирге көчүп жүрүү укугуна ээ болот. Ордо ханы, даткалар менен туздашдаамдаш болуп, сыйдын үстүндө жүргөндүгүнө, үйүр жылкы айдап, чоң олжо менен кайткандыгына карабастан, өчпөс өчү, кетпес кеги ичинде кала берет. Калктын каржалып, салык төлөп турушуна, материалдык, моралдык жагынан кысымга учурашына күбө болуп, зээни кейип, жаны ачыган Арстанбек Кокон бийлөөчүлөрүнүн жер соорусу Караколго келип, отурукташып сайран кургандыгына жаны күйүп, көкүрөгүн тээп, көөдөнүнө батпай турган ачуу ызасын, ордого болгон жек көрүүсүн төмөнкү төрт сап ырга эле батырып берет:

Кокондук алды көлүндү,
Кокуйлатты элинди.
Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды.

Ушундан эле анын ыр жаратуудагы чеберчилиги ачык көрүнүп турат. Оозеки маалыматтарда Кокон хандыгы Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөңдө чептерди куруп, Көл өрөөнүнө бийлигин кеңири жайылтат. Арстанбектин ырында баяндалгандай, "Сарт жыйылып, даң салып, Караколго там салып" отурукташын, эриккенде пул сайып, кумар ойноп, кыргыз бийиндей санат күтүп, катарлаша бастырып, ыйык жерди тебелеп, сайран курушун сезимтал акын оор кабыл алат. Ошондуктан, анын Кокон бийлөөчүлөрүнө:

Аргымагын кекейтип,
Көк чапанын тепейтип,
Кокондуктун кордугу,
Ашкере өттү зордугу-деп, таамай берген мүнөздөмөсү калктын калың катмарына тарап, эл оозеки чыгармачылыгына сиңген.

Кыскасы, акындын өмүрүнүн күрдөөлдүү учуру ушул мезгилге туура келет. Анын жаш кезинде ордодогу адамды койчо мууздоо сыяктуу жапайычылыкты, бийлик башчыларынын арасындагы ар кандай тымызын сөз жүгүртүп, араздашууларды, ач көздүк, зордук-зомбулукту, айрыкча ордо кызы, кыл куйрук болуп, барымтага барган өзү куруктуу улан-кыздардын кайгылуу тагдырына күбө болушу – калктын тагдыры, социалдык ал-абалы, келечеги, Кокон бийлигинин маңызы жөнүндө ойлонуп, жыйынтык чыгарууга өбөлгө түзөт. Кийинки тарыхый жагдайларга, колониялык бийликтин күч алышына, салыктын түрлөрүнүн көбөйүп, калктын каржалышына байланыштуу акындын ырларынын объектиси кеңейип, мазмуну, социалдык маңызы терендеп, замана-заңы жөнүндөгү баамдоосу артат. Бизге келип жеткен ырларына караганда, Арстанбек Кокон хандыгы калкты моралдык, материалдык жактан жакырдантуудан башка кыргыздарга жакшы нерсе алып келбестигине көзү жеткен өндүү. Натыйжада, Кокон бийлөөчүлөрүнө карата акын тарабынан берилген:

Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм так чакта,
Кыл сакалым жок чакта.
Козуга бала чоң эле,
Кокондук бизге кор эле.
Токунганын карасаң,
Жекенден кылган чом эле.
Бутундагы өтүгү –
Аяккаптан зор эле.
Кончунан чыккан кычысы,

Кой тойгондой шор эле-деген мыскылдуу портреттик элестер жана мүнөздөмө, сыпаттоолор алардын кылык-жоруктарына, кулкмүнөзүнө шайкеш келип турат.

Арстанбек – чоң арымдагы нускоочу акын. Анын чыгармачылыгында калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы, келечеги негизги темадан болуп, акын турмуштагы, коомдогу, жаратылыштагы бул же тигил көрүнүштү кабыл алуу, баамдоо деңгээлине жараша ой жүгүртүп, өз доорунун орчундуу проблемаларын, коомдук-социалдык маселелерин козгойт. Айрыкча моралдык, материалдык жагынан кысымга учураган эл тагдыры жана жер тагдыры өтө курч көтөрүлөт. Акындын ырларында элдин жүрөгүн өйкөп, көңүлүн чөгөрүп, тынчсыздандырып турган өз мезгилинин орчундуу маселелери бир топ реалдуу чагылдырылган. Арстанбектин калк тарабынан жогору бааланып, эл эсинен, көңүл төрүнөн түбөлүк орун алып, уялашынын бирден бир себеби ушул. Замана-заң жосуну, Кокон бийлиги, айрыкча падыша өкмөтүнүн колониячыл саясаты туурасындагы ырлары тыңшоочуларга күчтүү таасир эткен. Эл жогорку мазмундагы ырларды тегиз тунжуроо менен көздөрүнө жаш алып, зор ынтаа коюп угушкан.

Ыгым-чыгымды, өлүм-житимди көбөйтүп, ансыз да каржалып турган калкты чегине жеткире мөгдүрөткөн бугу, сарбагыштардын согушу да Арстанбекти кайдыгер калтырган эмес. Өлгөндүн өчүн, кеткендин кегин алып, бири-бирине ыдык көрсөтпөй, бир тууган эки элдин тынчып калышын көксөйт. Ормон манап бугуларга колго түшүп, 1854-жылы өлтүрүлгөндө, Эсенкул тукуму бугуну үч айлантып чапмакка калкты бүлүнтүп калганда, чатакты ырбатпай, эки элди ынтымакташтыруу максатында сарбагыштарга төмөнкүчө кайрылат:

Жыгач болсо табылар,
Кийиз болсо жабылар.
Ой, сарбагыш туугандар,
Бугуну үч бүлүнтсөң,
Эсенкулдун Ормону –
Эми кайдан табылар?
Чабуулдан бугу өлчү эмес,
Ой, сарбагыш туугандар,
Эсенкулдун Ормону –
Тирилип кайра келчү эмес.

Ал уруу чатагы ансыз да жик-жикке ажырап, ыдырап, алсызданып турган кыргыз коомчулугу үчүн оор жоготуу жана катуу кайгы экендигин айра түшүнөт. Өз ырында Ормондун өлтүрүлүшү менен "акылдан шашып", "атанга жүгүн артып", "Анжыян көздөй качып", качкан эл мал-жанынан ажырап, кыргынга учурап, айласын таба албай алдастап, бугулардын башынан өткөргөн окуяларын реалдуу чагылдыштырат.

Уруш-талаштан жаратылыш да жабыркайт, жер томсоруп, табигый көркүнөн, ажарын ачкан сулуулугунан ажырап, суйдаң тартат. Жер эне да өз үстүндө бейкутчулукта жашаган адамдар, жан-жаныбарлар, жандуу тиричилик менен көркүнө чыгат. Бул идея төмөнкү ыр түрмөктөрүндө ачык мүнөздөмөгө ээ болгон.

Үч-Кайыңды, Богошту,
Үстүндө элиң барында,
Сени – келин менен кыз ашты,
Сени – кара менен көч ашты.
Үстүндө элиң кеткен соң,
Сени – шамалдан башка ким ашты?

Кыскасы, акын өз ырларында уруулардын ынтымагын, бейкутчулук турмуштун салтанатын поэтизациялайт. Аны өз учурундагы көчмөндүү кыргыз турмушунда бирден бир романтикада болуп көрүнгөн кыз-келиндер кызыл-тазыл кийинип, жигиттер шайдоот тартып, жабдыгы келишкен жарашыктуу ат минип, байбичелер көркүнө келтире ак элечек оронуп, алдыларына турмуштун жаман-жакшысы жөнүндө түшүнүгү жок болбураган, бейкапар наристелерди өнөрүп, бөтөнчө шаан-шөкөт, кооздук менен жолго чыккан кыргыз көчү менен символдоштурат. Жогоруда келтирилген ыр түрмөгүнөн анын нукура таланттуу акын экендиги айдан-ачык көрүнөт. Образдары бай, сүрөттөө элестери өтө таамай. Арстанбек өз ырларын кыска жана курч айтып, ага чалкыган терең ойду, кайнаган сезимди батырат. Анын поэзиясынын жагымдуу касиеттеринин бири сөздүн кыскалыгында, тактыгында, ойдун терендигинде турат.

Арстанбектин ырларынын мазмунуна караганда, бир канча жылга созулган бугу, сарбагыштардын чабышында, айрыкча Ормон хан өлгөндөн кийин бугу элинин тынчы кетип, бир даары Анжыян, Кашкарга качып, бир катары Текес-Жылдызга агылат. Акын элдин бейкутчулуктан ажырап, туш-тушка кетип, жер которуп, оор түйшүк тартышына, чачырап, биримдигин жоготушуна катуу кайгырып, коңурсуп, саз жыттанган Коңур-Өлөң, Ала-Баш жерин, калктын көңүлүн сергитип, чалкып жаткан көлүн таштап, кошулган малын жоготпос, коңур бугу элибиздин көбү кайда?-деп, суроо салып, жоктой келип, калк башына түшкөн кайгылуу тагдырды төмөнкүчө таасын тартат:

Элибизден ажырап,
Элик болуп турабыз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болуп турабыз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болуп турабыз.

Жогоруда акындын уруш-талаштын кесепетинен тукулжурап турган бугулардын оор абалын алты сап ырга батырып бере алган чеберчилиги көрүнүп турат. Албетте, Арстанбектин Кокон бийлиги, бугу, сарбагыштардын чатагы учурунда ырдаган ырлары толук бизге жетти деп айтуу кыйын. Бирок ошол азыноолак ырларынан эле доордун реалдуу картинасын түзгөндүгү ачык көрүнүп турат. Акын кыргыз турмушундагы кыйын кезеңди жалпылай келип, көркөм сөздүн күчү менен образдуу түрдө калк сезимине жеткирет. Анын жогоркудай ырлары ооздон оозго өтүп, авторлугун жоготууга баш коюп, эл оозеки чыгармачылыгына сиңип кетиши бекеринен эмес, калктын ой-мүдөөсү жана турмуш чындыгына шайкеш келиши менен түшүндүрүлөт.

XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын жарымында кыргыз коомчулугу саясий-экономикалык оор жагдайды башынан өткөрүп турган. XVIII кылымдын ортосунда Цин империясы тарабынан Жунгар мамлекетинин талкаланышы менен айрым түндүк уруулары негизинен XVIII кылымдын аягына чейин да Кытай империясына көз каранды болуп келген. Ал эми Циньцзян провинциясы менен чектеш жашаган черик, чоң багыш жана бугу уруусунун бир бөлүгүндө Түндүк Кыргызстан Россияга кошулганга чейин да алардын таасири күчтүү болгон[7]. 1770-жылдары казак ханы Аблай хандын Орто-Жүздө өз бийлигин бекемдеп, андан ары аны Улуу-Жүз жана түндүк кыргыздарына жайылтуу максатында Талас жана Чүй өрөөнүнө кол салышы менен кыргыз, казактардын ортосунда катуу кагылышуулар жүрөт. Ошондо сарбагыш ичиндеги тынайдын бийи Атаке өздөрүн казак султандарынын чабуулдарынан калкалап калуусун өтүнүп, Россияга өкүлдөрдү жиберет[8]. Арстанбек жашаган мезгилде Кокон ордосу менен да мамиле курчуйт. Айрыкча Ысык-Көл кыргыздарынын Мадали-хандын мезгилинде катуу бекемделген Кокон бийлигин ыдыратып, курган чептерин талкалап, алык-салыкка келген адамдарын кубалап, катуу каршылык көрсөтүшү – алардын Ордо менен мамилесинин бузулушуна түрткү болуп, Кокон хандыгы кандайдыр бир ыңгайлуу учурду күтүп, катуу тирешүү жүрүп турат. Ошондой эле кыргыздардын коомдук түзүлүшүндө уруу, уруктук жиктешүү кеңири жайылып, табигый түрдө патриархалдык түзүлүштүн жол-жосуну, мыйзамы өкүм сүргөн. Мындай шартта уруу, уруктардын чыр-чатагы ырбап, солто, сарбагыш, саяк, бугу болуп, чабышып турат. Ал эми сарбагыш менен бугулардын бири-бирин талап, эр өлтүрүп, 2-3 жылга созулган согушу калкты катуу каржалтат. Айрыкча Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин бугу элинин чабылып-чачылып, катуу тукулжураганын жогоруда белгилеген элек. Мындай тарыхый кырдаалда, 1844-жылы сарбагыш уруусунун билерман-дары Жантай, Ормон, солтодон Жангарач өздөрүнө караштуу түтүнү менен Россиянын карамагына кошууну өтүнүп, падыша өкмөтүнө кайрылышат[9]. Ушундай эле кайрылуулар 1851-жылы Боромбай, Ажыбек, Жантай,

[7] **Джамгерчинов Б. Очерк политической истории Киргизии XIX века. Фрунзе: Илим, 1986. стр. 19.**

[8] **Ошондо, стр. 24.**

[9] **Ошондо, стр. 113.**

1853-жылы Ормон тарабынан да болот[10]. 1855-жылдын январында ысыккөлдүк кыргыздар Россия империясынын карамагына өтөт. Натыйжада, кыргыз жергесинде колониялык бийликтин орношун тездеткен жагдайлар, өбөлгөлөр түзүлөт. Бул жөнүндө Боромбайдын керээзинде, Арстанбектин журт башчысы менен коштошуусунда ачык маалымат сакталган. Анда акын "Ормон хандын зарпынан" Боромбайдын орустарды баштап келип, "паашага жагып", калкты тынчытуу, "кышы жылуу, малга жай", "жери суулуу, данга бай" Чычкан, Дарканга отурукташтыруу максатын көздөгөндүгү баяндалат. Арстанбектин керээзиндеги:

Орус келет дегенде,
Зарлап ыйлай баштадым,
Журт башына жакпадым-деген маалыматка караганда, бул маселе боюнча Боромбай экөөнүн ортосунда пикир келишпестик болгон көрүнөт.

Акындын "Тар заманы" кыргыз тарыхынын ушул мезгилин баяндайт. Шарттуу алганда ар кандай мазмундагы санаттын жыйындысын түзөт. Өзүнө таандык обону, комуз күүсү, аткаруу манерасы, кайрык-кайталоолору бар. Бирок форма жагынан дидактикалык чыгармага окшоп турганы менен, өз алдынча жанрдык өзгөчөлүккө ээ. Бекеринен "кара ыр" аталып жүрбөсө керек. Санат, терменин чегинде калбастан, мазмуну, камтыган объектиси кеңири, замана заңы, калктын келечеги сыяктуу коомдук, социалдык маселелерди козгоп, терең ой жүгүртүшү менен айырмаланып турат. Дегинкиси, Асан Кайгынын философиялык мазмундагы ой толгоолоруна үндөш. Ошондуктан, поэтикалык толгоо же толгонуу атоо чыгарманын ички маңызына, мазмунуна туура келет.

Кантсе да Арстанбектин чыгармачылыгынын күрдөөлдүү, көркөм өнөрдүн эң бийиктикке көтөрүлгөн учурун падыша өкмөтүнүн бийлиги кыргыз жергесине орногон мезгилде жараткан чыгармалары түзөт. Алсак, "Тар заман" – акындын турмуштук жана социалдык көз карашынын жыйындысы, автордун өз позициясы. Ошондуктан, ага реалдуу баа берүү зарыл. Чыгарманын түзүлүү, калыптануу аймагы бир топ узак. Ал бир эле мезгилде түзүлбөстөн, болжолдуу түрдө 1852-1870-жылдардын аралыгын камтыйт. Шарттуу түрдө окуясы эки бөлүктөн турат.

1. Орустар басып келе жатат деген кабардан улам ырдалган ырлар. "Орус келет" деп, өз алдынча да аткарылчу дешет. Кийинчерээк "Тар заманга" кошулуп, негизги окуяга өтүү алдындагы киришүү милдетин аткарып калган түрү бар.

2. Орус келгиндери, бийлик өкүлдөрү кыргыз жергесине отурукташып, жер-жерлерге пикет куруп, суулуу, оттуу жерлерди ээлеп, өз мыйзамын, саясатын жүзөгө ашырып, бийлик жүргүзгөн мезгилде өзү күбө болгон окуялардын чагылышы. Акындын кабылдоо, баамдоо мүмкүнчүлүгү, көз карашы, чеберчилиги ушул мезгилди баяндоодо ачык көрүнөт.

[10] Ошондо, стр.138.

Ырларынын мазмунуна караганда, Арстанбек "кыл сакалы жок, кызыл өңү ток чакта" эле орустар жөнүндө кабардар сыяктуу. Ошондуктан алардын келиши менен "бир, эки деп, санаган тыйын чыгып", "атасынан баласы кыйын чыгып", зайып элечегин булгалап, журт башкарып, "этеги жок, жеңи жок" чапан чыгып, алтын, күмүш түгөнүп, "кагаз акча тегеренип, пул болуп", "эки агайын бир тууган" бири-биринен акы алып, доо доолайт, калаа коргон көбөйүп, жер тарыйт, кагаз жүгүрүп, эл башкарат, карагайдын башына орногон "чыны менен жүргүзгөн зымы", "алты айчалык ыраактан" алты күндө сүйлөшкөн бул капырдын сыры болот, торпок менен тананы мал тутуп, "зили түбү сактаарсың сары талааны", араба, чана минген көлүгүң болор-деп, калктын турмуш-тиричилигине, адеп-ахлагына кире турган өзгөрүүлөрдү айта келип, аларды акыр замандын белгиси деп эсептейт. Албетте, ар бир акын өз доорунун адамы, ошого карата негизинен айлана-чөйрөнү, дүйнөнү таануу баамы, турмуштук, социалдык көз карашы калыптанат. Арстанбек да жогоркудай ой жорууларына караганда, өз доорунун деңгээлинде эле ой жүгүрткөн. Бирок падыша өкмөтүнүн кыргыз жергесине орношу менен "аштык чыгар жерди, бээден тууган керди", "менменсинген эрди" алып, "ичиңден чыккан баланды солдаттыкка берип", кыргыз элин келечекте кандайдыр бир коогалаңдуу, катаал тагдыр күтүп тургандыгын реалдуу баамдап:

Кара жол кылар көлүңдү,
Эсепке алар жериңди.
Кайсаңдар сенде чама жок,
Капкандай чабар белиңди.

Ушул заман – тар заман,
Азууларга бар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап-деп, өз оюн жыйынтыктайт.

Кыргыз жергесине падыша өкмөтүнүн колониялык бийлигинин орношу менен Арстанбектин айткандарынын чындыгы аныкталгандай болду. Натыйжада ошол кездеги калк башына түшкөн кыйынчылыкты чагылыштырууда турмуштук чындык менен көркөм чындык бири-бирин коштоп, замана жөнүндөгү ой толгоолорунун негизги бөлүгүн кыргыз жергесине колониялык бийликтин орношу, өзү күбө болгон окуялар түзөт. Акын падыша өкмөтүнүн кысымынан калктын социалдык, материалдык жактан жабыркашын бир топ реалдуу талдайт. Жергиликтүү калк жайлуу конушунан, оттуу, суулуу жерлеринен ажырап, тоо-ташка сүрүлөт. Ченчи салып, жер эсебин алат, суу-сууга бекет куруп, суу башын ээлейт. "Майыры башында", "мылтыгы кашында" чиновниктерди, баш көтөргөндөрдү Шиберге (Сибирь) айдап, калктын үшүн алат. Ошондуктан "тырашманке" минем деп, майыр деген эмеси жылкыдан тандап карматып алганда, "өз малымды бергин" деп, бири да сурап барууга батына албайт. Кары-жаш дебей каттоого түшүп, мал, жан эсеби катуу эсепке алынат. Маймыл мырза Таластан кар-

малып, өлүм жазасына буйрулат. Журт кишиси Балбай баатыр Алматынын түрмөсүнөн шектүү каза табат. "Орустардын мужугу" жерди казып аңтарып, "ыплас чочкосу" жер, сууну "макирөө кылды". "Жасоолдор жардынын жалгыз атын каректап минип", "катар-катар дүрүйө кийип", бейбечараны какшатып, элге бүлүк салды. Он башы, элүү башы аталган бийлер, ыстарчын дегендер чыгып, бийлөөчүлөрдүн саны көбөйдү. Кыргыз жергеси уездерге бөлүнүп, катуу бийлик орноду, "атаңдын салган жайындай" набактылар көбөйдү, "желмогуздун сүрүндөй жасоолдору" койнуна "акча катып", эр азаматтын мойнуна насыя түштү. Орус бийлөөчүлөрү салам айтсаң, "алик жок", "шарият менен иши жок", жергиликтүү калкты басмырлап, текебердик менен мамиле кылды ж.б. Кыскасы, калк башына түшкөн мындай жагдайды акын калктын сезимине жеткире ырдоо менен тыңшоочулардын арасында аброю, атак-даңкы артты, булбул аталды.

Арстанбек замана ырын жаратууда өзүн чоң сүрөткер катарында көрсөтөт. Көркөм сөздүн күчү менен айрым маселе боюнча туура эмес позицияда турса да, өз сөзүнө калкты ишендирип, замандын катаалдыгын эл сезимине жеткирип, делебесин козгой алган. Акындын күчтүүлүгү ушунда турат. Буга бир мисал. Казак акыны Каңтарбайга ырдашында "баласы бараң аткан, кыздары кымкап кийген", "жарды, байы белгисиз", "кунан, тайы мингисиз", "кулу, бийи белгисиз" илгерки ата-бабасы жашап өткөн доорду идеализациялай келип:

Эми, баатырлары пас болду,
Балакет капыр кас болду.
Кымкап кийген кыздардын,
Тал-талдан өргөн чачтары,
Осмо койгон каштары,
Түйдөктөлүп жүн болду.
Эндик жапкан беттери,
Кызылы өчүп, боз болду,
Кыйын заман кез болду.
Каса элечек байбиче,
Кара жоолук салынып,
Казан кармар күң болду.
Кайсы бирин айтайын,
Кадеми кетип кыргыздын,

Кайсы гана күн болду-деп, жыйынтыктайт. Ырдагы жаратылыштан алынган параллелизмдик салыштыруу акындын оюнун ажарын ачып турат. "Байымы кеткен кыргыздын" тагдыры – "жыты кеткен жалбыздын" бүрү, жарыгы "өчкөн жылдыздын" нуру менен салыштырылышы акындын чеберчилик дараметинин бийиктигин көрсөтүп турган деталдардан. Дегеле, Арстанбектин чыгармачылыгын кандай көз караштa туруп баалабайлы, анын көркөм сөздүн ири чебери, чоң акын экендигин жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Бул анын аброюн арттыруу максатында да айтылган жөн жай гана сөз эмес. Мурун кат-

талган, кийин 90-жылдары табылып, иликтөө объектисине кирген материалдарды талдай келгенде чыккан реалдуу пикир. Ага 1994-жылы Кабай Абдыракмановдун кол жазмасы боюнча жарыяланган "Каңтарбай менен айтышы" ачык күбө.

Айтылыш шартына, ордуна карай айтыш дегенибиз менен акындын өзүнөн мурунку доор, кийинки өзү жашаган мезгилдеги замана заңы, калктын келечеги, колониялдык бийликтин маңызы жөнүндөгү ой толгоолору чыгарманын мазмунун түзүп, жанрдык жагынан айтыштан айырмаланып турат. Муну Арстанбектин замана заңы жөнүндөгү ой толгоосу, ой жүгүртүүсү катарында бааласак, өз ордун тапкан болот. Чыгарма мазмун-маңызы, формасы жагынан "Тар заман" менен тикеден тике тутумдаш. Анда колониялык бийликтин толук картинасы түзүлөт. Анткени, маалымдоочулардын кабарында "Тар заман" алгач узак, көлөмдүү ырдалып жүрсө да, бизге кыскарган түрдө келип жетти. Оозеки жашагандыктан алымча, кошумчага учурагандай түрү бар. "Тар заманга" салыштырганда Каңтарбайга ырдаганы өз шакирти Солтобай, андан Муратаалы Күрөңкеев угуп дегендей, көркөм өнөрдүн чеберлери аркылуу бизге жеткендиктен, толугураак да, автордук жекечилик сакталган деп айтууга негиз бар. Анын үстүнө чыгарманын 30-жылдары катталып калышы да, анын көп кошумчага учурабагандыгына шарт түзгөн.

Арстанбектин Каңтарбайга ырдаганын замана поэзиясынын туу чокусу катарында бааласак, аша чапкандыкка жатпайт. Кыргыз ырчыларын мындай коюп, тектеш элдердин акындарынын ырларын алганда мурун кетки темасын мынчалык бийиктикке көтөргөн ырчы болбосо керек. Анткени, акыр замандын чар тарабына көз жүгүртөт: жүрүш-туруш эрежеси, адеп-ахлак маселеден баштап, тарыхый-турмуштук, коомдук-социалдык, жер, суу менчиги, өлкөнүн байыркы учуру, келечеги, мамлекетти башкаруу тартиби, калктын каада-салт, үрп-адаты, социалдык ал-абалы, диний түшүнүгү, руханий байлыгына чейинки маселени өз аймагына батырат. Арстанбектин ырчылык дараметинин күчтүүлүгүн аны менен айтышка түшмөк болуп турган казак акыны Каңтарбай да таануууга аргасыз болот. Кыргыз ырчысы ырдап бүтүп, каршысына айтыштын салты боюнча:

Бул орустун келгени,
Каада кандай, калк кандай?
Санаа кандай, салт кандай?
Ажың кандай, ал кандай?
Дилиң кандай, дил кандай?
Ханың кандай, жат кандай?
Пашаан кандай, бай кандай?
Жакшы кандай, жай кандай?
Жайыт кандай, төр кандай?
Байың кандай, бар кандай?
Жардың кандай, жан кандай?
Бийлик кандай, бий кандай?

Болуш кандай, бой кандай?
Элиң кандай, эр кандай?

Замана кандай, заң кандай?-деп, суроо таштап, жооп берүүсүн талап кылат. Каңтарбай: "Мен жауып бермей, ак жеңилдим" деп, ыраазычылыгын билдирет да, жолдо келе жатканда "эмне үчүн бир ооз жооп бергенге жарабадың" деп, ээрчитип барган султаны нааразы болгондо, Арстанбектин жети суу кечип өткөн акыр замандын ырчысы катарында баалайт.

Калк Арстанбектин замана заңы жөнүндөгү ырларын өз турмушунун күзгүсү катарында кабыл алган. Ошондуктан, анын залкар таланты калктын терең урмат-сыйына ээ болгон. Арстанбек орус чиновниктеринин жаратылыш байлыгына жырткычтык менен мамиле кылып, "байыркы кыргыз кылбаган" балааны баштап, каз-өрдөктү "топ-тобу менен кармап, жүнүн жулуп, жулмалап", "канатын кыркып, куйкалап", эпсиз ысырап кылып жаткандыгын көрүп:

Мылтык үнү тарсылдап,
Көлдүн үстү кан болду.
Жаш балапан чуркурап,
Жулунган жүн бырпырап,

Жалпы журтка дың болду-деп, ээни кейийит. Каары катуу заманды "күнү-түнү" айта берип, "башы маң болот".

Албетте, жарым кылымга жакын убакыт Арстанбектин айланасында чуулгандын болуп келишинин да негизи бар. Реалдуу талдоого алганда ал өз заманынын акыны, бий баласы, журт башкаруучулары Боромбай, Токсоба, Чыныбайлардын чөйрөсүндө кадырлуу, сыйлуу жүрүп, бугу уруусунун "жомогун" айтып, белгилүү даражада патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн идеологиясын коргогон адам. Бул же тигил жагдайга баа берүүдө да ушул позицияны бек туткан учурлары байкалат. Ошондуктан, аны ашыкча демократ кылуунун же эскичил деп саясий жарлык тагуунун зарылчылдыгы жок. Өз учурунда анын чыгармачылыгына баа берүүдө ушул жактары, ал жашаган мезгилдин тарыхый шарты, акындын жашаган чөйрөсү эске алынбай калган. Анын үстүнө бир бүтүн жыйынтык чыгарууга да материал жетишсиз эле.

Калыс ой жүгүрткөндө табиятынан сезимтал, кыраакы акын Орус падышачылыгы бирде жеңип, бирде чегинип турган Кокон Ордосу же кытай, калмак төбөлдөрү эмес, курал-жарактуу, мыйзамы бар, түптүү, күчтүү мамлекет экендигин айра тааныйт. Ошондуктан, алар басып келе жатат дегенде эле "орус келе жатыры" деп, зарлап ырдап, катуу дүрбөлөңгө түшөт. Орустарды тили, дини жана дили бөлөк, чоочун калк катарында эле эсептейт. Бул – реалдуулук. Аларды кучак жайып тосуп алып, достошуп калды десек, чындыктан четтеген болобуз. Арстанбек орустар келген кезде:

Жайлоо тургай, жер кайда?
Жайылып жаткан эл кайда?
Ачып кирер көр кайда?
Мусулман уулу дуңкана,

Ажыларга дин кайда?-деп, ырдай келип, "казак, кыргыз биригип", "Кашкардагы Бакдөөлөттү ата кылып алсак бейм" деп, ой жоруйт.

Албетте, кыргыз жергесине падышалык бийликтин орношу менен кылымдар бою өкүм сүрүп келген уруучулук, уруктук жол-жобого негизделген журтту башкаруу системасына, соттук мыйзамга, көчмөндүү чарбачылыкка, турмуш-тиричиликке өзгөрүүлөрдүн кириши менен ата уулдарынын чексиз бийлиги чектөөгө алынат. Муну акын замана заңдын, наркнусканын бузулушу катарында бир жактуу баалайт. "Тар заманда", айрыкча "Кантарбай менен айтышында" байыркы доор менен өзү жашаган учурду салыштырып, илгерки мезгилди "кызыл кагаз пулу жок", "эки бөлөк үйү жок", "элүү башы бийи жок", "жазалоочу соту", жалмап салчу жасоолу жок, "каары катуу майыры жок", "калктын көңүлү ток", кой үстүндө торгой жумурткалаган бейкутчулук катарында идеализациялай келип:

Байыркыны ойлосом,
Байтерек түгүл, чырпык жок.
Байыр кылар бийи жок,
Баш калкалар ийин жок.
Ызаат кылар байың жок,
Карагайда чайыр жок.
Кара тутар жайың жок,
Айтып берип эрте-кеч,
Арстанбектин ичи чок-деп, көркөм ой жүгүртүүдө гиперболалык ыкманы колдонуу менен колониялык доордун маңызын ачууга аракеттенет.

Арстанбектин "Тар заман", "Кантарбай менен айтышындагы" маалыматка караганда замана ырын жаратууну шарттаган калктын реалдуу турмуш жагдайынан башка чыгармачыл да өбөлгөлөр болгон көрүнөт. Алсак, ал өз ырларында "Акыр заман" жөнүндө "уламадан улап", карылардан сурап, кабардар экендигин, "илгеркинин жакшысы, олуя сындуу бакшысы" Калыгул, казак бий Мөңкөнүн айткандарын да укканды-гын эскертет. Ал эми замана идеясынын башат алышы орто кылымда эле башталып, акырындык менен Орто Азия, Казакстан аймагына тараган. Бирок суричил акындардын туңгуч өкүлү эсептелген Ходжа Ахмед Яссави Рабгузи, Сулейман Бакырганилердин заманачыл поэзиясынын төкмө акындарга канчалык таасири тийгендигин так айтуу кыйын. Кыргыз адабиятынын тарыхында замана поэзиясынын баштоочулары катарында эсептелген Калыгул, Арстанбектин чыгармаларында диндик-мистикалык түшүнүк басымдуу эмес. Бирок акыр заман, замана идеясы көбүнчө уламыш, аңыз түрүндө кыргыздарга да тарап, белгилүү даражада жазгыч акындарга гана эмес, төкмө ырчыларга да таасирин тийгизген көрүнөт. Алсак, замана поэзиясынын айрым мотивдери Асан кайгынын ырларынан да орун алат. Ал эми бул салттуу темага кайрылуу падышачылык бийлик Орто Азия, Казакстанга жайылган мезгилде айрыкча күч алып, ошол элдин коомдук-социалдык маселелерин, каада-салттык, адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрүн чагылыштыра, өзүнчө бир адабий форманы түзөт.

Коңшу казактардын Россияга кошулушу бизге караганда эрте башталып, 1731-жылы Кичи-Жүздүн, 1740-жылы Орто-Жүздүн, 1846-жылы Улуу-Жүздүн Россиянын составына кириши менен өлкөнүн административдик бөлүнүүлөрүнө, башкаруу системасына өзгөрүүлөр кирип, патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн жол-жобосуна негизделген ата уулдарынын чексиз бийлиги чектөөгө алынат. Ушундай тарыхый кырдаалда замана поэзиясына болгон кызыгуу бир топ жанданып, Дулат Бабатай уулу (1802-1871-ж.), Шоршонбай Канай уулу (1818-1881-ж.), Мурат Мөнкө уулу (1843-1906-ж.) сыяктуу замана поэзиясынын өзүнчө бир топ өкүлдөр[11] пайда болуп, алардын чыгармачылыгында казак коомунун башкаруу тартибине, турмуштуктиричилик, жүрүм-турум нормасына кирип жаткан өзгөрүүлөр замана заңдын бузулушу, акыр замандын белгиси катарында баяндалат.

Арстанбек болсо эки элде өткөн чоң аш, тойлорго катышып, казак калкын да аралап ырдап, не бир сөзмөр адамдар, ырчылар менен баарлашып, Тезек төрөнүн алдына барып, замана ырын зардап, купулуна толуп, коңшу элдердеги болуп жаткан жагдайлар жана замана ырлары менен кабардар эле. Булар кыйыр түрдө болсо да, анын чыгармачылыгында өз изин калтырган. Экинчиден, Калыгулдун "Акыр заман" жөнүндөгү масел сөздөрү ошол заманда өз чөйрөсүндө кеңири талкууга алынып, зор кызыгууну туудурган. Арстанбек "дечү эле" деген ыкманы колдонуу менен өткөндө аңыз-уламыш болуп айтылып жүргөн сөздөрдү жана акылмандын масел кебин, "Акыр замандагы" ойлорду улантуу менен маанисин кеңейтип, толуктап, өнүктүрүп, поэтикалык формага түшүргөн. Кабарчылардын айтымында, падышалык бийлик кыргыз жергесине орногонго чейин "Акыр заман" өз алдынча аткарылып жүрөт.

Бирок Арстанбектин замана жөнүндөгү ырлары Калыгулдун масел сөздөрүнөн өзүнүн конкреттүүлүгү, тарыхый-турмуштук реалдуу жагдайга негизделип жаралышы, колониялдык бийликтин чыныгы маңызын терең ачып бериши менен айырмаланат. Дегеле, акындын аткаруучулук чеберчилиги, ырчылык, комузчулук өнөрдү бирдей алып жүрүшү менен замана поэзиясын бийиктикке көтөрүп, калк сезиминде түбөлүк түнөк алуу даражасына жеткирет. Ал эми Арстанбектин чыгармачылык өнөрдүн бийик чокусуна көтөрүлүшү анын талантынын көп кырдуулугу, акындык, ырчылык, комузчулук, музыкалык өнөрдү катар алып жүрүп, аш-тойлордо, эл чогулган чоң жыйындарда көп болуп, өзү ырдап, башкалардын ырдаганын угуп, кези келсе, Сүйүмбай, Чонду сыяктуу чоң акындар менен айтышка түшүп, Музооке өндүү залкар комузчулар менен комуз чертишип, чыгармачылык ар тараптуулугу менен түшүндүрүлөт.

Бара-бара акын орустардын "тамыры терең", "көк жалтаң", "арбагы күчтүү", аскер кызматына элпек, чарбачылыкка эптүү экендигин баалаган өндүү. Орустар келгенде Кашкарга кире качып, кайра келген бугуларды мал багып, эгин айдап, отурукташууга чакыргандыгына караганда, алардын "бекемдеп салган там-ташы", иреттүү чарбасы көңүлүнө

[11] XVIII-XIX гасырлардагы казак акындарынын шыгармалары. – Алматы, 1962.

ынаган көрүнөт. Ошондой эле орус бийлиги уруулар арасындагы чыр-чатакты токтотуп, жылкы тийип, эр өлтүрүп, барымталашуунун жолун бууп, ууру кылгандарды мыйзам жолунда жазалап, тартип орнотууга жасаган аракетин:

Сары орус султан болгону –
Саамал ичип кеңелдик,
Сарбагышка теңелдик-деп, жакшы жышаан катарында эсептейт. Ырындагы маалыматка караганда, падышалык чиновниктер өз жагына тартууга аракеттенип, Караколдо өткөн бир чоң жыйында аны жарчы кылып дайындайт. Бирок алардын бул аракетинен майнап чыкпагандай.

Жыйынтыктаганда Арстанбек колониялык бийликтин маңыз-мазмунун бир топ терең, реалдуу талдап, поэтикалык формада калк сезимине жеткирет. Экинчиден, айрым маселелер боюнча патриархалдык-феодалдык нарк-нусканын позициясында туруп, аны коргоого алган. Башкаруу иштерине, турмуш-тиричилик, адамдардын жүрүм-турум эрежелерине, кулк-мүнөзүнө кирип жаткан өзгөрүүлөрдү бир жактуу, терс көрүнүш катары баалаган. Бирок, акындын күчтүү жагы кандай көз карашта турса да, аткаруучулук жөндөмүнүн артыкчылыгы, залкар комузчулугу, чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн терендиги, ырды жамгырдай төккөн төкмөчүлүк касиети, көркөм каражат, ыкмасынын ар түрдүүлүгү, айрыкча сальштыруунун өтмө маанидеги түрүн кеңири колдонуу менен турмуштук көрүнүштөрдү жаратылыш дүйнөсүндөгү кубулуштарга параллель коюп, көркөм сөздүн сыйкыры менен тыңшоочулардын көңүл төрүнөн түбөлүк түнөк алышында. Ал эми Кальгулдуку сыяктуу эле Арстанбектин замана заңы, анын келечеги жөнүндөгү калк арасына, акындар поэзиясына кеңири сиңип, тамырланып кетишине 1916-жылкы журт башына түшкөн катуу мүшкүл, падыша өкмөтүнүн кысымынан жабыркап, башына азаттык издеп, Кытайга үркөн кыргыздардын оор жоготуулары, массалык түрдө кырылган трагедиялык тагдыр себеп болот. Замана поэзиясы XIX жана XX кылымдын башында да акындар чыгармачылыгында салттуу тема катарында улантылып келет. Ага мисал: Солтобайдын "Жарыктыгым Көл-Атасы", Молдо Кылычтын "Зар заманы", Алдаш Молдонун "Хал заманы", Тоголок Молдонун "Зар заманы", Жеңижок, Сагымбай, Алтай Айдарбек уулунун "Заманалары". Демек, мындан кыргыз акындар поэзиясынын тарыхында замана поэзиясы өзүнчө бир күрдөөлдүү форма катарында орун алгандыгы ачык көрүнүп турат.

Арстанбек өз чыгармачылык өнөрүндө арман, санат, терме, керээзден тартып, коомдук-социалдык мааниси терең көлөмдүү кара ыр (толгоолорго) чейин жараткан. "Төштүк", "Кожожаш", "Чоро" ("Шоро"), "Бердикожо жалгызым", "Беш казак" сыяктуу эпос, поэмаларды жана "Көкөтөйдүн ашын" чебер аткарган дешет. Бирок, ал айткан эпикалык чыгармалардын биринин да тексти бизге жеткен жок.

Арстанбек – айтыш өнөрүнүн ири устаты. Ал өз ырындагы фактылар жана аны менен айтышка түшкөн Чоңду, Каңтарбай жана кабарчылардын айткандары менен бекемделет. Өз чыгармачылык өмүр жолунда

көптөгөн ырчы, комузчулар менен бөттешсе да, Сарт (Ысакан), ырчы Музооке, Сейилкан менен комузда күч сынашкандыгы, Чоңду, казак акындары Каңтарбай, Сүйүмбай менен айтышкандыгы, Жеңижок менен ырдашкандыгы жөнүндө азыноолак маалыматтар гана бизге келип жетти. Айтыштын тексттери да Кабай Абдыракман уулунун кол жазмасы боюнча 90-жылдары гана колго тийди. Бирок ошол кылым аралап, бизге жеткен материалдан эле Арстанбектин айтышта алдына киши салбаган чоң ырчы экендиги ачык көрүнүп турат. Чыгарма оозеки түрүндө жашагандыгына карабастан, акындын өзүнө таандык өнөрканалык өзгөчөлүгү, стилдик курулмалары сакталган деп айтууга толук негиз бар.

Таластык "чоюлган ырчы" Чоңду өнөрлөшүн сылык, сыпаа "айтышып көрсөкпү?" деген өтүнүч менен кайрылып, өз кезегинде "Таласты Манас жердеп өткөн, Каныкей кара кийип жашын төккөн" касиеттүү, "берекелүү, бейпил жер, балдары баатыр, байлыгы мол, ырчылары көп" деп, ырчылыктын салты боюнча мактоого алат.

Арстанбек өз кезегинде Көл өрөөнүнүн кооздугун, жер байлыгын, эл байлыгын бир топ көркөм баяндайт. Белден чөбү буралган Каркыраны, жер соорусу Жети-Өгүздү, жашоонун көркү Көк-Жайыкты, "жер бейиши" Чычкан, Дарканды айта келип, тыңшоочулардын көңүлүн Келдибек, Акылбек сыяктуу алп манасчыларга, семетейчи Назарга бурат. Натыйжада акындын Келдибектин "Манас" айтып жаткан учурун сүрөттөшү – театралдык көрүнүш катарында, манасчынын бардык кыймыл-аракетин, айлана-чөйрө, жаратылыш, угуучулар менен бир бүтүндүккө айланып, сыйкырдуу дүйнөгө аралашып, көз алдыга келтирет. Касиеттүү көлдү, алп манасчыларды бастырып барып, көрбөгөн өнөрлөшүнө:

Чөл жериңди сактабай,
Чөп-чарыңды мактабай,
Чоң манасчы көлдө бар,
Чоюлбай барып, көрүп кел-деп, сөз кылтагын ыргытат.

Каршысынын жөн жай айтыштан алдырбастыгына көзү жеткен, кыраакы акын сөздүн нугун башка жакка буруп, ырчылар менен беттешүүдө колдонуп жүргөн табышмактуу ыкмага салат. Бирок Арстанбек Чоңдунун ар багыттагы суроосуна туура жооп кайтарып, өзүнүн айтыштын татаал формасы эсептелген табышмактуу түрүндө да ой жүгүртүү дараметинин бийиктигин көрсөтөт.

Арстанбек менен казак акыны Сүйүмбайдын айтышы 1850-жылдардын тегерегинде Түптөгү Аалыбайдын ашынан эки жыл кийин, Жети-Өгүз тараптагы бир чоң ашта өтүп, экөөнүн айтышы эки чоң акындын сөзгө болгон чебердигин, логикасынын күчтүүлүгүн айкындап, айтыш өнөрүнүн бийиктикке көтөрүлгөн классикалык үлгүсүн түзөт.

Айтыштын поэтикалык каражаттары, сөз арасына кирген санат, термин аткарган функциясы өзүнчө сөз кылууга арзырлык. Чыгарма бир топ узак, суроо айтышка кирет. Ашыкча кордошуу тенденциясы орун албайт. Беттешүү сөз жарыштыруу багытында өтүп, эки чоң акындын ырчылык кудурети, сөз чеберчилиги, ой жүгүртүү мүмкүндүгү сынга түшөт.

Аны Арстанбектин шакирти Солтобай ырчы үйрөнүп, андан Муратаалы Күрөңкеев угуп, көркөм өнөрдүн чеберлери аркылуу бизге жеткендиктен, эки залкар акынга тете бийиктикти сактап калган. Беттешкен мезгилде экөө отузга жете элек кураста, жаштыктын шарында, ырчылык кудурети ташкындап, ээ-жаа бербей турган учуру болот. Чыгарма да ошого тете түзүлгөн. Экөөнүн беттешип калышына себеп – Аалыбайдын ашында Катаган аттуу чоң ырчы менен айтышып, Сүйүмбай жеңип, тогуздап байге алып кетет. Өзүнөн улуу Катагандан жол талашып, айтыша албай калганына Арстанбек өкүттө калат да, казак акыны менен беттешүүнү көздөп жүрөт. Ашта сөздү алгач Арстанбек алып, көп жүйөөлүү сөздүн башын чатыйт. Сүйүмбайдын кыргыз бектерине кайрылып, минерине ат, жүктөөрүнө төө, алдыларына кыз, үкөгүнө саларына жамбы туяк сурап ырдашына карата айткандары бир топ курч чыгат. Ырчылыктын салты боюнча өз ата-тегин, ырчылык кудуретин, жээк-жергесин, өз калкынын баатырдыгын, байлыгын, бектигин терип-тепчип айта келип:

Калк ырчысы аталгам,
Каркылдабай кузгунча,
Кадими менен ат алгам.
Келе сала, бер дейсиң,
Кыргызды сен ким дейсиң?
Нарктуу сөзгө келбейсиң,
Калжыраган казагым,
Калбаганбы базарың,
Тайганбы сенин мазарын,
Дагы барбы айтарың?-деп, каршысын катуу жерден кармап, жарга такагандай болот.

Бирок Сүйүмбай да анын айтканына орундуу жооп кайтарып, кысталыштын кыл көпүрөсүнөн өтүп кетет. Ашта, тойдо бекзаада, ханзаадалардан олжо үмтөтүү, ырдап ат минип, тон кийип, олжо алуу кыргыз, казактын илгертеден келе жаткан каада-салты эмеспи деген сөзү жүйөөлүү чыгат.

Арстанбекке:

Бий баласы болсоң да,
Бий үйүнө батпаган,
Бий өргөөсүн баспаган,
Салбардан туулган карыпсың-деп, чалма ыргытканына караганда, аны менен эртедир-кечтир беттешерин билип, өмүр баянынан кабардар көрүнөт. Айтышты угуп отурган калыстар тобу экөөнө тең жогору баа берет.

Кыргыз маданиятынын тарыхында Арстанбектин музыкалык мурасы – текстүү жана кара күүлөрү чоң из калтырган. 500гө жакын күү чертиптир, эки жүзү өзүнүн төл чыгармасын түзөт деген сөз бар. Алгач 1922-жылы Каюм Мифтаков 37 күүнүн тизмесин берген[12]. Кийинчерээк залкар комузчулар аркылуу бизге жеткен "Арстанбектин арманы", "Кербези", "Кет Букасы", "Ат чубатар бо-

[12] **Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Кол жазмалар фондусу. Инв. №1013.**

тою", "Солтон Сары", "Анжыян күүсү" уккандарды кайдыгер калтырбайт. Албетте, Арстанбектин күүлөрүнүн көбү бир нече адамдардын аткаруусунда бизге жетип, фольклордук мүнөз алган. Анын комуз күүлөрү жөнүндө айрым даректер бар экендигине карабастан, чыгармаларын аткаруудагы музыкалык каражаттары (обон, күүсү, аткаруу манерасы) жөнүндө маалымат жокко эсе. "Тар замандын" бир үзүндүсүн гана музыковед А. Затаевич нотага түшүргөн. Натыйжада тексттин музыкасынан ажырап калышы анын чыгармачылыгын комплекстүү изилдөөгө белгилүү даражада кедерги болбой койгон эмес.

Өзүнүн чыгармачылык багыты боюнча Арстанбек нускоочу акындардын ири өкүлү. Анын нускоочулугу ар бир чыгармасынан – айтыш, керээзинен, санат, термесинен, айрыкча Жеңижок менен жолугушуп, ырдашканынан ачык көрүнүп турат. Ырларындагы маалыматка караганда, көптөгөн манасчы, ырчы, комузчулар, казак акындары менен жолугушат. Келдибек, Акылбек, семетейчи Назардын аткаруудагы чеберчилигине, көркөм сөздүн сыйкырдуу күчүнө таң калып, тамшанса, Солтобайдын "жакшы чыккандыгына" кубанып, "мен өлгөндөн кийин, нуска сөзүм айта жүр" деп, керээз калтырат. Чоңдуну "чоюлган сыпаа ырчы" атап, кадырласа, Эсенаманга өзгөчө баа берип, "жомоктун молдосу, айтыштын жоргосу", "нуска сөздүн нары", "кызыл тили курч" акын катарында баалайт. Наркүлдүн "кажаң кара сөздү камырдай жууруп жиберген" калпыс жери көңүлүнө толбойт. Нурмолдонун шарыятка шар молдолугун, "пайгамбардын тарыхын балкып" ырдаган ырчылык дараметин жогору баалайт, Жеңижок менен ырдашканда өзүнүн нускоочулугун таасын айкындайт. Анын "комуз күүсүн так келтире албаган тайкылыгын", оң, сол кыргыздарынын тарыхын "ундай элеп" айта албаган, "сылтыган" жерин белгилей келип, ырчылык дараметине теңдеш таппайт. Ал эми акындыктын жолжобосу жөнүндө айткандары улуу ырчынын өз өнөрлөштөрүнө калтырып кеткен сабагы, муундан муунга өтө турган мурас, азыркы күндө да өз күчүн жоготпостон улуу сөз экендигине төмөнкү ыр саптары ачык күбө:

Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.
Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол ж.б.

Кыскасы, Арстанбектин нуска сөздөрүнөн жашоонун туш тарабына көз чаптырып, жаман, жакшыны кылдат талдап, өз боюна сиңирген деген жыйынтык чыгат. Ал эми улуу акындын көркөм сөз кудурети, кадыр-баркы жөнүндө айткан:

Баркынды төмөн түшүрбө,
Бар атыңды өчүрбө.
Кадырынды түшүрбө,
Кадими атың өчүрбө.
Адеби жок ырчынын,
Артында жаман сөз калат.
Анык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү кеп калат-деген осуяты ырчылар үчүн чоң үлгү, акындык өнөрдүн жол-жобосу.

Арстанбектин санат, термелеринде турмуш, тагдыр, өмүр, өлүм мыйзамы, адамдардын жаман, жакшы сапаты, агайын-тууган, үй бүлөнүн ынтымагы, жаш уландын, кыз-кыркындын таалим-тарбиясы, журт башкаруучунун инсандык бийиктиги ж.б. ар кырдуу, ар тараптуу маселелер козголот. Анын көбү бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой, алдыңкы катарга чыгып отургандыгына төмөнкү ыр түрмөгү ачык күбө:

Кара өзгөй болсо калкына,
Калктын жетпей баркына.
Жакырдык жанды кыйнаса,
Өйдө-төмөн чарпыла.
Акимдин жайы – кара жер.

Жогорку ой экинчи бир термесинде тереңдейт: "Калктын камын ойлобой, келечегин болжобой, калактап казына чачкан акимди кара өзгөй" атайт. Арстанбек өз санаттарында көтөрүлгөн ой түркүмдөрүн:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да.
Кабарың Күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да.
Эл менен сөй бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!-деген адеп-ахлактык, таалим-тарбиялык мааниси зор акылман сөздөрү менен жыйынтыкталат. Кыскасы, акындын санат, термелеринде бир канча ачылбаган сырлар, мааниси терең философиялык ойлор жатат. Анын ар бир ыр түрмөгү адамдардын ан-сезимин ойгото турган акыл-насаат, жашоонун жол-жобосу. Ушунусу менен өлбөс-өчпөс мурас катарында түбөлүк жашап, кийинки муундарга да үлгү болмокчу.

Калк кадырлаган улуу инсан, залкар төкмө, чыгаан комузчу, ырчы, обончу, күүчү, дастанчы Арстанбек эл эсинде гана түнөк албастан, кыргыз адабият, маданият тарыхында да алдыңкы катарда турат.

(Кыргыз адабиятынын тарыхы, "Кыргыз эл ырчылары" бөлүмү, 5-том, Бишкек-2012, 174-203-беттер, толукталып, кошумчаланган тексти)

Элмира Сабитова,
филология илимдеринин кандидаты

АРСТАНБЕКТИН АКЫН КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНА, ӨСҮП-ӨНҮГҮШҮНӨ ТААСИРИН ТИЙГИЗГЕН ФАКТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ БИР-ЭКИ ООЗ СӨЗ

Акындардын булбулу Арстанбек Буйлаш уулу, албетте, улуу акын болгон. Мындай чындыкты өз кезегинде анын замандаштары да, бүгүнкү окурмандар да, деги эле бүтүндөй коом моюнга алат. Эгерде документалдуу материалдарга кайрылсак, акындын талантына өз көздөрү менен күбө болгон анын замандаштарынын төмөнкү ойлорун алдыга тартуура туура келет:

"Мурун-кийин далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум, бирок ыраматылык Арстанбектин ырындай кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алган жокмун" (Талип Байболот уулу).

"Арстанбек ырларын төгүп киргенде, ыйлап эле жаткан жандар болду" (Калча). Арстанбек айыкпас илдетке кабылып, ооруп жатканда Каркырага барып, акын менен учурашкан, а кездеги жаш акын Женижок мындай саптарды калтырып кеткен:

Көл башы экен Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура.
Оттой жанып көздөрү,
Ой, акылы шар тура.

Ал эми Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Осмонкул, Калык сыяктуу улуу акындар Арстанбекке чын жүрөктөн чыккан төмөнкүдөй ой-пикирлерин, бааларын арнашкан:

Жүк артылат дечү эле,
Торпок менен танага.
Арстанбектин айтканы,
Билсең ушул замана *(Молдо Кылыч).*
Элге жакса, кызыл тил,
Артында өлбөс ат калат.
Заманында ырдаптыр,
Санат ырдан ар санат.
Ажал жетип өлүптүр,
Албаптыр эч ким калкалап.
Ажалга арга кыла албай,
Арстанбек өткөн, ким калат? *(Тоголок Молдо).*
Алтымышка бой бербей,
Алкынып топто жүрчү экен.
Акындардын көркөмү,
Арстанбек кандай ырчы экен? *(Осмонкул).*

"Тар заманды" ырдаган,
Таасын ырчы Арстан.
Арзып барган Жеңижок,
Атагын угуп алыстан.
Аз жашап, бирок саз берген,
Аныk ырчы даанышман ***(Калык).***

Мына ушинтип, Арстанбек Буйлаш уулунун акындык өнөрүнө өз замандаштары да, кийинки залкар акындар да бийик баа беришип, даңазалашкан. Ушул жерден табигый суроо туулат. Арстанбектин акындык өнөрү ташкындаган таланттын табигый күчүбү же анын калыптанышына, өрчүшүнө, курчушуна, күчкө толуп, өркүндөөсүнө кандайдыр бир маданий-тарыхый, социалдык факторлор себеп болгонбу? Ушул суроолорго кыскача болсо да, жооп издөөгө туура келет.

Албетте, биринчи иретте акындын тубаса талантынын кудурет-күчүнө баа беришибиз керек. Арстанбекти бийикке көкөлөтүп, учурган фактор – бул анын ашып-ташкан жөндөм-таланты. Бул жөнүндө алгачкы тарыхчыбыз Белек Солтоноев өзүнүн "Кызыл кыргыз тарыхы" аттуу эмгегинде төмөндөгүчө жазат:

"Жашынан эле Арстанбек "кара жаак, жаактууга жай бербеген" какшанган бала болуп, козу айдап, кой багып, отун алып, суу куюп жүрсө да, өзүн кошуп ыр ырдап, комуз черте баштаган. Атасы Буйлаш мунусун байкап, ырчы, комузчу болгонун билип, "ырдаганынды калтыр" деп, нечен мерте уруп-соксо да, Арстанбек качып барып, талаадан мал багып жүргөндө ырдап, комузун чертип жүргөн жана да Калыгулдун айткан сөздөрүн жатка алып, аны арбытып, узартып жиберген" (Солтоноев Б., "Кызыл кыргыз тарыхы", Бишкек, Учкун – 1993, 153-бет). Демек, Солтоноевдин бул жазганынан улам Арстанбек энеден өнөрлүү болуп туулган жана андагы көркөм жөндөм, төкмөлүк талант бала күнүнөн баштап эле өзүнөн-өзү ойгонуп, бүчүр жарып, алдыга карай талпына баштаган.

Экинчи фактор жөнүндө айтсак, ошол кезде бала Арстанбек элдик оозеки чыгармачылыктын чөйрөсүндө чоңойгон. **"Арстанбектин ырдаган ырлары көп болуп, билгени "Бердикожо", "Беш казак", "Чоро", "Кожожаш", "Көкөтөйдүн ашы", "Төштүк" болгон"** деп жазат, ошол эле Белек Солтоноев. Демек, Арстанбек кенедей кезинен элдик оозеки чыгармачылык менен азыктанып, а түгүл Манас айтып, калк ичиндеги Кожожаш, Төштүк сыяктуу эпостордуу эл алдында аткарган. Мындан улам Арстанбектин тубаса талантына дем берген жана анын акын болуп калыптанышына таасирин тийгизген адабий фактор катары кыргыз элдик фольклорун атасак болот. Үчүнчү фактор жөнүндө айта турган болсок, анда Белек Солтоноевдин өйдө жактагы сөзүндөгү: **"Калыгулдун айткан сөздөрүн жатка алып, аны арбытып, узартып жиберген"** деген сөптөрдү эске түшүрүүгө туура келет. Мындан улам эмнени айтууга болот? Бул факт Арстанбектин салттуу фольклордон башка да, өз заманынын акындарынан, тагыраак айтканда, атактуу Калыгул даанышмандын чыгармачылыгына таасирленип, анын чыгармаларын өз репертуу-

арында аткарып, кандайдыр бир даражада Калыгулдан таалим алгандыгын тастыктайт. Олуя Калыгулдун куюлушкан дааньшман сөздөрү Арстанбектин акындык өнөрүн кайраган "кайрактардан" болгонун белгилеп өтүшүбүз парз. Биздин бул пикирибизди Арстанбектин чыгармачылыгынын алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири Тазабек Саманчиндин мына минтип жазганы да ырастап турат: **"Арстанбек ошол Калыгулдун "Акыр заманын" өз учуруна карата кенитип, терендетип ырдаган. Калыгул менен Арстанбек эгер Бугу менен Сарбагыштардын чабышы саат кылбаса, экөө бир нече жолу учурашар эле. Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, анын айткан сөздөрүн мурунтан эле башган-аяк угуп жүргөн. Калыгул "Акыр заман" маселдери менен Арстанбекке бир далай таасир кылып, нуска берген"** (Тазабек Саманчин, "Арстанбек" – Китепте: Арстанбек, Бишкек – 1994, 155-156-беттер).

Арстанбектин акын болуп өсүшүнө таасирин тийгизген жагдайлар жөнүндө сөз кылганда, мына бул фактыларды айланып өтүү мүмкүн эмес. Кайрадан тарыхчы Белек Солтоноевдин изилдөөсүнө кайрылалы. Ал минтип жазат: **"1855-жылы Арстанбектин атасы Буйлашты Кокон хандыгына караган Алымбек кыйыктап, аркадан ичке алдырып кеткен. Он беш жашар бала Арстанбек атасынын артынан куба барып, Кокон бектерине ырдап, комузга кошуп, алардын дөөлөтүнсөөлөтүн баяндаганда, ал жактагы ырчылардан, комузчулардан Арстанбек артыкча көрүнгөн соң, Алымбек датка башгап, кыргыз феодалдары, Кокон бектери Арстанбекти абыдан урматтап, үстүндөгү жаман кийимин калтырып, жакшы кийим берип, жакшы ат жабдык берип ж.б. бул берип, кадырлап узаткан. "Эгерде Арстанбек болбосо, каның төгүлөт эле" деп, Буйлашты бошоткон. Жана да "муну кичи катынымдын баласы деп кордобостон, жакшылап тарбияла" деп тапшырышкан"** (Солтоноев Б., "Кызыл кыргыз тарыхы", Бишкек, Учкун – 1993, 154-бет). Ушул эле факты жөнүндө Тазабек Саманчин 1940-жылдары мындайча жазганын да эске түшүрөлү: **"Бойлошту баш кылып, Тынымсейит уруусунан дагы беш-алты баш билги кишилерин Алымбек датка саркер аскерлерин жиберип, Анжианга чакыртат. Кейпи, Тынымсейиттин жакшылары Алымбек датканын алдында кандайдыр бир жазыгы болуу керек. Арстанбектин атасынын Анжианга бара жатканын угат да, "Мен да силер менен кошо барайын" деп, атасынан суранат. "Сени ээрчиткидей, биз тойго бара жатканыбыз жок" деп, атасы Арстанбекти кагат да, жөнөп кетет. Алыска жол тартып, эл аралап көрсөм деп, көптөн бери самап жүргөн Арстанбек эми делөөрүп, санаасы тынбайт. Атасынын айдалып бараткан менен анын иши жок. Аны атасынын артынан жөнөсөм экен деген ой чырмап, алпурушуп, бардык аракетин кылат. Чоң үйдөгү күнү катындын балдарынын бир кунанын уурдап минип алып, комузун койнуна катып, атасынын артынан Анжианды бет алып, жөнөп кетет. Бойлошту баш кылып, Тынымсейиттин мыктыларын Алымбек датка ак үйлүү набакка салып, сурак кылат. Бул учурда Арстанбек да Анжианга жете барат. Бирок атасын издебестен, шаар аралап, шаардын чет жакасындагы кыргыз айылын кыдырып, комузун чертип, ырдап жүрө берет. Арстанбектин черткен комузу жана ыры бул өрөөндөгү кыргыздардын арасына бир далай даңаза болот. "Бир аркалык комузчу бала келип, эл кыдырып, комузун чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуштуу чертет экен, ырдаса булбулдай сайрайт"** деген кабар Алымбек даткага жетет. Алымбек

угаары менен саркерлерин чаптырып, бул аркалык комузчу баланы издетип, таптырып алат. Арстанбекти Алымбек датка жанына алып калат. Эми, Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, көп той-тамашалардын үстүндө болот. Анжиан, Кокон тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай комузчу, ырчылар менен учурашат, беттешкендерин бет алдырбай жеңе берет. Ошентип, Арстанбек өз элинен ооп келип, башка эл, башка жерде өнөрүн кенен өстүрүп, ырчы жана комузчу деген чоң атакка ээ болот. Жыл маалы болду дегенде, Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, көп олжо-буйла менен элине кайтат" (Тазабек Саманчин, "Арстанбек", Бишкек – 1994, 155-156-беттер).

Бул баяндалгандардан улам кандай ойго жана жыйынтыктарга келүүгө болот? Кокон бийлигинин ордосунда өткөн бир жыл Арстанбектин акындык жана адамдык тагдырында кыйла даражада чечүүчү роль ойногон десек болот. Анжиан жергесиндеги отурукташкан элдин бөлөкчө цивилизациясы, турмуш образы Арстанбектин көп нерсеге көзүн ачып, кругозорунун кеңейишине себепчи болгон. Атактуу Алымбек датканын жанында бир жыл жүрүүнүн өзү дагы тоолук жаш акын үчүн өзүнчө бир мектеп болбой койбогон. Буга кошумча түштүктүн жерин кыдырып, Алымбек датканын уюштуруусу менен Анжиандык комузчулар менен далай жолу мелдешип, комуз чертишкени, нечендеген акындар менен айтышып, күч сынашканы – Арстанбекти өзүнчө бир такшалуунун курсунан өткөргөн десек жаңылышпайбыз. Демек, кыскартып айтканда, Кокон фактору Арстанбектин адам катары да, акын катары да өсүп жетилишине өзүнүн жемиштүү ролун ойногон жана акындын тагдырында бурулуш жасаган турмуштук жагдайлардан болгон.

Дагы бир турмуштук фактор жөнүндө айта кетели. Арстанбек Кокон мамлекетинин баскынчылыгынын жана Россия империясынын колониялдык үстөмдүгүнүн карама-каршылыктуу татаал жана курч кырдаалында жашаган. Бийик түшүнүктөр менен айтканда, акын көчмөн цивилизация менен отурукташкан христиан цивилизациянын күтүүсүз кагылышуусунун чордонунда турган. Дал ушундай тарыхый курч конфликт Арстанбектин личностуна жана акындыгына өзүнүн күчтүү таасирин тийгизген. Мындай кырдаалда сезимтал жана атуулдук ар-намысы бийик Арстанбек оор граждандык толгонуулар менен жашаган. Анын ошол мезгилде кандай күйүт-арманы менен күн көргөндүгүн төмөнкү поэтикалык саптары айгинелеп турат:

Ушул заман – тар заман,
Азуулууга бар заман.
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптаган тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

Бир сөз менен айтканда, карама-каршылыкка шыкалган кыргыз элинин тагдыры үчүн кыйын-кезеңдүү колониялдык доордун драмалуу, трагедиялуу мезгили гражданин акындын жан дүйнөсүн болуп көрбөгөндөй чыңалтып, анын акындык өнөрүнүн жаңы этапка чыгышына түрткү берген тарыхый-социологиялык факторлордон болгондугу кашкайган чындык. Буга кошумча Ала-Тоо аймагын жана казак талаасын далай жолу кыдырып, кыргыз-казактын нечендеген кара жаак ырчылары менен айтышканы да Арстанбек үчүн өзүнчө бир адабий университет сыяктуу болгонун белгилей кетели.

Арстанбектин ошо кездеги Бугу уруусунун ханы, акылман Боромбай менен дос болуп, тыгыз карым-катнашта жүрүшү да акындын көз караштарынын кеңейишине өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

Кыскасын айтканда, Арстанбек өз заманында өзүнөн-өзү бардык жагынан даяр болуп, көктөн түшө калган эмес. Ал жогорудагыдай турмуш "мектептеринен" жана "университеттеринен" бала кезинен тарта, өмүр бою "окуп", акын жана адам катары дайыма өсүп-өнүгүп жүрүп отурган.

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияга кошумча сунуш кылынган текст)

ТААСЫН ТАБЫЛГАЛАР

(Бул топтомдо Арстанбек Буйлаш уулунун өмүр баянына жана чыгармачылыгына байланышкан тарыхый фактылар, расмий маалыматтар камтылды)

ЗАМАНДАШТАРЫНЫН, АТАКТУУ ЫРЧЫЛАРДЫН АРСТАНБЕК АКЫНГА БЕРГЕН БААСЫ

"Ыраматылык Арстанбек орто бойлуу, толмоч келген сары чийкил, кой көз киши эле. Жайдары, ачык-айрым, отурган жерин оюн-күлкүгө толтурган адамдын гүлү эле-деп, аңгемесин улайт ***Талип Байболот уулу.*** *Нарынколдун башы Сайкал-Төр деген жерде айылдагы адамдар кары-жаш, аял-эркек дебей апырылып-сапырылып, аттуу-жөө болуп, төмөнкү айылга дүрбөп жүрүп калышты, "Арстанбек келиптир" дешип. Көптүн шары менен мен да бардым. Эл үйдүн ичитышын бербейт. Бир кезде: "Арстанбек мырза, элиң жыйылып калды. Тамашаңды күтүп турушат, баштай бересиңби?"-деди отургандардын бири. Арстанбек комузун күүлөп, адеп "Тар заман" деген ырынан баштады. Кары-жаш дебей баары ыйлашты. Андан кийинки ырларына каткырып күлүштү. Бир кезде нөшөрлөп жаан жаай баштады. Тамашага кызып алган эл кементайын, таарын жамынып уга беришти. Арстанбек ыр-күү менен күүгүмдү киргизди. Жыйылган эл тамашага балкып отура берип, өрүштөгү малын эстен чыгарып коюшкан. Арстанбек ырын токтотуп: "Караңгы кирип калды, малыңарды тейлеп алгыла" дегенде гана, эл кынжыла туруп, тарай башташты. Мурун-соңду далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум, бирок ыраматылык Арстанбектин ырындай кыябын келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алган жокмун".*

Арстанбектин өз оозунан укканларын ***Талип Молдо Байболот уулу*** *мындайча эскергени бар: "Атабыз Буйлаш Тынымсейит ичиндеги кадырман адамдардын бири, бай болгон. Эки катын алыптыр. Кийин энебизди салбар кылып, таштап кетет. Көчкө илеше албай жарыктык, кара алачыкта жатакта кала берет. Буйлаш бий күр дегенде саан таштап кетсечи. Ошол түрмүштө 14-15 жашка келдим. Илешкеним ыр менен комуз.*

Эл жайлоодон түшкөн мезгили. "Көкөн хандыгынын алык-салык жыйноочу беги келиптир, чакыртып жатат" дешип, айылдагы адамдар кетип жатышат. Менин да бекке барып, кол берүүгө көңүлүм ооду. Минип барууга унаа жок. Айылда мүнөзү оор, ак көңүл адам бар эле (аты эсимде жок). "Олжо тапсам, куру койбоймун" деп, жалынып-жалбарып жатып атын минип, эл артынан жөнөдүм. Салам айтып, бек отурган үйгө кирип бардым. Эскилиги жетип, эчен жерине жамачы түшкөн тонум бар. Башымда жүндөрү булактаган эски малакай. Ыраматылык энем бир жай илешип, жылкынын терисинен булгаары ийлеп, өтүк тиктирип берген. Өтүк аты болбосо, сомогон жыгачтай кожойгон бирдеме. Анын да апкыты майрыйып, шакшак таңып, кийип алгам. Бек төрдө отурат. Мени таңыркап карап калды:

-Бул кимдин баласы?-деп сурады.

Бекти жандай отурган Буйлаш атамдын башы жерге кире түшкөнүн байкап турам.

-Буйлаш бийдин баласы-деди отургандардын бири. Койнумдагы комузга бектин көзү түштүбү:

-Келген жөнүңдү айтчы бала, өнөрүң барбы?

-Бекке кол берип, комуз чертсемби, дедим эле.

-Кана, чертип көрчү-деди бек.

Белимдеги аштама комузду алып, узартып (түзөтүп), күүлөп алып, салмактуу күүлөрдөн бирди черттим.

-Дагы бирди черт-деди. Черттим.

-Менин чертмекчим менен өнөр жарыштыра аласыңбы?

-Байкаштырып көрөлү.

Бек тигиндейде отурган дутарчысына карап, "чертишкин" дегендей ишаарат жасады. Дутарчы бир күүнү ойноп, аспабын мага сунду. Мен дутар күүсүн өзүндөй кайырдым.

-Дагы бир күү ташта балага-деп, дутарчысына буйра сүйлөдү бек. Кийинки күүнү да өзүндөй аткардым.

*-Балам, эми өз комузуң менен бир күү чертип, дутарчыга узат-деди бек. Менин күүмдү чертүүдөн дутарчы баш тартып, жалтактай түштү. Бек өнөрпозуна ачуусу келгенин жашыра албады. "Алып чыккыла!" дегенсиди ак таяктарына. Тигиндейде даяр турган жигиттердин экөө бечара дутарчыны колдон-буттан сүйрөп жөнөштү. Андан кийин: "Баланы жакшылап кийиндиргиле"-деп, буйрук узатты ак таяктарына. Мен сыртка чыктым. Кийимдер даяр экен. Сандыктан алып чыгып, ичти-тышты бир сыйра кийиндиришти эле, мырза жигит болуп, сыныма толуп, үйгө кирдим. Менин өнөрүмдү угуп отурып: "Мен кеткиче жанымда жүр. Тигини үй-бүлөңө алып бар-деп, бир таңгак пул бергизди. Олжону атка сылай жүктөп, үйгө бардым. Ат берген боорукер адамга чепкен жаптым... Көп өтпөй Буйлаш атам төө жетелетип жиберип, бизди көчүрүп алды. Салбар энеме кайта ника кыйдыртып, үй жасатып берди" **(Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунан: инв. №300)***

Арстанбек ырларын төгүп киргенде, ыйлап эле жаткан жандар болду ***(Калча).***

Көл башында Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура,
Оттой жанып көздөрү,
Ой, акылы шар тура ***(Жеңижок).***
Жүк артылат дечү эле,
Торпок менен танага.
Арстанбектин айтканы,
Билсең үшүл замана ***(Молдо Кылыч).***
Элге жакса, кызыл тил,
Артында өлбөс ат калат,
Заманында ырдаптыр,
Санат ырдан ар санат.
Ажал жетип өлүптүр,
Албаптыр эч ким калкалап,
Ажалга арга кылалбай,
Арстанбек өткөн – ким калат? ***(Тоголок Молдо).***

Осмонкул менен Калыктын кайым айтышканынан:

Алтымышка бой бербей,
Алкынып топто жүрчү экен,
Акындардын көркөмү,
Арстанбек кандай ырчы экен? ***(Осмонкул).***
"Тар заманды" ырдаган,
Таасын ырчы Арстан,
Арзып барган Жеңижок,
Атагын угуп алыстан.
Аз жашап, бирок саз берген,
Анык ырчы - даанышман ***(Калык).***
Ак калпак кыргыз көп мактайт,
Арстанбекти акын деп,
Айтканынын баарысы –
Уккан элге акыл деп,
Оозун ачкан далай жан,
Ушунуку макул деп.
Уккан сөзгө карасак,
Улуу куш болуп туулган,
Казак менен кыргызга,
Кабары бүтүн угулган.
Сүйкүмдүү жакшы жан экен,
Сөзгө чебер туулган.
Өткөн менен кеткендин,
Жайын айтып ырдаган,
Келечекти көбүнчө,
Дайын айтып ырдаган,
Айткан сөзү жагымдуу,
Айкын-ачык ырдаган,
Кийинкиге калганда,
Тарых айтып ырдаган.
Ак-каранын баарысын,
Таанып айтып ырдаган,
Атка минсе шаңданып,
Уккан адам таң калган.
Ак комузун кайрыган,
Булбул куш болуп сайраган,
Казак менен кыргыздын,
Акынынан тайбаган ***(Осмонкул).***

Белек Солтоноев

КЫЗЫЛ КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ

АРСТАНБЕК

Дааньшман Калыгул өлбөстөн он беш жыл мурун арка кыргызынан, бугу уругунан, тынымсейит тукумунан Алжан, Буйлаш деп, арка кыргызынын арасына атагы чыккан байлар, манаптар. Буйлаштын кичи (токол) катынынан 1840-жылы Эки Нарындын ортосунда Арстанбек туулган. Кыргыз феодал жана байларынын эзелден келе жаткан адети боюнча "токолдон туулган төшкө жатар, боору такыр кул" деп, Арстанбекти улуу катындын балдары жана анын кошуналары барк кылбастан, байлардын балдарындай кийим кийгизбестен, кул катарында козу, кой кайтартып койгон. Ошол жашынан эле Арстанбек "кара жаак, жаактууга жай бербеген" какшанган бала болуп, козу айдап, кой багып, отун алып, суу куюп жүрсө да, өзүн кошуп ыр ырдап, комуз черте баштаган. Атасы Буйлаш мунусун байкап, ырчы-комузчу болгонун билип, "ырдаганынды калтыр" деп, нечен мерте уруп-соксо да, Арстанбек качып барып, талаада мал багып жүргөндө ырдап, комузун чертип жүргөн жана да Калыгулдун айткан сөздөрүн жатка алып, аны арбытып-узартып жиберген.

1855-жылы Арстанбектин атасы Буйлашты Кокон кандыгына караган кыргыз ханы Алымбек кыйыктап, аркадан ичке алдырып кеткен. Он беш жашар бала Арстанбек атасынын артынан куба барып, Алымбек датка баштык кыргыздарына жана Кокон бектерине ырдап, комузга кошуп, алардын дөөлөтүн-сөөлөтүн баяндаганда ал жактагы ырчылардан, комузчулардан Арстанбек артыкча көрүнгөн соң, Алымбек датка баштык кыргыз феодалдары жана Кокон бектери Арстанбекти абыдан урматтап, үстүндөгү жаман киймин калтырып, жакшы кийим берип, жакшы ат жабдык берип ж.б. бул берип, кадырлап узаткан. "Эгерде Арстанбек болбосо, каның төгүлөт эле" деп, Буйлашты бошоткон. Жана да "муну кичи катынымдын баласы деп кордобостон, жакшылап тарбияла" деп тапшырышкан. Арстанбек үйүнө келгенден баштап эле, кара жумуштан калып, ыр менен комуздун артынан түшүп кеткен. Көбүнчө бугу, сарбагыштын урушу ошол кезекте көп болгондуктан, Арстанбектин акундугу ашкере маалим болуп, эл арасында кадыры арта баштаган. Арстанбектин ыры бугу, сарбагыш бузугу тууралуу жазылып бүткөн ушул тарыхта бугу, сарбагыш урушунун темасында айтылган. Арстанбектин ырдаган ырлары көп болуп, билингени Бердикожо, Бешказак, Чоро, Кожожаш, Көкөтөйдүн ашы, Төштүк болгон; комузга өтө уста болгон жана барлыгы 200 чамалуу ыр болуп жана казактын атактуу ырчылары менен айтышып, жеңилбеген.

1856-жылдан баштап, бугу кыргызы оруска карап, орустун улуктары алардын жардамы менен кыргыздын феодалдары эл-журттун канын соруп, бечараны эзе баштаганда, 1870-жылдарда "Тар заман" деп, ыр чыгарган. Бул ыры элге абдан жаккандыктан, кыргыздын феодалдары

Арстанбекти үйүнө чакыртып алып, ырдатып жүргөн. Бирок байдын баласы болгондуктан, намыс көрүп, аш-тойдо ырдабаган. Арстанбек окуш билбеген, түркөй болгон. Обозу ал замандагы кыргыз ырчыларынан артык болгон. Арстанбек акын 1882-жылында Ысык-Көлдүн башында Чычкан деген жерде өлүп, Жуукунун күн чыгыш жагы Таш-Кыя бейитине коюлган. "Арстанбектин тар заманы" деп, кийинки ырчылар ырдаса да, нак өзүн ырдабастан, жаки калтырып, жаки сөз киргизгени бар. Арстанбек Буйлаш уулу – анын атасы Жоро, анан Шапак, анан Үркүнчү, анан Акбагыш, андан Токтогул, анан Тынымсейит, анан Мырзакул, анан Орозбак, анын атасы Кылжыр, анын атасы Тагай – оң кыргызы. Арстанбек узун бойлуу, чокчо кара сакал, жаагында сакалы жок, кара мурут, ничке шырыктай карасур, узун бойлуу болуп, 42 жашында өлгөн. Арстанбектин балдары азыр да Нарын району, Он-Арча элинде.

(Б. Солтоноев. "Кызыл кыргыз тарыхы" – Бишкек, 1993, 153-154-беттер)

Түгөлбай Сыдыкбеков,
Кыргыз эл жазуучусу

КҮҮЛӨР ДА ТАРЫХКА КҮБӨ

"Манас" баянын чоң манасчылар ата-бабанын өмүр-тарыхы катарында ыйык көрүп, улам кийинкилерге төкпөй өткөргөндөй, чоң комузчулар да өзүнүн алдаканча мурдатан чертилип келаткан залкар күүлөрдү асыл мурас катары көрүшчү. Анан:

-Бузбай черт, балам!-деп, өз шакиртине тапшырышчу.

Мен бала чагымдан бул сонун салтты улаган чоң комузчуларды көрүп калдым. Ошондой комузчу, кыякчылардын бири "Тоо арасында" учкай сүрөттөлгөн. Атай комуз да чертичү, кыяк да тартычу. Атай аке ар бир күүнү не чертиштин, не тартыштын алдында анын чыгыш тарыхын жана аны кимден үйрөнүп калганын кыскача айтып берер эле.

- Өзүм көрүп калган комузчулардан Арстанбектен өткөн көсөлү болгон эмес - дечү Атай аке. - Комузчунун жоргосу кайран асылдын өзү чыгарган жана өзүнөн мурдакы чоң комузчуларды улап черткен күүлөрү беш жүздөй эле. Комуз бетинде беш манжасы жорголоп, таптак келтирген күүнү жылаңайлак бутунун манжалары менен так черткенде кайран көсөлдүн комузчулугуна көргөндөр таң калышчу.

Эр жетип, Фрунзеде иштеп жүргөн кезимде Муратаалы, Кара-Молдо, Ыбырай сыяктуу чоң комузчулардын черткен күүлөрүн, айткан кепсөздөрүн эшиттим.

Ушул көсөл-комузчулар да ал кезде кайсы күүнү кимден алып калышканын атап чертишчү. Мурдатан чертилип келаткан мурас-күүлөр менен өздөрү чыгарган күүлөрү ачык айтылчу. Бирок 1940-жылдардан тартып, менин байкашымча мурункуларды ачык атоо салты унутула баштады.

Күү илимин такай иликтеген окумуштуу ушул жагдайда чоң комузчунун ошол композитордук касиетин аныктоо менен деле байыртадан чертилип келаткан күүлөрдө калк тарыхы, кишилердин тагдыры кенен сакталып келгенине көңүл коюш милдеттүү иш...

1984-жыл.
(Түгөлбай Сыдыкбеков.
"Табылга" китеби, Б. 1991-жыл.
102-103-беттер)

Найманбаев Мукаш
Калмат уулу, санжырачы

АРСТАНБЕКТИН 170 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНЕ (1824-1994-жж.) ДАЯРДЫК КӨРҮҮ

СССР мамлекети тарап, Кыргыз Республикасы өзүнчө эгемендүү эркин мамлекет болгондон баштап, кыргыз элинин, айрыкча мурдагы замандарда көзү өтүп кеткен белгилүү, атактуу инсандарынын эмгектерин эскерүү, алардын мааракелерин өткөрүү колго алына баштады.

Ошондой той-мааракелерден жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиев демилге көтөрүп өткөргөн Тоголок Молдонун тою – мага өзгөчө таасир калтырды. Андан кийин Кожомкул, Куйручуктун мааракелери Ак-Талаа, Жумгал райондорунун эли каражаттарды өз жандарынан чыгарышып, бюджеттен аз чыгымдар кошумчалоо менен өткөрүштү.

Ал эми Ысык-Көл жактарда: Садыр аке, Жусуп Турусбеков, Юсуп Абдырахманов, Калыгул олуя, Балбай баатыр, Кыдыр акелердин эстеликкүмбөздөрү тургузулуп, сөөлөттүү салттар менен коштолуп, тамаша, тойлорго айланып, кыргыздын улуттук оюндарынын бардык түрлөрү көрсөтүлдү.

Мен ошол мааракелердин көбүнө, өзүм районубуздун ардагерлер кеңешинин төрагасы болгондуктан, облусубуздун же райондорубуздун өкүлдөрүн 4-5 жыл жетектеп, катышып жүрүп, өзүмчө: "Атаганат, биздин Нарын районунан деле бир атактуу киши чыккан болсо, жалпыбыз чогулуп, ошонун арбагын көтөрүп көрсөк эмне?"-деп, намыстанып, ойлонуп жүрсөм, өзүбүздүн райондогу Ленин атындагы колхоздун башкармасы Калназаров Кайып мурда көзү өтүп кеткен айылдашы, окумуштуу Мамбетов Дүрбөлөңдүн эстелигин тургуздуруп, мектебине музейин уюштуруп, Ат-Башы, Нарын, Ош, Чүйдөгү моңолдор туугандарын жана Дүрбөлөңдүн классташ-теңтуштарын чакыртып, Кайыңдынын өрдөшүнө он чакты боз үй тиктирип, июль айында эскерүү өткөрүп калды. Ага Нарын районунда бирге жашап турушкан тынымсейит, сарбагыш элдери чакыртылбай, катышкан жок.

Мен ушуга ичимден бушайман болуп, бир райондун элин бөлүп коюп, өз урууларын гана чакырганына нааразы болуп турсам, ошол тойго келген Саламатов Жолдон менен Асанов Үсөн инилер келип, мага учурашып, ал-жай

сурашып туруп калганда, жогоркудай өз пикиримди айтып: Нарын өрөөнүнүн бир атактуу инсанынын арбагын көтөрүп чыгып, башка райондун элдеринде мааракe өткөрсөк боло?-деген элем.

"Санжыраны сиз билесиз, биз эмнени билебиз. Бизден химия менен физиканы сураңыз, ал эми бул жагын сиз табыңыз, биз жардамдашалы" десе болобу. Бул жумуш сакалдуулуктун жолу деген жүйөөлүү сөздөрүнө жыгылып, ушундай инсандыкка мурда биз угуп, эл оозунда айтылып жүргөн Арстанбектин атын атасак болор беле?-деп, кокусунан эле ойлонбой туруп айтып ийсем, абдан туура болот, Нарында андан атактуубуз болгон эмес. Сиз аракет кылыңыз. Биз Академиядан эмгектерин, ырларын изилдетүүгө киришели-деп кетишти.

Ошол күндөн баштап, жатсам-турсам Арстанбек оюмдан кетпей, эмнеден баштоону билбей жүрдүм. Колумда бир барак да материал жок. Уламыш, аңыз катарында элден угуп жүргөн Арстанбектин эки куплет ыры:

Сенин атың – Каңтарбай,
Менин атым – Арстанбай.
Шарыят сөздөн баштайлы,
Тозок отун жазданбай.
Оңкогой мурун, чуңкул көз,
Орус чыгат дечү эле.
Узун чөптүн бардыгын,
Оруп чыгат дечү эле.
Кыска чөптүн баардыгын,
Коруп чыгат дечү эле.
Оо, журтум! Бул кай замандын белгиси?-деген.

Ушул эки ооз ырынан башка эчтемесин таппай, түшүнүгүм жок туруп, ишти баштоого бел байладым.

Акырында, 1990-жылдын ноябрь айында райондогу жана шаардагы аксакал ардагерлерден 30-40тай кишини чакырып алып, кеңешме өткөрүп, Арстанбек акындын 170 жылдыгын белгилеп, мааракe өткөрсөк болор беле?-деп, маселе койсом, баары бир добуштан колдоп чыгышты. Алардын элге кайрылуусун көтөрүп алып, райондун жетекчилерине барсам, алар да макул болушту.

Ошондон кийин Арстанбектин өз айылы Төш-Булактагы тууган-туушкандары, жалпы эле Үч-Нуранын эли менен облустук маданият мекемесинин кызматкерлери колдоого алган чечимдерин чыгарып беришти. Академияга мурда барып көргөн эмес элем. Ысык-Көлдүн Шалбасында өткөн санжырачылардын мелдешине катышууга барганымда, тарыхчы-санжырачы Сапарбек Закиров, Буудайбек Сабыров, Омор Эркетанов, Жапар Кенчиев жана башка адамдар менен таанышып калдым эле, аларга кайрылсам, Академияда эпостор жана фольклор боюнча бөлүмүнүн башчысы Кебекова Батмага барып кайрылыңыз деп, кеңеш беришти. Ошол боюнча Батмага келип, ал-жайды түшүндүрсөм, мен бул демилгеңизди колдойм. Арстанбектин ырларынан бир азы боло турган эле, издетип таптырайын, өзүңүз эл оозунан көбүрөөк жыйнап келиңиз. Үзбөй кабарлашып туруңуз-деп узатты.

Эми, уят болбойт окшойм деп, ошондогу сүйүнгөнүмдү айтпа.

Кайра келип, райондук аким Төлөбек Өмүралиевге айтып, анын жетекчилиги менен 1992-жылдын октябрь айында Арстанбектин туулган айылы Ийри-Суу колхозунда башкарма Жанбоев Түгөлбай, Арстанбектин жакын тууганы Алсейитов Абышка, СССРдин Жогорку Советинин депутаты Таабалдиев Эсенкадырлардын колдоосу менен эки бээ, төрт кой союлуп, мектептин залына район боюнча колхоз, совхоз, селолук советтердин жана мекеме-уюмдардын жетекчилеринен, аксакалдардан, ошондой эле облустагы райондун белгилүү кишилеринен кошуп, 150дөй киши чакырылып, ага кошумча Ийри-Суу колхозунун эли бүт катыштырылып, кеңеш аяк өткөрүлдү. Ошол мааракени өткөрүүгө чыгымдалчу каражат жана малдарды бүткүл Нарын районунун эли көтөрүүгө макулдашылды.

Андан кийин кеңештин уландысын Бишкекте иштеп жаткан илим-билимдүү инилерге кеңешүү үчүн өзүм баштап, сельсоветтин төрагасы Алсейитов Бекиш, башкарма Түгөлбай, депутат Эсенкадыр төртөөбүз атайын барып, Ибраев Эсенгулдукуна Базарбаев Кадыракун, Молдогазиев Бейше, Жакшылыков Асан, Саламатов Жолдон, Асанов Үсөн, Жумабаев Асек, Кыдырназаров Асанбек, Кылычов Эсентур, Жусупов Кеңеш, Асаналиев Байтемир, баардыгы 20дан ашык киши чакырып, Нарындагы өткөн Кеңеш аякта болгон маселелерди түшүндүрүп, эми өзүлөрүнүн жардамдашууларын сурадык. Ошону менен бирге, алар республикалык масштабда өткөрүлүүчү жумуштарды: радио, теле, гезит-журналдар аркылуу жарыялатып туруу, илимий конференцияларды өткөрүү, ошондой эле эң негизги маселе болгон Арстанбектин китебин чыгаруу милдеттерин аркалашты.

Бул кеңештерибиздин жыйынтыгын райондук эл депутаттардын сессиясына койсок, депутаттар колдоп, чечим кабыл алышып, облустук сессияга сунуш кылышты. 1993-жылы апрель айында облустук акимчилик менен облустук советтин сессиясы Ашыралиев Кемелдин жетекчилиги менен колдоого алынып, республиканын өкмөт башчысы Т. Чынгышевдин колу менен 1994-жылы күз айларында мааракe өткөрүүгө токтом чыкты. Комиссиянын составы: вице-премьер-министр Осмонакун Ибраимов башында турган министрлер, акын-жазуучулар, илимпоздор болуп, баары 14 киши дайындалды.

Ошентип, төрт жарым жыл Арстанбектин мааракеси боюнча жасаган аракетим жогорку органдар тарабынан биротоло чечилип, иш жүзүнө ашаарына ишеним болуп калды. Мактангандык эмес, бул менин өмүрүмдөгү арбак үчүн жасаган чоң эмгектеримдин эң ириси болду окшойт.

Эмдиги чоң маселенин бири – Арстанбектин чыгармаларынын изилдениши жана анын эл арасына жеткирилиши эле. Бул жумуш да оңойго турган жок. Мурда Арстанбектин чыгармаларынан китеп же кол жазмалары болбогондон кийин, анын өмүр баяны, басып өткөн жолу, теги-жайы, жүргөн жерлерин териштирип билүү да кыйын иш болду. Оозеки ар ким ар кандай айта беришти. Элден айланса болот, "Эл ичи – казына" деген чындык экен. Жумурай журтчулугубуз – кыргыз эли, жеринин баардык булуң-бурчтары-

нан Арстанбек боюнча үн кошуп, айтылган жарыяларды негиздеп, укканбилгендерин газет-журналдарга жазып, радиолор аркылуу бир ооз сөзү, бир куплет ыры, обон, комуз күүлөрүнөн болсо дагы жазуучу, санжырачы, тарыхчылар, чыгармачылык жагында иштегендер 15-20 жолу беришти. Ошонун натыйжасында көп материалдар топтолуп, Кебекова Батманын Арстанбек боюнча китеби жазылып, жарыкка чыгышына чоң өбөлгө түзүлдү. Китепти мамлекет эсебинен бастырууга Ибраев Эсенгул баштаган жазуучулар союзу, жалпы эле Бишкекте иштеп турушкан (кеңеш аякта милдеттенишкен) балдарыбыз жардам беришти.

Мен өзүм мурда 70 жашка чыкканча, газета-журналдарга ыр түгүл, макала да жазып көргөн эмес элем. Арстанбектин арбагы колдоп, шыктандымбы же чындап эле дитимди коюп, берилип аракеттенгенимден болдубу, айтор кийин жазган макалаларым баардык газеталарга жарыяланып жатты. Арстанбекке арнап 150-200 сап ыр жазсам, газеталарга жарыяланды.

Андан башка, кара сөз менен филармониянын сахнасында үч жолу (үч күн удаа) жарым сааттан, баары бир жарым саат, көрүүчүлөр алдында чыгып, радиотеледе Арстанбектин өмүр жолу жана чыгармалары боюнча сүйлөп, он чакты жолу республикалык, облустук ар кандай газеталарга макалаларды жазып, жарыяладым. Андан кийин атайын музыкалаштырылган "Арстанбек акын" аттуу драма жазып, республикалык Маданият министрлигинин алдындагы көркөм кеңештен жактырылып келгенден кийин, Муратбек Рыскулов атындагы Нарын музыкалуу драма театрынын сахнасында коюлду. Ошону менен бирге, ошол эле драманы радиолоштуруп, кайра жазып, артисттердин аткаруусунда радиодон да бердирдим.

Ошентип, Арстанбектин арбагы жана Нарындыктардын намысы үчүн улгайганда санжырачы, акын, жаш драматург да болдум. Ушундан кийин (келечектеги урпактарга) адам баласы чындап аракеттенсе, колунан келбеген иш болбойт экен дегенге өзүм күбө болуп, өзүм ишенип калганымды айтып коюуга тийиштүүмүн. Өзүбүздүн эркибиз гана жетишпейт экен. Жалкоолонот экенбиз. Ар дайым эринбей эмгектенүү, аракеттенүү керек экен.

Эми, маараке ни өз деңгээлинде өткөрүү – буга чейин иштелип бүткөн иштердин баарынан татаал жана оордой сезилип турду. Айла канча, элгежуртка таянып, бел байлабаска болбойт эле. Менин демилгемди мурда колдоп жүргөн мурдагы райондун акими Өмүралиев Төлөбек кетип (район, шаар биригип), ордуна Бектуров Орозбек отуруп калды. Маараке өткөрүүгө дайындалган комиссия курамы кайрадан түзүлдү.

Жаңы жетекчилер да мурдагы программаны түз кабыл алышып, улантышып, түшүнүүчүлүк менен мамиле жасашып, чын пейилдеринен колдоого алышты, айрыкча элибизден маараке үчүн каражат, мал жыйнаптоптоодо, ошондой эле Арстанбектин эстелигин тургузууда тике туруп беришти.

МААРАКЕНИН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА ӨТКӨРҮЛҮШҮ

Көпчүлүктү макулдатып, бир пикирге келтирүү оңойго турбасы белгилүү го. Кимден, кайсы айылдардан канча акча, канча мал жыйноону пландаштырып, бөлүү дагы мага жүктөлдү. Тобокел деп, акылымдын жетишинче калыс карап, коноктorго тигилүүчү боз үйлөр, берилүүчү тамак-аштар менен идиш-аягына чейин эсептеп, улуттук оюндарга коюлуучу байгелер, театр, ипподромду жасалгалап, телерадио менен тейлөө, кыскасы эң майда жумуштарына чейин пландаштырып, жазып чыктым.

Аны комиссиянын төрагалары баш болуп, заседаниелеринде карап, талкуулап, негизинен толук жактырышты да, аларды аткарууга тиешелүү адамдарды бөлүп, дайындап, милдеттендиришти. Менин түзгөн планымдан бир гана Нарын районунда жашап турушкан моңолдордун Дөбөлү, Орток, Жан-Булак айылдарына бөлүнүп, пландаштырылган чыгымдарды жокко чыгарышты. Анткени, алар өз уруусунан чыккан Боогачынын 110 жылдык мааракесине (Ат-Башылыктарга) кошумча кошуп жатышат деген жүйөө коюлду.

Ошентип, районубуздун башка бардык чарбалары: Жерге-Тал, Арык, Учкун, Куланак, баары 9 чарба бирден бодо мал (төө же ат, уй же топоз), баары 45 баш кой кошумча бериштi.

Облустук, райондук, шаардык мекемелер жана бирин-экин спонсорлор: Дөркенбаев Казыбек төрт миң, Аалыбаев Таалай бир миң, баары 25 миң сом, райондук акимчиликтин бюджетинен 12 миң сом акча чогултулду.

Ал эми мааракенин түздөн-түз күйөрмандары – Тынымсейит айылдары: Ийри-Суу, Ак-Булуң, Орто-Нура, Чет-Нура, Ак-Кыя, Орто-Саз, Эмгекчил, Он-Арча, Миң-Булак – 11 айыл 30 бодо мал, 500 кой чогултушуп, чыгымдашты. Баардыгы мааракеге 600 кой, 40 бодо, 37 миң сом акча чыгымдалды. Мындан 419 баш кой эт комбинатка өткөрүлүп, 53 миң сомго бааланып, акчасы алынды. Акчалар болсо, мамлекеттик банктан атайын счет ачылып, мени жана Медербеков экөөбүздүн кол коюубуз аркылуу алынып, чыгымдалды. Ошондой эле, малдарды чогултууда жана чыгымдоодо да башында турдум. Тынымсейиттин айылдарынан кошумча малдарды жыйноодо Базарбаев Кадыракун башында туруп, чоң жардам берди.

Арстанбекке эстелик тургузуу боюнча 1993-жылдын башынан баштап эле макулдашып алып, долбоорун чийүүгө конкурс жарыялап, ал боюнча 1994-жылдын башында жыйынтыгы каралып, натыйжада Нарын райондук архитектурасынын архитектору Бейшебаев Кемелдин долбоору жактырылып, курулуш 1994-жылдын май айында облустук акимдин орун басары Кермакунов Асанбектин жетекчилигинде башталып, алты айда толук бүткөрүлдү. Эстеликти Нарындагы курулуш мекемеле-

ри ЖБИ, СМУнун директору Сапарбаев иштетип, бүткөрүштү. Курулуш материалдары кымбатка туруп, табылбай, бир топ кыйынчылыктар да болду. Эстеликтин баардык чыгымына 53 миң сом, 3 ат, 40 кой же баардык чыгымды акчалай эсептегенде – 85 миң сом сарпталды.

Президент, Өкмөт жана акимчиликтер менен көпчүлүк колдогондуктан гана Кудайдын буйругу менен мааракe өткөрүлүп калды. Кийин Арстанбекти оозеки сүрөттөөлөрдүн негизинде Абдыраев Асейиндин авторлугунда (гербдин автору) тартылган портретине да сындар айтылды. Мен бир да бирөө менен каяша айтышпай, өз милдетимди аткара бердим.

1994-жылы мааракени өткөрүүгө эки айча мезгил калганда, ат-башчылык моңолдор туугандар биздин камылгабыз бүтүп калды, Боогачы Жакыпбек уулунун 110 жылдык мааракесин мурда өткөрөбүз деп, облуска, республикага сунуштай башташты.

Бул кабарды угарым менен облустук советтин төрагасы Болот Исаевге барып, жакында өткөрүлүүчү Арстанбек менен Боогачынын мааракелерин бир жерге, облустун борбору Нарынга бир күнү өткөрөлү, анткени экөөнө тең, Бишкектен жана башка облус, райондордон коноктор чакырылат экен. Аларга эки жолу келүүгө кыйын го. Бизде да чыгым үнөмдөлүп, коноктордуу жакшы күтүп, ыраазы кылып узатабыз. А балким, бир айдын ичинде эки жерге эки жолу мааракe өткөрсөнөр, сиздерге жогортодон сын айтылар десем, Болот Исаев туура көрүп, - Мен, Бейшен Болотбековичке айтайын-деди. Сүйлөшсө, ал дагы макул болуптур. Андан көрөкчө, эки мааракени бир эле жолу облустун борборунда өткөрсөк, көпчүлүк катышса, той көрктүү, даңктуу да болбойбу деп, кубатташты. Мынчалык чоң кеңешке менин катышып калышым, биздин райондун акими Бектуров Америкага кетип, тойго катышпай калганына байланыштуу. Негизи, эгер Боогачыныкы биринчи өтсө, кийин Арстанбектин мааракеси ойдогудай деңгээлде өтпөй калары көрүнүп турган иш эле. Ошондуктан экөөнү бирге өткөрүүгө өзүм демилгечи болдум. Буга Ат-Башылык туугандар бир аз нааразы болушуп, өз жерибизге өткөрбөй, Нарынга көчүп бардык дешип, айрымдары келбей да коюшуптур. Чындыгында, Нарынга өткөрүүнүн дагы бир жүйөөлүү себеби бар эле. Ал Боогачынын сөөгү Нарындын Дөбөлүсүнө коюлгандыктан, эстелиги ошол жерге тургузулуп, ошол учурда ачылышы болду.

Мааракеге меймандарды чакыруу боюнча Арстанбек менен Боогачынын сүрөттөрү тартылган чакыруу кагаздары типографиядан заказ менен жасаттырылып, республиканын жетекчилери, мааракe комиссиялары, карыялар, санжырачы, тарыхчылар, чыгармачыл адамдар, өнөрпоз артисттерден башка облус, райондордон жана Бишкекте иштеп турган Нарын облусунун балдары, тууган-туушкандардан болуп, 400дөн ашык конок чакырылды.

Алыстан келүүчү коноктorго жана аксакалдарга арналып, улуттук оюндар өткөрүлүүчү ипподромго Ат-Башыдан 15 үй, Нарындан 25, баары 45 ак боз үй көчүрүлүп келип, ортого тигилди. Андан тышкары,

Нарындыктардын чарбаларынан келгендерди күтүүгө ипподромдон 2 км. алыстыкта 30 үй окчун жерге тигилди. Боз үйлөрдү 200гө чейин деле тигүүгө мүмкүнчүлүктөр бар эле, ага чоңдор уруксат берген жок.

Ошол Нарын районунан тигилген 55 үй тынымсейиттердин үйлөрүнөн болгондуктан, аларга 13 жылкы, 40 кой союлуп, дасторкон үстүн дүйүм тамак-аштарга толтуруу менен меймандардын келишине даярдыктар көрүлүп калды.

Атайын жиберилген чакыруу барагында жазылган расписание боюнча Бишкек жана башка облус, райондордон келүүчү коноктор 7-октябрдын кечинде келишти да, Ат-Башы жана Нарын шаарына бөлүштүрүлүп, мурда даярдалып койгон 2 райондун мекеме жетекчилеринин үйлөрүнө 5-19дан бөлүнүп коноктолду.

8-октябрь күнү Ат-Башыга барган коноктор Боогачынын Ак-Муз айылындагы мектебине уюштурулган музейи менен тургузулган эстелигин ачууга катышып келишип, андан кийин Нарын районунун Дөбөлү айылына жаңы тургузулуп бүткөн күмбөзүнө барышып, куран окушуп, түштө шаардагы "Ала-Тоо" ресторанына келишти.

Ошол эле 7-октябрь күнү Нарынга конгон коноктор 8-октябрь күнү Арстанбектин аты коюлган шаардагы №8 орто мектептин ачылыш тоюна катышып, булар да 2 бээ, 5 кой союлган "Ала-Тоо" ресторанына даярдалган сый тамакка барышып, Ат-Башылык коноктор менен бирге Нарындыктардын эсебинен түштөнүштү.

Түштөн кийин М. Рыскулов атындагы музыкалуу драма театрында мааракеге арналган майрамдык азем жыйыны өткөрүлүп, ага 600дөй киши катышты. Жыйынды облустук мамлекеттик администрациянын башчысы – губернатор Бейшен Болотбеков кириш сөз менен ачып, маданият министри Чолпонбек Базарбаев доклад жасады. Андан кийин улуулашып, Сүйүнбай Эралиев, Шүкүрбек Бейшеналиев, Эсенгул Ибраев жана башка ондогон кишилер куттуктоо сөздөрүн айтышып, артында Арстанбек менен Боогачыга арналып жазылган (мен жазган "Арстанбек акын") драмасынан, пьесалардан үзүндүлөр көрсөтүлүп, 2 улуу акындын ырларынан чоң программада концерттер берилди.

Кечинде меймандарды облустук мекемелерде иштеп, Нарын шаарында жашап тургандар, жетекчилер өз үйлөрүнө бөлүп алышып, коноктошту. Ошол эки түнкү Нарын шаарына конгон конокторго 3 жылкы, 30дай кой союлду. Ат-Башыга конгон конокторго деле жетээрлик малдар союлуптур. Буларды уюштурууда облустук, райондук акимчиликтердин башчылары, орун басарлары өздөрү баштап, бир үй-бүлөдөй тике туруп, күтүп узатышты. Аны көрүп, аралашып жүргөн биз – карыялар, буларга абдан ыраазы болдук.

9-октябрь күнү эртең мененки саат 8-9дарда меймандар менен жергиликтүү элдин бардыгы Арстанбек Буйлаш уулунун Миң-Булак айылынын чөлкөмүндөгү чоң шоссе жолунун боюндагы бийик дөбөсүндө тургузулган эстелигине барышып, эстеликтин ачылышына катышып, куран

окушуп, кайра саат 10дордо Кур-Терек сайынын боюндагы ипподромго келишти. Айлампанын ортосунда МАЗ маркасындагы автомашиналардын узартылган бортторунан 6 борт эптештирилип коюлуп, анын үстүнө меймандар үчүн стол-отургуч, микрофондор коюлуп, 200 кишилик орун даярдалып, трибуна жасалган. Трибунанын капталындагы эки четине Арстанбек менен Боогачынын 2х3 метр келген 2 чоң портрети илинген. Трибунага меймандар чыгып, орун алышкандан кийин, аземди облустук администрациянын башчысы Бейшен Болотбеков ачып, райондордон келген өкүлдөргө сөз берип, музыка, концерттер менен коштолуп, мааракенин күйөрмандарына белек-бечкектер тартууланды.

Арстанбектин жакын тууганы Алсейитов Абышка чыгып сүйлөп, Арстанбектин ыр китебин түзүп, жазып чыккан Кебекова Батмага пальто жаап, жоолук салдырып, 500 сом акча, Ибраев Эсенгулга ак кементай, калпак кийгизип, 500 сом акча, мага бир ат мингизип, калпак кийгизип, 500 сом акча менен сыйлады.

Ат-Башынын акими Байгазаков Чоробек менен ак-муздук Ажымүдүнов Токон чыгып сүйлөшүп, 20-30дай кишиге бирден ак калпак кийгизип сыйлашты.

Кезек улуттук оюндарга келди. Улуттук оюндардын чону эле ат чабыш, жорго салдыруу, кунан чабыш эмеспи. Бул оюндар боюнча ат-башылыктар менен күн мурунтан эле макулдашылган боюнча аламан байге менен кунан чабыштын байгелерин Нарындыктар, ал эми жорго жана башка майда оюндардын байгелерин Ат-Башылыктар төлөөгө макулдашканбыз.

1. Ат чабышта 103 аттан озуп, марага биринчи Нарын ипподромунун карагери (саяпкери ипподромдун директору Маамытов Обол) келип, төө баштаган ат, топоз, койлор кошулуп, 9 баш мал алды. Экинчиси, Эмгекчилдин тор кашкасы, баары 5 атка сайылган байгелерин алышты.

2. Жорго салышта 35 жоргодон озуп, Ашыралиев Кемелдин тор кашка жоргосу чыгып келип, ал дагы төө баштаган ат, топоз, койлор кошулуп, 9 баш мал алды. Экинчи болуп, Жумгал районунун жоргосу келип, ат баштаган уй жана койлор кошулуп, 7 баш мал алды. Ошондой эле 5 жоргого байге сайылган.

3. Кунан чабышта 41 кунандан озуп, Бейшен Болотбековдун кара кунаны чыгып келип, ат баштаган 9 баш мал алды. Экинчи болуп, Эмгекчилдин көк кунаны келип, ат баштаган 9 мал алды. Баары 5 кунанга байге сайылган.

Баардык улуттук оюндардын байгелерине 4 ат, 2 төө, 3 тай, 3 топоз, 3 уй, 3 торпок, баардыгы 18 бодо, 30 кой жана спонсорлордон килемдер, 3 миң сом чыгымдалды.

Жалпысынан Нарындыктар Арстанбек үчүн малдарды кошуп эсептегенде, 130 миң сомго (азыркыча кеминде 1 млн.) акча чыгымдалды окшойт.

Улуттук оюндарга 10-15 миңден кем эмес көрүүчүлөр катышып, Арстанбек менен Боогачы маркумдарга арналган элдик мааракe чыр-чатаксыз, тартиптүү өткөрүлүп, коноктор канаттануу менен узатылды.

8-октябрдагы музыкалуу драмтеатрда өткөрүлгөн майрамдык азем жыйынынан башталып, 9-октябрдагы улуттук оюндар жабылгыча телеберүү такай тартып жүрдү. Бул көрүнүш түбөлүккө тарыхый эстелик болуп калсын деп, бардыгын бир кассетага көчүртүп, жаздырып алып, өзүмдүн сандыгыма сактап койдум.

1995-жыл.

(Найманбаев Мукаш Калмат уулу,
"Санжыра саптарынан" китебинен,
– Б. 2014. 163-174-беттер)

АРСТАНБЕК

Арстанбек Буйлаш уулу (1824, Ысык-Көлдүн Сырты, Эки Нарын жери – 1878, Ысык-Көлдүн тескейи, Чычкан конушу; сөөгү Жуукудагы Таш-Кыя бейитине коюлган) – кыргыздын залкар төкмө акыны жана ойчулу; чон комузчу, күүчү жана обончу. "Замана" агымынын эң ири өкүлдөрүнүн бири. Калк ага "булбул" деген атак берген. Бугу уруусунун тынымсейит уругунан. Атасы Буйлаш бийдин кичи токолунан төрөлүп, барктапбай кой, козу кайтарып өсөт. Ушундан улам анын чыгармаларында турмуш тиричилик жагдайлары бир кыйла деңгээлде карапайым адамдардын көз карашынан чагылдырылган. Арстанбек ырчы катары 16 жашында таанылган. Кокон ханы кыйкымдап, Буйлаш, башка дагы тынымсейит билермандарын ордого айдатып кеткенден кийин, Арстанбек алардын артынан барып, ырдап, өз өнөрү менен даткалардын, ордо бийлөөчүлөрүнүн купулуна толуп, атасы баштаган манаптарды куткарып келет. Ал Фергана тарапта бир жылча жүрүп, Наманган, Анжиянды аралап, көптөгөн ырчы, комузчулар менен беттешип, өз жерине чоң ырчы атыгып кайтат. Арстанбек кыргыз коомчулугунун кыйын кезеңинде өмүр сүрүп, элдин Кокон хандыгына салык төлөп турганына, сарыбагыш менен бугу төбөлдөрүнүн чыгарган чатагынан калктын катуу тукулжураганына күбө болот. Кокон бийлигинин зордук-зомбулугунан калктын каржалганын баяндоодо ал өзүн чоң сүрөткер катары көрсөткөн (тилекке каршы, ал ырларынан айрым үзүндүлөр гана бизге жетти). Ал эми бугу менен сарыбагыштардын чатагы мезгилинде да көп ыр чыгарган экен. Айрыкча, Ормон хан өлтүрүлгөндөн кийин, анын уруулаштары тарабынан бугулар катуу кысмакка алынып, калк чабылып, туш-тушка качканда бугулардын турмуш акыбалын сүрөттөп, эки урууну ынтымакташууга чакырып, ырдаган ырларынан айрым үзүндүлөр белгилүү. Арстанбектин чыгармачылыгында орчундуу теманы замана ырлары, эң барандуу – "Тар заманы" түзөт. "Тар заман" акындын турмуштук, коомдук-социалдык көз карашынын жыйындысы. Бул чыгарма бир мезгилде эмес, болжолдуу түрдө 1852-70-жылдары түзүлүп, калыптанган. "Тар замандын" окуясы шарттуу түрдө эки бөлүктөн турат: 1. Орустар басып келе жатат деген кабардан улам ырдалган ырлар. 2. Орус колонизатор-

лору кыргыз жергесине келип орношуп, бийлигин бекемдеген мезгилде акын күбө болгон окуялардын чагылдырылышы. Акындын кабылдоо, баамдоо жөндөмү, чеберчилиги ушул кырдаалды баяндоодо ачык көрүнөт. Акын бул поэмасында социалдык маселелерди курч козгоп, орус колонизаторлорунун кыргыз элине көрсөткөн жапалыгын өтө таамай сүрөттөйт. Арстанбек ал заманды "азуулуга бар заман, бечарага тар заман" катары мүнөздөгөн. Ал орустардын чарбалык ишиндеги, аскер кызматындагы жакшы жактарын да туура байкаган. Бирок, кантсе да, Арстанбек айрым меселелер боюнча патриархалдык-феодалдык нарк нусканын чегинде бек туруп, аны коргоого алган. Орустардын келиши менен кыргыз коомчулугунун башкаруу иштерине, турмуш-тиричилигине, элдин каада-салтына, кулк-мүнөзүнө кирип жаткан өзгөрүүлөргө ой жүгүртүп, ал жылыштарды көбүнесе ата-бабанын нускасынын бузулушу катары кабыл алган. "Тар заманды" өзүнө таандык обону, күүсү, кайрык кайталоолору болгон, комузда коштолуп, аткарылган. Салмактуу сөз, күү, уккулуктуу обон, үн айкалышып, калктын көкөйүндө уялаган ой-санаасын козгоп, угуучуларга зор таасир калтырган. Чыгарманы акындын өз аткаруусунда угуп-көрүп калгандар: "Арстанбектин ырын көпчүлүк бүтүндөй дитин коюп тунжурап, ыйлап отуруп угушар эле"-деп, бир ооздон эскеришчү экен. Чындыгында эле жайлуу конуш-жерин, өз алдынчалыгын жоготуп, орус колонизаторлорунун бийлигинен жабыркап турган калк "Тар заманды" өз жашоосунун күзгүсү катары кабыл алган. Арстанбектин чыгармачылык мүмкүнчүлүгү кенен, жанрдык-мазмундук жагынан бай жана ар түрдүү келген. Ал кошок, арман, санат, терме, керээз, ар кыл багыттагы ырлар, поэмаларды жараткан. Айтыш өнөрүнүн ири устаты болгон. Чыгармачылык багыты жагынан нускоочу ырчылардын тобуна кирет. "Төштүк", "Кожожаш", "Чоро" ("Шоро"), "Бердикожо жалгызым", "Беш казак" сыяктуу эпос, поэмаларды, "Көкөтөйдүн ашын" чебер аткаруучу деп айтышат. Бирок анын айтуусундагы эпикалык чыгармалардын биринин да тексти бизге жеткен жок. Керээзиндеги маалыматка, айрым билгендердин айтымына караганда, ал комузчулукту жана акындыкты бирдей алып жүргөн. Ал 500гө жакын күү чертиптир, анын 200гө жакыны өзүнүн төл чыгармасы болгон деген кеп бар. Анын чоң комузчулар аркылуу бизге жеткен "Арстанбектин арман күүсү", "Кербез", "Кет Букасы", "Ат чубатар ботою" залкар күүлөрдүн катарында турат. Көптөгөн кыргыз, ошондой эле казак ырчы, комузчулары менен беттешип, бир да бири аны жеңе алган эмес экен. Атактуулардан комузда Ормондун уулу Сейилканды, түштүктүк Сарт ырчыны жеңет. Таластык Чоңду акындын жандырмагын жандырып, айтыштын татаал түрүндө да өз жөндөмүн көрсөтөт. Жеңижок аны издеп барып, Каркырада кезигип, саламдашып ырдашат. Казак ырчысы Кантарбай менен беттешип, ал айтышпай жеңилсе, 1850-жылдарда "айтса сөзү куюндай" Сүйүмбай менен жолугуп, алар бири бирин оодара алышпаптыр. Булар бизге белгилүүлөрү гана.

Кыргыз маданиятынын тарыхында Арстанбектин мурасы чоң из калтырган. Өз чыгармачылыгы менен замандаш жана кийинки (19-кылымдын акыры – 20-кылымдын башы) кыргыз төкмө акындарына жана күүчүлөрүнө зор таасир тийгизген. Анын улуулугу – өз доорунун курч проблемаларын козгоп, элдин турмуш жагдайы, келечекки тагдыры, коомдун социалдык ал-абалы жөнүндө терең ой жүгүртүүсүндө. Тилекке каршы, залкар акындын чыгармачылыгы кийинки күнгө чейин бир жактуу бааланып, анын патриархалдык-феодалдык мүнөздөгү көз карашы өтө коюулантылып, баса белгиленип келгендиктен, ал эскичил ырчы катары сындалып, иликтөө, изилдөө алкагынан четтетилип, чыгармалары жыйналбай, акын туура баасын албай келди. Арстанбектин мурасына кайрылуу 90-жылдары гана колго алына баштады.

("Ысык-Көл облусу" энциклопедиясы,
Бишкек. 1995. 431-432-беттер)

Турдакун Усубалиев,
мамлекеттик ишмер,
Кыргыз Республикасынын Баатыры

КАЛЫГУЛ, АРСТАНБЕК, МОЛДО КЫЛЫЧ ЖӨНҮНДӨ

...1947-жылга чейин Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылыч жөнүндө кыргыз элинин поэзиясына негиз салышкан эл акындары катарында, орто мектептерде жана жогорку окуу жайларында атайын сабактар берилчү. Бул инсандардын ысымдары 1947-1948-жылдарга чейин окуу китептеринде, кыргыз адабиятынын тарыхынын очеркинде жазылып келген. Мен өзүм 1939-1941-жылдарда Кыргызстандын мамлекеттик педагогикалык институтунун тил жана адабият факультетинде окуп жүргөнүмдө Калыгул чоң атамдын, Арстанбек менен Молдо Кылычтын поэзиясы жөнүндө далай лекцияларды укмакмын. Лекцияларды кыргыздын ошол мезгилиндеги мыкты интеллигенттери Калим Рахматулиндин, Ташим Байджиевдин, Жапар Шүкүровдун, Тазабек Саманчиндин, Зияш Бектеновдун жана башка мугалимдердин окугандары эсимде...

("Акылман Калыгул" китеби,
түзгөндөр: Самар Мусаев, Абдылдажан Акматалиев.
Бишкек. "Шам" басмасы. 2000. 21-бет.
Кыскартуу менен берилди)

Бектур Исаков,
Чолпон Исакова
окуу китептин авторлору

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ
8-КЛАСС

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

"Арстанбектин ырлары да Калыгулдун маселиндей маанилүү, Көкөтөй менен Куйручуктун сөздөрүндөй таамай жана курч. Токтогулдун ырларындай лирикалуу жана шайыр..."

Тазабек Саманчин

1992-жылы жер айдоо маалында кыртыштын арасынан кийиз таңгак табылат. "Алтын!" Жок, ал алтындан да кымбат асыл мүлк, мурас – Арстанбек ырчынын ырлары эле. Ал 60 жыл көмүлүп жаткан. Аны чоң-кеминдик Кабай Абдыракман уулу деген мугалим 1920—30-жылдары залкар комузчу Муратаалы Күрөңкө уулу өндүү адамдардын оозунан жазып алган, анан Түштүк Кыргызстанда кызмат өтөп жүрүп, 1937-жылдагы репрессиянын курманы болгон. Ата-энеси Кабайдын жазгандарын куран менен кошо кийизге ороп, короонун четине көөмп коюшат. Анан алардын көзү өтөт да, көмүлгөн кийизди эч ким билбей калган... Ошентип, улуу акын капыстан жана кокустан өз элине кайтып келди. "Кайратың тоону бузса да, кашыгың көлдү сузса да, оозуңан чыккан сөзүңө, зоо куланып учса да, эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың, кабарың күнгө кетсе да, жылдызга колуң жетсе да, жараткандын дүйнөсү, бүт колуңа өтсө да, эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң" деген өндүү өлбөс-өчпөс ырлар кийиз менен кошо чирибей, элдин өз колуна тийди.

КЫСКАЧА ӨМҮРҮ

Арстанбек Буйлаш уулу 1824-жылы Ысык-Көлдүн тескей сыртында туулган. Буйлаш – эл арасында кадыр-барктуу, дөөлөттүү, бий болгон адам. Бирок ал кичүү аялы Төрөканды салбар *(салбардын мааниси: күйөөсү аялынын ооокат-тиричилигине каралашпайт, же башын ачып коё бербейт, байдын кем бүлөсү болуп жүрө берет)* кылып таштагандыктан, атасынын жарыгы Төрөкандан төрөлгөн баласына да тийген эмес. Оокат оозуна кенен жетпей, куур тон менен куурап жүрүп, жерден боорун көтөрөт. Андан соң атасы аны кой-козуга салган, камкордук көрбөгөн. Бирок бала көргөн кордугуна басынган эмес, кайра байбиченин балдарын уруп, кийимин тартып кийип, атын жыгып минген. Эл арасын кыдырып ыр-

дап, комуз черткен. Буйлаш Арстанбекти канчалык басмырлап турса да, кийин убайды ошондон көрөт. Кокон хандыгы Буйлаш баш болгон тынымсейит уругунун мыктыларын Анжиянга чакыртып, ошерде ак үйлүү кылып кармайт. Атасынын аркасынан барган Арстанбек эл аралап комузун чертип, ырдап жүрө берет. Алымбек датка анын кабарын угуп, чакыртып алат. Адегенде Арстанбекти комузчулар менен беттештирет. Баарын жеңет. Анан анын ырлары Алымбек даткага жагат да, жанына алып, ырдатып жүрөт. Ошол кезде Арстанбек атасынын жайын айтат. Ошентип, кадырга илинип калган ырчынын мүдөөсү аткарылып, Буйлаш жанындагы жакшылар менен бошоп, элине кетет. Болгондо да көп олжо-буйла менен. Демек, Арстанбек өнөрү менен атасын абактан бошотуп алган. Өзү датка менен бирге жүрүп, той-тамашаларга катышат. Көп эл, жер көрөт. Нечен ырчы, комузчулар менен беттешип, айтышканын жеңип турган. Жыл маалы өткөндөн кийин Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, өз элине кайтат. Акындын даңкы ушунчалык бийик болгондуктан, тынымсейит эли анын астына жорго тартып, тосуп алат. Чоң урмат, сый көрсөтүлөт. Ошондон тартып анын жылдызы баркырап жанган. Ыр менен комуз жагынан алдына киши салбаган. Кыргыздын оң-солуна, казак-кыргызга бирдей таанылган атактуу ырчы болгон. Ал кыргыз элинин башынан өткөн ири окуяларды: Кокон хандыгынын кыргыздарга кылган бийлигин, бугу менен сарыбагыш уруулларынын өз ара бир нече жылдарга созулган кандуу чабышын, казак каны Кененсарынын элибизге болгон чабуулун, падышалык Россиянын кыргыз жерин каратып алган колониялык бийлигин өз көзү менен көргөн. Арстанбек 1878-жылы 54 жашында дүйнөдөн кайткан.

1. Тазабек Саманчиндин изилдөөсүнөн: "Чындыгында, Арстанбек колониялык доордогу кыргыз адабиятынын таңга маалкы чолпон жылдызы болчу. Арстанбек – өтө көп ырдаган акын. Тематика, жанр, түр жагынан да чектелбестен, арышын кең таштаган. Лирикалык сүйүү, арман ыр, кошоктордон тартып, социалдык мааниси терең болгон чоң поэмаларды да чыгарган. Өз чыгармалары менен гана чектелбестен, элдик поэмаларды – "Кожожашты", "Бердикожо", "Беш казак", "Чоро" деген жомок, поэмаларды айткан.

Арстанбектин чыгармалары ар түрдүү мүнөздө. Анын ырлары кээде кишини кабартып, кайратка келтирип, кара жерди каңтарчудай күч-кубат берген эпикалык мүнөздө болсо, кээде жүрөктү элжиретип, жибектей үлпүлдөгөн жумшак лирикалык мүнөздө болгон. Кээде кишинин каңырыгын түтөткөн романтика болсо, кээде күн тийгендей кабак ачкан шат күлкүлүү юмор..." *(Т. Саманчин – окумуштуу. Анын "Арстанбек" деген эмгеги 1941-жылы жазылган.)*

2. 500 күү. "Арстанбек баш-аягы болуп, беш жүзгө жакын күү чертчү экен. Мунун ичинен бир далайы өзүнүн төл чыгарма күүлөрү болуу керек. Кичинекей обон күүлөрдөн тартып, чоң күүлөргө чейин черткен. Кийинки убакка чейин "Арстанбектин күүсү" деп, бир топ күүлөрдү комузчулар

чертип жүрүштү. Арстанбектин "Толгоосу", "Мендирманы", "Камбаркаңы", "Айганы", "Камкасы", "Тили буруусу", "Кер өзөңү", "Кой бөлөөрү", "Манасы"... Ал комузчулар менен чертише келгенде, буту менен да чертип жиберип, комузчуларды жеңип алчу экен..." *(Т. Саманчин).*

3. Талып Молдонун эскерүүсү: "Мен келсем, эл үйдүн ичи-тышын бербей, толуп чыгып кеткен экен. Арстанбек "Тар заман" деген ырын баштады. Кары, жаш дебей отургандардын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткыртып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей, тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан күндүн илебиндей ыры менен элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм кирди. Жыйылган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү малы эсинен чыгып кетсе керек, ал ырын токтотуп: "Кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла" деген кезде эстерине келип, ырга маашыр болгон эл кынжылып зорго тароого бет алды. Мурун далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок" *(Талып Молдо – 1849-1949-жылдарда жашаган чоң билимдүү адам. Окуган китебин тзмелеп жүргөн, 14700 китеп окуган).*

Суроолор

1. Кийиз таңылчак кандайча табылган?
2. Эл жөнүндө Арстанбек эмне деген?
3. Буйлаш баласынан кандайча убай көрдү?
4. Арстанбек кандай окуяларды өз көзү менен көргөн?
5. Т. Саманчин Арстанбектин ырларына кандайча баа берген?
6. Комузчулугун сүйлөп бер?
7. Арстанбектин ырчылык күчүн Талип Молдо кандайча элестеткен? Кара нөшөр жааса да, элдин ордунан тура калбай уга бергени, кеч кирсе да алардын малы эсинен чыгып кеткени эмнеден кабар берет?

ТАР ЗАМАН

1. Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта.
Карылардан көп уктук,
Уламадан сөз уктук.
Ошондо өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат дечи экен.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп чыгат дечү экен.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп чыгат дечү экен.

Ай-ааламдын баарысын,
Соруп чыгат дечү экен...
Улуу суунун баарысы,
Чулук болот дечи эле.
Кичи атанын баарысы,
Улук болот дечи эле.
Жаан-чачын азайып,
Шамал болот дечи эле.
Адамзаттын билгени,
Амал болот дечи эле.
Кыш көбөйүп жылынан,
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган,
Май азаят дечи эле.
Короодогу айдаган,
Кой азаят дечи эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечи эле.
Ошол орус чыкканда,
Төгөрөктөп урдурган,
Коргон чыгат дечи эле.
Тегеретип баарысын,
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечи эле.
Кийгенинин баарысы,
Буту-колун жашырбай,
Дорбол чыгат дечи эле.
Куран жатып үстүнөн,
Кат жүгүрөт дечи эле.
Ошо катты көтөрүп,
Ат жүгүрөт дечи эле.
Карагайдын башында,
Чыны болот дечи эле.
Чыны менен жүргүзгөн,
Зымы болот дечи эле.
2. Ушул орус чыкканда,
Кара жол кылар көлүндү,
Эсепке алар жериңди,
Кайсаңдар сенде чама жок,
Капкандай чабар белинди.
3. Ушул орус келгенде,
Аштык чыгар жерди алар,
Бээден туулган керди алар.

Ошондо
Менменсинген эрди алар.
Бузукту журтка көп салар.
4. Капкандай чапты белинди,
Каптап алды элинди.
Сурап алды жашынды,
Каттап алды башынды.
5. Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды,
Бээден туулган керди алды.
Кардыы салык байды алды,
Кача турган жайды алды.
6. Милтеси жок мылтыгы,
Түтөгөнүн айтайын.
Жылдан жылга орустун,
Күчөгөнүн айтайын.
7. Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
8. Көч алды болор орусуң,
Сары журт болор конушуң.
Жайлоо тургай төр кайда,
Жайылып жаткан эл кайда,
Ачып кирер көр кайда?
9. Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти.
Болуштарды карасаң,
Катынындай кекетти.
10. Жасоолдор келет шарактап,
Жардынын жалгыз атын карактап.
11. Акча катты койнуна,
Насыя түштү мойнуна.
Азаматтан күлкү өлдү,
Айдап жүрүп жылкы өлдү.
Жорго жолдон суурулду,
Кайран заман куурулду.
Бей-бечара момундар,
Баткак болуп жуурулду.
12. Ушу заман – тар заман,
Азуулууга бар заман.
Бечарага зар заман.

13. Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
14. Шум жалгандын белгиси –
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болду элибиз.

"ТАР ЗАМАН" ЖӨНҮНДӨ

"Арстанбек – кыргыз эли башынан өткөргөн бир топ алааматы күчтүү, капсалаңы катуу, кан төгүлгөн кызыл кыргындуу күндөрдү көрөт. Меменсинген эрлер өлүп кетет. Кыргыз жерин катын-баланын ыйы, эр азаматтын үшкүрүгү басат. Заман кыйчалыштап, олку-солкусу көбөйөт. Арстанбекке ушул заман кыйчалыштаганы менен гана бүтүндөй түрү көрүнөт. Бул кезде тили, дини башка, табы мыкты, күчтүү жоо кыргыз жерине жакындап келип калат. Бул орус падышачылыгынын кабары кыргыз элине катуу угулат. Эл арасында капсалаң катуу жүрөт. Көчмөндүү эл ары кетет, бери кетет. Малы, башы чачылат. Ансыз эле мындан мурун чабылып, чачылып, тукулжураган эл акырында Россия падышачылыгына айласыздан туруп берет. Арстанбек замандын ушундай түрүн көрүп туруп, "Тар заман" поэмасын ырдаган. Бул поэмасында Арстанбек замандын түрүн чебердик менен мүнөздөйт. Элдин малы, башы, жер-суусунан айрыларын айтат. Элдин таалайсыз келечегин сүйлөйт... Арстанбек "Тар заман" поэмасын ырдаганда, бул поэма эл арасына желдей тарап жайылат. Ошондо мыктылардын бири: "Арстанбектин тилин кесип, көлгө салуу керек - деп жарыялайт, - анткени келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын оозунда болот" деп, акындын өлүмүн негиздеп түшүндүргөн. Эл бузукунун тилине кирип, акынына кол көтөрө алган жок. Кайта аны "Булбулум" дешип барктап, асман-айга көтөрүштү.

Арстанбек "Тар заманды" 1860-жылдардын ичинде чыгарган. Бул поэмасын кийинки 15-20 жыл ичинде эл алдында үзбөй ырдап жүргөн. Ошондуктан Арстанбек "Тар заманын" улам өзгөртүп, оңдоп, анын көркүүлүгүн арттыра берген. Арстанбектин көзү өткөндөн кийин, поэма көп бурмаланып, бузулган. Кээ бир ырчылар поэмага өз сөздөрүн да, ырларын да кошуп жиберишкен. Анын алгачкы түрүнүн тарпы гана калган.

Акын бул ырды он беш жыл бою үзбөй ырдап, күнүнө бир нече жолу кайталап айтса да, эл андан кымындай жадап койгон эмес. "Тар заманды" укканда, көз жаштарын салаалатып, башына түшкөн мындай каран күнгө айласыздан гана чыдашкан.

Падышалык Россия кыргыз элин каратып алуудан мурда кыргыз жерине бийлигин тургузарын Арстанбек мурунтан эле эл арасында какшап ырдап жүргөн.

Кара жол кылар көлүңдү,
Коруп алар жериңди.
Кайсаңдар сенде чама жок,
Капкандай чабар белиңди.

Бул ырын Арстанбек кыргыздардын уруу баштаган, кан, баатырдары ынтымакка келип, күчтөрүн бирге жыйнап, бул күчтүү жоого каршы турса экен деген тилек менен айткан. Бирок бай-манаптар падыша өкмөтүнүн зордугуна каршы туруунун ордуна Арстанбектин тилин кесип, көлгө салып жоготуу аракетинде болушкан. Бир топ кыргыз уруулары, аларды баштаган Балбай баатыр сыяктуу кайсы бир илгери тилектүү адамдар падыша өкмөтүнө баш ийбөөгө аракет кылат. Бирок бул аракеттер антаалап, ар кайсы жерден чыгып, туташ күчкө ээ боло албайт. Өз ара жоолашып жаткан кыргыз уруулары жарашып, ынтымака келишкиче, падыша өкмөтүнүн экспедициялык войскасы кыргыз элин чаап, жерин басып алды. Арстанбектин айткандары келе баштады. Падыша өкмөтү кыргызды каратып алары менен ага кылган жабырчылыгын Арстанбек өтө таамай мүнөздөп, "Бээден туулган керди алды, ченчи келип, жерди алды" деп, элдин жер-суусунан айрылып, малы таланганын айтат. Падыша өкмөтүнүн бийлигинен кыргыз эли эзилип, кутула албасына көзү жетип: "Жайлоо тургай төр кайда, ачып кирер көр кайда?"-деп муңканып, каңырыгы түтөйт".

Т. Саманчин.

"Өткөн тарых, ар мезгил ар кыл көз караштагы адамдарды жаратат. Себеби адам ошол доордун, мезгилдин духун өзүнө сиңирет, канчалык өз дөорунан, мезгилинен башкача болоюн десе да, боло албайт, мезгил агымына каршы сүзө албайт. Бир мезгилде жашап өткөн акындар да ошол мезгилинин кулу да, үнү да, жарчысы да болушкан. Арстанбек акын да ошондой эле. Негедир анан ошол мезгилинин акынын кийин башка бир мезгилдин, "советтик" деп аталган мезгилдин партиялык идеологдору "соккуга алышкан", "тепкилешкен". Анткени алар мезгилге, турмушка, элдин абалына Арстанбек жашаган доордун көзү менен карашкан эмес, жүз жыл кийинки саясат менен карашкан. Кызык, Арстанбек же Калыгул жүз жыл кийин бийликке келчү, болгону 60-70 жыл жашачу коммунисттик партиянын саясатына ылайыктап ыр жазыш керек беле? Андай кылганда алардын ыры "туулбай жатып, туна чөкмөк".

Бирок советтик саясат, коммунисттик тоталитардык идеология Арстанбектин ырларынан "ката" таап чыкты. Советтик көз карашка ылайык келбейт деп чыкты. Силердин эле ата-энеңер Арстанбектин атын уккан менен анын ырларын окуй алышкан эмес, себеби китептерин чыгарбаган, кол жазмалары "темир сандыкка" салынып, анын атын атагандар "эл душмандары" катары эсептелген.

Эчак көзү өткөн Арстанбек аны билген эмес, ырларынын тагдыры ошондой күнгө кабыларын ойлогон да эмес, ал эмнени көрсө, көөдөнүнө кандай ой келсе ошонун баарын ырга айланта берген. Чыныгы акын

деген ошондой болот: бул же тигил саясатка ылайыктап ыр чыгарбайт, адамдын оюн, насилин, ички дүйнөсүн ырга айланта берет.

Арстанбек ошондой тагдырда жашады. Акын ырларын билбей калган өткөн XX кылымдын 50-90-жылдарынын муундары гана көп нерседен утулду...".

А. Муратов,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор

Суроолор

1. Арстанбектин бул ырынын элдин эркиндиги жана эзилгендиги менен кандай байланышы бар? Эгер байланышы болсо, аны эмне менен далилдейсиң? Эгер байланышы болбосо, ага кандай жүйөө келтире аласың?

2. Арстанбектин бул ыры орус эли менен болгон ынтымакка доо келтире алабы? Же "Тар заманда" айтылгандар падышалык Россияга гана тиешелүүбү?

3. Жер-сууну тартып алып, өзүндү такыр жерге сүрүп салган падышалык Россия бийлигинин саясатын достуктун аркасы менен иштелген дешке болобу?

4. Арстанбек акын кыргыздын чыныгы атуулу, эр азаматы болгонбу? Же бир ууч байлардын мүдөөсүн көздөгөнбү? Ырларга таянып, далилде?

5. Арстанбектин атуулдук ар-намыстуулугунан үлгү алууга болобу? Же анын ырлары адамды бузуп коёбу?

("Кыргыз адабияты" 8-класс үчүн окуу китеби,
Бишкек – 2002, 218-225-беттер)

СЫН ПИКИРЛЕР КАЛЫС БОЛСО...

А. Жаманкараевдин "Кыргыз тарыхы ойдогудай жазылдыбы?" деген макаласына жооп.

...Автордун акын Арстанбектин чыгармачылыгын изилдөөчү "Эчак эле (1940-жылдардан бери!) аксиомалык чындык болуп калбады беле" дегени азыр суу кечпей калгандыгын айтмакчыбыз. Анткени, жада калса акындын жашаган жылдары тактала элек. Т. Саманчин менен Б. Кебекова 1824-1878-жылдар десе (Караңыз: Арстанбек, 1994, 5-150-бб.), М. Абдылдаев 1840-1882-жылдар дейт (Караңыз: Мурас/Түзгөн М. Абдылдаев. Ф., 1990, 35-36-бб.). Ал эми адабиятчы Б. Кебекованын маалыматы боюнча 1992-жылы 60 жыл бою жер алдында жашырылып жаткан Арстанбектин бир топ акындык мурасы табылган. Аны 1930-жылдары мугалим болуп иштеген Кабай Абдрахман уулу тарабынан белгилөө менен Б. Кебекова мурунку эле бизге белгилүү болгон "Тар заман" жана башка чыгармаларын бир нечеден нус-

Приказ.
Тургайской Губернаторской
№ 17
1874 г. Июня.

№ 34244

По предписанию Главноначальствующего Киргизами Степного края, утвержденному Высочайшею властью, Всемилостивейше Государем Императором 1 Января 1875 года, Высочайшею наградою на торжестве 1875—1876 годов, пожалованы лица:

Зауральской Волости:

Волостным управителем — Уразгали Бурамбаевъ.

Кандидатами на медали — Тажелда Абрамовъ

Бии:

№ 1-го аула — Арстанбекъ Бурбаевъ

№ 2 — Мырзалы Худайбергенов

№ 3 — Сулеймана Бержбаевъ

№ 4 — Рысжулы Кирибаевъ


№ 5 — Даяхулы Алексеевъ

№ 6 — Абдулы Байгужинъ

№ 7 — Умуры Аманбаевъ

(на обороте)

Казахстан Республикасының Мәдениет және ақпарат министрлігі Орталық мемлекеттік архиві. ф. 44 оп. 1 Д. 29808 л. 372



Сапаралиев Дөөлөтбек Бекишович,
тарых илимдеринин кандидаты, профессор,
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин окутуучусу
тарабынан берилген архивдик материалдар

каларын салыштырып, эмнегедир аярлык кылып, алар "варианттуулукка көтөрүлгөн эмес" деген бүтүм чыгарган (караңыз: Б. Кебекова, Түзүүчүдөн/ /Арстанбек...142-144-бб.). Албетте, 19 ырдан турган толук кандуу бир китепче жарыяланып жаткан бүгүнкү күндө бу дагы "аксиомалык" стереотиптен алиге арыла электигибиз деп эсептесек болот. Анткени, алар варианттуулукка ээ дегенде эле, Арстанбек манускриптик (кол жазма) адабияттын эгедери болуп, жазма акындардын катарына кошулуп кетмек. (Караңыз: Асаналиев К. Башат//Молдо Кылыч. Казалдар. Ф., 1991. 17-б.).

Ал эми жакында Казак Республикасынын Борбордук архивинен Арстанбектин атасынын жолун жолдоп, бийликке аралашкан адам экендигин тастыктаган маалымат табылды. Анда Жетисуу аскер-губернаторунун 1874-жылы январдагы №17 буйругуна ылайык 1873-1876-жж. Жуука (Заука) волостунун №1 айылынын бийи болуп Арстанбек Буйвашев (Буйлашов) бекитилсин деп айтылган. (Караңыз: Ф. 44. Оп. 1. Д. 29808. Л. 372). Бул жагдай акындын "Керээз" аттуу ырында төмөндөгү саптар менен ырасталат.

"Доор сүрдүм жашымда,
Дуулап жүрдүм башында.
Караколду бийледим,
Калк ичинде сүйлөдүм.
...Менде арман калган жок,
Аш, тойду өзүм бийледим,
Албан түрдүү сүйлөдүм".

(Арстанбек...15-16-бб.).

Жогорудагы жаңы маалыматтар Т. Саманчиндин Арстанбектин манаптан запкы чеккен (атасы энесин салбар кылып, каралашпай койгон) социалдык катмардын өкүлү катары көрсөтүлүшү, совет мезгилиндеги инсандарга таптык позициядан мамиле кылуунун саркындысы экендигин көрсөтүп, акындын катсабаты бар болгон деп, кыйыр да болсо белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Сизди терең урматтоо менен,

китептин авторлору 9 тарыхчы жана 1 философтун атынан
Д. Сапаралиев, А. Беделбаев.
("Заман Кыргызстан" гезити, 14-ноябрь, 2003-жыл)

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ

...3. Терме ырларда кимдин ким экендигине толук аныктама, сын, баа берилет, жыйынтык чыгарылат:

Ашта, тойдо айтышса,
Ар акын менен тартышса.
Бетине адам чыкпаса,
Бедели түшүп ыктаса.
Ал – ашкан ырчы белгиси.

Суусар кийип суйсалган,
Жорго минип, жол чалган.
Белине кемер курчанган,
Мырзалыктын белгиси.

Бели ичке ийилген,
Кашы тасма чийилген,
Сулуулуктун белгиси.
Сулуу сүйүп суктанбай,
Кумары таркап, бук канбай,
Жүрө алабы эр киши...

(Арстанбек)

Кыргыз адабиятынын тарыхы,
– Б. 2004-ж. I-том, 232-бет

АРСТАНБЕК СЫНЧЫ

Кыргыздын алтынчы, азыркы заман сынчысы, анын олуялык касиети кара чыйырчык болгон. Өзү тынымсейит уругунан, Жантайдын убагында чыккан.

-Уй тул (пул) болор, кул бий болор, күң байбиче болор. Кайненени келини башкарар. Кары өзү текке калар. Элден пейил кетээр. Кесир көбөйөр. Аял кызасын алар, оң сөздү тескери алар-деп, далайды айткан.

("Кыргыздар" китеби,
– Б. 2004. 3-том, 309-бет.
Түзгөндөр: Кеңеш Жусупов, Каныбек Иманалиев)

Калый Токтосунов,
санжыра иликтөөчү

ААЛЫКЕНИН АШЫНДА ЖАРЧЫЛЫК КЫЛГАНДАГЫ ЫРЫНАН ҮЗҮНДҮ:

Ассолому алейкум,
Ак калпак кыргыз балдары.
Анжиян, Кокон, Кашкардын,
Алтын так минген хандары.
Атабыз Кошой, Манастай,
Ааламга кеткен арбагы,
Ар бир сууда жаяндар,
Алтындан оор салмагы.

Арстанбек келди силерге,
Амандашып алганы.
Анжиян, Кашкар, Алатоо,
Аман-эсен жатабы?
Элимдин айыл-апа аймагы?
Атабыз Шайкы Мансурдан,
Анал, Минал бир тууган.
Аларды шейит кылган дейт,
Абалкы өткөн бир заман.
Даргага асып өлтүргөн,
Дайынсыз болгон ушактан.
Өлсө да үнү басылбай,
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Айтып үнүн узаткан.
Баланын үнүн басууга,
Башын чаап ташташкан.
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Денеси жок баш жаткан.
Күйдүрсөк үнү чыкпас деп,
Алоолонтуп от жаккан.
Өрттөлүп күйүп бүтсө да,
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Жалын учкун, күл жаткан.
Дайрага күлдү салганда,
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Ансайын айтып бараткан.
Нечен күнү, нечен түн,
Таңыркап ар ким карашкан.
Имерилип иримге,
Токтолгон көбүк зар айткан.
Кырк кенизек кез болуп,
Кыдырата жөлөшкөн.
Таттылыгы ушундай,
Даамын көрүп талашкан.
Амири менен алданын,
Амийла болгон курсактан.
Кош бойлуу болгон кырк кызды,
Казаптап падыша айдаткан.
Быябан алыс бир тоого,
Желдеттер айдап кырк кызды,
Жеткирип барып ташташкан.
Ошол кырк кыз энебиз,
Кайыптан болгон денебиз.
Өскөнбүз жалаң тоолордо,

Ошондон бери келебиз.
Кыргыз деген атакты,
Ошондуктан билебиз.
Ак калпак кыргыз аталып,
Атак алып жүрөбүз.
Андан бери келгенде,
Атабыз Бакай, Манастан.
Казат кылып Кытайга,
Калк намысын талашкан.
Кыргыздын эли бет алса,
Кытайдын элин караткан.
Кыраан Манас кайран эр,
Кырчылдашкан душманга,
Кыргын салып жаратkан.
Эрдик кылып кайран эр,
Нечен чилдей тараткан.
Акырет кетти акыры,
Айбалта тийген жараттан.
Оопасы жок дүнүйө,
Ошентип өтүп бараткан.
Жалган десең сөзүмдү,
Окуп көр, тарых-кагаздан.
Андан бери өтүптүр,
Алда канча атабыз.
Ар урукка бөлүнүп,
Ар бир сууда жатабыз.
Жазылып кеткен тарыхты,
Жашырып кайда катабыз?
Түбүбүз Түрктүн баласы,
Түгөл кыргыз далай жан.
Узун кулак Мааты,
Укkандырсың кабардан.
Төрөлүптүр Долон бий,
Ушул Мааты атамдан.
Долон бийден эгиз дейт:
Ак уул, Кубуул – эки атам.
Ушул Акуул, Кубулдан,
Оң, сол болуп таралган.
Көчмөн кыргыз балдары,
Көпчүлүгү алардан.
Баш кошуп, чогуу жүрбөйбүз,
Байыркы жакшы замандан.
Акуулдун тукуму,
Адигине, Тагайдан.

Моңолдор менен Муңгушту,
Наал эжеден болгон дейт.
Улама айткан кабардан.
Кубуулдун балдары,
Кушчу, Мундуз, Саруудан.
Жазы Сыяк тукуму,
Келиптир Нойгут ханынан.
Уга элек болсоң бул сөздү,
Үйрөнүп ал агаңдан.
Ишенбесең сурап көр,
Малакан, Койчу ханыңдан.
Черик менен Коңурат,
Наал эжеге табылган.
Жору деген тууганды,
Алыптыр Кокон ханыңдан.
Адигине атамдын,
Мергендиги барынан.
Тарыхтын сөзүн таштайын,
Так ушерде отурган,
Баатырлардан баштайын.
Алабарман ырчыдай,
Акылымдан шашпайын.
Алптардын баш кошуп,
Келгенинен айтайын.
Азыркы турган бул жерде,
Көргөнүмөн айтайын.
Атын атап эрлердин,
Жөн-жөнүнөн айтайын.
Баатырлар минген бариктен,
Бар шайманы келишкен.
Турдуке, Максут, Эшимбек,
Тулпарын байлап элирткен.
Катуу багыт Какшаалдан,
Кан Атабек келиптир,
Калың тууган Чериктен.
Алыс капка Кашкардан,
Атагы чыккан башкадан.
Абдылдабек, Сопубек.
Алты уруу элди башкарган,
Койчу датка келиптир.
Акимдикке такшалган,
Карабагыш, Кушчудан.
Чоң багыш, Нойгут журтунан,
Кудайберди, эр Чонтой,
Кең Алайдын бурчунан.

Келиптир Койчу чоң датка,
Кекенген жоого курчуган.
Кеменгер абам Койчунун,
Кеңешин укkан тың чыккан.
Адигине, Муңгуштан,
Анжияндык кыргыздан,
Акылы журтка жаккандан,
Акимдикке тургузган,
Алымбек датка келиптир...
(уландысы бар)

("Эркинтоо" гезити, 27-март, 2005-жыл)
Асан Кайбылда уулу,
музыка изилдөөчү

РАДИОНУН МУЗЫКАЛЫК "АЛТЫН КАЗЫНАСЫНДА":

№	*Аталышы*	*фонддун №*	*убактысы*	*кимден алган*
1.	"Арстанбектин кой бөлөр"	9372	257	Асанаалы Кыштообаев
2.	"Арстанбектин кой бөлөр"	7975	106	Самсалы Аликеев
3.	"Арстанбектин калыс ботою"	3054	235	Ыбырай Туманов
4.	"Арсанбектин сен, сен дүйнө"	9102	228	Ыбырай Туманов

(Асан Кайбылда уулу, Кыргыз күүлөрү, экинчи китеп. Б. 2011-ж. 374-бет)

БУЙЛАШ УУЛУ АРСТАНБЕК

Арстанбек 1824-жылы Нарын районунун Эки Нарын бөксе жайлоосунда, Буйлаш бийдин үй бүлөсүндө туулган. Атасы бай болгону менен, энеси – бай токолу Төрөкан менен мал артында жүргөн. Бала чагынан комуз чертүүгө, элдик обондуу ырларды ырдоого, кенже эпосторду айтууга ынтызарланган. Чоңоюп калганда дареги алыска угула баштаган. Ошол мезгилде Көл, Нарын аймагындагы атасы

Буйлаш бий баш болгон 12 бийди Кокон хандыгынын сарбаздары "салык төлөөдөн баш тартты" деген айып менен Коконго айдап кеткен. Арстанбек атасы баш болгон бийлерди камактан бошотуу максатын көздөп, Мадалы хандын ордосуна барып, камалгандарды коргоп, хан баш болгон төбөлдөрдү мактап, бир канча убакыт тынбай ырдаган. Хан чөйрөсүндөгү башкаруучуларга жагып, бийлерди куткарып жиберип, 3 жылча ордо ырчысы болуп, барымтада жүргөн. Кийин Буйлаш бийдин улуу байбичесинин балдары менен батышпай, Жети-Өгүз аймагындагы таякелерине жакындап, Чычкан айылына көчүп келип, үйлөнүп, өмүрүнүн акырына чейин көл жергесин мекендеген. Арстанбектин чыгармалары замана агымындагы Калыгул, Молдо Кылыч өндүү акындардай ой чабытынын кенендиги, даанышмандыгы, көркөмдүүлүгү, ыргактуулугу менен өзгөчөлөнөт. Акынга жар чакыруу, айтыш, санат ырлары, термелер, комуздун коштоосунда обон менен ырдоо мүнөздүү. Ал кыргыз элинин улуттук музыкасына 500дөн ашуун күүсүн, 200дөн ашуун обондуу санат ырларын калтырган. Тарыхый маалыматтарда Арстанбек бий даражасын алып, Жети-Өгүз чөлкөмүндө акыйкат башкаруучу катары да таанымал. Арстанбек 54 жашында кайтыш болуп, өзүнүн керээзи боюнча сөөгү Жууку өрдөшүндөгү Таш-Кыя көрүстөнүнө коюлган. 1994-жылы октябрь айында Нарын шаарында залкар акындын 170 жылдык мааракеси белгиленген.

("Жети-Өгүз районуна 80 жыл" маараксине арналып, атайын чыгарылган түстүү журнал, Кызыл-Суу айылы – 2011, 7-бет)

Эрнис Турсунов,
Кыргыз эл акыны

АРСТАНБЕКТИН СОҢКУ ЫРЫНАН:

Каркыранын белинде,
Кайран жаным ооруду.
Жан койбогон жаналгыч,
Жалгыз жанды тооруду.
Ак сакалын жайкалткан,
Албан малын айдаткан,
Казы-карта чайнаткан,
Кара жерге дан баккан,
Атамды берсем алабы?
Алтын жаным калабы?..
Жез самоорун кайнаткан,
Желеге бээ байлаткан,
Дасторконун жайнаткан,
Дандырына нан жапкан,
Качан көрсөң жайдары,
Каныкейдей кайратман,
Кабак-кашым дебестен,
Капсаланда жан баккан,
Энемди берсем алабы?

Эсил жаным калабы?..
Колтугумда бир жаткан,
Кордугумду бир тарткан,
Сансыз дүйнө жаткансып,
Сандыгына сыр каткан,
Эски журттан көчкөндө,
Эки төөгө жүк арткан,
Аялым берсем алабы?
Аялуу жаным калабы?..
Булбулдай тилин сайраткан,
Бир айтканын кайра айткан,
Бажырайып караган,
Бал-бал көзүн жайнаткан,
Энекеси эмчегин,
Эки маал айматкан,
Чырагым берсем алабы?
Чымын жаным калабы?..
Албаса анда жетиптир,
Арстанбектин ажалы!

(Ж. Акматовдун "Бабалар баяны же урпакка кеткен жол" деген китебине айтып берген ыры. 2013-жылдын май айы. 146-147-беттер)

Турганбай Молдогазиев,
маданият, музыка таануучу;
Кыргыз Республикасынын
билим берүүсүнүн отличниги

АРСТАНБЕКТИН "ТАР ЗАМАН" ОБОНУ

Кыргыз элинин байыртан берки улуттук рухий маданиятынын өсүп - өнүгүүсүнө, калыптануусуна, өркүндөөсүнө өтө баалуу жана зор салымды кошуп келе жаткан инсандардын катарынан, чындыгында, эң маанилүү жана көрүнүктүү орунду элибиздин атам - заманында ойлоп тапкан оозеки синкреттүү - синтездешкен формасындагы салттык музыкалуу-поэтикалык көркөм чыгармачылыгын көөнөртпөй улаган, аны көп кырдуу, жандуу чыгармачыл мүнөздүндө муундан муунга өткөрүп берген өнөрпоздору ээлерин ушул Кыргыз Билим Берүү Академиясы өз төрүндө Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы, "Манас Эл" коому, Улуттук Жазуучулар Союзу менен бирдикте 2014 – Мамлекеттүүлүктү Бекемдөөнүн Жылына арнап, "Арстанбек Буйлаш уулу – XIX кылымдын улуу акыны" деген темада Республикалык илимий – практикалык конференциясын уюштуруп, өткөрүп жаткан жеринде баса белгилеп айтуумду туура көрдүм. Бул маселеге эмдигиче мамлекеттик да, илимдик жана практикалык жагдайда да атайын терең көңүл бурулбай, кез-кезде

гана кээ бир өнөрпоздорунун өмүр баянына арналган бир жактуу камкордуктары чектелүү, жетишсиз, үстүртөн жүргүзгөн иш чара болуп келгендей сезилет. Буга бүгүнкү конференцияга катышуучулардын чөйрөсү сан жагынан да, сапат жагынан да өтө эле төмөн экендиги бир мисал.

Албетте, элдик салттуу көркөм чыгармачылыктагы манасчылар, дастанчылар, кошокчулар, ырчылар, обончулар, музыкалык аспаптарда күү чыгаруучулар жана аткаруучулар, төкмө акындар, советтик доордун жашоо шартында жаңы адистикке ээ болгон композиторлор, дирижёрлор өзгөчө формадагы чыгармачылык табылгалары менен элдик турмуштун күүсүн дайыма коштоп келе жаткан өнөрпоздор экени төгүн эмес. Булардын чыгармачылык таасири өтө күчтүү, демилгелүү жана маанилүү экенин эч ким тана албайт. Бирок, ошондой болсо да, эл, күнүмдүк турмушунда Арстанбек Буйлаш уулунун, Актан Тыныбековдун, Сатылган уулу Токтогулдун, Турсуналы уулу Эстебестин ысымдарын байма-бай атап, алардын түркүн өнөрүнүн ар бирине токтоло калып, анын маани-маңызына артыкча арууланып, чыгармаларын кеп-сөзгө айландырып өзгөчө жагын баалап, андан ар бир угуучу-көрүүчү ой-сезимине, акыл-эсине маанилүү керегин сиңирип, аны эмоциялык көңүлү менен жан жүрөгүнө уютуп алып, рухий жагынан азыктанып жатканы чындык экенин тарых/далилдөөдө. Анткени, булар, кыргыз элинин "жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" деген нускалуу сөзүндөгүдөй, көп кырдуу көркөм өнөрү менен башка бир өнөрпоздорго, мисалы – манасчыга, комузчуга же ырчыга караганда, ар дайым коомдук кыймылдуу маданияттын чордонунда тынымсыз болуп, анын негизги процессине активдүү катышып, кандайдыр бир карапайым адамдык жашоо-тиричилик аракетине өзгөчө кубаттуу дем (энергия) тартуулап турганы менен айырмалуу. Ошондуктан мындайлар артыкча өнөрпоздор – мурасчылар, жарчылар, үгүтчүлөр, жан дилди агартуучулар. Мындай өнөрпоздордун коомдук ролу өтө бийик, ар дайым мамлекеттик эскерүү иш чаралары аркылуу элдин аң-сезиминен түбөлүктүү орун алуулары керек деп ойлойбуз.

Арстанбек Буйлаш уулу, XIX-кылымдын ортосунан баштап, өзүнүн төкмөлүк чыгармачылыгындагы музыкалуу-поэтикалык жана комузчулук, обончулук, күү чыгаруучулук өктөмдүү өнөрү менен өз доорунда да, кийин да элдин эсинде сакталган. Арстанбек чыгармалары менен кыргыздын коомдук аң-сезиминин өсүү даражасына дайыма күчтүү таасирин тийгизип элдин социалдык, саясый жана маданий жагынан калыптануусуна маанилүү багыт берип келген чыгаан (гений) өнөрпоз. Арстанбектин чыныгы чыгаан өнөрпоз экенин эл ичиндеги ушуга чейин оозеки түрүндө кенен айтылып жана аз болсо да жазма түрүндө сакталып калган чыгармаларынын маанилик, мазмундук жана маңыздык күчү тастыктай алат. Бул жагдай боюнча кызыккандарга маалыматтардын негизги жыйнагы "Арстанбек" (1994 ж., Бишкек, Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы. Жыйнакты түзгөн жана басмага даярдаган филология илимдеринин кандидаты Батма Кебекова, редактору – философия илимдеринин кандидаты Кадырбек Матиев) китебине басылып чыкканы өтө татыктуу белек болду.

Китептин басылып чыгышына Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Адабият жана көркөм өнөр институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш этилгени Арстанбек жөнүндөгү материалдардын ишенимдүүлүгүн жана тактыгын тастыктап турат. Албетте, китептин материалдарын жыйнап жана түзүп чыккан Батма Кебекова эженин эмгеги өтө зор. Бир кезде чачкын, баш аягы жок, ар кайсы жерде жолукчу материалдарды чогултуп, тактап жана мааниси боюнча иретке салып китеп кылып чыгаруусу кыргыздын рухий маданиятына чоң салым болду, эжеге окурмандар сыяктуу эле өзүм да терең ыраазычылыгымды билдирем. Анткени, 1970-1980-жылдары Маданият министрлигинин алдындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектебинде (азыр Мукаш Абдраев атында), Театр коомунда, Эл чыгармачылыгынын жана маданий-агартуу иштеринин илимий-методикалык Борборунда жетекчилик кызматты аткарып жүрүп, элдик музыкалуу көркөм өнөр жайындагы бир топ маселеге илимий көз караштын жетишсиздигин билүүчүмүн. Маселенин кээ бир жагдайын изилдөө максатында, 1990-жылдын башында, ошол учурда Улуттук Илимдер Академиясында Батма эже башкарган Акындар поэзиясы жана фольклор Бөлүмүнө илимий кызматкер деген ишке сурандым. Кабыл алышты. Эже, менин музыкалуу да адистигим барынан, төкмө акындардын чыгармачылык өзгөчөлүгүнө илимий өңүт салуумду сунуш этти. Бул обьект мен үчүн кызыктуу болуучу. Ишке кириштим. Төкмө акындарга байланыштуу жазма материалдар менен таанышып, талдап чыгууга аракеттене баштадым. Төкмө акындык өнөрдүн башында манасчылар, дастанчылар тураарын эске алып, а дегенде, Саякбайдын манас айтууларынан 4-5 окуялуу түрлөрүн, Сары Кунандын аткаруусунан "Курманбек" дастанын, адаттагыдай поэзиялык эле тексттери боюнча кароодон баш тартып, өзүнүн нукура аткарылыш түрүндө поэзия, музыка, аткаруучунун үнү, кыймыл-аракети бир бүтүн, бири- биринен ажырагыс көркөм каражат болоорун негиз кылып алып, ошол боюнча угуучу-көрүүчүлөрүнө кандайча даражадагы таасирин тийгизээрин изилдөөгө өттүм. "Курманбектин" музыкалык тексттерин нотага түшүрүп, анын ар бир угулушунда поэзиялык тексттеги ар бир сөздүн кандайча кубулуусуна көңүл койдум. Ар бир сөз музыкалык үн аркылуу бири-бирине логикалык байланышын улам өргүтүп отуруп, автордук айтайын деген ойдун мотивдерин фразадан татаал сүйлөмдөргө кубулуу менен айландырып жатканын көрдүм. Автордун айтайын деген оюн ал сөздөр эле эмес, комуз кайрыгынан чыккан өз алдынча фразалык кайрыктар да оболото күүлөп жатканы байкалды. Ушундай метод менен изилдөөнүн натыйжасында Сары Кунандын айтуусунан Курманбектин образы жана дастандагы бүткүл окуя өзгөчө мааниге ээ болду. Сары Кунандын аткаруучулук чеберчилигин да бийик даражада көрсөттү.

Ошондон соң Арстанбектин айтылуу "Тар заманын" изилдөөгө кириштим. Аның кээ бир музыкалык чыгармалары эл чыгармачылыгы боюнча тааныш эле жана жазмага түшкөн түрлөрүн китептен, Кыргыз радиосунун алтын казынасынан жолуктурчу элем. Арасынан мени кызыктырганы 1928-жылы орустун музы-

ка изилдөөчүсү А. В. Затаевич кыргыздын улуу музыканты Мураталы Күрөңкеевдин аткаруусунан түзмө-түз, мандайында отуруп угуу жолу менен "Арстанбектин Зарзаман" ырын нотага түшүргөнү болду. Ырдын аты эмне үчүн элдин аң-сезимине сиңип кеткен "Тар заман" эмес, мында "Зарзаман"? - деп бүшүркөйм. Комузумду колго алып нотасын чертсем, же кыл кыяк күүсүнө, же комуз күүсүнө окшобойт. Күүгө салыштырбай, обон десем чыгарма китепке чыккан жалаң аспап күүлөрүнүн катарынан орун алган. Бул чыгарма ырдалганы боюнча нотага түшүрүлгөн болсо ноталардын алдына сөздөрү жазылмак –дедим да чыгарманы кайра-кайра ойноп отуруп күү формасында эмес эле, ыр формасында экенин билип алдым. Чыгарма атында эмес, затында экенин да изилдей баштадым. Демейде төкмө акындар бир нерсе жөнүндө төгүп ырдаар учурунда окуяныңболуп жаткан кырдаалына (ситуациясына) жараша, чыгармасына ат койбой эле, керектүү жагдайын келиштире сүрөттөп ырдап салат эмеспи. Демек, "зарзаман" аталып калышы редактордун иши болсо керек. Ошол заманда айтылуу Токтогулдун деле Ленин жөнүндө алгачкы ырдаганы "Ленинге" деген ат менен латын тамгасында чыгуучу республикалык газетасында жарык көрсө, кийин, Москвада Кыргызстандын Күнү өтүүсүнө карата "Кандай аял тууду экен Лениндей уулду" деп деле, ондолуп барган турбайбы деген ойго келдим да, бул бүдөмүктү китептин редактору Владимир Виноградов жараткан экен деп койдум. Китепти басмага даярдап чыгарган Владимир Виноградовго кайрылууга туура келди. Кыргыздын музыкалуу маданиятына аябагандай зор эмгек сиңирген улуу адам В. Виноградов Москвада жашаарын билип, телефонун таппай жүрсөм, Илимдер Академиясынын Алтын казнасынын ошол кездеги кызматкери Мокеева Анара Мукашевна жолугуп:

-Агай! Затаевичтин кол жазмасы бизде бар экен, каттоодон негедир өтпөй эле сакталыптыр, мен эстеп таптым-деди. Кубануу менен табылган материалды колго алып карасам, Александр Затаевич кадимки эле нота баракчаларына тушь менен "Арстанбектин Зарзаман" деп жазганы көзгө урунду. Нотанын алдына Мураталы атанын аткаргандагы сөздөрүнөн:

"Карагайдын башында,
Чыны болот дечу эле.
Ал чыныда тартылган,
Зымы болот дечу эле -деп орус тамгалары менен жазгандары бар экен. Көздөгөнүм ордунан чыккандай, изденүүмө шыктана баштадым. Баягы Алтын казнада эл оозунан ар кандай үзүндү-үзүндү болуп, жыйналып калган "Тар заман" ырдалса ушундай болсо керек деп, алардын саптарын нотадагы обонго салып, ырдап көрдүм. Баары ойлогон оюмдай. Обон айтылуу Арстанбектин өзү ырдап жатканындай сезилет. Мураталы ата обонун даана берген экен дедим. Улуу музыкант өзү аткарган жүздөгөн чыгармалардын авторлорун так айтып, ар бир чыгармаларынын баянын элге толук жеткирип жүргөнү тууралуу элдин айтуусунда жана музыка изилдөөчүлөрдүн жазма маалыматтарында далилдер арбын эмес беле. Мураталы ата Затаевичке аткарып жаздырганында да, чыгарма Арстанбектики экенин түшүндүрүп, айтып бериптир. Ал түшүнүктү Затаевич өз тилинде мындайча жазганы турат:

"Певец Арстанбек (ум. В 1884 г.) сочинил эту песню, когда русские завоевывали его родину".

"Придут русские, наставят столбов, укрепят на них фарфоровые чашки, протянут проволоки и заведут таким образом телеграф. Построят и железную дорогу, и тогда вы, друзья, перестанете быть такими свободными!"

(Затаевичтин тилин кыргызчалатпай эле койдум, окурмандарга түшүнүктүүдүр-Т. М.)

Александр Владимирович Затаевич Мураталы Күрөңкеевдин аткаруусунан бул ырдын кантип башталаарын, обонунун негизги түзүлүшүн, анын ар кайсы жериндеги ылдамдык мүнөздөрүн, интонациялык кубулуштарын атайын музыкалык белгилер менен көрсөтүп жазган. Бирок, бул нота ырдын обонун эле көрсөткөнү менен улуу музыкант Мураталы Күрөңкеев Арстанбектин замана тууралуу ырдагандарынын поэтикалык тексттин толугураак билди бекен деген суроону пайда кылды. Мураталы атанын кандайча аткарып жүргөнүнө иликтөө керек болду. Ошол учурда буга бир окуя аракетимди ишке ашырды.

1991-жылдын 18-октябрь күнү Мураталы ата жашап өткөн Чон-Кемин өрөөнүндөгү Карал-Дөбө кыштагында дүйнө салган Ысмайыл Токомбаевге топурак салуу шарты менен, түнкүсүн айыл аксакалдарынын арасында төркү үйдө отурдум. Ар кайсысы салттуу кеп-сөздөрдү баштап жатканда, өз кызыкчылыгыма байланыштуу суроомду узатып калдым. Биз маданият жаатында иштегендер Мураталы Күрөңкеев жөнүндө билгендерибизден көбүн эсе эле ал адам түрлүү элдик музыкалык аспаптарда ойноого өтө чебер болгонун түшүнөбүз, көптү билгенинен кабардарбыз. Илимдер Академиясынын кол жазмалар казнасындагы ал адам жөнүндөгү материалдардын арасынан акын болгондугу тууралуу да маалымат жолуктурдум. Бирок, ырчылыгы тууралуу ачык-айкын маалымат жок. Орустун музыка изилдөөчүсү А. В. Затаевичке Арстанбектин замана жөнүндөгү ырын ырдап, нотага түшүртүптүр. Сиздер, ушул өрөөндүн адамдары, Мураталы атаны көргөн-билгендериңиздерден, укканыңыздардан айтып отурсаңыздар дурус болот эле дедим. Бирин-бири карап тунжурай түшүштү. Арасынан: -Баягы "Көк дептер" да -деген сөз чыкты. -Ооба, ошол "Көк дептер!..." деп, дагы бирөөлөрү даана билгендей үн катты. "Ооба, ошондо "Көк дептерди" картошканын аңызына көмүп жүрбөдү беле" деп калышты. Ал адам ким экенин сурай баштадым. "Бүгүн алардан адам көрүнбөйт, атайын кайра келсеңиз, кезигесиз. Сүйлөшөсүз да", - деп коюшту. Кийин ишиме чыгып, Батма эжеге (Кебекова) бул окуя жөнүндө айтуу менен атайын сапарга жиберүүнү сурандым. Эже Тил жана Адабият Институтунун директору Абдыганы Эркебаевге кирип, акча каражаты жок экен деп келди. Күндөр өткөн сайын баруу максатымды көздөйм. Эже директорго дагы кирип, каражат жогун билгизди. Убакыт өтүп жаткан күндөрдүн биринде мени башка мекеменин жетекчиси "эмгек маянаңыз дурус болот" дегендигинен, аны күнүмдүк жашоомо ылайык көрүп, сунуш эткен ишине которулуп кеттим.

Эже менен кошуна туруучубуз. Ишимен кечкурун кайтып келе жатсам, өмүрлүк жолдошум Дүйшөбүбү Жамансартова менен эшик алдындагы эс алуучу орундукта отурушкан экен, эже мени көрөөр замат, кубанычы менен кол булгалап: "Ай, Тукай! Бери кел, сүйүнчү! Баягы "Көк дептер" табылды!"


деди. Эжеге кут болсун айтып, Арстанбектин чыгармалары бекен десем: "Ооба, дегеле бир тобу жүрөт" дейт. Ичимден, эже өз төркүнүнө барып, баягы мен таап келүүчүнү өзү алып келгенин туюнуп калдым. Эмнеси болсо да Арстанбектин чыгармалары Мураталы атанын ырдап бергендеринен экен деп, анын дайыны издөөнүн натыйжасында чыкканына ыраазы болдум. Бул иште эмгегимдин үлүшү бааланаар деген үмүттө жүрдүм. Үмүтүм текке кетти. Эже табылганын негизинде "Арстанбек" аттуу китепти жарыкка чыгарыптыр. Аны да билчү эмесмин. Арстанбектин 170-жылдыгында эже сыйурматка жетти. Менин издөө салып, материалдын дареги жөнүндө айтып бергендерим боюнча эч жерде үн катпады. Китептеги жазган аннотациясында "...текстти колдо жок болуп келген, кокусунан 1992-жылы табылган Кабай Абдыракман уулуна таандык кол жазмадагы чыгармалары – керээзи, айтыштары, санат, термелери кирди."- деп койду. Менин оюмча, илимпоз адам "кокусунан" деген сөзгө таянбаш керек эле. Бул жагынан да эже кээ бир нерсеге калпыстыгын көрсөттү. Батма эже китептин чыгышына көмөктөш болгон эки адамга ыраазычылыгын билдиргендеринин арасында менин атымды да атап койсо, акыйкаттык болмок. Кечиресиздер, урматтуу бүгүнкү конференциянын катышуучулары, бул окуя жөнүндө азыр айтып, жазып жаткандыгымдын маанисин өзүңүздөр туура түшүнөөрсүздөр.

Улуу музыкант Мураталы Күкөңкеев аткарган "Арстанбектин Зарзаман" чыгармасы Александр Викторович Затаевичтин "Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору" (Составитель и редактор В. Виноградов. Всесоюзное издательство "Советский композитор", Москва, 1971.) аттуу китебинде жарык көргөн чыгармалардын катарынан 73үнчү болуп, 107-бетинен орун алган. Бул макалага ноталык көчүрмөсүн жана А. Затаевичтин Карамолдо, Мураталы менен түшкөн сүрөтүн тиркеп, окурмандардын көрүп чыгуусуна сунуш эттик (төмөнтөн караңыздар).

Бул нотаны талдоо менен төмөнкүдөй тыянактарды чыгарса болот:

1. Чыгарманын аталышы. *Биринчиден* - "Зарзаман" деген сөздүн басмага басылышында ката кеткен. Албетте, орус улутунун адистери кетиргени кечиримдүү деп ойлойм. Кыргыз адистеринен катышкан жардамчы да, байкоосуздук кылса керек. Сөздүн туура жазылышында "Зар заман" болмок. *Экинчиден* – Арстанбектин замана жөнүндөгү ырын коомчулук "Арстанбектин "Тар заман» ыры деп көнүп алган. Андыктан А. Затаевичтин нотага түшүргөндөгү аталышы – эки аталыштын чаташканын билдиргендей болуп турат. Аталыштын туурасын табыш үчүн аткаруучунун чыгармага жасаган мамилеси ойго алынышы керек. Арстанбек замана жөнүндө бир жолу эле эмес же бир күндө эле эмес, ар дайым, өмүрү өткөнчө, ар кандай учурда, коомдук өсүүнүн ар кандай кырдаалдарында өктөмдүү ырдаган чыгаан акын экени баардык материалдары аркылуу маалым. Өзүнүн төкмө саптарында замананы дайыма жалпылай мүнөздөйт:

Ушу заман – тар заман,
Азуулууга бар заман.
Бечарага зар заман.



Карамолдо Орозов, А. В. Затаевич и Murataaly Kurenkeev

73. Арстанбектин Зарзаман

Колуз ашы

Чубаус ноодушевлением ♩=120 Муратаалы КУРӨНКЕЕВ

Несколько шире ♩=116

с 1869 к

Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.

Демек, төкмө акын замана жөнүндөгү ырын зар заман деп да, тар заман деп, азуултуула бар заман деп да атай берүүсү – өзүнүн эркине байланыштуу болгон десек туура. Менимче, адабиятчылардын замана жөнүндөгү ырларды ар кайсы акынга өзүнчө ататканы туура эмес.

2. Комуздун буроосу. Бул чыгарманын буроосу китепке басылбагандыктан *өзүм аныктап жазып койдум:* кыргызча айтканда терс бош толгоо; музыкалык аталышында квинта-секундалык толгоо.

3. Чыгарманын тональносу – фа-мажор.

4. Обондун көлөмү. Обон 7 тактыдан турган комуз күүсүнүн киришүүсүнөн башталат, обондун өзүн 22 такты түзөт.

5. Обондун басым өлчөмдөрү. Басым эки чейректик жана үч чейректик өлчөмдөр менен улам алмашып турганы кыргыз музыкасына мүнөздүү көрүнүш.

6. Чыгарманын ылдамдыгы. А. Затаевич чыгарма кандай ылдамдык мүнөзүндө аткарылганын даана көрсөткөн: баштапкышындагы 7 тактыдагы комуздун шаңдуу чертилген үнү менен автордун ырга шыктана, кайраттана киришип жатышы – автордун ички ой-сезим толгонуусун чагылдырып, угуучу-көрүүчүнүн көңүлүн өзүнө магниттей тартат да, накта ыр обону кенен чыгып, ырчынын үнүн оболото алып учат. Обон мотивдери андан ары да кайра-кайра кайталана берип, ички чыйралуусун күчөтүп жатып, акындын поэзиялык каражатын аябай байытат.

7. Чыгарманын нюанстары. Чыгарма музыкалык киришүүсү форте – катуу ойнолуп келип, обонго өтөөр алдында декрещендо – акырындатуу белгиси менен автордун ырга киришүүсүнө өзгөчө даярдык демин берет. Ырчы ырдын сөздөрүн кайраттана айтып, кыскача мүнөздөгү музыкалык мотивдер менен "сабап" кирет. Мындай ырдоо төкмө акындыктарга таандык. Жалпы ырдалган мүнөзүндө речитация орун алганы бар.

Арстанбектин замана жөнүндөгү төкмөсү дайыма ушул обон менен аткарылганы ар бир угуучунун же ырдайм дегендердин көңүлүн өзүнө тартпай койбойт. Обону өзгөчө. XIX кылымдын төкмө акындык обондордун бири болгону кызыкчылык туудурууда. Атактуу Арстанбек аргендей чыккан күчтүү үнү менен эл алдына чыкканда эч тартынбай, баатырдык мүнөзүн күтүп, замананын болумушуна нааразылыгын билдирүүгө жарыя салып, элдин оюн ойготуп, сезимин козгоп, добул жааны башталгандай төгүп, ырдап жатканы элеске тартылат. Мындай элести образдуу көрсөтүү үчүн ушул ноталык обонуна поэзиялык тексттерин коюп алып, ырдоо гана керек. Өзүм аткарып көрдүм. Жаздырып, кыргыз радио фондусуна өткөрдүм, "Арстанбектин Тар заман" деп аталат. Конференциянын катышуучуларына таанышгыруу максатында көчүрмөсүн ала келдим, угуңуздар. Менин оюмча, эми, XIX кылымдан бери коомдук аң-сезимдин абалын козгоп, ар кандай суроо-жоопторду жаратып келген Арстанбектин бул чыгармасы өз обондук аткарылышы менен жаңыча мүнөздө жеткиликтүү болоор дейм. Ошондуктан Арстанбек чыгаан акындын "Тар заман" ырын тартынбай, Эркиндик замандын шарданында ар бир каалаган жаран ырдай берсе бо-

лот. Атайын үнү келишимдүү ырчылар, өзгөчө бүгүнкү күндүн төкмө акындары улуу Арстанбек жөнүндө улуу сөздөрүн айтып, чыгармасын аткарса, угуучулар үчүн баалуу белек болот. Ырдалып кетээрине ишенем.

"Тар заман" ырынын мазмундук, маанилик жана маңыздык баасы ырдалып жаткан гана түрүндө толук чыгат. Аткаруудагы ар бир интонациялык кубулуштар, поэзиялык угулуштар синкреттүү-синтездешкен формада угуучу-көрүүчүгө өзгөчө таасир берип, анын ушул чыгармадан жаратып жаткан оюн бийлеп алат. Чыгарманы коррелятивдүү (поэзия, музыка, аткаруучулук кубулуштардын өз ара байланышы, биримдиги) түшүнүк менен чечмелөө, кабылдоо чыгарманын сапаттык жагдайын да, автордун чыгармачылык жана аткаруучулук өзгөчөлүгүн да туура ачып берет. Ал эми төкмө акындардын синтездешкен музыкалык-поэтикалык чыгармасынын негизги каражаты болгон поэзиясын же музыкасын өз алдынча ажыратып алып кароо жана ага баа берүү – анын модалдуулугун жоготкону болоору сынчынын эсинен чыкпоосу керек деп ойлойм.

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияда жасаган баяндамасы)

Кадырбек Жекшелаев,
санжырачы, жазуучу

УЛУУ АКЫН АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ЫРЛАРЫН ЖЫЙНООДОГУ АЙРЫМ КАЛПЫСТЫКТАР

Улуу акындын ырлары топтолгон "көк дептер" токсонунчу жылы Чоң-Кеминдеги Күрөңкөй айылынан табылгандыгы белгилүү. Ошондой эле Арстанбектин обонун да Затаевич чоң-кеминдик Муратаалы Күрөңкөй уулунан жазылып алынганын эске алсак, чоң-кеминдиктер элибизге опол тоодой иш кылганы талашсыз. Ошону менен бирге айрым эске ала турган жагдайлар да жок эмес. Улуу акындын мурасынын арасында (түзгөн Батма Кебекова. 1994-ж.) "Кашкарга кире качкан бугуларга ырдаганы" деген ыр жүрөт. Түзүүчүнүн айтымында, орустар кирип келгенде бугулардын бир катары жерин таштап, Кашкарга кире качат. Алар кайтып келгенде, Арстанбек аларды кордоп ырдаган имиш. Бул ырды башка бирөө өзү чыгарып, "Арстанбектики" деп, кошуп койгону – сүткө түшкөн коңуздай эле көрүнүп турат. Биринчиден, бугу уруусу өз ыктыяры менен оруска кошулуп атып, кайра орустан эмнеге качмак эле? Экинчиден, орус келгенде, оруска кошулгусу келбеген Үмөталы Ормон уулу жерин таштап, Жакыпбекке кошулууга ниеттенип барганда, Жакыпбек кабыл албай коюп, кайтып келип, оруска өз ыктыяры менен кошулган. Ошондой эле Осмон

Тайлак уулу да 1863-жылы Кашкардагы Жети Шаар мамлекетинин башында турган Жакыпбекке кошулуп кетип, 1877-жылы Жети Шаарды кытайлар басып алганда, кайтып келгени тарыхый документтерде жазылып калган. Үчүнчүдөн, Кашкар каякта, бугулар каякта?

Ырдын тексттери кийин эле, чала сабат бирөө атайлап ойлоп, чыгарып койгону айкын көрүнүп турат. Мисалы:

Бута атканда жүгүрүп, огун тердиң бугулар,
Кашкардагы кытайдын богун тердиң бугулар.

Ал учурда Кашкарда кытай эмес, Жакыпбек башындагы кыргыз жана уйгур элдеринен куралган Жети Шаар мамлекети болгонун Арстанбек жакшы билгендигин:

Кыргыз, казак чогулуп,
Бата кылып алсак бейм.
Кашкардагы Бакдөөлөт (Жакыпбек),
Ата кылып алсак бейм?-деген саптардан даана көрүнүп турат. Ошондой эле Арстанбек жалпы кыргыздын таламын талашып (Сүйүмбай менен айтышканы) жана өз уруусу – бугунун таламын талашып ырдаган (Боромбайдын керээзинде) ырчы болгондугу белгилүү. Ошондуктан Арстанбек эч качан өз уруусун кордоп ырдамак эмес.

Кеп, Арстанбек акындын бугу уруусуна карата же сарбагыш, саяк урууларына карата ырдаганында эмес, кеп азыркы уруучулук дартыбыз козголуп жаткан мезгилинде минтип уруулардын аброюна шек келтире турган ырларды жыйнакка кошпой эле, кол жазмалар фондунда сактай турса болмок.

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференциядагы кошумча билдирүүсү)

Шаткул Кулматова,
педагогика илимдеринин кандидаты,
Кыргыз-Орус-Славян университетинин
ага отутуучусу

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ҮЙРӨТҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Практика көрсөткөндөй, аталган ойлорду чыгарманын «ичинен таап», аны акындын чыгармачылыгы менен байланыштырып, балдарга жеткирүү адабият сабагындагы башка акын-жазуучулардын чыгармачылыгын үйрөткөндөй эле салттуу талаптар болгондуктан, бир эсе жеңил көрүнгөнү менен эки сааттык убакыттын ичинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүр таржымалы менен чыгармачылыгында гана кездешкен уникалдуу өзгөчөлүктү

балдарга жеткирүү бир эсе оор боло тургандыгын аныктоо анча кыйын эмес. Адабият мугалими Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын жана "Тар заман" чыгармасын окутууда салттуу ык-усулдарда, ошондой эле интерактивдүү сабактарда окутса боло тургандыгын алдын ала эскерте кетели.

Кыргызстанда инновациялык мүнөздө колдонулуп жаткан окутуунун интерактивдүү методдорун, ыкмаларын жана формаларын колдонуу менен кыргыз адабияты сабагында мурдатан пайдаланылып келе жаткан салттуу окутуу формаларын Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы менен "Тар заман" чыгармасын үйрөтүүгө чек коюлбайт. Ырас, окутула турган сабактардын формасын тандоо, тигил же бул сабакка артыкчылык берүү мугалимдин ошол сабактын формасында ишке аша турган мазмундун канчалык максатына жетишин аныктай билүү чеберчилигине жараша боло тургандыгын да эксперименттин жүрүшү ырастады. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүр таржымалы менен "Тар заман" чыгармасын окутууда салттуу ык-усулдарды пайдалануу менен чектелүү мүмкүн эмес экендигин эсепке алсак, ар бир мугалим үчүн аталган акындын чыгармачылыгын окутууга өз алдынча мамиле кылуусу ачыкка чыгат. Биз талдоого алына турган проблема катары Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы менен "Тар заман" чыгармасын окутууда өзүбүз практикадан өткөргөн сабактардан келип чыккан жана чыгармачыл мугалимдер тарбынан толукталып, колдонулган ык-формаларга токтолууну жана анда жетишилген ийгиликти сунуштоону туура көрүп отурабыз.

Ырас, биз тарабынан иштелип чыккан Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы менен "Тар заман" чыгармасына арналган сабактарга практик мугалимдер чыгармачылык кылганы менен бул багыттагы салттуу жана интерактивдүү окутуунун калыптанып калган жана иштелип чыккан формаларын пайдалануда кандайдыр бир жалпылык сакталгандыгын эскерте кетели. Ошондой эле сабактар республиканын ар кайсы жерлеринде эксперименттен өткөндүктөн, жергиликтүү шартка ылайык болуп, андагы мугалимдин өз алдынча аракети, ар бир сабакка карата изденген мамилеси аркылуу толукталып, аларга белгилүү бир ык-усулдарда, окутуу формаларында өз ишмердүүлүгүн көрсөтүүгө шарт түзүп да турду.

Ал эми мындай көрүнүш адабият мугалиминин ар бир сабакта кылган чыгармачылык инновациялык ишмердүүлүгү менен окуу процессин байланыштырып, жалпы алганда, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы менен "Тар заман" чыгармасын окутууда салттуу жана интерактивдүү усулдарга ээ иш чараларды Кыргызстан боюнча жүрүп жаткан жана бүтүн бир система катары көрүнгөн "Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын окутууга" арналган сабактардын цикли аркылуу жүзөгө аша турган концептуалдуу технологиянын бир бутагы катары кабыл алуу керектигин айкындады. Анткени, кыргыз адабияты предмети аркылуу Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган сабактарда аткарылып жаткан бул багыттагы иштер өлкөнүн билим берүү – илимий педагогикалык процессинде салт-

туу жана интерактивдүү окутуу концепцияларында натыйжа береби же жокпу деген түшүнүктөрдү практикалык иш чараларда эксперименттен өткөрүп көрүү кызыкчылыгы менен да шайкеш турган эле. Ошондуктан, биз тарабынан план-конспекти катары түзүлүп, практик мугалимдерге сунушталып жаткан Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын үйрөнүүгө карата иштелип чыккан сабактарды эксперименттен өткөрүүдө ар бир мугалим тарабынан аткарылып жаткан иштер – салттуу жана инновациялык окутуу жолдору, ык-усулдары менен менен жүзөгү ашырылып, жаңычыл катары көрүнгөнү сабактагы чыгармачыл ишмердүүлүк аркылуу ишке ашырылган салттуу жана интерактивдүү окутуунун ык-усулдары - чыгармачыл мугалимдердин жеке өзүнө гана таандык чыгармачыл аракети болбостон, жалпы педагогикалык процесске сунушталган, коомдук-социалдык талаптарга карата жаңычылдыкка бет алган изденүү багытын, чыгармачыл мамилесин билдиргендик да болуп саналды.

Кыргыз адабияты предметинде Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларын салттуу жана интерактивдүү окутуунун технологиясын иштеп чыгууда салттуу усулдарды чектебей туруп, аларды инновациялык иш чаралар менен толуктоого карата аракеттер да көрүндү. Ошондой эле, анда өтүлгөн сабактардын негизинде жаралган усул жана ыкмаларды аны өтүп берген жеке мугалимдин чыгармачыл аракет катары чектебестен же болбосо кыргыз адабияты мугалимдеринин бир класста, Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын үйрөтүүдөгү кыргыз адабияты предметинин ичиндеги окутууну уюштуруу маселелери сыяктуу бир жактуу албастан, аларды окуу процессиндеги мазмун менен форманын табылгасы, коомдук талаптарга ылайык жаңылоого багыт алган мыйзамченемдүүлүк катары баалоо зарылдыгы турат. Анткени, педагогикалык процессте жүрүп жаткан жаңычыл кубулуштардын баары бири-бири менен жана мурдагы салттуу түшүнүктөр менен тыгыз байланышта аракетке келген, учурдун маанилүү кырдаалдары аркылуу окутуу иштеринде жаңылануу милдеттүү болгон кубулуштар экендигин эсепке алсак, анда адабият сабагындагы салттуу окутуу ык-усулдары менен интерактивдүү окутууну айкалыштыруу мыйзамченемдүү, коомдук зарылдыктан келип чыккан, аларды ар бир окуучунун билимин өркүндөтүү максатына оптималдуу жол-жобо издөө менен байланышты түзө ала турган маселелер экендиги ачык байкалат.

Ал эми мына бул маселелерди Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы менен байланышта чечүү – бул багытта окутуу иштеринде жүрүп жаткан маселелердин баарын бири-бири менен карым-катышта кароо – окуу процессине мазмун жана форма аркылуу чагылдыра турган окутуу иштерин байланыштырып анализдөө менен бирге, азыр өлкөдө жүрүп жаткан билим берүү тармактарындагы салттуу жана интерактивдүү окутуу иш чараларын эксперименттен өткөрүп, практикада текшерип көрүү, андагы алгылыктуу жактарды айкындап чыгуу милдетин да алдыга сууруп чыгат. Ошол

себептен Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларын салттуу жана интерактивдүү окутууда колдонулган ык-усулдары, формаларды, өз-өзүнчө бөлүп жеке карабай, мүмкүн болушунча аларды кыргыз адабияты предмети боюнча жаңычыл аракеттердин жалпы тутумдашкан табылгасы катары аныктап, адабиятты окутууга таандык бир бүтүн, биримдикте баарын талдоого алуу аркылуу ишке ашыруу талабы да күн тартибине коюлат.

Экинчиден, кыргыз адабияты предметинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгын жана "Тар заман" чыгармасын окутууда салттуу жана интерактивдүү ык-усулдарды колдонууда республиканын ичинде жүрүп жаткан анын инновациялык методдорун, ыкмаларын жана формаларын "издөө" менен коомдук зарылдыктан улам келип чыккан белгилүү бир жалпыланган педагогикалык көрүнүштөрдү алып, азыркы мезгилде билим берүү жаатында окуучулардын билим алуусун жакшыртууга карай пайда болуп турган проблемаларды чечүүгө тикелей байланышкан сабактардын "үлгүлөрүн табуу" аракети мына ушундай жаңычыл сабактарды эксперименттен өткөрүү максатын милдеттендиргенин белгилей кетүүгө тийишпиз. Анткени, кыргыз адабияты предметинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгын окутуу окуучуларга адабий-эстетикалык билим берүүнүн бир бутагы болуу менен бирге, педагогикалык процессте жаралган мына ошол адабий-теориялык, адабий-эстетикалык жеткиликтүү билим алган, реалдуу турмушка зарыл болгон маселелерди чечүүнүн заманбап жолдорун таап, "көрсөтүүчү" билимге ээ болуу кызыкчылыктарын аткаруу иштери менен айкалышып турат.

Үчүнчүдөн, алардын эң башкысы – "Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы" сабагы боюнча салттуу жана интерактивдүү окутуу "максаты" инновацияга багыт алуунун – колдо бар мүмкүнчүлүктөр менен билим берүү тармактарындагы адабиятты окутуудагы айрым кризиске туш келген жагдайларды жоюу экендигин жокко чыгара албайбыз. Себеби, кыргыз адабияты предмети боюнча өтүлгөн сабактардын көпчүлүгү же реалдуу турмушта жашап жаткан кыргыз адабияты окутуу багытындагы билим берүүнүн мазмуну азыркы мезгилде коомчулук талап кылган жагдайларга жооп бере албай жатат. Мындай көрүнүштүн өзү учурда мектепте иш алып барып жаткан окутуу усулдарын кайрадан иштеп чыгууну, б. а. окутуунун методдорун, ыкмаларын жана формаларын инновациялоону, ал болсо стандарттуу сабактар менен бирге учур талабына ылайык жаңылыктарды ичине алган интерактивдүү сабактарды киргизүү зарыл экендигин аныктап отурат. Өзгөчө мындай иштер сырттан тануулоо мүнөзүндө эмес, ошол окуу процесси менен тикелей аралашып жүргөн мугалимдердин өздөрүнүн активдүү катышуусу аркылуу аткарууну талап кылып, өнүккөн өлкөлөрдө колдонулуп жаткан чыгармачыл мугалимдердин негизги иш чараларын Кыргызстандын билим берүү тармактарында эксперименттен өткөрүп, практикалап көрүүнү, б. а. инновация катары кирип жаткан интерактивдүү сабактарды салттуу сабактар менен бирге кыргыз адабияты, анын ичинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда системалуу түрдө, толук пайдаланып көрүү зарылдыгы пайда болууда.

Кыргыз адабияты предмети боюнча сабактарды Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган сабактар менен жалпылаштырып алганда, азыркы мезгилде ар бир сабакта колдонулуп жаткан "салттуулук" принциптери азыркы окуучулардын билимге карата да болгон талаптарын канааттандыра албай жаткандыгын эксперименттик байкоолор көрсөттү. Ошондой эле, мындай көрүнүш сабакта колдонулуп жаткан методдордогу, ыкма жана формалардагы инновациялоону – окуучулар үчүн кадимки чыгармачылык изденүүнүн көндүмгө айланышын, ал эми мугалимдин алар менен кызматташууда балдарга турмушунда керек болгон билимди берүүгө жетишүүсүн, андай мамиле Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган кыргыз адабияты боюнча сабактардын негизги стратегиясы болуусун да талап кылууда. Ырас, анда окуучулар жөн гана каалаганын аткара бере тургандай эмес, өз билимин, өздөштүргөнүн чыгармачылык менен турмуш-тиричиликте пайдалана алуусун шарттоо ар бир сабактын ык-формаларынын дидактикалык мазмунун түзүүсү зарыл экендигин көрсөтүүдө. Тактап айтканда, салттуу жана интерактивдүү сабактар Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгынан маалымат алууну гана эмес, ар бир ыр сабындагы, ар бир сүйлөмдүн мазмунундагы элестүүлүктү, кепте колдонууга зарыл болгон адабий чыгармадагы тилдик образдуулукту өздөштүрүүнү, аны менен бирге окуучунун жан дүйнөсүндө көркөмдүктү, адабий-эстетикалуулукту баалай билүү касиетин өстүрүү менен турмуш чындыгындагы көрүнүштөрдү туура баамдоого, бирин экинчисине салыштыра билүүгө үйрөтүүнү, анын натыйжасында чындыкты ажырата алууга, жакшы менен жамандын ортосун айырмалап түшүнүүгө жетишүү милдети турат.

Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган салттуу жана интерактивдүү сабактар сабактагы ар бир окуучунун чыгармачыл ойлоосун, көркөм дөөлөттөргө ар кимиси өз алдынча чыгармачыл мамиле кылууну шарттап, б. а. буга чейин колдонулуп келген билим берүүдөй эмес, ар бир мугалимдин окуучусуна инсан катары диалогго баруусун, аны менен менен бирге жаран катары мамилелешүүсүн көрсөтүүчү инсанга багытталган окутуунун стратегиясында турган инновациялык иштердин мазмунун учурда аткарылган же окутулуп жаткан предметтен эмне натыйжа ала тургандыгын окуучуга ачык көрсөтө алгандыгы менен айырмаланган сабактардын үлгүлөрүн көрсөтүүгө багытталууга тийиш. Эгерде окуучу кыргыз адабияты предметинен Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда өз турмушуна реалдуу таасир эте алган адабий-эстетикалык билимдин негиздерине жетише албаса, анда предметтик сабак берүүнүн инновациялык стратегиясы туура эмес экендиги анык. Ошондуктан, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгын окутууда иштелип чыккан сабактардын методикалык үлгүлөрүн, андагы билим берүү системасын окуучунун турмушу менен тыгыз байланышта кароо – азыркы мезгилде дүйнөлүк билим берүүдө башкы орунда турган, азыркы мезгилде Кыргызстандагы инновациялык иштердин өзөгү катары кабылдап жаткан интерактивдүү окутуунун методдору, ык-усулдарын практикада текшерүүгө арналган максаттар менен коштолду.

Инсанга багытталган окутуунун стратегиясы дүйнөлүк билим берүүнүн практика көрсөткөндөй, окуучулар арасында адабий-эстетикалык билим алууга болгон талапты гана көтөрбөстөн, ар бир окуучунун ички керектөөсү эмне экендигин аныктап, предметтин ичинде окутула турган билим берүү процессиндеги кызыкчылыктарды тактоого да мүмкүнчүлүк түздү. Чыныңда, мындай мамиле мугалим менен окуучуларды биргелештирип иштешүүгө, коомдун азыркы талаптарына ылайык пайдалуу кырдаалдарды таап, аларды бүтүн бир система катары кабылдоого педагогикалык жана психологиялык түшүнүктөрдү, категорияларды "тандап" колдонууга, бардык шарттарды түзгөндүгү менен айырмаланууда. Азыркы салттуу жана интерактивдүү окутуу мугалим бардык сабактарында чыгармачыл болушу керектигин, анын чыгармачыл аракетинин мазмуну – ар бир окуучунун окуткан предметине карата койгон социалдык кызыкчылыктарын эске алуу, ар бир балага индивидуалдуу мамиле кылганды үйрөнүү, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган предметтик окууну уюштурууну гана эмес, кыргыз адабиятын окутууда интеллектуалдык, адабий-эстетикалык, моралдык-этикалык билимди көндүм катары пайда кылуу, ар бир мугалимден кыргыз адабияты билим берүүдө көркөм жана эстетикалык кабылдоо, коммуникативдүүлүккө кызмат кылуучу компоненттердин бардык аспектилерин иштетүүнү талап кылууда.

Бул талаптар мугалимдин ар бир окуучуга карата чыгармачыл мамилесин түзүүчү кызыкчылыктар гана болбостон, окуучунун эмгегин баалоодо инсанга карап мамиле кылуунун жол-жоболорун сабакта аткарылышын шарттайт, б. а., мугалим окуучунун эмгегин баалоонун түрдүү усул-стратегияларын колдонуп, алар (усулдук каражаттар) мугалимдин жеке чеберчилигине жараша ал ар кандай формаларга ээ болсо да, жалпысынан окуучунун кызыкчылыктарын эске алган ыкмада жалпылаштырылууга тийиш болуп турат. Окуучунун эмгегин, алган билимин баалоо мурдатан колдонулуп келсе да, азыркы учурда анын айырмасы окуучунун маалыматты канчалык жаттап алгандыгына эмес, аны өз турмушунда канчалык пайдалана алгандыгына мугалим тарабынан басым коюлганы менен айырмаланат. Анткени, окуучунун алган билимин окуу процессинде жоопторду эмес, өзү жашаган турмушта колдоно алган иш чаралар аркылуу аныкталып жатканы азыр баарына белгилүү болуп калды. Ошондуктан, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган предметтик окууну уюштурууда окуучунун окуу материалын өз алдынча үйрөнүүсүн, же билимин аныктоону башкы планга койгон төмөнкү төрт усулду өзүнчө бөлүп кароо зарылдыгы турат. Алар төмөнкүлөр:

1. *Портфолио.* (Окуучунун жеке чыгармачыл иштерин системага салып турган усул). Мында окуучунун бардык эмгеги бир папкага тиркелип, баланын билими, өздөштүрүүсү, предметке болгон кызыкчылыктары кандай абалда экендигин, өсүш барбы же жокпу көрсөтүп турат. Бул окуучунун эмгегин, алган билимин баалоодо каралууга тийиш. Эгер ал сабактын жүрүшү каралбаса да, ага түшүрүлгөн маалыматтар бала сабакта окуу материалын канчалык өздөштүрүп, аны турмушунда пайдаланып жүргөнү дайыма көрсөтүп турат, б. а. анын билими портфолио-

суна сакталып тургандыктан, ар бир окуучуга туура баа берүү зарылдыгы пайда болгон учурда мугалим ар бир окуучунун портфолио менен эсептешпей коё албайт. Бул папка окуучунун жыл бою жасаган эмгегин каттап жана көрсөтүп тургандыктан, баланын ата-энесине, анын билимине кызыккандарга, текшерүүчүлөргө өзүнчө күзгү сыяктуу көрүнөт. Ошондуктан, мугалим аны мезгил-мезгили менен карап, бала өз алдынча аракетке канчалык ээ болуп жатканын да көрүп турат.

2. *Үй тапшырмалары.* Ар бир окуучунун чыныгы аракети канчалык экендигин алардын өз алдынча иштөөсүн көрсөтүп турган үй тапшырмалары болгондуктан, ар бир окуучунун үйдө аткарган иши анын аракетин толук айкындап көрсөткөндүктөн, баланын билимин, анын кандай өсүшкө ээ болуп жаткандыгын аныктап-баалоодо мугалим Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган үй тапшырмаларын өзүнчө бөлүп кароо менен мамиле кылганы баалуу. Интерактивдүү окутууда мындай ыкманы салттуу сабактарда деле колдонсо болот. Ал баланын эмгегин "жебегендик" болот же ар бир окуучу жетишкен натыйжасына үй тапшырмасы аркылуу толук баа бербегендик болуп саналат. Окуучунун үй тапшырмаларын аткаруусу мугалим тарабынан сунушталган көнүгүү иштерин гана аткаргандык болбостон, алган билимин жана көндүмдөрүн өз алдынча «текшерип», андан ары турмуш менен байланыштырууга мүмкүнчүлүк алган маанилүү усул катары интерактивдүү окутуунун усулу салттуу сабактарга да артыкчылык берет.

3. *Долбоор түзүү.* Интерактивдүү окутуу ар бир баланын чыгармачылык иши биринчи кезекте окуучунун белгилүү бир темада долбоор менен иштөөсүнө байланыштырат. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган предметтик материалдарды өздөштүрүүдө долбоор түзүү ар бир окуучуга алган билимин турмуш менен байланыштырууга мүмкүнчүлүк берет деген ишеним интерактивдүү окутуунун башкы принциптеринин бири болуп саналат. Эгерде сунушталып жаткан билимди жөн гана жаттап алган болсо, андай окуучу эч качан өз билимин темага байланышкан белгилүү долбоорлордо пайдалана албайт. Ошондуктан, интерактивдүү окутууда мугалимдин кыргыз адабиятына тиешелүү теориялык маалыматтарды жана Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына таандык адабий түшүнүктөрдү долбоорлордо колдоно ала тургандыгын да эсепке алышы – балдардын билимин жана билгичтигин аныктоодо алардын чыгармачылыгынын мүмкүнчүлүгү канчалык экендигин туура аныктоого маанилүү роль ойнойт.

4. *Топто иштөөсү.* Башка сабактардай эле кыргыз адабияты предметинин башкы милдеттеринин бири ар бир окуучунун коомдо өз ордун табууга жардамдашуу болуп саналгандыктан, окуучунун социалдык чөйрөнүн башка мүчөлөрүндөй эле коомдо өз ордун табууга кызмат кылышы зарыл. Ошондуктан, мугалим Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган интерактивдүү сабактарда ар бир окуучунун сабакта аракеттенүүсүн, алган билимин баалоодо алардын жупташып

иштөөсүнө, топто чыгармачылыгын көрсөтүп иштегендигине айрыкча басым коюп, ар кимисинин канчалык мүмкүнчүлүгүн көрсөтө алгандыгына карай баа берүү талапка ылайык келет, ар бир окуучунун ички чыгармачылык мүмкүнчүлүгүнүн ачылышына маанилүү роль ойнойт.

Албетте, окуу процесси, андагы жүргүзүп жаткан иштер толугу менен жаңыланып жаткандан кийин, ал жерде окутула турган предметтердин катарында турган кыргыз адабияты сабагы, анын ичинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар да формалык эмес, мазмундук жактан инновацияланып, сунушталган чыгармалардын мазмунун баланын коомдук-социалдык турмушу менен байланыштыруу, б. а. педагогикалык-психологиялык талаптардан улам келип чыккан коомдук түзүлүштүн жана дүйнөлүк билим берүүнүн деңгээлиндеги жаңыланууга "кирген" методдор менен окутуу керек болуп турат. Тактап айтканда, мугалимдердин интерактивдүүлүккө негизделген чыгармачыл аракеттери аркылуу дүйнөлүк билим берүү системасында кеңири пайдаланылып жаткан окутуу методдорун, ык-формаларын улуттук билим берүү "кыртышына" алып келүү – анын ичинде ар бир окуучуну азыркы мезгилге ылайык тарбиялоо, келечек муунга зарыл болгон адабий-эстетикалык билимди берүүгө умтулуу, жогоруда аталган методдорду эксперименттен өткөрүүгө көз каранды экендиги ачык байкалууда.

Коомдук түзүлүш өзгөргөн соң, ал бардык көрүнүштү өзүнүн талаптарына ылайык келтирүү менен анда аткарууга зарыл болуп жаткан кырдаалдарды аныктап, чыгармачылык изденүү менен иш алып баруу керектигин адабиятты окутуу процессинен талап кылып жатат десек, демек, кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү методдорду, ык-формаларды колдонуу – жаңы муундагы жаштардын окуу процессине, өзгөчө окутуу иштерине коомчулук тарабынан коюлган талаптарды жүзөгө ашыруу экендиги ачык көрүнөт, б. а. азыркы окуучуларга баштагыдай жогору жактын көрсөтмөсү менен эмес, кадим ошол окуу процессинде тең даражада турган мамилеси менен уюштурулган сабакты "башкара алган", адабий-эстетикалык билимди түздөн-түз турмуш менен байланыштыра алган мугалимдин берүү чеберчилигин, ошол билимдин тикелей турмушка керек экендигин жеткире алган, кыргыз адабияты сунуш кылган Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган түшүнүктөр маалымат гана болбостон, ар бир баланын коомдук-социалдык шарттарга ылайык кызыкчылыктарын, өзгөчө адабий жана эстетикалык кабылдоосуна туура шарт түзүп, зарыл болуп жаткан билимдин кандай экендигин айкындай алган жана ошол жагдайларга ылайык окутуу иш чараларын метод, ык-формаларын жаңылап кайра түзө алган мугалимдин чыгармачыл аракетин көрсөтүүнү талап кылууда.

Демек, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда окутуунун жаңычыл методдорун, ык-формаларын, жалпылаштырып айтканда, интерактивдүү технологиясын окутуу процессине, анын ичинде кыргыз тили боюнча окуу предметине колдонуу – азыркы учурдун талабына ылайык билим берүү зарылдыгын гана шарттабастан, аны колдоно билүү чеберчилигин, жаштарга үйрөтүү, электрондук окутуу каражаттарын колдонууну, өзгөчө

окуучуларга жаңыча мамиле кылуу зарылдыгын мугалимден талап кылган болсо, биз аны аткарууга аракеттендик. Ырас, азыркы учурда компьютердик жана башка жаңы технологияны окуу иштерине пайдаланмайын, азыркы учурда коомдун талабына ылайык билим берүүнү элестетүү кыйын. Себеби, азыр бир гана мугалимдин речи менен сабак өтүү же болбосо, окуу китебиндеги окуу материалын айтып берүү коомдук талапка туура келбегендик болуп саналат. Ошондуктан, кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү окутуу формаларын колдонуу – азыркы учурдагы дүйнөлүк билим берүүгө теңелүү үчүн жана окуучулардын предметке карата кызыкчылыгын арттыруу үчүн электрондук окутуу каражаттарын пайдалануу зарылдыгы маанилүү орунду ээлеп тургандыгын ачык көрсөтүүдө. Аны бул багытта эмгектенген ар бир мугалим сезип турат, б. а. Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы боюнча билим берүүгө мындай мамиле – электрондук окутуу каражаттарын пайдалануу окуучулардын өсүп жаткан социалдык билимине жана коомдун өсүш талаптарынын деңгээлине, азыркы мезгилдеги жаштардын психологиялык кырдаалдарын эске алуу менен сабакты, анын мазмуну менен формасын кайрадан инновациялап иштеп чыгууга шарт түзүп отурат. Кыргыз адабиятын сабактарында Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына интерактивдүү окутуу формаларын, ык-усулдарын колдонуунун зарылдыктарынын бири – ал сабакты уюштурууда гана эмес, анын ар бир деталында, б. а. окутуунун мазмуну менен формасын, окуу ыкмаларын, окутуу усулдарын, ал тургай окуучулардын билимин баалоо критерийлерин да жаңылоону, аны азыркы мезгилде өнүккөн өлкөлөр колдонгон деңгээлди эске алуу менен кайра карап чыгуу талабынан жаралган десек, бул багыттагы конкреттүү иш чараларды кыргыз адабиятын окутуунун мазмунун жакшыртууга тикелей таасир тийгизе турган электрондук окутуу каражаттарын пайдалануу Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарга мүнөздүү болбостон, азыркы мезгилди толугу менен кучагына алган кыргыз адабиятына тиешелүү сабактардын баарына мүнөздүү экендиги аныкталды.

Азыркы мезгилде орто окуу жайларында кыргыз адабияты боюнча билим берүүдө интерактивдүү ык-усулдарды, формаларды колдонуу төрт негизги компетенцияга таянуу менен жалпылаштырып окутулушу керектигин жаңы окуу стандарты – куррикулум ырастап көрсөтүлгөндүктөн, биз сабакта жүргүзүлүүчү иштерде ошол негизги компетенцияларды жетекчиликке алдык. Тактап айтканда, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар мазмундук жактан адабий-эстетикалык билим берүү менен бирге сабактын коммуникацияга (1) негизделишин, андан ары ар бир окуучуда социалдык көндүмдөр (2) окутуунун стратегиясы катары көрүнүшүн, ар бир сабак улуттук жана социалдык маданият (3) айкалышуусун, ошондой эле кыргыз адабияты предметинде бардык илим-билимди байланыштырып туруучу касиетке ээ (4) экенин байланыштырууга аракеттендик. Аталган критерийлерди ар бир сабакта колдонуу менен натыйжа үчүн күрөшүү керектигине карата да милдет бизди жана экспериментке катышкан мугалимдерди тажрыйба жүргүзгөн ишке карата активдүү катышуусун, сабакты жаңыча уюштуу-

рууну практикалык жактан текшерип көрүү кызыкчылыгын пайда кылды. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар кандай формада өтүлбөсүн, жогоруда келтирилген принциптерди – окуучунун бул багыттардагы компетенттүүлүгүн калыптандырууну жетекчиликке алуу менен жүзөгө ашырылды. Интерактивдүү окутуунун кандай формасы колдонулбасын, сабактын уюштурулушу жана жүрүшү мугалимдин азыркы мезгил талабын канааттандыруучу компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, б. а. сабакта төмөнкүдөй багыттар боюнча бөлүштүрүлүп, ишке ашуусу зарыл экендиги байкадык:

а) Интерактивдүү окутуунун коммуникацияга таандык критерийлеринде ар бир өздөштүрүлгөн адабий билимдин реалдуу турмуш менен болгон байланышы канчалык экендигин аныктоо – кыргыз адабиятындагы Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгын окуп үйрөнүүдө ар бир окуучу аны өз турмушунда канчалык пайдалана ала тургандыгы башкы орунга чыгышы – мында кыргыз адабиятынын турмуш-тиричиликтеги негизги орду ар бир адамдын ошол тилде жаралган сөз өнөрүн туура кабылдоосуна, көркөм-эстетикалык андаштыруусуна, андагы сөз каражаттарын пайдаланып сүйлөөсүнө, өз оюн жеткире билүүдөгү айтуу чеберчилигине, ар бир сөздүн кандай мааниде айтылып жаткандыгын аныктай ала тургандай уга билүүсүнө, ошондой эле кыргыз адабияты боюнча сабаттуулугун көрсөтүүчү жазуу туура жана так аткаруусун, андан тышкары кыргыз тилинде жазылган адабий тексттер менен китептерди окуп түшүнүүсүн камсыз кылууга тийиш. Аталган акындардын чыгармаларындагы адабий-эстетикалык категорияларды өздөштүрүү жалпысынан адамдардын өз ара пикирлешүүсүндө маанилүү касиетке ээ болуучу речтеги образдуулукту туура колдонууну да шарттайт. Аны менен бирге окуучунун адабият багытында алган билиминин турмушта канчалык орду бар экендигин аныктап көрсөтө ала турган социалдык кызыкчылыктар интерактивдүү сабактардын өзөк принцип катары кармалып, мугалимдин сабакка карата койгон максаттарына айланат.

б) Интерактивдүү окутуу окутуунун стратегиясы жана социалдык көндүмдөргө таандык критерийлерине таянып, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда кыргыз адабиятын турмушта колдонуунун негизги принциптерин аныктап берүүгө да мүмкүнчүлүк түзөт. Анткени, ар бир окуучуда адабий-эстетикалык билимдерди үйрөнүү аркылуу калыптануучу социалдык көндүм акырындык менен калыптануучу көрүнүш болгондуктан, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар кыргыз адабияты боюнча өтүлгөн салттуу жана интерактивдүү сабактар аркылуу ар бири окуучуга адамдар менен пикирлешүүдө маалыматка ээ болуунун жана аны башкаларга жеткире билүүнүн жол-жоболорун үйрөтүүнү шарттайт. Маселен, сүйлөө учурунда сылык мамиле кылуу, так жана түшүнүктүү суроо бере билүү, сурооого жеткиликтүү жооп берүү, ар бир сөздү интонациясы менен жеткиликтүү айтуу, сөздүн маанилерин ажырата билүү, ошондой эле сөздүн маанисин үйрөнүүдө ар кандай ыкмаларды

колдоно билүү, сөздүктөр менен иштөө, адабияттын теориясын пайдал анып, сөздүн же сүйлөмдүн курамын, көркөм-эстетикалык маани-ман ызын өздөштүрүү сыяктуу маселелерди ичине алууга тийиш болгондуктан, Арс анбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар бул ба ытта- гы иштердин аткарылышына маанилүү роль ойнойт.

в) Башка предметтерден айырмаланып, кыргыз адабиятына та андык Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган саб актар кыргыз элинин маданий мурастарын жеткиликтүү өздөштүрүүгө ок уучу- ларга кеңири шарт түзө алат. Кыргыз адабиятын башка предмет ерден айырмалап, анда бир гана адабий баалуулуктарды үйрөтүүнү эле эмес, көркөм текстти окутуу аркылуу кыргыз элинин тарыхын, андагы б аалуу мурастарды, кыргыз жеринин түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн, кооздугун пей- заждык баалуулуктарын, көчмөн элдин тоо жериндеги кооздукту б аалай билүүгө болгон артыкчылыгын аңдаштыруурга жетишүү максаты – окуу- чунун маданиятын, маданий билим деңгээлинин жетилишин же мад аний мурастардын алкагында билим алуусун, б. а. интерактивдүү окутуу а аркы- луу улуттук дөөлөттөрдү баалоо, элдик маданиятка урмат көрсөтүү, ан- дагы адеп-ахлактыкка карата койгон критерийлеринин негизги баг ытын үйрөтүү, түшүндүрүү менен окуучуларга адабий-эстетикалык баалуу улук- лешүүнүн маданиятын калыптандыруу болуп саналат. илете-

г) Ал эми интерактивдүү окутуунун билим берүүнүн компетенттүүл үккө карата койгон критерийлеринде, кыргыз адабияты аркылуу бардык би лим- дерди алуунун булагы тилдин көркөм элестүүлүгүн үйрөнүүгө мүмкүн экен- дигин окуучуларга түшүндүрүү иштери аткарылды. Мында балдар кы ргыз тилин эне тил катары турмушта колдонуп жатса, анын лексикалык к кору, көркөм-эстетикалык аңдаштыруусу толугу менен кыргыз адабиятынд а су- манушталган көркөм-адабий тексттерде тургандыгын, ал аркылуу бардык к ма- алыматты алууга мүмкүн экендигин, адабий чыгарма образдуу баа мдай билүүнүн булагы экендиги, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгарм ачы- лыгына арналган сабактар башкы критерийлеринин бири катары, ар бир сабакта колдонулду. Бул критерийдин негизги максаты адам жашап ту рган коом бүтүн нерсе экендигин, андагы бардык нерсе бири-бири менен ты ргыз байланышта, катышта тура тургандыгын, адам аны көркөм чыгарма алар аркылуу образдуу кабылдай тургандыгын, адабий-эстетикалык дөөлөт иттөр окуучулардын кыргыз адабиятында алган билимдерин азыркы турму шта кездешип жаткан баалуулуктар менен интеграциялоого мүмкүндүк т зду. Эгерде, ар бир окуучу адабий чыгарманын тилин жакшы билүүгө жети шсе, анын турмушка керектүү касиетин ачып түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ б олуу менен бирге, күнүмдүк тиричиликте адабий-эстетикалык категориялар рды кеңири колдоно алуусуна жетише алаары аныктады.

Азыркы мезгилде кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуу иште ери, б. а. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган са- бактар окутуу методдорун колдонуу жагынан учурдагы билим берүү п ро-

цессин демократиялаштыруу, гумандаштыруу, окуу процессине карата мугалимдин мамилесин өзгөртүүгө кеңири жол ачып берди. Анда Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактар негизинен кыргыз адабиятын окутууну инновациялоо иштери менен тыгыз байланышта болуп, жалпысынан өнүккөн өлкөлөрдө кеңири колдонулуп жана натыйжага ээ болуп жаткан интерактивдүү окутуу усулдарына ориентир кылуу зарылдыгын көрсөттү. Тактап айтканда, азыркы мезгилдеги билим берүүдөгү улуттук кризистен чыгуу үчүн өнүккөн өлкөлөрдө пайдаланылып жаткан инсанга багыттап окутуу сыяктуу жаңычыл педагогикалык концепциясын кыргыз адабияты предметинде жана Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарында колдонуу маселесин алдыга коюп, бул мугалимдин жеке чыгармачыл демилгесинин коштоосунда турган, реалдуу турмушта болуп жаткан дүйнөлүк окуу процессине таянуудан, өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү системасындагы жетишкендиктерге ориентир кылуудан пайда болгон ык-усулдарды колдонуу, б. а. келечек муундарга учурдун талабына туура келе тургандай билимге каныктыруу маселелеринен ишке ашырууну көздөдү.

Мындан тышкары Кыргызстан дүйнө элдерине дарбазасын кеңири ачкан мамлекет болуп калгандыктан, кыргыз жаштарын дүйнөдөгү бардык элдер менен тыгыз байланышып иштөөгө, дүйнөнүн бардык жерлеринде билим алууга, алардын окуу процессине ориентир кылып, иш алып барууга, коомдук талаптарды аткаруурга мүмкүнчүлүк түзүп отурат[1]. Мындай көрүнүш өлкөдөгү билим алууга карата коомдук талаптарды гана айкындабастан, улутка мүнөздүү адабият сыяктуу предметте да билим берүү формаларын, окутуу ыкмалары менен усулдарын коомдук-социалдык шартка ылайык, толугу менен жаңылоону талап кылса, сыртган келген ар кандай кубулуштардын таасири менен өзгөрүп жаткан маданий деградацияга туруштук берүүчү адабий-эстетикалык табитти калыптандыруучу социалдык шарттарды адабий чыгармалар аркылуу "иштеп чыгуу" –окутуу процессинде мурда активдүү колдонуп жаткан кээ бир салттуу ыкмаларды, усулдарды, ал тургай, окутуу формаларын түп-тамырынан өзгөртүүнү талап кылууда. Мында мурдатан окуу процессине колдонулуп келген сабакты "башкаруунун формаларын" – уюштуруунун башкаруучулук-командалык ыкмаларын жаңы социалдык-педагогикалык кырдаалга карата жаңылоо, турмуштан алыстап калган, ийкемсиз окутуу формаларынын ордуна жаңыларды интерактивдүү ык-усулдарды пайдалануу иш тажрыйбаларын өткөрүү зарылдыгын айкындап койду.

Кыргыз адабияты боюнча жана Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарында интерактивдүү окутуу мурда колдонулуп келген бардык окутуу усулдары менен ыкмаларын, формаларын толугу менен жокко чыгарбаса да, алардын окутуу формасы менен мазмунун жаңылоо керектигин, балдар менен жакындан мамиле түзүп, ар бир сабакты демократиялаштырууну, анда ар бир бала менен тыгыз катышта иш алып барууну, ар бир окуучуга жеке-индивидуалдуу мамиле кылуу сыяктуу талаптарды коё баштады. Демек, ал мурдагы салттуу окутуу формалары менен иш алып барып жаткан мугалимдерге баштагы командалык ыкмаларын өзгөртүүгө, балдар менен тең укукта

туруп, сабакты уюштурууга, окуучулар менен кызматташып, чыгармачыл мамиле кылууга аргасыз кылган шарттар түзүү менен бирге, адабият мугалиминин сабакка карата болгон мамилесин, өзгөчө сабактагы педагогикалык-психологиялык кырдаалды чечүүгө карата көз карашын толугу менен жаңылоого карата абалды жаратты. Мындай демократиялык өзгөрүүлөрдүн шарапаты менен жергиликтүү педагогикалык кыртышыбызга келип конгон билим берүү концепциясы – инсанга багыттап окутуу болсо, демократиялык коом турмушка өз идеяларын жайылта баштаган соң, башка тармактардай эле билим берүүдө демократиянын өзөк идеяларын турмушка ашырууга ийкемдүү кызмат кылып бере турган интерактивдүү окутуу технологиясы барып-келип салттуу окуу процессин инновациялоо максатында, айрым усулдук толуктоолорду киргизди. Натыйжада, салттуу сабактар деле жаңычыл ыкмалар менен толукталды. Алар төмөнкүлөр:

1) сабакта ар бир окуучуга байкоо жүргүзүү;

2) ар бир окуучу менен жеке аңгемелешүү;

3) окуучу менен жекече иштөө;

4) ар бир сабакта окуучуларга жуп жана топ менен иштөөсүнө шарт түзүү;

5) окуучуларды көз караштарды калыптандырууда жана иштеп чыгууда жупташып иштөөгө үйрөтүү;

6) экиден болууда бирин-бири сыйлап, өз пикирин таңуулабай, чындыкты талдоо аркылуу табууда, жупташып иштөөгө үйрөтүү;

7) ар бир сабакта берилген тема боюнча окуучулардын жалпы иштөөсүнө жетишүү жана аргументтештирип, жыйынтык чыгарууга үйрөтүү;[1]

Кыргыз адабияты предметинде жана Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарындагы интерактивдүү усулдар предметтик билим берүүдөгү интеллектуалдык көндүм, моралдык-этикалык, эстетикалык жана коммуникациялык компоненттердин бардык аспектилерин органикалык түрдө кыймылга келтирүүнү талап кылууда. Ал эми азыркы учурда мындай көрүнүш Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда ар бир мугалим инновацияны ишке ашырууда чыгармачылык менен окуу процессине активдүү катышуусу керек экендигин көрсөтүүдө. Анткени, учурда окуу процессин "кыймылга келтирип", билим берүүнү камсыз кылып турган сабактардын баарысынын коомдун талаптарына ылайык жаңылануусу барып-келип, кыргыз адабияты сабагына таандык окутуу проблемаларын чечүүдө же кыргыз адабияты боюнча сабакты инновациялоодо жаңы форма, жаңыча метод, ыкма жана анын талабына жооп берген мазмун зарылдыгын туюндурууда.

Ушул жерден байкоо жүргүзүү учурларында аныкталган төмөнкү кырдаалга токтолбой кетүүгө болбойт. Кыргыз адабиятын окутууда көпчүлүк мектептерде дале интерактивдүү окутуу анча маанига альна электиги байкалат. Ошондуктан, сабактын мазмунун жана формасын жаңылоо деген түшүнүктү көпчүлүк мугалимдер жөн гана маанилүү компаниянын ичинде же ачык сабактарды өтүүдө, айтыла калып жаткан сөз сыяктуу кабыл алыша тургандыгын

[1] АБРдин экинчи долбоорунун окуу материалдарынан. - Бишкек, 2007, 5-21-беттер

биздин сурамжылоого берген жоопторунда айтышкан. Экинчилери – бул түшүнүктө мазмуну менен толук тааныш болбогондуктан, окуу процессинде жүрүп жаткан баарыга тааныш эмес көрүнүштөрдү интерактивдүү окутуу катары эсептегендер. Ошол себептен, кыргыз адабияты предметинде окутуунун интерактивдүү формаларын, ык-усулдарын колдонуу – өлкөдөгү ар бир мектептин ички кызыкчылыгын эсепке алуу менен жалпы кабыл алынган формаларды, алардын ар биринин чыгармчылыгы менен коштолгон, ошол эле мезгилде окутууга карата өз сунуштарын окуу планы аркылуу бекитип берген, кыргыз адабияты боюнча сабакты уюштуруучу жана окутууну башкаруунун жалпы милдеттерин аныктаган өзүнчө процесс экендигин эксперимент учурларында түшүндүрүүгө аргасыз болдук.

Кыргыз адабиятында жана Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган интерактивдүү сабактарда кыргыз адабиятын окутууга таандык мамлекеттик бардык документтерди өз ичине алган, бирок окуучулардын психологиялык-педагогикалык кабылдоосуна ылайык окутууда чыгармачыл система түзүп, сабакты инновациялоо керек экендигин аныктадык. Ал эми Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда интерактивдүү ык-усулдар жана формалар окутуунун азыркы салттуу сабактардан айырмаланып, сабактын уюштурулушунан тартып, акыркы жыйынтыгына чейин мугалим менен окуучулардын кызматташуусундагы чыгармачылык башкы орунда экендигин көрсөттү. Тактап айтканда, учурда колдонуп жаткан стандарттык сабактардан айырмаланып, интерактивдүү ык-усулдар менен формалар ар бир мугалимдин чыгармачыл аракетинде окуучулардын сунушун иштеп чыгуу же дайыма окуучулар менен бирдикте жаңы нерселерди киргизүүнү эске алуу, мектептен тартып, мамлекеттик жалпы билим берүү тармактарына чейинки бардык бөлүмдөрдү ичине алган окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү процесси катары суурулуп чыкты.

Салттуу сабактардагыдан айырмаланып, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган интерактивдүү сабактардын башкы өзгөчөлүгү эмнени окутуш үчүн эле эмес, кантип окутушу жөнүндөгү көп маселени камтыгандыгынан айырмаланып тургандыгын байкайбыз. Салыштырып караганда, мындагы башкы айырмачылык, ал мугалимге окуучулар өздөштүрө турган билимди берүүнүн «каалоосу» тургандыгы аркылуу түшүндүрүлөт. Ошондуктан, интерактивдүү ыкмалар, методдор салттуу сабактарда мурдатан колдонулуп келген салттуу мазмунунан жана өзүнүн ички түзүлүшү боюнча айырмаланып тургандыгын көрөбүз. Өзгөчө азыркы учурда аталган ыкмаларда мугалим менен окуучунун ортосун байланыштырып турган жаңычыл психология бар экендигин эч ким тана албайт. Ошондой эле салттуу сабактарда кээ бир усулдар Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган интерактивдүү сабактарда азыркы коомдук талаптарга ылайык жаңычыл мазмунга ээ болуу менен колдонулгандыгын эскерте кетели.

Андай сабактардан ичинде кеңири колдонулгандардын ичинен төмөнкү методдорду бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) көрсөтмөлүү-иллюстративдүү методдор;
2) таблица менен иштетүү;
3) практикалык иштер;
4) окуучунун өз алдынча иштөөсү, ж. б.

Бизде ушул тапта, тилекке каршы, кыргыз адабияты боюнча салттуу сабактарда мугалимдер көп учурда окуучулардын көркөм чыгарманы үйрөнүүгө карата болгон каалоосун эсепке алышпайт. Эгерде кыргыз адабияты боюнча салттуу сабактарда деле окуучунун учурдагы каалоосун эске алган, баланын турмушуна керектүү билимди берүү менен түшүндүргөн форма менен мазмунда жогоруда аталган методдор аркылуу инсанга багытталган окутуу иштерин уюштурууга мүмкүнчүлүктөр бар экендигин аныктадык. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгы жана "Тар заман" чыгармасына арналган сабактарда аталган методдорду балдардын ички чыгармачылык катышында турган расмий окутуу комплекси катары карап, инновациялоого таандык көрүнүштөрдүн мазмуну ар бир окуучу өзүнө керектүү билимге ээ болуусу менен баалоого боло тургандыгын байкадык. Аларда деле ар бир балага чыгармачылык менен мамиле кылууну үйрөткөнү ачык байкалат. Башкача айтканда, мугалим аталган методдор аркылуу ар бир балага карата изилдөө жүргүзөт да, анан алар менен тыгыз байланышта болуп сүйлөшүүнү, андан соң алган билимин пайдаланып иштетүүнү, андан барып, реалдуу турмушта жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл ала билүүнү жүзөгө ашырууну алдына максат кылат. Ал эми мында салттуу методдор деле ички мазмунун жаңылап, ар бир сабактын натыйжасында коомго керектүү сезимди пайда кылууга, ар бир нерсеге моралдык жактан мамиле этүүгө, эң башкысы алган билимин пайдаланып турмушта демилге көтөрүүчүлүккө, ойлоп табуучулукка, аны андан аркы ишмердүүлүгүнө пайдалана билүүгө ынтызар болгон инсанды тарбиялоого багыт алгандыгы менен кыргыз адабиятын интерактивдүү жолдор менен окутуу, мурдатан колдонулуп келген стандарттуу сабактардан айырмаланып тургандыгын аныктоого болот. Биз бул жерде кыргыз адабиятын интерактивдүү окутууда салттуу методдордун канчалык алгылыктуу экендигин турмуш ырастап тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Тактап айтканда, сабактарын инновациялап окутуунун маңызы жаштар алган билим менен кайсы жерде болбосун, өзү ээ болгон адистикте иштеп кетүүсүнө жардамдаша алгандыгы менен туюндурулат. Ал эми азыркы мезгилде орто мектепте, кыргыз адабиятын окутууда интерактивдүү окутуунун мазмуну катары чагылган жаңычыл усулдар жана ыкмалар бар, алар төмөнкүлөр:

- долбоорлоо;
- байкоо жүргүзүү;
- портфолио;
- ойлорду жалпылоо;
- бирине-бири баа берүү;
- тематикалык оюндар;
- дебат түрүндө аңгемелешүү, ж. б.

Албетте, мындай ыкмалар ар бир сабактан ар кандай жаңычыл окутуу каражаттарын талап кылат. Факты өзү көрсөтүп тургандай, мында негизги принциптер бир гана мугалимдин чыгармачыл аракети катары коюлган талаптардан турбастан, ал окуучулардын да сабак учурунда чыгармачыл ишмердүүлүгүн жетекчиликке ала турган касиеттер менен коштолот. Кыргыз адабияты предметинде Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына арналган сабактарында көп убакыттан бери окутуунун салттуу формалары менен чектелип калган окуу процессин толук бойдон интерактивдештирүү зарыл болуп турат.

Аны жүзөгө ашыруу тигил же бул салттуу методдорду өз кызыкчылыгына карай мугалимдин алмаштырып коюусу эмес, түрмүштүн зарылдыгына жараша келип жаткан жаңылыктардын баарын колдонуп көрүү менен интерактивдүү окутуу усулдарын жеке практикасында эксперименттен өткөрүү иш чаралары менен коштолот. Мындай иш чаралар жаңыны издөө жана анын теориясын мектепте пайда кылуу менен чектелбестен, кыргыз адабияты эле эмес, мектептин башка окуу предметтеринде окуучунун учур талабында турган билимге ээ болушун шарттоочу усулдарды жайылтуу максатын да көздөйт. Ал кыргыз адабияты боюнча салттуу сабактарда пайдаланылып келген усулдар менен ыкмаларды да жаңы идеяларга айкалыштыра кароо аркылуу сабактын окуучуларга жеткирүүгө карата, баалуулугун арттырууга карата да, чыгармачылык иштерди уюштырууга да мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондуктан, кыргыз адабиятын, анын ичинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактардын бүгүнкү коомдун талаптарына ылайык окутуу үчүн мектептеги билим берүү ишин уюштуруу жана анын жаңычыл системасын түзүп чыгуу зарыл экендигин байкадык жана иштеп чыктык.

Кыргыз адабиятын интерактивдүү окутуунун ык-усулдары, формалары окуу процессинде зарылдыгына жараша баалуулукка ээ болгондуктан, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарды инновациялоо иштери мектептеги окууну пландаштырганга жана өткөргөнгө келгенде өтө маанилүү маселелер менен байланышып, окутуунун концепциясы катары окуучуларга жаңыча мамиле кылган кырдаалдар менен байланышат. Мына ушул жерге келгенде мугалимдердин көз караштары ар башка экендигин белгилей кетүүгө тийишпиз. Тактап айтканда, биз орто мектептеги мугалимдердин интерактивдүү окутууга карата көз караштарын билүү үчүн сурамжылоо иштерин жүргүзгөнүбүздө алар интерактивдүү окутууну таптакыр жаңы, салттуу сабактарга эч кандай байланышы жок катары карашкан учурларын көп кездештирдик. Ошондой эле, интерактивдүү сабактардын өзүнчө иштелмеси болгондой эле алардын өзүнө гана таандык теория жана практикасы болуш керектигин идеялаштырылган ойлор мугалимдер арасында арбын экендигин байкадык.

Ал эми алар сабактагы интерактивдүүлүктү көбүнесе сабактын жабдылышына карата баалай тургандыгын да, мугалимдердин сурамжылоо анкетабызга берген жооптору ырастады. Албетте, мугалимдер окуучу-

лар менен иштөөдө канчалык көрсөтмөлүүлүк көп болсо, аны пайдалануу ыкмалары баары бир жаңычылдыкты түзө тургандыгын, мугалим менен окуучулардын «кызматташуусуна» кеңири мүмкүнчүлүк берээрин, натыйжада, андай каражаттар баланын сабакка карата кызыкчылыгын ойготоорун белгилешкенкени менен өздөрү сабакта пайдаланган андай натыйжага ээ кылуучу каражаттарды да, ыкмаларды да атап көрсөтүүгө келгенде, интерактивдүүлүктү алардан бөлүп карай тургандыгы ачык көрүндү. Ошондуктан, биз бул жерде интерактивдүү сабактарды уюштурууга кызмат кылган каражаттарды атап кетүүнү туура көрүп отурабыз. Ырас, алардын баарын санап өтүүгө мүмкүн эмес болсо да, айрымдарына токтолуу зарылдыгы турат. Алар төмөнкүлөр:

- Кырдаалды түшүндүрүүчү сүрөттөр;
- Темага таандык картиналар;
- Карточкалар;
- Диафильмдер;
- Суроо-жооп уюштуруучу көрсөтмө куралдар;
- Кырдаалга керектүү көркөм сөз каражаттардын таблицасы;
- Туура сүйлөө үчүн колдонула турган акындардын чыгармаларынан алынган көркөм, образдуу сүйлөөнү үйрөтүүчү үлгүлөр;
- Окуучулар өз алдынча айтып берүүгө шартталган ыр саптары, түрмөктөр;
- Таркатма материалдар;
- Окуучулар өздөрү даярдаган акындардын өмүрү, чыгармачылыгына арналган китепчелер;
- Текст түзүүгө сунушталган ыр саптарынан үзүндүлөр;
- Талдоого алынуучу тексттер (окуп же айтып берүү үчүн);
- Ырлардын мазмуну боюнча сүрөт тарттыруу (оюндун үлгүлөрү);
- Акындардын көркөм сөз каражаттарын колдонуу менен сөз өстүрүүгө арналган таблицалар;
- Ребустар;
- Баланын туура же туура эмес ой жүгүртүүсүн аныктоочу карточкалар;
- Баланын ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү карточкалар;
- Оозеки айтып берүүгө колдонуучу таблицалар;
- Акындардын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча кошумча адабий-теориялык, көркөм китептер;
- Тексте колдонулган көркөм сөз каражаттары боюнча окуучунун ойлоосунун туура экендигин текшерүүчү таблицалар (ыр саптарынын, андагы сүйлөмдөрдүн конструкциялары);
- Тема боюнча тесттик тапшырмалар;
- Баланын ой жүгүртүүсүн текшерүүчү компьютердик тапшырмалар;
- Темага байланыштуу тартылган окуучулардын сүрөттөрү;
- Темага байланыштуу мугалимдин чыгармачылыгы менен түзүлгөн таблицалар;

• Перфокарталар;

• Белгилүү бир теманы үйрөнгөнүн текшерүүгө багытталган кырдаалдык тапшырмалар;

• Акындардын чыгармачылыгын камтыган тематикалык карталар;

• Жалпы тапшырмалар топтордо иштешүүчү схемалар, ж. б.[1]

Ырас, булардын бардыгы тең Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган ар бир сабакта колдонула бербейт. Алар мугалимдин балдарга бере турган билиминин максатына ылайык пайдаланылат. Айрым учурларда туура эмес пайдаланган болсо, аталган каражаттар менен ыкмалар балдардын кыргыз адабияты боюнча билимине анча кызмат кыла албай калган учурлар да кездешет. Ошондуктан ыкма жана каражаттардын канчалык баалуу экендиги окуучулардын практикалык жактан өздөштүргөн билиминин өзүнөн көрүнөт. Андай учурда кадимки сабактан алыс турган, бирок турмушта аны «текшерүүгө» мүмкүндүгү бар кырдаалдар да эсепке алынат. Алар:

- көркөм тексттердеги тилдик жана стилдик жактан талдоо аркылуу;
- баланын көркөм ойлоосун калыптандыруучу тапшырмаларга карата алынган жооптор аркылуу;
- чыгармадагы адабий-эстетикалык жана тилдик каражаттар катары, ар бир сөздүн же сүйлөмдүн чыгармадагы, андан соң баланын турмуш-тиричилигиндеги ордун аныктоо үчүн чыгармалардын ичиндеги адабий түшүнүктөрдү талкуулоо аркылуу;
- көркөм текстке талкуу жүргүзүү аркылуу;
- ырларды аудио каражаттар аркылуу угуп, талдоо аркылуу;
- окуу материалдарына талдоо жүргүзүү менен.

Азыркы интерактивдүү сабактарды компьютердик технологиясыз элестетүү мүмкүн эмес болуп калды. Ошондуктан, балдарга кызыктуу болуш үчүн кыргыз адабияты предметинде Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгына арналган сабактарда компьютерди пайдалануу менен алардын билимин өркүндөтүүчү ыкмаларын колдонуу зарылдыгы турат. Ал эми компьютер менен иштөөгө сунушталган тапшырмалар ар кандай формада жана сабактын мазмунун жакшыртуу үчүн ар түрдүү ыкмаларда мугалимдин чыгармачылыгына, компьютер боюнча билимине жараша чечиле тургандыгын эскерте кетели. Ырас, башка сабактардай эле окуу процессине компьютерди колдонуу үчүн кыргыз адабияты сабагынын мүмкүнчүлүгү зор экендигин баса белгилей кетүүгө тийишпиз. Анткени ар бир көрсөтүлгөн факты материалдар боюнча компьютерде көркөм тексттин үстүндө иштөө мүмкүнчүлүгү бар экендигин эсепке алсак, анда мугалим менен окуучунун чыгармачылык менен кызматташуусуна ал бир кыйла маанилүү кызмат кылаарын далилдөөнүн зарылдыгы жок.

Адабият мугалими Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларын окуучулар менен бирдикте сабакта талдоодо төмөнкүдөй кырдаалдарга токтолгону да жөндүү болуп саналат. Биринчиден, анын чыгармаларынын философия-

[1] **Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу.- Бишкек, 2004, 12-бет.**

сын ачып көрсөтүүсү, б. а., "Тар заман" менен бирге замана ырларынын мазмунун ээлеп турган чоң сүрөткерлик чеберчилигин, көркөм сөздүн күчү менен берген чеберчилигин окуучуларга жеткирүүсү. Экинчиден, дүйнө таанымы боюнча окуучулардын айрымдары туура эмес кабыл алып, карама-каршы позицияда турса да, мугалим акындын бул багыттагы чыгармаларын замандын катаалдыгын эл сезимине жеткирүүдө ордун ачып көрсөтүүсү зарыл. Ошондуктан, ал замандаштарынын делебесин козгой алгандыгын – акындын ыр саптарынын эстетикалык күчтүүлүгүн, ырда колдонулган сөз маанилерин аныктоо, алардын кудуретин далилдөө аркылуу сабактарды максатына жеткирүүгө багыт алгандыгы маанилүү. Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман» чыгармасын окуп-үйрөнүүдө бул башкы орунда турууга тийиш. Тактап айтканда, балдар чыгарманын идеялык мазмунуна, пафосуна, философиялык дүйнө таанымына, турмуш чындыгын сүрөттөп берген адабий-эстетикалык туюмуна бирдей мамиле кылышпайт. Алардын негизги айырмачылыгы ар бир окуучунун жеке дүйнө кабылдоо түшүнүктөрүнө жараша чыгарманын пафосунда кала ала тургандыгы экендигин эскертели. Эгер балдардын эсинде толук калуусун туура деп тапса, адабият мугалими окуучулардын дебатын – өз-ара талашып-тартышуусун уюштурганы таасирдүү орунду ээлейт. Мында мугалим жетекчиликке ала турган көз караш – Арстанбек Буйлаш уулунун таланты ар түрдүү, чыгармачылыгы көп тармактуу экендигин, анын чыгармалары жанрдык жана мазмундук жактан бай жана көркөмдүгү терең, балдарга жеткирүү – акындын дүйнө таанымынын көп түрдүү табияты негизинен өзү жашаган доор, андагы карапайым калктын турмуш-тиричилиги, социалдык ал-абалы менен тыгыз байланышта болгондугун, өз Мекени, жери, Ата-журту жөнүндөгү ой толгоолорун "Тар заман" башында турган ырларына батыргандыгын ачып берүү болуп саналат.

Адабият мугалими Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман» чыгармасына талдоо жүргүзүүдө аны кыргыз тарыхына байланыштырганы туура, б. а. аталган чыгарма акын жашаган доорду, өз заманын, андагы коомдук-социалдык турмушту, ошол мезгилдин жашоо-тиричилигиндеги ал-абалды баяндап жаткандыгын, шарттуу алганда чыгарма ар кандай мазмундагы акыл айтуу санатынын жыйындысынан тургандыгын, ошондой эле анын өзүнө таандык обону, комуз күүсү, аткаруу манерасы, кайрык-кайталоолору бар экендигин айтып берүүгө тийиш. Форма жагынан дидактикалык чыгармага окшоп турганы менен «Тар заман» өз алдынча жанрдык өзгөчөлүккө ээ болуп, эл арасында «кара ыр» аталганын, б. а. чыгарма санат, терминин чегинде калбастан, мазмуну, камтыган объектиси кеңири планга өтүп, замана-заңы ылайыкташып, калктын келечеги талдоо жүргүзгөн сыяктанган көрүнүштөргө ээ – коомдук-социалдык маселелерди козгоп, терең ой жүгүртүшү менен айырмаланганы да талдоого алынууга милдеттүү. Ал Чыгыш адабиятына мүнөздүү Асан Кайгынын философиялык мазмундагы ой толгоолоруна үндөшүп, «поэтикалык толгоо же толгонуу деп атоо чыгарманын ички маңызына, мазмунуна туура келет»[1].

[1] Муратов А. Атыңдан айланайын сабак. // Кут билим, 2004, 15-октябрь

Андан ары адабият мугалиминин көркөм анализи Арстанбектин чыгармачылыгын «Тар заман» менен байланыштыруу, анда көркөм өнөрдүн эң бийиктикке көтөрүлгөн мазмуну – падыша өкмөтүнүн бийлиги кыргыз жергесине орногон мезгилди камтыгандыгын, жараткан чыгармасы толугу менен өз заманын жыйындысы – акындын турмуштук жана социалдык көз карашы, дүйнө таанымынын жыйындысы, акындын философиялык позициясы экендигин балдарга жеткирүү болуп саналат.

Ырас, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү чыгармачылыгын интерактивдүү окутууда адабият мугалими сабакка башкачараак мамиле кылууга аргасыз. Биринчиден, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүр таржымалында мындай эл арасында айтылып калган уламыштык же легендалык тексттер жетишсиз болгондуктан, мугалим балдар менен иштөөдө акындын өмүрү, чыгармачылыгына байланышкан адабий изилдөөлөрдү гана пайдалануу-га аргасыз болот. Экинчиден, интерактивдүү окутууга мүнөздүү болгон окуучулардын өз алдынча, жуп жана топ болуп иштөө формасы сакталганы менен Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына тиешелүү болгон адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү ачуу, анын чыгармаларына гана таандык болуп саналган дүйнө кабылдоону берүү – баары бир мугалимден сабактын жүрүшүнө чыгармачылык менен мамиле кылууну шарттайт. Адабият мугалими сабак кызыктуу, окуучуларга жеткиликтүү болушун каалай турган болсо, анда мурда иштелип чыккан даяр усулдарга ык койбостон, жаңы ыкмалар менен ар бир сабакты толуктап бергени, балдарга таасирдүү болуп саналат. Үчүнчүдөн, адабият мугалими окуучулардын адабий-эстетикалык табитин тереңдетип, көркөм чыгармадагы эстетикалык баалуулукту өз алдынча аңдаштыра билүүгө жетишүүсүн каалай турган болсо, анда акындын өмүр таржымалы жөнүндө турмуштук аңыз кептерден, чыныгы адабий-теориялык изилдөөлөрдү карай багыт алганы тура. Анткени, окуучулар акындын чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөрдү аңдаштырууда буга чейин изилденген адабий-теориялык ойлорго негизделип, ошону менен бирге адабий чыгармалар кантип талдана тургандыгын, эстетикалык дөөлөттөр кантип аныкталарын да сабактардын жүрүшү менен өздөштүрүүгө тийиш.

- Арстанбек Буйлаш уулунун акындык чыгармачылыгын ача алган улуу адамдардын ой-пикирлери, көз караштары;
- Кыргыз элинин тарыхында из калтырган Арстанбек Буйлаш уулунун замандаштарынын, аны көргөн адамдардын баяндоолору, эскерүүлөрү;
- Эл арасынан иликтенип жыйналган жана укумдан-тукумга оозеки айтылып келген Арстанбек Буйлаш уулунун акындык чыгармачылыгына байланышкан уламыш, аңыз кептерден алынган үзүндүлөр;
- Арстанбек Буйлаш уулунун эл ичинде түзүлгөн, легендага айланган образы, ошого байланышкан элестүү сөздөр, фразалар;
- Арстанбек Буйлаш уулунун окуучуларга өтө таасир берүүчү ыр саптары, ырларынан үзүндүлөр, ж. б.

Арстанбектин чыгармачылыгына арналган сабактарда, ал сыяктуу булбулдай сайраган акын жарык дүйнөгө анда-санда гана бир келе тургандыгын жогоруда белгиленген маалыматтар аркылуу балдарга жеткирүүгө аракеттенсе, мына ушул сыяктуу багыттар Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын үйрөнүүгө өтө маанилүү орунга ээ экендигин айтпай коюуга болбойт. Анткени, бул акындын чыгармачылыгын башка акындар менен байланыштыруу, алардын көркөм мурастарына жалпы тиешелүү болгон окшоштуктарды гана эмес, окуучулар улуу инсандарды баалоого мүмкүн болгон элдик эпитеттердин ортосундагы жакындыктар менен айырмачылыктарды билүү – ар бир окуучуга таасирдүү болуп саналат.

Эксперименттик сабактардын жүрүшүндө ушундай эле окутуунун ык-усулдарын, формаларын Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгын окутууда колдондук. Албетте, Арстанбек Буйлаш уулунун өмүр таржымалынын, чыгармачылык жолунун өзгөчөлүгүнө жараша бир кыйла айырмага ээ болгону менен класстагы окуучуларды топторго бөлүштүрүү, жогоруда белгиленген багыттар боюнча маалыматтарды берүү иштери салттуу жана интерактивдүү сабактарда жакын тургандыгын тануу болбойт. Анткени, бул жалпы акындардын чыгармачылыгында, турмушка карата көз караштарында, реалдуу турмуш чындыгын көркөм аңдаштырууда, аларды көркөм чагылдырууда, ыр саптарына элдик адабий-эстетикалык ойлорду берүү касиетинде, этнопедагогикалык, дидактикалык, адеп-ахлактык ойлорду берүү чеберчилигинде, көркөм-философиялык көз караштарында жалпылыктар болгондуктан, орто мектептеги окуу программасында берилген окуу материалдарын балдарга сунуштоодо, интерактивдүү окутуунун бирдей ык-усулдарын кеңири колдонууга мүмкүндүк түздү. Слайд түзүүдө, биз Арстанбек Буйлаш уулунун өмүр таржымалын, ал жашаган доордун бөтөнчөлүгүн, чыгармачылыгынын жаралышына себеп болгон жагдайларды чагылдырууда Т. Саманчиндин[1], М. Абдылдаевдин[2], Б. Кебекованын[3] адабий-теориялык ойлорун, аталган эмгектерде берилген факты материалдарды пайдаландык.

Окуучуларга сунуш кылууда Арстанбек Буйлаш уулунун 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сыртында туулганын, Буйлаштын салбар аялынан төрөлгөндүгүн, анын натыйжасында бала чагынан тартып, атасынын, ага-туугандарынын кой-козусун багып чоңойгондугун, турмуштун оордугу ага турмуш чындыгын тез таанып, чыйрак өсүүгө шарт түзгөндүгүн, анын таланты бала чагынан эле билингенин, ырга шыктуулугун, «куйма кулак» болуп ар бир укканын тез кабыл алгандыгын, ал жаш кезинин эле элдик эпос, дастандары айта билгендигин, анын акындык өнөрү атасын Кокон хандыгынын төбөлдөрүнөн куткаруудан тартып, эл арасына кеңири тарагандыгын, жер кыдырып кыргыз элинин турмушу менен терең таанышуу, ага эң сонун чыгармаларды жаратууга себеп бол-

[1] Саманчин уулу Т. Арстанбек. // Советтик адабият жана искусство, 1941, № 6, 90-101-беттер.

[2] Мурас. / Түзгөн М.К.Абдылдаев/ - Фрунзе, Кыргызстан, 1990, 35-36-беттер.

[3] Кебекова Б. Арстанбек (адабий мүнөздөмө). – Китепте: Арстанбек. – Бишкек, 1994, 3-22-беттер

гондугун адабият мугалими слайд түзүүдө, окуучулар таанышууга тийиш болгон фактыларды чагылдыруу иштеринде, көнүлгө алууга тийиш экендигин аныктадык жана аны практикада колдондук.

Мындан тышкары, Арстанбек Буйлаш уулунун ырлары менен «Тар заман» чыгармасын окутууда салттуу окутуу усулдары менен катар, учурда окуу иштеринде жүрүп жаткан педагогикалык процессти инновациялык жолдорго өткөрүү аракетин пайдаландык. Мында өлкөдө жүрүп, ар түрдүү парадигмаларга негизделген билим берүү мекемелеринин түзүлүшү катары көрүнгөн лицей, гимназия, колледж, ж. б. окуу жайларда окуу программасына толуктоолорду киргизүү, б. а., окуучуларды альтернативдүү окуу программаларынын негизинде окутуу, билимдин жаңы мазмунунун окуу процессине ылайык жаңылоо мазмунундагы иш чараларды киргизүүгө аракеттендик. Эксперименттик иштерде жана контролдук сабактарда Арстанбек Буйлаш уулунун ырлары менен «Тар заман» чыгармасын окутууну инновациялоо максатында эски-жаңы предметтик блокторго иреттештирүү, коомдук-социалдык мааниси арткан айрым сабактарды терендетип окутуу[1] иштери да кыргыз адабиятын окутуунун жаңы талаптарын көтөрүп чыгуу менен бирге, сабактын өзүнүн мазмуну менен формасынын толук кандуу жана системдүү жаңылануусуна багыт алдык жана аны практикада текшерип көрүүгө аракеттендик.

Маселен, билим берүү концепцияларында баланын окуу ишине болгон кызыгуусун өркүндөтүү, билим алуу ишмердүүлүгүн ар бир окуучунун күндөлүк тиричилигинде керектүү, кадыресе ажырагыс бөлүгү болуп калуусуна жетишүү, негизгиси билимдүүлүктүн азыркы жашоо мүнөзүнүн эң зарыл жана башкы элемент экендигин далилдөөгө аракеттер катуу жүргөндүктөн, биз сунуштаган сабактарда мугалимдердин көпчүлүгү адабият сабактарында окуучуларды кошумча маалыматтар менен жүктөй берүү аракеттери чектелбестен, азыркы окуу жүгүн жеңилдетип, алган маалыматтын турмушка керектүү мазмунун ачып түшүндүрүү аракетинде болушту. Антпесе, сабактарда кескин көбөйүп кеткен маалыматтар, билим алуунун оорлошу менен бирге сабактын таасирдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн арттырмак турсун, тескерисинче, окуучулардын психикалык алсызданышына, интеллектуалдык чарчап-чаалыгуусунун натыйжасында, билим алууга карата кызыкчылыктарынын азайышына, кээ бир учурда ден-соолуктарынын начарлоосуна себеп болууда.

Антсе да, Арстанбек Буйлаш уулунун "Тар заман" чыгармасын 8-класстын окуучуларынын өздөштүрүүсү текшерүү класстарындагы окуучулардын билиминен эксперименттик класстагы окуучулардын айырмасы 16,6%ти берсе, жазуу жана тесттик тапшырмалардагы көрсөткүч 18,3 % ке жетти. Ырас, эксперименттин толук жыйынтыгын системалаштырып келгенде, окуучулардын интерактивдүү окутуу усулдарында алган билимдери салттуу окутуу ыкмаларына, методдоруна жана формаларына салыштырмалуу

[1] Караңыз: **Образование в конце XX века. (материалы «круглого стола») // Вопросы философии. 1992. -№ 9. – С. 8; Лысенко В. Концепция глобального образования. // Народное образование. – 1993.- № 7-8. – С. 3**

бир кыйла натыйжалуу экендигин көрдүк. Балдардын салттуу сабактардан алган билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн азыркы мезгилде орто мектептин турмушуна кирип келген инновациялык технологиялар катары эсептелген интерактивдүү окутуунун негизинде берилген сабактардагы натыйжаларга салыштырганда жалпы көрсөткүчтөр боюнча экөөнүн ортосунда балага маалымат-билим берүү багытында айырма бар экендиги байкалды. Интерактивдүү окутуу методдорунда ар бир баланын чыгармачылык менен иштөөсү арбын болгондуктан, окуучу кандай тема болбосун, өз алдынча мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче убакыт бөлүп даярдана турганын көрдүк.

...Илимий-педагогикалык эксперименттин жыйынтыгын чыгарууда окуучулардын оозеки жооптору, жазуу иштери, тесттик тапшырмаларга берген жооптору, тема боюнча жалпы түшүнүктөрү, эстетикалык ой жүгүртүүлөрү, сабакка катышкан активдүүлүгү, өз алдынча, жуп жана топ менен иштөөсү, кошумча маалымат булактарынан пайдалануусу, адабий-эстетикалык табити, окурмандык маданияты жана аларды өз турмушунда колдоно алуусу интерактивдүү окутуу формаларынын баалоо системасына ылайык, формативдүү жана суммативдүү баа коюу эрежелери менен ишке ашырылды. Окуучулардын алган баасынын жыйынтыктары ар бир окуучунун портфолиосуна тиркелди. Ар бир сабактын жыйынтыгында окуучулардын ата-энелери менен бирдикте, окуучунун алган баасын портфолионун негизинде талдоо иштери жүргүзүлдү.

Эксперименттин жалпы жыйынтыгы, биз тарабынан коюлган интерактивдүү окутуунун теориялык негиздерин практикада текшерүүгө мүмкүнчүлүк ачып берүү менен илимий ишибиздин максаттары жана милдеттери натыйжалуу ишке ашкандыгын, илимий божомолубуздун туура чыккандыгын айкындап көрсөттү.

2014-жыл.

(Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынан)

Жамила Маматова,
Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
Кыргызстан композиторлор союзунун мүчөсү

"АЛТЫН КАЗЫНАСЫНДАГЫ" АРСТАНБЕКТИН ЧЫГАРМАЛАРЫ

Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгы боюнча Кыргыз радиосуна келгенимде гана жакындан билдим. Ага чейин анча-мынча угуп жүргөнүм бар эле, бирок кызыгып окуп-үйрөнүүгө же атайын иликтөөгө мүмкүн эмес болчу. Себеби, заманачылар, эскичилер катары окуу куралдардан алып ташпап, атайын унут-



карууга жол берген саясаттын курмандыгына жеке эле Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу атактуу акындарыбыздын тагдырлары туш келбестен, биздин куракташтагы жашгардын да мандайына жазылганы өтө өкүнүчтүү көрүнүш. Акылгөй, дааньшман инсандардын чыгармаларын, өмүр баяндарын окуп-билүүдөн куру жалак калганыбыздын өзү – чоң өксүктөрдөн экенин баса белгилеп кетким келет. Мындай кастыкка, жөнсүз бут тосууга кантип өкүнбөй коё алабыз? Эми, "болоору болду, боёсу канды" дебестен, мындан ары колдон келишинче улуу адамдарыбыздын мурастарын калыбына келтирүүгө салым кошууга милдеттүүбүз деп ойлойм. Ошондуктан, Арстанбек атабыздын Кыргыз радиосунун алтын казынасындагы чыгармалары боюнча маалымат берүүнү туура көрдүм.

Бир жакшы жери, бу кишинин ырлары кара тизмеге түшкөн менен, анын күүлөрүн жаздырууга эч кандай деле тоскоолдук болбогондой. Мунун да өзгөчөлүгү бар. Анткени, күүлөрдүн ичиндеги тарыхты, айтыла турган ой-мүдөөнү көпчүлүк карапайым калк анчалык түшүнө бербейт, ыргактагы, кайрыктагы катылган сыр баарына дайын эмес. Аз сандагы, атайы даярдыктан өткөн адистер – музыка жаатындагы тубаса таланттуу адамдар гана айкындап-чечмелебесе, үгүп коюу менен олуттуу нерсеге жетишүү кыйынга турат. Демек, 1960-жылдан бери ырлары, термелери, санаттары жарыяланбай, академиянын кол жазмалар фондусунда сакталса да, комуз күүлөрүнүн айрым карлыгачтары радионун алтын коруна ошол 60-жылдардын ичинде жазылып калганы чоң олжо. Ал тууралуу кеңири токтоло кетейин.

Арстанбек Буйлаш уулунун биринчи жазылган күүсү – "Сен дүйнө", бул 1961-жылы Балбай Алагушовдун редакторлугу астында, үн режиссер А. Овчаренко тарабынан Ыбырай Тумановдун аткаруусунда магниттик тасмага түшүрүлгөн. Узактыгы 2 мүнөт, 30 секунда, сактоолугу Сд-33, ф№9102нк. Ошентип, чебер комузчу, кара күүлөрдүн мыкты аткаруучусу катары таанылган атабыздын алгачкы музыкалык мурасы дагы бир залкар күүчүнүн дарамети менен кайра жаралып, кайра табылып, ободо жаңырып олтурат. Экинчиси – "Арстанбектин кой бөлөр" – 1963-жылы жогоруда аты аталган радио кызматкерлердин аракети менен Кыштообаев Асанаалыдан жаздырып калышкан. Убакыты 2 мүнөт, 58 секундага созулат, сактоолугу Сд-34,9372нк. Үчүнчүсү – "Арыстанбектин калыс ботою" 1965-жылы Жаныбековдун редакторлугу менен, үн режиссер А. Овчаренко Ыбырай Тумановдун чертүүсүндө жүзөгө ашыптыр. Сд-12.ф№3054нк каттосунда сакталган. Добуштук жаңыруусу 2 мүнөт, 31 секунданы түзөт. Ушуну менен Арстанбектин күүлөрүнүн башкалары жазылган эмес, үзүлгөн кылдай үнсүз токтогон. Бирок, 1993-жылдан тарта, бу кишинин чыгармачылыгына, болгондо да музыкалык мурастарына, күү өнөрүнө сүңгүп кирген, ар тараптан иликтеген Кайбылдаев Асан агайыбыз "Арстанбектин күүлөрү" аттуу берүүсүн уюштура баштаган. Ал беш бөлүктөн турган. Бул берүүлөргө Исакова Жээнгүл редакторлук кылган жана үн режиссеру Мамбеталиев Талант болгон. Биринчи берүү 25 мүнөт, 7 секунда, экинчи берүү 24 мүнөттүк, үчүнчү берүү "Арстанбектин тар заман" аталган жана 24 мүнөт, 7 секундага созулган. Төртүнчү берүүнүн өзгөчөлүгү ушунда – Сатыбалдиев Абдымомун менен Алыбаев Жолболду маектешип, Арстанбек Буйлаш уулунун күү жанрындагы өзгөчөлүктөрү талданган жана баа берилген. Ал эми акыркы берүүнүн уктуруу мөөнөтү да 24 мүнөт, 7 секун-

дага эсептелген. Мындан сырткары, Кайрат Иманалиевдин даярдоосунда Замирбек Үсөнбаев Арстанбектин чыгармачылыгы боюнча маек куруп, айрым ырларын комуздун коштоосунда аткарып бергендиги "Залкарлар" уктуруусунда катталган.

Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылыгына кызыгуу, аны иликтеп-изилдөө иштери 1994-жылдан тартып колго алына баштаганы кубандырат. Эртеби-кечпи күүлөрү боюнча кеңири маалымат табылып, залкар талант ын орду мейли музыка дүйнөсүндө болсун, мейли ырчылык өнөрүндө болсун, баары бир калыбына келет деген ишенимим бар. Анткени, 2004-жылы музыка иликтөөчү Турганбай Молдогазиевдин изденүүсү менен "Арстанбектин зар заман" чыгармасын комуз менен үн коштоп, абдан мыкты аткарылып, радиого Бакыт Ашыракмановдун редакторлугу астында, Владимир Ваныкин үн режиссер, Рая Нургазиева үн оператор болуп, жазып алышкан. Бул чыгарманын аткаруу убактысы 4 мүнөт, 37 секунданы камтыйт. Ылайым эле ушундай унут калган мурастары табыла берсе экен. Муну уккан адам кайдыгер калбайт, тек он тогузунчу кылымды эле эске салбастан, кеп бүгүнкү биздин күн жөнүндө жүрүп жаткандай туюм калтырат. "Ушу заман – тар заман, азуулууга бар заман, бечарага зар заман. Заманың келди жакындап, тайган иттей такымдап" деген таамай сүрөттөөсү менен акындын жеке бүтүмү бүгүнкү күндөгү ар бир жарандын ички туюмун уйгу-туйгу кылып, ойго салаары бышык. Колдон келсе бул чыгарманы ар бир кыргыз угуп туруусу керек.

КТРК, анын ичинен радио берүүлөр бөлүмү акылгөй, даанышман, ойчул-философ, чебер комузчу, аткаруучулук жөндөмү жогору болгон Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдык маараксисине карата өкмөттүк, коомдук иш чаралардан сыртта калган жок. Мүмкүн болушунча биздеги мурастарын мезгилмезгили менен обого чыгарып жатабыз. Ал эми үстүбүздөгү, 2014-жылдын июль айында "Теңир-Тоо ынтымагы" коомунун жооптуу катчысы Осмонов Ишенбек Тыналиевич менен Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу 44 мүнөттүк түз алып барууну уюштурдук. Мындай берүүлөрдү мындан ары дагы үзбөй улантмакчыбыз. Бул биздин кызматтык милдетибиз гана болбостон, жарандык салымыбыз сыңары да эсептөөгө болот.

(Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата арнаган макаласы)

Ысмайыл Бапаев,
агартуунун ардагери,
Саруу айылынын тургуну

АКЫНДЫН ЖАЙЫН АЙТАЙЫН

Бала кезде, 1949-жылы Пржевальск (азыркы Каракол шаары) педагогикалык окуу жайында окуп жаттык эле. Ошол мезгилде кыргыз адабиятынан Кыргыз ССРине эмгек сиңирген мугалим, Ленин ордени нин эгедери Заит Кыдырбаев деген агайыбыз сабакты мыкты берчү эле. Бир күнү кирип келди да: -Балдар, "Биздин адабият" китебиңерди ачкыла. Ан ын баланча барагы-

нан түкүнчө бетине чейин айыргыла да, ал кагаздарды таштандыга ыргыткыла-деди. Биз айтканын аткардык, эч нерсе түшүнгөн жокпуз, каяша кылуу кайда, айткандай китептин баракгарын айрып салдык. Анда Калыгул менен Арстанбектин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар жазылган, жакында эле өткөнбүз. Көрсө, ошондо Арстанбек атабыздын атын кыргыз адабиятынан, маданиятынан алып салууга атайы көрсөтмө болгон экен.

Бир күнү үйгө, айылга келип калсам: -И-и, эмне жаңылык бар?-деп калышты. Баягы айрылган баракгар ичиме батпай жүрдү эле: -Жаңылык ушундай, "Биздин адабият" деген китептен Арстанбек, Калыгулду айыртып салышты. Мындан ары окубайсыңар дешти-деп, айтып отурсам, ошерден эле менин бубамдын кичи кызы Алмакан эжем, агезде 84-85 жаштарга чыгып калган, наалыганын жашыра алган жок: -Бекер кылган турбайбы, Калыгул менен Арстанбекти силерге окутпай. Ай-ай, бекер кылышыптыр, Арстанбек ак таңдайдын ырларындагы саптар эл ичинде макал-лакап болуп калган. Кыргыздын макалдарынын көбү Арстанбек атаңардын сөзү...

Бу кишинин мынчалык кейигенин көрө элек элем, таң калып карап калсам, эжекем аңгемесин андан ары улаган:

-Мен 8-9 жашымда Арстанбек атаны көргөмүн. Чычкан-Башында Өтөн атам экөөбүз барып, атүгүл ырларын да укканбыз. Атам төө чепкенинин бир өңүрүн жерге жая салып: -Кел, кызым, отур мындай-деп, жанына, колтугуна отургузуп койгон. Эл дүрбөп, келип эле атат, келип эле атат, деги аягы суюлчудай эмес. "Арстанбек катуу ооруп жатат, киши болоору арсар" дегендей күбүң-шыбың кептер тарап, бирок, чиркин үмүт үзүлбөйт го, баарыбыз акындын үйүн тиктеген бойдон, жакшылыкты күтүп аттык. Атам деле ошондо коштошкону барса керек. Бир маалда Арстанбек ата элдин алдына чыкты, элдин ичи кадимкидей жандана түштү. Кыйналган кезде кымыздан уургап коюп, кечке ырдады. Күүгүмдө уктап калды. "Кой, уктасын, эс алсын" дешип, эл тарап кетти.

Эртеси Көл аймагына, казактарга чейин, быягы Нарынга дейре, көз көргөн, кулак уккан баардык тарапка кабар айтгырышты: "Арстанбек катуу болуп жатат" дегенди. Таң эртеден баштап, эл көчүп келе баштады. Чычкандын ичи боз үйгө толуп чыкты. Түшкө жакын Арстанбек ойгонуп, өөдө болуп, бетиколун жуун, элдин алдына чыкканда тили сүйлөбөй калыптыр. Ошол күнү кечке комузду чертти белем, кымыз, чайдан оозуна тамызып коюп. Ошентип атып, дагы уктап кетти. Кийинки күнү комузун бооруна алып, эл алдына кайра чыкканда, башы-көзү, колу иштеп эле атат, дагы эле тили жок. Өзүнүн ордуна комуздун кылын адамча сүйлөтпөдүбү, шумдугун кур. Айтайын деген ой-тилегин, мүдөөсүн, керек болсо керээзин комуздун коштоосунда билдирди окшойт. Атам тендүү карыялар: "Момундай деп атат, тигиндей деп атат" дешип, комуздун тилин которуп, бизге түшүндүрүп, айтып турушту.

Ошо менен үчүнчү күнү Арстанбек акынынан айрылды кыргыз. Ойий, ошондогу кишинин көптүгүн айтпа! Элдин баары жыйналып, казганактап, а кишиге акыркы ирет кызмат кылып калууга аракеттенгендей, эч кимиси тарткынчыктаган жок. Ичке балатыдан кыйып келишип, үйдүн тегерегин шыпырып, тазалап, анан табыт жасаганга өтүштү. Табытты

узунураак кылып, туура жыгачтардан байлап, сөөктү аруу жуып, ак кепиндеп, адегенде жайнамазга, андан кийин өрөө кийизге ороп туруп жаткырып, алты жигит Чычкан-Башыдагы жайлоо-конушунан Жуукуга түшүргөн. Баратканда Орто-Булактын бели оңой эмес, өтө бийик болот, жөө көтөрүп өтүшүп, түзгө жеткенде табытты ат менен алып жөнөшкөн. Көрсө, ал жердеги Таш-Кыянын үстүндө жайы казылып атыптыр. Атактуу, абройлуу адамдар үчүн казылган көр да башкача болчу ал кезде. Баатыр же балбан жигит ортосуна түшүп алып, найзасын айлантканда, анын учу тийген капталдагы топурак-таштар алынып, улам кеңитиле берген. Жай өзүнчө эле оңурайган ордой көрүнчү...

Эми, биз билбейт элек да, Арстанбек атабыздын кайсы жерге коюлганын. 1949-жылы биздин үйдөгү Арстанбек тууралуу болгон сөздөн кийин Алмакан эжем ээрчитип келип, анда ат, араба жок, аран эшек араба таап, жаткан жайын көрсөттү эле: -Мынабу, биринчи мүрзө Арстанбектики, экинчиси Боромбайдын жайы, Боромбай хан дагы ушул жерге жашырылган. Муну унутпай, эстеп жүргүлө!

Бейишин берсин, ошондо жакшы иш кылыптыр алтындай болгон эжекем, азыр биз келип зыярат кылып жүрөбүз. Көрсө, заманында Боромбай менен үзөңгүлөш, бирге жүргөн тура. Боромбай кыйла улуу болсо да, кайда барса Арстанбек акынды жанына ала барчу экен. 1858-жылдары Боромбай кайтыш болгондон 20 жыл өткөндө, 1878-жылы Арстанбек да бул жарыкчылыктан өтүп отурбайбы. Мына минтип, жаткан жайлары да жаңаша жайгашканын карасаң. Алмакан эжем айтпаса, жетелеп келип, көрсөтпөсө кайдан табат элек да, кантип билет элек. Бул жайды көп киши билбейт, көпчүлүгү жанагы Нарынга бара жаткан эстеликкүмбөзүнө коюлган деп ойлошот. Бул чоң жаңылыштык.

Эски кишилердин эс тутумун карачы, Алмакан эжеме (менин атам Бапа, анын атасы Жакыпбай, Жакыпбайдын атасы Байтерек, анын атасы Өтөн, ушул бубамдын кичүү кызы болуп атпайбы) китептеги Арстанбекти айрып таштаганын айтып берем деп; дааныштыман, олуя, азыркынын тили менен айтканда – философ, төкмө ырчы, чебер комузчу тууралуу тарыхый маалымат алдым. Азыр да кеч эмес, убагы да өтүп кете элек, билген адамдар бар, дагы толуктап, улуу инсан Арстанбектин өмүрүн, чыгармачылыгын изилдеп, иликтеп, таптатынакай кылып, чагылдырып коюш керек. Себеби, бу кишиге эки өмүр берилген, биринчиси, жаратылыштык жашоосу, экинчиси, чыгармачылык жолу. Эки кылымдан бери таланты, философиясы, олуялыгы өчпөй, кайра тутанып келатпайбы, эми дагы эчен кылымдарды карытаары шексиз. Анын айткан-дегени биз тургай, жаштарга үлгү. Демек, кийинки муундарга да ал үлгү, нуска, көрсөтмөсү жетүүгө тийиш. Ошондуктан жаштарыбызга узун өмүр, чың ден соолук, ыйман-ырыскы берсин, биз урпактарыбыздан улуулардын акыл-насаатын кабылдап, андан ары өнүктүрүп кетүүсүн жакшылык менен күтөлү.

Бирок, мени таң калтырган, табышмактуу эки нерсе бар: 1. 1994-жылы 170 жылдык маараке синдеги жана Ысык-Көл энциклопедиясындагы сүрөтү кайсы убакта тартылган жана кайдан алынган деген суроого; 2. Арстанбек-

тин башкалардан айырмаланган комузу (керек учурда узарып, кайра турнабайдай жыйналып, алып жүрүүгө ыңгайлуу, күмүш чегеленген көркөм жасалгасы бар, койкойгон комуз экен) өзү менен көрүстөнгө кошо коюлган деген маалыматка так, даана жооп табалбай келем. Мүмкүнчүлүгүңөр болсо, ушул жагын тактап койсоңуздар жакшы болгону турат, айланайындар...

2014-жыл.

(Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата берген маегинен)

Муканбай Курманкожоев,
Кыргызстандагы тынымсейит уругунун башчысы, коомдук ишмер

АКЫНДЫН СҮРӨТҮН А. АБДРАЕВ ТАРТКАН

1994-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 170 жылдык мааракесин өткөрөбүз деген кеңеште улуу ойчул, төкмө ырчы, олуялык касиети бар, дааныштман, чебер комузчу, эл арасында, коңшу казак, өзбек, кытайда да атагы алыска угулган жана "Булбул" наамын алган зор таланттын ээсинин элеси, сүрөтү жөнүндө кең-кесири сөз болгон. Ошондо Батма Кебекованын адабий мүнөздөмөсүндөгү кебете-кешпирин, өң-түспөлүн, сын-сыпатын аяр талкуулап, кагелесин, мүсүрөгүн болжоп, мелжеп олтуруп, бир пикирге келгенбиз: сүрөтүн колго тарттыралы деп. Ошол кезде биз, бир аз убакыттын тардыгынан шашып калдык. Сүрөтүн деле издетсек болмок, бий атагын алган адамдын кебете-келбетин орустар сүрөткө тартып калышы мүмкүн эле, балким Алматы, Москва ж.б. шаарларындагы илгерки тарыхый документтерди, сүрөттөрдү сактаган архивине кайрылсак, оңчулуктуу бир нерсе табылат беле, ким билет?

Китебин басмага даярдап, 170 жылдык мааракесине кызуу камылга көрүп жатканда, бейнесине, портретине болгон муктаждыктан, Кыргыз Республикасынын эн белгиси – гербдин автору Асейин Абдраевге атайы тапшырма берип, элесин кагазга түшүрткөнбүз. Буга учурунда Арстанбек атабызды көрүп, учурашып, бет келишип, сүйлөшүп калган замандаштарынын айтуусундагы мүнөздөмөлөрдүн, сыпаттоолордун чоң пайдасы тийди. Башкача айтканда, бул элес-сүрөт чогултулган, курамалуу жыйынтык. Ал жеке кишинин ойдон чыгарып, ойлоп тапканы эмес, сезим чабытында акыл калчап, "жети өлчөп" жатып, ушул вариантын көпчүлүк менен жактырганбыз. Ошол сүрөт кийин Ысык-Көл энциклопедиясына ж.б. жактарга пайдаланылып жатат. Буюрса, бул бейне-сүрөттү эл жакшы кабыл алды. Азыр Арстанбек Буйлаш уулуна тийиштүү иш чаралар өтүп калса, А. Абдраевдин кол эмгеги эң биринчилерден болуп, көрүнөө жерге илинип жүрөт.

Ал эми комузу боюнча ар түркүн кептер, аңыздар айтылат. Бирок, бизде так маалымат жок. Мындай жасалгалуу комуздун даңазасы далайга чейин данкталат окшойт. Керек кезде кыскарып же узарып, добушу жанга жагым, уксаң мукам, кол

ойнотсо, бир укмуш үндү коштогон, жүрөктү тургай, жүлүндү козгогон, бөтөнчө, башкача, дубанда жок аспап экенин кесипкөй адистер, өнөрпоздор айкындашат. Атүгүл Арстанбектин өмүрүн жана чыгармачылыгын изилдеген, иликтеген ар бир аалым же илимпоз комузу жөнүндө атайын кеп козгоп, анын жасалгасына токтолбойт койбойт, колдон келишинче баса белгилешет. Ушул жагынан негедир кыя өтүшпөйт. Демек, Дөөтү колдогон дадил уста Айтмамбеттин белеги – Кыдыр даарыган Арстанбек акындын жөлөгү болгону акыйкат чындык.


Көзү өткөн соң комузун сөөгү менен кошо көмдү дегенден алысмын, адатта кыргыз баласы ата-эненин кармаган буюм-тайымы менен кийим-кечесин барктап, кийинкилерге таберик кылып сактамай адатынан азырынча тая элек. Ошондой болсо да, Ысмайыл абамдын билдирүүсүндөгү учукту – жаш илимпоздор, окумуштуу-изилдөөчүлөр, адабий, тарыхый иликтөөчүлөр улап кетээрине ишеним артып, бир аз күтө туралы...

2014-жыл.

(Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата Ысмайыл Бапаевдин суроолоруна берген жообу)

ТАЛАНТКА ТААЗИМ ЭТИП, ТАШ БЕЛГИ КОЮЛДУ

Атактуу акын, көсөм-философ, улуу ойчул, төкмө ырчы жана чебер комузчу, олуядай көзү ачык даанышман – Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдык маараксин өткөрүү боюнча коомдук комиссиянын төрагасы, Кыргызстандагы тынымсейит уругунун уруу башы Курманкожоев Муканбай Жунушалиевичтин демилгеси менен Жети-Өгүз өрөөнүндөгү Жууку капчыгайындагы бейитине мармардан чакан таш белги коюлду. Буга чейин саналуу гана кишилер билген кабырын эми, көпчүлүк эл көрүп-билүүгө, айрыкча ары-бери өткөндөр үчүн жана атайы издеп келип, арбагына арнап куран окуй тургандарга кеңири жол ачылды. Себеби, Арстанбек атабыздын жаткан жайы ушуга дейре жалпыга маалым эмес болчу.



Бул иш чарага жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү кайдыгер караган жок. Ак-Шыйрак айыл аймагынын башчысы Кудайберген Айманов, Саруу айыл аймагынын башчысы Турар Асаналиев, Жаргылчак айыл

аймагынын башчысы Жыргалбек Молдоканов өздөрү баш болуп, белги коюу ырасмисине активдүү кол кабыш кылышты. Ошондой эле элдин эс тутумунда калган залкар инсандын бай мурастарынан ошол тегеректе жашаган оозунда сөзү бар, санжыра-тарых менен таанып аксакалдар: Жамгырчиев Бейшен, Адылбеков Мыктыбек, Муканбетов Садырбай ж.б. кептин кезеги келгенде эскеришип, артынан ээрчип, өсүп келе жаткан Акматов Жаналы, Акунов Урмат, Муканбетов Кубан, Исмаилов Алмаз, Жакшылыков Асанбек өндүү жаштарга нуска-насааттарын калтырышты. Ал эми киндик каны тамган Нарын жергесиндеги Чет-Нура айыл аймагынын башчысы Камчыбек Кудайбергенов менен, түз тукуму Эсенкадыр Таабалдиев ташкындаган ар тараптуу талантка таазим кылуу үчүн ат арытып, бел ашып, жете келгенине көңүл жибип, ыраазы болосуң.

Албетте, Арстанбек атабызга белги коюу менен эле мааракесин өткөрүп жатабыз дегенден алыспыз. Чындыгында 1994-жылдан бери карай гана тыкыр изилдене баштаган көсөм акындын чыгармачылыгы боюнча кыргыз адабиятында чоң өксүк бар экендигин моюнга алышыбыз керек. Бул кишинин түркүм жанрдагы көптөгөн ыр-күүлөрү, обондору, дастан-поэмалары, терме-санаттары, айтыштары учурунда азыраак жыйналганы бизди өкүндүрөт. "Эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың. Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң!" деген бүгүнкү күнү учкул сөзгө айланган таасын, таамай жана курч айтылган терең ойдун ээсинин эмгектери 1920-1930-жылдарда изилдөөчү Каюм Мифтаков тарабынан колго алынып, бирок эмнегедир аягына чыкпай калышы – мезгилдин оош-кыйышы же саясый оюндардын курмандыгы катары бааласак болот. Ошондой болсо да, азыр бизде кеңири мүмкүнчүлүк бар. Дагы эле элдин эс тутумунда, эске сактоосунда "Булбул" атагын алган атабыздын айткан-дегени унутула элек экен. Андыктан сөз сыйлаган, кеп баккан ар бир атуулга кайрылууну эп көрдүк: Арстанбек Буйлаш уулуна тийиштүү делген маалыматтарды – 0550 52 68 55, 0771 16 09 61 кол телефондоруна билдирип койсоңуздар, 190 жылдык мааракe-салтанатына салым кошкондордун ардактуу катарын толуктагандардын алдыңкы сабында болуу буйругу бар. Анын үстүнө топтолгон билдирүүлөр, ой-пикирлер, сын-сунуштар атайын арналып чыгарылуучу китепке кирип калат.

Ишенбек Осмонов,
"Теңир-Тоо ынтымагы"
коомунун жооптуу катчысы

ОМОКТУУ ОЙЛОР

(Бул топтомго Арстанбек Буйлаш уулуна таандык макалалар, эскерүүлөр, божомолдор киргизилди)

Токтосун Иязалиев,
Кыргыз ССРинин маданиятына
эмгек сиңирген ишмери,
басма сөздүн отличниги

АДИЛЕТСИЗ УНУТУЛГАН КАЗАЛЧЫЛАР

(тарых жана тагдыр)

Күнөстүү кыргыз жергеси эзелтен бери эле нукура сөз чеберлерине бай. Өткөндү ар бир муун өзүнүн өсүп-өнүгүш деңгээлине жараша түркүн чыгармалар жаратып, чаңкап турган элдин руханий талабын аздыр-көптүр канааттандырып келген.

Мурдагыларын айтпаганда да, XIX жана XX кылымдарын тогошуу мезгилинде эле жергебиз канчалык залкар казалчыларды, төкмө акындарды, ойчулдарды тартуулабады. Алар учуруна ылайык социалдык, гуманисттик жана лирикалык багыттагы айрым чыгармаларын бизге калтырган. Ошол адабий мурастын кыйласы Совет бийлигинин жылдары ичинде басылып да чыккан. Бирок андан соң кээ бир чуу куйрук "кумалактардын" кыянат аракеттеринен улам ата-бабаларыбыздын кат жүзүндө да, оозеки да бапестей сактап келген не бир ажайып көркөм мурастарга ондогон жылдар бою кишен салынып, эч бир жүйөөлүү себептерсиз алардын кендири кесилип келгени маалым.

Мына эми жаңылануу процесси коомубуздун бардык чөйрөсүнө, анын ичинде маданий мураска да жаңыча мамиле жасоону шарттады. Буга Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети 1988-жылдын 29-декабрында кабыл алган "Молдо Кылыч (Шамырканов) менен Касым Тыныстановдун чыгармачылык мурастары жөнүндөгү" токтом айкын далил.

Эми, элибиздин ошол аргасыз унутта калып келген адабий мурастарына бир беткей эмес, жаңыча мамиле жасалып, алар изилдене баштады, айрымдар басма сөз беттеринде жарык көрүүдө. 1990-жылдын январь-февраль айларында "Кыргызстан" басмасы "Мурас: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Жеңижок, Токтогул жана башкалар" аттуу көлөмдүү жыйнакты басып чыгарып, жаңы жылда журтчулугубузга көптөн күткөн, кызыктуу жаңы белек тартууламакчы. Китептин көлөмү 30 басма табакка жакын. 16 миң ыр саптарынан турат, революцияга чейинки жыйырма казалчы-акындын уруттуу чыгармаларын камтый, алгачкы нускасы 10 миң (кийинчерээк дагы кошумчалай басылып чыгат). Аны философия илимдеринин кандидаты М. К. Абдылдаев түзгөн.

Китепте камтылган чыгармаларда ошол кыргыз ойчулдары, акындары эмгекчи элдин оор турмушун, бай-манаптардын зордук-зомбулуктарын, өткөн кыргыз коомундагы ар кыл тарыхый окуяларды, өсүп-өнгөн ата-

журттун көз кумарын кандырган кайталангыс сулуулугун, айлана-чөйрөдө болуп жаткан кубулуштарды, рухий жана турмуш-тиричилик маселелерин чагылдырууга аракеттенишкен. Алар коомдун өнүгүшүнүн себептик-натыйжалык жагдайларын ажыратып, түшүнө алышпаса да, айрым бир конкреттүү кубулуштардын, көрүнүштөрдүн элесин түзө алышкан.

Белгилүү акындар Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычты кошпогондо, калган акындардын философиялык, коомдук-саясий, этикалык жана эстетикалык көз караштарын камтыган айрым үзүндүлөр гана иргелип алынган. Ал эми Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылыч өндүү замана багытынын ири өкүлдөрүнүн чыгармалары жыйнакка толугураак камтылды. Себеби, дал ушул жана башка кээ бир ойчулдардын чыгармалары көп талаш-тартыштарды пайда кылып, бир беткей бааланып, узак убакыт унутта калтырылып келгендиктен, ал чыгармаларды жүртчулугубуздун назарына толугураак жана тезирээк сунуш кылууга аракет жасалды. Адилет пикир түзүү максатында бул китеп акындардын ар кыл багыттагы жана мазмундагы чыгармаларын камтыйт.

Китеп сөөмөтчү, жорукчу акын Калыгул Бай уулунун (айтылуу тарыхчы Белек Солтоноев "Кызыл кыргыз тарыхынан" аттуу эмгегинде "Бети калдуу болгон үчүн Калыгул деп ат коюлганын" эскерет) чыгармаларынан башталат. Бул акындын тамсилдери, маселдери жана башка ырлары эл арасында кыйла таралса да, бирок алар бизге толугу менен жеткен эмес. Анын "Акыр заман" аттуу чыгармасы, насыят, санат ырлары, Ысык-Көл тууралуу айтканы окурмандарды кызыктырбай койбойт. Калыгулдун чыгармаларын кезинде Ишеналы Арабай уулу көп изилдеп, жыйнактаптыр. Ошондуктан анын кыйла ырлары ошол Ишеналы Арабай уулунун 1925-жылы Пишпекте басылып чыккан "Сабатсыздыкты жоюу алип-бээсинен" алынды.

"Замана" багытынын дагы бир улуу өкүлү – Арстанбек Буйлаш уулу. Ал Калыгулду көрбөсө да, аны элден угуп-билип, андан нуска алганы чыгармаларынан таасын байкалат. Кезинде акын "Кожожаш", "Бердикожо", "Бешказак", "Чоро" жана "Көкөтөйдүн ашын" жатка айткан, комузга өтө устат болгон дешет. Жыйнакка кирген "Тар заман" поэмасы акындын эң көлөмдүү жана көрүнүктүү чыгармасы болсо керек деген пикирлер бар. Бирок ал эмгек жана акындын бөлөк чыгармалары да бизге толугу менен жетпеди...

Жыйнактын редактору катары айта кетерим: китептин чакан көлөмүнө ылайык революцияга чейинки акындардын бардыгынын эле чыгармаларын түгөл камтууга мүмкүнчүлүк болбоду (андай акындардын саны 50-60тай). Буга убакыт да жетишпеди, анткени белгилүү себептер менен ондогон жылдар бою "кулпуланып" келген Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо жана башкалар өндүү залкар акындардын чыгармаларын аларды чаңкап күтүп жаткан талапкөй журтчулугубузга тезирэ-

эк тартуулашка ашыктык. Ак калпак кыргыз элинин өткөн муундарынын сыймыктанарлык ири өкүлдөрүнүн урунттуу чыгармаларын камтыган бул тунгуч жыйнак алгачкы ирет жарык көрө тургандыктан кем-карчсыз эместир. Баамчыл окурман, аларга туура баа берет, ата-бабаларыбыздын асыл сапаттарын дагы улантат деген тилектебиз!

("Советтик Кыргызстан" гезити,
31-декабрь, 1989-жыл.
Айрым кыскартуулар менен берилди)

Найманбаев Мукаш
Калмат уулу,
санжырачы

ОЛУЯ ЗААДА БОЛУПТУР

(Арстанбек Буйлаш уулунун 170 жылдыгына карата)

Кыргыздын ак таңдай төкмө акыны, залкар комузчу, чебер аткаруучу, болочокту болжоп айткан, ойчул-даанышман, афсаналуу инсан Арстанбектин өмүр жолун, чыгармаларын, теги-жайын, укум-тукумун иликтеп жыйноо боюнча кийинки 4-5 жылда аракеттендим.

Жердеш туугандары 70-90 жаштардын ортосундагы санжыра билген карыялар Мамбет уулу Султанбай, Токтосун уулу Орозакун, Алсеит уулу Абышка, Балбай уулу Бодур, Мамыр уулу Чаки, Бекжан уулу Бейшеналы, Ысык-Көлдүк Ыйманбек уулу Ысагалы, ошондой эле Буйлаштын өз тукумдарынан: Бусурманкулов Алмамбет, Таабалдиев Эсенкадыр, Арстанбектин кыбыры уулу Жөлөгөнов Мараттын айткандарынан сурап-билип жана Актан Тыныбековдун чыгармаларынан, Белек Солтоноев, Талип Молдо (Байболот уулу), Балбай Алагушов, Батма Кебекова, Мундук Мамыров жана башкалардын Арстанбек жөнүндө газета-журналдарга жазган макалаларынан окуп, анан өзүмдүн баамдоом боюнча жыйынтыктап, туура деп эсептегендеримди окуучуларга тааныштырып коюуну ылайык көрдүм.

"Булбул" деп кыргыз атаган,
Эки жүз обон добушчу,
Беш жүзгө жакын күү черткен,
Арстанбек экен комузчу.
Калыгул менен сырдашкан,
Каңтарбай менен ырдашкан.
Сүйүмбай менен серпишкен,
Сейилкан менен чертишкен.
Ак бала менен кездешкен,
Аны да жеңген беттешкен.

Жеңилип эч бир калбаган,
Жеңижок мактап ырдаган.
Айганым менен антташкан,
Ашыктык оту жармашкан.
Атагы чыккан кыргызга,
Айткан ыры – чоң нуска!
Олуя заада болуптур,
Ооматы жүргөн убакта.
Өкүттө өткөн өмүрү,
Чындыкты айтып ырдаса.
Арбагын сыйлап даңктасак,
Акындын ырын тактасак.
Агини, журту биригип,
Адамдык парсты актасак.
Эмгегин жыйнап чыгарып,
Элдик салтты уласак.

Арстанбектин тек-жайы боюнча мурда ар кимдер жазып жүрсө дагы, кыскача кайталай кетпесек болбос. Өзүнүн атасы Буйлаш – Чоро – Шопок – Үркүнчү – Акбагыш – Токтогул – Мортуктан –Тынымсейит уруусуна барып кошулат.

Арстанбектин туулган жана көзү өткөн жылдары боюнча өтө көп вариантта талаш-тактоолордон кийин, далилдүү фактыларга таянып, туура деп эсептелгени – 1824-жылы Эки-Нарындын ортосунда Буйлаш байдын үй бүлөсүндө төрөлүп, 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн Тескейи (Жети-Өгүз району) Чычкан деген жерде өлүп, сөөгү Жуукунун күн чыгыш жагы Таш-Кыя (туугандарынын) бейитине коюлган. (Белек Солтоноев 1934-жылы, кол жазмасы "Ала-Тоо" журналы, №11, 1988-жыл). Укум-тукум туугандарынын туруктуу жашап турган жери Тянь-Шань районунун азыркы Ийри-Суу колхозунда да "Буйлаштын коругу" аталып турат.

Буйлаштын чоң атасы Шопок баатырдын азыркы тукумунун түтүнү үч жүз чамасына жетти. Шопоктун Сан Карабоз аталган жети миңден ашык жылкысы болгон экен. Көчкөндө жылкысын чубатса, алды Солтон-Сары жайлоосунун Үч-Бүлөөтүсүнө жетсе, арты Кара-Саз жайлоосунун Желе-Дөбөсүнөн козголгон дешет.

Арстанбек 5-6 жашынан эле комуз чертүүгө кызыгып, айылдагы комузчулардан бирди жарым обон-күүлөрдү үйрөнөт. Бир күнү Айтмамбет уста айылчылап келип калып, байбиченин үйүндө отурушса, Арстанбек бир жаман комуз менен тамтаңдатып күү чертип жатканын көрөт да, Айтмамбет: "Бай, бул уулуң комузчу болот го? Комузун ондоп койсоң болбойбу" дейт. Буйлаш: "Мен деле ушул уулум комузчу болобу деп жүрөм. Комуз сатылбаса, өзүм жасай албасам кантем?" дегенде, Аймамбет: "Кааласаң, мен деле жасап берер элем" дептир.

Буйлаш: "Атаганат, андай аттуу күн гана. Мен сизди дөөтү менен дос болгон, отко кызартып ысытылган темирди жылаңач колу менен кармап ийген темир уста деп, угуп жүрбөймүнбү. Жыгачты да кармаарыңызды билбептирмин. Эгер бир жакшы комуз жасап берсеңиз, колкосуна жарайт элем. Кудайга шүгүр, бир жарым миңче жылкым турат. Көп болсо бир жабагы аларсың. Бирок, ошого татыгандай комуз жасай алар бекенсиң?" дейт.

Бир-эки айдан кийин Айтмамбет уста комузду жасап келет. Комузду караса, кураштырып, желимдеп жасаптыр. Бүктөмө же аштама десе болот. Көрктүү комуз, үч кулагынын тең үстүнө күмүш мыктардан кагып, чеге сыяктантып койгон. Атасы Арстанбекти чакыртып келип, уста экөө комузду колуна беришип: "Күмүш кулак комузуң кут болсун! Башкалар менен чертишсең, жеңилбеген комузчу бол" деп, батасын беришет.

Ошондон тартып, Арстанбектин комузга, ырга болгон ышкыбоздугу мурдагыдан да артып, жатса-турса да, кой кайтарып жүрсө да комузун ала жүрүп, чоң күүлөрдү чертип, эл оозундагы дастандарды бир эле укса жаземдебей жаттап айтып, өзү да аздан кошуп жамакташтырып ырдап, коюн кайтарып жүргөн кезинде атасы Буйлашты хандын сарбаздары келип, Курткадагы хан чебине айдап кеткенин бир жумадан кийин угат.

Койду малайга тапшырып коюп, агаларына барып: "Атамдын артынан бирин барып сүйлөшүп, куткарып келбейсинерби?" десе, "Бошонгондо өзү келер, биз барсак кошо камап койсо, кантебиз?" деп, болбой коюшат. Кайра үйүнө келип, дагы бир жумача күтсө атасы келбейт. Энеси Төрөканга кеңешип, "Атамдын артынан издеп барбасам, кусуру урар. Эл алдында намысым кетер. Кудай да күнөөмдү кечирбес. Курткага барып, кутулса кошо келермин, кутулбаса бир кабарлап, билип келейин" деп, өзү менчиктеп минип жүргөн кула бүштысы менен комузун койнуна катып алып, жайлап турган жери Эки-Нарындын баш жагындагы Ак белден аттанып чыгып, бугу айындагы киргин туура сууларда – көпүрө жоктугунан кечүү издеп, кыдырып өтө албай, жолдогу айылдарга конуп-түнөп, жүрүп олтуруп, Курткадагы чепке 6 күндө жетет. Ал жерден атасынын хан ордосу турган Коконго 5 күнү мурда айдалып кеткенин угуп, кайра үйгө кетүүдөн намыстанып, тобокел, Кудай-арбак колдосо табармын деп, бел байлап, ар кимдерден жол багытын сурап алып, андан ары жөнөйт. Тогуз-Торого жеткенде аты чаалыга башпайт. Ат өргүтүп, тыныгып алуу үчүн айыл кыдырып конуп, аш-тойлорго жолугуп, комуз чертип, ырдап, бирөөлөр сыйлап берген акча-белектерин алып, он чакты күнчө жүрүп калат. Анжиян багытына Көк-Арт ашуусун ашып баруу үчүн жолдош издесе, табылбагандан кийин, жолду болжолдоп сурап алып, таң сүрө аттанып чыгып, ашууну ашып, аты чарчаса айрым жерлерде жөө жетелей коюп, кечке жуук ашуунун оозунан атын өткөрүп, куржундагы жол азыгынан тамактанып отурса, жакын эле бурулуштан андып тургандай, колдорунда таягы бар эки жөө киши шыл этип, чыга калат.

Арстанбек чочуп кетип, бирок, аттана качууга чамасы келбей калып, сыр алдырмаксан болуп, тигилер жакындап келгенде, ордунан тура калып, салам айтып, "Келиңиздер" деп, ордун көрсөткөнсүйт. Келгендердин бири сакалдуу кара киши 45-50 чамалуу өзбекпи, тажикпи, айтор кыргыз өңдүү эместей. Бири 30дагы жаш жигит. Кийимдери эски. Алар саламга жакшылыктуу алик деле алышпай, куржундан көздөрү өтүп, айбуйга келбей куржунду ортого ала олтурушуп, эттен жана нандан бурдап жеп киришет. Орто тоют болгондо улуусу асманды бир карап алып, күндүн бүркөлүп келе жатканын көрө сала, кичүүсүнө карап, атты алып кел дегендей болот. Ал тура калып, оттоп турган атка барып, ооздугун салып, жетелеп келип, куржунду байлайт.

Арстанбек болсо коркуп, баарын алгандан кийин өзүмө кол салат го деп, ичинен титиреп турат. Сакалдуу киши Арстанбекке карап: "Пул (теңге) барбы? Алып кел" дейт. Арстанбек унчукпайт. Сакалчан берки жигитке чөнтөгүндө пулун кара дегендей ишарат кылат, жигит Арстанбектин кемсалынын топчусун чече баштаганда, жүз аарчыга оролгон чөнтөгүндөгү болгон акчасын Арстанбек өзү эле алып колуна берип, башка жок дейт. Арстанбек чепкенин да чечип берет.

Сакалчан жерде жаткан комузду кармай: "Кана бала, бизди кайрылып карабай, жол менен ылдый карай жүгүрүп кет, болбосо өлөсүң" дейт. Арстанбек тигилерден ырайым болбосуна көзү жеткенден кийин: "Акебай, баарына ыраазымын, комузумду бериңиз" деп, ыйлап жиберет. Тиги колундагы комузду бир имерип карап, кайра баланын ыйына боору ооруй түшкөнсүп, комузду сунуп: "Ме, ал да, аман-соондо кет" дейт. Арстанбек башын жерге салып, жол менен төмөн карай басып жөнөйт. Арстанбек бурулуштан өтөрдө кылчайып бир караса, тигилер дагы эле кетпей, карап турушат. (Кейпи, алар кайда кетер багытын билбей калсын деп, из жашырмакка турушса керек).

Арстанбек эңкейиште бир чай кайнамдай ылдамдап, чуркай басканда күн батып, айлана караңгылайт. Айыл көрүнөр бекен деп, үмүттөнсө эч кабар билинбейт. Дагы көп жерге барганда, сол жаккы күн батыш тарабынан тоо арасынан от көрүнүп, бирде өчүп, бирде жанып, жылтылдайт. Ушул от болду-болбоду малчынын үйү го деп ойлоп, жолдон чыгып, ошол жакка болжоп бет ала жөнөдү эле, алдынан адырмакча белестер туш келип, кайсы мезгили экенин билбей, отту таппай адашып жүргөндө, алыстан карышкырдын улуган үнү угулат. Барган сайын денеси салмактанып, оорлоп, буту жооругансып, тер басып, арышы кыскара баштаганда, белестин ары жагынан иттин үнү угулгандай болот. Күчүн үрөп, шаша басып, белеске чыкса, кабактагы боз үйдүн жанынан бир ит тосо чыгат.

-Аке, мен адашкан бир мусаапырмын. Ырайым кылып, итиңизди карманыз. Мен түшүп барайын-дейт Арстанбек.

Үй ээсинин аялы тура калып, бир аякка айран берет. Арстанбек аны ичип жиберип, үшкүрүп, эс ала түшкөнсүйт.

Эртеси турайын десе бүт денеси ооруп, эки буту шишип, көк ала болуп, шилтенбей калыптыр. Бирде тердеп, бирде кургап, караңгыда суу кечип жүрүп, суук тийсе керек. Көкүрөк-башы ооруп, жыла албай жатып калат. Ошол боюнча буту күндөн күнгө күчөп ооруп, айыкпай, акырында ошол (өзгөндүк сарттын малайы) Мамбетакун табып таап келип, кан алдырып жатып, бир айдан кийин араң туруп, басканга жарап, айыгат.

Ооруп, буту баспай төшөктө жаткан кездеги арман ырынан үзүндү:

Абайлап артын карабай,
Алыска сапар жол тарттым.
Алла насип буйруптур,
Аркадан келип туз таттым.
Көк-Артта атым жетелеп,
Көрбөгөн жолду төтөлөп.
Араң аштым дабанды,
Билбепмин минтип каларды.
Кырсык келсе адамга,
Кыйналат жаның турбайбы.
Ойдо жок жерден ушинтип,
Оорулуу болуп каламбы?
Оңолоор бекен кудайым,
Оюмдан кетип убайым,
Орошон журттан адашып,
Орто жолдо турамын.
Айыгар күнүм болобу?
Аралап элдин жыйынын,
Алланын кылган иши экен,
Азапты тартып, курудум,
Атамдын таппай дайынын.
Ара бир жолдо турумун.
Жолуктум өлүп каларда,
Кой баккан малай абама.
Перзентиндей көргөнү,
Пейилин менден бөлбөдү.
Мээримдүү жеңем Күлүсүн,
Кабак-кашым дебеди.
Кайрымдуу Мамбетакундун,
Калкасы мага тийгени.
Кырк жыл да болсо бересем,
Кызматын актайм өлбөсөм.
Көздөгөн максат алдымда,
Көпчүлүк билет аны да.
Күнөөсүз элдин муң-зарын,
Далилдейм хандын алдында...

Дагы бир айча ошол үйдү туурлап, кыпчактардын айылдарын аралап, комуз чертип, ырдап, сыйдан алган акча-тыйын, кийим-кечектерин койчунукуна алып келип, берип жүрөт.

Кыпчактардын айылында өткөн чоң тойдо комуз чертип, ырдап жатканын Алымбек датка угуп, өзү отурган үйгө чакыртып келип, ырдатып-черттирип, ырынын мазмундуулугу, уйкаштыгы, обондорунун кулакка жагымдуу көркөмдүгүнө, комуз күүлөрүнүн мукамдыгына ыраазы болуп, баланын оң уруусунан экенин билип: "Сен адашып жүргөн тууганым экенсиң. Мени менен Анжиян, Алай жактарга барып, мага тууган болуп жүрөсүңбү?" дейт.

Арстанбек баш тартпай, макул болуп, Алымбектин үйүнө (Курманжандын колуна) келет. Алымбек Арстанбектин жөндөмдүүлүгүнө, эл-жердеги ырчылардан артыкчылыгына көзү жеткенден кийин, кийим-кечесин ондотуп кийгизип, бир жорго бышты энчилеп мингизип алып, ээрчитип аш-тойлорго, кайда барса да ала жүрөт. Эл аралап таанышып, Алымбек менен пикир алышып калгандан кийин, мурда жашырып айтпай жүргөн бардык сырларын, атасын издеп, адашып жүргөнүн Алымбек менен Куманжан энеге үйүндө отурганда айтып, жардам берүүсүн суранат. Алар кеңешип отуруп, Арстанбекти Коконго, хандын алдына алып барып, атасын куткарып берүүгө жардам кылууга макулдашышат.

Алымбек датка Кокондогу хан ордосуна Мадели ханга Арстанбекти ээрчитип келип, тааныштырып, комуз черттирип отурганда хан Арстанбекке карап: "Ыр билсең, ырда" дейт. Арстанбек өзү да айтар бекен деп, күткөнү ушул болгондуктан, комузун обон-күүгө карата күүлөп алып, үн кошуп ыр менен өзүнүн аркадан келгенин, кыргыздын түпкү ата-бабасынын санжырасынан баштап, элди-жери, ата мурас салттарды даңазалап:

Түбүбүз түрктүн баласы,
Бир атадан тараган.
Түркмөн менен өзбек,
Казак, кыргыз бир тууган.
Бир ордого баш ийип,
Бийлигиңди пир туткан.
Касиеттүү канымсың,
Калыстык менен иш кылсаң.
Он алтыда баламын,
Орундалса талабым,
Аркалык элдин атынан,

Башымды тартуу кыламын-деп, өзүнүн тек-жайын, айдалып кеткен атасын издеп чыгып, адашып жүрүп, аранда зорго алты айда Алымбек датканын жардамы менен ордого жеткенин айтып келип, акырында "Хан салыгын төлөбөй, элди тескери үгүттөп жатат" деген жалган жалаа менен аркалыктардын айдалып келген бай-бийлерден, өзүнүн атасы Буйлаш баш болгон 14 кишини куткарып берүүсүн сурайт.

Кокондук менен кыпчактар,
Кол курашып чабышар.
Кырчылдашып кектешип,
Кызыл кандар агызар.
Так талашы болгондо,
Далай хандар кагышар.
Отуз-кырк жыл өткөндө,
Орус алар жериңди,
Ошол кезде бир айым,
Коргоп чыгар жериңди.
Келер бир күн тар заман,
Кейиши көп зар заман.
Кезегинде адөөлөт,
Кең пейил бол, падышам.
Букарга кулдар куралар,
Ак падыша куланар.
Азаттыкка чыктык деп,
Жаңы заман уланар.
Айта берсек түгөнбейт,
Андан ары далайлар.

Арстанбектин ханга адилеттүү сын катарында чындыкты камтып айтылган ырларына ыраазы болуп, камакта жаткан Буйлаш баш болгон күнөөкөрлөрдү алдырып, Алымбек датка менен Казыйдын катышуусу менен өзү сурак жүргүзүп, текшерип отуруп, өлгөндөн калган 12син күнөөсүз деп, азат кылып, куткарат. "Бул бала соо эмес, дагы байкап көрөлү" деп ойлонуп, "Арстанбек өзү үч жылга ак үйлүү катарында калтырылсын" деп, бүтүм чыгарып, алып калат Алымбек датка.

Арстанбек үч жыл ичинде ички уруларынын бардык эл-жеринде жүрүп, Алымбек менен Ош, Жалал-абад, Наманган, Букара, Ташкен шаарларында болуп, көзү ачылып, санжырачы, тарыхчы, илим-билимдүүлөргө кезигишип, аңгемелерин угуп, кези келсе ырчы-комузчулар менен ырдашып, комуз чертишип, көбүн жеңип, чыгармачылыгын өөрчүтөт.

Акырында үч жылдык мөөнөтү бүткөндө Алымбек датканын ыраазылыгы менен Алымбектен көп баалуу белектер алып, ардактап узатылып, өз элине, Нарынга келгенден кийин Тарагай кыштап, ысыккөлдүктөр менен аралаш жайлап жүргөн атасы Буйлаш саруулар менен кудалашып, Үмөтай деген кызды алып берип, үйлөнтөт.

Арстанбек өзүнүн өмүр жолунда көп эле чоң акын, комузчулар менен беттешип, жеңип жүргөн экен. Алардын ырлары-күүлөрү бул күндөргө жетпей, табылбай жатат. Ошолордон эл оозунда кеңири айтылып жүргөн атактуу окуяларынан бир-экөөнөн Алсеитов Абышканын айтуусу боюнча, кыскача сиздерди кабардар кыла кетейин.

Ал кезде аркалыктарда Ормон хандын арааны жүрүп турган мезгил. Эр жетип, үй-жайы бөлүнүп калган балдары: Үмөталыны – Ат-Башыга, Чаргынды – Нарынга, Сейилканды – Ак-Талаа, Тогуз-Торо элдеринин арасына көчүп барып, эл-жер тааныгыла деп жиберет. Негизги максаты ошол элдерди өздөрү бийлеп калсын, балдарым аркылуу менин бийлигим да бекемделсин деген саясаты экен. Ошол максат менен Ак-Талаа өрөөнүндөгү чоро, саяк, азык, кыпчак, базыска келген Сейилкан өзүн ханзаада сезип, жигит курап алып, мен-менсип үлпөттөрдү уюштуруп, шаан-шөкөттөрдө жүрөт.

Сейилкан менен өрөөн боюнча чертишүүгө киши чыкпай, баарын жеңгенден кийин элден сурайт. "Ушу мага теңдеш комузчуну уккан да, көргөнүң барбы? Өзүм барып же чакыртып алып чертишет элем" дейт. Угуп олтургандар: "Жогуңуз ханзада, сизге тең келүүчү комузчуну бул өрөөндөн үкпадык да, көрбөдүк" дейт. Ошондо комузчу Шабдан деген карыя: "Сейилкан, сага тең келсе, мен бир комузчуну көрдүм, ошол чертишээр" дейт. Анда Сейилкан: "Кана, ошону бүгүн эле киши жиберип алдыра коёюн" дейт.

Шабдан: "Шашылба, мен айтайын. Өткөн жылы жыйында Солтон-Сары жайлоосундагы тынымсейиттердеги кудамкына барып калып, өргүп жатсам, өйүз-бүйүздөгү элдери үлүш (бир айыл экинчи айылга уюшуп берген – шерине тамак) беришип жаткан жерге алып барышты. Ошол жерде Нарындын көкүрөк жагында Буйлаштын уулу Арстанбек деген комузчу жигитти көрдүм. Жакшы да ырдаган акын экен. Жашы сенден бир аз кичүүрөк өңдүү. Сага теңдешсе, ошол гана теңдешер. Башка киши тең келе албайт" дейт.

Сейилкан угаары менен аттап-тондоп, бир жигитин Арстанбекке жиберип: "Комуз чертишели, кел" деп, айттырат.

Арстанбек макул барайын десе, атасы жана туугандары: "Кой, барба, Сейилканды биз угуп жүрөбүз, жеңилип калсаң, экинчи комуз кармаба деп, кордоп узатат. Жеңип калсаң балким, өлтүрүп койсо, сенин кунуңду кууп алууга бизде күч жок. Ал хан баласы, сен теңдешүүчү киши эмес" деп, жибербей коюшат. Жыл өтөт, дагы чакыртат. Беркилер жиберишпейт. Ошондо Сейилкан Арстанбекти кордоп, жамактап: "Арстанбектин шалкы күү" деп, кыйын комузчу болсо мага келбейт беле деп, элге жаят.

Бул сөздөрдү уккан Арстанбек ата-энесине кеңешпестен, өзүнөн эки жаш кичүү жакын тууганы, теңтуш иниси Алыбекти ээрчитип алып, жолго бир ара конуп, Сейилканга бешим ченде келет.

-Араң эми келдиңби, комузчу? Эки жылдан бери чакыртсам, эмне келбейсиң? Шишиң толуп келген экенсиң, ээ!-деп, алдын ала кекетип, зекип, сезин алайын дегенсип, өкүм сүйлөйт, -Комузуң барбы, колуңа алдеп, Арстанбекти карайт.

Арстанбек чепкенин чечип, өз комузун жолдошунан алып, камынат. Сейилкан: "Кана, баштадык" деп, өзүнүн "Эрке күү" деген көп кайрыктуу күүсүн шартылдата чертип бүтүп, токтоп, эми сен черт дейт. Арстанбек "Эрке күүнү" айырмасыз так аткарганын баамдап отурган Сейилкан ичинен канааттанып, "Эми, өзүңдүн күүңдү черт" деп, кезек берет.

Арстанбек өзүнүн "Бото-Камбаркан" деген күүсүн чертип бүтүп, Сейилканга карайт. Сейилкан "Бото-Камбарканды" так өзүндөй аткарат. Арстанбек: "Ушул күүнү көп кайрыктан кураштырдым эле, чертип кетти, оңой эмес экен" деп ойлоп, кезек берип күтүп калат.

Ошентип, биринин черткенин экинчиси кайталап чертип, аткарып олтуруп, күн батып, күүгүм кире чырак күйгүзүлүп, үйдүн ичи жарык боло баштаганда Сейилкан чакырткан Шабдан, Байсал карыя комузчулар жана Арстанбектин комуз чертишүүгө келгенин уккан жакын арадагы айылдардагы элдер бүт келишип, бат эле үйгө батпай, тышка тегеректеп туруп, тыңшап, угуп калышат.

-Сейилкан иним, түндүн бир топ убактысы болуп калды, эми коноктор да эс алсын. Эртең жай баарлашкыла-дейт Шабдан. Анда Сейилкан: - Кетүүчүлөр болсо, кете бергиле. Эки, үч жылдан бери келбей, качып жүргөн бул саакыны кудай айдап келдиби же шайтан шаштырып келдиби? Муну менен чертишип, экинчи комуз кармагыз кылам-деп, күүлөнүп, жүккө жөлөнүп турган күмүштөлүп кооздолгон чоң комузун алып, черте баштайт.

Арстанбек жол жүрүп, чарчап келсе да, кой деп айтууга чамасы келбей, тобокел деп бел байлап, комузун күүлөп алып, тигинин ар бир күүсүнө жооп берип, чертише берет. Эл да кетпей, тыңшап отура беришет. Таң атып, түндүк тартылып, чырак өчүрүлгөн кезде, Арстанбек жеңе албай айласы кетип баратканда, оң бутун суна берип, жолдошуна өтүктү тарт дейт. Алыбек өтүгүн тартып, чечкенден кийин, өзүнүн курундагы кестигин кынынан сууруп алып, бутунун манжасына иле коюп, өзүнүн "Дүңгүрөмө" деген тамашалуу күүсүн чертип, тигини караса, көз ирмебей карап турган экен.

Сейилкан да бутун сунуп, жигитине тарт дейт. Семейдин кызыл булгаарысынан такасына жезден наалы урдуруп, ултарткан өтүктү кычыратып тартып алганда, күмүш сап, жез толтолуу кестигин бутунун манжасына иле коюп, "Дүңгүрөмөнү" чертип киргенде (Арстанбек эми жеңилет экенмин го, айла кетет бейм деп, ойлоп турганда) Сейилкан барлыгын так аткарып жатып, акыркы кайрыгында комуздун бир кылын бычак менен кыркып кетип, чарт деп үзүлөт. Сейилкан комузду мойнунан кармай калып, жерге бир чаап, турууга обдулуп, туралбай жатканда, эки жигити эки колтугунан сүйөй коюп, эшикке чыгарып кетишет.

Кайра үйгө кирип, чай ичишкиче Шабдан Сейилканга барып сүйлөшүп келип, коноктордо өз айылына ээрчитип кетип, эс алдырып, өргүтүп, кондуруп, коноктоп отуруп: "Арстанбек сенин өнөрүңө тан бердим. Сени Солтон-Сарыда бир көрүп келип, Сейилканга айткан элем. Ушул күнгө чейин эч кимден жеңилбей келе жаткан ханзада экөөң жакшы таймашып жатканда, кырсык болуп, комузунун бир кылы кыйылып кетип, ошого катуу сынып калбадыбы. Сейилкан кыргоолго куш салганы токойго жигиттери менен кетти. Сени узатууну мага тапшырды" деп, Арстанбекке бир быштуу ат тартып, экөөнө эки чапан жаап, узатат Шабдан.

Тилекмат менен Боромбай Качыкеден дагы кайталап, бышыктап сурап, Арстанбектин Фергана, Анжиян, Алай багытында ички илик элдеринде үч жыл жүрүп келгендигин, чечендигин уккандан кийин, "Мейли, жеңилсе көрө жатарбыз, эки балбан күрөшсө деле бири жыгылат эмеспи, алдыралы" деп, Качыкенин Тынай деген жигитине бир киши кошуп берип, Тарагайда жүргөн Арстанбекке кош аттап, чаптырып жиберишет. Алар Барскоонду ашып, күндөп-түндөп жүрүп келишип, Арстанбекти Каркырага кеч курун алып барышат. Эртең менен Боромбай, Тилекмат жана башка билермандарга кирип, учурашкандан кийин, Тилекмат Арстанбекке карап: "Сени элдик бир намыска жарайбы деп, атайын алдырдык. Каңтарбай бүт кыргызга шек келтирип, шылдыңдап жатат. Сен беттеше аласыңбы? Эгер айтыша албагыдай болсоң, жөн бололу" дейт.

"Беттешип көрөйүн. Бугунун арбагы колдосо... бир деме болор" дейт Арстанбек.

Бул баланын мандайы жарык, көзү тирүү, өңү нурланып турат. Тобокел. Беттешсин. Бүгүн өргүп, эс алып, элди аралап, тааныша бер. Эртең өзүбүз алып барабыз дейт Тилекмат.

Арстанбектин келгенин казактар да угуп, эртеси Тезек төрөгө кошуп, Каңтарбайды өздөрүнүн эн чоң деген жасалгалуу үйүнө алып келип, отургузушат. Боромбай, Тилекмат баш болгон бугулардын 10-15 мыктылары Арстанбекти ээрчитип баратып, Тилекмат Арстанбекти карап: "Сен, бизден кийин киресиң. Колунду бооруң алып, адеп менен салам айт. Кол алышпа. Каңтарбай 63 жаштагы көгала сакал картаң киши, болжолдоп барып, мандайлаша чөк түшүп отур. Анан ал кишиден мурда жаштык, курчтук кылып, кеп салба. Өзү сөз баштар. Анан кудай-арбак колдосо, өзүң билгендей жооп айтарсың" дейт.

Арстанбек айтылгандай, улуулардын артынан ээрчий кирип, салам айтып, төр жакты караса, колуна домбра кармап отурган көк ала сакал кишини көрүп, ушул сенсиң го деп болжоп, мандай жагына барып, чөк түшүп отурары менен эле, Каңтарбай: "Ой-бай, кыргыз агайындар! Ат арытып, этеги кесиле элек бир балапан сорлууну алдырыпсыңар го. Ушуну көрүүгө бүткүл казак туускандар күтүп отур экенбиз го. (Арстанбекке карап) менин сөзүмдү укпаган казак-кыргыздан адам жок шыгар. Кана карагым, энди комузуңду коолай отур. Сөзүң болсо сөйлөй отур. Кыргыз агайындар экөөбүздү беттештиргени сени алып келип отур гой. Мен ак сөздү сенге бердим" деди.

Арстанбек комузун колуна алып, күүлөп чертип, үнүн көтөрүп:

Сен – казактан чыккан Каңтарбай,
Мен – кыргыздан чыккан Арстанбай.
Чын-чынынан айталы,
Тозок отун жазданбай.
Жалган айтып жамашка,

Жаралыпсың шайтандай.
Азезилге алданба,
Агала сакал чагында.
Азап тартып жүрбөгүн,
Акыретке барганда.
Эки элге тиле ынтымак,
Ээгинде сакал агала.
Кудай бирөө, куран чын,
Келме келтир аллага.
Казак менен кыргызды,
Бөлө албайсың жалганда.
Шылдыңдайм деп, калп айтсаң,
Шылкыясың ал жайда.
Казактын теги кыргыздан,
Далилдеп берем шашылба.
Мен айтайын башынан,
Дүйнөгө мурда келгенди.
Жаратты кудай биринчи,
Асман менен жерлерди.
Жан-жаныбар жашоого,
Жарык кылып Күн берди.
Тирүүлүгүң билсин деп,
Түнкүсүнө Ай берди.
Суусуз жашоо болбойт деп,
Жалпысына кам көрдү.
Адам артык болсун деп,
Акыл менен тил берди.
Адил жүрөөр бекен деп,
Амал, өнөр, дил берди-деп баштап, Адам ата, Обо энеден тартып, мурда өткөндөрдүн жашоо-тиричиликтерин, пайгамбарлардын башынан өткөн окуяларын, каапыр-мусулмандардын айырмаларын, алардын кылымдар бою айыгышкан талаш-тартыштарын, шарыят боюнча ак-караны ылгап ажыратып, андан кийин мындан ары болуучу турмушту жаңыдан келе баштаган орус падышачылыгынын саясат максатын "Тар заман", "Акыр замандарды" сүрөттөп, акырында кыргыз-казактын бир Алаштан тараган бир туугандыктарын далилдеп, бир эт бышымдан көбүрөөк убакытка тынбай айтып келип токтоп, комузун жанына коюп: "Кантарбай ага, мага собол бердиң. Мен айткандарымды бул отурган төрө, бийлер тындап отурушту. Айткандарым чын болсо кудай алдында кабыл ал. Эгер жалган, калп десең, мени кара эшек кылып минип ал" дейт.

Кантарбай: "Баракелде, карагым. Кыргыз акындарынын шолпону экенсиң гой. Ыракмат уулум, менен айтар сөзүм жок" дептир.

Арстанбек Көлдүн айланасындагы элди аралап, жерди кыдырып, таанышып чыкмай болуп, эки айлап жүрүп келе жатып, бир чоң тойдо Казыбайдын кызы Айганымдын кабарын угуп, өзүн көрүп таанышып, чечен кыздын тамсилдетип айткан табышмагын ыр менен чечип берип, экөөнүн ортосунда бирин-бири арзып сүйүү сезими (ашыктык) пайда болот. Алардын ортосунда кыздын жеңеси Акылай жана айылдык жигит Солтобай (кийин төкмө акын жана Арстанбектин шакирти болот) жүрүшүп, жолугуштуруп сүйлөштүрөт.

Ошондо Айганымдын айткан табышмагы – аны Арстанбектин чечмелегени:

Айганым (оң саамайын кармап сылагылап, алдыртадан Арстанбекке көз таштай, ылдый карап, үнүн бас чыгарып):

Тотугуштай таранган,
Көз уялтар көркүм бар.
Күткөнүм үмүт, ак тилек,
Шамшардан өткүр шертим бар.
Ошол шерттти аткарсаң,
Ойдогу ички сыр чыгар.

Арстанбек:

Таттуу экен сөзүңүз,
Тартылды көзгө көзүңүз.
Таалайга келген иш болсо,
Тагдырга салып көрөбүз.
Таамай айтсаң шертиңди,
Табууга жардам беребиз.

Айганым: Эр жигиттин үч шериги, үч асыл мүнөзү, жашоодогу үч касиети кайсылар? Ошондой эле үч душманы, үч начар жактары, үч какма касирети кайсылар? Ушуларды айтып бере алар бекенсиз?

Арстанбек (башын өйдө көтөрүп, бир азга ойлонуп):

Эр жигиттин үч шериги:

1.Айнышпас асыл жубайы;
2.Астында минген жакшы аты;
3.Жанга күйүмдүү досу.

Үч асыл мүнөзү:

1.Чынчыл болсоң кол жеткис, бийик чыккан чынарсың;
2.Адалдык – адал жүрсөң айнышпас, турмушуңа кумарсың;
3.Адилеттик – адилет болсоң калкыңа, калыс бийлик кыларсың.

Жашоодогу үч касиети:

1.Аш – өмүрдүн гүл азыгы, тириликке жан берген;
2.Суу – өмүрдүн булагы, тамчысы денеге кан берген;
3.От – өмүрдүн өзөгү, жалыны тийсе эриген.

Үч душманы:

1.Жалкоолук – кайнатуучу шорунду;
2.Аңкоолук – агызат бир күн каныңды;
3.Жатактык – уурдатат короодогу малыңды.

Үч начар жактары:
1.Жалтанчаактык, жашыктык – агызат ооздогу балыңды;
2.Жагымпоздук – көрүнгөнгө бүлүнсөң, боло албайсың жагымдуу;
3.Жалганчылык – жалган айтсаң жалпактап, жоготосуң арыңды.
Үч какмай касирети:
1.Ушакчы – сөз ташысаң ушактап, кыйнаганың жаныңды;
2.Алдамчы – алдамчы болсоң ар качан, ачалбайсың багыңды;
3.Мактанчаак – төшүңдү кагып мактанып, кетиресиң баркыңды.

Айтылган сурооң чечтимби,
Же жалган айтып кеттимби?
Ойдогу сырың чыгараар,
Ойлогон баана жеттимби?
Көркөмүң көздү кубантып,
Көңүлгө кубат, дем берди.
Тилегиң күткөн ак болсо,
Аныгын айтчы, угайын.
Антташсаң мен да чыдаймын!
Айганым, сени көргөндө,
Аллага шүгүр кыламын!

Акылай (Айганымга шыбырап): "Кызыке, тартынба, ачык сырыңды айт. Курчтук кылбай, кыз салтыңды карма". (Солтобай экөө бурулуп басып, бак аралап кетишет).

Айганым:

Атыңызды укчу элек,
Алыста турат бизден деп.
Адашып жүргөн өңдүүсүз,
Айыл көрүп, кыз издеп.
Кайыңдуу кызга кабылып,
Калбасаң экен келтек жеп.

Арстанбек:

Айганым кайның бар окшойт,
Ата-энең ага кошоктойт.
Өз пейлиң менен сүйбөсөң,
Өмүргө бакты токтобойт.
Кааласаң бергин убада –
Кол сунайын мен сага!

Айганым:

Сунсаңыз колуң алайын,
Суубасын акын маанайың.
Абалтан ойдо жүрчү элең,
Ачылаар балким таалайым!
Адамдык сыныңкөрүндү,
Арнадым ички көөнүмдү.
Абайла, бирок иш кыйын,
Алладан тиле өмүрдү...

Арстанбек:

Ант болсун ушул убада,
Тартаарбыз бир аз убара.
Тилеген тилек ишке ашса,
Түбөлүк турмуш курууга.
Орундаар максат, оюбуз,
Кырсыктан кудай сактаса.
Камынып келем Нарындан,
Качууга кылгын камылга.

Арстанбек менен Айганым кол алышат. Арстанбек оң колун кыздын мойнуна арта салып, кучактап имере тартканда, Айганым бетин тосо берет. Арстанбек бетинен бир сүйүп алып, коштошуп чыгып кетет.

Айганымдын мурда атасы кудалап койгон кайыны болгондуктан, кыздын жана күйөөнүн ата-энелери Арстанбек менен Айганымдын сүйлөшүп, качууга убадалашып жүргөндүгүн билип калышып, Арстанбек Нарындагы Алыкенин (Аалыкенин-түзүүчүдөн) ашына кетип, жарчылык милдет аткарып, бүткүл кыргыздын ашка келген мыктыларын сүрөттөп, кошуп ырдап жүргөндө, Айганым кызды кайындаган жерине шашылыш күйөөгө узатып жиберишет. Ошентип, экөөнүн баш кошуу боюнча антташкан убадалары, көздөгөн максат-тилектери ордунан чыкпай, өксүп калат.

Ошондо Арстанбектин "арманы", "Айганым" деп чыгарып, черткен атактуу, мукам, жаштык күйгөн күүсү эл арасына өз мезгилинде көп эле тараган экен. Эми, биз ушул аты бар, өзү жок "Айганым" күүсү менен "Арман" ырын табуу (балким, бирөөлөр атын которуп алып, чертип жүргөндүр) милдетибиз болуп турат. Эгер ырын угуп, күүсүн билгендер болсо, мындан ары жардамдашаар деген ойдобуз.

Кийинки жылдары Арстанбек Көк-Ойрок жайлоосунда саяк элдеринин айылында өтүп жаткан бир чоң тойдо казактардын дагы бир Молдо акыны Сүйүмбай менен жолугушуп, ырдашып, анда да Арстанбек жеңгенге тете болот. Экөө башка акындардай эрегишип кетишпей, бирин-бири урматтоо, сыйлашуу, достук сезим менен акылга жеңдиришип, мындан ары сен казак, мен кыргыз дешпей, бир боордук ынтымакта жүрүп, казак-кыргыздын ата мурас салттарын укум-тукумга мурас кылып калтыргандай аракеттерди жасайлы дешип кеңешишет.

"Арстанбек, сен жазууну билбейт экенсиң. Сен мени менен казактарга бар. Бардык ыгым-чыгымың менден болсун. Бүткүл казактарды аралатып чыгайын, элди-жерди көрүп, таанышып, кеминде бир жыл жүрүп, айткан ырларыңды жана өзүмдүкүн кошо кагазга түшүрүп, жазып чыгарайын. Сенин сөздөрүң укум-тукума калсын" дейт Сүйүмбай молдо.

-Сиздин кеңешиңиз эң туура. Мен макулмун. Мен дагы айткандарымды кийинки муундарга калтыруунун жолун таппай жүрдүм эле - дейт. Экөө макулдашып, убадалашып, Арстанбек Сүйүмбайдын артынан бармай болот.

Арстанбек үйүнө келип, үй бүлөсү, ага-ини, эл-журту менен кеңешип, кийинки жылы издеп жүрүп таап, Сүйүмбайга барат. Экөө бир жылы бирге жүрүп, Сүйүмбай жазып бүтүрүп, акырында Сүйүмбай Арстанбекке ат мингизип, тон кийгизип жатып, "Сенин айткандарыңды башаламан жазып калдым, чогултуп, бир беткей кылып, оңдоп жазып, бир нускасын өзүнө көчүрүп жазып берейин. Элди, жолду болсо көрүп алдың. Кичүү эмессиңби, бир-эки жылдан кийин учурашкыча келип, алып кеткин" дейт. Ошол боюнча Арстанбек ар кандай катаал шарттар менен баралбай калат. Кийин Арстанбек өзү айтып жүргөн экен. Казак Сүйүмбай молдодо менин эки куржун көзү ырларым, санжыраларым калды. Аман болсом бир барам деп жүрүп, көзү өтүп кетет.

1946-жылы Актан Тыныбеков Арстанбектин чыгармаларын изилдеп, Алматыдагы академияга барса, арабча жазылган 2-3 тиркемеси бар экен. Тигилген кагаздардын көбүн айрып кетип, 7 эле барагы калыптыр. Көчүрүп келдим деп айтуучу экен. Ал ыры "Алыбектин ашындагы (Аалыкенин-түзүүчүдөн) ырлары окшойт. Кейпи казактардын акын-жазуучулары өз чыгармаларына пайдалануугa алып кетишкен сыяктуу" деп, айтып жүрүүчү экен.

Арстанбектин өтө көп чыгарган ырларынын, обондорунун жана комуз күүлөрүнүн азыраагынын гана аты калып, өзү жокторунан уккандарыбыз китеп, газета-журналдардан окуп, билгендерибизди жумуриятка кайталай кетсек, ашыкча болбос.

"Берди кожо", "Беш казак", "Кожожаш", "Чоро" эпостору, "Тар заман" санат-терме ырлары, "Жаштарга", "Дүнүйө" насият, "Арман", "Санжыра тарых", "Кокондук", "Мусулмандар", "Дыйкандарга", "Жаштык ырлары" сыяктуу эки жүздөгөн чыгармаларынын баарын – өзү чыгарган обондору менен ырдоочу экен.

Аты калгандары же азыркы кездерде да ар кандай татаал себептер менен башка авторлордун атына аталып, чертилип жүргөн күүлөрүнөн Арстанбектин "Кер толгоосу", "Камбаркан" (өзгөчө айырмалары бар), "Мендирман", "Дүңгүрөмө", "Айганым", "Какма", "Кер өзөн", "Тили буруу", "Кой бөлөөр", "Арман", "Калыс ботой", "Айдарым", "Анжияндын даткасы" (Алымбекке арналса керек), "Ак шумкардын учушу", "Тар заман", "Шыңгырама", "Ботой", "Сен дүйнө", "Кет бука", "Бугу элинин көчү", "Бото Камбаркан", "Ой толгоо" жана башкалары болуп, беш жүзгө жакын күүлөрү бар экен. Анын ичинде алтымыштайы залкар күүлөрдөн. Жогорудагы комуз күүлөрүн Арстанбектин өзүнүн чыгармалары экендигин көздөрү өтүп кеткен залкар комузчулар Кара Молдо, Ыбырай, Мураталы, Ниязаалы, Самсалы, Шекербек жана башкалар да аныктап, айтып жүрүшүптүр. ("Ала-Тоо" журналы, 1990-жыл, 6-саны, Балбай Алагушов).

Арстанбектин комузчулугу боюнча эл оозунда уламыш-аңыздар көп айтылат. Бала кезинде үйлөрү башка экинчи журтка ташып, көчкөндө энеси Арстанбектин комузун аттанаарда алам деп, чийге жөлөп коюп,

унутуп кетет. Жаңы журтка барганда эстеп, Буйлаш байга айтат. Ал бир жигитти журтка жиберет. Жигит жакындаганда эле шыңкылдап комуздун үнү чыгып, чертилип жатканы угулат. Эки жагында киши көрүнбөйт. Чийдин арасынан бир аркар тура качып, тоого чыгып кеткенин көрүп, келип айтып, түлөө жасатат.

Арстанбек өзү ушул эле "Күмүш кулагы" менен бактын арасына отуруп, куштардын сайрагандарын туурап черткенде, бутакта отурган чымчыктардан күүгө магдырап кетип, топ этип жерге түшкөн учурлары болгон экен деген сөздөрдү угуучубуз.

Калайык калк! Сиздерден эмки өтүнүч – 1993-же 1994-жылы Арстанбектин 170 жылдыгын белгилөө үчүн жердештери, туугандары, урпактары кароо-сынак жарыялашты. Ошондуктан, Арстанбектин чыгармаларынан жана башка окуяларынан уккан, билгендериңиздер болсо, газета-журналдар аркылуу жардамдашуунуздарды суранабыз.

("Ысык-Көл кабарлары" газетасы, 1993-жыл, 5-январь)

АРСТАНБЕК АКЫН БАЯНЫ

Арстанбек Буйлаш уулу 1824-жылы азыркы Нарын районунун Эки-Нарын бөксө жайлоосунда Буйлаш бийдин үй-бүлөсүндө туулган.

Арстанбек Буйлаш уулу кыргыздын актаңдай төкмө акындарынын бири, залкар комузчу, чебер аткаруучу. Алдын ала көрө билген, болочокту болжоп айткан, терең ойчул даанышман, олуязаада, философ болгон. Кыргыз элинин эркиндигин эңсеген легендарлуу инсан.

Арстанбектин теги-жайы: өз атасы Буйлаш, чоң атасы Чоро, бабасы Шопок баатыр. Андан жогору Үркүнчү, Акбагыш, Токтогул, Мортук жана сегизинчи атасы Тынымсейит.

Буйлаштын эки аялы болот. Улуу байбичесинен: Бабакан, Атакан, Күлпү, Сүлпү, Бектур. Кичи аялы Төрөкандан: Арстанбек жана бир кыз, Төрөкандын төркүнү Көлдөгү Саруу уруусунан. Арстанбектин өзүнүн аялы дагы Көлдөгү Назарбек элинен болгон экен. Арстанбектен: Көчөр, андан – Ысмайыл, Жөлөгөн, Марат 1952-жылы туулган. Азыркы кезде Нарын шаарында шофер болуп иштейт, эки уул, бир кызы бар. Арстанбек өзү 1824-жылы Эки-Нарындын бөксөсүндө Буйлаш байдын үйүндө туулуп, 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Чычкан деген жерде дүйнөдөн кайткан. Сөөгү Жууку өзөнүнүн күн чыгыш жагындагы (Балчак баатырдын күмбөзү турган) Таш-Кыя бейитине коюлган экен. Ата-эне, укум-тукум, туугандарынын туруктуу жери Нарын районунун Ийри-Суу, Төш-Булак айылдары.

Арстанбек өзү байдын баласы болгону менен энеси байдын токолу Төрөкан менен мал артында болуп, карапайым койчу, жылкычыларга аралашып, тирикарак өскөн экен. 9-10 жашынан эле айылдагы койчу, жылкычылардан комуз чертүүгө шыктанып, үйрөнө баштап, 5-6 күүнү жакшы чертип калган. 13-жашында бир ажайып түш көрүп, аны атасына келип айтат.

"Түшүмдө кош өркөчү баладай ак төөгө минип, боз төө чепкенчен Ак-Дөбөнүн үстүндө ак комузду колго алып, дөбөнү тегеректеп отурган казак, кыргыз көп элге чертип жатсам, бүт ыраазы болуп, мага бата берип жатыптыр" – дейт. Атасы: "Түшүң туш келсин, зоболоң зор болсун" – деп жорумуш болот.

Буйлаш комуз чапкан чебер уста моңолдор Айтымбетке (Айтмамбет-түзүүчүдөн): "Тиги биздин салбар токолдун уулуна Кызырдын батасы аян болгон белем, ошого бир комуз чаап бересизби?"- дейт. Айтымбет уста ошол отурган үйдүн төрт уугун чечтирип алып кетип, турнабайдай суурулма бир сонун комуз жасап келип, Буйлаштын колуна берет. Буйлаш Арстанбекти чакырып алып: "Мына сага берген энчим – ушул комуз. Муну сындырсаң же кылын үзүп, тепкегин жоготсоң, таарынба"-деп, опузалап коёт. Ошондон баштап комузду тактап, жакшы күүлөрдү чертүү менен бирге, элдик обондуу ырларды ырдоого, кенже эпосторду айтууга ынтызарланып, жамактатып ырдай коюп, бара-бара өнөрү чыгып, атагы айылдан алыска угула баштайт.

Арстанбекти Ибраев Эсенгул акын сүреттөгөндөй:

Он бешинде белсенген,
Оң менен солго теңселген.
Далайлардан бата алган,
Булбул ырчы аталган, - дегендей эле.

Арстанбек 15-16 жашка чыккан кезинде Буйлашты баш кылып, тынымсейит уруусунан Алжан, Кожомжар, Сыдык, Божокой, Нурмамбет, Арзымат, Чоң Сарык бий, Субан жана башкалардын баары, 14 кишини Кокон ханынын буйругу боюнча Алымбек датка саркер аскерлерин жиберип, Анжиянга айдатып кетет. Кейпи, тынымсейиттин жакшылары хан салыгын төлөбөй атат деген күнөө коюлат. Атасынын айдалып баратканы менен иши жок, эл аралап, жер көргүсү келип турган неме үйдөгү күнү катындын балдарынын бир кунанын уурдап минип алып, атасынын артынан жөнөп кетет.

Буйлашты баш кылып, тынымсейиттин мыктыларын Алымбек датка "Ак үйлүү набакка" салып, сурак кылат. Бул учурда Арстанбек да Анжиянга барып калат, бирок атасын издебестен, шаар аралап, шаардын чет жакасындагы кыргыз айылын кыдырып, комуз чертип, ырдап жүрө берет. "Бир аркалык бала келиптир, эл кыдырып комуз чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуштуудай чертет экен, ырдаса булбулдай сайрайт" деген кабар Алымбек даткага жетет. Алымбек угары менен саркерлерин чаптырып, баланы издетип таптырып алат. Өз ырчы, комузчулары менен ай-

тыштырып, чертиштиргенде бардыгын жеңип, даткаларга жаккандан кийин, Арстанбек өз сырын Алымбекке айтат. Алымбек датка Арстанбекти Мадели ханга ээрчитип барып ырдатып, хан жана ордо кишилери ыраазы болгондон кийин Тынымсейиттин жакшыларынын күнөөсүн кечиришип, туткундан куткарган соң, Алымбек датка Арстанбекти бир жылга өз жанына алып калат. Арстанбек көп той-тамашаларда болуп, Анжиян, Кокон тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Беттешкендерин бет алдырбай жеңе берет. Жыл маалы болду дегенде, Арстанбек Алымбек даткадан уруксат алып, көп олжо-буйла менен элине кайтат.

Ошентип, Арстанбек ыр менен комуз жагынан Анжиян, арка эле эмес, казактын акындары менен айтышып, домбурачылары менен чертишип, казак журтунда да бир далай белгилүү болот. Арстанбек кийин жыгач комуз, темир комуз, кыл кыяк, сыбызгы, кыскасы ал кездеги кыргыздын бардык музыкалык аспаптарында ойноп билүүчү экен.

Кыргыз элинин улуттук музыкасына Арстанбек барандуу салым кошкон. Мураталы, Кара Молдо, Ыбрай, Чалакыз сыяктуу залкар комузчулар Арстанбектин өнөр көчүн улантышкандар. Беш жүздөн ашуун күү чертүү, алтымыштан ашуун залкар күүлөрдү чыгаруу, эки жүздөн ашуун обондуу ырларды ырдоо жөнөкөй комузчу, ырчылардын колунан келбейт. Ормонхан уулу Сейилкан комузчу менен беттешип, курч бычакты бутунун манжасына кыстарып алып, комуз чертүү тарыхта өтө сейрек учурачу окуя болуп, Арстанбектин чебердигин айгинелеген эмеспи.

Арстанбек Буйлаш уулунун талант кумары кылымдардан кылымдарга көөнөрбөстөй. Буга: Кантарбайдын, Чондунун, Музоокенин, Жеңижоктун, Солтобайдын, Тоголок Молдонун, Калыктын, Осмонкулдун, Мифтаковдун, Затаевичтин берген баалары күбө. Арстанбектин калың элдин ачы-тогуна, бары-жогуна сөз жүзүндө да асан кайгыланып, аркабел, жөлөк-таяк болгондугун Бугу менен Сарбагыштын чабышынан кийин, элди ынтымакка чакырып, элдештирүүдөгү аракеттерин жумурайжурт унутпай, бийик адамдык сапаты бар улуу инсан катары кастарлашат.

Арстанбектин чыгармалары "Тар заман" жана башка замана агымдарындагы Калыгул олуянын, Молдо Кылыч сыяктуу акындардын "Акыр заман", "Зар замандарындай" ой чабытынын кенендиги, даанышмандыгы, терендиги, көркөмдүгү, анын акындык дараметин көрсөтүп турат. Философиялык ырларынан:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгын көлдү сузса да.
Оозундан чыккан сөзүнө,
Зоо куланып учса да.
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да.

Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да.
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың! -деген саптардын өзү эле канча терең маани берээри белгилүү го. Арстанбек ошондой эле жар чакыруу, айтыш, санат ырларды, термелерди да комуздун коштоосунда обон менен ырдаган. Казактын атактуу акындары Кантарбай, Сүйүмбайлар менен айтышуулары эл ичинде ушул күнгө чейин аңыз болуп айтылып келе жатат.

Бул жогоруда Арстанбекти алдын-ала билген, болочокту болжоп айткан олуязада деп да атап кеттик. Ага бир далил: Арстанбек менен Жеңижок биринчи жолугушканда, Жеңижокко айткандары туура чыгып, Жеңижоктун баласыз өткөнү кимди да болсо таң калтырбай койбойт. Ал эми тар заманды сүрөттөөлөрү жана башка санат, терме, насыят ырларынын таасирдүүлүгү, көркөмдүүлүгү өзгөчө.

Жеңижок акын Аксыдан атайын чыгып, Арстанбекке жолугушуу үчүн Ысык-Көлдун "Каркыра" жайлоосуна издеп барып таап, ыр менен саламдашканда, Арстанбектин Жеңижокко айткандарынан үзүндүлөр:

Аманбы, балам Жеңижок,
Айтканыңдын кеми жок.
Эсенби, балам Жеңижок,
Эчен сөз айттың кеми жок.
Жыйырмада жашың бар,
Жаш жолборстой башың бар.
Как жыйырмада жашың бар,
Кабылан сүрдүү башың бар.
Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук.
Мусулмандын жайын ук,
Мурдагынын баарын ук.
Калктын зарын зарлап өт,
Качанкы ырын ырдап өт.
Элдин зарын зарлап өт,
Эзелки ырын ырдап өт.
Ырчы болсоң – сынчы бол,
Зөөкүрдү чабар камчы бол.
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Санаа тартпай, жыргап өт,
Сакадай болгон чырагым.
Уламаны улагын,
Улардай сайраар убагың.

Баяда минтип айткан деп,
Кек сактап сөздү куубагын.
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар бол.
Ашы жокко айран бол,
Жардыларга кешик бол,
Жармачтарга эшик бол,
Эрегиш чыкса, элчи бол,
Эл-журтундун кенчи бол.
Аш менен тойдун көркү бол,
Тону жоктун бөркү бол.
Замананын зарын ук,
Каапырлардын каарын ук.
Аттиң, балам Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт деди,
Эгемдин берген белгисин,
Айтпай коёр эрким жок.
Көк Сулууну алам деп,
Артыңдан бала ээрчибей,
Көңүлүң толуп телчибей,
Арман болоор ичиң чок.
Бир ташы кем, шум дүйнө,
Кабатыр болбо сөзүмө,
Тоодой мүшкүл түшсө да,
Томуктай кылып көтөрөт,
Таң калам адам күчүнө -деген экен.

Кийин ошол айткандары туура келиптир. Эгер Арстанбектин келечекти көрө билген олуялык касиети болбосо, 20 жаштагы Жеңижокту баласыз өтөсүң деп, айта албайт эле да. Ошондой эле 13 жашында көргөн түшү, анда төө минип ырдап, комуз чертип турганы жана Арстанбектин чыгармаларын жыйнап жүргөн Кабай Абдыракман уулунун кол жазмаларындагы 150 жыл мурдагы ырлары эгин айдоочу ээн талаадан табылышы – өзгөчө бир керемет эмеспи.

Арстанбек өмүрүнүн акырына чейин Боромбай, Балбай, Калыгул сыяктуу мыкты адамдар менен бирге жүрүп, дүйнөдөн өтүптүр.

ОТУЗ ЖЫЛДАН КИЙИН КЕЛГЕН ТҮШ

Адам баласынын өмүр жолу татаал да, кызыктуу да болот турбайбы. Адам өзү келечекте эмнелерге жетишээрин, кандай турмушка кездешээрине көзү жетпей, билбей эле бар болгону үмүт менен беткелди аракеттенип, жашап, иштеп жүрө берет турбайбызбы. Акыл, ой жетпеген нерсеге кудай таала өзү багыттап, жеткире берет окшобойбу.

Мындан 30 жылдар мурда, так айтканда, 1963-жылы бир көргөн "ажайып" түшүм – эми келип өткөндөй сезип калдым. Ал кезде мен "Учкун" колхозунда башкарма болуп иштеп жүрчү элем. Ошондогу көргөн түшүм бүгүн күндөгүдөй көзүмө элестелип турат. Түшүмдө үстү ачык бир короого толтура, болжолу 150-200 кишилер чогулуптур, баарысы тикесинен туруп турушат. Элдин ортосунда (мурда райондо биринчи секретарь болуп иштеп туруп, Москвага окууга кеткен) Базарбаев Кадыракун турган экен, бою ошончо элдин баарынан 25-30 сантиметрге бийик ашып, жаңы көрктүү тигилген драп пальто, башында кепка кийип, бир нерсе сүйлөп жатат.

Короонун сыртынын ооз жагында элдин четинде жай баракат, кенебей элди карап мен турупмун. Ойгонуп кетсем түшүм экен, өз үйүмдө жатамын. Ошондо өзүмчө ойлонуп, бул ажайып бир түш болуп калды. Муну кантип, кимге жорутам: "Эр карып – эшек түшөбөйт, катын карып – камыр түшөбөйт" дечү эле. Анан калса, бала болуп, башыма түк чыкканы өзүм бир да жолу эшек минип көрбөсөм, кандайча эле эшек түшүмө кирип калды, бирөөлөргө айтсам: "Эми, сен райкомдон да жогору болгуң барбы, ары жок короздун түшүнө акталган таруу кирет" дегендей, күлүшөт го, шылдың кылат го? Балким, ал дагы башка бирөөлөргө айтып койсо, чоң кепке калам, эгер түлөө жасап, аксакал Тутуга жорутсам, андан да катуу уят болормун? Ал көрөкчө, ичимде сактап көрөйүн, теги негизи жакшы түш деп, эч кимге оозуман чыгарган жокмун. Бир гана үмүтүм, бир болсо жогорку советке мүмкүн депутат болуп калармын, башка (Кадыракундан жогору өтүп) өзүмдү көрсөтүүгө негиз жок деп жүрүп, пенсияга чыгып кетип, түшүмдү унутуп, түңүлүп, эми, келбей калды деп, ойлоп калганмын.

Кудайга тобо! Кары кишиде касиет болот окшойбу? Андай болсо, түшкө аян бербейт эле го. Эми, быйыл Арстанбектин 170 жылдык мааракесин өткөргөндөн кийин, баягы 30 жылкы мурдагы түшүм эсиме келип, ойлоп отурсам, ушул иштин өзү турбайбы деп, чечип, жоруп койдум. Чынында эле ушул мааракe боюнча колумдан келбечүдөй чоң ишти кудайдын буйругу менен баштап, себепкер болуп жасаттырып, өткөргөн окшоймун.

Өмүрүмдө Тянь-Шань району менен Нарын шаарынын бүт эли, жетекчилери, облус менен республиканын өкмөтү менин көтөргөн маселемди колдоп, ушунча чоң чыгымдарды, убаракерчиликтерди көтөрүп, ал гана эмес, ал каражаттарды топтоп, башкаруу боюнча да мага укук берип, Кадыракун мага жардамчы болуп, мааракени өткөргөнүбүз – түшүмдүн туура келиши тура.

Кудайга шүгүр, бактылуу экенмин. Ошол түштү ошол кезде жорутпадым деп, көп жылдар бою арманда болуп жүрдүм эле, акыры келди. Кудай өзү жеткирет тура.

Мен муну айтып жатканымдын себеби: менин урпактарымдан ушундай жакшы түш көрүп, өзү ынанып калса, менчилеп корунуп, өкүт болуп калбай, убагында жакшы билгич кишиге жорутуп, мусулманча ырым-жырымын жасатып, тилек тилеп, үмүтүн үзбөй, өз алдына максат коюп иштеп, жакшы ниетте жүрсүн деген оюм. Акыры түш деле айланып отуруп, эртеби-кечпи келет окшойт. Ошого ниетинде ишене жүрүш туура болот окшойт, өзүм ошондой абалда жашап келатам.

1995-жыл.

(Найманбаев Мукаш Калмат уулунун "Санжыра саптарынан" аттуу китебинен алынды. Бишкек -- 2014. 151-157-беттер, 174-175-беттер)

Асан Кайбылда уулу,
музыка изилдөөчү

АРСТАНБЕК КОМУЗЧУ

"Ааламга атың кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да.
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да.
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң.
Кайратың зоону бузса да,
Чөмүчүң көлдү сузса да.
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Тоо упурап учса да.
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.

Ушул он эки сап ыр табылганы жараткан киши XIX кылымда өткөн Арстанбек Буйлаш уулу даанышман акын эле эмес, беш жүздөй күүнү таңшыткан чоң комузчу болгонун Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз, көлдүк Атай сыяктуу улуулар кечээ эле 1940-жылдары айтышчу.

Өкүнүчтүү жагдай, өз кезегинде ашкере айыптап, калыстыктан тайыган бир беткей сындардын залалы тийди. Арстанбектер калтырган ал кымбат мурастарды толук сактап калмак тургай, ыңгайы келген кезде алардын аттарын атай да албадык"-деп, заманыбыздын залкар жазуучусу Сыдыкбек уулу Түгөлбай агабыз кейиштүү эскергени бар ("Табылга" аттуу китебин караңыз). Эми минтип, элибиз кылымдар эңсеп келген эгемендүү мамлекетке ээ болду. Демократиянын эпкини жортуп, комму-

нисттик тескөөчүлүк саясаттын кесепетинен көмүскө калып келген Арстанбек сыяктуу өз мезгилинин Улуу адамдарынын өлбөс мурастары адабий-музыкалык казынадан өз ордун табууга шарттар түзүлдү. Арстанбектин философиялык ой тургудагы "Замана" ырлары жыйналып изилденип, көркөм адабиятыбыздын катарлары толуктала баштады. Анын "Тар заман" аттуу чыгармасы чагылгандай чар тарапка чачырап, добул дүңгүрүндөй түпкүрдү солкулдатып, замана жаңырыгы сымал Ала-Тоо койнун түрө кыдырса, Түгөлбай ага айткандай, ал черткен 500 күү Арстанбектин музыка дүйнөсүндө улуулугун айгинелеп турбас бекен? "500" деген сан өлчөм комузчулук өнөр алкагында не деген бай тематиканы камтыган, не деген тарыхый, этнографиялык маалыматтарды чагылдырган руханий дөөлөттөрдү, эстетикалык асылдыктарды сыйдырган энциклопедиялык жыйнакты элестетер эле.

Мезгилдин "жүзчүл" күүчүлөрдүн бири Туман уулу Ыбырай кыл тырмап, кадыр түн жорткон күндөрдүн биринде Арстанбектики деп, толгон токой күү түрмөктөрүн чубай, ар биринин баянын айта отуруп черткенин эшиткен жайым бар. Аттиң дүйнө, кагаз-калем алып, ошол эскермелерди тизмелеп, дайнын ташпиштеп жазып калганда эмне?..

-Арстанбек канча күү черткен?-деп сураганымда, Ыбыкем:

-Кудай акы, аны так айта албайм, илгерки комузчулардан, Кыдыр акеден укканыма караганда Арстанбек үч же төрт жүздөн ашык күү чертсе керек-дегени эсимде.

Адабиятчы Т. Саманчин бир макаласында мындан да ашырып, "500гө жакын күү черткендигин" жазган. Тарыхчы Белек Солтонкелди уулу Солтоноев Арстанбектин комузчулук репертуарындагы күүлөрдүн санын "эки жүздөн ашуун" деп болжолдойт. Арийне, бул жерде Арстанбектин күүлөрүнүн так эсебин алууну максат кылбаганыбызды, тек гана, улуу комузчунун күүчүлүк дараметин көз алдыга келтирип коюуну ылайык көрүп жатканыбызды окурман туура түшүнсө болгону.

Кылымдар аттамында салт катары жашап келаткан элдик күүлөрдүн сабында Арстанбек да көптөгөн күүлөрдү жараткан, анын өз "Камбаркандары", "Ботойлору", "Кербездери", "Шыңгырамалары", "Арманкошок" күүлөрү болгон. Булардын көпчүлүгү Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийинки "кыйкымчыл" мезгилдерде көмүскөдө калып кеткен, ал эле эмес, Арстанбектин атын атоонун өзү кооптонууну, чочулоону, сактанууну туудурган учурлар да болбодубу.

Арстанбектин күүлөрүн заманыбыздын залкар комузчулары Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз, Шекербек ж.б. аткарышкандыгы, алардын ичинде биздин эсибизде калгандары: "Арстанбектин кой бөлөр" (Ыбырай, Самсалы, Муратаалы ж.б.), "Арстанбектин сен дүйнө" (Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай ж.б.), "Арстанбектин ыр күүсү" (Самсаалы), "Арстанбектин кербези" (Муратаалы), "Арстанбектин ат чубатар ботою" (Муратаалы), "Арстанбектин кет бука күүсү" (Шекербек) ж.б.

Музыка изилдөөчү Көпбай Күмүшалиевдин иликтөөсүнө караганда Муратаалы Арстанбектин "Тар заман", "Кой бөлөр", "Айган", "Ат чубатар", "Арман" аттуу бир нече күүлөрүн чертқендигин эскертсе, фольклорчу Кайым Муптак уулу 1920-жылдары Нарында Бабакан уулу Саадабайдан Арстанбектин 13 күүсүнүн аты-жөнүн жазып алган.

Арстанбектин көптөгөн күүлөрү ошол шоркелдей заманда таптык саясаттын курмандыгы болгондугуна кейибей коё албайсың. Ошентсе да, Ыбырай Туман уулу "Арстанбектин сен дүйнө", "Арстанбектин кой бөлөр", "Арстанбектин ат чубатар ботою", Асанаалы Кыштообай уулу, Самсаалы Алике уулу "Айган", "Кой бөлөр", "Арстанбектин ырчы күүсүн" радиого даап жаздыруу менен эрдик кылышкандыгына ыраазыбыз. Ал эми "Мендирман", "Бердикожо", "Беш казак", "Төштүк", "Кожожаш", "Чоро", "Көкөтөйдүн ашы" сыяктуу элдик ыр, күүлөрдү Белек Солтоной уулу эскергендей, Арстанбектен кийинки ырчы-комузчулар унутта калтырбай аткарып келишет.

Арийне, бул чакан макалада Арстанбектин күүлөрүн эсеп-чоттоого, талдоого алууга чама-чаркыбыз жете бербес, тек гана мезгилиндеги көркөм өнөрдүн устаты жана анын комузчулугу жаатында аз да болсо маалымат берсек деген аракет. Мына ушул максатта акындын өмүрү-чыгармачылыгы жагдайында, анын ысмына байланышкан айрым күүлөрдүн жай мааниси (баяны) тургусунда окурмандарга кабарлап койсок деген тилек.

Арстанбектин балалык чагы. Арстанбек – Арка кыргызы Бугунун Тынымсейит уруусунан. Атасы Буйлаш, анын атасы – Чоро, анын атасы – Шопок, анын атасы – Токтогул, анын атасы – Мортуктан барып, Бугу уруусунун Тынымсейитине такалат. Арстанбек 1824-жылы эки Нарындын ортолугунда төрөлгөн. 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Жети-Өгүздүн Чычкан деген жеринде каза болуп, сөөгү Жуукунун күн чыгышындагы Таш-Кыя деген жердеги туугандарынын бейитине коюлган. Тынымсейит тукумдарынын туруктуу жашаган жери Тянь-Шань районунун азыркы Ийри-Суу аймагы. Бул жердеги эски там үйдүн орду күнү бүгүн "Буйлаштын коругу" аталып келет.

Арка кыргыздарында атагы чыккан бийлердин бири Буйлаштын чоң атасы Шопок баатырдын "Сан карабоз" 7 миңден ашык жылкысы болгон экен. Көчкөндө жылкысынын асты Солтон Сары жайлоосунун Ич-Бүлөөсүнө жетип, арты Карасаз жайлоосунун Желе-Дөбөсүнөн козголчу дешет. Шопок Баатыр 110 жашка чыгып, каза таап, сөөгү Нарындагы Жети-Каранын (Бети-Каранын–түзүүчүдөн) талаасы деген жерине коюлган. Кошой (Шопок-түзүүчүдөн) дин ислам үчүн Канкожодон бата алган дешет. Кошойдун урпактары бүгүнкү күндө 300дөн ашык – чакан айыл.

Буйлаштын эки аялы болуп, улуу байбичесинен: Бабакан, Атакан, Бектур, Кулпу, Солпу деген 5 уул, кичи аялы Төрөкандан жалгыз Арстанбек. Төрөкандын төркүнү көлдөгү желдең уруусунан, Арстанбек бой тартканы таякелери менен катышып тургандыктанбы, көлдөн Саруу элинен Үмөтай деген кызга үйлөнөт.

Арстанбектин зээндүүлүгү, тири каректыгы, айрыкча, ырга ыктуулугу, комузга шыктуулугу, борбуюн көтөрө баштагандан билине баштады. Баласынын дээрин байкаган Буйлаш бий кадыр колкосуна жылкы жетелетип, Алманбет (Айтмамбет – түзүүчүдөн) деген устага боз үйдүн уугунан улаштырып, зарылдыгына жараша турнабайдай узартып же кыскартып ала тургандай, кулагына күмүш чегертип, черткенде добушу бийик, күүгө элпек, атайын Арстанбек үчүн комуз чаптырып берет.

Элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу-фольклорчу Ыбырай Абдыракман уулу Арстанбекти көргөн адамдардын бири Талип Байболот уулунан акындын балалык чагынан айрым маалыматтарды жазып алып, 1923-жылы Кыргыз Илимдер Академиясына тапшырган. Мына ошол кол жазмадан айрым үзүндүлөрдү келтиребиз: "Ыраматылык Арстанбек орто бойлуу, толмоч келген сары чийкил, кой көз киши эле. Жайдары, ачык-айрым, отурган жерин оюн-күлкүгө толтурган адамдын гүлү эле-деп, аңгемесин улайт Талип Байболот уулу. Нарынколдун башы Сайкал-Төр деген жерде айылдагы адамдар кары-жаш, аял-эркек дебей апырылып-сапырылып, аттуу-жөө болуп, төмөнкү айылга дүрбөп жүрүп калышты, "Арстанбек келиптир" дешип. Көптүн шары менен мен да бардым. Эл үйдүн ичи-тышын бербейт. Бир кезде: "Арстанбек мырза, элиң жыйылып калды. Тамашаңды күтүп турушат, баштай бересиңби?"-деди отургандардын бири. Арстанбек комузун күүлөп, адеп "Тар заман" деген ырынан баштады. Кары-жаш дебей баары ыйлашты. Андан кийинки ырларына каткырып күлүштү. Бир кезде нөшөрлөп жаан жаай баштады. Тамашага кызып алган эл кементайын, таарын жамынып уга беришти. Арстанбек ыр-күү менен күүгүмдү киргизди. Жыйылган эл тамашага балкып отура берип, өрүштөгү малын эстен чыгарып коюшкан. Арстанбек ырын токтотуп: "Караңгы кирип калды, малыңарды тейлеп алгыла" дегенде гана, эл кынжыла туруп, тарай башташты".

Арстанбектин өз оозунан уккандарын Талип молдо мындайча эскергени бар: "Атабыз Буйлаш Тынымсейит ичиндеги кадырман адамдардын бири, бай болгон. Эки катын алыптыр. Кийин энебизди салбар кылып, таштап кетет. Көчкө илеше албай жарыктык, кара алачыкта жатакта кала берет. Буйлаш бий кур дегенде саан таштап кетсечи. Ошол турмушта 14-15 жашка келдим. Илешкеним ыр менен комуз.

Эл жайлоодон түшкөн мезгили. "Кокон хандыгынын алык-салык жыйноочу беги келиптир, чакыртып жатат" дешип, айылдагы адамдар кетип жатышат. Менин да бекке барып, кол берүүгө көңүлүм ооду. Минип барууга унаа жок. Айылда мүнөзү оор, ак көңүл адам бар эле (аты эсимде жок). "Олжо тапсам, куру койбоймун" деп, жалынып-жалбарып жатып атын минип, эл артынан жөнөдүм. Салам айтып, бек отурган үйгө кирип бардым. Эскилиги жетип, эчен жерине жамачы түшкөн тонум бар. Башымда жүндөрү булактаган эски малакай. Ыраматылык энем бир жай илешип, жылкынын терисинен булгаары ийлеп, өтүк тиктирип берген. Өтүк аты болбосо, сомогон жыгачтай кожойгон бирдеме. Анын

да апкыты майрыйып, шакшак таңып, кийип алгам. Бек төрдө отурат. Мени таңыркап карап калды:

-Бул кимдин баласы?-деп сурады.

Бекти жандай отурган Буйлаш атамдын башы жерге кире түшкөнүн байкап турам.

-Буйлаш бийдин баласы-деди отургандардын бири. Койнумдагы комузга бектин көзү түштүбү:

-Келген жөнүндү айтчы бала, өнөрүң барбы?

-Бекке кол берип, комуз чертсемби, дедим эле.

-Кана, чертип көрчү-деди бек.

Белимдеги аштама комузду алып, узартып (түзөтүп), күүлөп алып, салмактуу күүлөрдөн бирди черттим.

-Дагы бирди черт-деди. Черттим.

-Менин чертмекчим менен өнөр жарыштыра аласыңбы?

-Байкаштырып көрөлү.

Бек тигиндейде отурган дутарчысына карап, "чертишкин" дегендей ишаарат жасады. Дутарчы бир күүнү ойноп, аспабын мага сунду. Мен дутар күүсүн өзүндөй кайырдым.

-Дагы бир күү ташта балага-деп, дутарчысына буйра сүйлөдү бек. Кийинки күүнү да өзүндөй аткардым.

-Балам, эми өз комузуң менен бир күү чертип, дутарчыга узат-деди бек. Менин күүмдү чертүүдөн дутарчы баш тартып, жалтактай түштү. Бек өнөрпозуна ачуусу келгенин жашыра албады. "Алып чыккыла!" дегенсиди ак таяктарына. Тигиндейде даяр турган жигиттердин экөө бечара дутарчыны колдон-буттан сүйрөп жөнөштү. Андан кийин: "Баланы жакшылап кийиндиргиле"-деп, буйрук узатты ак таяктарына. Мен сыртка чыктым. Кийимдер даяр экен. Сандыктан алып чыгып, ичти-тышты бир сыйра кийиндиришти эле, мырза жигит болуп, сыныма толуп, үйгө кирдим. Менин өнөрүмдү угуп отуруп: "Мен кеткиче жанымда жүр. Тигини үй-бүлөңө алып бар-деп, бир таңгак пул бергизди. Олжону атка сылай жүктөп, үйгө бардым. Ат берген боорукер адамга чепкен жаптым... Көп өтпөй Буйлаш атам төө жетелетип жиберип, бизди көчүрүп алды. Салбар энеме кайта нике кыйдыртып, үй жасатып берди" (Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунан: инв. №300).

ӨНӨР ӨРҮШҮНДӨ

Арстанбектин өмүрүндөгү дагы бир урунттуу окуя 1850-жылдары болгон. Буйлаш бий баш болгон эл билармандарын кыйыктап, Кокон бийлиги ичкериге алып кетет. 15-17 жашар Арстанбек атасынын артынан куба жөнөп, Алайдын билерманы Алымбек даткага жолугат. Алымбек датка Арстанбектин өнөрүн көрүп, урмат-сый көрсөтүп, өзү менен ээрчитип жүрөт. Жаш ырчынын атасы Кокон бийлигинде кармалып жатканын би-

лет да хан сарайына алпарып ырдатып, комуз черттиришет. Анжыян-Аркадан "мен мыктымын" деген ырчы-күүчүлөрдү алдыртып, Арстанбек менен беттештиришет. Фергананы пааналап, Кокондо котологон байлыкка азгырылып, хан сарайын сагалаган шайырлар аз эмес эле. Алардын ичинде кыргызы да, кыпчагы да, өзбеги да, өзгөсү да болгон. Өнөр сынагында ошол дүпүрөгөн топту жарып, жеңүүчү катары суурулуп чыккан Арстанбектин соңунда жаактууга жай бербес ырчылыгы, жумуру башта жок комузчулугу жөнүндө мактоо сөздөр чагылгандай тарайт.

Арстанбек торгойдой безеп, булбулдай таңшып, топ ичинде ырдады. Хан алдында калтаарыбай, бектерден айбыкпай, бөлөктөрдөн тартынбай ырдады. Тээ Орусия түпкүрүнөн жер оодарган келгиндер кабарын ырдады; эл-жер тагдырын эстен чыгарып, кан тактысын аңдыган мансапкорлордун кесепет-кесирин ырдады; "Акыр заманды" алдыртан аңдап, "Тар заман" көйгөйүн тактап ырдады, келер заман кедергисин олуязаададай болжоп ырдады. Арстанбектин өнөрү ханга жакты. Алымбек датка арачы түшүп, барымтада кармалып жаткан Буйлаш бий башында кыргыздын эл жакшылары бошотулду. Арстанбек болсо үч жыл мөөнөт менен ак үйлүүгө Алымбек датка көзөмөлүнө калтырылды.

Бул учурда ичкилик урууларын түмөн түрө кыдырып, Ош, Наманган, Ташкен, Бухара шаарларында болуп, илим-билимдүү адамдар менен масылатташып, окумал молдолордун-мударистердин икаяларына каныгып, диний түшүнүгү кеңейип, дүйнө таанымы артылып, элет менен шаар турмушунун ажытын баамдай баштаган. Арстанбектин ырчылык-күүчүлүк өнөрүндөгү алгачкы бурулуш мына ушул учурга туура келген.

Кыргыз элинде өнөр алптары үчүн кычырата кыл чайнашып, талант күчүн сынашуу байыртадан салттык мүнөзгө айлангандыгы белгилүү. Мына ошондой таймаштар бир жагынан таланттардын чыгармачылык кемтигин толуктап, бөксөсүн толтырууга демөөр берсе, экинчи жагынан, атаандаштар жөнүндө эл оозунда аңыздар айтылып, жеңүүчүнүн да, жеңилүүчүнүн да аты Алайга жете даңазаланган. XIX кылымдын чыгаан комузчулары кадимки кан Ормондун уулу Сейилкан менен Арстанбектин беттешкен окуясы буга күбө.

Кыргыз күүлөр тарыхында Сейилкандын ысмы да сүймөнчүлүк менен эскерилет. Кыргыз радиосунун алтын казынасында ар кайсы комузчулардан жазылып алынган "Сейилкандын Камбаркан", "Сейилкандын ботою", "Сейилкандын күүсү", "Сейилкан"... аттуу толгон токой күүлөрдүн сакталып турушу – анын чоң күүчүлүгүнөн кабар берип турбайт бекен?

Сейилкан Акталаа аймагынын акими болуп, айтканы эки болбой, чексиз бийликтин эки тизгин, бир чылбырын колуна бекем тутуп турган убагы экен. Өзүн чоң комузчумун деп, өзгөнү бучкагына теңебей, чертишем дегендердин чекесин кандап, кээсин тогуз айыпка жыгып, экинчи комуз кармагыс кылып, жолуна салганы бар. Ошондон уламбы, жүрөк үшүн алган мындай беттешүүдөн өзүн оолак тутуп, Сейилкан менен чертишүүгө даабай, "ач кулактан, тынч кулагым" дечүүлөр аз эмес эле.

Сейилкандын: "Мени менен ким чертишет?" деген жарлыгы али күчүндө. Күндөрдүн биринде Шабдан деген карыя Сейилканга келип: -Нарында Тынымсейит уруусунан Буйлаштын уулу Арстанбек деген чоң комузчу бар экен. Коконго барып комуз чертишип, бар күүчүлөрдү жеңиптир. Ырчылыгы кыйырда жок дейт. Бир болсо, ушул жигит сага тең дешер-деп, кеңеш берет. Сейилкан Арстанбекке жигит чаптырат. "Сейилканды билебиз: ал кандын баласы, аймактын акими. Сен мөрөйлөшчү карапайым адамдардан эмес. Кокус мерт кылып койсо, кунунду кууй турган бизде дарман жок"-деп, туугандары айнытканга көнбөй, Арстанбек иниси Алыбекти ээрчитип, Сейилкандын айлына келет.

Шабдан, Байсал деген аксакал комузчулар башында калыстыкка отуруп, чертишүү башталат. Күүлөр алым сабакташа, биринен сала бири уланат. Бири черткенин экинчиси кайталап, андан соң өнөгүнө башкасын сунуш кылат. Мелдеш ушул тартипте эртеден кечке создугуп, айыгышкан эрөөл таң ата басылат. Даарат алып, жүз чайып, дасторконго отурушуп, чайланып, суусун жутуп, чыйралган денени жандырып, карышкан колдорун жазып алган соң, чертишүү кайрадан уланат. Кылым арыткан элдик кайрыктарды, тарыхый "дастан күүлөрдү", "арман", "ботойлорду" кой санагындай чубатышып, акырында өздөрүнүн күүлөрүнө кезек келет. Сейилкан өз "ботоюн" чертет. Сейилкандын тапшырмасын так аткарып, Арстанбек өнөгүнө "Калыс ботоюн" сунат. Сейилканды жеңүү оңойго турбастыгын байкаган Арстанбек дагы бир амал колдонмокчу болот. Чертип жатып күүсүн токтотпой, оң бутун алга суна берип: -Өтүктү чеч-деген ишаарат кылат жолдошуна. Ушул арада кестигинен бычагын сууруп алып, жыңайлак бутунун баш бармагына кыпчытып, кылды так кайрып, күүнү аяктайт. Комузчулук өнөрдөгү мындай татаал ыкманы Сейилкан да эң сонун өздөштүргөн. "Бул амалдан да майнап чыкпай калабы?" деп, ичтен сызып турганда, "оңдой берди" болуп, Сейилкандын комузунун кылы чарт үзүлөт. Калыстардын бүтүмү менен "Арстанбек жеңди" болуп, алдына ат мингизип, үстүнө тон кийгизип, чоң сый-урмат менен узатышкан экен.

Арстанбек – Акбала, Боккөтөн, Коңторбайга окшогон көптөгөн күүчүлөр менен да чертишкен деген кабар бар.

АРСТАНБЕКТИН ТАР ЗАМАН

Адамзат пендеси жарык дүйнөгө келгени кылымдар кыйышкан мезгил өктөмүндө эскиси жаңыга өтүп, эчен замандар алмашып, ар заман коомдук өнүгүүдө оош-кыйыштуу, катаал, карама-каршылыктары менен артына из калтырган. Ошол көйгөйлүү замана турпаттарын, андагы түйүндүү сырларды ачууда канча акылмандар, ойчулдар баштарын катырышпады, канча "Замана" чыгармалары (ырлары, күүлөрү) жаралбады?

"Замана" ырлары чыгыш поэзиясында Ходжа Ахмед Равгузиге (XIX к.) чейин эле айтыла келген, ырдала келген. Байыркы Индустардын "Махабхарата" деген ыйык ("замана") китебинде жазылган моралдык-адеп-ахылактык эрежелер "Замана" ырлары менен көп жагынан төп келип, үндөшүп тургандыгын эскерте кетсекпи дейм? Көрсө, "Замана идеясы" тээ атам замандан салт катары айтылган алдыңкы катардагы адамдардын турмуштук ой-толгоолорунун уландысы окшобойбу? Андай болсо, Индустардын ыйык китебинде жазылган "Акыр заман" толгонууларынан бир шиңгил окуп көрөлүчү:

"...Адамдардын бардыгы ыйманын жеп, калпычы болот. Элди митаам, эки жүздүү адамдар бийлешет, алардын иштегени балит, сүйлөгөн сөздөрү калп. Уйлардын желини байып, каргалардын көптүгүнөн бактар бүрдөбөйт. Аялдардын бою кичирейет, уят-сыйыт дегенди унутуп, көрүнгөндөн боозуйт. Динден чыккандар, аракечтер, бирөөлөрдүн эсебинен жан баккандар көбөйөт. Ыймандуу таза адамдар куугунтукталып, арамзалардын иши өргө жүрөт. Кыздар 7-8 жашында төрөп, балдар 10-12 жашында ата болушат. Адамдар ач көздүккө берилип, бирин-бири өлтүрүп башташат. Бирок, эч ким аларды кой-ай дебейт, уяткарбайт. Кыздарды эч ким кудалабайт, күйөөгө узатпайт, күйөөнү алар өздөрү таап алышат. Оң кол – сол колдукун уурдайт. Эрди-катындардын бири-бирин көрөйүн деген көздөрү болбойт. Болор-болбос үчүн чыр чыгат. Адамдар таш боор болот. Наадан акылманга акыл айтып, акылман анын сөзүн тамшанып угат..."

XIX кылымдын ойчулу Калыгулдун маселдериндеги:

"Тоо токол болор,
Талаа токой болор.
Токол байбиче болор,
Уй – пул болор,
Кул – бий болор.
Тексиз жерден бий чыгар..."

Арстанбек акындын "Замана" ырындагы:

"Акыр заман болгондо,
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп,
Бой азаят дечү эле.
Азамат эрдин баарысын,
Катыны билет дечү эле.
Акыр заман адамы,
Бакыл болот деп айткан.
Эгини өңүп, чөп чыкпай,
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана,
"Акыр" болот деп айткан..." сыяктуу саптар байыркы "Махабхаратанын" уландысы болуп жүрбөсүн?

Тек, кыргыз поэзиясында "Замана" ырлары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтан (XIX к.) мурун эле айтыла келгендиги талашсыз, бирок алардын дарек-дайны азырынча элдир-селдир, же белгисиз. Тили-дили бирге казак калкынын XVIII кылымда жашаган Букар Калкаман уулу, XIX кылымдын башындагы Дуулат Бабатай уулу "Замана" темасында алым сабак айтышкандары бизге белгилүү.

Кыргызда Калыгул олуянын "Акыр заман" айтымдарын тематикалык жана мазмундук жактан улап, өөрчүтүп, поэзия тили менен комуздун коштоосунда көркөм чагылдырган Арстанбек ырчы болгон. Керек учурда "Тар заманды" карандай күүгө салып черткендиги да күмөн туудура койбос. Арстанбек чыгармаларын обонго салып, комуздун коштоосунда "айтым күүлөр" жанрында (ыр-обон-күү айкашында) угармандарга жеткирсе, кайсы бир ырларын кара күүдө да чагылдырган. "Тар заманда" дал ушул ыкмаларды колдонгон. Залкар комузчу Муратаалы "Тар заманды" карандай кайрыктарда чертип, аны Арстанбектин "Тар заман шыңгырамасы" деп, В. Виноградовго чертип бергендигин эске салып жатабыз.

"Замана" күүлөрүн, албетте, комузчулар радионун казынасына тапшыра алмак эмес. Ага тоталитардык тескөө саясаты жол берет беле? Антсе да, комузчу Асанаалы Кыштообай уулунун композиторлор бирлигинин "элдик чыгармалар" бөлүмүндө жаздырып кеткен "Зар заман" аттуу күүсүн "Замана" күүлөрүнөн калган таберик катары кармансак жарашчудай.

"Тар заман" чыгармасы бир шилтем менен же бир жолку отурушта жаралган десек, чекилик болор. Анткени, бул чыгарманын мазмунунда кылымга тете тарыхый окуялардын күбөлөрү камтылган. Поэманын башталышы орустар али Ала-Тоо аймагына келе элек мезгилдерден кабар берет. Бул кабарды олуялык кылып, же түшүндө аян берип, айтып жатпастан аны бала күнүндөгү уккан кабардан улам ырга салган сыңары:

Байыры бала жаш чакта,
Кызыл өңүм ток чакта.
Кыл сакалым жок чакта,
Карылардан кеп уктук... деп баштачу тура.

XIX кылым – акындар айткандай, "Акыр замандын", "Тар замандын", "Зар заманынын", "Кал замандын" кылымы эле. Опурталдуулугуна карабастан бул кылым кыргыз элине акылмандардын, олуялардын, баатырлардын, эл башчыларынын, акын-ырчылардын, музыканттардын ысмы түбөлүккө өчпөй турган улуу инсандардын чоң тобун берген өзгөчө кылым болгон. Ормон хан, Балбай баатыр, Курманжан датка, Алымбек датка, Атаке баатыр, Тайлак баатыр, Полот хан, Нусуп бий, Боромбай бий, Кубат бий, Ажыбек датка, Жантай хан, Байтик баатыр, Төрөгелди шер, Тилекмат элчи сыяктуу журт билермандары менен Калыгул олуя, Балык ырчы, Күрөңкөй комузчу, Молдо Нияз казалчы, Сейилкан, Акбала күүчү, Тыныбек манасчы, Солтобай акын, Жөжө акын сыяктуу эл шайырлары менен акыл оошуп, өнөр жугушуп, "Тар заман" таржымалы ушул чөйрөнүн таасиринде калыптанган сыңары.

Калыгул олуянын: "Заман акыр болуп баратабы?" деген кооптонуусуна Арстанбек:

Ушул заман – зар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага тар заман.
Заманың келди жакындап,

Тайган иттей такымдап-деп, жооп узаткан. Бул айтымдар Кокон хандыгынын зордукчул өкмөтү күч алып, казак султандары Кененсары, Норузбайдын чапкындары журтту мүнкүрөтүп, бир атанын балдары (Бугу, Сарбагыш) ит арка уруу кагылыштарынан алсырап, анын айынан эл биримдигине доо кетип, баскынчы орус аскерлери Ала-Тоо жергесине көз кызартып, алдыртан ыкыс берип турган кыйын кырдаалдан улам айтылган эле.

Ички уруу кагылыштары өзөктөгү өрт болуп, өздү душман көрүп, өзгөдөн колдоо күтүп, түндүктөгү согушчул кубаттуу орус мамлекетине ат тезегин кургатпай элчилерди аттандырып жатышкан. Бул тарыхый окуялар менен кабардар болгон акын Алматы, Омскиде топтолгон падышалык аскерлер акыры Ала-Тоону каптап киришинен чочулабай коймок эмес:

Алда кандай капырай,
Алматыдан аттанып,
Өңү сары, көзү көк,
Орус келе жатыр-ай.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр-ай.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр-ай-дегени энөө журтка эскертмеси болгондугу талашсыз.

"Орус" деген сөз аркылуу Арстанбек падышалык Россия мамлекетин көз алдыга келтирген. Ал эми Кокон хандыгынын үстөмдүгүн, бийлик башында турган төбөлдөрүн айтканда, "сарт" деген терминди пайдаланган.

Чакырылбаган "меймандар" көп күттүргөн жок. Бир убакта угулган имиш-имиштер чындыкка чыгып, Кыргыз жерине тээ түпкүрдөн келгиндер агылып келе баштады. Суроо-сопкутсуз бөтөн жерге ээлик кылышып, жергиликтүү калк катуу кысымга алынды, жайыт жерлеринен ажырап, тоо-ташты карай сүрүлдү. Бул турмуш жаңылыгы замана ырчыларынын көз жаздымында калмак эмес:

Бул орусту карасаң,
Ченчи салып, жерди алды.
Бээден туулган керди алды,
Карды салык байды алды,
Кача турган жайды алды.
Ошол орус чыкканда,
Кара жол кылар көлүндү,
Эсепке алар жеринди.

Кайсаңдаар сенде чама жок,
Капкандай чабар белиңди!-деди, кабыргасы кайышкан акын.

Багындырылган аймактарда орус акимчилигинин бийлиги орноду. Башкарууга ылайык аймактык бөлүнүштөр болуштардын, үйөздөрдүн карамагына өттү. Миң, эки миң түтүнгө бир болуш шайланып, анын башында оёзной (падышанын өкүлү) турду. Шайланган болуштарды аскер губернатору бекитти. Тарых маалыматына кайрылсак, 1913-жылы Кара-Кол үйөзү 33 болуштукка бөлүнгөн. Мындай бөлүнүштөр административдик бекем тартип, кылымдар калыптанган уруулук карым-катнашка тескери таасирин тийгизбей койгон жок. Анткени, көчмөн турмушка көнүп калган көөнө калк мурунку замандарда өздөрүн кыйла эркин сезишкен, эми кылтакка илинген чилдей – теңирден тескери тартипти жерип турушту:

Бул орусту карасаң,
Суу-сууга салды бекетти.
Болуштарды карасаң,
Катыныңдай кекетти.
Жасоолдор минди жакшы атты,
Жардынын баарын какшатты.
Жасоолдор минди күлүктү,
Ушул заман болгондо,
Мусулман көрөр бүлүктү.
Шум жалгандын белгиси –
Карагайдын таңында,
Элик болду элибиз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болду элибиз,
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болду элибиз... деген сыяктуу зар какшоо – ушул жоруктан эле.

Бийлик төбөлдөрү өздөрүн ээн жердин бөрүсүндөй сезишип, чээнден чыгып баратты. Бирок, эркиндик үчүн башын канжыгага байлап, канын көөкөрлөп, каяшага батынган азаматтар да чыкпай койгон жок. Сырттан келген баскынчылар үчүн мындай "азаматтар" – "артык баш" адам катары бааланып, өз учурунда көзү тазаланып турду. Падышалык баскынчы солдаттардын, кесирдүү төрөлөрдүн "Телибай тентектик" жоруктары Балбай баатырдын чыдамын кетирип, кол көтөрүүгө аргасыз кылды. Текестен кармалып келип, сот-сураксыз уулап өлтүрүштү. Эркиндикти эңсеген Курманжан датканын балдары куугунтукка алынып, чилдей тарады. Полот хандын (Ысак) козголоңу ырайымсыздык менен басылды:

Качканың кайда кутулду,
Туурадан салды тозокту.

Кармап алды Кулжадан,

Балбай менен Шоорукту... сыяктуу саптар ушундай жоруктардан улам айтылганы анык. Укканга караганда, замана чындыгын бетке чаба ырдаган Арстанбек да бийлик төбөлдөрүнүн шилтөөсү менен ууландырылып өлтүрүлгөн деген имиш сөз бар. Кыргыздардын Россия империясына саясий жактан биригүүсү, товардык-акча мамилелеринин өнүгүшү, базардын ачылышы, техникалардын келе башташы -- патриархалдык уруучулдук салттарга, калктын жүрүм-турум нормаларына, моралдык-ыймандык аң сезимине тескери таасир тийгизген. Натыйжада,

Акча, теңге түгөнүп,

Тыйын чыккан замана.

Атасынан баласы,

Кыйын чыккан заманадан кооптонушкан, чочулашкан. "Замана" акындары козгогон ой толгоолор, бир себептен, улуттук идеянын өзөгүндө бүр байлаган турмуш мүдөөсү десек – жаңылышпас бекенбиз? Анткени, улуттук идея – бул улуттун өзүнчөлүгү, улуттун биримдиги, улуттун салт-санаасы деген эле сөз. Эгерде улуттук идеяга доо кетсе, улуттук идея жакырлана баштаса, башкаларга күнкор болуу, башкаларды белимчидей туурап, көлөкөдөй ээрчип калуу дегенди билдирмек. XIX кылымдын улуу ойчулдары да, акындары да, андан кийинки Токтогул, Барпы, Тоголок Молдолор деле так ошо улуттук идеяны туу тутуп, улуттук кызыкчылыкты коргоону ыйык парз катары түшүнүшкөн, өздөрүнүн тунук идеялуу ырлары менен замандын күрөө тамырын тарта билишкен.

Жарыкчылык дүйнөдө ар заман өз көйгөйлөрү менен келип, өз көйгөлөрү менен кош айтышат тура. XX кылым Россияда капиталисттик түзүлүштү кыйратып, Өктөбүр төңкөрүшү жаңы заманды апкелди. Ошол жаңы заманың деле жөн келбеди, өз көйгөйлөрү менен келди: Коммунисттик тоталитардык бийлик, кандуу репрессия өкүм сүрдү, адамдар манкурттук-роботтук калыпка салынды. Жараткан жар болуп, ал заманды да ала салдырып, калайык калкка эгемендүү мамлекеттүүлүктү насип этти, демократияга жол ачып берди. Бирок жаңы заман да көйгөйдөн арылбады: Экономикалык каатчылык илдети, адеп-ахлак кризиси, ыраактап качкан ыйманы – элдин ырыскысын кыркып туру. Буя деген адам экологиясынын трагедиясы. Доорубуздун даанышман жазуучусу Чынгыз Аймат уулу атактуу романын бекеринен "Акыр заман" атабагандыр?! "О, азамзат, көзүңдү ач, пейлиңди оңдо!.." деген дүйнө чакырыгы, ыйман экология трагедиясынан адамды арачалап калууга үндөгөн айбаттуу "Замана" жаңырыгы чыгар. Замана идеялары, бардык асыл ой мүдөөлөр – акылмандардын айтымындагы, акындардын ырларындагы, аспапчылардын кайрыгындагы түбөлүктүү өлбөс тема. Аны акыл калчап аңдап, жүрөгүндө сезе билүү, жан дилине сиңире билүү – ар жарандын милдети.

АРСТАНБЕКТИН КОЙ БӨЛӨР

"Арстанбектин кой бөлөр" күүсүн радиого Ыбырай Туман уулу Асанаалы Кыштообай уулу, Самсаалы Алике уулу ж.б. комузчулар жаздырышкан. Тилекке каршы, үналгынын музыкалык казынасында чыгармаларды кабыл алганда элдик эски күүлөрдүн тарыхый баяндары ачылбай, көмүскө кала берүүдө. Жанагы комузчулар "Арстанбектин ат чубатар ботоюн" да аткарышкан экен. Бул күүнүн баяны салттык "Ат кеттиде" уюп жатат эмеспи. Ал эми "Кой бөлөр" күүсү качан жана кандай шартта жаралгандыгын так биле бербейт экенбиз. Ошондуктан, күү баяны тургусундагы ой-толгоолору эл тарыхынан издөөдөн башка арганы көрө албадым.

Кыргыз санжыра тарыхында "Кой жортуулу" аталган эки учур айтылат: Биринчиси, академик В. В. Бартольд "Кыргыздар" деген тарыхый очеркинде белгилеп кеткен – XVI кылымдын орто ченинде кыргыздарды Муканбет кан башкарып, казактар Касым кандын бийлигинде болгон. Бул кезде кыргыздар менен казактардын ортосунда алака-бериш күчтүү эле. Муканбеттен кийин бийликке Рашид кан келет. Казактарда Касымдын иниси Тахир бийлик жүргүзөт. Кыргыздардын бир бөлүгү Тахирдин кандыгына кошулат. Тили, дили жакын эки элдин биримдигин монгол баскынчылары көрө албады. 1526-жылдары монголдор кыргыздардын бир бөлүгүн Ат-Башыга көчүрүп кетет. Көп узабай монголдор Тянь-Шань аймагынан жер ээдарып көчө баштаганда, өздөрү менен кошо кыргыздардын 100 миң коюн бөлүп, айдап кетишкен. Кийинчерээк бул жортуул (кой черикчи) деп аталган. Экинчи божомол: XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жергесине орус элинин өкүлдөрү көчүп келе баштайт. Меймандос кыргыз калкы: "Орус келди – ынтымак, тынчтык келди" деп, кучак жайып, ак дилден тосуп алышкан. Орустун келиши менен кыргыздар тышкы баскынчылардан кутулуп, өз ара уруу чатактары тынчый түшкөн. Экономика, маданият жагынан прогрессивдүү өзгөрүүлөр билине баштаган. Бирок, падышалык колонизатордук саясат эки элдин ишенимин акырындап басандатып, зордукчул, баскынчыл бийлик уламдан улам уу тырмагын жергиликтүү калкка матыра баштады. Падышалык самодержавие өзүнүн саясатын колдогон кулактарды, помещиктерди, аскер бөлүктөрүн түмөн түрө жиберип, кыргыз элинин кылымдар бою мал менен оокат кылган жайыттарын, эгин айдоолорун тартып алып, мал-жанына ээ кылбай, талап-тоноолор башталды. Буга бир далил: "XIX кылымда кийинчерээк 1866-жылдын 5-апрелинде Мирзарабад иши Романовскийдин башчылыгы астында орустар кыргыздардын көп короо койлорун айдап кетиши да "Кой жортуулу" деп аталып калган"/В. В. Бартольд. "Кыргыздар", "Ала-Тоо" журналы, 3-88, 133-бет/.

Өткөн замандардагы монголдордун, орустардын "Кой жортуулу" эл эсинде ай тамгадай түбөлүккө сакталып калган. Тоо суусундай токтоо бербес Арстанбектей акындын ыр нөшөрү, коштогон аттай элирген колундагы комузу – бул жорукту айыптабай коё алмак эмес.

Үчүнчү божомол да бар:

Кылжырдын балдары чабышып, арада эчен эр азаматтардын күлгүн өмүрү кыйылды. Ормон өлгөндөн кийин кеч күздө бүткүл сарбагыш эли Ысык-Көлдүн Күрмөнтүсүнүн күн батыш кашатына келип, тизиле конушту. Эки тарап тиреширип турганда, жараш сөз менен бугудан – Солтонкулу, саяктан – Жантай, сарбагыштан – Калыгул, Шамен жана башкалар сүйлөшүүлөр жүргүзөт, бирок кандайдыр бир ынтымак, тынчтык бүтүмдөргө келе алышпайт. Алгачкы айкаш сарбагыш тараптуу саяктардын ийгилиги менен өөрчүп, бугу-саяктарын Кызыл-Кыяга чейин сүрүшөт. Бугудан – сарбагыш, саяктарга кыз-келин, мал эсепсиз көп олжолонгон. Сарбагыштар бугунун Тынымсейит уругу менен "эл болобуз" деген сөз жүргүзүшөт. Бирок, убадага турбай Ормондун уулдары Тынымсейиттерге уруш ачкан. Мындан соң Тынымсейит уругунун баштыктары Чон жана Арзымат Кашкарга өтүп кетмекке Арпада көчүп бараткanda саяк, сарбагыштар биригип, анын артынан Тынайлардын Жантайы кошулуп, Тынымсейитти катуу чабышат. Артыкча Арзымат тобу бүлгүнгө учурап, короо-короо кой, үйүр-үйүр жылкылар, мал-мүлк тегиз таланып, кыз-келиндери олжого кетет. Тынымсейиттер ара жолдо ач-жылаңач калып, тозоктун оту жанып, мүңкүрөп турганда Арстанбек арманын ырдап, "Кой бөлөрдү" ошондо чертти бекен?.. Эл ичинде күү жандырмагын билгендер чыгар. Ал адамдар авторго кайрылышаар деген ишенимдебиз.

АНЖЫЯН КАЛКЫ

Улуу комузчу Карамолдо Ороз уулу черткен күүлөрдүн бири "Ажыян калкы". Бирлери күүгө Карамолдону ээлик кылса, айрымдар "элдик күү" дешет. Сөз башында ушул маселени тактап алууга туура келет.

Кыргыз күүлөрү кылымдарды арытып, оозеки түрүндө (кыл кайрыгында) бизге жетти. Элдик музыкаларды кагазга түшүрүү же магнит тасмасына жазып алуу – Өктөбүр төңкөрүшүнөн кийин 1920-жылдары гана колго алынып, чыгарманын ээлигин мыйзамдаштыруу мүмкүнчүлүгү ачыла баштаган. Буга чейин көптөгөн комуз күүлөрү мезгил агымында чыныгы ээлигинен ажырап, "элдик күү" деген аныктамада аткарылып келген. Ырасында, кандай чыгарма болбосун аны жаратууда бүтүндөй калк катышпастан, анын түп башатында бир гана адамдын чыгармачылык эмгеги катарын тануу болбос. Мына бүгүн элдик же Карамолдолук аталып, чертилип келаткан эзелки күүлөрдүн бири – "Анжыян калкынын" тагдыры да ушул мыйзамга багынычтуу.

Көңүл уютуп, дилден өткөрүп, күүнү тындап көрөлүчү, тескерисинче ташындай тизмектешип, муң чайыган салттуу арман кайрыктар... өткөндөгү коогалаңдуу окуялардын жаңырыктары: жан ачыткан онтоолор... оор күрсүнүүлөр... Күү табияты мына ушундай.

XVI-XVII кылымда кыргыз жеринде Ойроттордун баскынчылык бийлиги өкүм сүрүп турган. Эркиндикти эңсеген бир боор казак, кыргыз калкы калмак баскынчыларына каршы көтөрүлөт. Бул кандуу кагылыш кыргыз, казактардын жеңилиши менен аяктап, калмактардын кысымына чыдабай – "казактар кайың саап, кыргыздар Ысар кирген" мүшкүл башка түшкөн. Аргасы куруган калың эл ата-журтун душмандарына калтырып, Анжыян, Алайды беттеп, жер оодарууга аргасыз болушкан. Эчендери алыс жолдо азап тартып, ачкачылыктын каарын тартса, канчалары Анжыяндын ысык аптабына көнө алышпай дартка чалдыгышкан. Бирок, Анжыян калкы түндүк тараптан түрүлүп келген качкындарды бооруна тартып, азаптозокту тең бөлүшүп, бөөдө кырылыштан сактап калышкан.

1755-58-жылдары кытай-калмак урушунан кийин Орто Азиядагы калмак мамлекети биротоло талкаланып, кыргыздар өз жерине келе баштайт: кушчу, саруу, кытай уруулары Талас, Меркени ээлеп, солтолор Ысык-Атаны утурлап, саяктар Жумгал, Нарынга орношуп, сарбагыштар Кочкор, Нарын ортолугун, Ысык-Көлдүн батышын мекендеп, Бугулар күнгөй-тескей көл өрөөнүнө түшүшкөн.

Калк чогулуп, жыйын кылып, "Ата-бабабыздын жери колдо!" дешип, түлөө өткөрүшкөн. Ыр ырдалып, күү чертилип, Анжыян сапарын эскеришкен. Ошол күндөн ушул күнгө "Анжыян калкы" аттуу күү тарыхый эстелик катары үч кыл комузубузда жашап келет. Бул күүнү ким чыгарды – ал бизге белгисиз. Күү XIX кылымдын алп комузчусу Арстанбек аркылуу Акбала, Күрөңкөйлөрдөн өтө келип, Муратаалы, Карамолдого жеткендигин болжоп айткыбыз бар. Айтмакчы, Муратаалы аксакалдын күү тизмегинен "Анжыян калкын" Көпбай Күмүшаалы уулунун эскергени да бар эмеспи ("Алар баштоочулардан болушкан").

Экинчи божомол, Кокон хандыгы Буйлаш бийди кыйыктап, алдырып кеткенде артынан барган Арстанбек Алымбек датканын аркасы менен ичкилик кыргыздарды түгөл кыдырат. Ош, Анжыян, Наманган, Кокон шаарларынын шакардай кайнаган саясий-маданий жаңылыктары менен таанышат. Түштүк элинин оозеки чыгармачылыгын, аспаптык күүлөрүн өздөштүрөт. Алымбек, Курманжан датка дай акылы зирек эл башчыларынын таалимин алат. Анын үстүнө Анжыян элинин таланты, өнөрү, отурукташкан жашоо-тирлиги, илимге-билимге жакындыгы, ислам динин ыйык туткандыгы акынга зор таасир калтырган. Арстанбектин Алай, Анжыян сапарлары анын чыгармачылыгындагы өркүндөөнүн дагы бир мектеби болгондугу талашсыз. Мына ошол сапарда Фергана кыргыздарынын урматына, Кокон бектеринин дөөлөтү менен сөөлөтүнө, Алымбек датканын аталык камкордугуна арналып, канча ыр нөшөрү төгүлбөдү, таңшыта комуз чертилбеди дейсиң. Кийин өз жерине кайтканда Анжыян сапары жомоктолуп айтыла берип, жорголотуп комузда чертиле берип, "Анжыян калкы" аттуу күү ошол себептүү жаралгандыр.

1755-58-жылдары кытай-калмак урушунда жеңилген Ойрот мамлекети биротоло талкаланып, кыргыз жери душмандардан бошогонун укkан эл түмөн түрүлө аттанып жатып, Анжыян калкы менен коштошкону али эл оозунда:

Коондору жарылган,
Кош аман бол, Анжыян.
Кокуй түшсө башыма,
Кайра сага кайрылам.
Андалеги жарылган,
Аман болгун Анжыян.
Азиз башка күн түшсө,
Анда дагы кайрылам.
Бериштелер ашкан жер,
Берекеси ташкан жер.
Бел мертинип турганда,
Бешиктей бизди каткан жер.
Олуялар баскан жер,
Ой-кырда жемиш ташкан жер.
Ооматы тайып турганда,
Орун таап, бизди каткан жер.
Топурагың тозбосун,
Тоондо кийик оттосун.
Казаның тынбай кайнасын,
Капшытың жемиш жайнасын!
Төбөңдөн күнүң өчпөсүн!
Сууңду душман ичпесин!

("Кан жол" дастанынан).

СОЛТОН САРЫ

Бул күү комузда сейрек кездешет. Балким, Болуш Мадазим уулу колго албаса, шеги жапсарда билинбей кала бермек беле? Радио тасмасында 1978-жылы Кудаяр Матай уулунун жаздырган варианты бар экен. Бирок, бул күү көпчүлүккө анча белгилүү эместей. Күү баяны жөнүндө сураганымда Болуш акенин мындай деп айтканы бар:

"Солтон деген эңишке, эр сайышка түшүп жүргөн баатыр жигит экен... Өзү айылдын бийи. Сары чийкил өңүнө карап – Солтон Сары аталып кетиптир. Бир жерде эр сайышка түшүп, мертинген дейт.

Ошондо:

Солтон Сары, Солтон бий,
Күндө жатып, түн катар.
Башын сайып эрдикке,
Балаларын ыйлатаар-деп,угузган экен. Күү ошол кошоктон улам уланса керек". Болуш акенин "Солтон Сары" жагдайында билгени ушул.

"Солтон Сары" күүсү жагдайында ыраматылык Асанбек Кыдырназар уулу кызык окуялуу баянды жазып, мага алып келиптир. Асакем берген ошол маалыматты анча өзгөртпөстөн окурмандар баамына койгум келет: Арстанбек Буйлаш уулу мындан бир жарым кылым илгери эки Нарында Төш-Булак айылында төрөлүп, кышкысын Төш-Булакты кыштап, жайкысын Көк-Торпок, Солтон Сары деген жерди жайлаган. Кийинчерээк Көлдүн тескейине ооп кеткен. Солтон Сарыда жайлап турган мезгилинде Жайлоо деген инисин Кыдыктардын кымызга мас көпкөн жигиттери сабап кетишкен. (Күчтүүнүн күнү туул турган, уруучулук мезгил). Бети-башы көк ала челек болгуча токмок жеген Жайлоо: "Булардан канткенде өчүмдү алсам экен-деп ойлойт да, жаңыдан алган келинчегинин чачын беш көкүл кылып өргүзүп: "Бүгүндөн баштап сен, менин "карындашым" болосуң. Калганын мен айткандай кыласың"-дейт. Күндөрдүн биринде Кыдык туугандар Жайлоонукунан кымыз ичип отурушуп, жүк бурчундагы беш көкүл тебетейчен кызды көрүшөт.

-Жайлоо, бул кыз сенин эмнең болот?-дешкенде,

-Бул менин карындашым. Ата-энеси Төш-Булакта-деп, жооп берет.

-Анда жакшы болду, карындашыңа куда түшөлү.

-Кызды сураганга, кымызды суусаганга берет. Сурасаңар – кыз колуңарда-деп коёт Жайлоо. "Он күндөн кийин келебиз"-деп, Кыдыктар аттанып кетишет. Ал мезгилде Айкөлдүн талаасы деп коюшчу: Кара-Каман суусунун наркы күн чыгыш жагы Кыдыктар, берки өйүзүн Тынымсейиттер жайлаган, азыр деле ошондой.

Күндөрдүн биринде "кудалар келишип, ырасмысын жасашып", Жайлоонун "карындашын" алып кетишет. Алар узаар замат Жайлоо өзүнүн бети-башын таш менен жанчып, кызыл жаян кан кылып, Тынымсейиттин билерман, аттуу-баштууларына барып даттанат:

-Кыдыктар мени өлөөрчө сабашып, аялымды тартып кетишти-дегенде, эл чогулуп: "бул эмне деген жорук?" дешип, артынан аттанышат. Жайлоонун аялын куткарышып, тогуз айыпка жыгып, кайра тартышкан. (Бул болгон окуя – Жайлоонун баласы Асанкадыр экөөбүз тең элек, беш жыл мурда каза болду).

-Сен Кыдыктын баласысың, эненди Кыдыктарга малга сатып жибергенде, ошондон боюна болуп келип, төрөгөн бала сенсиң - деп тамашаласам, "энемди түнөтпөй эле Тынымсейиттер алып келишиптир" - деп, карс-карс күлүп калаар эле байкушум. Өтө ынак элек тууган ичинде. Ат-Башыдагы чума борборунда башкы инженер болуп, иштеп жүрүп өлдү.

Ошол чоң чатакта Арстанбек Буйлаш уулу Солтон Сарыны жайлап жаткан экен. Жайлоонун кылыгын угуп, Тынымсейит менен Кыдыктардын мыктыларын чакыртып, тай союп, коноктоп отуруп, жинди Жайлоонун кылыгы үчүн Кыдыктардан кечирим сурап, тарткан тогуз айыпты кайтарып берген экен. "Солтон Сары – касиеттүү жер.

Арам иш жасап, аны булгабайлы. Ынтымак, ырк бузарларды Солтон Сарынын кусуру урсун!"- деп, таң аткыча ырдап, "Солтон Сары" күүсүн ынтымакка ырымдап черткен дешет.

Ыраматылык Асакем (Асанбек) Арстанбектин "Солтон Сары" кайрыктарын иликтеп, издеп жүрүп, көзү өтүп кетти. Жоктогонубуз табылып калар: "эл ичи – өнөр кенчи" эмеспи.

АРСТАНБЕКТИН АРМАН КОШОГУ

Арстанбектин өлөр алдында алын сурап келгендерге: "Журтум, бүгүндөн калбай, силер менен кош айтыша турган көрүнөм, комузумду алып бергилечи –деп, жаздыкка сүйөнө отуруп, комузун кыңгырата, муңдуу күүлөрдөн кайрып келип, айтып турганы:

Маң-маң-маң баскан,
Чуудаларын чаң баскан.
Айры өркөчүң ком баскан,
Тизелерин чор баскан.
"Чөк" дегенде, "бук" деген,
Тизесин жерге бүктөгөн.
Кош аркан салып тарттырган,
Калы килем жаптырган.
Ак тикен көрсө аймаган,
Тилин тикен сайбаган.
Ойсул ата малым бар,
Андан тогуз берейин.
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Кетмендейинен чоң куйрук,
Талаада жүргөн ал оттоп.
Чолпон ата жарыктык,
Андан тогуз берейин.
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Чакмак мүйүз, чаар эчки,
Андан тогуз берейин.
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Жолборстой жону тартылган,
Жонуна чачы артылган.

Карындашым кашымда,
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Ай тийбес жерде энем бар,
Балтыр бешик балам бар.
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Арак (набат - түзүүчүдөн) менен оозун чайкаган,
Ак сакалын жайкаган,
Атакем турат кашымда.
Аны берсем алабы?
Арстанбектей жалгыздын,
Чымындай жаны калабы?
Орус менен сарт айдайт,
Ашкабак менен дарбызды.
Жасаган эмес экен го,
Арстанбектей жалгызды?!

Бул дастан Кыргыз илимдер академиясында кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат. Комузчулар болсо, "Арстанбектин арманы" атап чертишкендиги жөнүндө искусство изилдөөчү Көпбай Күмүшаалы уулу Муратаалы аксакалдын аткаруусунан улам эскерип, жазганы бар.

АРСТАНБЕКТИН СЕН ДҮЙНӨ

Заманыбыздын залкар күүчүсү Ыбырай Туман уулу 1961-жылы 7-ноябрда радио тасмасына тапшырган күүлөрүнүн бирин "Арстанбектин сен дүйнө" атаган. Күүнү чертердин алдында: "Сен, сен дүйнө, сен дүйнө – кимге бапа кылгансың? Опасы жок, сен дүйнө" деген баян-эпиграфы бар.

"Сен дүйнө" Арстанбекке чейин эле ырдалган, комузда чертилген. Арстанбектен кийин деле, мурунку көчтүн изин улаган чоң таланттар үчүн бул тема мейли поэзияда, мейли музыкада болсун, традициялуу темалардын бири катары эсептелген.

"18 миң Ааламдын перзенттери" адам, жан-жаныбарлар жаратылыш, жарык дүйнөгө көз жарып келмеги /туулмагы/ бар, өмүр өтсө, көз жумуп кетмеги /өтмөгү/ бар. Түбөлүктүү эч нерсе жок, түбөлүктүү – бир гана Чоң Кудай. Мына ушул философиялык ой тургуну чагылдырган салттык тема – "Сен дүйнө".

Бул улуу ойду, бийик накылды дүйнө кезген дербиштер, каландарлар, думана, бакшылар аса таяк колго алып, бууракандап-буркулдап жар чакырып, шарият-дуба тамсилинде элге жеткиришсе, калк аралаган акын-ырчылар, аспапчылар поэзия-музыка тили менен угармандар бүйрүн кандырышкан.

Биз билгенден ар мезгилдин нускоочу акындары: Токтогул, Барпы, Коргоол... өз "Сен дүйнө" санаттарын айтышып, айрымдары атайын аспаптык чыгармалар /күүлөр/ жаратышкан.

Сен, сен дүйнө,
Ким жеткен сенин түбүнө?!
Алды кызык, жапжарык,
Арты өкүнүч, караңгы.
Оомал-төкмөл сен дүйнө,
Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
Кимге бапа кылгансың?!
Пайгамбарды алгансың,
Падышаны чалгансың.
Кызыл өңдөн аздырган,
Каран күн өзүң балбансың.
Кылайган шоола, боз салкын,
Капилет түштөй жалгансың!.. сыяктуу мурунтан келаткан даяр текстти ар талант өз билгилиги менен толукташкан, байытышкан.

АРСТАНБЕКТИН АЙХАН КҮҮ

Комуздагы кеңири белгилүү күүлөрдүн бири – "Кетбука" өткөн замандарда "Айхан" аталып чертилчү экен. Фольклорчу Кайым Муптак уулунун 1922-жылдары жазып алган материалдарынын ичинде Арстанбектин "Айхан" күүсү жөнүндө эскертилет.

Белек Солтоной уулу да Айханга /Чынгыз ханга/ баласы Жоочунун өлгөнүн угузган комузчу Бука жөнүндөгү "Кетбука" баянына токтолгон. Бул эскерүүлөрдө кыргыздар мурун Чынгыз ханды Айхан деп аташкан себептүү, ага арналган күү да алгач "Айхан" аталып чертилген.

Ошентип, XIII-XIV кылымдар окуясынан улам жаралган бул тарыхый музыкалык мурас эчен кылым белестеринен ашып, Арстанбекке жетип, ал аркылуу биздин муундун колуна илинген сыягы.

"Айхан" күүсү тургусунда азырынча айтаарыбыз ушул. Күүнүн кеңири чечмеленген баяны "Кетбука" күүсүндө берилген.

АРСТАНБЕКТИН БОТОЮ

Салт катары чертилип келаткан элдик "Арман", "Ботой", "Кербез", "Шыңгырамалардын" курамында канчалаган күүлөр Арстанбектин ысымына байланыштуу жаралган. Акын жана комузчу Актан Тыныбек уулунун эскермелеринде: Арстанбек менен Боккөтөн элдик "Ботойлордун" 62 түрүн черткендиги жөнүндө жазып кеткен. Бул апырткандык деле эмес, чоң күүчүлүк өнөрдү сыйлап, анчейин айтылган сөз болсо керек. Радио-

нун казынасында "Арстанбектин ботою", "Арстанбектин калыс ботою" деген күүлөр бар. Учурунда уга жүргөнбүз, оңтоюн таап, көңүлгө түйө жүргөнүбүз абзел.

АРСТАНБЕКТИН АРМАНЫ

Кыргыз элинин турмушундагы феодалдык-патриархалдык-уруулук түзүлүш сырттан келген баскынчыларга бирдиктүү сокку урууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Кокон бийлиги мамлекеттүүлүккө бириге албаган уруу башчыларын ар кандай амалдар менен оңой эле көздөрүн тазалап турушкан. Нарындан Тайлак баатыр, Таластан Ажыбек датка, Бүргө баатыр, Алайдан Алымбек датка ж.б. тагдырын эстеп көрүңүзчү.

Түндүк кыргыздарындагы ич ара бугу-сарбагыш чабыштары эчен эр азаматтардын өмүрүн кыйып, калк баштаган канынан ажыратып, өзөгүнөн өрт жанып жатпадыбы?! Анысы ал, ынтымак-ырктын жоктугунан өз жеринде өздөрү кысынып, күнкор болуп, өз агасын агалай албай, өзгөлөргө жагынып, өздөрүнөн өздөрү ажыдаардын алкымына кептелип, бүлүнгөндөр бөрүлөргө таланып... Кырчылдашкан Кылжырдын эки баласы бирде кулдук уруп, Орустардан кол сураса, бирде казак султандарга кыз тартуулап, кайыр тилеп жатышы – көрөсөн акынга жага берген эмес.

Замандан заман күн келсе,
Кимге келбейт кезекти.
Айлабыздын жогунан,
Аялдардан кыз берип,
Жезде кылдык Тезекти - деп, эки уруу элдин жакшыларын мыскылга алып, бир жагынан ызага муунуп, ырдаган экен.

Белек Солтоной уулунун санжырасында айтылганга караганда, Ормондун куну үчүн Сарбагыш-Саяктар чабуул жасап, Бугу-Саяктарды Кызыл-Кыяга чейин сүрөт. Бул урушка Нарын тарабындагы бугунун Тынымсейит уругу катышпаса да, Ормондун Үмөтаалы уулу баштык дөгүрсүгөн жигитери тынч жаткан Тынымсейиттерге уруш ачып, катуу чабышат. Айрыкча Тынымсейиттин Арзымат тобу көбүрөөк бүлгүнгө учурап, көп эр азаматтар чыгым болуп, мал-мүлкү таланып, кыз-келиндер олжого кетет. Ара жолдо ач-жылаңач калып, тозоктун оту жанып турган элге кайрылып: "кыргызды кытай же калмактар кырбай, колтугубуздагы Кокондуктар талабай, ак падышанын аскерлери аткылабай, Кылжырдын балдары бири менен бири тытышып жатканга" ичи өрттөнүп, мүнкүрөгөн журттун арманын айтып, күүгө салган:

Кырылыштын жөнү жок,
Кылжырдын эки баласы.
Карап турган душмандын,
Канды го мындан табасы.

Арстанбектей акындын,
Айтканда жоктур катасы.

Арстанбектин арманы бүгүн да элде жат айтылып келет. Атактуу "Тар заман" поэмасы деле баштан-аяк арман мотивиндеги трагедиялык чыгарма. Акындын башка ырчылардан өзгөчөлүгү – элди эркиндикке, улуттук биримдикке үндөгөн, жамы кыргыз калкынын келечеги үчүн кара башын сайган трибун акын болгондугунда.

(Асан Кайбылда уулу.
«Күү баяны» китеби,
Б. 2000-ж. 292-321-беттер)

Балбай Алагушов,
Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, музыка изилдөөчү

Садык Шер-Нияз,
коомдук ишмер, кинорежиссер

АРСТАНБЕК

Тоталитардык үстөмчүл доор күрпүлдөп, күүсүн чалып турганда, атагы уламага айланган олуядай көзү ачык, залкар төкмө акын, ойчул-философ, улуу комузчу-обончу, аткаруучу Арстанбек Буйлаш уулу да өткөн патриархалдык-феодалдык замандын ырын ырдаган "улутчул", "эскичил", "реакциячыл", "мистик" шайыр катары бааланып, бүтүндөй чыгармачылыгы көөлөнүп, мурастары кара сандыкка катылып, окутууга тыюу салынып келди. Арстанбек 1824-жылы Эки Нарындын ортосундагы Ийрисуусунда тынымсейит уругунан чыккан чыккан Шоро уулу Буйлаш бийдин Төрөкан деген токолунан төрөлөт. Буйлаш бий токолун, чолпондой эки уулун "сатса пулсуз, өлсө кунсуз" дегендей, салбар кылып таштайт. Буйлаштын жети баласынын ичинен Арстанбек боорун жерден көтөргөндөн тың чыгат. Энеси салбардын да баласы салбар аталып, тоюнуп тамак ичпей, "куур тондун ичинде, куурасын жигит өлбөсүн" болуп, жаргак шым кийип, малай койчулар менен тамакташ, акылдаш, бакканы кой, алганы отун болот. Он жашка чыкканда, болочоктогу акындын ата-энеси Ысыккөлдүн Чычкан, Жууку айлына көчүп келет. Ал эми кээ бир маалыматта Арстанбек он алты жашында Көлгө келип, өмүрү өткөнчө туруп калат. Ал он эки жашынан баштап, комуз кармап, элдик салт күүлөрдөн чертип, обон созуп, ырдай коюп, ышкысы ашынып жүргөндө, түш көрүп, аны атасына барып:

-Атаке, кой четинде, түндө жатып, түш көрдүм. Кош өркөчтүү ак төөгө минип алыпмын. Ак комузду колго алып, чертип атыпмын. Ак дөбөнү тегеректеген казак, кыргыз калың эл черткениме тегиз ыраазы болуп, алкап, баталарын берип жатышыптыр –дегенде, атасы ооз учунан:

-Түшүң туш келсин! Зоболоң зор болсун! -деп, жорумуш этип: -Жамандын түш көргөнү да жаман, чыгып... кет салбар! –деп, үйүнөн кууп чыгыптыр. Ага Арстанбек арданбай, кайра кыл аркандай чыйрала, намысына келип, атасынын жакшы көргөн байбичесинин балдарын уруп, кийимдерин тартып кийип, аттарын жыгып минип, кала берсе атасынын жакшы атын мине качып, аш-тойлорду аралай баштайт. Атасын кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылса да, Арстанбек ого бетер күчөп, эл оозуна "Буйлаш бийдин бул салбар уулу өрт болот. Аман жүрсө эрке катындын балдарынын баарын сатат" деген кепке алына баштайт. "Балага – ата сынчы" дегендей, кийин атасы Арстанбектин кандан, бектен тартынбаган өткүр, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай оттуу сүйлөп, чыйрак өсүп келе жатканын баамдайт да, күндөрдүн биринде жан курбусу Айтымбет (Айтмамбет - түзүүчүдөн) деген айтылуу устага: "Тиги, биздин салбар токолдун уулуна Кызырдын батасы аян берген белем... Ошого бир комуз чаап берсеңиз кантет?" -деп, өтүнөт. Айтымбет болсо бозүйдүн уугунан келбеттүү комуз чаап берет. Буйлаш Арстанбекти чакырып алып: "Мына, жаман, сага комуз. Сага берген энчим ушул. Кокус муну сындырсаң же кылын үзүп, тепкегин жоготсоң, жаман энең менен өзүңө бир төөнүн отуну салынат!" -деп, комузду тапшырат. Арстанбек атасы белекке берген комузду түнүндө койнуна ала жатып, күндүзү колунан түшүрбөй чертип жүрөт. Күндөрдүн биринде Буйлаштын айылы көчөт. Арстанбек мингени өгүз, айдаганы кой болсо, кокустан комузду сындырып аламбы -деп, кара жанындай көргөн аспабын энесине таштап кетет. Жаңы конушка жеткенде Арстанбек энесинен комузун сурайт. Бирок, энеси жүктүн арасынан издеп таппай, аттанаарда алармын деп, чийдин түбүнө жөлөп коюп, унутуп калганын айтат. Ошондо ал сыр билгизбей: "Кейибегин апа, комуз табылып калар" деп, кайрат айтып, күнчүлүк жерден комузун издеп, бирде ыйлап, бирде томсоргон тоонун кечинде томсоро жүрүп отуруп, чийдин түбүнөн комузун таап, аябагандай сүйүнөт.

Арстанбек он төрт жашынан тартып, элдик секетбай, күйгөндөрдүн жаагын айрыйт. "Кожожаш", "Төштүк", "Чоро", "Бердикожо", "Жалгызым", "Беш казак" деген дастандарды, ал турсун Манастан "Көкөтөйдүн ашын" комуздун коштоосунда жана коштоосуз аткарып, айылдаштарынын черин жазыптыр. Адабиятчы Б. Кебекованын шарттуу түрдөгү мүнөздөмөсүнө таянсак, Арстанбектин өңү ак саргыл, бети кызылдуу, чарчы бойлуу, томоч, көзү көгүшүрөөк, сейрек сакалдуу, көзү оттой жанган, шайдоот, шайыр болуптур. 1840-жылдары Кокон бийлөөчүлөрүнүн мыкчыгери Алымбек датка атайын саркерлерин жиберип, Арстанбектин атасы Буйлаш баштаган Алжан, Сыдык, Арзымат, Бий Суван жана башка баш-аягы он төрт адамды Анжиянга айдаттырып кетет. "Болор бала богунан" дегендей, он алты жашар Арстанбек жөө жаландап, арып-ачып, атасынын аркасынан барат. Ошондо жаш акын эл бийлеген ордонун билермандары Алымбек, Кулназар, Атакул, Мааразыктын (Мамразыктын), анжияндык кыпчактардын алдында:

"Баракелде, эр кыпчак,
Саадактарың бир кучак,
Санжыргалуу көп кыпчак.
Мингендери тобурчак,
Шай колдогон эр кыпчак.
Жорголору жолдо өлгөн,
Саркерлери жоодо өлгөн" -деп мактап, анан төрөлүк кылса төө, бектик кылса бээ, доолду байлап, кечиктирбей ат, күрүчтүн күрмөгүн берип, таптаган аргымак берерин айтып келип:

"Аркалыктын жакшысын,
Кыйыгына тийгенде,
Кысырыктай матаптыр.
Он алтыда Арстанбек,
Эр кыпчакты мактаптыр" -деп, ырдайт.

Арстанбектин ыры даткаларга майдай жагат. Жакшы ырдын шарапаты менен Буйлаш бошотулат. Жаш ырчы Анжиян, Коконду аралап, Алымбек датканы пааналап, бир жыл жүрөт. Ал бул мезгилдин аралыгында атагы ай чапчыган акындар менен айтышып, комузчулар менен чертишет. Сарт аке (Сарт ырчы Ысакан) менен комуз сынашып, аны мыш кылат. Дутардын күүлөрүн комузда чертет. Арстанбек Кокон ордосунан өмүрүндө көрбөгөндү көрөт, тааныбагандар менен таанышып, анын көп кырдуу талантына бирден бир мектеп болот. Ал Кокон ордосунда комуз чертип, ыр ырдап, ордонун эркеси болот. Ошондой болсо да, "Акын көргөнүн ырдайт" болуп, Кокон бийлиги жөнүндө ачык айтып, ак ырдайт. Кокондуктар алымына айгыр менен төөнү, беш көкүлдүү кызды, оймоктуу узду, короодон тандап койду алганын минтип ырдайт:

"Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.
Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көк чапан сартка кор болду" -деп, зар катат да, кокондуктардын Мадали каны, кыпчактардын Мааразыгы кыргыздарга ашкере зордук көрсөткөнүн, Караколду кончундагы кычысы кой тойгондой шордуу сарттар алганын, жакшылардын баарысынын көкүрөгүн дарт чалганын, кокондуктар кокуйлатып элди, Көлдүн башын алганын муңкана ырдайт. Ак падышанын орустары кирип келгенде, үрөйү учкан бугулардын бир тобу Кашкарга кире качат. Алардын жерин таштай качканын өз көзү менен көрүп, өзү күбө болгон Арстанбек орустар Көлгө келгенде он кишиден бирөөсүн он башы, жүз түтүнгө бир адамды ыстарчын, жүздөн санап, ондун үстүнө болуш шайлашып, өзүнүн көзүн жайната жарчы кылганын:

"Кан Ормондун өлгөнүн,
Баян кылдым майрыга.

Кан Ормонду өлтүрүп,
Көлүк болуп калдык -деп,
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болуп калдык -деп,
Карагайга корголоп,
Элик болуп калдык" -деп, зээнин кейите, кан Ормондун айынан эрке балдар кул, ургаачылар күң болгонун айтып, элди:

"Эгин айдап, мал багып,
Эми, оокат кылгыла" -деп чакырат.

XIX кылымдын биринчи чейрегинен, XX кылымдын башына чейин замана агымы жергиликтүү айрым залкар акындардын чыгармачылыгында өнүгүп келген реакциячыл адабий-идеалык көрүнүш катары бааланат. Ал эми замана темасына тереңирээк үңүлсөк, VII кылымда ислам дининде жаралып, Орто Азияга замана идеясы араптардын жеңип алуусунун аркасында ислам дини менен түрк, тажик элдеринин көркөм адабиятына тамырын жайыптыр. Ал бара бара эски түрк тилдериндеги адабияттарда өөрчүп, өнүгө баштайт. XII кылымда Орто Азиялык мистик акындар: Ахмад Ясавинин, Сулайман Бакырганин "Санаттар жыйнагында"; "Акыр заман китебинде" замана темасы ырдалыптыр. Алар бара бара өзбектердин оозеки чыгармачылыгынан тараптыр. Кийин замана темасы казактын төкмө акындары Дулат Бабатай уулунун, Шортанбай Канай уулунун, Мурат Мөнкө уулунун ырларында кулачын жайыптыр. Ал эми "Зар заман" аттуу көлөмдүү ыр 1883-жылы Ташкенден басылып чыккан "Кыргыз хрестоматиясы" деген жыйнакка басылып чыгат. Жергиликтүү окумуштуу изилдөөчүлөрдүн боолгологондоруна караганда, кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгына замана темасы казак акындары, эски түрк тилдеринде чыккан диний-мистикалык ыр китептери аркылуу сырттан кириптир.

Кыргыздарда замана поэзиясынын жараткан баштоочусу Калыгул, мурастоочулары: Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо болуптур. Айтылуу Жеңижок, Сагынбай, Тоголок Молдо да "Замана" аттуу ырларын жаратыптыр. Арстанбек болжол менен айтканда: "Тар заманын" (кара ырын) 1852-70-жылдары уккандын зээнин кейиткендей мундуу обондо комуздун коштоосунда ырдаптыр. Аны орус музыка изилдөөчүсү А. Затаевичтин 1928-жылы улуу комузчу Карамолдонун оозунан жазып алган "Тар замандын" обону күбөлөйт. Арстанбек "Тар заманында" падышалык Россиянын басып алгычтары кыргыз жергесине кара таандай каптап келе жатканын:

"Алда кандай капырай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр-ай!
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр-ай!

Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр-ай" -деп, кабар айтат. Бул суук кабар кыргыздардын үрөйүн учуруп, тополоң тос түшүрөт. Акын жар салуу менен бытыраган кыргыз урууларын биримдикке, бир кандыкка баш кошууга чакырып, кыргыз аттуунун баарысын душманга каршы турууга үгүттөйт. Бирок, кыргыздар "абу" дегиче, падыша өкмөтүнүн жоокерлери кыргыз жерин басып, элин талап, көрбөгөн кордуктарды көргөзүп, тартпаган азаптарды тарттырганын укkан адам көз жашын көлдөтүп, ыйлагыдай элестүү сүрөттөптүр. Кыргыздардын үч уктаса түшүнө кирбеген жаңы көрүнүштөрдү ачык айтып, ак ырдаптыр: Акын ырында байыркыдан барк, каада-нуска, нарк кетип, шарият менен иши жок заман келерин, этеги жок, жеңи жок кийим чыгарын, кыз он бешке чыкканда энесине баш бербей, бой күүлөрүн, элечегин булгалап, зайып чыгарын, короодогу кой азайып, журтта ургаачы аттуу көбөйөөрүн, эки агайын бир тууган акы алышаарын, араба, чанага түшүп, зым аркылуу сүйлөшөрүн, алтын, күмүш теңге жоголорун, падышалык бийлик кыргыз элин башка чапса былк этпес, өлүк кылганын зар ката:

"Ушу заман – тар заман,
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап"-деп, муңканган Арстанбек кыргыз жерин, элин колониялаган падыша өкмөтүнүн зомбулук көрсөткөнүн ташка тамга баскандай ачык айткан. Ошонусу менен Арстанбек Арстанбек болгон.

Улуу шайырдын чыгармалары элдик оозеки чыгармачылыктын башатынан наар алып, көркөм каражаттары менен шөкөттөлгөн.

Арийне, автордун "Керээз", "Терме", "Санат", "Арман" аттуу ырлары да элдик жана акындык салт ырларынын үлгүсүндө чыгарылган. Бирок, акынга таандык ажардуулук, ойлордун терендиги, көркөм боёкторунун көп түстүүлүгү, ыраттуулук, ыргактуулук, оригиналдуулук өкүм сүрөт.

Арстанбектин түбаса акындык шыгы кындан кылыч суургандай, айтыш өнөрүндө көрүнгөн. Актандай акын, казактын азуулуу төкмөсү Сүйүмбай менен айтышканы -- кыргыз акындарынын айтыш чыгармачылыгында өзгөчө орунду ээлейт. Арстанбек Сүйүмбайды 1850-жылдардын айланасында Түптө өткөн Аалыбайдын ашында көрөт. Казак (Кененсары, Ноорузбайдын) кыргыздын урушунан кийинки ырыс алды ынтымакка эки элди чакырган Аалыбайдын ашында Сүйүмбай кыргыз акыны Катаган менен айтышып, жеңишке жетишет. Арстанбек улууну кудай сыйлаптыр болуп, өзүнөн алда канча улуу Катаганга жол берип, айтышка түшпөй калганына өкүнөт. Арадан эки-үч жыл өтөт. Жетөгүздө чоң аш болот. Казактан Тезек төрө, Бөлтүрүк чеченди, Сүйүмбай акынды ала келет. Ашка кан Ормон, Кара Байтик, Баатыр Жантай, Боромбай ж.б. эл бийлегендер катышат. Акөргөөдө отурган Бөлтүрүк чечен:

"Кана, ырчым, сөйлей отыр, кызыл тилди бүлей отыр"-дейт. Ошондо Сүйүмбай кыргыздын манаптарын:

-Кан Орман болмас ишке бузулмайды,
Кан Жантай ак шумкардай шуулдайды.
Мөмөлүү кара Байтик чынар агам,
Сан торгай бутагыда шырылдайды.
Камчысын кара Байтик каты уштаса,

Азыр тур, мүлдө кыргыз кырылганы-деп, саламдашып, мактап ырдайт. Казак султандары кыргыздын манаптарын, Сүйүмбай өтө эле көкөлөтүп мактаганын жактырышпайт. Аны баамдап, байкап калган Бөлтүрүк: -Не болдың мыншалык, Ай менен Күндүн өз орду бар гой. Дурустап ырдашаңшы-дейт. Сүйүмбай болсо Ормон, Жантай, Байтикке: -Ээр токуму алтындан ат бергин, киерге алтын чапан жабарсың, алышып-ойноп күлөргө он алты жашар бир кыз, жүгүн артып жүрөргө беш-алты атан төө, элине айдап бararга токсон жылкы бериңиз, анча көп сурабайын, калганын өзүңүздөр билиңиздер-деп, кайрылат. Аш-тойдо көп ырдабаган мырза, сыпаа ырчы аталган Арстанбек Сүйүмбайдын ырдаганына каны кайнап, аны айтышууга чакырат. Ал чу эле деген жерден эле: "Мойнуна кол боор (кудайчынын баштыгын) асынып, алакан жайган таз, ырчылыгың пас беле, кечээ Аалыбайдын ашында, акылмандардын кашында, бел оорутпай байге алганын, келе берлеп напсисин тыялбай калганын, аял алып бергидей, сен атасы белең кыргыздын? Сүйүмбайы келжирейт, султандары мелтирейт, калжыраган казагым, Кененсары, Ноорузбай кесирлүү чыгып, коңшу жаткан кыргызды жөн, жайына коюшпай, кылычын канча камдаганын" ж.б. жактарын айтып, төрт абийирин төгө шыбайт. Анан Арстанбек "Эч ким менден өткөн жок, бет алып ырчы чыккан жок" деп, эч бир акын чыга албаганын, Алымбек менен Кокон, Маргаланды аралаганын, акырында "Калжыраган казагым, калбаганбы базарың? Дагы барбы айтаарың?" деп, айтышууга чакырат. Ошондо Сүйүмбай "Арстанбектен менин эмнем кем" деп, Арстанбектин бий үйүнө батпаганын, өргөсүн баспаганын, салбардан туулганын, кокуйлап козу бакканын, каргай, тикен аралап, колу-бутун жаралап кой бакканын, кокондуктардын көк чапанын кийгенин, ат сураса арданбаганын, сартка жалданбаганын, ата-теги менен күүгө пир болгонун ж.б. жактарын сабалата, кордоп ырдайт. Ал ырынын акырында тоо куласа – зоо, хан бузулса – жоо болорун, сел каптаса – жер, тоо каптаса – эл коногорун, ай-ааламды терген Ак пайгамбарлар өлөрүн, бир сөз менен айтканда, жер жүзүндө дүйнөгө түркүк болууга бир да кыбыр эткен жан жоктугун ырдайт. Арстанбек комузун күүлөп, Сүйүмбайга жооп кайтарайын деп, аа деп, оозун ачаарында Боромбай токто дегендей, белги берет. Ак өргөөдө отурган казак, кыргыз бийлери, бектери, султандары: "Түбү бирге эл элек, уруш-талаш ыркыбызды кетирди. Ынтымакка жаңы келип олтурабыз, өткөн чатактан кеп баштап, Арстанбек сеники да ынгайсыз болду. Өз кезегинде Сүйүмбай да жөн калган жок. Орду менен жооп кайтарды. Сөз жагынан бириңди бириң жене алгыдай көрүнбөйсүнөр. Экөөңдүн тең чоң ырчылар-



дан экендигиңерге күбө болдук. Айтыш мындан ары уланса, сөз ырбап, чатакка айланчудай көрүнүп калды. Экөөңө тең ыраазыбыз. Мындан кийин жаакташпагыла" дешип, экөөнү жараштырып, байгени экөөнө тең бөлүп беришет. Ошондон кийин эки залкар айтышпай, бири бирин сыйлашып өтүшүптүр. Жыйырма жашар актаңдай акын Жеңижок Нурмолдону, Эсенаманды, Наркүлдү жеңип, элге тааныльган кезинде атайын ат арытып, узак жол басып, жай айында Арстанбекке жолугуш үчүн Каркырага барат. Аттарын алып, киргизгиле деген жан болбойт. Арстанбектин үйүнө салам айтып киришсе, ал ооз учунан алик алат. Жеңижок ага теригип, шеригине кетели дейт. Ал болсо ырда дегендей белги берет. Ошондо Жеңижок нукура ырчы Арстанбекке учурашканы эңсеп келгенин, өзүн кайсы элден, кайсы жерден экенин, жетим калып, көрбөгөн кордукту көргөнүн, таяке-тайын таап, Аксыга барганын, алтын боолуу куш, аркырап аккан суу, аземи артык журт, агайын-тууган, дос тапканын баяндайт. Бир эле мезгилде Жеңижок Эсенаман, Наркүлдү, Нурмолдону эңшерип жеңгенин, Арстанбектин Анжыян, Коконду аралап, Алымбекти пааналап, хан ордодогу толгон ырчыларды сындап, омурткаларын омкоруп кеткен өзгөчө ырчы экенин, Аксыдан келгенин, ырдаган ырларынын жакшы-жаманын талдап бер деп, Арстанбекке ыр сунат. Ошондо Арстанбек: -Айтканыңдын кеми жок. Оо, балам, алкынып турчу ээ бербей, алтындай жаштын бири жок-деп, амандашып, Жеңижоктун жаш жолборстой, кабыландай сүрдүү башы бар экенин, темир тоо жылып, көчсө да, термелбей турган курагын сыпаттайт. Арстанбек агала сакал болсо да, аргендей үнү өчпөй, дагы эле ырга, күүгө молдугун, алда качандан башталган дартынан арылбай, азирейил жалаңкыч алды-артынан аймалап, айласын кетирип жаткан кезинде келген Жеңижоктон: "Урмат менен тоспойт деп, таарынба, балам, Жеңижок" деп, кечирим сурайт. Анан ал Аксыны аралап, Авлетум тоосунан Кожожаш учкан зоону көргөнүн, Пачата суусуна бутуңду салсаң муз, суусун кана жутканда ичиң муздап кыш, кара чачтуу, моймол көздүү кыз-келиндер каштарын серпип койсо, кара жаныңчок болорун, эли шайыр, ырчылары көп болорун сабалата төгөт. Анан Арстанбек Эсенаман, Нурмолдо, Наркүлдү көргөнүн, аларды сүрөттөп, чеберчиликтерине баа берет. Аларды жеңген Жеңижоктун – ырдаса сөзү нар, түбү терең ордугун, беттешкен ырчылардын шору экенин баса белгилейт да, комуз күүсүн черткенде так келтире албаган, тайкылыгы бар экенин айтат. Ал эми Жеңижок санат сөзгө бай, сайраган жайы бардыгын, Көксулууну алам деп, каргышка калгандыгын, артынан бала ээрчибей, көңүлү толкуп, телчибей, бир ташы кем шум дүнүйө экенин айта:

"Таң калам адам күчүнө,
Шаймерден сени колдосун.
Барбардигер кудурет,
Паанадап ишиң ондосун.
Камбаркан Баба кол берсин,
Кыдыр даарып жол берсин" -деп, Арстанбек ак батасын берет. Анан ал Жеңижокко: "Ырчы болсоң – сынчы, зөөкүрлөрдү чабар

камчы, кургак жерге тамчы, дүлөйлөргө кулак, чөлдүү жерге булак, аргымак минген баатыр, алсыздарга жакын, жесирлерге жөлөк, жетимдерге көмөк, канкорлорго касап, калп айткандарга мазак, эрегиш чыкса элчи, эл-журтундун кенчи бол" ж.б. ак тилектерин айтат. Залкар акын ырынын акырында Жеңижокко: "Нуска сөзүмдү арткыларга Арстанбекти көргөм" деп, айта жүр дейт да:

"Санат ырың сан болсун,
Санжыра сөзүң мол болсун.
Калың кыргыз элине,
Кадырың артып, бак консун!
Балам, жүгумдуу сөздөн сүйлөгүн" -деген тилегин айтат.

Жеңижок айтылуу Каркыра жайлоосунда бир топ күн болот. Кала берсе казактын Кегенине чейин барат. Көлдүктөрдү аралап, жер көрүп, угуучуларга ырларын тартуулайт. Жеңижок эл-жерине сапар алардын алдында атайын Арстанбекке барып, таазим этип, узак ыр ырдап, коштошот. Арстанбек да муңканган кайрыктарга бай күүлөрүнөн чертип, ырдап узатыптыр. Арстанбектин казактын залкар Каңтарбай менен айтышы Каркырада кыргыз, казактын чоң жыйынында өтөт. Айтышты Арстанбек баштайт. Ал санат сөзү сан жеткис, нуска сөзү кумдай, кордогон сөзү шум экенин, "Беделиң түшүп калбасын, казак, кыргыз ичинен мага тең келер ырчы жок эле" деп, Каңтарбайды санат ырдоого чакырып, тар заман келгенин сабалата ырдап, Арстанбек Каңтарбайга орус келгени кыргыз, казак жеринде каадаң, калкың, атың, диниң, дилиң, ханың, жатың, паашаң, байың, жакшың, жайың, жайытың, төрүң, жардың, бийлигиң, бийиң, болушуң кандай? деп, собол таштап келип:

"Элиң кандай, эр кандай?
Замана кандай, заң кандай?
Эми, сенден тыңдайлы,
Айттым окшойт бир далай"-дегенде, Каңтарбай: -Мен жауп бермей ак, жеңилдим -дейт. Айтыш токтойт. Каңтарбай айлына кайтып келе жатканда, акынды ээрчип барган султандын бири (бирде Тезек төрө делет): -Бу кандай болды, Каңтарбай? Казак ишинде сенен мыкты ыршы жоктой көрүнүши еди, Арстанбектин алдында бөрини көрген күшиктей короого кирбе каштың гой, бир аоуз жауп бергенге да жарамадың -деп, жекирип алат. Анда Каңтарбай: -Арстанбек жети суу кешип өткен акыр замандын ыршысы экен, еки ыйыгында еки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр. Акыр заман болмак болды гой -деген экен.

Төкмө акындардын чыгармачылыгындагы эң татаал, табышмактуу айтыштын баштоочуларынын бири да, пири да Арстанбек болгон. Арстанбек менен Чоңдунун айтышы өзгөчө орун ээлейт. Айтышты Чоңду баштап, ыр менен айтылган табышмакты Арстанбек чечип берүүсүн өтүнөт. Ал Чоңдунун табышмактарынын жандырмагын шабырата чечип: -Алдырып сага койбосмун, мен ала жүрчү жолборсмун, жеңдирип сага койбосмун, мен жеңе жүрчү жолборсмун -деп, Чоңдуну аң-таң калтырат.

Арстанбек ырды нөшөрлөтө төгүү менен бирге татаал кайрыктардагы залкар күүлөрдүн негиздөөчүлөрүнөн да болгон. Ал айрым маалыматтарга караганда, беш жүздөй күүнү чертиптир. Ал эми жыйноочу К. Мифтаков 1922-жылы калк арасынан Арстанбекке таандык деген 37 күүнүн аттарын жазып алган. Улуу шайыр комуз музыкасында болгон жанрлардын, түрлөрдүн бардыгын чертиптир. Бизге акын-комузчулар Ы. Тумановдун, М. Күрөңкеевдин, С. Аликеевдин, К. Орозовдун чертүүсүндө "Кой бөлөөр", "Кер толгоо", "Мендирман", "Тили буруу", "Арстанбектин арманы", "Тар заман шыңгырамасы", "Айдарым" аттуу күүлөрү келип жетти. Арстанбектин "Боромбайдын керээзинде ырдаганы" аттуу коштошуу ыры калк арасына элдик ыр шекилдүү тарайт. Ысыккөлдүн Бугу уруусунан чыккан чоң манап Боромбай өлөрүнүн алдында туугандарына, эл жакшыларына: "Дыйканчылыкка көнгүлө, мал багып, бак тигип, жер казып, эгин айдагыла. Жашоого ыңгайлуу Даркандан чыкпагыла, жаңы келген коңшу (орустар) менен ынтымакташып жашагыла, башыма коргон уруп, ашыма ат чаптырып, калың кара сойбогула" деп, ал эми байбичесине болсо: "Кара кийип тытынып, бетиңе тамга салба, башыңды жоолук менен бууп ал" деген экен. Боромбайдын керээзин угуп отургандар: "Ат чаптырба ашыма, коргон курба башыма", "Катыным кара кийип, кара жашка бетин жуудуруп, тытынып ыйлабасын" дегени эмнеси дешип, айран-таң калышат. Мына-ана үзүлөт деп, отурушкан ага-туугандары кың дебей, дымып калышат. Ошондо Арстанбек муңканган мындуу күүсүн шолоктото узакка чертип келип: "Боромбай абаке, журт башчысы болсоң, ашыңа ат чаптырбас, башыңа коргон тургузбас, бетине тырмак салбаган, ханзаадага күйбөгөн Сарбагыш, Солто, Саяктын кайсынысынан кем элең?" деп, Боромбайдын калк коргогон эрдигин, көлдө сүзчү кемелигин, казак, кыргыз чогулуп, сөөгү үлпөт менен коюларын, катындан туулган бугулар, туз көмгөндөй көмдү деп, кылымдар бою артында жаман кеп айтылып калаарын ырдайт. Ошондо кыраакы Боромбай ажал менен арбашып, араң жатса да, жылмайып, өңүнөн нурун төгө, бутун сунуп, уктагандай көшүлө, калкына ыраазылыгын билдиргендей маанайда тыным алат. Ал эми айланасында отургандар буттарынын учтары менен басышып, жанына келип, тизе бүгүшүп, баштарын ийип, үн-сөзсүз, эл аягы суюлганда Арстанбек Боромбайдын чекесинен сылап, колунан өөп, көзүнөн мөлтүлдөтө жаш төгүп, коштошуптур.

Арстанбек "Керээз" аттуу ырында төрөлгөндөн өмүрүнүн акырына чейин кандай күндү, кандай турмушту өткөргөнүн, кимдер менен жолукканын баш-аягына чейин көз алдынан чубурта кайрадан эсине салат. Алладан буйрук келгенде өлүмдөн эч ким качалбаганын, азапка салган оорудан о дүйнөгө сапар алардын алдында акын шакирти Солтобайды чакырып алып:

"Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба.
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп.

Артымда элим таанысын,
Айтылып калса калкымда,
Арстанбек неге карысын?!"-деп, Арстанбек 54 жаш курагында жарык дүйнө менен кош айтышыптыр. Ал кан төгүлгөн, кызыл кыргындуу күндөрдө Кокон хандыгынын кыргыздарга кылган бийлигин, Бугу менен Сарбагыштын, казактын Кененсарысынын кыргыздарга жасаган чабуулуна күбө болот. Падышалык Россия кыргыздардын жерин чаап, элин талап алганын өз көзү менен көрөт. Мына ушундай көңүлдөн өчкүс, көкүрөктөн чыккыс окуялар Арстанбектин ырларында да, күүлөрүндө да терең чагылдырылган жана камтылган. Эми, ачык айтып, так жазып, Арстанбектин адабий-музыкалык мурастарын терең иликтеп, келечек ээлери – жаштарга тартуулоого мезгил келип жетти.

(Балбай Алагушов, Садык Шер-Нияз. "Актаңдайлар" китеби, Б. 2003. 55-66-б.)

Назгул Бегалиева,
адабий иликтөөчү

АРСТАНБЕК АКЫНДЫН АСЫЛ МУРАСЫ

Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1878) – XIX кылымда жашаган кыргыз акындарынын эң белгилүү жана көрүнүктүү өкүлү. Кыргыз адабияты, маданиятынын тарыхында анын адабий жана маданий мурасы зор из калтырган. Арстанбектин өмүр таржымалы, чыгармачылык тагдыры өз тагдырындагы акындардыкынан өзгөчөлөнүп турат.

Өмүр таржымалы

Арстанбектин атасы Буйлаш бугу уруусунан тынымсейит уругунан журт башкарган, белдүү адам, бий болгон. Арстанбек Буйлаш бийдин экинчи аялынан төрөлөт. Ал кездеги нравалык-этикалык адат боюнча кичи аялдын (токолдун) баласы катарында Арстанбек көп моралдык-социалдык кемсинтүүлөрдү башынан кечирип, энеси менен жакырчылыкта жүрүп чоңоёт. Арстанбектин өмүрү жөнүндөгү маалыматтарда байбиченин (атасынын биринчи аялы) балдары, айылдаштары "токолдон туулган төшкө жатаар, боору жакыр кул" деп, аны барк албагандыгы тууралуу айтылат. Ошентип, атасынын малын багып, кой артында жүрүп, эс тартат. 12-13 жашка келгенде комуз үйрөнүп, күү черте баштайт. 14 жашында ыр курап, эл чогулган жерде ырдап, оозго алына баштайт. 16 жашка келгенде Арстанбектин тагдырында бурулуш жасаган окуя болот. 1840-жылдары Кокон бийлигинин Анжиандагы өкүлү Алымбек датка тынымсейиттердин Буйлаш баштаган бир топ жакшыларына саркерлерин жиберип, аларды алдыртып кетет. Тынымсейиттердин билермандарынын Кокон бийлигинин алдында кандайдыр жазып

калган жери болгон экен. Ошондо Арстанбек алардын артынан барып, Алымбек датка баштаган ордо бектеринин алдында ырдап, алардын купулуна толот. Жаш ырчынын өнөрүнө ыраазы болушуп, Буйлаш бий баштаган кыргыз жакшыларын абактан бошотушат.

Атасынын артынан Анжианга жете баргандан кийин, Арстанбек аны издебестен шаар аралап, чет-жакадагы айылдарды кыдырып, комуз чертип, ыр ырдап жүрө берген экен. Бул жердегилер жаш ырчынын өнөрүн жактырышып, бир топ даңаза кылышат.

Жаш ырчынын кабары Алымбек даткага да жетип, атайы кишилерди жиберип, аны алдыртып алат. Арстанбек Анжианда бир жыл жүрөт. Бул мезгилдин ичинде, ал ырчылыктын чоң өнөрканасынан өтөт. Анжиан, Кокон тегерегин бүт кыдырып, эл-жер көрөт, көп аш-тойлордо ырдап, күү чертет. Алымбекти жандай жүрүп, көп ырчы-комузчулар менен беттешип, айтышат. Беттешкен ырчылардын бардыгын жеңип, комуз чертүү жагынан да өзү белгилегендей, "алдына эч кимди чыгарбайт".

Комуз чертип, ыр ырдап,
Ордонун болгон эркеси.
Көп ырчынын серкеси –

Мендей барбы, эр киши? - деп, казак ырчысы Сүйүмбай менен айтышууда баса белгилеген жери бар.

Ошентип, Арстанбек элине атактуу акын болуп, кайтып келет. Арстанбек Нарында төрөлгөнү менен, өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгү Ысыккөлдө өтөт.

Чыгармачылыгы жана "көзү ачыктыгы" тууралуу

Арстанбектин чыгармачылыгы көп кырдуу болгон. Акындык, ырчылыктан тышкары комузчулук өнөрдү алып жүргөн. Чыгармаларынын бардыгын обонго салып, комуздун коштоосунда аткарган. Бизге жеткен маалыматтарга караганда, үнү да мукам, кооз болуп, ырларын чоң чеберчилик менен аткарган. Аткаруучулук чеберчилиги жогору болгондуктан, эл аны "булбул" деп атаган экен. Такталбаган маалыматтар боюнча, Арстанбек 500гө жакын күү черткен, өзү дагы күү чыгарган деген сөз бар. Арстанбектин акындык талантынын бийиктиги эл тарабынан жогору бааланган. Ал тургай ырчылык, акындык өнөрү, дарамети жөнүндө аңыз кептер тараган. "Эки ийнинде эки периштеси отуруп, сайрап туруучу экен, өткөндү гана эмес, келечекти болжоп айткан олуя, көзү ачык экен, комузу өзү күүгө келип, чертилчү экен" деген сөздөр эл арасында көп айтылып келген.

Адабиятчы Б. Кебекова өз изилдөөсүндө белгилегендей, Арстанбек менен беттешип отурган ырчы дагы кереметтүү адам катарында сестенип, чочулаган. Алсак, казак ырчысы Кантарбай Арстанбек ырдап бүткөндө: "Айтышпай-ак жеңилдим" деп, жоп берүүдөн баш тартат. Ээрчитип барган султаны жолдо келатканда: "Эмне үчүн жоп бербедиң" дегенде, "Эки ыйыгында эки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр гой" деп, айтышпагандыгынын себебин түшүндүрөт.

Арстанбектин "көзү ачыктыгын" "Тар заман" чыгармасындагы толгонууларынан көрүүгө болот. Анда акын кыргыз жергесине орустар келет дегенде, кыргыз коомунда боло турган өзгөрүүлөрдү, замандын наркы кетип, салт бузулуп тургандыгы жөнүндө ой толгойт. Арстанбектин "Тар заман" ырынын идеясы бүгүнкү күндө да актуалдуу. Өткөндү баалабай туруп, келечекке умтулуу мүмкүн эмес. Арстанбектин заманы жөнүндө ойлорунун негизги идеясы ушунда.

Эл оозунда Арстанбектин талантынын аңыз кепке айланышы бекеринен эмес. Бул анын өмүрүнүн бийик деңгээлин, көркөм сөздүн чебер устаты болгондугун даана тастыктап турат. Арстанбекке замандаш жана кийинки муундагы акындар анын талантына жогору баа беришип, өздөрүнө устат тутушкан. Жеңижок акын Арстанбекти атайын издеп барып, жолугат. "Нукура ырчы Арстандын, нуска сөзүн уксам" деп, дегдеп келген акын 1870-жылдардын аяк ченинде Арстанбекти Каркырадан жолуктурат. Ошондо Арстанбек Жеңижоктун акындык дараметине баа берип, ырчылыктын жайын айтып, кеп-кеңеш герин берип, узаткан экен. Молдо Кылыч, Тоголок Молдо да Арстанбектин өнөрканасынан таалим алышкан.

Маалыматтар боюнча Арстанбекти журт башчылары абдан урматташкан. Эл арасында кадырлуу адам катарында, уруунун ички-тышкы иштерине аралашып, киришип турган. Бир сапар Арстанбек катуу ооруп калганда, бугу уруусунун башчысы Боромбай баш болуп келип, абалын сурашат. Өлөр алдында айылдаштары келип, "булбулдан кантип айрылабыз" деп, катуу кайгырышат. Ошондо Арстанбек:

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба.
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Артымда элим таанысын.
Айтылып калса артымда,
Арстанбек неге карысын - деп, шакирти Солтобайга керээзин айткан экен. Арстанбек узакка созулган кеселден айыга албай, 54 жашында дүйнөдөн кайтат.

Арстанбек өз доорунун инсаны катары коомдук турмушка түздөн-түз аралашкан, анын чыгармачылыгы коомдогу окуялар менен тыгыз байланышта жүрөт.

Кокон бийлигинин тушунда элдин оор зордук-зомбулукка туш болуп, эзилген абалына күбө болгон акын кокондуктардын талоончул саясатын ашкерелеп ырдап чыккан. "Кокон бийлиги тууралуу" ырында эл турмушунун реалдуу картинасы таамай берилген:

Тегереги кыргыздын,
Темирден тарткан тор болду.

Түшкөн жери кыргыздын,
Кырк кулач терең ор болду.
Көчмөндүү биздин көп кыргыз,
Көк чапан сартка кор болду - деп, элдин кейиштүү абалын терең толгонуу менен баяндайт.

Түндүк кыргыздардын турмушундагы тарыхый окуялардын бири – бугу менен сарыбагыштын урушу да Арстанбектин чыгармачылыгында чоң из калтырган. Уруу башчыларынын бийлик, мансап талашкан тирешүүлөрүнөн улам, ортодогу мамилелер курчуп, акыры эки тарапты кан төгүшкөн согушка алып келет. Арстанбектин бул мезгилдеги ырларынан элди ынтымакка, биримдикке чакыруу идеясы көрүнөт.

Арстанбектин чыгармачылыгынын күрдөөлдүү учуру кыргыздардын Россия мамлекетинин карамагына өткөн мезгилине туура келет. Сарыбагыштардын талоонунан коргонууну максат кылып, бугунун манабы Боромбай Россия өкмөтүнө кайрылгандан кийин, 1855-жылы көл кылаасындагы кыргыздар Россияга каратылып, жер-жерлерде падыша бийлиги орноп, колониялык саясатын жүргүзө баштаган мезгилде, Арстанбек бир катар тарыхый, саясий-социалдык маанидеги ырларын жаратат. Бул учурдагы ырлары "Тар заман" темасындагы чыгармасына топтоштурулган.

Замана жөнүндө толгонууларынан

Кыргыздардын Россия мамлекетинин карамагына кирүү актысы эң эле карама-каршылыктуу жагдайларда өткөндүгү белгилүү.

Орустардын келиши менен коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөр, кыргыздардын табиятына, жашоо-турмушуна, салт-санаасына жат келген нормалардын киргизилиши – карапайым калктын шаштысын кетирип, алдыдагы турмушун, келечекти аңдай албай, жүрөгү үшүп, заманасын тарыткан. Арстанбек учурдагы ушул психологиялык кырдаалды таамай чагылдырат:

Заманың келди жакындап,
Тайган иттей такымдап.
Ушу заман – тар заман,
Азуулууга бар заман.

Акындын баамдоосунда, коомдогу өзгөрүүлөр адамдардын нравалык-этикалык табиятына кескин таасир тийгизди: өткөндөгү кичүүсү улуусун, жашы-карысын урматтаган, улуулардын сөзүн акыл туткан адат унутулду, журт билген жакшылар орус бийлигине көз каранды болуп, эптүүсүнгөн кошоматчылар бийлик кармап, эл башкарды. Адамдардын ортосундагы мамилелер бузулуп, адилетсиздик, шаанисиздик күчөйт.

Арстанбектин дүйнөгө көз караштарынын уюткусу, алды менен, моралдык-этикалык принциптерде жатат. Ал өткөн доор менен азыр-

кы учурдун өз ара катышына адамдардын турмушундагы, моралдык табиятындагы оң жана терс көрүнүштөрдүн жамандык менен жакшылыктын көбөйүп же азайгандыгынан көрөт. Акындын баамында, барган сайын коомдо мындай баалуулуктар улам азайып барат, адамдардагы нравалык касиеттер тескери жакка өзгөрөт:

Уландар кетер уяттан,
Катындар кетер наркынан,
Карылар кетер баркынан ж.б.

Заман жөнүндөгү толгонууларында Арстанбек өткөн муундан топтогон адеп-ахлактык оң тажрыйбаларды сактоо жөнүндө эскертип олтурат. Ал эми коомдогу нравалык-этикалык маселелер ар заманда актуалдуу эмеспи.

Арстанбектин санаты

Арстанбек – таланттуу ырчы эле эмес, терең философ, улуу даанышман. Анын даанышман ойго, терең акылга каныккан санаттары кылымдарды кезип, муундан мууна өтүп, эскирбей келет.

Арстанбектин ырлары терең философиялуу, анда Адам – Эл – Коом деген сыяктуу чоң социалдык, коомдук-философиялык проблемалар көтөрүлөт. Адам-Эл жана Коом менен ажырагыс карым-катышта болуусу зарыл, жашоонун, адам өмүрүнүн маңызы ошондо гана ачылат. Арстанбектин санат ырлары идеялык-эстетикалык мааниси эскирбей турган, бүгүнкү күндүн талаптарына шайкеш келген өлбөс-өчпөс адабий көрөңгө болуп калды.

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да.
Оозуңан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып, учса да.
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң.
Кабарың күнгө жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да.
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.

Арстанбектин бул улуу санаты – улам кийинки муундарга таралчу даанышман философия.

(Эл аралык "Заман Кыргызстан" газетасы,
27-май, 2005-жыл.
Мындан сырткары Арстанбек Буйлаш уулунун
өмүрү жана чыгармачылыгына арналган монографиясынан кеңири
маалымат алууга болот.
Бишкек, 1998.)

Калый Токтосунов,
санжыра иликтөөчү

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

(Тарыхый баян)

Бабам Арстанбек акыретке сапар тартаарда: "Ырларым элдин калың катмарына жетпей калат го, калайман калкыма кайталап айтып берүүчү киши чыкпай, арманым өзүм менен кара жер жазданып, оо дүйнө чөгөт болобу?"- деп, арман эткен экен.

Арстанбек олуя жашаган доор Кокон хандыгы кыргыз элин кылымга тете мезгил аёосуз эзип, орус колонизаторлорунун баскынчылыгын, бугу-сарбагыш чабышын өз көзү менен көрүп, 1870-жылы "Тар заман" поэмасы өзөгүн өрттөп чыккан экен. Поэмада бара турган жери жок, баса турган тоосу жок, капаста калып, жарга такалып, тар заманга туш болгон, караңгыдан жарык издеген карайлаган элдин тагдырын:

Көч алды болор орусун,
Сары журт болор конушун.
Жайлоо тургай, төр кайда,
Ачып кирер көр кайда?- деп, баяндаган.

Тарыхы кылым катмарларын карыткан кыргыз эли ырда сүрөттөлгөн оор турмушту башынан өткөрдү. Орустун кулактары кыргыз элинин айдоого жарактуу сугат жерлерин тартып алышып, ал кыштоолордон кууп чыгарышып, адамзаты чыдагыс зордук-зомбулук кылып келди. Октябрь төңкөрүшүнөн кийин гана кыргыз эли эркиндикке чыгып, азат теңдигин алгансыды.

Аалыкенин ашы

Кыргызда аш берүү ошол доордогу, тарыхтагы улуу адамдын, элдик баатырдын калкына жасаган кызматын, эрдигин, эл-жерин тышкы душмандардан коргоп, элден эл курап, мамлекет деңгээлине жеткирген көрөгөч саясатын, аталык камкордугун даңазалоо чоң эрдик, атак-даңк болгон. Кыргызда атактуу чоң аштан үчөө өзгөчө орунду ээлейт.

1)Манастын учурундагы Көкөтөйдүн ашы (баласы Бокмурун берген аш. Чоң казат ошондон башталат).

2)Аалыкенин ашы (баласы Табылды баатыр берген аш).

3)Солтонкулдун ашы (баласы Сарыбай берген аш).

Аталган аштардын ичинен Аалыкенин ашы өзгөчө орунду ээлейт. Көкөтөйдүн ашы мындан 3000 жыл чамасында мурда болуп өткөн экен. Ошон үчүн жомок катары айтылып келет.

Ал эми Аалыкенин ашындай даңазалуу аш болбоптур. Ал ашты баласы Табылды баатыр өткөргөн. Табылды баатыр атамдын ашында кыргызда жок санаттардын баарын жасаймын, бул аш атак-даңкты куубастан, биримдик үчүн жети уруу кыргыздын башын кошомун деген экен.

Аалыкенин ашында атагы мүлдө кыргызга маалым, улуу акын Арстанбек Буйлаш уулу жарчылык милдет өтөгөн. Арстанбектин дүйнөлүк атактуу акындыгын ушул эпопеядан деле баамдоого мүмкүн. Бул аш кыргыздын кандары, бектери, атактуу баатырлары баары болуп, 48 киши катышкан чоң салтанат менен өтүптүр. 48 баатырдын баары тарыхта аттары ташка тамга баскандай жазылуу.

Арстанбек акын 48 баатырдын элге жасаган эрдигин, баатырлыгын бир бирден өзүнчө сыпаттап сүрөттөгөн. Бул тарыхый баянды кыргыздын дагы бир атактуу манасчысы Тыныбектин уулу Актан жазган. Актан Тыныбековду залкар акындар Калык Акиев, Молдобасан Мусулманкулов, Осмонкул Бөлөбалаевдер да талантына таазим этип, анын чечендигин, тарыхты, санжыраны мыкты билгендигин урматтап, сыйлашчу. Буга акын Ысмайыл Борончиевдин "Кош, Алымкул" деген ыр саптарын далил тартса болот.

Куйма кулак, кара тил,
Укканы жерде калбаган.
Улуу нуска сөздөрдү,
Улап сүйлөп, жалгаган.
Көкөтөйдүн кептерин,
Көкөтөйдөй кыргыздан,
Кимдер айтып кеткенин,
Көңүлүндө жаттаган.
Бирге жүргөн кишидей,
Бир сөзүн жаздым айтпаган.
Тың сүйлөгөн киши эле,
Тыныбектин Актаны.
Кайда барса кетирбей,
Калк үйүлүп жатканы.
Калк түгүл, кара чымын жок,
Кабар алар ыгым жок.
Кара жердин алдында,
Кала берди баштары.
Эмгекке өлүм жок экен,

Элимде калды жазганы - деген саптары менен Актан атанын артына калтырган эмгегин эстейт.

Калмак менен кармашып,
Кайра тартып арбашып.
Кытайга тиши кычырап,
Кыйла жоого учурап.
Кыжырланып кыргыз бет алганда,
Калуучу эле далайдын сөөгү бычырап.

Уйгурду уйпалап,
Урушкан жерин куйкалап,
Карылары жол баштап,
Баатырлары кол баштап... – ар бир сууга бирден кишиси бек болуп, бегинин сөзү элине эп болуп, Алатоонун арасын жердеп, ар бир урук – ар бир сууну эзлеп, жогор жагы Ала айгыр, Сайкөл болуп, туура жагы Алай, Саркол, Какшаал болуп, чыгыш жагы Текес, Куяш болуп, батыш жагы Анжиян, Талас болуп, Чүй, Ысыккөл, Тяньшандын арасында – көңүлдөнгөн жерлерине көчүп-конуп жүрүшкөн. Ушул учурда Аалыкенин уулу Табылдынын жашы жыйырма сегизге чыгып, жалтанбаган эрендерди жанына жыйып, Атбашы, Нарын жердеп туруп, алыскы элдер атагын угуп, эл уулунан бөтөнчө эр аталып, өзү теңдүү өспүрүмдөн шер атанып, мал жыйбай, эл жыйып, башка улутту эл кылып, Кашкардын ханы менен катышып, Кокондун ханы менен конушуп атып, Аксы, Турпанды аралап, алыска күчүн чамалап, Аалыкенин уулу Табылды баатыр дейт деп, атагы алда кайда сабалап турган кези. Алыскы сапарга барып, ар уруудан азын, көбүн олжо алып, бир жарым ай чамасында Жанбулактын талаасындагы өз айылына келип түштү. Табылды алыскы сапарынан келип, айыл аймагынын амандыгын көрүп, азын-көбүн олжолорун үлөштүрүп бөлүп, үмүттүүлөрдү куру койбой жайлап, үйүнө түшүп, мамыга атын байлап, эл-журт, катын-бала, карыжаштардын амандыгын сурап отурду. Эл эсен, журт аман. Аалыке баатырдын гана оорусу салмактуураак болуп, эки-үч күндөн бери кыйналгансып турат деп, Табылдынын агасы Алымбек сөз салып отурду. Табылды барып, атасы Аалыке баатырды көрүп: "Абалыңыз жакшыбы, ата?"- деп сурады. Аалыке башын жаздыктан көтөрүп, барса-барса жөтөлүп, ал тарапты жал-жал карап: "Табылдысыңбы? Ээ-ээ, мына мен эми айыктым, балам"- деп, жатып калды. Табылды бел чечпей карап отуруп, тан сүрө атасы Аалыкени кайтпас сапарына узатты да, эл-журтуна, ал тургай энеси Кашым байбичеге да сыр билдирбестен, эки жакка: "Кабар жетээри менен жалпы көчүп, Куланактын талаасына барып конгула, атам айыгып калды, жаңы журтка барып, жалпы түлөө кылабыз"- деп, киши жиберди. Таң ата Алымбектин Актуяк деген атына сөөктү өнөрүп алып, элден мурда Куланактын талаасына барып, көчтү күтүп отура берди Табылды. Бир оокумда чубуруп көчмөндөр, көчтө көз кайкыткан малдар келип, көпчүлүк тартып конуп, калың тууган катар тизилип өкүрүп, туш-тушка кабар берип, тууган-урук Аалыкени ат чаап коюшту. Кур байгесине жыйырма байтал, бир төө сайып, Төлөмүштүн уулу Карасарттын Тайгашка деген аты чыгып, байгени алды. Бул чоң ашты Актан Тыныбеков 1813-жылы болгон деп жазыптыр. Ал эми аш Ормон хан өлгөндөн кийин берилген деп, эл оозунда айтылып жүрөт. Андай болгон соң Ормон хан 1855-жылы өлгөн экен. Менин болжолум-

да, Аалыке баатыр 6 жылдан кийин өлсө, демек, 1861-жылы болот. Эки жыл ашка даярдык көрүлсө, Аалыкенин ашы 1863-жылы өткөрүлгөн. Буга Арстанбектин ашта жар чакыргандагы ыр саптары далил:

Агабыз баатыр Ормондон,
Алышкан душман кор болгон.
Эрегишем дегендин,
Эчени келип сомдолгон.
Акырет кетти агабыз,
Ажалы туура болгондон.
Төрөгелди, эр Адыл,
Арбагы журттан чоң болгон.
Жантай, Субан баатырдын,
Жакын элге иши оң болгон.
Агасынын ашына,
Алар келди Кочкордон.

1861-жылы өлгөн Аалыкенин ашын 1863-жылы бермек болуп: "Атам Аалыкенин ашын кыргызда жок санатты кылып беремин"- деп, камына баштады. Ушул жылы жаз алды менен эле Тооруксайдын талаасына үч жүз олпок кап буудай (бир олпогу он бут болот) айдатты. Жанбулактын талаасындагы Аалыке арыкка элүү олпок кан таруу айдатты. Элүү саан уй, элүү союш кой берип, жыйырма түгүн кишиге бул эгиндерди бактырып салды. Эл арасынан отуз чебер, он балбанга сексен саан уй, кырк торпок союш, кырк саан бээ берип, Атбашынын токоюнан үй жыгачын жасата баштады. Ошондой эле жыйырма беш үйлүү кырмачыга теректен табак кырдырды. Бирок кырмачылардын мурдагы кырган табактарын Табылды эки сапар жара тээп, кыйратып салган. Себеби, бул табактарың кичине болуп калды. Табактын эң аягы жети карыштан болсун деп, терек-терди он төө, кырк өгүзгө кошо жүктөтүп, алып келип, кырмачылардын жанына үйдүрүп салган. Эл арасындагы колунан көөрү төгүлгөн уздардан сексен аялга ар бирине үчтөн үйдүн боочу, жабык баш, тегирич түтүгүн кылдыруучу төрүн жыл маалына чейин басып бүткүлө деп тапшырган. Жана жүз май каймак чанач даярдагыла деп, салык кылган. Ашка керек болот деп Табылды өзү Кегенге барып, карабашыл керик койдун тармал жүнүнөн жасалган эки миң ак кийиз алып келген болуучу.

1862-жылдын аягына чейин жыгачын тиктирип, үзүгүн үлгүгө салдырып, бычтырып, эки жүз элүү үйдү биринен бирин айра таанытыс кылып жаптырып, бүтүрдү. Аны менен кошо бир жүз элүү баштуу жыйырма бир көктүү, үч үзүктүү, эки үй жасаткан. Бул эки үйдүн бирин Аалыкенин тулуп салган үйү болсун жана бирин кыргыздын ар уругунан келген аксакалдары жана баатырлары кирсин деп арнап, коюлган эле. Ал эки чоң үйдүн жанына кош чатыр жасаткан, кыдырата отурганда сексен киши менен батып отургандай болсун деп. Ал чатырлар көк, кызыл манаттан оюу бастырып, жезден түркүк кылдырган. Мурунку жылы кырдырган эсепсиз көп табактарды жарылып кетпесин деп, майга кайнаттырып туруп, кийизге оротуп, таңып



салган эле. Чечтирип көрсө, капкара болуп, темирдей катып, кургап калган экен. Бул сарамжалдардын баарын тейлеп, көрүп болгондон кийин, 1863-жылдын жаз айынан баштап, кыргыз элинин бардык жерине жана башка кишилерге кабар берип, туш-тушка киши жиберди. Муну менен катар Кашкардан Сыдыкбек датка, Абдылдабек датка, Атамкул бектерге киши жиберген. Анжиян тарабынан Койчу датка, Алымбек даткаларга киши жиберген эле. Элди чакыргандагы болжолдуу убактысы мындай болду:

"Мен Аалыкенин уулу Табылды жалпы кыргыз уулун жана айыл башчы аксакалдарын күтөмүн. Атам Аалыкенин ашына 1863-жылдын баш оона айынын он бешинде келип, жыйырмасында таратууларды болжолдоп, кат жазып, кабар берүүчү Табылды Аалыкенин баласы, эмдиги элдин Манасы, аш берүүчү жерим кең Нарындын бою, Ак-Марчанын ою. Көрөрүнөр Аалыкенин тою. Кыргыз уулуна кызмат кылсам деген тууганыңар, Табылдынын ою"- деп, кат жазган. Бирок, Анжиян, Кокон бектерине экиден тулпар жабдуулап, экиден шумкар жагоолоп, Табылды өзүнүн агасы Алымбекти жиберген. Кыпчак туугандан Мааразык датка, Карабагыш туугандан Койчу датка ушул алдыңарга барган Алымбек байдан калтырбай, жүз кыпчакты жүз бычагы менен жибериңиздер деп, кат менен катуу тапшырган болуучу.

Алымбек Анжиян, Коконго барып, жүз төөгө күрүч, ун, он беш төөгө тамеки жүктөтүп, узатып жиберип, хан тартууларын алып, бир катар учурашып, Табылдынын жазган каттарын берди. Кокондун каны Малакан Алымбекти эки түнөтүп, тогуздан сарпай кийгизип, кылыч байлап: "Табылды мырзанын болжолдуу күнүндө кошумчабызды алып барабыз"- деп, кат жазып берип, жакшы ызаат-урмат кылып узатты. Мааразык, Койчу даткалар тобурчагын мингизип, торкодон тонун кийгизип, жүз кыпчагын Алымбекке кошуп берип узатты. Алымбек жүз кыпчакты ээрчитип алып, теке айынын жыйырма бешинде айылына келип түшүп, кыпчактарын коноктоп жата берди.

Табылды алыскы элдерге кабар жиберип коюп, жакын арадагы коңшулаш туугандарга ынтымак сурап, мал союп чакыра баштаган. Черик элинен Карымшак бий, Орус бий, Мажур бий, Эшимбек бийлерди чакырды эле, алар: "Конок киргизгениңе эки жүз элүү үй берели" –деген жооп айтышат. Анын артынан моңолдордун Балачы, Кичине баатыр, Шайдылда, Түлкү, Байкуш бийлерди чакырганда, булар дагы "эки жүз элүү үй берели" деп тараган. Андан кийин тынымсейит уругунан Бактыгул, кабак туугандардан Эшим, Сейит бийлерди чакырганда, алар да эки жүз элүү үйдү көчүрүп келип, тигип беришти. Бул үч урук элден жети жүз элүү үйдү кошуп, бир миң аппак үйдү кыркалекей тигип салып, так орто жерине жүз элүү баштуу чоң ак үйдүн бирин, эки чоң чатырды кошуп, тиктирип койгон. Аңгыча Сарык баатырдын кичи катынын балдары Атабек, Матай, Нусуптар: "Тарагайдан көчүп, агабыз Аалыкенин ашына конок алабыз деп келе жатат" -деген аңызды угуп, Табылды эки иригти куйкалатып, бир бээни жетелеп, эки атка кымыз жүктөтүп, Аалыке менен аталаш агалары Атабек, Атаке, Матай, Нусуптарды өрүлүктөп, алдынан утурлап, тосуп барат. Атбашынын Беш-Белчир деген жерине

көнгөн Атабектин үйүнө түшүп, эртең менен күн тие кирип барса, манап кыял Атабек төшөктөн тура элек, суналып уктап жатат. Табылды тизе бүгүп, олтура калып: "Келе, жеңе, даам ооз тийгиз, аттанамын" -дейт. "Жок, айланайын, уул, казан асайын, биртике даам ичип кеткиле!"-деп, жеңеси Таана байбиче жооп бергенде: "Жок, жеңе, биз ээн-жайкын уктап жата турган бош эмеспиз. Өзүм башында ишим бар кишимин" -деп, Табылды эшикти бет алып баратып, бутун учкаштырып, суналып жаткан Атабектин төшөктөн чыгып турган бутунун беш манжасына – колундагы жоон табылгы чыбыгы менен тартып өтөт. Атабек дагы бутун солбубай жатып кала берет.

Ушундай сөздөр менен кичи катындын балдары Атабек, Атаке, Матай, Нусуптар кайра көчүп, Тараңайга кетишет. Сарык баатырдын улуу катынынын балдары: Айылчы, Баястандар Каната билдини буйла кылып алышып, агасы Аалыкенин ашын берүүгө бел байлап жатышкан болуучу. Жана Төлөмүштүн уулу Карасартты чакырып алып, Табылды: "Бул ашты сиз билип, узатыңыз"-деп, баш оона айынын биринде эле аштын бийлигин Карасартка берген.

Анжиян, Кашкары менен ары кыргыз ак калпак элдин баарысы ашка келээр маалы болду деп, Карасарт төрт тарапка төрт кишини бир күндүк жерге жол тостуруп койгон. Анткени: "Кайсы тараптан келаткан эл болсо да, аш үстүнө түз алып кел, өкүрүп келсе, киши башына бирден чепкен кийип чыгат" -деп, сөз арасында айтып койгула деген. Бул учурда эл алды болуп, тогуздун айынын он төртүндө жүз ирик кой, он төө, бээ, уй, он чатыр алып, катуу багыт Какшаал жеринен, калың черик элинен турган Келгин шаарынан ун, күрүч, мата чепкен, өрүк, мейизин төө, эшек, качырларына жүктөтүп алып, Ажыбек бий, Турдуке бийлер көчмөндүү көчтөй болуп, көнтөрүлө келип калышты. Анын артынан кенен Кашкар жеринен чоң багыш, нойгут элинен жүз ак чатыр, он ак өргөө жүктөп, жүз кара кашка топозду айдатып, алты капка Кашкардан мата чепкендүүдөн тубар, ункүрүч, өрүк-мейизи, жаңгак-жийдесин үч жүз эшек, эки жүз төө, жүз качырга жүктөтүп, коңгуроосун каңгыратып, кош убак шыңгыратып кербен көчкөндөй, келин узаткандай болуп, Сыдыбек датка, Койчу датка, Абдылдабек миң башылар дарчыларын алып келип түшүштү. Мунун артынан Ош, Анжиян жеринен Жазы, Көкарт белинен, Карабагыш-кыпчак элинен, адигине, мунгуш көчүнөн он аргымак үртүктөнүп, отуз калы килем, элүү чатыр жүктөтүп, он нарга шуру арттырып, керней, сурнай тарттырып, Алымбек датка, Койчу даткалар жер жайнаган калың эл менен шаан-шөкөт кылып, келип түшүштү. Булар менен удаалаш Кокондон Малакан, Мааразык датка, Атамкул даткалар сексен атка башайы, жыйырма атка калың килем артып, отуз аргымактуу кээжимдерин бир миң беш жүз сар кердеми менен, доолбасы, чилдирмендерин чалып, тагырасын уруп, келип түшүштү.

Булар менен удаалаш Кетмен-Төбөдөн Дыйканбай баатыр, Жумгалдан Медет, Качыке баатырлар, Таластан Садыр, Үрүстөм баатырлар, кең Чүйдөн Жангарач, Чынгыш, Канат баатырлар, Эки-Кеминден Жантай,

Субан баатырлар, Көл аягы менен Кочкордон Төрөгелди баатыр, Адыл баатыр, Абдылда, Берик баатырлар, нар жагы Текес, бер жагы Ысыккөлдөн Зарыпбек, Боромбай, Муратаалы, Токсаба, Ногой, Жунус, Жанек, Алыбек, Балбай, Өмүр баатырлар ар кимиси ондогон төө, бээ, отуздаган кур ат алып келип, түшүп жатышты. Тогуз-Торо, Кабак жеринен Чоро, басыз Күрүчбай, тезек элинен, нар жагы кабак тегинен Карбоз, Жанболот, Келдибек, Осмон баатырлар, Калык кара көп киши менен келип калышты.

Анткен менен: "Мурда келген элдер Аалыке баатырдын ашына өкүрүп барып, киши башына бирден кызыл чепкен кийип чыгыптыр"-деген кабарды угуп, улам артынан келгендери түп көтөрө өкүрүп, канча киши болсо дагы бирден кызыл чепкен кийип чыгып атышты. Кайбир куу, шум кишилер аты-тонун буруп алып, эк-үч кайра өкүрүп барып, эки-үч кызыл чепкендүү болуп, маарып калышты. Бул ашка келген элдин баардыгы эле кызыл чепкен болуп жүргөнү өзүнчө жомок. Ушунчалык көз кайыган көп элди – бир миң үй, үч жүз чатырга киргизип, Табылды өзү гана күтүп, коноктоп турду.

Конокко арнап тигилген үйлөрдүн биринен бири айра тааныльгыс өкшөш, жууркан, төшөк, килем, шырдак, казан, тулга, аяк-табактары бирдей жетишип тургандан кийин, ар бир үй башына дайындалып коюлган бир эркек, бир аял тербелтишпей коногун жайлап турат эмеспи. Эпадам чеккендерге деп, үй сайын керегенин башына бир чанач насбай, бир бащтык тамеки чылымын илдирип койгон. Нанды кашкарлык жасап, күрүчтү турпандык демдеп жатышат. Дарчылар бийиктигин кырк кез кылып, дарын орнотуп, тегерете тигилген көп үйдүн так орто жеринде кызыл-тазыл кийинип, дагырасын чалып, чилдирменин кагып, сурнайын тартып, өз өнөрүн элге көрсөткөнү камынып калышкан.

Эл жапа тырмак келип бүтүп, ат өргүтүп алгандан кийин кыргыз калкынын ар бир суусун эзелеп жаткан жаяндарына учурашып, таанышып келүү үчүн алтымыш кур атка алты миң дейилдени жаптырып, алты миң жигитке коштуруп алып, Табылды, Карасарт ашка тигилген калың үйдүн ортосундагы түпөктүү көк найзанын учундагы делбиреген ак желек үзүгүнөн чыгып турган кызыл-тазыл чоң үйгө келип түшүштү.

Бул үйдө кимдер бар деп сурашканда, черик, чоң багыш, нойгут, карабагыш, кыпчак, адигине, мунгуш, тейит, кокондук, жазы, саяк, кулжыгач, кушчу, мундуз, солто, сарбагыш, бугу, моңолдор, тынымсейит, чоро, басыз ж.б. уруулардын хан, баатыр, датка, бийлери болуп, жалпысынан кырк сегиз киши эле.

Кырк сегизин бирден киши коштогондо – баары токсон алты болмок. Ак үйгө салынган аюу талпак, аруу көрпөлөрдүн үстүндө жатып-туруп, кенен-кесири отурушкан. Уруулардын жакшыларына Табылды, Карасарт кирип келип, салам айтып, кол берип учурашып, алып келген Аалыкенин ашынан мүчө деп арнаган алтымыш ат, алтымыш дейилденин жөнүн баяндашты.

-Ырakмат, Табылды мырза, агаларыңдын алдына жол-жосунуң менен жакшы келипсиң -дешип, кай бирлери жооп кайтарып: -Талаа жери кең жер, улуу-кичүү тең жер деген экен-деп, алкап жатышты.

-Агалар, бул сапаркысы жүз көрүшүү. Агаңар, ары курдашыңар Аалыке баатырдын мүчөсү аш тараганда – улуулар улуудай, улуктар – улуктай узаарсыңар, баатыр акелер-деп, Карасарт сөзүн бүттү.

Табылды, Карасарт аттанып кеткенден кийин баатырлардын ар кимиси Табылдынын жүрүш-туруш эрдигинен сөз чубуртуп олтурушту. Анда Чон баатыр мындай деп сөз салды: "Бул Табылдынын жашы азыр так отузда. Бирок, мунун кабарын кыргыздын далай жери укту. Бул бала жыйырма жашында эле кырк жигитим бар деп, ар бир элден чыйрак балдарды чогултуп алып, жоо жарагын үйрөтүп, жортуул жайын көрсөтүп, аты-тонун аябай, мал көзүнө карабай, берешен чыкты. Анан эле элөөрүп жүрүп: "Кашкарды чаап аламын"-деп барып, анын Артыш деген кыштагын чаап келатканда бул отурган Сыдыбек, Койчу баатырлар жолун тосуп туруп, Абдылдабек миң башы менен акыреттик дос кылып, кырк качырды жүктөп, Табылдынын олжосуна берип, артыштыктарды соогатка сурап, жерине кайтарышкан. Ошондон бери алар менен кол үзбөй катышып жүрүшөт. Андан кийин Келгинди чаап, мал-жайы менен чогуу айдап келатканда, бу отурган Ажыбек баатыр кудалашып, узаткан экен-дегенде, Ажыбек баатырдын айтып турганы: "Атып салайын деп, Карабаранды үч сапар бетиме алып, мандайын жара, кармай берейин деп туруп –Ээ, койчу, кыргыздын серендеген чыйрак баласы экен, жүрө берсин, Келгиндикти талашып, бир тири карак баласын майып кылгандан табарым не, кой, анткеним болбос"-деп аягамын. Аны бугулар: "Ажыбек коркуп кудалашкан"-деп алышыптыр, ошондо эки келгиндини он төөнүн жүгү менен олжосуна берип, үч жүз сексен үйлүү келгиндини мал башы менен жерине кайтаргамын"-деди.

Чон баатыр кайрадан сөзгө кирип, Төрөкелди баатыр менен Табылдынын кудалашканынан баштады: "Анда да Төрөкелди жүз киши менен кыштын күнү Долондун белин ашып, Эки-Оттуктун капчыгайынын карын бузуп, жол салып, Нарындын кары шилеме болуп жатканда, ушул аш берип жаткан Ак-Марчадан Табылдынын агалары Жекенусуптун жылкысына тийип алганда, Табылды Төкөмдүн артынан жалгыз кууп отуруп, жылкысын аман ажыратып, алтымыш кишини колго түшүргөндө"-деп, сөзүнүн аягына чыга электе, Төрөкелди баатыр: "Ой, Чон баатыр, сен коё турчу, анда мен жаш немени көңүлү өссүнчү деп эле беттешпей жүрө бергемин. Ырас, кийинчерээк сүйлөшүп, кудалаштык. Эми, ошондон бери бири-бирибиздин оозанганыбыз -- чаап-алып кеткенди коюп, кыргыз уулу бир ынтымакта болуп, башка элди жоолайлы деп, Табылды баарыбыздын башыбызды кошуп, атасынын ашына чакырып отурбайбы"деди.

"Түкөм ырас айтат, кыргыздар жортуулга бараарда бири-бирибизге кабар берип, бизден да киши алып, кенеш менен аттансак жакшы болор эле"-деп, Алымбек датка айтканда, элдин баарысы: "Туура, туура датка-

нын сөзү!"-деп калышты. Бирок ал жерде балан жердин элин жоолайлы деп макулдашышкан жок. "Деги эле ошондон соң, кыргыз эли биринбири чаап алышууну койгон эле"-деп, карылардан кеп кеткен болчу.

Чон баатырдын жогорудагы сөздөрүн угуп, кудалашкан, достошкондорунан Табылдынын аныс баатыр экендигин толук түшүнүштү. Аңгыча эле кыналган боз ат миңгизип, кызыл дейилдени кийгизип, кадимки атактуу акын Арстанбекти аксакалдарга учураштырып, Карасарт, Табылды келип:

-Ээ, Арстаке, кыргыздын кимден тарап келгендигинен жана кыргыз тобу биргелигинен айтып, элге саламдашыңызчы?!-дешти. Анда Арстанбек акын кызыл дейилдени коломоштонтуп, канылыгын боз атка кыя тартып бастырып, күмүштөгөн өрүк комузду колуна алып, коңгуроодой күү чертип, күкүктөй үнүн чыгарып, булбулдай кызыл тилин кайрап, мындай деп ырын баштады:

Ассолому алейкум,
Ак калпак кыргыз балдары.
Анжиян, Кокон, Кашкардын,
Алтын так минген хандары.
Атабыз Кошой, Манастай,
Ааламга кеткен арбагы.
Ар бир сууда жаяндар,
Алтындан оор салмагы.
Арстанбек келди силерге,
Амандашып алганы.
Анжиян, Кашкар, Алатоо,
Аман-эсен жатабы?
Элимдин айыл-апа аймагы?
Атабыз Шайкы Мансурдан,
Анал, Минал бир тууган.
Аларды шейит кылган дейт,
Абалкы өткөн бир заман.
Даргага асып өлтүргөн,
Дайынсыз болгон ушактан.
Өлсө да үнү басылбай,
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Айтып үнүн узаткан.
Баланын үнүн басууга,
Башын чаап ташташкан.
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Денеси жок баш жаткан.
Күйдүрсөк үнү чыкпас деп,
Алоолонтуп от жаккан.
Өрттөлүп күйүп бүтсө да,
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Жалын учкун, күл жаткан.

Дайрага күлдү салганда,
"Анал да ак, мен да ак" деп,
Ансайын айтып бараткан.
Нечен күнү, нечен түн,
Таңыркап ар ким карашкан.
Имерилип иримге,
Токтолгон көбүк зар айткан.
Кырк кенизек кез болуп,
Кыдырата жөлөшкөн.
Таттылыгы ушундай,
Даамын көрүп талашкан.
Амири менен алданын,
Амийла болгон курсактан.
Кош бойлуу болгон кырк кызды,
Казаптап падыша айдаткан.
Быябан алыс бир тоого,
Желдеттер айдап кырк кызды,
Жеткирип барып ташташкан.
Ошол кырк кыз энебиз,
Кайыптан болгон денебиз.
Өскөнбүз жалаң тоолордо,
Ошондон бери келебиз.
Кыргыз деген атакты,
Ошондуктан билебиз.
Ак калпак кыргыз аталып,
Атак алып жүрөбүз.
Андан бери келгенде,
Атабыз Бакай, Манастан.
Казат кылып Кытайга,
Калк намысын талашкан.
Кыргыздын эли бет алса,
Кытайдын элин караткан.
Кыраан Манас кайран эр,
Кырчылдашкан душманга,
Кыргын салып жадаткан.
Эрдик кылып кайран эр,
Нечен чилдей тараткан.
Акырет кетти акыры,
Айбалта тийген жаратган.
Оопасы жок дүнүйө,
Ошентип өтүп бараткан.
Жалган десең сөзүмдү,
Окуп көр, тарых-кагаздан.

Андан бери өтүптүр,
Алда канча атабыз.
Ар урукка бөлүнүп,
Ар бир сууда жатабыз.
Жазылып кеткен тарыхты,
Жашырып кайда катабыз?
Түбүбүз Түрктүн баласы,
Түгөл кыргыз далай жан.
Узун кулак Мааты,
Уккандырсың кабардан.
Төрөлүптүр Долон бий,
Ушул Мааты атамдан.
Долон бийден эгиз дейт:
Ак уул, Кубуул – эки атам.
Ушул Акуул, Кубуулдан,
Оң, сол болуп таралган.
Көчмөн кыргыз балдары,
Көпчүлүгү алардан.
Баш кошуп, чогуу жүрбөйбүз,
Байыркы жакшы замандан.
Акуулдун тукуму,
Адигине, Тагайдан.
Моңолдор менен Мунгушту,
Наал эжеден болгон дейт.
Улама айткан кабардан.
Кубуулдун балдары,
Кушчу, Мундуз, Саруудан.
Жазы Сыяк тукуму,
Келиптир Нойгут ханынан.
Уга элек болсоң бул сөздү,
Үйрөнүп ал агаңдан.
Ишенбесең сурап көр,
Малакан, Койчу ханыңдан.
Черик менен Коңурат,
Наал эжеге табылган.
Жору деген тууганды,
Алыптыр Кокон ханыңдан.
Адигине атамдын,
Мергендиги барынан.
Тарыхтын сөзүн таштайын,
Так ушерде отурган,
Баатырлардан баштайын.
Алабарман ырчыдай,
Акылымдан шашпайын.
Алптардын баш кошуп,
Келгенинен айтайын.

Азыркы турган бул жерде,
Көргөнүмөн айтайын.
Атын атап эрлердин,
Жөн-жөнүнөн айтайын.
Баатырлар минген бариктен,
Бар шайманы келишкен.
Турдуке, Максут, Эшимбек,
Тулпарын байлап элирткен.
Катуу багыт Какшаалдан,
Кан Атабек келиптир,
Калың тууган Чериктен.
Алыс капка Кашкардан,
Атагы чыккан башкадан.
Абдылдабек, Сопубек.
Алты уруу элди башкарган,
Койчу датка келиптир.
Акимдикке такшалган,
Карабагыш, Кушчудан.
Чоң багыш, Нойгут журтунан,
Кудайберди, эр Чонтой,
Кең Алайдын бурчунан.
Келиптир Койчу чоң датка,
Кекенген жоого курчуган.
Кеменгер абам Койчунун,
Кеңешин укkан тың чыккан.
Адигине, Муңгуштан,
Анжияндык кыргыздан,
Акылы журтка жаккандан,
Акимдикке тургузган,
Алымбек датка келиптир...
(уландысы бар)

("Эркинтоо" гезити,
22-27-март, 2005-жыл)

Балбай Алагушов,
Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер,
музыка изилдөөчү

АРСТАНБЕК

Арстанбек Буйлаш уулу -- XIX кылымда жашап өткөн ак таңдай, ойчул акын, айтылуу комузчу, обончу, дастанчы. Ал кулактан кирип, бойду алган ырлары үчүн угуучулардан, өнөрлөштөрүнөн "акындын арыстаны, булбулу,

кара ырчы-санатчы, нускоочу" деген бааларга татыш, атагы ай чапчыптыр. Эл ичинде болсо Арстанбек жөнүндө: "Эки ийининде эки периште отуруп, сайрап турчу экен, өткөндү гана эмес, келечекти да болжоп айткан олуя, көзү ачык дааныпшман экен, комузу өзү күүгө келип, чертилчү экен" деген аңыздарды сыймыктануу менен муундан-муундарга өткөрүшө айтышыптыр.

Казактын залкар төкмө акыны Каңтарбай эмне себептен Арстанбек менен алым сабак айтышына түшпөй койгонун султанына: "Арстанбектин эки ыйыгында эки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып атыр ой"-дептир. Арстанбектин ырларындагы "Периштелер айт деди", "барбардигер кудурет", "Периште ишим оңдоду", "жаасы күчтүү жараткан" даарыган шайырдан экен. Ал чыгармачылыгында тубаса төкмөлүктүн, комузчулуктун, айтуучулуктун, дастанчылыктын, обончулуктун, күүчүлүктүн, аткаруучулуктун төрт тарабын төп келтире өнүктүрүптүр. Бирок, ушундай уламалуу шайыр Совет доорунун 1940-жылынан тартып, патриархалдык-феодалдык замандын ырын ырдап, күүсүн чалган "эскичил", "байчыл", "заманчыл" акын катары бааланып, колдо болгон мурастары "кара сандыкта" катылып, ак-карасы аныкталбай, бир беткей изилденип, калк арасынан чыгармалары жыйналбай, илимий жактан ар тараптуу иликтенбей, жыйнагы жарык көрбөй, көөлөнүп келет. Бийликтегилер Арстанбектин чыгармаларын канчалык тебелеп, тепсешип, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылышса да, калк арасында канаттуу ырлары ооздон-оозго көчө ырдалып, күүлөрү колдон колго өтө чертилип, жашоолорун уланта берет.

1990-жылдан тарта ачык айтып, ак сүйлөгөн акыйкаттуулуктун, маалымдуулуктун, эгемендүүлүктүн заманы келип, көмүскөдө калган Арстанбектей алп шайырлардын өмүрүн, чыгармачылыктарын жумурай-журтка болгонун болгондой жар сала айтып берүүгө, ар тараптан иликтөөгө жол ачылды.

1937-жылкы алааматта ак жеринен айыпталып, набакта каза тапкан мугалим Кабай Абдыракман уулунун атасынан (Дөөлөтаалы Молдодон), Муратаалы Күрөңкөй уулунан жазып алган Арстанбектин куран китеби менен кошо кийизге оролуп, жерге көмүлгөн ырлары алтымыш жылдан кийин табылды. Адабиятчы Батма Кебекова акындын жаңы табылган ырлары менен Академиянын кол жазмалар корунда сакталып турган бир басма табактай ырларын кошуп, баш сөз жазып, адабиятчы Тазабек Саманчиндин макаласы менен 1994-жылы "Арстанбек" деген ат менен басмадан чыгарды. Ошол эле жылы Б. Кебекованын улуу шайырдын өмүрүнө, чыгармачылыгына арнаган "Арстанбек" аттуу китепчеси да басмадан жарык көрдү. Мындай алгачкы саамалыктардын окурмандарга тартууланышы – Арстанбектин айланасындагы ар кандай талаш-тартыштарды ар тараптан иликтөөгө, көмүскөдөгү көптөгөн маселелерди чечүүгө, так эместиктерди тактоого жол ачты. Адабиятчы Б. Кебекованын мүнөздөмөсүнө кайрылсак, Арстанбек "өңү аксаргыл, кызыл беттүү, чарчы бойлуу, толмоч, көзү көгүшүрөөк, сейрек сакалдуу, көзү оттой жанган, жанын жай алдырбаган, өзгөчө жандуудан" экен.

Акыркы такталган маалыматтарга караганда, Арстанбек 1824-жылы эки Нарын ортосундагы Ийрисууда тынымсейит уругунан чыккан Буйлаш бийдин үйүндө туулуптур. Ал эки катын алыптыр. Байбичесинен беш, токолунан эки балалуу болуптур. Арстанбек бийдин Төрөкан деген токолунан төрөлүптүр. Башка эле эмес, дүйнөгө эсирген Буйлаш чолпондой эки уулу менен токолун, "сатса пулсуз, өлсө кунсуз" дегендей, салбар кылып таштайт. Ал кара алачыкта баш пааналап, чиедей жаш балдары менен жайлы-жайлай, кышты-кыштай жатакта калып, өчпөстүн шамын жага, өлбөстүн күнүн өткөрүптүр. Буйлаштын жети баласынын ичинен Арстанбек боорун жерден көтөргөн тың чыгат. Энеси салбар аталгандыктан, ал тоюна тамак ичпей, куур тон, жаргак шым кийип, койчулар менен тамакташ, акылдаш болуп, бакканы кой, алганы отун болот. Он эки жашынан баштап, комуз кармап, кыл тырмап, элдик салт күүлөрдөн черте, обон созо коюп, ышкысы ашынып жүргөндө түш көрөт. Аны атасына барып: -"Атаке, кой четинде, түндө жатып түш көрдүм. Кош еркөчү баладай ак төөгө минип алыпмын. Ак комузду колго алып, чертип жаткан экемин. Акдөбөнү тегеректеген казак-кыргыз калың эл черткениме тегиз ыраазы болуп, алкап, баталарын берип жатышыптыр"-дегенде, атасы ооз учунан: -Түшүң туш келсин! Зоболоң зор болсун!-деп, жорумуш этип, акырында: -Жамандын түш көргөнү да жаман, чыгып кет, салбар!-деп, үйдөн кууп чыгыптыр. Ага Арстанбек арданбай, кайра кыл аркандай чыйрала, намысына келип, атасынын жакшы көргөн жарынын (байбичесинин) балдарын уруп, кийимдерин тартып кийип, аттарын жыгып минип, кала берсе атасынын да жакшы атын мине качып, аш-тойлорду аралай баштайт. Кээ бир ырчыларды, комузчуларды көрөт. Алардан сабак алсам деп талаптанат. Тилекке каршы, "ойлогон ойду – кыстаган турмуш жеңет" дегендей, күнүмдүк жашоо турмуштун азабынан Арстанбек айылдан айылды кыдырып, айтылуу ырчылардан, комузчулардан таалим ала албайт. Тек гана табыйгат берген шыгын өз алдынча кой четинде, тели-теңтуштарынын арасында өнүктүрөт. Арстанбек "жигит шок болсун, шок болбосо жок болсун" дегендей, атасын кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылса да, ал шоктугун ого бетерден күчөтүп, эл оозуна: "Буйлаш бийдин бул салбар уулу өрт болот. Аман жүрсө эрке катындын балдарынын баарын сатат"-делип, алына баштайт.

"Балага ата сынчы" дегендей, атасы кийин Арстанбектин кандан-бектен кайра тартынбаган өткүр, жылаңач төөнү бучкакка чапкандай курч сүйлөп, чыйрак өсүп келе жатканын, жемин бирөөгө жедирбегенин баамдайт да, күндөрдүн биринде жайлоону бирге жайлашып, кыштоону бирге кышташкан жан курбусу Айтымбет (Айтмамбет-түзүүчүдөн) деген айтылуу устага: "Тиги, биздин салбар токолдун уулуна (Арстанбекке) Кызырдын батасы аян берген белем. Ошого бир комуз чаап берсеңиз кантет?"-деп өтүнөт. Ал курбусунун сөзүн эки дебей, Арстанбекке боз үйдүн уугунан турнабайдай суурмалуу эң бир сымбаттуу комуз чаап берет. Буйлаш болсо Арстанбекти чакырып алып: -"Мына, жаман сага,

комуз. Сага берген энчим ушул. Кокус муну сындырсаң же кылын үзүп, же тепкегин жоготсоң, жаман энең менен өзүнө бир төөнүн отуну салынат!"-деп, комузду тапшырат. Арстанбек атасы белекке берген комузду түнүндө койнуна ала жатып, күндүзү колунан түшүрбөй, майда күүлөрдү маштап чертет, коштоосунда нөшөрдөй төгүп ырдайт, бара-бар ырсыз, күүсүз, комузсуз күнү да өтпөйт.

Күндөрдүн биринде Буйлаштын айылы көчөт. Арстанбек "мингеним өгүз, айдаганым кой болсо, кокусунан комузумду сындырып аламбы?"-деп, кара жанындай көргөн аспабын энесине таштап кетет. Жаңы конушка жеткенде, Арстанбек энесинен комузун сурайт. Бирок, ал жүктүн арасынан издеп таппайт. Аттанаарда алармын деп, чийдин түбүнө жөлөп коюп, унутуп калганын айтат. Ошондо Арстанбек сыр билгизбей: -"Кейибегин апа, комуз табылып калаар"-деп, кайрат айтып, коюн таштап, күнчүлүк жерден комузун издеп, бирде ыйлап, бирде томсоргон тоонун кечиндей томсоро жүрүп отуруп, чийдин түбүнөн комузун таап, энеси эркек төрөгөндөй кубанычка батат. Арстанбектин кой артында жүргөн балалык күндөрүн казак акыны Сүйүмбай кийин Арстанбек менен алымсабак айтышка түшкөндө: "Карагат, тикен аралап, колу-бутуң жаралап, кокуйлап козу бакканын, бий баласы болсо да, бийдин үйүнө батпаганын, сен салбардан туулган карыпсың"-деп, болгонун болгондой ырдайт. Бул болсо Арстанбектин атасынын аркасы менен алчандабай, катардагы карапайым адамдардай, жөнөкөй өскөнүн айгинелейт.

1840-жылдары Кокон ордосунун оң колу болгон Алымбек датка атайын саркерлерин жиберип, Буйлаш баштаган он төрт мыкчыгерлерди Анжыянга айдатып кетет. Өкүм куралтагы, өткүр сөздүү Арстанбек атасынын алыска айдалып баратканына жаны ачып, кошо барууну өтүнгөндө, Буйлаш: -"Сени ээрчиткендей биз, тойго бара жатканыбыз жок"-деп, Арстанбекти албай кетет. Айтканынан кайтпаган Арстанбек комузун койнуна катып, агаларынын кунандарынын бирөөсүн уурдап минип, тобокелге сала, жаштыгына карабай: -"Эмне болсо да бара көрөйүн"-деп, атасынын артынан Анжыянга аттанат. Буйлаш шериктери менен күндөп, түндөп жол жүрүп отуруп, Анжыянга барат. Алар набакка салынып, суракка алына баштайт. Дал ушул кездерде Арстанбек да Анжыянга жете барат. Бирок, ал атасын издебестен, Анжыяндын айланасында жашаган кыргыздарды кыдырып, ырларын ырдап, күүлөр чертип, жарптарын жазат. Күн өткөн сайын Арстанбектин атагы Анжыяндыктардын чар тарабына жайыла берет. Айтылуу шайыр барган кезде Кокон ордосун токсон боолуу өзбектин миң тукумдары негиздешсе да, бийлик бирде кыпчактарга, бирде өзбектерге, бирде кыргыздарга өтүп, мансап талашып турган учур экен. Ошол кезде Анжыянды кыпчактар бийлеп туруптур.

Күндөрдүн биринде: -"Аркалык бир комузчу бала келип, эл кыдырып, комуз чертип, ырдап жүрөт. Комузду укмуш чертет экен. Ырдаса булбулдай сайрайт имиш"-деген кабар Алымбек баштаган ордонун билермандары: Кулназар, Комчу, Атамкул, Мааразыкка (Мамразыкка)

жетет. Алар саркерлери аркылуу "Аркалык комузчу баланы" таап келишет. Ырчы, комузчуларын чакыртышып, Арстанбек менен беттештирет. Алардын ичинен Арстанбек менен Сарт акенин (Ысакандын) алым сабак чертиши курч мүнөздө өтөт. Арстанбек дутардын күүлөрүн комузда таңшыта чертип, Сарт акени жеңип, угуучулардын урматтоолоруна ээ болот. Айрыкча, Арстанбек бийлик кыпчактардын колунда экенин сезип, билермандарын:

Баракелди, эр кыпчак,
Саадактарың бир кучак.
Санжыргалуу кан кыпчак,
Мингендери тобурчак.
Шай колдогон эр кыпчак,
Жорголору жолдо өлгөн,

Саркерлери жоодо өлгөн-деп, алар "төрөлүк кылса – төө, бектик кылса – бээ", добулбасты (доолду) байлап, ат берерин, ал эми "Аркалыктын жакшысын кыйыгына тийгенде, кысырыктай матаганын" өзгөчө көтөрүңкү паанайда, мукамдуу обондо ырдаганда – даткалардын төбөлөрү көккө жеткендей болот. Алар жаш шайырдын түштүккө эмнеге келгенин билишип, айдалып келгендердин күнөөлөрүн кечишет. Ошондон баштап ырчынын атагы кыргыздын оң, солуна, кала берсе кабыргалаш жашаган казак элине да кеңири белгилүү болуп, булбул атанат. Набактан чыккандар Арстанбектин тапкан олжо-буйлаларын алышып, элине кайтышат. Арстанбекти Алымбек датка алып калат. Ал кан датканы пааналап жүрүп, Анжыян, Кокон, Маргалаң, Алай, Аксыны аралайт. Аш, тойлордо болот. "Мен ырчы, мен комузчу" дегендердин баарысы менен жолугушат, айтышкандары менен алым сабак айтышып, чертишкендери менен чертишип, залкар ырчы, комузчу аталып, алдына эч кимди салдырбайт. Ырларында Анжыян аймагы мөмөлөрү, жер-жемиштери төгүлгөн, берекеси мол болсо да, пулу жок бечаралар көп экенин, жармачтарынын көптүгүн, аш-тойлордо аздап мал союларын, күрүчтөн табак көтөргөн күймөлгөндөр арбын экени, тилекке каршы, жазгы кара жамгырдай нөшөрлөнгө сабаган ашкере ырчы, манасчысы пас болорун ырдайт. Арстанбек 1830-жылдардан тарта Кокон бийлиги кыргыз жергесинде өкүмдүк менен күч алганын "Кокон бийлиги жөнүндө ыр" аттуу ырында кыргыздардын тегереги темирден таркан тор, "түшкөн жери кыргыздын кырк кулач терең ор", көчмөндүү эл "көк чапандуу сартка кор" болгонун, эр азаматтардын, жалпы эле калктын мойнуна оор салыктар салынып, "короодон тандап койлорун", "алымына аттарын", "олпоң" деп, эгиндерин алуу менен беш көкүлдүү кыздарды олжолоп алганын жанын ачыта, мындана ырдайт. Айрыкча, Кокон Ордосунун Малалы-ханынын, өкүлү Мааразыктын куулугун, жүргүзүп жаткан саясатын айтып келип, кала берсе:

Кокондук алды көлүндү,
Кокуйлатты элинди.

Көлдүн башын сарт алды,
Көкүрөктү дарт чалды-деп, кокондуктар көлдүктөрдү да кокуйлата эзип, кордуктарды көргөзүп жатканын ызалана ырдайт.

Арстанбек Кокон хандыгында урмат-сыйга бөлөнөт, чоң олжо менен элине кайтат. Энеси салбар деген аттан кутулат, тең укукка ээ болот. Көл өрөөнүндө Арстанбексиз бир да той, бир да аш, бир да чоң жыйын өтпөйт, жаш шайыр ырдан да, комуз чертүү жагынан да эч кимге алдырбайт жана камчы салдырбайт.

Ар тараптуу шыктагы шайырдын чыгармачылыгына өз көзү менен көргөн, өзү күбөдөр болгон Кокон бийлиги, бугу менен сарбагыштын чабышы, казактын Аблай-ханынын – Талас, Чүй өрөөндөрүнө кол салышы, Ысыккөлдүк кыргыздардын Россиянын карамагына өтүшү, колониячыл бийликтин орношу өтө күчтүү таасир этет. Ал бугу менен сарбагыштын чабышында мүйүздүү эненин тукумдары баштары бапан, аяктары сапан боло сапырылып, чилче тараган кайгылуу тагдырларын сөөктөн өтүп, чучугуна жеткендей мындуу обондо:

Элибизден ажырап,
Элик болуп турабыз.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болуп турабыз.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болуп турабыз-деп ырдаса, орустардын ак падышасынын колониялык бийлиги орнойт деген кабарды угары менен орус келет дегенден – зарлап ырдай баштаганын айтат да, айтылуу "Тар заман" аттуу тарыхый көлөмдүү ырын чыгарат. Ал өзгөчө жүрөктү өрттөгөн мындуу обондо, комуздун коштоосунда ырдалат. Автор ырында падышалык Россиянын басып алгычтары кыргыз жергесине кара тумандай каптап келе атканын:

Алда кандай, капырай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр-ай.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр-ай!
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр-ай-деп кабарлайт. Бир эле мезгилде акын бытыраган кыргыз урууларын бир биримдикке, бир кандыкка баш кошууга чакырып, кыргыз аттуунун баарысын бир кишидей баскынчыларга каршы турууга үгүттөйт. Бирок, кыргыздар абу дешкиче, падыша өкмөтүнүн жоокерлери кыргыз жерин басып, элин талап, көрбөгөн кордуктарды көргөзүп, тартпаган азаптарды тарттырганын акын ырында укандардын көз жашын көлдөткөндөй көркөмдүүлүктө таамай сүрөттөйт. Кыргыздардын үч уктаса түшүнө кирбеген жаңы көрүнүштөрдү ачык айтып, ак ырдайт. Алсак, ал байыркыдан барк, каада-нуска нарк кетип, шарият менен иши жок заман келерин, этеги жок,

жеңи жок кийим чыгарын, кыз он бешке чыкканда энесине баш бербей, боюн күүлөрүн, элечегин булгалап, зайып чыгарын, короодогу айдаган кой азаярын, журтта ургаачы көбөйөрүн, куран жатып, кат жүгүрөрүн, эки агайын бир тууган акы алышарын, араба, чанага түшүп, зым аркылуу сүйлөшөрүн, алтын, күмүш теңге жоголуп, кагаз акча чыгарын, устаранын мизиндей оодарылган дүнүйө болорун, падышалык бийлик кыргыз элин башка чапса былк этпес, өлүк кылганын зар ката:

Ушу заман – тар заман,
Азуулуга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманың келди жакындап,

Тайган иттей такымдап-деп, муңкана ырдайт. "Тар заман" алгачкы ырдалышынан калктын калың катмарына тарайт. Ал ооздон-ооздо көчө ырдалат. Айрым эл бийлеген билермандардын бири "Тар заманды" укканда: "Арстанбектин тилин кесип, көлгө салуу керек"-деп, элге жарыя салат. "Анткени – келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын оозунда болот. Эгер Арстанбек өлсө, анын айткан заманы келбей калат" имиш. Бирок, эл андай бузукунун тилине кирип, акынга кол көтөрбөстөн, кайта аны "булбулум" дешип барктап, атагын ай-асманга көтөрүшөт. Арстанбектин ырчылыгы, төкмөчүлүгү, обончулугу, комузчулугу жөнүндө калк арасында ар кандай аңыздар айтылат. Арстанбекти өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен ырларын, күүлөрүн укkан Талип Молдо: "Мен келсем, эл үйдүн ичи-тышын бербей, толуп чыгып кеткен экен. Отургандар Арстанбекти "мырзам, тамашаңыздан сала отуруңуз" деп, жаалап калышты. Арстанбек "Тар заман" деген ырынан баштады. Кары, жаш дебей отургандын баарын ыйлатты. Анан ыйлаган элди сооротуп, кайта каткыртып күлдүрдү. Бир кезде кара нөшөр жамгыр жаады. Үйдөн орун тийбей, тышта отургандар төөнүн комун, кап, кементай жамынышып, уга беришти. Кызып алган Арстанбек ырын бирде ошол кара жамгырдын нөшөрүндөй төгүп, күн күркүрөгөндөй удургутуп, бирде чайыттай ачык асмандан тийген күндүн илебиндей ырдап, элди жылытып отуруп, кызыл күүгүм киргизди. Жыйналган эл Арстанбектин ырын угуп отура берип, өрүштөгү малы эстеринен чыгып кетсе керек. Арстанбек ырын токтотуп: "Кеч кирди, эми малыңарды тейлеп алгыла" деген кезде гана эстерине келип, ырга маашыр болгон эл кынжылып, зорго тароого бет алды.

Мурун далай эле ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок, ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок"-деп, (караңыз: "Арстанбек". Ырлар, Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1994, 146-бет) эскергендей, Арстанбектин чыгармачылыгында обончулук да, төкмөчүлүк да, кайталангыс аткаруучулук чеберчилик да, комузчулук да күчтүү өнүгүптүр.

Автор "Тар заманында" кыргыз жерин, элин колониялаган падыша өкмөтүнүн зомбулугун, көрсөткөн кордуктарын ташка тамга баскандай алдын ала ачык айтат. Баяндын эң негизгиси идеялык багыты элдин улут

эркиндик талабына багышталыптыр. Ошонусу менен Арстанбек -- Арстанбек аталыптыр. Ал "Тар заманды" өмүрүнүн акырына чейин ырдап, замандын агымына жараша оңдоп, ашыкчаларын алып, кошумчаларын кошуп, жетилтип, көркөмдүүлүгүн арттырып, байытып келген. Бирок, Арстанбектин көзү өткөндөн кийин ыр бурмаланып, сабактарына сабак, сөздөрүнө сөз кошулуп, жамачыланат. Ошентип, бизге болсо "Тар заманды" алгачкы түп нускасы эмес, тек гана оңдолгон кыска үлгүсү келип жетти. Арстанбектин "Тар заманын" кандай гана багытта, кандай гана өңүттө карабайлык, өз доорунун ырдаган тарыхый улуу чыгарма катары бааланат.

Адабиятчылардын аныктамаларына караганда Арстанбек нускоочу акын. Ал байыркы айтыш жанрынын баштоочуларынан да болуптур. Акын айтыштарын өзүнө мүнөздүү обондо, ыкмада, көркөмдүүлүктө, сабалата төгүп, сөздөрүнүн өткүрдүүлүгү, курчтугу, куйкумдуулугу менен атаандашын бурчатпай, чалак чапкандай кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылчу экен. Алсак, Арстанбек казактын ак таңдай акыны Каңтарбайды сурак сала ырдай баштаганда эле, Арстанбектин ырынын күчтүүлүгүнүн сүрүнөн сүрдөп, а деп ооз ача албай, жыгылат. Ал эми жаактууга жаа бербеген бир дагы казак акынын алдына салдырбаган Сүйүмбай менен ит жыгылыш болот.

Жеңижок Нурмолдону, Эсенаманды, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кезинде Арстанбектин даңкын угуп, көрсөм деп, көксөп жүрүп, атайын Каркырага издеп барып, жолугушат. Жеңижок абалкы акындардын салтын улап, "Аманбы, абам Арстанбек, ааламга айттың далай кеп, нукура ырчы Арстандын, нуска сөзүн уксам деп" келгенин айта, өзүнүн башынан өткөргөн турмуштун ачуу, таттуусун баяндай ырдап, таанышат. Ал эми Арстанбек болсо: "Оо, балам, ырчы болсоң – сынчы бол, зөөкүрдү чабар камчы, дүлөйлөргө кулак, чөлдүү жерге булак, жесирлерге жөлөк, жетимдерге көмөк, жардыларга кешик, жармачтарга эшик бол" деген шекилдүү ак тилектерин айтып, элдин зарын зардап, санат сөздү сабап өтүүгө, чечендердин сөзүн, көсөмдөрдүн көчүн, комузчунун күүсүн термеле, манасчыны түнөп, кошокчуну кошуп угууга чакырат да, акырында: "Балам, нуска сөзүң кап, санат ырың сан, санжыра сөзүң саз болсун, калың кыргыз элине, кадырың артып, бак консун!-деп, батасын берет да: -Балам, кайрылып сени көрбөсөм, нуска сөзүм айта жүр, Арстанбекти көргөм деп, арткыларга айта жүр!"-дептир. Жеңижок Каркырада Арстанбек менен бир топ күн бирге болуп, Кегенге чейин барып, казактарды, көлдүктөрдү аралап, ырдап жүрүп, кетиптир. Жеңижок кетеринде Арстанбектин алдына келип, адамгерчилигине, ашынган акындыгына, ташкындаган комузчулугуна таазим кылып, узак ырдап коштошуптур.

Таластык айтылуу төкмө ырчы Чоңду да Арстанбекти атайын издеп барып, табышмакташып, алым сабакташат. Чоңду Арстанбекке ыр менен табышмактарды сабалатат. Арстанбек Чоңдунун жандырмагын ташка тамга баскандай так чечип: "Алдырып сага койбосмун, мен алышып жүрчү жолборсмун, жеңдирип сага койбосмун, мен жеңе жүрчү жолборсмун"-деп, жеңилбестигин айтып, Чоңду акынды таң калтырат.

Арстанбектин "Терме", "Санат", "Арман", "Керээз" аттуу ырлары элдик жана төкмө акындык салт ырларынын түрлөрүндө, үлгүсүндө, обонунда чыгарылса да, алардын ар бирине таандык ажардуулук, Арстанбекке мүнөздүү көркөм боёктордун көп түстүүлүгү, ойлорунда тереңдүүлүк, обондуулук туюлат. Автордун "Боромбайдын керээзи" аттуу керээз ыры көркөмдүүлүгү, кайталангыз жекечилдиги, тереңдүүлүгү, обондуулугу менен айырмаланат. Анда көлдүн атактуу журт башчысы Боромбай өлөр алдында калкын чогултуп: "Мал багып, бак тигип, жер казып, эгин айдагыла, дыйканчылыкка көңүлө, башыма коргон курбагыла, ашыма ат чаптырып, калың кара сойбогула"-десе, байбичесине: "Кара кийип тытынып, бетиңе тамга салба, башыңды жоолук менен бууп ал"-деп, керээзин айтып, коштошуп жатканда элдин баары бул эмнеси деп, айран таң калат. Ошондо Арстанбек колуна комузун алып, коштошуу мүнөзүндөгү мундуу күүсүн чертип, бир нече жолу кайрып, анан Боромбайдын Сарбагыш, Солто, Саяктын мыктыларынан кем эмес, көлдө сүзгөн кеме экенин, кул өлгөндөй көмүлбөй, бүтүн кыргыз эли чакырылып, сый-сыпаты, өткөрө чоң салтанат менен коюла турганын, калың бугу намыскөй эл экенин айта, мундана ырдайт. Ошондо кыраакы Боромбай ак таңдай акынга ыраазычылыгын билдирип, жылуу маанай менен жылмайып, өңүнөн нурун төгүп, бутун сунуп, уктагандай көшүлүп, дымы чыкпаптыр. Боромбай келбес жайга кетип баратканын түшүнгөн адамдар буттарынын учу менен басышып, жанына келишип, тизе бүгүшүп, баштарын ийип, үн-сөз жок коштошуптур. Эл аягы суюлган кезде Арстанбек Боромбайдын чекесинен сылап, колунан өөп, көзүнө жаш алып, "жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун" деп, кош айтышыптыр. Арстанбектин ыры болсо элдик чыгарма катары калк арасына тараптыр. Ал эми акындын өзү жөнүндөгү "Керээзи" биз укkан жана окуган "керээздердин" туу чокусу десек жаңылышпайбыз. Бул укkандардын тула бойлору дүркүрөтүп, жүрөктөрүн сыздаткан мундуу обондун коштоосунда айтылган терең маңыздуу "Керээзинде" Арстанбек кыл муруту жок, кылтылдаган шок кезинен акын атка конуп, булбул аталгандыгы, басып өткөн өмүр жолун, кимдер менен айтышка түшкөнүн, кимдер менен жолугушканын, кандай коогалаңдуу турмушка күбөдөр болгонун эскере, акын өлсө айтылбаган ыр, чертилбеген күү каларын, шум жалгандан бир да адам калбасын айтып келип, керээзинин соңунда азапка салган оорудан набыт тапсам:

Көзүм өтсө Солтобай,
Нуска сөзүм таштаба.
Жеткире айткын маанисин,
Кайран булбул сөзү деп,
Атында элим таанысын.
Айтылып калса калкымда,

Арстанбек неге карысын!-деп, шакирти чыгаан акын Солтобайга табыштаптыр. Залкар шайырдын бизге жеткен айтыштарынын, терме, санат, арманын, керээздеринин ж.б. ырларынын сөздөрүнө кара-

ганда, ар бир чыгармасы маңызына маңыз кошкон шыбыргактаган обондордун коштоосунда чыгарылганын туябыз.

Адабиятчылардын маалыматтарына караганда, ал "Кожожаш", "Эр Төштүк", "Бердикожо жалгызым", "Беш казак", "Чоро" аттуу дастандарды, алтурсун "Манастан" "Көкөтөйдүн ашын" да айтыптыр. Ошентип, ал чыгармачылыгында айтуучулукту ар тараптан өнүктүрүп, өөрчүтүптүр.

"Өзүм өрүк болсом, капкагым карагай болсо, куткунум кайыш, тепкеги терек, кылым ичегиден болсо – мен сүйлөбөгөндө ким сүйлөйт"-деп айткан комузга, Арстанбек жан киргизе кол ойнотуп, кооздоп черткен залкар устаттан да болуптур. Жогоруда белгилеп кеткендей, анын аспабы өз доорундагы шайырлардыкынан чабылышы, добушунун мукамдуулугу, чечендиги, тунуктугу, бийиктиги менен да айырмаланыптыр.

Арстанбек бир күн да, бир түн да ырсыз, күүсүз, комузсуз жашабаптыр.

Калк арасында калган маалымдоолорго, залкар шайырлардын айткандарына, адабиятчы Т. Саманчиндин жазганына караганда, Арстанбек беш жүзгө жакын күү чертчү экен. Алардын көпчүлүгүн элдик обон, айтым, залкар, дастан күүлөр түзүптүр. Ошону менен бирге өзү да ар кандай мазмундагы ондогон күүлөрдү чыгарыптыр. Арстанбек комуз музыкасында болгон жөнөкөй обон күүлөрдүн академиялык татаал кайрыктардагы залкар күүлөрдү чертүү, чыгаруу менен аткаруучулук чеберчилигин да ар тараптуу, көп жактуу өнүктүрүптүр. Ал кол ойнотуп, кубулжутуп черткен айтым күүлөрдүн да улуу устаты болуптур. Карамолдо, Ыбырай, Чалагыздар бул саптардын авторуна берген кабарларында, Арстанбек комузчулар менен чертишкенде буту менен да черттип жиберип, атаандаштарын жеңип алуучу экен. Арстанбек черткен элдик күүлөрдөн биздин күнгө чейин "Айган", "Мендирман", "Камбаркан" аттуу эски күүлөр келип жетти. Булардын баардыгынын тарыхтары таржымалдана чечмеленип, чертилиптир. Маселен, "Мендирман" аттуу күүнү чертердин алдында:

"Күндөрдүн биринде көзгө атар мерген, кептин жөнүн билген чечен, жоонун мизин кайтарган эр жүрөк Мендирман баатыр жалгыз өзү кезектеги жортуулга баратса, Эгиз баатыр деген эки жигит – Мендирманды көрүп: -Жалгыз немени жайлай койбойбузбу?-дешип, Мендирманга келишип: -Сен кимсиң?-дешет.

-Мен – Мендирманмын!

-Сен Мендирман болсоң аттан түш-дегенде, Мендирман:

Мен – Мендирман, Мендирман,
Сен экөөң өндүү эрдирмин.
Аламын деп турасың,
Мен, козу кочкор Мендирман.
Колум сынбай жеңдирбейм.
Карагайга –
Каршы чыккан бутакмын,
Балталасаң жоюлбайм.

Мен – Мендирман, Мендирман,
Атым чыккан эрдирмин.
Кылычтасаң өлбөсмүн,
Экөөңө атым бербесмин.
Алышаарга эр кайда,
Кармашаарга жоо кайда?
Мен да сендей эрдирмин.
Мен, козу кочкор Мендирман,
Козголбогон эрдирмин.
Каршылашкан душманга,
Кайрат кылган шерденмин.
Кармашып турган баатырга,
Кайра тартпас эрдирмин-деп, өздөрү келип катылган эки баатырды жыга чаап, аттарын алып:
Жолугаарга жолукпай,
Жолуң мындай катаарбы?!
Кылыч чаппай экөөнү,
Жайлап кетсем кантесиң?
Жалдыратып көзүндү,
Байлап кетсем кантесиң?
Баатыр болсоң сен экөөң,
Жалгыз жүргөн адамды,
Жалгыз атын сен алып,
Жабыр кылып таштаба!
Алыңа карай иш кылгын,
Болбос ишти баштаба.
Эгиз баатыр атанып,
Жер болгонуң канакей?
Мендирманга алдырып,
Эр болгонуң канакей?
Кайратың сынып артында,
Кайрылганың билдиңби?!
Кармашам деп, мен менен,
Минип жүргөн атыңдан,
Айрылганың билдиңби?!
Мен – Мендирман, Мендирман,
Мендирманды тааныгын,
Үйүңө жөө кетерсиң.
Мен – Мендирман баатырды,
Айта жүрөр бекенсиң?
Кылган иштин баарысын,
Кыябыңда жаттап ал.
Менин атым – Мендирман,
Кагазың болсо каттап ал.

Алышкан менен ар болбойт,
Алдырган жигит эр болбойт"-деп, ырдап келип, чертчү экен. Арстанбек баштап черткен "Мендирман" күүсү азыркы күнгө чейин комузчулар арасында ырдын коштоосунда жана коштоосуз кара күү түрүндө чертилип келүүдө. Арийне, чебер комузчу Чалагыз Иманкуловдун аткаруусунда узун сабак ыр менен коштолуп аткарылат.

Ырдын маңызына, окуялардын өнүгүшүнө жараша күүнүн жүрүшү, мүнөзү өзгөрүп, өөрчүп, угуучулардын көз алдына баатырдын жаркын элесин тартат.

Арстанбек элдик күүлөрдү чертүү, калк арасына жайылтуу менен бирге салттуу "Камбаркан", "Ботой", "Шыңгырама" аттуу күүлөрдүн нугунда, мүнөзүндө, үлгүсүндө өзүнүн "Ботойун", "Камбарканын" да жана алардан башка да ар кандай темадагы ондогон күүлөрдү чыгарыптыр. Алардын айрымдары биздин күнгө да келип жетти. 1922-жылы Нарындын Он-Арчасында жашаган комузчу Садабай Бабакандан К. Мифтаков Арстанбек черткен "Кер толгоо", "Камбаркан", "Мендирман", "Дүңгүрөмөсү", "Айганы", "Какмасы", "Кер өзөн", "Тили буруу", "Кой бөлөөрү", "Арманы", "Калыс ботою" аттуу күүлөрдүн аттарын жазып алат. Улуу комузчу Муратаалы элдик, өзүнүн жана башка шайырлардын күүлөрүн черткен тизмеге Арстанбектин "Айдарым", "Арманы", "Зар заманы" аттуу чыгармаларын аткарарын жазып калтырган. Ал эми 1928-жылы москвалык атактуу музыка изилдөөчү А. Затаевич Муратаалынын аткаруусунан Арстанбектин "Зар заман", Асанаалы Ошур уулунан Арстанбектин "Арманы" аттуу күүлөрүн нотага түшүрөт. Ушул эле жылы музыка изилдөөчү айтылуу Карамолдодон "Тар замандын" эркин баяндамалуу мүнөзүндөгү обонун төмөкүдөй:

Карагайдын башында,
Чыны болот дечү эле.
Ал чынынын четинде,
Зымы болот дечү эле.
Алты айчалык жолдордон,
Алты күндө сүйлөткөн,
Бу капырдын –

Сыры болот дечү эле-деген ыры менен жазып алган. Ал Карамолдонун аткаруусунда эркин, төкмөлүү баяндамалуу мүнөздөгү обондо ырдалып да жана өксүгөн, муңканган кайрыктардагы күү түрүндө да чертилиптир. Аталган чыгармалар А. Затаевичтин 1971-жылы Москвадан чыккан "Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору" деген жыйнагына басылып чыгат.

Арстанбектин ыр менен коштолуп чертилген, сүрөттөмөлүү күүсүнүн бири – "Эки ногойдун коштошкону" аттуу күүсү. Ал:

Керме, керме тоо,
Керме тоонун сары өзөн,
Туура суунун баары өзөн.

Оту, чөбү жок туруп,
Малы семиз керме тоо.
Жылтырканы, шыбагы,
Жылкы баккан бу дагы.
Шаркырап аккан булагы,
Саамалынын ынагы.
Кылдырап аккан булагы,
Кымызынын ынагы.
Үчкаркыра, Кощдөбө,
Эми бизге жок дөбө.
Арта салып кеткенге,
Ар кайсысын карачы.
Бетеге менен ыраңы,
Мал үчүн азык бу дагы.
Жамынчы болуп элиме,
Суктанат залим жериме.
Балдырканы билектей,
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей.
Үч-Алматы жерим-ай,
Кайран менин элим-ай.
Айтып энди нетейин,
Жаман көрбө, жерим-ай,

Кош, аман бол, кетейин-деп, өскөн, өнгөн Ата журтунун сулуулугун сүрөттөп келип, эли-жерин, залимдер тартып алганын өкүнгөн кайрыктарда өксүй чертип келип, ырынын соңунда:

Ак суунун башы дарыя,
Ак ала сакал карыя,
Сени – колдосун Жапар олуя.
Көк суунун башы дарыя,
Көк ала сакал карыя,
Жаман көрбө, жерим-ай,

Сени – колдосун Жапар олуя-деп, ак, көк ала сакалчан карыяларды Жапар олуя колдосун деп коштошуптур. Ырдын сабактарына, саптарына, ыргактуулуктарына караганда күү баяндамалуу, эстөө, эңсөө, кусалануу мүнөзүндө чертилиптир. Ал эми Арстанбек "Арман" аттуу күүсүндө Балбай баатыр тарабынан Сарбагыштын ханы Ормон өлтүрүлгөндө, бугу уруусунун талоонго түшкөнү, запкы тартканы баяндалат. Анда уюткулуу элдин бири Анжыянга, экинчилери Текес, Жылдызга кире качканы, Ормон хан өлгөндө, акылдан жаман шашканын, кырылганын, бакасы бала уктатпаган, балыгы жылкы сугартпаган көлдөн айрылганы, башка чапса былк этпес өлүк болгонун каныргын түтөтө күү кайрыгында шолоктотуптур.

"Тили буруу" аттуу күүсүндө орустар кыргыз жерине каптап киргенде заман куурулуп, бей-бечаралар, момундар баткактай жуурулганын, он кишиден бир адам он башы, жүз түтүнгө бир киши ыстарчын, жүздөн санап

он кылып, болуш шайлап чоң кылганын муңкана сыпаттайт. Автор "Зар заман" аттуу тарыхый күүсүндө "Тар заман" деген ырында айта албай калган оюн, калк башына түшкөн мүшкүлдүү турмушун дагы бир жолу зар ката баса баяндаптыр. "Сен дүйнөсүндө" болсо күн менен түндү камчылап, өтүп жаткан дүйнөдө нелер келип, нелер кетип, бири күйүп, бири өчүп турарын, шум жалганда эч бир жан калбасын күү кайрыгында толгогон.

Автор татаал кайрыктагы "Кер толгоосун" элдик салт күүлөрдүн үлгүсүндө чыгарыптыр.

60-жылдары Кочкордук белгилүү комузчу Самсаалы Алике уулу Арстанбектин "Кой бөлөөрүн", "Ыр күүсүн", өз доорунун жарчысы аталган улуу комузчу Ыбырай Туман уулу Арстанбектин "Ботою", "Сен дүйнө" аттуу күүлөрүн кыргыз радиосунун музыкалык редакциясынын алтын коруна жаздырышкан эле. Анда мен ошол редакцияда редактор болуп иштөөчүмүн. Самсаалы да, Ыбырай да Арстанбектин күүлөрүнүн биринин да тарыхын айтып беришпеди. Бирок, Арстанбектин күүлөрүн кимден үйрөнүшкөнү, ал кандай комузчу болгону жөнүндө тартынбай, билгендерин жаап-жашырбай, баяндап беришкен эле.

"Мен-деген эле Самсаалы карыя-Арстанбектин күүлөрүн устатым Кудайбергенден үйрөнгөм. А киши "Арстанбектей чыгаан комузчу чанда эле чыгат го деп ойлойм. Ал күүсүнүн күчү менен угуучуларды гана балкытпастан, күүсүнүн кайрыгы менен бактын башында отурган күкүктү да топ эттирип, жерге түшүрчү экен". Өз доорунда Арстанбек комуздан да, ырдан да эч бир шайырды алдына чыгарбаптыр. Ушундай атагы таш жарган шайырдын күүлөрүн мен да терең урматтоо, кадырлоо менен чертип жүрөм. Арстанбектин күүлөрүнөн абалкы доордун добушун угам". Ал эми Ыбыкем болсо: "Мен алгач Арстанбектин күүлөрүн чоң атамдан, кийинчерээк башка комузчулардын чертүүлөрүнөн да көп жолу уктум. Ал турсун төкмө ырчылардын ооздорунан ырларын да бир нече жолу эшиттим. Алар Арстанбектин күүлөрүн, ырларын аткарышында мемиретип, тула бойлорун эритүүчү экен. Арстанбек ушундай укканларды таң калтырган жез таңдай төкмө акындыгы, обончулугу, аткаруучу-ырчылыгы менен бирге абалтан калкыбыздын муундан-муунга өлбөс мурас катары айтылып келе жаткан "Кожожаш", "Бердибек", "Беш казак", "Чоро" деген элдик дастандарды айтып, жумурай журтка залкар айтуучу катары да таанылыптыр. Арстанбекти көргөн, билгендердин айтып кеткендерине караганда, ал дастандарды уюп укканда уккулуктуулукта, мукамдуулукта, өткөрө кызыктуу айтуучу экен".

Арстанбек ар тараптуу, көп жактуу шык менен бирге санжырачылыкты да өөрчүтүптүр. Ал элибиздин тарыхына, жерибиздин аттарына, Манастын ата-тегине ж.б. байланыштуу санжыраларды ыр менен айтуучу экен. Маселен, Арстанбек кыргыздын чыгышына, оң-солго бөлүнүшүнө карата:

Атабыз Шайык Манчурдан,
Айнал, Минал бир тууган.

Аларды шейит кылган дейт,
Абалкы өткөн бир заман.

Ошол кырк кыз энебиз,
Кайыптан болгон денебиз.
Өскөнбүз жапан тоолордо,
Ошондон тарап келебиз.

Долон бийден эгиз дейт,
Акуул, Кубул эки атам.
Ошол Акуул, Кубулдан,
Оң, сол болуп тараган-деген шекилдүү санжыраларды айтуучу экен.

"Мен бала чагымда деп айткан, Карамолдо бул саптардын ээсине – айыл аксакалдарынан Арстанбектей көзү ачык, ырчы, комуздун кылына жан киргизе черткен чермекчи сейрек кезигет"-дешип, тамшана айтышкандарын далай жолу уктум. Кийин комуз чертип, калк аралай баштаганымда Арстанбектин ырларын, күүлөрүн көп жолу угууга туура келди. Алардын айрымдарын көкүрөгүмө түйүп да алдым. "Тар заманын" комузумдун коштоосунда ырдап да, кийин аны кара күү түрүндө чертип жүрдүм. Күүлөрүнөн "Арман күүсү" менен "Зар заман шыңгырамасын" аткара баштадым. "Калк айтса, калп айтпайт" дегендей, чынында эле Арстанбек калк айткандай, кадырлагандай төкмө, обончу, комузчу, санжырачы экен. Арстанбек жөнүндө айта берсе сөз көп. Бирок, анын ырларын, күүлөрүн бир беткей баалап келе атабыз. Аны өзүң жакшы түшүнөсүң. А дейбиз, бу дейбиз тубаса шыкты канчалык көмүскөдө кармасак да, кези келгенде, ал журтчулуктан өзүнүн баасын алат". Мына, эми Молдокем айткандай, Арстанбектин чыгармачылыгы жөнүндө ак дилден айтууга, туура баа берүүгө кезек келди. Мен Арстанбектин күүлөрүн Самсаалынын, Ыбырайдын, Карамолдонун аткаруруларынан уктум. Алгачкы жолу алар маган анча деле терең таасирлерди калтырбагансыды. Ал эми кайра-кайра кайталап, укканымда алардан жан дүйнөмдү дүрбөткөн өзгөчө обондуулукту, бөтөнчө кайрыктарды, баарынан оомалуу-төкмөлүү дүйнөдөгү турмуштун бир кырдуу, миң сырдуу ар кандай көрүнүштөрүнө күбөдөр болдум. Арийне, Самсаалы черткен "Ыркүүдөн" күнүмдүк жашоонун айынын жапа чеккен адамдын арманын, "Кой бөлөөрүнөн" болсо бетегеси белден буралган жайлоонун келбетин, кылкылдап жайылган койлорду, жамбаштап жаткан койчулардын жандуу турпатын туямын. Ал эми Ыбырайдын аткаруусундагы "Кой бөлөөрүнөн" жайлоонун, жайылган койдун көрүнүшү небир ажардуу кайрыктарда, айрыкча мукамдуулукта сыпатталат. Ыбырай Арстанбектин "Сен дүйнөсүн" бөтөнчө шыктануучулукта, бүтүндөй жан дүйнөсүн берип черткен. Күүдө автордун дүйнөгө, жашоого,

өмүргө болгон көз карашы, сүйүүсү, ой жүгүртүүсү, кумарлануусу албан кайрыктардын айдыңында сыпатталат. Күүдө угуучуну терең ойго батырган обондуулук үстөмдүк кылат. Элдик салттуу "Ботойлордун" үлгүсүндө чыгарган Арстанбектин "Ботою" да Ыбырайдын аткаруусунда көркөмдүүлүктүн өзгөчө бийиктигине көтөрүлгөн.

Ыбырай Арстанбектин күүлөрүнүн кайталангыз кайрыктарына өзгөчө ыкмаларды, штрихтерди, каражаттарды таап, айрыкча кооздукту, мукамдуулукту берип черткен. Карамолдо да, Ыбырай да, Самсаалы да Арстанбектин күүлөрүн угуучуларга ой туудура өткөрө тереңдикте, бөтөнчө кенендикте аткарышкан.

Арстанбек Буйлаш уулу 1878-жылы 54 жашында Ысыккөлдүн Чычкан деген жеринде дүйнөдөн кайтат. Сөөгү болсо Жуукудагы Ташкыя бейитине коюлат. Ал аз жашаса да артына калк арасында жашай турган баалуу мурастарды калтырат. Алар эми гана окурмандардын, угуучулардын калың катмарына тартууланып, алуучу бааларын алып, руханий жан дүйнөбүздүн кенчине айланууда.

(Балбай Алагушовдун
"Кылымдардын кылдары" аттуу китеби,
Бишкек – 2005, 38-53-беттер)

Сооронбай Жусуев,
Кыргыз Эл Баатыры,
Кыргыз Республикасынын эл акыны

АРСТАНБЕКТИН АСЫЛ МУРАСЫ

Акын – эл байлыгы,
Алтын – жер байлыгы

Бул макаламда Арстанбек жөнүндөгү оюмду адабиятты изилдөөчү же сынчы катары эмес, акын катары айткым бар. Арстанбектин оюнан, дилинен жаралып, оозунан айтылган ырларынын Алатоонун ой-кырына кеңири таралышына көптөн бери тоскоолдуктар болуп келди. Ак таңдай акындын жолунун, тагдырынын катуулугуна күнөөлүү акындын өзү эмес, күнөө тарыхый абал, шарт, мезгил, тагыраак жана ачык айтканда, советтик система менен бирге жаралган коммунисттик идеология эле.

Совет доорунда Токтогул, Тоголок Молдо, Барпыдан башка ондогон айтылуу акындардын аттары аталбай, көмүскөдө кармалып, алардын бул дүйнөдө жашап өткөндүгү, жараткан чыгармалары, артында калган мурастары жөнүндө кабар айтылбай, маалымат берилбей, аларды элдин көңүлүнөн чыгарууга аракеттер жасалганы жалганбы? Эл арасынан чыккан ошондой атактуу акындарыбыздын бир тобунун чыгармачылыгы жөнүндө чындыкты таратууга жасаган далалаты үчүн жазуучу жана ада-

биятчы Тазабек Саманчин абакка камалган. Бир топ жылы катуу азап тартып, ден соолугунан ажыраганын өз көзүбүз менен көрбөдүк беле. Тазабек Саманчин азыр биздин арабызда болгондо элибизге, жерибизге тийген чыныгы азаттыктын нурлары ошол залкар акындарыбыздын ысымдарына тийип, басмадан чыккан алардын алардын китептерин алатоолуктар кызыгуу менен окуп жатканын көргөндө кандай гана кубанар эле.

Мындан он беш жыл илгери элибизден, элибиздин маданиятынан четтетилип, ысымдары оозго алынбай келген жоон топ залкар акындарыбыздын бизге кайрылып келиши – жүрөк кубанарлык чоң тарыхый окуя болгондугу чындык. Алардын баш жагында биз сөз кылууга ниеттенип олтурган Арстанбек Буйлаш уулу. Арстанбектин акындык бактысы эбепке-себеп болуп Анжиян тарапта, атап айтканда Кокондо ачылганы анык.

Арстанбек атасы Буйлаштын байбичесинен эмес, салбар аялынан төрөлгөндүктөн, көп кемсинтүүлөргө дуушар болуп өсөт. Анын ырга, комузга шыктуу экенин атасы байкап, ага атайы комуз чаптыртып берет. Кокон хандыгынын өкүлдөрү, жасоолдору Буйлаш бийдин бир жеринен кынтык таап, нааразы болушуп, анын үстүнөн төбөлдөрүнө ушак, чагым жеткиришет да, хан ордодон буйрук келип, Буйлашты Коконго айдап жөнөгөн кезде Арстанбек: "Атаке, мен да сиз менен кошо барайын"-деп өтүнгөндө, атасы: "Мен эмне тойго баратамбы?"-деп, кагып койгондо, жаш Арстанбектин шагы сына түшөт да, кайдан-жайдан бир чобур атты таап, эптеп токуп, минип алып, Буйлаштарга жакындоого даай албай, алардын артынан бир топ окчун аралыкта ээрчип, жол жүрүп олтуруп, акыры Коконго жетет. Буйлашты хан ордосунан чыгарбай суракка алып жаткан учурда, он алты жаштагы Арстанбек чайканаларда, эл чогулган башка жерлерде комуз чертип, ырдап, элге өз өнөрүн көрсөтүп жүргөндө, шаарда чоочун, шыктуу, шайыр ырчы пайда болгондугу жөнүндө кабар хан ордосуна да шардана болот. Айтылуу Алымбек датка Арстанбекти издетип таптырып, ырдатып көрүп, боз улан ырчынын дараметин дароо байкап, атасы Буйлашты жигиттери менен бошотуп, үйүнө жиберет. Арстанбекти ордого алып калат да, жанына алып жүрүп, Баткен, Кадамжай, Ноокат, Анжиян, Маргалан, Ош, Алай, Аксыны аралатып, мейман болгон көп жерлерде жаш ырчыны ырдатып, элдин сынагынан өткөрөт. Хан ордосундагы ырчылар менен айтыштырганда, анын баарын Арстанбек жеңип чыгат. Алымбек датканын жанында жүрүп, көп жер, көп элди көрүп, ырчылыкка каныгып, дасыгып, өркөнү бир кыйла өскөнүн сезген Арстанбек Тынымсейит журтуна кеткиси келгенин айтканда, датка ага уруксат берет. Арбын олжо, белектер менен гана эмес, кадимки ырчы атанып келген Арстанбекти айылдаштары кубанышып, кучактарын кең жайып тосуп алышат. Көңүлүнө ырлар, күүлөр толуп, көп элдүү жыйындарда бугун чыгарып ырдоого мүмкүндүк таппай жүргөн кезде күтүлбөгөн жерден атасын ээрчип, Арстанбектин Коконго барышы, анда Алайда төрөлүп, өскөн, ыр-күүнүн баркын билген Алымбек датка анын ырчылыгынын өркүндөшүнө жол

ачып, шарт түзүп бериши – жаш ырчынын өмүрүндөгү бурулуш мезгил болгон. Баштагыдан өзүн алда канча жигердүү сезип, оожалган абалда айылына кайра келген Арстанбек акындыктын жогорку баскычына карай ишенимдүү кадам шилтей баштайт. Арстанбектин уландык курагы жигиттик курак менен алмашып, Анжиян тараптан алып келген акындык тажрыйбасы байып, чыгармачылык диапозону ого бетер кеңейип, чебердиктин сырдуу дүйнөсүнө сүңгүп кире берди. Кыргыздын оозеки поэзиясынын ар кыл түрүн, атап айтканда, насыят, санат, нуска, терме, арман, керээз жана башка мазмундагы ырларды ырдоону өздөштүрүп, ырчылыктын али ачыла элек купуя сырларын ачууну уланта берди. Ал кайсы бир ырчылардай майда, мааниси жеңил, тайыз мазмундагы ырларды ырдап убара болбой, ошол кездеги адамдардын оюн, дилин бурган жалпы журттун тагдырына байланыштуу салабаттуу, орчундуу темадагы ырларды дайым репертуарынын башына койгон.

Чү дегенде эле биринчи баштачу "Тар заманды" ырдаган убакта олтургандар муюп угушуп, муңканышканда алардын көздөрүнөн жаш кылгырбай койчу эмес экен. Ырдаган ырлары уккан адамдарга кандай таасир калтыргандыгын Арстанбекти да жакшы туйгандыгын анын ыр саптарынан окуйбуз: "Калк ичинде ырдадым, калктын сөзүн тыңдадым" дегени, ал өзү эле ырдап, чектелип калбастан, ырды уккан калк менен ой бөлүшкөндүгүн, калк менен тегиз байланышта болгону жөнүндө айтып жатат. Дагы бир ырында: "Далайлардан бата алдым, "булбул" ырчы аталдым" дегени – азыркыдай указ менен эмес, "Булбул" деген наамды ошол кезде атайын оюнан чыгарып, ак тандай акынын өтө жогору баалап, калың калайык берген. Бул аттан, бул наамдан артык наам ал кезде болгон эмес. Мындай наамга ырчылардын бардыгы эле татыктуу боло бербегендиги да чындык.

"Адамдын баары сыйлады, аманат жаным жыргады" дейт акын. Бул дагы чындыктын өзү. Акын бул сөздөрдү өзүн мактап айтып жаткан жери жок. Мыкты ырлары үчүн акын элден уккан алкышы, элдин сыйы. Эл көңүлүнө жаккан ырлары менен элине ак кызмат өтөп жаткан акын мактанууга да, сыймыктанууга да акысы бар. Ал убакта азыркыдай радио, телевидение, театр, эстрада жок болгондуктан, акындардын эл менен жолугушуусу үчүн ар жерде өткөн аш-тойлордун мааниси чоң болгон. Көп эл чогулган андай салтанаттуу жыйындарда акындар көпчүлүккө ырдап, бир-бири менен күч сынашып айтышып, эл көзүнө көрүнүп, элдин баасына татыктуу болуу үчүн андай жерлерде ыңгайлуу мүмкүнчүлүк алышкан. Айтышта жеңип чыккан акындардын аты дүң болуп, шоораты алыска тарачу. Ар кайсы чөлкөмдөрдө өткөн көп аш-тойлордун көркү болуп ырдаган Арстанбектин аты чыгып, акындык мартабасы, зоболосу көтөрүлүп, бүткүл атпай кыргызга тааныльган. Аш-тойлордо гана эмес, башка эл чогулган жыйындарда да тарбия-таалим, адеп-ахлак, нарк-насилдүү, маңыздуу ойлору уккандардын көңүлүнө унутулгустай бекем сиңип калышы – акындын сөзүнүн күчтүүлүгүнөн болгон.

Теңиртоо жана Ысыккөлдүн аймагындагы каада-салттуу аш-тойлордун көбү, албетте, Арстанбексиз өтпөгөн. Алыке (Аалыке-түзүүчүдөн) аттуу атактуу бийдин мыкты уулу Табылды баатыр өлгөн атасына өтө эле чоң аш берип, ага бүт кыргыз жеринен, ал турсун Какшаал, Төкес, Турпан, Кашкар жактан келишкен миңдеген аттуу-баштуу меймандарга Арстанбек кыргыздын байыркы тарыхынан баштап, азыркы кезине чейин ырдап, аштын ардактуу, атактуу меймандарынын бардыгынын атын атап, куттуктап, анан жар чакырып, чоң аштын көркүн чыгарып, үртүктүү аргымактын үстүндө мукам, коңур үнүн, таңшыган комузу менен коштоп, ырдап турганда, миңдеген көз аны жарданып карашкан. Баарыга жаккан мазмундуу ыры үчүн аны мурдатан жакшы билген, жакшы көргөн Алымбек датка мартабалуу меймандардын ичинен озунуп, биринчи болуп, Арстанбектин астына келишимдүү керилген күлүктү тарттырганда, анын жолун жолдоп, он бештен ашуун даражалуу меймандар акынга бирден аргымак мингизишкен. Ошол мезгилде Арстанбектин талантынын жылдызы жанып турган кез эле. Кыргыз жеринде да ушундай ак таңдай акын бар экендигин көздөрү менен көрүп, ырларын кулактары менен уккандар ага таң калышып, ал жөнүндө уламышка айланган даңазалуу кабарды аштан тараганда өз жерлерине ала кетишкени жөнүндө атактуу акындын урпагы Калый Токтосунов "Арстанбек Буйлаш уулу" аттуу чыгармасында жазган.

Албетте, Арстанбек дайым эле аш-тойлордо ырдап, чардап жүрүү менен убак өткөрбөгөн. Акындардын да ар кылы болот эмеспи. Алардын кээ бирлери аш-тойлордо ырдап, кара курсагынын камын көрүп, каражат, дүйнө табууну гана көздөп, акындыктын негизги милдети ушул деп ойлошсо, парасаттуу акындар бүгүнкү көр оокатты ойлоо менен чектелбей, элдин эртеңкисин дагы ойлоп, заман кайда баратат, элдин келечек тагдыры эмне болот деп ойлонушуп, жанагы сыяктуу акындардан бир топ жогору турушкан. Асманга учканда алыска көз жиберген кырааңга окшогон Арстанбек көрөгөчтүгү, ойлорунун тереңдиги, учкулдугу жагынан далай акындардан айырмаланып турганы байкалат. Ушул маселеге түз тиешеси болгондуктан, Арстанбектин:

"Ашта-тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол!"-деп, өзүнөн жарым курак кичүү Жеңижокко айткан улуулук кеңешин бул жерге кыстара кеткенибиз оң да, орундуу да. Өзүнүн мүнөзү, ою адал акын башка акындарга акыл айтууга акысы бар да. Чындыгында да Арстанбек салабаттуу мүнөздүү, нысап-топуктуу акын болуп, өзүнүн жүрүш-турушунан, айткан сөзүнөн, кыскасы, бардык жагынан башкаларга үлгү көрсөткөн. Казак акыны Сүйүмбай менен айтышканда, ал адегенде эле сугалактыгын көрсөтүп, көп мал, дүнүйө, кыз, малай берүүнү талап кылып ырдап, башка бир да маанилүү ой айтпаганда Арстанбектин кыжыры кайнап, ага курч сөздөрү менен татыктуу жооп берип, акындык жана адамдык жагынан деңгээли жогору тургандыгын далилдеген.

Айтыш -- бардык эле акындар үчүн барып турган чоң сыноо болгон. Арстанбек далай айтыштарга түшүп, күч сынашуулардын көбү анын пайдасына аяктап, анын акындык аброю жогорулагандан жогорулай берген. Казактын дагы бир көрүнүктүү акыны Кантарбай менен айтышууну Арстанбек биринчи баштап, айтыштын өз бөлүгүн бүткөн соң, Арстанбектин акындык кудуретин сезген Кантарбай: "Мен айтышка түшпөй эле жеңилдим"-деп, айтышса тең келе албай, уят болуп калуудан корккон. Арстанбек мурдагы белгилүү ырларында кыргыз жерине орус баскынчылары кирип, элдин укугун, эркиндигин тепсейт деген сыяктуу ойлорун олуялык кылып айтса, Кантарбай менен айтышканда мурда алдын-ала айткандары эми иш жүзүнө ашып, баскынчылардан калың журт аёосуз эзиле баштаганы жөнүндө ырдаган. Айтыш десе эле, адатта эки ырчы бир-биринин жеке кемчиликтерин чукуп, кемсинтип, мазактап, уккандардын көңүлүн буруп, күлдүрүүгө алы жетишчү. Ал эми Арстанбек андай шайкелең ырчылардын деңгээлинен бийик туруп, бул айтышта да элдин башына түшкөн оор, кайгы-касыреттүү күндөр жөнүндө, ошол кезде элдин көңүлүн өйүгөн көйгөйлүү көрүнүштөр жөнүндө узак ырдаган. Ошол кездеги абалга нааразы акындын ойлору бул ыр саптарында баяндалган:

Жакшы жерден ажырап,
Тоо-ташка кыргыз чегинди.
Кайберен болуп элирди,
Арстанбек айтпас тегинди.

Эсепке алды башынды,
Кары менен жашынды.
Каршы турар чаман жок,
Казак, кыргыз басынды.
Боз балдарың муңайды,
Баштагыдай көркү жок,
Кыз-кыркының чунайды.

Көркү кетти жериңдин,
Мүлкү кетти элиңдин,
Күлкүсү өчтү эриндин.

Сыны кетти жериңдин,
Сыйы кетти элиңдин.

Ошол кездеги болуп жаткан эл турмушундагы жүрөк оорутар акыбал жөнүндө Арстанбек бир гана жолу эмес, көп ырдап, элдин ой-санаасы менен анын дили, максаты дайым бирге экендигин минтип ырдаган:

Каары катуу заманды,
Айта берип күн-түнү –
Арстанбек башы маң болду.

Майда-чүйдө нерсе эмес,
Замана ырын ырдайлы-деп, сунуш кылып, бир топ олуттуу суроолорду ага узатып, кайра жооп берүүсүн күткөндө Кантарбайдын айтыштан тайсалдап, качып кутулуп кетиши – Арстанбектин акындык зоболосун эл алдында ого бетер көтөргөн.

Бугу, Сарбагыш уруларынын өз ара мамилелери бузулуп, жоолошуп, чабышып, ортодо далай эр өлүп, кан аккан кагылышуунун кесепетинин натыйжасында Арстанбек чыккан бугу уруусу 1855-жылы 17-январда Орусиянын курамына кирет. Андан көп өтпөй Ак падышанын өкмөтү ал аймакта өзүнүн эзүүчү саясатын жүргүзө баштайт. Арстанбек мурда эле какшап ырдап жүргөн орустардын зулумдук мамилесинин кыргыз жеринде жүзөгө аша баштаганын өз көзү менен көргөн акындын күйбөгөн жери күл болот. Немец калкынын акылман акыны Иоганн Гётенин: "Эгер жер шарынан жарака чыкса, сөзсүз акындын жүрөгү аркылуу өтөт" деген сөзү ырасталып, баскынчылар өз элин кордоп, эзип жатса Арстанбек унчукпай турган жок, жүрөгү канап, бул ырды ырдады:

Карагайдын таңында,
Элик болду көп бугу.
Каптап тузду көтөргөн,
Көлүк болду көп бугу.
Башка чапса, былк этпес,
Өлүк болду көп бугу.

Ошол кезде эли башынан өткөрүп жаткан азаптуу, оор абал жөнүндөгү кашкайган чындыкты таамай, курч, каардуу сөздөр менен кайсыл акын Арстанбектей айта алды эле?

Акын жогоруда айткандай кыйын, катаал мезгилде башы чындап маң болуп, айласын таппай турганда:

Казак, кыргыз жыйылып,
Бата кылып алсак бейм.
Кашкардагы Бакдөөлөт,
Ата кылып алсак бейм?-деп ырдаганы да өзүнүн керт башынын камын көрбөй, жалпы журт үчүн убайым тартып, тынчы кетип, күйүп-бышып жатканы, анын чыныгы элдик акын экенин далилдеп, бул ыр – эл үчүн азап тарткан акындын жүрөгүнөн жаралган ыр.

Ушундай эл бактысын ойлоп, элдин кызыкчылыгы үчүн күрөшкө чыккан Арстанбек сыяктуу залкар акынды коммунисттик идеологдор, чолок ойлуу, ур-токмок усулун колдонгон сынчы сөрөйлөр анын феодалдык тар, кыйын мезгилде жашап, ырларын жаратканын унутуп коюшуп, ага коммунисттик доордогу коммунист акынга койгондой талапты коюшканына таң каласың. Арстанбек өз заманынын, өз мезгилинин акыны. Ал өзү жашаган заманга, турмушка жараша ойлонгон жана ырдаган. Анын ошол кезде жаралган ырларындагы ойлорду бурмалабай, өз кезегинде ырдалгандай кабыл алышыбыз жана түшүнүшүбүз керек. Ал

учурда ал эч кандай идеологиянын таасирине кабыла элек, өзүнүн көңүлүндөгү ойлорду эркин айтып, эркин ырдаган эркин акын экенин эске тутушубуз абзел.

Арстанбек өз өмүрүндө башынан кандай гана кыйынчылыктарды өткөрбөдү. Бугу-сарыбагыш кагылышында Теңиртоо жактан Ысыккөл тарапка оошуп көчүп келип, эки уруунун чатагына күбө болду. Айтылуу Балбай баатыр менен да жакындашып жүргөндө аны Текестен кармап келишип, Алматыда абакта ал уулуктурулуп өлтүрүлгөндө – кабыргасы кайышып, ичинен кан өтүп кайгырган. Албетте, анын оозунан чыгып, баскынчыларга түз багытталган күчтүү ырлары Балбай баатырга да катуу таасирин тийгизгени акыйкат. Бугулардын акылман бийи Боромбай менен сый мамиледе жүрүп, ал көз жумарда кашында олтуруп, кайгымуңдуу коштошуу ырын ырдаган да ушул Арстанбек эмес беле.

Ал башынан өткөн окуялардын көбүн ырга салган, бир топторун комуздун күүлөрүнө салган. Арстанбек улуу акын гана болбостон, кыргыздын кыйырына маалым улуу комузчу да, күүчү да, чебер аткаруучу да болгон. Ал кулакка жагымдуу, мазмуну терең жүздөгөн кара күүлөрдү чыгарып, ал күүлөрдү укандардын көңүлүн эргитип, ойго чөмүлтүп, табитин канааттандырып, моокумун кандырып, черин жазып черте билген. Ал ырчылык жактан атактуу акындар менен айтышып тим болбостон, күү өнөрү жагынан нечен күчтүү комузчулар менен күү чертишип, күч сынашкан. Комуз чертишүү боюнча кадимки ырчы, манасчы Музооке менен теңтайлашып, мелдешип, Сарт ырчы менен комуз чертишип, аны жеңип чыккандыгы жөнүндө маалымат калган.

Айтылуу Ормон хандын уулу Сейилкан өтө чоң комузчу атыккан. Акталаада аким болуп турган кезинде ал чөлкөмдөгү комузчулардын бардыгын дээрлик жеңип, Арстанбектин чебер комузчу экендигин угуп, аны менен комуз чертишип, мелдешүү максатында Арстанбекти атайы киши жиберип, Акталаага чакыртып барып, экөө беттешип, нечен күүлөрдү бири-биринен калышпай, тең чертишип, жеңе алышпай коёт. Анан буттарынын салааларына кыстара коюшуп, устара менен күү чертишкенде Сейилкандын комузунун кылына устаранын мизи кокусунан тийип, кыл үзүлүп кетип, ошол себептен калыстар аны жеңилди деп эсептешкендигин – комуз күүлөрүн изилдөө боюнча чоң адис Асан Кайбылда уулунун "Күү баяны" аттуу китебинде кызык баяндаган. Арстанбектин бир топ күүлөрү биздин мезгилге жетип, ар кыл комузчулар тарабынан чертилип, радиодо аткарылып жүргөнү кубанарлык окуя. Анын композитордук, комузчулук өнөрү мындан ары дагы тереңирээк изилденээрине үмүтүбүз чоң.

Ал мезгилде азыркыдай байланыш каражаттары болбогону менен, адамдар Алатоонун ичиндеги маанилүү окуялардан кечигип болсо да кабар алып турушкан. Айрыкча, элден чыккан атактуу ырчылар жөнүндөгү шооратгар алыс жактарга бат жете турган. Аксы жергесинен Жеңижок акындын Каркырага жетип, Арстанбек менен жолугушуусу атактуу ырчылар бир-бири менен жүз көрүшүп, дидарлашып, өз ооздо-

рунан ырларын уккулары келгенинин далили. Боз үйдө эс алып жаткан Арстанбек бейтааныш бирөөлөрдү анчалык көңүлсүнбөй кабыл алат да, Жеңижок ырдап, өзүн тааныштырар замат Арстанбектин суз кабагы ачылып, жандана түшүп, Жеңижокту мындай абалда тоскондугунун себебин минтип түшүндүрөт:

Азыр ак саргыл өңүм азыңкы,
Алибеттүү денем басыңкы.
Балам,
Аллага айтар арзым бар!
Алда качан башталган,
Арылбай жүргөн дартым бар.

Мелис Абдылдаев түзгөн "Мурас" деген 1990-жылы чыккан китепте Арстанбек 1840-жылы туулуп, 1882-жылы 42 жашында дүйнөдөн өткөн деп жазылып турат. Көрүнүктүү окумуштуубуз Омор Сооронов да жакында "Адабий Алатоо" гезитине жарыяланган макаласында бул датаны аныктады. Бирок, Арстанбектин ырларында "Ала сакал болгондо", "Агала сакал болсом да", "Эр ортодон өтсөм да" деген ыр саптарына караганда, айтылуу акын элүүдөн ашканда көз жумса керек. Бирок, узак ооруган акындын сакалы эрте агарышы да мүмкүн. Жеңижокту ал: "Как жыйырмада жашың бар, кабылан сындуу башың бар"-деп ырдаганы, анын өзүнөн бир канча кичүү экенин белгилеп, "Байкоо салдым сөзүңө", "Сыноо салдым өзүңө" деп, ыр жагынан да, күү жагынан да байкаган кемтиктерин бетине айтат да, ак пейилинен ага арнаган укмуш каалоолорунан бир аз келтирели:

Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол!
Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт.
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет кылып, жыргап өт.
Санат ырың сан болсун,
Санжыра сөзүң саз болсун.
Калың кыргыз элине –
Кадырың артып, бак консун!

Жеңижоктун акындык чама-чаркын, зээнин коюп баамдабаса, Арстанбектин оозунан ага мындай кымбат ойлуу каалоолор кантип арналмак эле. Арстанбектин ар бир сөзү таразага өлчөнгөндөй өз орду, ыңгайы менен пайдаланылганын көп ырларынан көрүп жүрөбүз. Сыркоолоп олтурган Арстанбек өзүн, акындыгын урматтап, алыстан атайы келген Жеңижоктой келечектүү акын инисин көргөнүнө эштенип, чечилип ырдап, ага бардык жакшылыктарды каалайт:

Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол.

Коркокторго уруш бол,
Кош сөздүүгө буруш бол!
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар бол,
Ашы жокко айран бол.
Эрегиш чыкса, элчи бол,
Эл-журтундун кенчи бол!
Тону жоктун бөркү бол,
Той менен аштын көркү бол.
Жардыларга кешик бол,
Жармачтарга эшик бол!

Алатоо журтунун курак жагынан бири улуу, бири кичүү – эки ак таңдай акыны жолугушуп, ырдашкан учуру чоң окуяга айланып, бул дидарлашуу, ырдашуу экөөнө тең унутулгус таасир калтырганы бышык. Арстанбек сыяктуу курак жактан улуу акындын Жеңижоктой инисине нускалуу сөздөр менен берген батасы бир жагынан чын ыкласынан чыккан каалоо болсо, экинчи жактан жалпы эле өз элинин алдында аткара турган ар бир акындын парызы, вазифасы жөнүндөгү олуттуу программалуу ою. Бул жолугууда да Арстанбек өзүнүн улуулугун, залкарлыгын айгине, даана көрсөтө алган.

Жогоруда жазылгандай, Арстанбектин ден соолугу барган сайын начарлап, ал жөнүндө өзү да ырларында: "Айыкпаган оорум бар, арылбаган шорум бар", "Бейит көрсөм бекиндим, мен да ушундай болом деп, өз жанымдан шекиндим"-деп, айтып жүргөнүн эл да билчү эле. Бирок, "Аңдыган ажал алмайынча койбойт" дегендей, көз жумулар алдында "Керээз" деген ырын: "Оо, калайык чогулуп, коштошкону келипсиң"-деп баштап, анан: "Кара сакал ак болду, о дүйнө кетер чак болду"-деп, жашоодон үмүтү үзүлсө да, каадалуу, нарктуу сөздөрүн айтып, өлүм алдында өзүнүн акылмандуулугун, салабаттуулугун, сабырдуулугун көрсөтүп, эли менен татыктуу коштошкон.

Арстанбектен калган ырларды жыйноо, иликтөө иштери 1920-1930-жылдары Каюм Мифтаковдон башталып, азыр да улантылып жатат. 1941-жылы Тазабек Саманчин акын жөнүндө алгачкы баалуу эмгекти жазган. Ал эми көп жылдан бери белгилүү, иштерман окумуштуубуз Батма Кебекова Алатоонун атактуу акынынын чыгармачылыгына зээнинин бардыгын жумшап, кылдат, жемиштүү изилдеп келе жатат.

Көз жумган соң унутулуп калбасам экен деген Арстанбектин санаркоосун түшүнгөн эли өзүнүн залкар акынын кантип унутуп коюшмак эле, анын кутман атын урмат-сыйга бөлөп жаткан кези. Ырлары Теңиртоонун бийиктик, Ысыккөлдүн тереңдик касиеттерин өзүнө сиңирген даңазалуу Арстанбек кыргыздын ыр дүйнөсүнүн төрүнөн ардактуу орунду ээлеп, анын ат көтөргүс баалуу мурасы элибизге түбөлүк кызмат өтөөрүнө бардыгыбыздын ишеничибиз бекем.

("Кыргыз Туусу" гезити,
2006-жыл, 21-24-июль, 25-27-июль)

Болотбек Таштаналиев,
журналист, адабий иликтөөчү

АРСТАНБЕК МЕНЕН ЖЕҢИЖОКТУН ЖОЛУГУШУУСУ

(Канчасы төгүн, канчасы чын?)

Акындык өнөрдүн алтын доору болгон өткөн доордогу акындардын чыгармаларын жыйноодо жана жарыялоодо, изилдөөдө эмнегедир аң-сезимдүү түрдө эле бир жактуулукка, калпыстыкка, чаташууларга, бир акынды көкөлөтө мактап, башкаларын жерге матап, каралоого жол берилип келатат.

Акыркы жылдарда эл ырчыларынын арасынан көп изилденип, көп жактоочуларга ээ болгонуна карабастан, Жеңижоктун өмүрү жана чыгармачылыгында көптөгөн чаташ, бири-бирине дал келбеген фактылар бар. Анын бири Арстанбек менен Жеңижоктун "жолугушуусу" жана "...учурашуу ыры". Өкүнүчтүүсү, Жеңижок таануучулар андай чаташ жагдайлар иралды акындын чыгармачылыгына көлөкө түшүрө турганын билип турушса да, бул маселеге ат үстүнөн мамиле жасап, маани беришпей келатат. Маселен, Жеңижок тууралуу сөз болгондо, анын ысымын сөзсүз түрдө "тоо булбулу" Токтогул, "акындардын алпы" Арстанбек менен байланыштырганга аракет кылышат. Жеңижок менен Токтогул замандаш, жаш курагында деле айырма аз адамдардан болушкан. Акындар жашап өткөн Кетмен-Төбө менен Аксы аймактары чектеш болгондуктан, экөөнүн жолу далай ирет кесилишип, далай ирет аш-тойлордо чогуу ырдаганынан эч кандай күмөн санабаса болот. Алар чыкдыгында эле үзөнгүлөш жүрүп, ага-инидей болуп калган адамдар. Экөөнүн жолугушканына жүздөгөн замандаштары күбө болуп, алардын айрымдары укkан-көргөндөрүн кагаз бетине түшүрүп кетишкен. Ал эми ошол эле учурда Арстанбек менен Жеңижоктун жолугушканын жападан жалгыз күбөсү болгон акындардын алпы Арстанбектин "Жеңижок менен учурашуу ыры" деген ыры кагаз бетинде жашап, окумуштууларыбыздын изилдөө объектисине айланса да, бири Ысык-Көлдө, бири Аксыда жашаган эки акындын жолугушканы жана айтышканы күмөн жаратат. Анткени учурашуу ырынын текстин көңүл коюу менен окуган карапайым адам деле, Арстанбектин "Жеңижок менен учурашуу ырынын" текстинен айрым дал келбөөчүлүктөрдү, хронологиялык так эместиктерди байкайт. Биз өз күмөн санообузду далилдөө үчүн аталган ырга текстологиялык-хронологиялык иликтөө жүргүзүп көрөлү.

Арстанбектин ырларын эл оозунан жыйноо жана анын өмүр таржымалын, чыгармачылыгын изилдөө, үйрөнүү, өздөштүрүү өткөн кылымдын 40-жылдарында башталып, анын башында айтылуу окумуштуу Тазабек Саманчин турат. 2012-жылы жарык көргөн "Кыргыз адабияты-

нын тарыхында": "Арстанбек 1824-жылы эки Нарын ортосунда, Ийри-Сууда Буйлаш бийдин токолу Төрөкандан төрөлүп, 1878-жылы 54 жашында Ысык-Көлдүн тескейи Чычканда каза болот. Сөөгү Жуукунун үстү Таш-Кыя бейитине коюлат. Бугу уруусунан тынымсейит уругунан. Таланты ар кыл, чыгармачылыгы көп тармактуу" ("Кыргыз адабиятынын тарыхы", Бишкек, 2012-жыл, 175-бет) делип, ак-карасынан жазылып турат. Ушул эле китепте Жеңижокко да арналган бөлүм бар. Анда Жеңижок (Өтө) Көкө уулу 1860-жылы Талас өрөөнүндөгү Сары-Көбөн деген жерде төрөлүп, алгач атасынан, андан көп өтпөй эненсинен ажырап, жаштайынан жетим калганы, 1918-жылы Аксынын Кара-Суу деген жеринде узакка созулган оорудан кийин жарык дүйнө менен кош айтылганы жазылган. Биз мында Арстанбек менен Жеңижоктун өмүрү жана чыгармачылыгын изилдегендер менен эч кандай талаш жеребиз жок. Кептин төркүнү эки акын жолугушканбы, эгер жолугушса Арстанбек акындын "Жеңижок менен учурашуу ырынын" тексти канчалык чындыкка дал келет, маселе ошондо. Эгер эки акын бир доордо жашап кеткенин эске алсак, анда Арстанбек менен Жеңижоктун жолугушу толук мүмкүн. Эгер Жеңижоктун жаш кезинен ырдай баштаганын эске алсак, Арстанбектин көзү өткөн учурда, акын катары баралына келип калган учуру десек болот. Бирок... Бирок белгилүү адабиятчы Тазабек Саманчин 1941-жылдын 28-апрелинде жазган "Арстанбек" аттуу илимий эмгегинде ("Арстанбек", Бишкек, 1994-ж., 145-174-беттер) Арстанбек менен Жеңижок жолугушуп, учурашканы тууралуу бир ооз да эскерилген эмес. Арийне, анын өзү деле бизде эки акындын жолугушканынан шек саната бербейт. Мүмкүн эки акындын айтышын иликтөө, айтышка илимий баа берүү адабиятчынын изилдөө объектиси болгон эместир деп коёлу. Тазабек Саманчиндин эки акындын "... учурашуу ыры" тууралуу ооз ачпай коюшу деле, эки акындын жолукпаганынын далили эмес.

Кеп, элдик оозеки чыгармачылыгын жыйноочу Кабай Абдырахманов тапшырган "Жеңижок менен учурашуу ырында" аты аталган адамдар, алар менен Жеңижоктун мамилеси, ал окуя болгон мезгил жана анын Арстанбек менен жолугушкан жылдардын бири-бири менен дал келбегендигинде жатат. Дагы бир белгилей кетчү маанилүү жагдай, Арстанбектин ырларын Кабай Абдырахмановдон тышкары УИАнын Кол жазмалар фондусуна Белек Солтоноев, Шапак Ырысмендеев, Каюм Мифтаков баштаган аттуу-баштуу адамдар жазып калтырышкан экен. Бирок Арстанбектин "Жеңижок менен учурашуу ыры" Кабай Абдырахмановдон башкалары жазып калтырган кол жазмалардын арасында жок. Эгер, башка жыйноочулар тарабынан да жазылып калтырылса, анда "... учурашуу ырынын" түшүндүрмөсүндө бул сөзсүз көрсөтүлмөк. Китепте "Жеңижок менен учурашуу ыры" – Кабай Абдырахман уулунун кол жазмасы боюнча берилди ("Арстанбек", Бишкек, 1994-ж., 145-174-беттер) деген чолок түшүндүрмө гана жазылуу. Эл чыгармачылыгын жыйноочу Кабай Абдырахман уулу кимден жана качан жазып алып алгандыгы тууралуу маалыматты да таба алган жокпуз.

Арстанбектин ырлары анын өзүнөн жазылып алынып же анын көзү тирүүсүндө китеп болуп жарык көрбөгөндөн кийин, акындын ырларын жарыялоодо, ар бир ыры ким тарабынан жана качан жазылып алынгандыгына түшүндүрмө берүү өтө маанилүү болчу. Арийне, китептин түзүүчүсү тарабынан бул иш аткарылган эмес. Муну бекер жеринен эскерип жана атайын басым жасап жаткан жерибиз жок.

"Жеңижок Арстанбектин даңкын угуп, бир көрүүгө ынтызар болуп, эңсеп жүрүп, Каркырага издеп барып жолугушкан экен. Анда Жеңижоктун Нурмолдо ырчыны, Ысык-Көл, Талас, Олуя-Ата, Меркеге кеңири белгилүү чоң акын Эсенаманды, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кези болот.

Ал барганда жай мезгили экен, Арстанбектин айылы Каркырада жатыптыр. Акындын өргөөсү обочо жердеги дөбөчөдө тигилиптир. Жеңижок аттан түшүп, жанындагы жигити менен салам айтып, үйгө кирет. Аттарын алып, эшик ачкан киши да болбойт. Үй ичинде Арстанбек кара көрпө көлдөлөңдүн үстүндө ичик жамынып, жамбаштап жатыптыр. Киргендерге анчалык назар бөлбөй, ооз учунан алик алат. Буга Жеңижок тырчый түшүп, "ээ, кетеличи" деп, жанындагы жигитке караганда, жолдошу "ырда, анан көрө жатарбыз" дегендей белги берип токтотот " делет "... учурашуу ырына" жазылган кириш сөздө.

Эгер, "Жеңижок Арстанбектин даңкын угуп, бир көрүүгө ынтызар болуп, эңсеп жүрүп, Каркырага издеп барып жолугушкан" учурда, "Жеңижоктун Нурмолдо ырчыны, Ысык-Көл, Талас, Олуя-Ата, Меркеге кеңири белгилүү чоң акын Эсенаманды, Наркүлдү жеңип, элге таанылып калган кези болсо" анда, бул мезгил "Жел жетпеген Жеңижоктун" бери дегенде 22ден ("Кыргыз адабиятынын тарыхы", Бишкек, 2012, 357-б.) өтүп, "дагы ким?" дегенсип, эки жакты карап калган учуру ("Кыргыз адабиятынын тарыхы", Бишкек, 2012, 308-б.) болот. "... Учурашуу ырында" ысымы эскертилген Эсенаман менен Жеңижоктун айтышы – адабияттарда жана адабий изилдөөлөрдө кайсы жылы өткөнү так көрсөтүлбөй, болгону айтыш Таласта Ташкара аттуу чоң болуштун тоюнда өткөнү, бул убакта Эсенамандын карып калган чагы жана XIX кылымдын соңу болгону гана айтылат. Эки акындын кайсы жылы айтышканы так көрсөтүлбөсө да, Арстанбек менен "... учурашуу ырында" аты аталган Жеңижок менен Наркүлдүн кайсы жылы айтышканы "Кыргыз адабиятынын тарыхында" так жазылган. Демек, бизге: "Эки акын беттешкен мезгилде Женижок 22де, Наркүл 20 жашта болот. Бул маалымат боюнча Наркүл 1864-жылы төрөлүп (Женижок 1862-ж. туулат), экөөнүн айтышы 1880-жылдардын тегерегинде өтөт. Чыгарманын мазмунуна караганда, жогорку маалымат чындык болуу керек"-деп, жазылган маалыматка гана таянууга туура келет. Ошентсе да, тактап кете турган нерсе, мында да эки акындын жаш курагы так көрсөтүлгөн менен, биерде да өтө орой болбосо да, так эместик кеткен. Жеңижок 1860-жылы төрөлгөнү буга чейин эле бир эмес, бир нече маалымат булактары аркылуу далилденген нерсе. Экинчиден, Наркүлбүбү тууралуу айтсак, ал 1868-жылы төрөлгөн. Бул да так маалымат. Анткени анын 1957-жылы 89 жашында каза болгонун

эске алсак, жөнөкөй арифметика менен эсептегенде, 1868-жылы төрөлгөнү анык болот. Демек, андай болгондо Жеңижок менен Наркүлдүн айтышы "1880-жылдардын тегерегинде өткөн" деген тастыктоо да калпысыраак болуп калат. 1880-жылы 12 жаштагы Наркүл Жеңижок менен айтышмак түгүл, аны менен качандыр бир "айтышам" деп ойлогон да эмес чыгар. Хронологиялык тартип менен карай турган болсок, Жеңижок менен Наркүлдүн айтышы 1890-жылдардын тегерегинде өтүшү ыктымал. Анткени Эсенаман менен Жеңижок айтышкан айтылуу Ташкаранын тою да 1890-1900-жылдардын аралыгында өткөн. Жеңижок менен Наркүл да, ошол Эсенаман менен Жеңжок айтышкан күндүн эртеси айтышкан. Анүстүнө, Ташкара болуш 1865-жылы жарык дүйнөгө келген, демек, ал канчалык каалаган менен "1880-жылдардын тегерегинде" той өткөрө да, болуш да боло алмак эмес. Мына ушул хронологиялык тартип менен алганда, 1878-жылы акка моюн сунган акындардын алпы Арстанбек менен жел жетпеген Жеңижоктун учурашып ырдаганы күмөн. Эгер, эки акын чындыгында эле учурашкан болсо, анда Арстанбек 1878-жылы эмес, жок дегенде 1888-жылы 64 жаш, же 1898-жылдары 74 жашында учурашып, ырдашкан болушу мүмкүн. Жеңижок Арстанбекке 1880-жылдары барып "учурашыш" үчүн Ташкара болуш (1865-1935-жылдар) 1855-жылдары жарык дүйнөгө келип, болуштук даражага жетип, дубан-дубан эл чакырып, той берип, ал тойдо Эсенаман менен Жеңижок, Жеңижок менен Наркүлбүбү айтышкан болушу керек эле. Арстанбек менен Жеңижок изилдөөчүлөр кашкайган тарыхый фактыларга көңүл бурбаганы таңгалдырат. Болбосо, эгер тарыхый цифраларды салыштырып караганда, эки акындын качандыр бир "учурашканынан" күмөн санабаса да, "... учурашуу ырынын" тексти шек жаратмак.

Эмесе, өз сөзүбүздү тастыкташ үчүн чогуу өткөн доорго кайрылып, бул "... учурашуу ырында" сөз болгон адамдардын өмүр таржымалын салыштырып багалы. 1865-жылы жарык дүйнөгө келген Ташкара – Арстанбек менен Жеңижок айтышып калыш үчүн, 1880-жылдары 15 жашында болуш болуп, той берген болобу? Себеби, бардык адабияттарда жана адабият тарыхын изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде акындардын алпы Арстанбек 1878-жылы дүйнөдөн өткөн делип, ак-карасынан жазылып турат. Мындай болгондо, 1868-жылдары жарык дүйнөгө келген он жашар Наркүлбүбү бир эрге тийип, аны менен шашылыш ажырашып, Жеңижок менен айтышыш үчүн Карабай деген Бакайырдагы тууганынын үйүндө жүргөнбү?

Мейли, Көлдүн башына барып, Арстанбекке даттанган Жеңижок Эсенаман тууралуу эмне деп айтса ошол деп айтсын, Эсенаман менен Жеңижоктун айтышында, ким жеңген, ким жеңилген, ал таптакыр башка маселе, бирок он жашар Наркүл жөнүндө Жеңижок "карабет катын" деп, майдаланганы аз келгенсип, он жаштагы наристени "жан жерин жаңсап ырдады" деп, бир көргөн адамына Наркүлдү жамандап жатканы – Жеңижоктун акындык даражасына доо кетирбесе, кадыр-барк апкелбейт. Кечээ эле Эсенаман менен болгон айтышта "... жердеги жемин алыш үчүн алгач көккө типтик атып чыгып, анан гана жеткен жерден жалпайта те-

биш үчүн кош канатын куушуруп, тик ылдый урган таштай зуулдап жөнөп берген кыраан бүркүттөй, Эсенаманды качырып сала берген" ("Жеңижок", Бишкек, 1982-ж. "Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө", 249-бет) Жеңижоктун бар болгон бийиктиги, адамдык жана акындык парасаты "жан жерин жаңсаган" он жашар Наркүлдүн деңгээлине түшүп калдыбы? Эсенаманга окшогон залкар акынды жеңгенин ооз толтура кеп кылып жаткан Жеңижоктун: "Ырчылыгым жок болсо,\ Жаш экен деп санабайм,\ Көңүлүмө карабай,\ Тике айткын көзүмө" ("Арстанбек", Бишкек, 1994-ж. "Женижок менен учурашуу ыры", 123-бет)-деп, эми эле ырдап баштаган баладай, Арстанбектин алдында башын салбыратып отурганын элестетүү да кызык. "Жеңижок менен учурашуу ырындагы" дагы бир кызык жагдай, Жеңижок Арстанбек менен учурашуу ырын:

"Аманбы, абам Арстанбек,
Ааламга айттың далай кеп.
Эсенби, абам Арстанбек,
Элге айттың далай кеп"

("Арстанбек", Бишкек, 1994-ж., "Жеңижок менен учурашуу ыры", 123-бет)-деп, баштап жатат. Жеңижок менен учурашып, сөз баштаган Эсенаман да:

"Аманбы, балам Жеңижок!
Абаңдын сенден кеми жок,
Ак калпактуу кыргыздан,
Айтышаарга теңи жок.
Аламан ырчы көп жүрөт,
Балам, айтканынын эби жок!

Эсенби, балам Жеңижок!
Эсеңдин сенден кеми жок,
Эки жаактуу пендеден,
Эрегишер теңи жок.
Элимде ырчы көп жүрөт,
Эки ооз сөзгө эби жок"

("Жеңижок", Фрунзе, 1982-ж., "Эсенаман менен Жеңижок", 64-бет)-деп, баштаган эмеспи. Андай болгондо, Арстанбек менен учурашып ырдаган Жеңижоктун: "Аманбы, абам Арстанбек?\ Ааламга айттың далай кеп.\Эсенби, абам Арстанбек?\ Элге айттың далай кеп"-деп, баштаганы – азыркыча айтканда, Эсенамандын учурашуусун уурдап алганы, карандай плагиаттык эмес бекен? Арстанбек менен Жеңижоктун ырына жасаган текстологиялык иликтөө ушуну айтат. Биз аны өзүбүз ойлоп таап, акындардын алптары болгон Арстанбек менен Жеңижоктун жолугушканын жана алардын учурашуу ырын жокко чыгарып жаткан жеribиз жок. Адамзатынын тарыхын эле эмес, адабият тарыхын да бурмалабай, болгонун болгондой айтып, түшүндүрмө бербесе, бирин көкөлөтүп, бирин жерге матагандан табар пайдабыз кайсы?

Арстанбек менен Жеңижок изилдөөчүлөр – эки акынды "учураштырып", муну менен "алар бири-биринин талантын сыйлашкан деп, тастыктоо аркылуу экөөнүн тең акындык даражасын бийиктетебиз" деген ниети жакшы деңизчи, бирок тарыхый хронологиялык так эместиктерди кайда катабыз? Эгер эки акын жолугушкан болсо, анда "... учурашуу ырындагыдай" хронологиялык-текстологиялык дал келбестиктер болбос эле. Мындай дал келбөөчүлүктү окумуштуу эле эмес, карапайым адам деле дароо байкайт. Анүчүн Жеңижок менен Арстанбектин учурашуу ырын кунт коюп окуп, айтыштын мазмунуна, хронологиясына баам салуу эле жетиштүү.

Ырасында, эки акындын жолукканына эч ким каршы деле эмес. Анүстүнө алар бизден 150 жыл мурда жашаган. Демек, алар жолугушкан болсо, биз канчалык кааласак да, алардын жолугушуусуна жолтоо боло алмак эмеспиз. Кеп башкада. Маселе, Арстанбек менен Жеңижоктун учурашуу ыры аркылуу адабият тарыхындагы тарыхый так эместикке жол берилип жатат. Буга көз жумуп коюуга болбойт. Тарыхта эки акын жолугуштубу же жокпу буга далилибиз да, төгүндөй турган маалыматыбыз да жок. Мүмкүн жолугушкандыр, мүмкүн жолугушпагандыр. Эми, биз алардын жанында болбогон соң, аны айтуу кыйын. Жолугушса жакшы, жолугушпаса Арстанбек менен Жеңижокту учураштырып ырдаттырып, аны бир китептен экинчи китепке кайталап басуу, айтышка хронологиялык-текстологиялык иликтөө жасабай туруп, адабият журтчулугун тарыхый чындыктан адаштыруу – эки акындын чыгармачылыгына карата жасалган кайдыгерлик, ары кыянаттык экени айтпаса да түшүнүктүү.

Дегеле, Жеңижоктун чыгармачылыгы жана өмүрү тууралуу көп айтылып, көп жазылган менен бурмалоолор, жасалмалуулуктар да ошончо арбын. Мүмкүн союз мезгилинде Жеңижоктун чыгармачылыгы коргоого муктаж болсо болгондур. Адабиятчылар ошон үчүн атайылап туруп, аң-сезимдүү түрдө Жеңижокту көкөлөтүп, Эсенаманды басмырлатып баа бергендир. Аны түшүнүү менен кабыл алса болот. Бүгүнкү күндө Жеңижок эч кандай коргоого муктаж эмес. Эгер муктаж болсо, анда "лже" Жеңижок сүйүүчүлөрдөн коргоого, анын чыгармачылыгын колдон келишинче бурмалап келаткандардан коргоого муктаж.

Андыктан, адабият тарыхын бурмалабай, болгонун болгондой айтуу тарыхый зарылдык. Адабият тарыхын тактоону бүгүндөн баштоо керек. Эгерде, адабият тарыхында жазылып, тастыкталып келаткандай, Арстанбек 1824-жылы төрөлүп, 1878-жылы 54 жашында кайтыш болсо, анда 1880-жылдары Арстанбек менен Жеңижоктун жолугушуп, учурашып ырдашы тарыхый чындыкка дал келбейт жана акылга сыйбайт. Андай болгондо, эки акындын учурашуу ыры башынан аягына чейин жасалма, ким бирөөлөрдүн эки акындын даңазасын көтөрүү максатында ойлоп тапкан табылгасы. Бирок ал тарыхты жакшы билбегендиктен, хронологиялык дал келбөөчүлүктөргө жол берген жана "Арстанбек" китебин басууда түзүүчүлөр байкабай калгандыктан, жыйнакка ошол боюнча чыгып кеткен. Арстанбек менен Жеңижок тирүү болсо, ыр текстин өзү чампалай салган адамга ыраазылык айтпастан, аның бул кылыгы үчүн "учурашмак" да эмес.

Дегинкисинде, кыргыз адабиятынын тарыхында, анын ичинде акындар чыгармачылыгында мындай так эместиктер, чаташ жагдайлар четинен эле жолугат. Ошол эле Жеңижок тууралуу айтсак, "Эсенаман менен Жеңижоктун айтышынын" кириш сөзүндө Жеңижокту Аксыга Ташкара деген болуш кубалаткан деп тастыкталып, Жеңижок таануучулардын баары өз иликтөөлөрүндө ошентип жазып келатышат. Ташкара деген ким болгон деп, кызыгып койгон бири жок. Чындыгында, Ташкара болуш ойдон чыгарылган каарман эмес. Ал тарыхый инсан. "Кара-Буура" районунун тарыхы аталган китепте Ташкара 1865-жылы туулганы ак-карасынан жазылып турат. Андай болгондо, Ташкара энесинин курсагында түйүлдүк боло электе эле, Жеңижокту Аксыга кубалаттырып жиберүүнү ойлогон болобу? Сөздүн ток этер жери, Жеңижок "жеңижок таануучулардын" ашкере сүйүүсүнөн коргоого муктаж жана Арстанбек менен Жеңижоктун "... учурашуу ыры" сыяктуу айрым дал келбөөчүлүктөрдү эмитен тактап койбосо, кийин андай чаташ маселелер Арстанбектин да, Жеңижоктун да чыгармачылыгына көлөкө түшүрүп, акындык кадыр-баркына шек келтирери талашсыз.

2013-жыл.
("Эсенаман" китеби,
Бишкек, Турар басмасы, 2014,
255-262-беттер)

Туратбек Касымов,
жазуучу

БОРОНБАЙДЫН КЕРЭЭЗИНДЕ

(Бул шарттуу аталыш – түзүүчүдөн)

Өтөм мына дүйнөдөн,
Аман жүргөн ким деген.
Ажал улук баарынан,
Сактасын кудай каарынан.
Элиңе жакса мүнөзүң,
Ал кудайга жакканың –
Ыраазылык тапканың.

Эми, журтум уккула,
Айтканымды туткула.
Ат чаптырба ашыма,
Коргон курба башыма!
Ат чаптырсаң ашыма,
Коргон курсаң башыма,

Кожо-молдо кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат.
Чапкан ат келип өлгөндү,
Тебелеп кетет деп айтат!

Сөзүмдү уккун байбиче,
Менин сөзүм кармагын.
Акылың болсо ойлонуп,
Айткан сөзүм кууп ал.
Айнектей бетке так салбай,
Башынды –
Ак жоолук менен бууп ал!

Журтум,
Ысык-Көлдөн чыкпанар,
Жерге салгын эгинди,
Тегиз уккун кебимди.
Табайын журтум эбинди,
Айтайын керээз кебимди:
Түлкүлөрүн ыштанар,
Түп, Жыргалаң кыштаңар.
Эл жайлоого чыкканда,
Серүүндүн жонун жайланар.

Ага-инилер сыйлашып,
Ынтымак болуп баарынар.
Сарбагыштын зарпынан,
Күйдүргөн күндө дартынан.
Баштап келдим орусту,
Баш карматтым болушту.
Келе турган заманга,
Кеңитип кеттим конушту.
Эгин айдап, бак тигип,
Көнүнөр журтум дыйканга,
Баш катырбай моюн сун,
Шарият менен мыйзамга.
Өрөөнүмө бак сайдым,
Өзүмөн кийин калганга,
Өрнөк болсун деп сайдым.

Сөөгүмдү алыс таштаба,
Терең жашыр кабырга.
Үстүмө таш үйбөгүн,
Белги коюп күйбөгүн.

Мүрзөм текши, түз болсун,
Менден элге күз консун.
Жылкы айдатып тегизде,
Тынч жатсын сөөгүм бул түздө...

Шашылбай, кысылбай жамактатып сүйлөсө да, сөзүнөн жаңылган жок. Көздөрүн жумуп, мемиреп кыйла жатты.

Кылыч аяр басып, атасынын жүзүнөн өптү. Анын артынан калган уулдары жакындашып, бири сакалынан, бири колунан өөп жатышты. Ошол маалда Боронбай көздөрүн ачты. Арстанбек колдоруна манаптын колун алып, унчукту:

-Аван, эмне болуп турасыз, ал-күчүңүз жаман эмес, жыйылыңыз!

Чоң манап көзүн буруп, Арстанбекке сырдуу, амалдуу карады. Аныcы, жок, маалы келип калды, кармабагыла дегендей эле. Бирок чоң манаптын журтуна, балдарына, байбичелерине айткан кептерин толук укkан Арстанбек дөө-шаалардын артында калган сый-урматтарын угуп, көргөндөрүн эстеди.

Ооба, чын дүйнө ар жакта экенин, жалган дүйнө бул экенин акылынан чубатты. Отуз-кырктын ортосунда ырчылык, комузчулук, төкмөлүк өнөрү толуп турган Арстанбек өз мезгилинин түшүнүгү менен ырын чубуртуп жиберди:

Оо, Боронбай абаке,
Журт башчысы сен элең,
Жомогуң айткан мен элем.
Ат чаптырбас ашыңа,
Коргон курбас башыңа,
Бетине тырмак албаган,
Белине аркан чалбаган.
Катыны аза күтпөгөн,
Ханзаадага күйбөгөн.
Сарбагыш, солто, саяктын,
Кайсынысынан кем элең?
Калыс сөздү айтайын,
Көлдө сүзгөн кеме элең,
Калк коргогон эр элең.
Кул өлгөндөй кыл дейсиң,
Күлпөттөп сөөгү коюлуп,
Кыргыз, казак чогулуп,
Ашы-жытың берилип,
Ак өргөөлөр тигилип.
Аргымактар чабылып,
Ырчылар ырдап жабылып.
Эр эңишер балбандар,
Эл четинен табылып.
Элиң урмат кылбастан,
Сен – кай жериңден кем элең?..

Боронбай чоң манаптын өңүнөн нур төгүлүп, бутун кериле сунуп, уктагандай көөшөлүп, тыным алып укту, анын жарыкчылык менен коштошуп жаткан акыркы убактысы экенин түшүнгөн туугандары буттарынын учтары менен басышып, жанына келишти, тизелерин бүгүштү, баштарын ийишип, таазим беришти, үн-сөзү жок, бирок кейиштүү сыртка чыгып атышты. Эл аягында ыйман айтканы кирген Ногоев Файзулланын (Файзулла өзү Омбуга кеткен эле) улуу уулу Зиулла (Зия), дагы эки-үч сакалдуу кишилер калышты. Алма манаптын башында жоолугунун учу менен жашын сүртүп, тумшугун анын топусуна жөлөп турду. Керийма жүзүн Боронбайдын бутунан көтөргөн жок. Тынч, демин ичине катып, ыйлап жатты.

Боронбай мемирегенден мемирей берди. Зия үн чыгарып, ыйман айта баштады. Алма менен Керийманын үндөрү бук эте чыгып кетти. Аларды укkан Зия баш көтөрүп, унчукту:

-Сабыр эткиле. Бул кишиге Азрейил келип турат. Үнүңүздөрдү чыгарбаңыздар, жанын кыйнап коёсуздар, чоң манап камынып алды.

Ыйман айтылып жатты. Боронбай чоң манап небак тынч алган. Кыйналган жок, дымырап о дүйнөгө кете берди. Арты кайырлуу болду. Журтуна тынччылык, теңчилик берсин. Бул адамдын мүдөөсү ушул эле. Кабыл болду!..

Дархан айылы,
2005-жылдын 30-октябры.
(Туратбек Касымовдун "Боронбай жана Төрөтай" аттуу китебинен алынды, Бишкек – 2013, 518-521-беттер)

Кеңешкан Ысманова,
музей мээнеткери

АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ

Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882-ж.ж.) карыялардын айтуусуна караганда, жаш кезинен эле чыйрак чыгып, ырга жана комузга шыктуу болгон. Ал "Кожожаш", "Бердикожо", "Беш казак" аттуу кенже эпосторду айта билген. "Тар заман" Арстанбектин эң көлөмдүү чыгармасы болуу керек. Тилекке каршы, бул поэма да акындын калган ырларындай эле бизге толугу менен жеткен жок.

Атасы Буйлашты ээрчип, Арстанбектин Анжиянга барышы акындын ырчылык чеберчилигинин жогорулашына, анын атак-даңкка ээ болушуна көмөк көрсөтүп, кийинки тагдырына олуттуу таасир тийгизет. Арстанбек Алымбек датканын жанында жүрүп, Анжиян тегерегин бүт кыдырып, көп эл, көп жер көрөт. Далай ырчы, комузчулар менен беттешип, аларды жеңет. Кезегинде атагын алыстан угуп, жаш акын Жеңижок келип, өзүн сындатып, Арстанбектин батасын алып кеткен дешет. Арстанбек кыргыз элинин ошол кездеги башынан өткөргөн оор окуяларын көрөт. Кокон хандыгынын

үстөмдүгүн, бугу-сарбагыш чабыштарын, Кененсарынын кыргыздарга жасаган чабуулун жана орус падышачылыгынын жүргүзгөн колониялык саясатын көрүп, аларды ыр кылып кошуп, тайманбай айткан. Арстанбек Калыгулду көрбөсө да, угуп-билип, андан нуска алганы сезилип турат. Анын "Тар заманы" акын Калыгулдун "Акыр заманы" менен өтө окшош экендигин көрсөтөт. Айрым учурда аларды ажыратып билүү да кыйын.

Арстанбектин айткандарынан:

Байыркынын мингени,
Кылтылдаган ат болгон,
Кыргызга ким чак болгон?
Баатырлары көп болгон,
Байыркыга сөз болгон.
Кыраандары көп болгон,
Кылым арта сөз болгон.
Жомогу жолдо айтылган,
Жоругу жолдо камтылган.

Бул дүнүйө жалганда,
Өлбөй тирүү ким калаар,
Айры-айры жол калар.
Арманың ичте мол калар,
Айтылбаган сөз калар,
Ачылбаган сыр калар.
Аз күнчүлүк өмүрдө,
Аркы-терки теминип,
Аргымак атың жоорутпа.
Алабарман сөз сүйлөп,
Азамат көөнүн оорутпа.
Сөзү октой жамандан,
Жакын жүрбөй оолакта.

Айтса кулак илбесе,
Акылсыздын белгиси.
Адамдын көөнүн оорутпай,
Аста-секин кеп айтыш,
Асылдыктын белгиси.
Топту жарып сөз айтыш,
Чечендиктин белгиси.
Ата журтун ардакташ,
Азаматтын белгиси.
Мээнет менен жан багыш,
Адалдыктын белгиси.
Убада сөзүн унутуу,
Эсерликтин белгиси.
Алтын-күмүш кармаса,
Арамдыкка барбаса,
Зергерликтин белгиси.

Бейпай сөздү сүйбөгөн,
Жакшы адамдын белгиси.
Өрнөктүү өмүр баштаган,
Артына нуска таштаган,
Акылмандын белгиси.
Башкага элин сатпаган,
Бар жакшысын мактаган,
Журт намысын сактаган,
Көсөмдүктүн белгиси.
Кызылы өчсө өңүндүн,
Күчү кетсе белиндин,
Карылыктын белгиси.
Насыят айтыш балдарга,
Карыянын белгиси.
Ынтымак болсо элинде,
Кут конордун белгиси.

Көңүл сүйгөн жер болсо,
Айткан сөзүң эм болсо,
Акындын келет келгиси,
Бермет сөздү тергиси.

Адеби жок ырчыдан,
Артында жаман кеп калат.
Ачык нуска ырчыдан,
Ааламга кетчү сөз калат.

Тирүүлүктө агайын,
Бириңе-бириң кадырлаш.
Өтүп кетсе өмүрүң,
Экинчи кайра табылбас.

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да –
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң...

(К. Ысмановдун
"Улуу сөз – урпак казынасы" китебинен алынды.
Бишкек – 2012, 94-97-беттер)

Жангазы Акматов,
санжыра иликтөөчү, жазуучу

ДААНЫШМАН АКЫН АРСТАНБЕК

(1824-1878-ж.ж.)

Арстанбектин түпкү жайы мындай: Тынымсейит – Мортук – Токтогул – Акбагыш – Үркүнчү – Шопок – Чоро – Буйлаш – Арстанбек. Түпкү уругу бугу.

Кыргыздардын бугу уруусунан чыккан актандай ырчы, жез таңдай чечен, чебер комузчу, кыра кыл кыякчы, дааныштман Арстанбек болжолу, 1824-жылы Ысык-Көл дубанынын Жети-Өгүз аймагынын Сырт жайлоосунда туулган. Энеси Төрөкан, атасы Буйлаш-бий. Улуу катындан төрөлгөн агалары Арстанбекти кемсинтип, күнү катындары Төрөканды катарга кошпой, акырын басса аксак, катуу басса таскак деп сынтагып, кеп чыгарып, жамандап тургандыктан, Буйлаш койнуна жатпай, өзүнчө бөлүп, салбар кылып салган. Арстанбек эс тарткандан агаларына теңата боло албай, тирүүлөй жетимдикти башынан өткөрүп, колуна таяк кармап, тайтуяк тартынып, кой кайтарып калган.

Арстанбек он үчкө чыкканда түш көрөт. Түшүндө бийик бир адырга чыккан экен. Алдына чуудасы чубалган ак төө чөгүп, төөгө минген Арстанбек комуз чертип, көз жеткис көк конушту карап турат: оң тарабында кылкылдаган кыргыздар, сол тарабында казканактаган казактар, бет маңдайында ар кошкон эл жылдыздай чачырап, Арстанбек черткен күүлөрдү кунт коюп тыңшап турат. Дуу басар күү бүткөндө бардыгы дүрбөп, толкуган көлдөй удургуп, алкап жиберет. Аңгыча ойгонуп кетип, жүрөгү элеп-желеп болуп, адыр ылдый түз эле атасынын конушун көздөй чуркайт. Буйлаш-бий ак өргөөдө кадырлуу карылар менен даам сызып, кымыз ичип отурган экен. Балалык байоо сезим менен декилдеп келген Арстанбек өргөгө жазганбай кирип келип, көргөн түшүн төкпөй-чачпай айтат. Ал заманда бийлер комуз черткен, чоор тарткан, ыр ырдаган, өнөр көрсөткөн адамдарды бакшыларга теңеп, барк алчу эмес. Буйлаш-бий намыстанып:

-Ата көйү, жамандын көргөн түшү да жаман. Комуз чертип, ыр ырдасаң, бакшы болот экенсиң. Анын эмнесин сүйүнчүлөп маа айтып келесиң? Бар ары, чык эшикке!-деп, демите бергенде, кымыз ичип отургандардын арасында Айтымбет (Айтмамбет - түзүүчүдөн) деген кыраакы киши бар экен:

-Сабыр кылыңыз, бий. Түштүн мойну ичке болот. Жакшылыкка жоруйлу. Түшүндө аян бериптир. Балаңыз атактуу адам болуп чыгат. Жайына коюңуз, чертсе черте берсин комузун. Көзү тик, сөзү так, гиркарак тура. Жүзбаш өргөөңүздүн ууктары жазы экен. Рахым кылыңыз, өргөөңүздүн үч лыптасынан үч уук сууруп алып, мен бул балаңызга чакан бир комуз чаап берейин, ырым болсун!-деп, дөөт колдогон Айтымбет уста комуз чаап берген экен.

Арстанбек ошол комузун койнуна катып, жатканда ала жатып, таңды-кеч кой артында жүрүп, шамалдын шапаатын, желаргынын шоокумун, токойдун шооратын, шар суунун элкинин тыңшап, жаратылыш кубулуштарын күүгө салат. Бара-бара көңүл абазы ойгонуп, ой-санаасы толгонуп, кыял чабыты эргип, күү мукамы шаңшып, ыр ыргагы таңшып чыгат.

Буйлаш-бий жаңы конушка көчкөндө эмерек-буюмдарын өгүзгө артып жатып, Арстанбектин комузун чий дөңгөсүнө жөлөгөн бойдон энеси унутуп кетет. Арстанбек кой айдап, алдыга кеткен. Жаңы конушка жеткенде, "Энекебай, комузумду ала келдиңби, унуткан жоксуңбу?"-деп сурайт. "Алда катыгүн ай-е, эсиңе жара чыккан жаным унуткан турбайымбы. Чийге жөлөгөн бойдон калган тура. Кокуй ай-е!.." деп, безилдей бергенде, Арстанбек:

-Кейибей коё тур, эне. Эгер мен чыныгы комузчу болуп чыгаар болсом, табылып калаар, кудайдан тилеп тур!-деп, өгүзүнө ыргып минип, мурунтугун силкип, өкүрөндөтүп жөнөйт. Арстанбек эски конушка жакындап калганда комуздун үч кылы шамалга дирилдеп турганын угат да, дароо өгүздөн ыпырылып түшөт. Комузун чий дөңгөсүнөн алып, чертип көрөт, күүлөнүп турган кылдарында бир сыр бар өндөнөт. Терип чертет, кагып чертет, кол ойнотуп чертет. Комузу сууган күлүктөй өзүнөн өзү күүгө келет. Ал күү кийин "Арстанбектин какмасы" аталат.

Арстанбек он жетиге караганда, Буйлаш Анжыянга мал айдашып барып, Кокон бийлигине туткун болот. Жылкыларын сарбаздар бөлүп кетип, Буйлашты зынданга камап салышат. Арадан жыл өтүп, Буйлаштан эч кабар алалбай, Боронбай жер сабап:

-Ээ, кокуй, издеп барар, кабар алар эли-журту жокпу? Атанын кунун төлөчү, атын чыгарчу артында калган балдары жокпу? Алиги улуу катындан, кичүү катындан туулган тукумдары кайда?-дегенде, билген сынаакы бирөө: "Бычакка саптуусу жок, улуу катындын балдары жата калып мал туягын санагандан башканы билбейт. Кичүү катынынан туулган бирөө бар, бирок ал жаш".

-Жаш эмес, быйыл он жетиде деп уккам. Атанын намысына жарабаган, атанын кунун куубаган тукумду туудуруп не кереги бар? Жараса ошол жарайт, барса ошол барат. Арстанбекти ала баргыла. Кана, эмесе аттангыла! Кудай жол берсин!-деп, чыгаан күлүк жылкыларды айдатып, Балбай баштаган баатыр жигиттерди жөнөтөт Боронбай.

Бугу жигиттери Алымбек даткага кырк күлүк тартуулап, Кокон хандыгына арага салып, кык чыгарып жүргөн жеринен Буйлашты бошотуп алышат. Арстанбек бир жылга Алымбек-датканын колунда барымтада калат. Кылкыяк тарткан, комуз черткен өнөрлүү улан Алымбек-датканын ырчысы болуп, Фергана, Маргалаң, Наманган, Ош, Өзгөн, Кокон, Кожон, Анжыян шаарларын аралап чыгат. Ошондо черткен "Анжыян калкы", "Кайра качпа", "Бекарстан тайшы", "Дуу басар", "Кой бөлөр", "Кыз ойготор", "Кет Бука", "Ыйбарат", "Дүнүйө" деген күүлөрү эл арасына кеңири тарайт.

Сен, сен дүйнө,
Дайым бири кем дүйнө,
Азуулууга кең дүйнө,
Азуусузга көр дүйнө... деп чертет.

Жамбашына баштык асынып, эл кыдырган Календер Капыздан үйрөнгөн күүлөрүн:

Малым, малым дебегин,
Малың токой чымчыгы.
Багым, багым дебегин,
Багың тоонун чырпыгы-деп чертет.

Барымта мөөнөтү бүтөт. Алымбек Арстанбекти аттап-тондоп узатат. Элине келгенде энесине ак өргөө көтөртүп, салбар катын кылбай, ак токол кылып, атасы Буйлаш-бийди жанына жаткырат. "Бала жакшы чыкса, энесин тең кылат тура" деген сөз калат элде.

Ал өзүнүн өмүр жолунда көп эле чоң акын, залкар комузчулар менен беттешип, жеңип жүргөн экен. Бул каңшаарды Ормондун уулу Сейилкан угуп, беттешүүгө чакырат. Сейилкан чебер комузчу, далайларды алдастатып, жеңип келген. Эч качан жеңилүүнүн ызасын тартпаган. Эгер теңдеше албаса аны жок кылып, тындым кылуучу. Чынында Сейилкан өзүн ханзаада сезип, жигит курап алып, нечен үлпөттөрдү уюштуруп, шаан-шөкөттө жүрүүчү. Сейилкандын жердеген жери Кара-Кочкор. Ал аппак үч өргөөлөрдү тиктирип, алардын алдыларына мамыларды орноттуруп коюучу. Алар түрдүү боло турган. Бири жез, бири зергер, бири карагай мамы. Керме дайыма тартылуу. Арстанбек маалкатып, чакырткандан кийин көп мезгилден кийин аттанат. Барбаган себеби, атасы жана туугандары каршы чыгышып, эгер барып, жеңилип калсаң, экинчи комуз кармагыс кылат же өлтүртүп коёт. Кун алууга бизде дарамет жок дешет. Кийинки жылы да чакыртат, бирок барбаган соң, "Арстанбектин шалкы күү" деп, шылдыңдап, мыкты комузчу болсо мага келбейт беле деп, элге жаят. Ошондон кийин иниси Алыбекти ээрчитип барат. Барса, Сейилкан үйүндө жок экен. Жолоочунун аттарын алып, жез мамыга байлайт. Жигит тез эле чыгып кетет да, ханзаадага кабарлайт.

-Конокмун деп, бир жигит күтүп отурат-дейт жигит бүжүрөп.

Сырттан чыккан дабыштан улам Арстанбек утурлай басып, ийилип салам берип учурашат.

-Ии, болсун, кайып бугум, акыры келипсиң.

-Урматтуу мырза, чакыртыпсыз, келдик.

-Келгениң жакшы. Жалпы кыргызга атагың тарап, акын, залкар комузчу болупсуң, өнөрүңдү өз көзүм менен көрүп, күүңдү өз кулагым менен угайын деп чакыртқам. Чарчап келгендирсиң, эс ал-деди.

Ал күнү тынч жатышты. Эртеси Сейилкан бир күүнү чертип, ошол күүнү кайталап черт деп, кезекти узатты. Күүнү так өзүндөй, кайрылуусунан жаңылбай так чертет. Арстанбекке кезек келгенде, ал "Бото камбаркан" деген күүсүн чертип бүтүп, Сейилканга сунат. Сейилкан да "Бото камбарканды"

так өзүндөй аткарат. Бул күүнү Арстанбек көп кайрыктан кураганын эстеп, муну да так аткарды. Өнөрү да чоң экен деп ойлоп койду. Жалпы эл да кетпей, өтө ынтызарлык менен менен күүлөрдү угуп, кетишпеди. Беттешүү өтө курч өтүп жатты. Арстанбек бу оңойлук менен жеңдире турган түрү жок деп, ичинен ойлоп, жанындагы иниси Алыбекке оң бутун сунуп, өтүктү тарт деди. Арстанбек белиндеги кестикти кынынан сууруп алып, бутунун манжасына иле сала, өзүнүн "Дүңгүрөмө" деген тамашалуу күүсүн чертип, тигиле көз нурун жиберсе, ал да тикирейе карап турган экен.

Сейилкан да бутун жигитине сунуп, өтүгүн чечтирип алганда, күмүш сап, жез толтолуу кестигин бутунун манжасына илип алды да, "Дүңгүрөмөнү" чертип кирди. Ал бардыгын так аткарып жаткан, бирок кырсыкты кайдан деп болот? Күүнүн акыркы кайрыгында комуздун бир кылын бычак шырт кесип, чарт деп, кыл үзүлөт. Сейилкан комузду мойнунан кармай калып, жерге бир чаап, ордунан обдулуп тура, эшикти серпе сала чыгып кетти.

Ошентип, Сейилкан ызасына чыдабай атына минип, мергенчиликке алаксып кетти. Ал Арстанбекти узатып коюуну айыл аксакалына тапшырган экен. Алыбек экөөнө чапан жаап, бир быштыатты жетелетип узатты.

Көп узабай казактын атактуу төрөсү Тезек Каңтарбай деген ырчысы менен келет. Ак өргөдө өргүп жатып, Каңтарбайды ырдатып, чер жазышат. Сөздөн сөз чыгып, Арстанбек даанышман, төкмө акын болгонун айтып калышат. Ошол жигитти бир сыныман өткөрөйүн деп калат. Арстанбекти Тилекмат ээрчитип барат. Мында зң мыктылардын 10-15и катышат. Ак өргөнүн төрүндө Тезек төрө Каңтарбайды жанына алган. Боронбай, Тилекматтар кеңешип, Арстанбекке муну эскертет:

-Сен бизден кийин кир да, колуңду бооруңа алып, салам айт, бирок кол алышпа. Картаңбай 68 жашта, көгала сакалчан киши. Болжолдоп барып, маңдайына чөк түшүп отур. Жаштык кылып, ал кишиден мурда сөз баштаба. Кудай-арбак колдосо, өзүң билгендей жооп айтаарсың-дешет.

Бардыгы киришип, жайлана отурушканда, төрдөгү домбура кармаган киши:

-Ой-бай, кыргыз агайындар! Ат арытып, этеги кериле элек бир балапан сорлууну алдырыпсыңар го. Ушуну көрүүгө бүткүл казак туускандар күтүп отуру эканбиз гой-деп, Картаңбай Арстанбекке:

-Менин сөзүмдү укпаган казак-кыргыздан адам жок шыгар. Кана, карагым, энди комузуңду коолай отур. Кыргыз агайындар экөөмүздү беттештирген отур гой. Мен ак сөздү сенге бердим-дейт (Бул эскерүү журналист Надырбековдун калемине таандык).

Арстанбек комузун күүлөп чертип, үнүн көтөрөт. Торгойдой безеп, булбулдай шаңшып, абаздай жаңырат:

Сен – казактан чыккан Каңтарбай,
Мен – кыргыздан чыккан Арстанбай.
Чын-чынынан айталы,
Тозок отун жазданбай.

Жалган айтып жамашка,
Жаралыпсың шайтандай.
Азезилге алданба,
Агала сакал чагында.
Азап тартып жүрбөгүн,
Акыретке барганда.
Эки элге тиле ынтымак,
Ээгинде сакал агала.
Кудай бирөө, Куран чын,
Келме келтир Аллага.
Казак менен кыргызды,
Бөлө албайсың жалганда.
Шылдыңдайм деп, калп айтсаң,
Шылкыясын ал жайда.
Казактын теги кыргыздан,
Далилдеп берем шашылба.
Мен айтайын башынан,
Дүйнөгө мурда келгенди.
Жаратты Кудай биринчи,
Асман менен жерлерди.
Жан-жаныбар жашоого,
Жарык кылып Күн берди.
Тирүүлүгүн билсин деп,
Түнкүсүнө Ай берди.
Суусуз жашоо болбойт деп,
Жалпысына кам көрдү.
Адам артык болсун деп,
Акыл менен тил берди.
Адил жүрөөр бекем деп,
Амал, өнөр, дил берди...

Ушинтип, Адам ата, Обо энеден тартып, өткөндөрдүн жашоо тирлигин, пайгамбарлардын башынан өткөн окуяларын, каапыр-мусулман айырмасын айтып ырдап, анан кийинки болуучу турмушту, жаңы келе баштаган орус падышачылыгынын максатын, "Тар заман", "Акыр заман" деген чыгармаларын терең сүрөттөп, акырында кыргыз-казактын бир Алаштан тараган бир тууган экенин далилдеп, бир эт бышым убакыттан көбүрөөк ырдап токтолот да:

-Картаңбай ата, маган собол бергин. Менин айткандарымды бул отурган төрө, бийлер тыңдап отурушту. Айткандарым чын болсо, Кудай алдында кабыл ал. Эгер жалган, калп десең, мени кара эшек кылып минип ал-дейт. Анда Картаңбай: -Баракелде, жарыгым!.. Кыргыз акындарынын шолпону экенсин гой, ырахмат уулум, менин айтаар сөзүм жок...-дептир.

Арстанбек Көл айланасындагы элди кыдырып, жерди сыдырып, тоолорду аралап, белестерди ашып, айылдарга таанышып келатып, жайлоонун толукшуган кезинде бир байдын чоң тоюна туш келет. Бай ушун-

чалык ченебегендей дүйнөгө марып, көзүнө эч нерсе көрүнбөй, чатырап турган кези экен. Малайлары көзүнүн агы менен айланып, ташы өйдө кулап, адамды адам дебей, бардыгынан өзүн жогору сезгенин Арстанбек өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен угуп, ынанат. Ошончолук чоң той берип жатып, Арстанбектерди тосуп алууга арзыбайт. Муну түшүнгөн акын ал жерге түшпөстөн, тээ жогору жактагы айылга келип түшөт. Арстанбектин тойго токтобой кеткенин ошол айылдын аксакал карыялары угуп, бардыгы Арстанбектин артынан келишет. Алардын келгендерине терең ыраазы болгон Арстанбек:

-Ой, айланайын, калайык калк, силерге чон ырахмат! Тиги чоң той берген байыңардын иргесинен ырыскы качып, казаны чокко түшкөнү калыптыр. Мелт-калт болгон бактысы төгүлүүгө, чачылууга чыңалып кеткен кези экен. Кудай Таалам байыңардын пейилинин тарыганынан бар байлыгын соолткон окшобойбу. Эми, агайын-туугандар, турмуштун өзүнөн чыккан санат-насаатынан ортого салайын:

Оору-сыркоо болбосо,
Жаныңда адам карыбас.
Санаа тартып күйбөсө,
Сай-сайлап киши арыбас.
Жалкоо адам жарыбас,
Жамандык башка түшпөсө,
Адам адамга зарылбас.
Күнүгө алтын тапса да,
Акылсыз жигит байыбас!-деп, бир тыным алды да, ырын улантты. Ал менменсинген, өзүн башкалардан жогору койгон, бир гана Кудайым ага бакыт сепкендей сезгендерди таамай, так айтып отурду:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып, учса да –
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң-деп, Арстанбек коңгуроодой үнүн жаңыртып жатты.

Жанагы артынан ээрчип келгендер алкап, терең урматташты. Алар Арстанбекти эч жакка кетиришпей, айлап ырдатышып, комуз черттирип, кумардан чыгышты. Ошол айылдын берен жигити үйлөнүү үлпөт тоюна чакырып, меймандап, дилде чапан жаап, жорго мингизди. Элдин эсинде Арстанбектин батасы түбөлүккө сакталып калды:

...Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.
Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Калк чөлдөсө жамгыр бол,
Карыптарга кайрым бол.
Алы жокко айбар бол,
Ашы жокко айран бол.
Эрегиш чыкса, элчи бол,
Эл-журтундун кенчи бол.
Балалууга бешик бол,
Бак-таалайга эшик бол.
Пейилдүүгө бейпил бол,
Тар дүйнөгө мейкин бол.
Нысаптууга байыр бол,
Мүлдө журтка шайыр бол.
Таразанын ташы бол,
Так чындыктын башы бол.
Санат сөзүң сан болсун,
Санжыра сөзүң саз болсун.
Калың кыргыз элине,
Кадыры артык баа болсун!

Арстанбек ушул айылдан узап кеткенден кийин, баягы чоң той берген байдын пейилине жараша каргашалуу кырсык болуптур. Той берген уулу азоо аттан жыгылып, каза тааптыр. Тагдыр деген ушу экен.

Кийинки жылы Арстанбек Каркыра жайлоосунда жүрсө, Жеңижок издеп барып, таап, таалим алган экен. Арстанбектин төкмө ырчылыгына жана комузда кол ойнотконуна терең баа бериптир. Арстанбектин өтө көп чыгармаларынын обондору жана күүлөрү эл арасында кеңири тараган. Анын "Беш казак", "Чоро", "Кожожаш" дастандары, "Тар заман" ыр-санаттары эл казынасында. "Кер толгоо", "Камбаркан", "Мендирман", "Дүңгүрөмө", "Айганым", "Кер өзөн", "Айдарым", "Анжиан даткасы" (бул Алымбек-даткага арналган) жана башка күүлөрү дааньшмандын аброюн бийик көтөрүп турган чыгармалары.

Кайсы жерде топ болсо, Арстанбек ошо жерге чакыртылат. Арстанбек той үстүндө, той Арстанбектин үстүндө болот. Чокон Валиханов Ысык-Көлгө келгенде, Боронбай манасчылар менен бирге Арстанбекти алдырат. Арстанбектин черткен күүлөрүн угуп, Чокон таң калат. Анын "Тар заман" казалын жазып алат.

Боронбай төбөсүнөн сезгенип, ооруп жатканда Арстанбек өмүр, өлүм, дүнүйө жөнүндө арман күүлөрүн чертип, башында болгон. 1858-жылы Боронбай дүйнөдөн кайтат. Ошондо отуз төрт жаштагы Арстанбек айтылуу аза күүсүн жамактап чертет. Арстанбектен өтө көп мурас калган. Ал беш жүз күү черткен. Бирок ал заманда азыркыдай газета, журнал, китеп, музей, сыналгы, үналгы болбогондуктан, мурасы жазылбай, анчамынчасы гана эл оозунда калып, биздин күндөргө жеткен. Арстанбекти калың элге жеткизе черткен Карамолдо Орозов болду.

Арстанбектин өмүрлүк жары Үмөтай Саруу айылынан, саруу уругунун кызы болгон. Бүткүл кыргыз-казакты аралап ырдаган, ойчул акын 1878-жылы Чычкан-Башы жайлоосунда дүйнөдөн кайткан. Анын сөөгүн Баш-Булакты ашырып, Жууку өрөөнүндөгү Таш-Кыя көрүстөнүнө коюшат, эстелик белги коюлган эмес.

Эгерде байыркы дүйнөдө жашап өткөн Аристотель, Сократ, Платондорду Грециянын ойчул-философтору деп, атай турган болсок, анда келе турган замандын алдын көрүп айткан олуя: Калыгул, Арстанбек, Кылычты көчмөн элдин ойчул-философтору деп атаар элек. Бир кезекте буларды реакциячыл-заманчы акындар деп, жаманатты кылышкан, бирок тарых бардыгын өз-өз ордуна коёт экен.

АРСТАНБЕК ЧЕРТКЕН КҮҮЛӨР:

"Арстанбектин какмасы", "Арстанбектин арманы", "Арстанбектин тар заман", "Боронбайдын азасы", "Бекарстан тайшы", "Көкөй кести", "Анжыян калкы", "Кайра качпа", "Сынган бугу", "Дуу басар", "Кой бөлөр", "Кыз ойготор", "Камбаркан Шыңгырама", "Насыйкат", "Аксак кулан", "Кара торгой", "Терс кайрык", "Ыйбарат", "Дүнүйө", "Кет Бука", "Шүдүңгүт", "Кыз оюн", "Кер толгоо", "Ботой", "Эки ногой айрылыш", "Аккочкор", "Каңкы", "Карагул ботом" ж.б.

АРСТАНБЕКТИН СОҢКУ ЫРЫНАН:

Каркыранын белинде,
Кайран жаным ооруду.
Жан койбогон жаналгыч,
Жалгыз жанды тооруду.
Ак сакалын жайкалткан,
Албан малын айдаткан,

Казы-карта чайнаткан,
Кара жерге дан баккан,
Атамды берсем алабы?
Алтын жаным калабы?..
Жез самоорун кайнаткан,
Желеге бээ байлаткан,
Дасторконун жайнаткан,
Дандырына нан жапкан,
Качан көрсөң жайдары,
Каныкейдей кайратман,
Кабак-кашым дебестен,
Капсаланда жан баккан,
Энемди берсем алабы?
Эсил жаным калабы?..
Колтугумда бир жаткан,
Кордугумду бир тарткан,
Сансыз дүйнө жаткансып,
Сандыгына сыр каткан,
Эски журттан көчкөндө,
Эки төөгө жүк арткан,
Аялым берсем алабы?
Аялуу жаным калабы?..
Булбулдай тилин сайраткан,
Бир айтканын кайра айткан,
Бажырайып караган,
Бал-бал көзүн жайнаткан,
Энекеси эмчегин,
Эки маал айматкан,
Чырагым берсем алабы?
Чымын жаным калабы?..
Албаса анда жетиптир,
Арстанбектин ажалы![1]-деп, ырдаган экен жан таслим кылаарда кайран акын.

Арстанбектин комузчулук өнөрү бала чагынан эле өөрчүгөн деп, эл оозунда кеңири айтылып жүрөт. Бекеринен Арстанбек комузга куштардын сайраганын туурап черткенде, чымчыктар отурган жеринен магдырап, кулаган учурлары болгон дешет.

Демек, даанышман акын Арстанбек Тынымсейиттин тукумдарынын арасында гана эмес, бүтүндөй кыргыз журтчулугунда түн жарып чыккан Айдай, балбылдап нур чачкан Күндөй болуп турат.

(Жангазы Акматовдун
"Бабалар баяны же урпакка кеткен жол"
деген китебинен алынды.
Бишкек – 2013, 137-147-беттер)

[1] Ырды Эрнис Турсунов – Жангазы Акматовдун суроосу менен ушул китепке арнап жазган. 2013-жылдын май айы

Молдокмат Кулумбай уулу,
санжырачы

АРСТАНБЕК

(Арстанбектин "Не жаман" деген
пикирине кошумчалар)

- Биринчиси не жаман, билгизбей жеген бит жаман, баккан ээсин тааныбай, качырып капкан ит жаман.
- Экинчиси не жаман, эл тааныбас эр жаман, таш агызып каптаган, калабалуу сел жаман.
- Үчүнчүсү не жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман, атаңдын көрү, арада айгышып калган өч жаман.
- Төртүнчүсү не жаман, күңкүлдөп ачык айтпаган, ушак-айың сөз жаман, башыңдан өтүп келаткан, бар-жокту байка көз жаман, билимдүү, калыс болсоң сен, багыңды ачат бул заман.
- Бешинчиси не жаман, суук айткан адам сөзүнөн, көңүлдө калган дат жаман, таба кылып душманга, өзүңдөн чыккан жат жаман.
- Алтынчысы не жаман, эрсинбей сени аялың, көңүлдөш тапса, бул жаман, эркиндикти аялга берет го, кийин шум заман.
- Жетинчиси не жаман, напсиңди тыйгын бул жаман, азамат жигит экен деп, ыраазы болот эл саган.
- Сегизинчи не жаман, карыптык чиркин эң жаман, эркинче эркин баса албай, карысаң тарыйт кең заман.
-Тогузунчу не жаман, тозоктуу дүйнө жок жаман, убал-сооптон коркпостон, ууру кылган шок жаман.
-Онунчусу не жаман, ороңдоп оюн бербестен, кепке келбес бул жаман, жамандыкты амандык, акыры жеңет дейт адам.
-Он биринчи не жаман, ойлобой айткан сөз жаман, ата-энеге боорукер, кайрымдуу болсун өз балаң.
-Он экинчи не жаман, байбичеден ажырап, баса албай калган чал жаман, карыпчылык кайгыртып, башыңа келет тар заман.
-Он үчүнчү не жаман, оору кор, өлүм эң жаман, калканч болуп карышка, кайрымдуу болгун сен балам.
-Он төртүнчү не жаман, алганың абийир сактабай, ажылдап турса ал жаман, келинден кемтик кетпесе, кайда кетет өз балаң.
-Он бешинчи не жаман, ойнобогун от жаман, кайдан билсин катыгүн, ач кадырын ток балаң.
-Он алтынчы не жаман, айта берсе, көп жаман, Алла таала буюрса, акыры болоор төп заман.

(Молдокмат Кулумбай уулу.
"Санжыра дастаны" китебинен,
Б. 2013. 123-б.)

Табылды Акпан,
Кыргыз Республикасынын эл артисти

УЛУУ АКЫН ЖӨНҮНДӨ УЧКАЙ КЕП

Адатта, биз, Арстанбек атаны акындык өнөрдүн арыстаны, комузчулуктун Кожомкулу, деги эле жалпысынан биз билгенден, укандан өнөр – пири, атасы деген түшүнүк, сый-урматтын жогорку чегинде, бийик даңазанын төрүндө кадыр тутуп, айтып келебиз. Бул – туура, накта чындык!

Мындай жогорку наамды бүгүнкү биз эле эмес, өткөн өнөр залкарлары да берген, жалпы кыргыз элинин даңаза-даңктоосуна ээ болгон жана татыктуу өнөр ээси, маалым болуп келген – улуу акын, чебер комузчу экени да чындык...

Эми, биздин, бүгүнкү урпактардын улуу акындын арбагынын алдында вазийпабыз эмине? Кандай сый кылсак, арбакты ыраазы кыла алабыз? Кантип элдин көкөйүндөгү үмүт-тилегинин өтөсүнө чыгабыз? "Балбал" деп эле, айта бергенден ооз таттуу болуп калбайт. Аны, балды жегенден кийин анан, "бах, таттуу экен" десек гана окшошкону жатат. "Арстанбек 500дөй күүнү чертүүчү экен, Арстанбекке периштелер шыбырап туруучу экен" ж.б.у.с. таң каларлык кереметтүү акынга, кыргыз элинин даңазасын таш жарган кулунуна бир иш, бир түбөлүктүү эмгек жаратып койбой туруп эле – "антиш керек, минтиш керек" деп, баймабай жыйын кыла бергенибиз – одоно эле жумуш.

Ырас, илимпоз-тарыхчылар, билимпоз-адабиятчылар изилдей берсин, каза берсин, улам жаңы нерселерди ача берсин. Алардын иши ошол. А жалпы коомчулуктун суроосун канааттандырып, азыркы өкмөттүн ишмилдети – улуу акынга Жеңижоктун сүрөттөөсүнүн негизинде борбор калаабызга бир жакшы эстелик тургузуп же бир чоң көчөнүн, керек болсо айыл аймагынын атын ыйгарса, ашыктык кылбайт болчу. Атабызга куп жараша түшмөк.

Арстанбек тургай "а замандагы" айыл деңгээлинен ары жакка атагы чыкпаган "активдердин" деле атын коюп, түгөтө албай жатабыз го?! Ал эми жазмакер-драматургдарга жаздырып, театр сахнасында спектакли ойнолуп турса, эң эле көркөм дүйнө болбойт беле? Чаканбы, кененби, көркөмбү же даректүүбү фильм-тасма жаратып койсо – арбак тургай, кудай таала ыраазы болмок. Кулак менен уккан калп, көз менен көргөн чын демекчи, эл көрүп-билип, Арстанбектей алп акынын ардактап алмак.

Дагы айтам, байма-бай эле конференция-жыйындарды өткөрө берүүдөн көп деле зыян тартпайбыз, ошол эле учурда анчалык деле пайда алып келбейбиз. Мунубуз баягы эле, баланча урук Арстанбектин 190 жылдыгына карата камынып жатыптыр деген жасалма намыскөйлүктүн жаатынын бир көрүнүшү катары кала берет. Андыктан иш кылалы, анчалык эле ардыгып, намысын колго алгысы келсе, тынымсейит бабанын тукумдары бир айылына Арстанбек атанын наамын алып берсин!

Кудайга шүгүр, тынымсейит уругу он, он эки айыл, Нарын дайрасынын берки өйүзүнөн баштап, Долондун белине чейин, бүт бир атанын урпактары эмеспи. Арасында бай сымактары толтура. Бир ишти бүтүрүп туруп, анан "Арстанбек, Арстанбек" деп, айкайлап турсак, абдан жарашат.

Мына, менин атам Актан Тыныбек уулунун "Аалыкенин ашы" аттуу чыгармасында Арстанбек акын жөнүндө эң бир даана, так, көркөм жазылган эпизоддор бар. Эл ичинде улуу ырчы тууралуу уламыш-даректер али айтылып жүрөт. Экөөнү айкаштырып, жыйнап, китеп кылып чыгарса, жакшы болмок. Бул иштин эң бир маани-маңызынын "майлуу" жери мына ушунда. Жасай турган ишибиз көп, сөзүбүз андан көп, чети оюлбай дың бойдон жатат. Бир гана "Арстанбек" аттуу чакан жыйнактан бөлөк эч нерсебиз жок.

Ээн дөбөгө эки цементтин башын бириктирип койгон "эстелик" – Арстанбектин Ай чапчыган атак-аброюна ары айтканда, абийирдүү деле ардак-даңк алып келбейт. Чындап эле Арстанбек атабыздын аброюн арттырып, кийинкилерге мыкты мурас, таалим-тарых, көркөм-керемет эстеликтерди таштайлы десек, иш жасаш керек жана да иш кылышыбыз зарыл. "Бал-бал" деп, аны жебей эле, ооз тийбей эле сайрай бергенден эч качан таттуулугун, чыныгы даамын сезбейбиз, эч кимге дагы куру сөз менен сездире албайбыз. Ме, мобу акчаны ал да, пьеса жаз, ме, бул каржыга кино тарт, ме, буга эстелик жасап бер дечү өкмөт азыр жок! Мындай иштерди көкүрөгү бар бир-эки азамат жана улуу акынга болгон элдин урматы, сүйүүсү гана жүзөгө ашыра алат...

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияда сүйлөгөн сөзү)

Асан Жакшылыков,
Кыргыз эл акыны

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АЛП АКЫНЫ – АРСТАНБЕК!

Сөзмөр карыянын бирөөсүнүн оозунан же балким, атам айтчу көп сөзүнүн биридир, айтор эски дептериме мындайча жазылып калган экен:

"Көч баштоо кыйын эмес,
кайырлык болоор конушу бар.
Кол баштоо кыйын эмес,
артында карууланган колу бар.
Баарынан сөз баштоо кыйын –
өткөнү, сенде, көп калктын сөзү бар.
Туура айтсаң **мереке** болот,
кыйшык айтсаң **келеке** кылат".

Бул калетсиз чындык. Кыязы, адам өз сөзүнө өзү келеке болуп жүрүп, мерекеге жете бербей, өмүрү өтө берет окшойт го, анткени ар качан эле сөз жоопкерчилик менен сүйлөнбөйт. Пейилге жараша – сөз арбын, иши көп киши өмүрүн жай салды талдап олтурсаң, сөз аягы барып арман менен аяктап турат экен го, чиркин! Баарынан дагы пайгамбар, олуя, даанышман, шаа-залкар адамдардын көтөргөн жүгү оор, арманы мелт-калт, азабы аша болот тариздүү.

Адамзат пендеге,
Айтпагыла каргышты,
Мен өндөнтүп адамдан,
Жаратпасын жалгызды. (Арстанбек. 1994. 117-б).

"Тирүүлүктүн көркү сый" деп, айткан эмеспи Арстанбек. Сыйды бузуп, бири-бириңе жаман сөз айтпагыла, ал жорукту таштагыла. Терс сөз акыры каргыш; ансыз да жарыкчылыкта ар бириң жалгызсың; баарына түткөн, жалгыз бүткөн жаныңды жакшылап асыра дегенсийт, биз ушу мисал туткан Арстанбектин "Арманы".

Баарынан "Жан" таттуу деп ой бүтүм кылган кыргыздар. Аныгында Жан – Кудайдыкы, адамга конгон ак куштай болуп, бир күнү учуп кетээри да бышык.

Ал эми жалгызчылык болсо, өмүр жолоочунун дайымкы ат кошчусу жана жалпы сырын чогулткан тагдыры. Адам баласы бир кылка эмес, анткени сабырдын түбүнө жеткени аз, бирде көөп, бирде чөгүп, күлала турмушун өткөрө берет.

Мезгилдеги турмуш болсо, дайыма алдыга өрөпкүп, тынбай жана күйүкпөй чуркай берген кубаттуу табышмак. Нээтиңен табасың демекчи: *"Айтпагыла каргышты!"*-деп, Арстанбек адамдарга өтүнөт да, "Арман" ырын аяктайт. Жашоо менен, кең аалам менен коштошконсуйт...

Азирейил жалаңкыч тооруганда, колдо барын бүт бергенге даяр болуп, анын анык суранып жатканы: *"Арстанбектей жалгыздын / чымындай жаны калабы?"*- деген армандуу мүдөөсү да так ушу "Армандын" жыйынтык ыр сабына тамырлашкан. Арман! Арман! Бул чыныгы поэтикалык драматизм! "Өмүр-Өлүм" -- Түбөлүктүүлүктүн кошоктолгон кыл көпүрөсү! Буга кошумчалап кыргыз акылы: *"Бүттан жыгылсаң түрасың, ооздон жаңылба!"*- деп, дайыма катуу эскертип, каргыш эки миздүү экенин дааналайт. Билгенге мерекеге жетиш оңой-олтоң жол эмес, ал болгон дараметиңди күн сайын талап кылат.

Айтылуу Арстанбектин тагдыры жөнүндө кайра-кайра ойлонуп, бүгүн мен, ушинтип сөз баштай албай, кыйналып отурам. Сөздүн арыстаны туурасында сөздү кантип айтсак жарашат? Оо, асылзаада, Арстанбек! Сөз атасы Арстанбек! Сөз да, комуз да, өнөр да өзүң менен кошо кеткен экен го, бир кезде. Кайталангыс экенсиң, бир келип, бир кетиптирсиң... Тар заманга катылган кең дүйнөң бир чачылган экен го – ыр ааламына! А дегенде сөз болгон, а дегенде сөз болгон... Кыязы, сөз да айтылып-айтылып, жымжырттыкка акыры сиңип кете береби?

Оболу Арстанбекти билген бар, билбеген бар, анда, өмүр жолунан баштап, сөз изи менен өрдөп көрөлү.

Буйлаш уулу Арстанбек (айрымдар атасын "Бойлош" деп жазат – "Арстанбек". Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы. 1994-жыл, 145-174-б.). Ал 1824-1878-ж.ж. 54 жашка чыга жашап өткөн. Андан бери мезгил чубуруп, 200 жылдын чамасы болуп бара жатат, так айтканда, Арстанбек быйыл 190 жашка толмок!

Анда, оболу, 1978-жылы февраль айында өз атам Абыл уулу Жакшылыктын оозунан өз колум менен жазып алган Арстанбек жөнүндө маалыматты келтире кетейин: *"Арстанбек Шопок Буйлаш дегендин баласы экен (Тынымсейиттин Шопок деген уулунан). Буйлаштын эки аялы болгон. Улуу аялынан Жамыман, Сөлпү деген эки уулу болгон. Кичи аялынан жалгыз Арстанбек. Ошентип жүргөн учурда Арстанбек кичирээк бала, кичи аялдын баласы болгон соң, кой кайтарып, тезек терип,* ***эсепке өтө албай*** *жүргөн экен.*

Чоң энеси: "ушу киши болот" деп, жакшы көрчү экен, өзүнүн уулдарынан да. Жумшаса элпек болуп, "зээндүү" деп, жакшы көргөн.

Бир күнү Арстанбек түнүчүндө түш көргөн экен. Акбоз ат минип, ак кийим кийип, ак калпак кийип, бир дөбөгө чыккан экен. Дөбөгө чыкса, дөбөнү айланып, жети курчаган эл. Баягы түштү көрүп, эртең менен койду кайтарып, кетип бара жатып, кымыз ичкени кирет. Буйлаш төрдө олтуруптур. Бала: "Апа, мен түш көрдүм, түшүмдү жоруп бер?". Буйлашка чоң энеси айтыптыр. Түшүн айтат: "Айт, булбулум, айт деп, кыйкырып жатышыптыр". Атасы айтат: "Эл жети курчаса, ырыскың чоң болот экен, "булбул" болот экенсиң". Байбичесине түшүн жоруп берип, кайра зайыбынан коркуп: "Түшүң түлкүнүн богу, кайсы каадалуу түш көрөт дейсиң" деп коёт экен.

Ушу жерден тык токтойлу да, ой жоруйлу. Кыязы, Буйлаш төөнүн кепшегенин билген, кыраа карыя көрүндү. Баласынын түшүнө сүйүнө жоруп келип, кайра *"зайыбынан коркуп"*- деп жатпайбы?! Коюндашкан зайыбынан эмнеге корксун, бирок кантсе да, Арстанбек бөлөк аялынан туулган бала да; ортодо "күнүлүк" деген тар капчыгай бар эмеспи; ошону эстей кетип, сестенип, балама байбиченин назары артык түшүп калбасын дегендей, сактана калып жатпайбы, *"түшүң түлкүнүн богу"* деп...

Ким билет, Буйлаш зирек баласы Арстанбекти башынан эрке талтаң кылбай, серт мамиле күтүп, ичинен кудайы тилегин тилеп, сыртынан сак кайтарып, *"жаман сөздөн, жакын көздөн"* кылдат кармагандыр; отун алып, от жаккан, жөнөкөй бир койчумандык жышаан күттүргөндүр. Адамды дайыма кыйынчылык бышырат эмеспи, Арстанбекти атайы алыс жолго, тагдырлашы тар заманда ташыркабаганга даярдагандыр.

...Айтылуу көл башындагы акылман Кыдыр акенин эл адамы болуп, эсепке кирип калган Төгөчү деген баласы болгон дешет. Бир күнү Кыдыр аке жол карап отурса, төмөндөн көп атчан көрүнөт, ошолордун бирөөсүнүн **эки ийнинен шам күйүп** келатканын көрүп, **тиги, капырай**

ким? деп, сугу ойгонуп кеткен экен. Ошол адам уудан келаткан уулу Төгөчү, аныкөз баласы экенин билгенде: **"Ок, кара көзүм кашайган тура!"** -деп, арманы дароо сыртына тээп, жарылган экен. Көп өтпөй, үйүнө жете берип, ошол түнү эле Төгөчү кыйналып, каза тааптыр.

Чындыгында аныкбууданды тапташ, жакшы адамды аман сакташ да, турмушта оңой-олтоңго турбайт. Жакшы адам эсепке кирип, эл багат эмеспи. Анда, атамдын айткан сөзүнө кайра тизгин бурайын:

"Күндөр өтөт. Буйлаш бай киши экен, бир жерге барып, бээ байлап турганда, кара кашка өгүз минип, бир киши келип, кымыз ичип жүрчү экен. Ошондо чоң энеси айткан экен: "Момунда бир киши келет, уста дейт, уулуң жанымды койбоду, комуз кылдырып берсеңчи" дейт экен байбичеси. Тиги киши моңолдор (уруунун аталышы – А. Ж.) ***Айтмамбет*** *деген кишӣ экен. Ошо киши устаттык кылып, үйдүн богунан ээр жасап, кайыңдын кабыгынан алып келип, ээрге чаптап, кыштын күнү... ушундай уста киши экен.*

Капталы кайың, кашы тал,
Айтмамбет кылган ээрсиң.
Үч ай – токсон минээрсиң...
Үч ай токсон өткөн соң,
кайдан алдым дээрсиң,
өз камыңды жээрсиң.

Кышында (суукта) ээр кылып, жаздын күнү (кышкы 90 күнкү суук өткөн соң – А. Ж.) эрип, түшүп калаар эле дейт. Ушундай (жоктон бар кылган – А. Ж.) уста киши эле дейт.

"Кемпир жанымды койбойт, балага бир комуз жасап бербесең, болбой калды"-деп айтат Буйлаш.

"Жакшы жасап берсем, эмне берээр элең?"-дептир Айтмамбет.

"Бер дегениңди берем"-дейт кемпири.

Комузду жасай турган болот. "Өз үйүң жүз баш, жети канат. Жети канатынан жети уук чыгарсаң, жасап берем" деп, комузду жасап берген экен. Бир бээ бериптир. Жасап, 7-8 күндө алып келиптир.

Бир күндөр болуп калганда чертип, койго кеткенде энесине комузун тапшырып кете турган. Бир күнү көчкөн экен. Жаңы журтка барганда, энеси эстеп: "Журтта калыптыр"-деп, чоң энеси Буйлашты кайра жиберет. Журтка чукулдап барса, чаң учуп, күл учуп жатканда Буйлаш барса, комуз өзүнөн өзү улага-төргө тийип, чертилип жатыптыр.

"Кудая тобо! Бул уулум жөн-бекер болбойт экен го, уулум бекер бала болбойт экен го"-деп, Комузун төргө алып коюуптур.

Байбичесине айтыптыр: "Бул балаң жаман болбойт окшойт, түш көргөнү чын бейм, комуз ушинтип жатыптыр"-деп айтат.

Арстанбек комузду алып чертип, **Арстанбек болуп, эсепке өткөн** жери ушул экен!"

Атам жаш кезимден Арстанбек булбул, Тыныбек манасчы, Көкөтөй чечен жөнүндө көп сүйлөөр эле, бирок бала кезде аны маани берип, ким кулакка илмек эле, бала үчүн оюн деген кызыл түлкү кылактап турат

эмеспи. Көрсө, акма кулак болбой, бала кезден зээнибиз уюп, эс жыйып, акыл токтотқондорго, анда Арстанбек сыяктуу сөзү мереке болуп, кылымдан кылымга кала берет экен го!

Каадалуу адамдай, 12-13 жашында эле ата-энесине түшүн жоруп, шыгы ойгонуп, комуз жасаттырып, элпек болуп, энесинин көңүлүн алып, кой кайтарып, иш-арага жарап, бийдин тукуму эмес, кадим кулдун баласы сымал, тээ тестиеринен ит турмушту толук көрүп, чоңойгон экен. Кыргыздар мындайды: *"болоор бала богунан"* деп коёт эмеспи.

Жогоруда атамдан Арстанбек жөнүндө мындан 30 жылча мурунку укканымды далил келтирдим. Биринчиден, Арстанбектин ата-жотосу Бугунун Тынымсейит уруусунан. Жана Шопоктун тукумдарынан экендиги чын. Шопок баатырдын 7 миңден ашык "санкарабоз" жылкысы болгон дешет. Арстанбектин: ***"Балыгы жылкы сугартпас"*** деген, өтө бир көркөм образы, балким, жылкы арасында, тоо койнунда чоңойгондуктан өзгөчө элестүү чыккандыр. Балык менен суунун сулуу мамилесин бала кезинен далай жолу байкагандыр.

Жаратылышы али бузулбай, кыргыз жери күрлөнүп, түрлөнүп, жалпы жайык көркүнө чыгып турган ошо ууз мезгилдин – болочок акынды эргиткен кереметинин бир сүртүм өчкүс элесидир.

Шопок атабыз да өтө ариеттүү киши болсо керек, өзүнүн көзү качан жумуларын алдын ала так айтып, өз сөөгүнө кандай мамиле кылышты табыштап, жаз келип, кар эригенде, төө комдолуп, ага сөөгүн жүктөп, жол жүрүп, кайсы жерге төө чөксө, ошо жерде жаннатка бергиле деп, керээз калтырган деп, атам саймедиреп, сүйлөп олтурчу эле. Сөөк артылган төө – ошо таякелерим отурукташкан уранкайдын жеринен, жол боюна чөгүп, азыр Мин-Булакка кеткен бурулуштун жанында Шопок атанын бейити жайгашкан. Эски күмбөз жылдан жылга урап барат... Арстанбектин ата-жотосу туурасында кошумча айтаарым ушу.

Эми, Арстанбектин өз ата-энеси жөнүндө сөз кылсак, жазылган маалыматтар атамдын айтканына караганда айырмалуу, ал мындай: *"Буйлаштын эки аялы болуп, улуу байбичесинен: Бабакан, Атакан, Бектур, Күлпү, Сөлпү деген 5 уул, кичи аялы Төрөкандан жалгыз Арстанбек. Төрөкандын төркүнү көлдөгү желдең уруусунан, Арстанбек бой тартканы таякелери менен катышып тургандыктанбы, көлдөн Саруу элинен Умөтай деген кызга үйлөнөт" (Асан Кайбылда уулу. "Күү баяны". 296-бет).*

Ал эми атамдын маалыматында Буйлаштын улуу аялынан *"Жамыман, Сөлпү"* деп, эки баласы гана айтылып жатат. Ал эми кичүү аялынан жалгыз Арстанбек экендиги эки маалыматта тең бири-бирине шайкеш. Байкасак, жалгыздын арманы ушу жактан жыбылжып агып жөнөйт.

Ал эми ээр чапкан устанын аты жөнүндө атамдын маалыматында "Айтмамбет" деп айтылса, Тазабек Саманчин келтирген маалыматта моноддор "Айтымбет уста" деп берилет. Нарындын аркы өйүзүндө чын эле уста пири Дөөтү өзү колдоп, кайыптан бата жалганган деген даңазага ээ Айтмамбет деген зергер да, чоң уста болгонун кийинчерээк эшиттим.

Эми, Арстанбектин өзүнө арналып, атактуу Айтмамбет уста чапкан комузу жөнүндө Т. Саманчин: *"Тиги биздин салбар токолдун уулуна Кызырдын батасы аян болгон белем. Ошого бир комуз чаап берсеңиз кантет?- Айтымбет уста үйдүн үч үгүн сууруп алып, эшикке чыгып кетет. Эт чыгарып жаткан маалда уста турнабайдай суурула бир сонун комуз жасап келип, Бойлоштун колуна берет"* (Арстанбек. 153-б.).

Бул жазылгандарга караганда, атамдын маалыматы ишенимдүүдөй сезилет: А) Буйлаш бий болгон ак сөөк мырза адам, ал бөтөн кишиге өз уулун өзү *"салбар токолдун уулуна"* деп, баланы элге ыза кылып, кемсинтө сүйлөшү мүмкүнбү деген суроо туулат. Б) Үч уукту тигилип турган үйдөн дароо суура коюп, бир эт бышымда сонун комуз жасай коюшу күмөндүү иш. Атамдын айтканында Айтмамбет жети керегеден атайын ырымдап, уук алып, жоо чаап келаткандай болбой, 7-8 күн мөөнөт сурап, комузду кыябын келтире жасап, комуздун алдын ала баасын бычып, бир бээге баалап, кынтыксыз бүтүрүп келип жатпайбы. Ошондой, ашкере уста кишинин колунан атайы ырымдалып, арналып бүткөрүлсө, комуздун кызыры уюп, балким көчкөн журтта айтылгандай, өзү эле чертилгендир (Кайып дүйнөдөгү арстанбекчил "периштелери ойноп" жаткандыр, атасын эсине келтиришке жышаан берип). В) Атамдын маалыматы боюнча, көптү көргөн Буйлаштын кыраакы байбичеси "тирикарак, элпек" деп, балага ичи жылып, элпек уулду тиги-буга жумшап, Арстанбекти адам болот деп, баалап калышы да ишенимдүү.

Көп маалыматтарды салыштырсак, Арстанбектей ашкере шыктуу уулу бар экенин аныктап, көзү жетмейинче, Буйлаш уулуна даражасы кем туулгандыктан – өтө эле кайдыгер сыяктуу; көп баланын бирөөсү катары карагандыгы, кантсе да, мамилесинде серттик байкалат. Айтылгандай, Арстанбеги мүчөл жашынан өтмөйүнчө, купуя сактануу да бардыр.

Ал эми Буйлаш бийдин кадырлуу, асылкеч байбичеси Арстанбекке көбүрөөк камкордук кылышы жөндүү. Кадимки кыргыздын нускалуу, баарын тең көргөн, күйөөсүнүн колуна кол, бутуна бут болгон чыгымдуу Умай касиеттүү байбичелердин элесин берет – бул энебиз. Анын үстүнө Арстанбектин өз апасы токол болсо, анысы аз келгенсип, "салбар" аталып, күйөөсүнө кылык-жоругу же жармачтыгы менен, же төркүнү жайсыз жер болсо, айтор жаман көрүнүп, биротоло укуксуз адамга айланып алса, кайдан ошону күнүлөш тутуп, байбичелик даражасын төмөндөтүп, "салбарга" атаандашмак эле; ага, байбичеге – Арстанбек Буйлаштын тукуму экени маанилүү да; анын үстүнө баланын тирикарактыгы ичин жылытып турса, жаш кезинен бала көңүлүн таап, энсөөсүн көрүп, ага атайын арналган комуз чаптырып беришти – байбиче энеси жадысында эң эле туура көргөндүр. Мындай иштерди көбүнчө аял киши тез баамдап, ичтен жамгара билет эмеспи. Бул учур Арстанбектин – бир мүчөлү, 12-13 жаш курагы сыяктуу.

Таланты билинип, дээри ойгонгон бала чагы: *"Кыл мурутум жок чакта, / кылтылдаган шок чакта, / Байры-байры жаш чакта, / токтоло*

элек мас чакта" деп, өмүрдүн ушу ширин мезгилине өзү ыраазы; изилдөөчүлөр күңүрт жазгандай, балалыктагы кыйналыштарына кымындай да кейип-кепчип койбогону – ырларында даана.

Эми, Арстанбектин өзү жөнүндө сөз кылсак: *"Ыраматылык Арстанбек орто бойлуу, толмоч келген сары чийкил, кой көз киши эле. Жайдары ачык-айрым, отурган жерин оюн-кулкүгө толтурган адамдын гүлү эле"*- деп, аны көргөн Талип Байболот уулунан кадимки Ыбырай Абдыракман уулу кагазга жазып калтырган экен. Кай жерде болсун, элди бир ыйлатып – тар замандай тарытып, кайра күн чыккандай күлдүрүп – көңүл-көйүн жумшартып, көпчүлүктү бүткүл өнөрү менен эркелетип койчу экен.

Атам айтмакчы, өз комузуна өзү ээ болуп, Арстанбек **эсепке өткөн** (демек, **элдик кишиге айлана** баштаган) мезгилдин башатын өзү мындай эскерген экен: *"Атабыз Буйлаш Тыныбсейит ичиндеги кадырман адамдардын бири, бай болгон. Эки катын алыптыр. Кийин энебизди салбар кылып, таштап кетет. Көчкө илеше албай жарыктык, кара алачыкта жатакта кала берет. Буйлаш бий кур дегенде саан таштап кетсечи. Ошол түрмүштө 14-15 жашка келдим. Илешкеним ыр менен комуз.*

Эл жайлоодон түшкөн мезгили. "Кокон хандыгынын алык-салык жыйноочу беги келиптир, чакыртып жатат" дешип, айылдагы адамдар кетип жатышат. Менин да бекке барып, кол берүүгө көңүлүм ооду. Минип барууга унаа жок. Айылда мүнөзү оор, ак көңүл адам бар эле (аты эсимде жок). "Олжо тапсам, куру койбоймун" деп, жалынып-жалбарып жатып, атын минип, эл артынан жөнөдүм. Салам айтып, бек олтурган үйгө кирип бардым. Эскилиги жетип, эчен жерине жамачы түшкөн тонум бар. Башымда жүндөрү булактаган эски малакай. Ыраматылык энем бир жай илешип, жылкынын терисинен булгаары ийлеп, өтүк тиктирип берген. Өтүк аты болбосо, сомдогон жыгачтай кожойгон бирдеме. Анын да апкыты майрыйып, шакшак таңып, кийип алгам. Бек төрдө олтурат. Мени таңыркап карап калды:

-Бул кимдин баласы?-деп сурады.

Бекти жандай отурган Буйлаш атамдын башы жерге кире түшкөнүн байкап турам.

-Буйлаш бийдин баласы - деди, отургандардын бири. Койнумдагы комузга бектин көзү түштүбү:

-Келген жөнүңдү айтчы бала, өнөрүң барбы?

-Бекке кол берип, комуз чертсемби дедим эле.

-Кана, чертип көрчү - деди бек.

Белимдеги аштама комузду алып, узартып (түзөтүп), күүлөп алып, салмактуу күүлөрдөн бирди черттим.

-Дагы бирди черт - деди. Черттим.

-Менин чертмекчим менен өнөр жарыштыра аласыңбы?

-Байкаштырып көрөлү.

Бек тигиндейде отурган дутарчысына карап, "чертишкин" дегендей ишаарат жасады. Дутарчы бир күүнү ойноп, аспабын мага сунду. Мен дутар күүсүн өзүндөй кайырдым.

-Дагы бир күү ташта балага - деп, дутарчысына буйра сүйлөдү бек. Кийинки күүнү да өзүндөй аткардым.

-Балам, эми өз комузуң менен бир күү чертип, дутарчыга узат - деди бек.

Менин күүмдү чертүүдөн дутарчы баш тартып, жалтактай түштү. Бек өнөрпозуна ачуусу келгенин жашыра албады. "Алып чыккыла!" дегенсиди ак таяктарына. Тигиндейде даяр турган жигиттердин экөө бечара дутарчыны колдон-буттан сүйрөп жөнөштү. Андан кийин: "Баланы жакшылап кийиндиргиле" деп, буйрук узатты ак таяктарга. Мен сыртка чыктым. Кийимдер даяр экен. Сандыктан алып чыгып, ичти-тышты бир сыйра кийиндиришти эле, мырза жигит болуп, сыныма толуп, үйгө кирдим. Менин өнөрүмдү үгүп отурып: "Мен кеткиче жанымда жүр. Тигини үй бүлөңө алып бар"- деп, бир таңгак пул бергизди. Олжону атка сылай жүктөп, үйгө бардым. Ат берген боорукер адамга чепкен жаптым... Көп өтпөй Буйлаш атам төө жетелетип жиберип, бизди көчүрүп алды. Салбар энеме кайра нике кыйдыртып, үй жасатып берди. (Кыргыз Илимдер академиясынын кол жазмалар фондусу, инв. №300) ".

Жөнөкөй айтылып, **"эсепке кирди"** деген эл сөзүнүн маанисин эми чечмелесек болот. Арстанбек кайткыс шордон, терең казылган ордон чыккандай эле болуптур. Салбардын баласы деген жууса кеткис "кемсинтүү" ага канчалык оор эле. Бала туруп баарына чыдаптыр, атасы да арманы жок сынаптыр. Турмуш болсо эзиптир, бала болсо баралына жетиптир, бирок ыры далилдегендей, көңүлү-көйү бузулбаптыр.

Көп жашаган эмес, көптү көргөн билет деп, эми адам эсебине, киши катарына кошулуп, кан-жаны менен бирге бүткөн өз боюндагы өнөрү өр алып, турмушка жолу биротоло ачылган экен. Арстанбектин Арстанбек болушу – мына ушундайча башталыптыр.

Айтылгандай, Арстанбектин атын бала кезден билсем да, чындап Арстанбекке байланышкан иштерге Кыргызстан жазуучулар союзунун жетекчилеринин бири болуп турган кезде аралаштым. Кайра куруу келип, Чыңгыз Айтматов союздун жетекчиси болуп, ал кишинин дүйнөлүк кадыр-баркына таянып, Кыргызстан Компартиясынын БК жетекчилигин ынантып, Москвадан атактуу Зоя Кедрина баштаган аалым адамдарды чакыртып, тарзаман, зарзаман, акырзаман деп, чыгарма жазышып, "оруска каршы багытталган" деген оор жалаа менен жетимиш жыл бою совет заманында жолу биротоло бекилип калган Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу асылдарды аныктап, актоо иштерин жүргүзүүгө аздыр-көптүр катышым болуп калганыма качан болсо да сыймыктанам.

Айрыкча, бул иштин оң чечилишине Жолон Мамытов, Камбаралы Бобуловдун аракети орчундуу. "Заманисттер" ушинтип, Москванын окумуштуулары аркылуу араң акталган. Кыргызстандын 25 жыл жетекчиси болгон – урматтуу Турдакун Усубалиев өз чоң атасы, "заманист" Калыгул жөнүндө ал заманда бир ооз оң сөз айта албагандыгынын өзүнөн эле – Арстанбектерге канчалык кыяматтуу оор күнөө

жүктөлгөндүгүн кылдат баамдасак болот. Дүйнөнүн теңин башкарып турган СССРдин идеологиялык куралы ушинтип, узак-узак мезгилге "заманисттерди" тургус кылып, төбөсүнөн былчыйта басып салган.

Чын-чынына келгенде, Арстанбектин "заманисттик" көз карашы азыр ойлосок, бир беткей орус элине каршы иш деле эмес сыяктуу. Социалисттик дүйнө тааныма деле тикеме тике каршы көз караш жок экен көрсө. Кайра "заманисттердин" коомдук көз карашы элдик болуп, социализмге жакын, бирок жарыктык, саясат дегениң саясат да... кыйкымды кылдан табат эмеспи.

Жалпы адамзаты, XVII-XVIII-кылымдардан баштап, жаңы өнүгүштүн тепкичине көтөрүлбөдүбү; азыркыча айтканда, индустриялык учур башталып, илим таасири, ачылыштары тездеп, мурдагы кылыч-найза үстөмдүгү артта калып, мылтык-замбиректердин доору келбедиби. Дүйнөдө капитализмдин арааны жүрүп, обору ачылбадыбы. Куралы күчтүү жаңы капиталисттер дүйнөнү кайра бөлүштүрүп, испандар – латын америкасын, франция – африканы, англичандар – индияны баш кылып, Азияны, орус империясы аларды карап турмак беле – Орто Азия менен Сибирге кулач жайып, дүйнө жүзү боюнча туземдер кырылып, жаратылыш байлыктарын ээлөө, жерин тартып алуу, элин кыруу – жалпы жер жүзүндө жүрүп жаткан алаамат эле да. Ал турсун бир аз тыныраак Кокондуктар кыйла кысымын көрсөтүп жаткан учуру.

Арман, арман! – кыргызым кыйын күндө калган. Эл көргөн азап-тозокту Арстанбек да көрөрү бышык да, айдан ачык да. Бул тек гана кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы мееселе эмес. Баскынчылыкты, кыргынды, жоо-коогалаңды көп көргөн, башынан далайды өткөргөн "кырылгыс кыргыз" эли – эми кандай болоор экен? Калыгул олуя айтмакчы, заман арты бургуйлап, көрүнбөй турбайбы. Сүрү башка, суук ызгаар соккон ушу тар заманда эл-журт биротоло тукумкурут болбосун, ушундай бир укмуш коркунуч бар эле да... Негизинде, качан болсо, артта калган аз элди – деги ким аямак эле?! Жердин асылын ээлеп, желкесин тырмаган менен, кудайаткы, анын үстүнө ич-ара өздөрү бөлүнүп, чатакташып, ыркы жок турса, *"разделяй и властвуй"* дегенге, өзү эле эшик ачып жатпайбы!

Өзуң аттын кашкасындай чакан эл болсоң, билимиң жок, анан да түркөй, караңгы болсоң, эмне болуп жатканын баамдабасаң, бөрү заманда бөлүнүп, алаамат азабы келгенин көрбөсөң, ынтымагың ыдырап бүтсө, аракет кылган бирдиктүү бийлигиң жок болсо, кыскасы, индеецтер менен афгандыктардан ал кезде анчалык айырмабыз жок, айкөлдүгүбүз аңкоолукка оошуп кеткен оор мезгил эле да. Бир кезде алдыда жүрүп, адамзатка жол баштаган чыгыштын жалпы элдери артка сүрүлүп, батыш дөөлөттөнүп, башка чыккан кез болчу. Теңирдин тең салмактуулугу – текеберликке тебеленген учур келген. Же Арстанбекче айтмакчы, ***"заман устаранын мизинде кылтылдап"*** калган кез.

Сезгич, туйгуч, акылы зирек Арстанбек элден мурун эмне кырсык келатканын баамдап-байкап, үшү кетип, дүйнө туюму туйлап, элдин эми ушул заманда күн көрүшү кыйынчылыкка тураарын даана байкап,

өз моюнуна жеке сыйыртмак салынгандай, "моголстандын жапайы арстандарынын" эркиндиги аска-зоого камалгандай, тар заман өз тагдырын кыскандан кысып, аялуу жанын эми сууруп алчудай, элдин ичээр суусу кошо түгөнгөндөй, замандын сүрүн курч туюнган эле. Өзүмчүлдүк күчөп, заман тар болгондо, эл качан бар болмок эле? Адамзаты ачкөзгө анык айланып, Теңирдин теңчилиги оогондо, жекеликке жетеленип, ырк бузулганда, эми жер жүзүндөгү бүткүл байлыкты ээлеш үчүн, жалпы жаратылыштын жаны кыйнала тарып турган өтө коогалуу учур аныгында келген.

Арстанбек "тар заман" деп, эң туура тыянактаган. "Тар заман" – бул жер жүзүнө жалпы таандык, бүткүл доордун образы, ааламы ашынган чындык, азаптын жер жүзүндөгү анык алоолонгон оту. Өрттүн өчкүс тамыры – өзөктө, написиде; пендезатынын дайымкы ачкөздүгүндө; ал бир кыяматты да, кырсыкты да чакырып, чакчелекей салчу чоң балээ! Билбейм, "зар", "акыр" заман эмес, акыр болгондо тыйпыл бүтөт да, жашоо токтойт, баары жок болот да – ал учурду Жараткан өзү гана билет; "зар" кайра оңолбос, кабат-кабат кайгы сезими; демек, адамдын пейили баштап тарыган учурду, мезгилди, коомду жекелик жеңип, желкесине олтурган кырдаалды – "тар" дебегенде, эмне дейбиз! Тар кийимче сезими дал-далынан сөгүлүп, ааламдын тарыганы көзүнө көрүнүп жатпайбы, Арстанбектин! Карайлап, кача турган жагы калбагандай, кара жанга катуу күч келгендей. Бул калетсиз көрүнүш кайда алып барар экен?

Бул заманың кай заман, ой журтум?
Кара жол кылар көлүңдү,
Эсепке алар жеринди.
Кайсандар сенде чама жок,
Капкандай чабар белиңди.
Ушу заман – тар заман!
Алда кудай капырай,
Алматыдан аттанып,
Орус келе жатыр-ай.
Узун чөптүн баарысын,
Оруп келе жатыр-ай.
Кыска чөптүн баарысын,
Коруп келе жатыр-ай.
Ай-ааламдын баарысын,
Соруп келе жатыр-ай!

Эт жүрөгү сыздаган, чый-пыйы чыгып, алдастаган адамдын абалы. Мында, "орус" деген сөз образ болуп айтылганы менен, ай-ааламдын баарысын ээлеген капитализмдин колониалдык жалпы саясаты, андан "туземдик" элдердин үшүн алган коркунучу даана. "Орус" деген түшүнүк ошо кездеги колониалдык саясатты жүргүзгөн көп элдерди камтыйт. Жалпы батыштык, жалпы индустриялдык коога. Жараткан жаратылыш илимин таанытканы менен, кордугун кошо берген сыяктуу.

Бирок, "заманисттерди" колониализмге, жан-жаратылышты эзүүгө каршы болуп жаткан негизги поэтикалык багыттан ажыратып, чылк учурлук саясатка же оруска бир беткей каршы деп, олдоксон жана кытмыр буруп, алардын омурткасын биротоло омкоруп салганы кашкайган чындык. Ушу запкыдан улам Арстанбектей алп таланттын күнү бүгүнкүгө чейин чыкпай келет. Бирок анын эли-жери үчүн жүрөк өйүтүп, күйгөндөн башка, жалпы адамзаты материалдык эзүүдө, *"чака-чака тыйын чыккан"* кудайы – өз пайдасы сезилген, акча-байлык бийлигине тебелене турган, жексур ачкөздүктү туу көтөргөн, башкача, болуп көрбөгөндөй таш боор, тар заман келгендигин эскерте зарлап, момун эл-журтка ыры менен жан тарткандан башка кандай жазыгы бар? Өз балапанын жыландан коргогон бечара чымчыктай болуп, алапайын таппай, селдей каптап келаткан тар замандын шар агымынан кантип коргонуп калышын чыны да өзү да билбей, ой-сезими тогуз толгоо болуп, кара жаны алдас уруп жатпайбы! Жеке тагдыры кирген суудай бууракандап, куймаланып, эл тагдырынын чоң дайрасына кошо агып кетчүдөй туюм-туйгусу тарыйт.

Арстанбектин мезгил-ажыдаарга тике бет баккан алп акындыгын баалаш үчүн, анын эл үчүн кара жанын аябаган кашкөйлүгүн айкындаган ырларын окуп-сезүүгө, күүсүн угуп муңдашууга, кыргыз жандуу болууга – ар бир эстүү адам өзү аракет кылышы керек. Ар ким өзү кара жанын гана ойлобой, калайык-калкка болгон кайдыгерлигин толук күбүп сальшы абзел, антпесе, ар ким өзү чындап эли үчүн далалат кылбаса, бузулган элден бучук бийлер улам чыга берет да, мезгил кайтпаска жыла берет. Жашайм деген эл – ар качанда сактана билиши ылаажым. Сактануунун ачкычы – ынтымак. Колдо бар байлыкка сарамжалдуулук. Эл-журтубуз өз боюна кайра бекем турганда гана Арстанбектин арбагы анык ыраазы болоор...

Тыянак чыгарсак, Арстанбектин бир келген өмүрүндөгү өзү капилет туш келген мезгили аныгында ага "кара жолтой" болгон экен: А) капитализмдин, колониализмдин заары дүйнөдө чачырап турган учур. Б) дүйнө жүзү боюнча жан-жаратылышты тоноонун башталышы. В) орус империясынын колониалдык саясатынын күч алган мезгили. Г) кокондуктар үстөмдүк кылган кез. Д) уруучулуктун чатагы – бугу-сарбагыш кармашынын өтө күчөгөн кези, кыргыз коомунун өтө мажирөөлүгү. Ж) казак бийлери, калмак-моңгол жаатынын өчөштүгүн өргө сүйрөгөн кажарлуу "чингизиддер" – Аблай хандын кыргыздарга болгон чабуулунан башталып, Кененсары-Норузбайдын тушунда күчөп, Тезек төрөгө чейинки эки бир тууган элдин ыркы да бузулуп, туугандыгы калыбына келе албай жаткан кыйчалыштагы аймактык оор абал. Тоодогу биз эмес, түзөндөгү казактар кантээр айласы жок, Абай (Кунанбаев) айтмакчы, калкылдап турган.

Арстанбектин мындай чар учкан заманда, ушундай чаржайыт мезгилде тагдырына заманчылдыктан башка моюнуна улуу парз боло турган дагы кандай акындык аныктыкредосу болмок? Бул жагынан ал – К. Маркстын идеалашы, "Капиталды" окубаса да, замандын коогасын алыстан туруп, "жытынан" сезип, элине алдын ала: "бириккиле, сактангы-

ла" деп, жар сала, булбул кайрык кылып жатпайбы! Арстанбек ушундай ааламдык оору менен "ооруган". Бирөөнү сүйүп алып, кучагында магдырап, тек лаззаттанып, лирикасын жаза берсе – болгон талантын үй ичине жумшаса, анда Арстанбек Арстанбек болот беле, "булбул" атка түбөлүк конот беле, элдин эсебинен өтөт беле? Токтогул торгой болсо, Арстанбек булбул. Токтогул жеке тагдырынын лирикасын көбүрөөк ырдаса, өз тагдыры менен ырында жашаса, Арстанбектик ачык байкалган тагдыр касиети – аалам тагдыры, эл-журт тагдыры, мезгил тагдыры – ал үчүн эң негизги озуйпа, эң туруктуу мотив, эң башкы нота! Арстанбектин өзүнөн кийинкилерден өзгөчөлүгү ушунда. Эл менен Арстанбек бирге! Арстанбекти мезгил өзү эпикалык кенен чабытка алып чыккан жана ага турмуш бышырган жалпы дасмиясы, мурункулардан өткөн өнөр көрөңгөсү, өз талант-дарамети да ойдогудай куп жарашып калган башкача даанышман акын!

Эми, кайрадан өмүр жолун бойлой, сөз улап жүрүп олтуралы. Арстанбектин 170 жылдыгын 1994-жылы өткөрүүдө так ошо Шопок атанын күмбөзүнө жакындатып, негизинен тынымсейиттер жашаган биздин Миң-Булак айылынын нак кара жолдун боюндагы дөбөчөсүнө Арстанбекке арналган эстеликти эл тургузду. Бул жер – Тыныбек, Көкөтөй чечен, Боогачы, Актан баштаган, жалпы эле Нарын өрөөнүндөгү элдик эсептеги кишилерге арналган келечекте маданий чоң ардак жай болсо деп, кыялданган элек. Азырынча ал дөбөдө жол боюн тиктеп, Арстанбекке арналган жалгыз эстелик турат. Кийин, балким, бул кыял ишке ашаар?!

Менин уруум мундуз, таяке-тайым тынымсейиттердин уранкайынан. Эр тайын тартат демекчи, боорум тартып, Арстанбек, Тыныбек сыяктуу залкарлар менен бала күнүмдөн сыймыктанам. Арстанбектин 170 жылдыгын өткөрүү маалында өзүм жазуучулар союзунун биринчи катчысы болуп иштеп жаткандыктан, Нарындык намыскөй карыя Мукаш Найманбаев, КР эл акыны Эсенгул Ибраев болуп, Арстанбектин кол жазмасын толуктай албай, китеп чыгарууга академиядагы кол жазмалар өтө аз болуп, арзыбай, айлабыз кетип турган кезде, так ошол маараке болор алдында, Кабай Абдырахман уулунун убагында саясаттын жаалынан коркуп, кара жерге катуу каткан, Жерэнеге айласыз табыштаган кол жазмасы 1992-жылы жер айдоо убагында капилеттен Кеминден табылган экен, бул сүйүнүчтүү кабар биздин да кулакка жеткен. Кадимкидей дем байлап, Арстанбекке арналган алгачкы мааракеге, анда бейиши болгур, Кабай карыянын запкы көргөн мурас сактагычтыгы, эл камында болгондугу – эшик ачып берген. Кабай Абдырахман уулуна миң мерте ыраазылык, ал сактаган кол жазмалар болбосо, Арстанбек аныгы кайда калмак? Чын дилден ыраазылык!

Арстанбектин акыркы "Керээзин" окуйлу:

Жаагын жанып Арстанбек,
Айта берди казалды.

Билбедик кайда басарды,
Каякка барып жатарды.
Орусуң кыйын жин экен,
Замана жаман тарыды,
Кайран кыргыз арыды.
Жарды менен кедейим,
Өлүм келсе, не дейин,
Жалынган менен айла жок,
Өкүнгөн менен пайда жок,
Бул дүнүйө бекер кеп,
Кара жаның шекер деп,
Ушул дүйнө шум жалган,
Шум жалганда ким калган?

Бул ырда айтылчу сөздүн бардыгы айтылса да, дагы бир аз Арстанбекти улай окуп көрөлү:

Муунум бошоп, жашыдым,
Күлүк элем басындым,
Күкүк элем ташындым.
Аргымак элем арыдым,
Азамат элем карыдым.
Кайсы бирин төрейин,
Ичим толгон ырым бар,
Айтарга түрлүү сырым бар.
Жакшы чыктың Солтобай,
Ойлоп тургун ой тобо-ай,
Сен, жакшылап ырда онтобой.
Келтирип айткын сөзүмдү,
Кейитпегин өзүмдү.
Таштабагын сөзүмдү,
Таарынтпагын өзүмдү.
Менин айткан кебимди,
Көкүрөккө жат алгын,
Оо, Солтобай чырагым,
Эптеп сөздү курадым.
Ажал жакын окшоду,
Айламды таппай турамын.
Батамды сага берейин,
Тулпар минип, туу баштап,
Дуулап жүргүн эл баштап.

"Керээз" – бул тирүүчүлүктөн узап бараткан адамдын коштошуусу, табыштоосу. Оболу ырда замандын тарыганы, кыргыздын ачып-арыганы жана бу жашоонун, дүйнөнүн, өмүрдүн жалгандыгы. Ошого карабай, өмүрдө көргөн ыйык байлыгы – өнөрү, ыры. Аны табыштай турган кез келди! Солтобай ырчыга ишеним көрсөтүп жатат, бирок Солто-

бай баары бир Арстанбек эмес, канчалык устатын кейитпейин деп, сөзүн таштабай Арстанбектин мурасын көкүрөккө жат алса да, кантип Солтобайлык дарамет менен Арстанбекти элге толук жеткире алсын? Арстанбек бир келди да, бир кетти! Эми – жок, эми "жалган"! Антсе да муундан муунга өтүп олтуруп, акыры аз канча мурасы 1992-жылы Кабай карыянын камкордугу менен кара жерден табылды...

Аты "эсептеги" Арстанбекти, бирок заты жок кантип даңазалоого болмок? Чындыгында Арстанбектин атагына жамынып, кантип куру кол элди дүрбөтөт элек? Арстанбек жөн киши эмес экен, дал керек кезде, кол жазмасы кайдан-жайдан табылып, акыркы колдо бар Арстанбектин китеби ошондо жарыкка чыгып кеткен эле! Ошо мааракеден калган эстелиги менен китеби – эң башкы улуттук мактанычыбыз. Бирок, той-тороло бүтөөрү менен шалакыланып, бир чети заман да ого бетер тарып, президент Акаев мактаган капитализмдин *"шоковой терапиясы"* калкты каракушка тээп, кантээрге калайык арга таппай турган эле учур эле. Арстанбекке кийин да анчалык эч нерсе жасала элек, андан бери 20 жыл өтүп кетти. Илимий багытта деле ошондой көрүнүш.

Анын ыр-күүлөрүн тактоо, инвентаризациялоо, нускалоо, кайра жаздыруу, мурасын элден жыйноо, чыгаруу, радио-теле берүү, театрга коюу сыяктуу иштер дым бойдон. Албетте, бул өкүнүчтүү жайбаракаттык. Арстанбекти сүйүнүч менен сүйүп сүйлөгөн Абыл уулу Жакшылык атам да, Мукаш Найманбаев аксакал да, Эсенгул Ибраев да, кайрылуу жазган эстет сынчы, китебинин редактору Кадырбек Матиев да эсенчилик менен кош айтышты бул жыйырма жылда. Көрсө, жети күндүн бири өлүм деген ушу экен; "Асаке, "Жаңы Ала-Тоого" Арстанбекти жазып бер" деп, кайра-кайра суранган акын досум – Алым Токтомушев да ушу жылы аз убакыт мурун көз жумду. Анын арбагын сыйлап, мен Арстанбекти кеңири жазып олтурам.

Эми, Арстанбектин өзүнүн ырына көңүл бөлөлү:

Сөзүмдү уккун калайык,
Абалтан кепти баштайын:
Мен Арстанбек болгону,
Периште ишим оңдоду.
Тиш ырыскы, тил дөөлөт,
Тирүүлүгүң бир дөөлөт.
Аралап көрдүм ар жерди,
Ашы, тою бар жерди.
Көрүп келдим кыйланы,
Жыйып келдим дүйнөнү.
Далайлардан бата алдым,
Булбул ырчы аталдым.
Кокоңго барып жашымда,
Кыпчактардын ыктуусун,
Ордо хандын мыктысын,
Бирден терип ырдадым,
Кыйлаларын сындадым.

Сарт аке менен беттештим,
Комузда күү чертиштим,
Анжиян, Кокон аралап,
Ырчылыгым дааналап,
Кайта келдим пааналап.
Доор сүрдүм жашымда,
Дуулап жүрдүм башында.
Караколду бийледим,
Калк ичинде сүйлөдүм.
Мен Арстанбек болгону,
Акын атка конгону –
Периште ишим оңдоду.
Алдыма киши чыкпады,
Ырчынын баары ыктады.
Жашымда ырчы атыктым,
Ат үстүндө катыктым.
Он бешимде белсендим,
Оң менен солго теңселдим.

Ушинтип, Арстанбек он беш жашынан баштап: *"Он бешимде белсендим, / Оң менен солго теңселдим"* - деп, оң-сол кыргызга толук таанылгандыгын, ал турсун ичкиликке жетип: *"Кыпчактардын ыктуусун, / бирден терип ырдадым"*- деп, мүлдө кыргыздын булбулуна айланганына өзү ырында күбө өтөт. Балким, Арстанбек эргүү илеби менен ашкере мактанып коюп жатпасын? Кыргыздан не деген комузчу, ырчылар чыкпаган?! Арстанбек чын эле ошолордун эң зорубу, андай болсо, мындай ашкере таланттуу акынды эмнеге дайымкы кыргыз элинин сыймыгы катары, булбулу катары барктабай да, даңктабай да, ошого жараша эмгегин элге толук жеткирбей да, тымпыйып келебиз? Бул Арстанбектин күнөөсүбү же бизден, кийинки урпактарынан кеткен чекиликпи? Менимче, Арстанбек өзүнө өзү эң эле туура баа берип жатат. Анда, кыргыз акындарынан экинин бири аталган: *"Айтышаарга теңи жок, Аксыдан чыккан Жеңижок"* өзү, айтмакчы:

Толгонуп тоону айланып,
Тоо жаркырап Күн чыгат.
Туйгунум, Өтө, жан досум,
Эми,
Топ элден сендей ким чыгат? - деп, Токтогул өзгөчө баалап, мунканган Өтө акын (Жеңижоктун өз аты – А. Ж.):

Аманбы, абам Арстанбек,
Ааламга айттың далай кеп.
Эсенби, абам Арстанбек,
Элге айттың далай кеп.
Эңсеп келдим сени издеп,
Нукура ырчы Арстандын,
Нуска сөзүн уксам деп.

Буйлаштын уулу Арстанбек,
Бүткүл кыргыз чогулса,
Булбул болуп сайрадың,
Бурап тилиң кайрадың,
Бурадар ишке барбадың.

Бул Жеңижоктун Арстанбекке берген баасы, сыйы, урматы, эңсөөсү. *"Элге Аламдык кеп айткан нукура"* акын деп баалап, нак булбулдан эми, булбул нускасын алууга атайын Аксыдан ат арытып, жол карытып, көл башы Каркырага, Арстанбекке ызаат кылып барганы тарыхта белгилүү. Кадимки Нурмолдо, Эсенаман, Нуркүл (Наркүл-түзүүчүдөң) жана башка бет келген акындардын бардыгын жеңип, далысы жерге тийбеген, керек болсо, Токтогулдун өзүн тоготпогон Жеңижок арзып, Арстанбекти тигинтип ырдап турса – дагы бизге кандай кошумча далил керек? Асылдардын бирин бири барктаган касиеттерине гана ылаажым этебиз. Арстанбектин *"бурадар ишке барбаган"* абийир-адамгерчилигин, ырчылык ыйманын бир эле таамай айтылган алтын сап менен баалай кетип жатпайбы, жарыгыңан кагылайын жарыктык, Жеңижок атабыз.

Ушул сый-баалардан кийин Арстанбек акындардын алпы, нукурасы турбайбы деп, алгачкы тыянакты өзүбүзгө өзүбүз чыгарсак болот, Жеңижок тигинтип далилдеп жатса, биз каякка барат элек. Чындыгында Арстанбекке чоң Кудай өзү ыроологон аныкнукура акын. Башкача айтканда, ырдын нурун алып жүргөн, жалындуу алп акын деп айтсак жарашат, анын бешенесине туулганы ошондой чийилген. Аны өзү деле жаапжашырбай: *"Акын атка конгону, / Периште ишим оңдоду"* деп, ыры менен ачык айтып жатпайбы! Өзүнүн периштеси бар акын.

Муканбет пайгамбардын, Чыңгызхандын "ак булуту" бар сыяктуу эле же Сагымбай манасчы менен төшөгүндө бирге уктап жүргөн, аялы менен өзүнүн ортосуна жатып алган, колдоочу кайып кишиси болгон сыяктуу эле, андай сырлуу жышаан Арстанбекте да барлыгын казактын Каңтарбай акыны мындай белгилейт: *"Арстанбек жети суу кешип өткен акыр замандын ыршысы екен, еки ыйыгында еки периштеси отыр, солардын айт дегенин айтып отыр"* (Арстанбек. 44-бет).

Атамдын айтканы боюнча сөз уласам, орус бийлиги күчтөнүп калган кезде казакты Тезек төрө, кыргыздын бугу элинен Боромбай өлүп, иниси Сасыке уулу Зарыпбек султан болуп калган кезде, эми казак-кыргыз ынтымакка келели, ичибизден боз көрпө жоголбосун, уурдап алганды коёлу дешип, сөз сүйлөшүп, акыл токтотуптур. Ошондо Тезек төрө менен Зарыпбектен башка казактан жогорку аты чыккан Каңтарбай акын, кыргыздан Дөөлөс Сарт аке жана Арстанбек булбул чакырылган экен. Жүйөө сөздөн да, ырдан да Арстанбек алдырбаптыр. Каңтарбай капилеттен сүрдөп, такыр эле кеп айта алган эмес окшойт. Ошондо Тезек төрө Каңтарбайга: *"Сен, эки көздүүмүн дечү эмес белең, үч суроонун бирөөсү да орундалбай калды. Сен калп айтып жүргөн киши экенсиң"* дегенде, Каңтарбай: *"Арстанбектин эки ийнинде эки сарыбашыл чымчык*

турат, маңдайында бир жылаңач бала олтурат, мен эки болуп туруп, төрт киши менен айтыша алмбы, мен жыгылдым" деген экен.

Арстанбекке ыраазы болгон Тезек төрөнүн Арууке, Салкын деген эки кызы катар турган экен. *"Ушу заманга келген булбул экенсиң, мынабу эки кыздан сүйгөнүңдү ал"* деген экен. Ошондо Арстанбек жүүртө басып, отура калган экен. Тезек төрө: *"Мен кызымды парага берген жокмун, сүйгөнүмдөн айттым эле, аламын же коёмун деп айтпай, баш уруп да койгон жоксуң, болсо тукумуң бири жарым, болбосо жок болуп калат го"* деген экен. Эл айтат, Арстанбектен азыр анык тукум жок деп. Арстанбек ошентип, өзү да каргышка калганбы...

Көрсө, адам баласы сырлуу асылзат тура. Кишинин көңүлүн калтыруу кандай оор нерсе, бирок абайлаганы азайып бараткан тарзаманда жашап жатпайбызбы. Кебибиз да, кегибиз да көбөйө берсе, кантип кайра жолго түшөөр экенбиз? *"Айтпагыла каргышты"* деген Арстанбектин арманы арзан кеп эмес окшойт, деги ар бирибиз абайлайлычы, агайын-туугандар!

Арстанбек өзүнүн өзгөчө касиетин ырында дагы минтип далилдейт:

Аттиң, балам Женжок,
Пейилимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт деди,
Эгемдин берген белгисин,
Айтпай коёр эрким жок.
Көк Сулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың.
Артыңан бала ээрчибей,
Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир ташы кем дүнүйө –
Арман толор ичиң чок... (Арстанбек. 135-б.).

Биринчи эле кезиккен Женижокко аны анык аппараттан бетер ичи түгүл, тагдырын кошо көрүп, периштелер айттырып жатканын баса белгилеп, Көк Сулууга үйлөнүп, каргышка калганын жашырбай, айтып салбадыбы, кокуй күн! Ал түгүл Арстанбек:

Айт дединг,айтып калайын,
Комуз күүсүн черткенде,
Так келтире албаган,
Тайкылыгың бар экен.
Термелтип колду бош таштап,
Жандырып ийип күүндү,
Жаздырган жериң бар экен.
Арстанбек ырды дагы улай:
Санжырага келгенде,
Уруулардын тарыхын,
Оң, сол кыргыз канатын,
Ундай элеп айтпаган,
Сылтыган жериң бар экен - деп, сылык сүйлөсө да, сөз чынынан бузулбайт деп, аныгын айтып салды, андай сөздү Арстанбек айтпаганда ким айта алат эле Женижокко? Ыктуу сөз болбосо, Женги-

жок ыры менен кимди болсун жерге кагып ийбейби! Арстанбекке моюн сунуп, ынаптыр. Жеңижоктун комузчулугуна да баа берип жатпайбы, кайран алп. Антүүгө анын аброй-укугу жетеби? Албетте...

Угушубузда кадимки хан Ормондун уулу Сейилкан убагында өтө чоң комузчулардын бири болгон экен, Арстанбек аны менен мелдеште жеке чертишип, жеңе албай баратканда, күү чертип жатып да, өз өтүгүн чечтире коюп, бутунун салаасына бычак кармап, ошону менен ойдогудай кылды үзбөй күү чертип, Сейилканды акыры жеңип кеткен деген аңыз сөз тегин жерден калган эместир. Арстанбек ырда да, күүдө да бирдей, чайпалбаган жорго болгондой.

Бир ырдап, учурашып өткөндө эле Жеңижоктун комуз жагынан али алашемдигин, санжыра-тарыхтан *"сылтыганын"* баамдай салып жатпайбы, бул не деген кыраакылык, азыркыча айтканда, жеткен "профессионалдуулук". Ошого карабастан, Жеңижок чычалап кетпей, чындыкка баш ийип, *"Аламдын сөзүн айткан, бурадар ишке барбаган"* периштелердин көзөмөлүндөгү нукура акын экенин терең баалап, ыраазыланып, устатка шакирт болуп, көйүй ийип жатпайбы!

Устат-шакирттик жөнүндө дагы бир собол:

Жеңижок: -Токтогул, Ак-Таштагы балыкчылар сени "Жаныш-Байышты" айтты деген эле. Ошондон баштап, жолду кыскартсаңчы - деп калат.

Токтогул комузун коюнунан алып чыгып, "Жаныш-Байышты" айта баштайт. Күн бешимде Көк-Арттын Майлы-Колотундагы Жалгыз-Талдын түбүнө токтошот. Аттардын белин бошотуп, суусунга кымыз чайкап ичишип, эс алып олтурушат. Токтогул ал жерде "Жаныш-Байышты" улап айтып, күн кылкылдап, батып баратканда: "Жомогумду бүттүм" дейт. Салт боюнча **жомокто козголгон баатырлардын арбагына** куран окушуп, бата кылышат.

Ошондо Жеңижок:-Токтогул, "Жаныш-Байышты" сен өтө кыскартып койдуң. Палан жери, түкүн жери кала беребидиби?- дегенде, Токтогул алаканы менен пешенесин сыйпап алып:

-Кыргызда Сиз гана ошондой кылып айтасыз. Менин жерим Шыбыр болсо, мингеним арык кыбыр болсо, "Бешкамандар" артыман түшүп, ишим кыңыр болсо, анан менин "Жаным-Байышым" кайдан оңолсун? - деп, күлдүргөн экен (Асан Кайбылда уулу. Күү баяны. 155-б.).

Ушинтип, Токтогулду "ийинине киргизген" Жеңижок – Арстанбектен алиги сынды угушу оңойго турбаса керек. Бирок, жүйөөлүү сөзгө Токтогул жыгылгандай эле, Жеңижок Арстанбекти кайра асмандатып жатпайбы. Дагы бир биз байкоочу нуска, "Жаныш-Байыш" айтылып бүтүп, эрлердин арбагына куран окулду. Негедендир жагымдуу окуя! Азыркы кыргыз молдокелерибиз Манас баштаган асыл аталарыбызга ак ниети менен куран окуп, бата жалгагандын ордуна, элге-жерге эмгек кылган асыл арбактарга, кыргыз ата-энеден төрөлбөгөн сыяктуу – негедир ачык өгөйлөнүп, мекенчилдерге гезит-теледен кара чабуул баштап жатканын эстесек, ыймандуулук,

улууну сыйлоо, арбакты ардактоо, бирине бири ак сүйлөө каякта калып, дин башчыларыбыз менен бирге кандай пастыкка кетип бара жатканыбызды баамдай жүрүшүбүз керек. Россия Федерациясында мамлекет башчысы В. Путин менен дин башчысы Кириллдин өлкөсү үчүн аракети ар дайым бирге болуп жатпайбы! Биздикилер болсо, батасын арабизмге, каргышын кыргыз асылдарына кайытып олтурат. Ушу да жакшы жорукпу? Исламчыл аалым инибиз Абдышүкүр жакында Теңирчиликти шылтоолоп, арбагы ыйык айкөлгө сөз тийгизип кеткенде – Манастык, Арстанбектик, Жеңижоктук, Токтогулдук, Жакшылыктык ар-намысым ызаланып да, козголуп да кетти! Ортого от жагуу деп ушуну айтат.

Негизинде ак таңдай акындардын айтышынын үлгүсүнө айланган Эшмамбет менен Жеңижоктун беттешинде мындай саптар бар:

Арстанбекти мен издеп,
Артуу жолду тегиздеп,
Ак жайдын күнү баргамын,
Акындык жолду негиздеп.
Көл башы экен Каркыра,
Көркөмдүү ырчы бар тура.
Оттой жанып көздөрү,
Ой, акылы шар тура.
Мен көргөндөн ушулар,
Тилдеринде куту бар.
Ырыс-кешик агылган,
Ырларынын жыты бар.
Ырдын дагы ыры бар,
Ырдай турган ыгы бар. (Жеңижок. 1982-ж. 105-б).

Ыгы жок сөз да, ыгы жок ыр да ырылдак-чырылдактан башка эмнени жарата алат? *"Тилдеринде куту бар, ырларынын жыты бар"* нукура акындар гана тарыхта калып, кандай унуткарсак да, кандай идеология менен торой чалышса да, акыры болбой эле, кайрадан касиеттенип, калктын жүрөгүнөн орун табат. Алардын авазы, кырааты арабизмдей амалкөй сырттан тануусланбастан, ак жүрөктөн чыккан, ата-журтка берилген анык кыраат, Ала-Тоонун Аалам ыйгарган авазы! Биз, Арстанбек, Жеңижокторду чанбай, аларга ак ниетибиз менен барып, алуучубузду алып, акыл-эсибизге сиңиришибиз керек.

Жаратканга жазбай сыйынып, Манас ата баштаган аталарыбыз да, Арстанбектин өзү да, "Барбардигерге" дайыма жалынып өтүшкөн. Негизинде, эч ким Улуу Күчтү биз гана билебиз деп, "приватташтырууга" болбос. Жараткан – ар бирибиздин, оболу жан туюмубуздагы өзгөчө Нур, өчпөс Чындык! Аны билбесе, кыргыз тээ атам замандан асмандан дайыма аян ыр алып турабы, асылдыкты туябы! Чындыгында кут даарыган элбиз, энөө ээрчибей, алдыга чыгып, аландап жер сүзбөй, Асман ыроологон Кутубузду дайыма кармана билели...

Ушинтип, нукура акын Арстанбекти периштелери катарлаш колдогон адам экендигине маани берели. Кыргыз акындарынын ичинен Арстанбек аныкмистикакын деп, корутунду чыгарсак болот. Бул касиет Индиянын улуу акыны Шанкара, орустун өтө жаш кеткен олуя акыны М. Лермонтовду аргасыз ойго салат. Нострадамус, Ванга, Э. Кейслерди бир ирет эсте жандырып өтөт. Бекеринен казак акыны Каңтарбай Арстанбекке даап, ырдай албай, айтканына ынанып, анан: *"Акыр заман болмак болды гой"* - деп, күрсүнбөсө керек. Муканбет пайгамбар да – акыркы пайгамбар делгени, жөн салды эле сөз эместир... Алар ааламдык бир циклди аягына чыгаруучулар. Дин илимге жол берип жаткан азыркы жаңы доорду ким баштайт, ал кудайдын колундагы иш.

Арстанбектин табиятынан берилген, Жараткан өзү жалгаган өзгөчө касиеттүү улуу акын экендигинен эми шегибиз калбаса керек. Чындыгында Жараткан өзү жалгаса, Адам да, жалпы жаратылыш, суу-ташы да, көмүлүп көрүнбөгөн, таанылып табылган Аалам чындыгынын баары нукура да. Аллах өзү "Единое" деген улуу Ааламдуулукту камтыйт эмеспи. Андыктан Аллахтын ыйыктыгы арабдын кийимин кийсе эле, алардын чөлдүк аваздын созсок гана аныкжалгызчындыкболо бербесе керек. Андай ашкере эгоизм менен ооруганга акыбыз жок. Анткени адамзаттын колунда динге кошумча Илим жана маданият деген да күрөө тамырлары бар.

Ушу жерде бир маселенин кыябы келип турат, даана тактап коёлучу. Себеби, биз кыргыз маданиятын Арстанбекке чейинки жана Арстанбектен берки деп, баалай турган көрүнүштү ачык жана так айтып кетүүгө милдеттүүбүз. Арстанбекке чейинкилердин көбүнүн аты бар да, заты жок. Башкача айтканда, Асанкайгыны же Бука (Кетбуканын автору), ал турсун эски Токтогул ырчыны канчалык тамшанып, сөз кылганыбыз менен, алардан жазылып калган мурас бирин-серин, көбү аңыз сөз, мурастары жазылып колубузда эмес, демек, факты жок же сейрек. Айталы, Баласагын сыяктуу "Кут билими" даана жете элек. Ал турсун мындай кенемтеге кептелип, Арстанбектин өзү да ушул абалга кирептер.

Мисалы, окумуштуу, Арстанбектин аныкизилдөөчүлөрүнүн даанасы, акыркы "Солтобайлардын" ириси – Тазабек Саманчин Арстанбектин 500гө жакын күү черткендигин белгилейт. Тарыхчы Белек Солтоноев "эки жүздөн ашуун" деп айтат. Айтылуу Кыдыр акени күбө кылып, залкар комузчу Ыбырай Туманов Арстанбектики 400дөн ашык ыр-күү деп баамдайт. Кудая шүгүр, өтө мол! Бирок, "Керээзинде" табыштаган Солтобай ырчыдан бери мурасынын көбү жоголуп, азы калыптыр, антсе да аз болгону менен саз! Аракет кылсак, мурастары дагы табылыптакталып, эл рухуна берекет болор.

Арстанбектин күүлөрүн кийинкилерден Муратаалы, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз, Шекербек, Самсаалы, Асанаалы, Асанбек Кыдырназаров, Болуш Мадазимовдон бери чертишкендиги, Арстанбек "Мендирман", "Бердикожо", "Беш казак", "Төштүк", "Кожожаш", "Чоро", "Көкөтөйдүн ашы" сыяктуу эпосторду жана да санатсыз ыр-күү, ал тур-

сун Арстанбектин "Манас" күүлөрү болгондугу элде айтылат. Ал өзүнө чейинки бүт өнөр байлыгын салаа-салаа кылып, боюна сиңирип, бардыгын эл байлыгы катары ыйык карап, мурас тутуп алган асыл жан. Өкүнүчтүүсү, өтө өкүнүчтүүсү – "Арстанбек" деген ат менен 1994-жылы акындын 170 жылдыгында чыккан, жыйырмага жетпеген ырлары киргизилген китеби гана аныктүрдө азырынча колубузда турат. Дагы эле такталат, табылат деген үмүтүбүз чоң.

Эгерим оболу күүлөрүн, кудая шүгүр, дагы тактасак, жазылып алынгандары кыйла сыяктуу; ар ким чертип, ар башкага энчиленип жүргөндөй. Мисалы, "Тар замандын" нотасын В. Виноградов Муратаалыга таандык катары жазылып калгандыгын айтып, искусство таануучу Тургунбай Молдогазиев чоң сүйүнүч менен кубанып жүрөт. Ой, чиркин, "Тар заман" өз обону менен азыр бир кайра ырдалса, купуя агылган көз жашыбыз аркылуу жан дилибизде тазаруу, аруулануужүрөт беле деп ойлойм. Кудай ошого жеткирсин! "Жылдыздардын" чуру-чуусун, алардын аныгында бийди маскаралаган секириктерин карап олтурганча, таза көз жашка жеткенибиз канчалык катарсис, окумуштуулар айтмакчы, түпкү "квинтэссенцияны" табуу, "девизин", "лавизин" учуроо; же рух экологиясынан, дисгармониядан, диспропорциядан арылуу; нагыз кыргызча айтканда, аруулануу, ариеттүүлүккө, нээттин терендигиндеги айкөлдүккө жетүү.

Дегинкисинде, өзүбүзгө өзүбүз кам көрбөгөн шалакылыгыбыздан, "Ак куржун толо ыр калды" деген Жеңижоктун мурасы да алиге толук колубузга жетелек. Тоголок Молдонун эки куржун ыры жоголгонуна кылымдан ооп баратат. Тыныбектин "Манасы" элде бар делген менен али дайынсыз... Мына биздин маданиятыбызга, тарыхыбызга кылган мамилебиз! Ушундай жосунсуз жоруктарыбыз да мойнубузга минип алып, түшпөй келет, бирибизди бирибиз карайбыз, минтип отурсак, мурастарыбыздан, каада-салтыбыздан, көөнө кыргызды кыргыз кылып турган өнөрүбүздөн толук куру жалак калып, кол үзүп, ар кайсы дин аймактарына тарайбыз. Күлазыктан айрылып, чипси менен азыктанып калабыз! Арстанбектин мына ушундай көрүнүштөрдөн сактан деп жатышы – дайымкы зарылдык.

Бир муундан бир муунга мурас, нарк болуп маданият гана өтөт, маданияттын баркын түшүнбөгөн маңкурт чоңдор элдин акчасын коротуп, эмнеге жүрүшкөнүн элди кой, өздөрү да түшүнбөйт. Эмне десең, саясатпыз дешет, качып кеткенге чейин көздөгөнү жеке пайда табуу, өзүмчүлдүк. Азыр адепсиздер көбөйүп кеткен заман. Буулуккан эл – дуулуккан мезгил! Ушундан кийин Арстанбектин "Керээзин", "Тар заманын", "Арманын" окуп: "Ай, курган киши, арманы аттын башындай турбайбы"-деп, ичине бугун толот. Бирок, ушул эле 20га жетпеген ыр Арстанбек акындын генийлигин аныктап турат. Буга да шүгүр дейсиң! Демек, толук болбосо да кыргыздын акындык ата мурасы ушу Арстанбектен бери карай даана, ары жагындагы аныгы кыйла бүдөмүк, күмөн – жүрөк ишенгени менен далили жок. Миф! Мифтик муздак дубалдар тосуп калган.

Анда, колдо барды ардактап, мезгили боюнча алганда, ана башы – Арстанбек (1824-1878), Жеңижок (1860-1918), Тоголок Молдо (1860-1942), Токтогул (1864-1933), Барпы (1884-1949) болуп, андан кийинкилер уланат. Булардын ичинен Арстанбек менен Жеңижок кыйла купуя келип, элдин толук кенчине айланбай жатышы – ары өкүнүчтүү, ары маданий кемтигибиз. Албетте, Арстанбектен ары да албан-албан таланттар болгондугу күмөнсүз. Алар болбосо, санжыра-тарыхыбыз, Манасыбыз, сандаган эпосторубуз, ырларыбыз, күүлөрүбүз, ырымдарыбыз, дарымдарыбыз, оюн-зоокторубуз, айтыш, насыят-термелерибиз, кошоктор, армандар, бешик ырлар, элдик поэмалар болот беле? Булардын баары элдики дегенибиз менен кайсы бир заманда, эмне болбосун таланттуу адамдардын колунан жаралганы чын. Болгону алардын заты бар, аты жок. Ага карабай жады маданиятыбызда сактап, көрөңгөбүздү үзбөй ушу мезгилге эл катары жетип келгенибиздин өзү – Калыгулдай олуяларыбызга, Арстанбектей асылдарыбызга, Музоокедей мындуу күү черткен бабаларыбызга жана да аты айтылбай калган Арстанбектин курбу-замандаштарына жалпы милеттүүлүгүбүздү туюнтат да, сездирет.

Бүгүн Арстанбек "Керээз" калтырган Солтобайдын өзүн кошо унуткан заман! Бир карасак, жайдак калганга бара жаткан учурубуз, сырткы күч өтө таасирлүү, интернет имерип алган мезгил, ааламдашуу ар бир үйдүн эшигин чертип турат, канча тилдер бар туруп, жок болуп, биз гана эмес, миллиард сандуу чоң элдердин өздөрү кыйналып-кысталып, салттуу маданияты тарып бара жаткан учур. Асанкайгы, Кетбука, Арстанбектер мына ушундайдан сактангыла десе керек – жаамы элдерди.

Алардын атын унуткартпай, аталарыбыздын арбагына: тээ түпкү Түмөн, Сактан, Угузхан, Манас аталарыбызды баш кылып, мечитибизде да, үйдө да бата жалгап, арбагын күчтөндүрүп, Куран окуп турууга милдеткербиз жана бул улуу парзыбыз. Негизинде "Куран" ушул үчүн да керек. Алыста эмес, Бейиш эненин бут алдында дейт эмеспи. Арбак ыраазы болмоюн, тирик адамдын иши оңолбойт деген калетсиз нарк абалтан бери бар эмеспи. Эл мурункусун сыйлаганда, кийинкисине жол түшөт. Каны-жаныбызды, эне-атабызды эгерим эстеп жүрөлү, сыйды жакындан баштайлы, тарыбай – пейилди кеңири таштайлы.

Өзгөчө таланттуу болуп төрөлгөнү менен, Арстанбек да асмандан түшкөн эмес, ал дагы жер баскан, кыргыз жерин бейиштей ардактаган, ата жолун улантып, өзүнө чейинкилерди мыкты өздөштүрүп, анан жүрөжүрө **"эсепке өтүп"**, элдин намысына туруп бере алган Алп акынга айланган. Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт деген накыл сөз бар! Эл намысы, жер намысы – намыстын эң башкысы. Эр жигит ошон үчүн керек! Биздин элдин салттуу түшүнүгү ушундай. Арстанбек эл намысы экенине анын айтыш ырлары ачык далил өтөт. Кантип ушу жерден казактын үлкөн акыны Сүйүмбай менен Арстанбектин айтышын эске салбайлы! Бул илгерки ат үстүндөгү найза сайыштай эле болгон – жан тайманбаш! Окуган адамдын каны дүргүйт, намысы оттой жанат, адамдын акыл

көрөңгөсүнө, айлакер ыкмасына, жүйөө таштап, жүрүп кеткенине, туюктан жол таап, маселе чечкенине ыраазы болосуң, арбашуу, таймашуу, кармашуу – бул айтышта нелер гана жок!

Акындар бир карасаң – атылган ок, бир карасаң – күйүп турган чок! Ыры найза, сөзү кылыч, доошу калкан! Бүт кубаты боюнда, жеңип чыгуу оюнда, эл намысы моюнда! Сөзү курч, үнү айбаттуу, өлөр-коёру тумтак эле эстен чыккандай. Кежигеге сайгандай, кериле чаап калгандай, бирин бири кадим эле чоң Жолой менен зор Кошой кармашып, болгон амалыгын пайдаланып, каршылашын каруу жыйнап, жаалы менен калдайган кара ташка бир ургандан кайра тартпачудай... Мына сага, сөздүн күчү! Кимисине байге берээрин билбей, калыстар эки ортодо кыжаалат. Менин оюмча, Арстанбектин айткан сөзү жүйөөлүү чыккандай...

Айтышта Арстанбек өзгөчө сезилген менен, санатында да, керээзинде да же Жеңижокко айткан кеңешинде да бирдей; дайыма таланттуу, дайыма нускалуу, дайыма эргүүгө балкыган шыгы жогору, дайыма натыйжасы өзгөчө! Ал өзүнөн кийинкиге жомок болуп калган, бул заманга жетпей калган, кагазга жазылбай калган жалпы таланттуу, аябай шыктуу адамдардын аныктүлгүсү, ачык жүзү, балким алардан бизге дубай салам айткан соңку мураскору. Жогоруда 500 ыр-күүсү болгон деп айттык. Ал эмнеден акын болуп төрөлгөн соң, ыры го ыр, ал эми күүсүчү?! Күүсү ырынан өтөт. Элде:

Эбин таап черткенде,
Элүү эки "Камбаркан".
Акылын таап черткенде,
Алтымыш эки "Камбаркан".
Жүйөөсүн таап черткенде,
Жүз бир эки "Камбаркан" демекчи, комуз тарыхы, тагдыры ушу күү атасы Камбаркан менен байланыштуу. Алгачкы Камбар черткен "Камбаркандын" мезгилин эгерим тактай алсак, комуздун алгачкы учуру табылат, комуздун тарыхын тактасак, кыргыздын тарыхы уланат. Бул ушундай бир купуя кеп! Аталган маселе боюнча мен "Кыргызчылык" деген китебиме жазгамын, аны кайталаштын анча зарылчылыгы азыр анча жоктур, бул көөнө тарых, бери чети 5000-6000 жылга чамалайт. "Кыргез" дооруна кол бересиң! Ушу жүз бир эки "Камбаркандын" санат ичинде "Арстанбектин Камбарканы" да бар. Ботойлордун түркүмүндө да "Арстанбектин ботою" болгон. Тарыхый санжыра күүлөрдө да Арстанбектин "Манасы, Көкөтөйдүн ашы" саналат. Керээз күүлөрү, Арстанбектики деп, ар кандай комузчулар белгилеп, черткен ыр-күүлөрү, арман-кошогу, кербези, шыңгырамасы, толгоосу толук бүт комуз жанрларындагы Арстанбектин эбегейсиз салымы даңазаланат.

Бери жагы Угузхандан башталган Угуз-уйгур мамлекетибиздин мурасы катары угулган, элдин тагдыры бузулуп-чачылып, сары ногой, кара ногой бөлөк-бөлөк жакка жан багууга кетип, ошондо сыздап *"Эки ногой айрылыш"* чыккан, санжыра-тарыхты билип ал деп жатпайбы, Жеңижокко

Арстанбек, кеп ошол жөнүндө жүрүп жаткандыгында; же Атилланын мезгилиндеги б.з. 5-6-кылымдарда Төлгөчү кара Төлөктүн *"Балкан, Балкан, Балкан тоодон"* бери жол жүрүп келген *"Шүдүңгүтү"* Рим, Венгрия, ары жагы Балкан тоодон берки тарыхтын узак жолу жатпайбы – ушу жөнүндө айтып жатат Женжокко, дагыңкысын дагы берилесек, 12-13-к., Түрк каганаттардын учурунан калган *"Күлтегин"*. Же Чынгызхан тарыхына байланыштуу Бука (Кетбука) ырчынын *"Айханы"*, соңу жүрө XVI-кылымдагы кыргыздын кайгылуу тарыхын камтыган "Кой бөлөөрү" (Кой жортуул), "Ат чубатары", Арстанбектен – Солтобайга, андан Акбала комузчуга, жүрө Күрөнкөйгө, анын уулу Муратаалыга, андан Карамолдого жеткен *"Анжиян калкы"* (Арстанбек атасы Буйлашты куткарам деп, 15 жашынан Алымбек датканын колунда болуп, Анжиянды каалашынча аралаган эмеспи), же гүштүктөн табылып, кечээ эле Болуш Мадазимов залкарыбыз элге табыштаган *"Солтон Сарысы"* (Арстанбек Буйлаш уулунун ата-бабасы жердеген жайлоосу ушу Солтон Сары), Арстанбектин "Сен дүйнөсү", "Мендирманы", "Бердикожо", "Беш казак", "Төштүгү", "Кожожашы", "Чоросу" жана башкалары комуз менен коштолгон жана кыйласы насилинде Арстанбекке таандык экендиги барган сайын дааналанып барат. Элде ал турсун *"Кыргыз көчү"* абалы Арстанбектен башаттанат деген да сөз бар.

Демек, комуз дүйнөсү – күү жагынан да Арстанбек чалкыган мурас жана жогоруда айтылгандай, өзүнө чейинки кыргыздын жалпы руханий байлыгынын мураскоруна айланганына дегеле айта берсе сөз жетпейт. Каягынан албайлы, Арстанбекти аттап кетиш – эч мүмкүн эмес!

Ата мурасыбыздын туу чокусу болгон "Манас" маселесине келгенде да, Арстанбек залкарлыгы улуу бойдон кала берет. Мурасы элге жетпей калган улуу манасчыларды ырында сүрөттөшү менен эле азыркы манас дүйнөсүнө опол тоодой салым кошот деп ойлойбуз. Манас, Көкөтөй күүлөрүн болсо жогоруда айттык. Буга далил кылып, Арстанбектин айтыштагы Чоңдуга жообун окуйлу:

Ал айтканың ырастыр,
Алдастабай тура тур.
Аламан ырчы сизде бар,
Алп манасчы бизде бар.
Уктуң бекен өнөгүм,
Келдибек Манас айтканда,
Шамал уруп, бук болуп,
Боз үйлөргө жүк болуп.
Чагылган учуп, чартылдап,
Кереге-уук карчылдап.
Үзүктөрү желпилдеп,
Түндүк жабуу салпылдап,
Эшиктери шалкылдап.
Ат дүбүртү угулуп,
Айыл калбай чоңулуп.

Журт атасы Манастын,
Алманбет, Сыргак, Чубактын,
Арбагы көзгө урунуп,
Кырк чоро кырдан суурулуп.
Кемпирлер турчу балпылдап,
Келиндер коркчу калчылдап.
Желеде кулун чыңырбай,
Кымызга көңүл бурулбай,
Азынабай айгыры,
Аздектеп турчу бардыгы.
Төөлөр чөгүп жоодурап,
Карылары кобурап.
Койлор жуушап, кепшебей,
Коңулда иттер эт жебей.
Барбардигер кудурет,
Паана болуп өзүнө –
Кара тору түспөлүү,
Кыпкызыл болуп чыңалып,
Арча отундай чок болчу.
Ашырып айтар Манасты –
Ак уул, Куба уул кыргызда,
Андай адам жок болчу.
Түндүк бою түйүлүп,
Кереге бою керилип,
Коргошундай былкылдап,
Кор кызындай жылтылдап.
Он эки мүчө шалкылдап,
Бүт денеси балкылдап,
Он манчасы калтылдап.
Тар дүйнөнү унутуп,
Кең бейиште жүргөндөй,
Сыйкырлуу дүйнө аралап.
Керемет болуп кеткенин,
Көргөн жайым бар эле,
Көрбөгөн адам зар эле.

Арстанбек сөз менен тарткан Келдибек манасчынын керемет турпаты не деген келишимдүү. Не деген эргүү, акындык төгүлүү, манасчынын касиетине баа берүү, талантка таазим этүү, жаратылыш менен адам жанынын биригүүсү, кыргыздын атамурас ыр дүйнөсүнүн кереметин акын кадим экрандан көрүп жаткан элести дароо ырга айлантып, уюп уккан элди кошо сүрөттөп өтөт. Бир жагынан Арстанбекке суктансаң, бир жагынан Келдибектин манасчылык кереметине баа бербей коё албайсың. Ушундай нагыз таланттар өткөн тура; кыргыздын ыр дүйнөсү туу чокуга жеткен тура деп, дене-боюңду сыймык

аралайт. Бирок, азыр Келдибек да миф! Анткени анын "Манасы" колдо аныk жок! Арстанбек Келдибек манасчынын элесин тартууга эле ушунча күч коротту, эми Акылбек манасчыны кантип сүрөттөөр экен деп, аярланып окуй баштайсың:

Чоң манасчы Акылбек,
Чогоол сөздү сүйбөгөн,
Чоюлган сындуу жан эле.
Чоң казатты айтканда –
Чок түшкөндөй чартылдап,
Ээ-жаа бербей жети күн,
Элирчү жайы бар эле.
Андан кийин жети күн,
Бутун тартпай уктачу,
Аралап айыл чыкпачу.
Чынында да Акылбек,
Эл оозунда жүргөндөй,
Жаркырап күйгөн шам эле.
Калп айтып, ыйман жебейин,
Манасчынын нары эле,
Мактагандай бар эле.
Балды тарткан аарыдай,
Бар адамды караткан,
Баамы артык жан эле.
Канаты сынып, кайрылып,
Чоролордон айрылып,
Кабыргадан кан чыгып,
Кабылан Манас айкөлдүн,
Канкакшап түшүп ордого,
Кайгырган жерин айтканда –
Кабыргасы сөгүлүп,
Кара нөшөр жамгырдай,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
"Манас" айтып жатканын,
Унутканын көргөмүн,
Умсунуп көңүл бөлгөмүн.

Таланттуулуктун кылда учуна жеткен трансценталдуулук деп, аныk ушуну айтат. Бул өзүн унутуп, асылдыкты туюу, Манаска муюу, асыл сөзгө уюу же ааламдан ыр алуу, алып жаткан ырын адамдарга дароо жеткирүү эмеспи. Кыргыздар аалам тулпарларын минип, аалам ырын ырдаган адамдар болгондугун Акылбек манасчынын мисалында Арстанбек өзү күбө өтүп жатат. Бул илимдин сыры али ачыла элек. Бул касиетибизди кайра жандантсак, алтын доордун эшиги ачылаар. Ошого жол тапканда гана кыргыз элинде кайра жаралуу башталаар.

Ачык айтсак, элди иритип, өз көмөчүнө пайда тарткан ачкөз, көпкүлөң олигарх саясатчылар эмес, аныгында Акылбек, Келдибек, Арстанбектер кайра жол баштап, жүрө-жүрө көч түзөлөт демекчи, кыргызчылыгыбыз, нарктуулугубуз күчтөнө алса, алтын доордо аныкайра улуу бурулуш болот. Демек, бул жагынан алып караганда, Арстанбек келе жаткан келечектин акыны.

Аны менен замандаш Келдибек, Акылбектей дөө-шаалар бар экени анык, демек, Арстанбектей таланттын элде жаралышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Арийне, кыргыз ыр дүйнөсү болуп көрбөгөндөй бийиктикке эзели эле жеткендигин аныктап, Арстанбек дүйнөсү ар тараптуу чабыттуу. Ошондуктан, айтылуу В. Радлов кыргыздар сөздү барктап, ыр менен сүйлөгөн адамдар деп тамшанганында – руханий чоң негиз бар. Бул акыл-эстүүлүктүн – "высший Манастын" анык ааламдык көрөңгөсүн көрсөтөт. Бирок, аттиң, 500дөн ашык ыр-күүсү туруп, Арстанбек бизге алиге жетпегендей эле, Акылбек, Келдибектердин "Манасы" бизге жеткен жок. Колдо жок.

Жогуң түгөнгүр, Арстанбектин ыры аркылуу алардын элеси жетти. Тирүүсүндө алар "Манас" айтып жүрүп, жаны кайтканда ыры кошо кайтыптыр. Алып калууга чаркыбыз чамалуу болгон экен. Көбүн эсе далил калбады. Арстанбектин залкар манасчыларды баалаган ырын окуп туруп, мактансак да, негедир толук далили жок жел сөз болуп калат. Ошонун кесепетинен улам, биз Сагымбай, Саякбайды баштап гана оозанабыз. Манасы же ыры жазылып калбаган соң, же күүсү кимдики экени билинбесе, кантип анан куржалак сөз кыла алабыз? Ал убакта автордук укуктун алгачкы кирпичи да коюла элек кез. Сырттагы автордук укукту гана тааныгандар Арстанбегинди, Акылбегинди көзүмө көрсөтчү дебейби. Азырынча Акылбекти көрсөтө албасак да, Тыныбекти, Арстанбекти көрсөтүүгө мезгил жетти!

Бир жагы энөөлүгүбүздөн, бир жагы заманыбыз ачкөздүккө кирип кетип, андан кайра чыга албай, бир жагы коррупцияга малынып алган өкмөтүбүз криминалдашып кетип, алиге таз кейпибизди кийип турабыз. Мурунку да, азыркы да таланттарды баалаган чөйрө, коомчулук жок, кыргыздын ишин башка бирөөлөр жасап берчүдөн бетер кылыйып, кызматты ээлеп алып, кылтыйып басып жүргөндөрүбүз канча? Алардын анык кызыкчылыгы да башка, эл-журт керек кезде убактылуу көшөкөрлөнүү, жойпулануу саясатчыларыбыздын көнүмүш, өнөкөт оорусуна айланып бара жатат. Элди башынан сылап, алдап, айрымдарын акча берип, сатып алып, керек болсо кыйкыртып-өкүртүп жол тостуруп, көнбөгөнүн коркутуп же каралап, керек болсо жан таслим кылып салган варварлык саясат небак мыйзамдашып, шайлоонун шайтан оюндары элдин кусуруна калып, кыргыз элинин келечегин 200 чамалуу позиция, оппозиция болуп алышкан бай адамдар тагдырыбызды будамайлап, алиге чейин тар заманда тургандыгыз да кашкайган чындык. Бул үстөмдүгү дүйнөгө тараган жөөттөшө билген кытмыр оюндардын бизге жеткен көрүнүштөрүнөн.

Бүгүн Арстанбекти алп акын катары радиодон берип, теледен көрсөтүп, театрда ойноп, ыр-күүлөрүн черттирип, кайра тирилтсек болбойбу? Болот! Ага негиз бар, бирок иш жок. Бул кайдигерликтен эл ичи жакшылыкка уюбай, дагы да тар заманда турганыбыздын ачык көрүнүшү. Кудайым-ай, анан "суверенитет" деп койгонубузду айтпа, манчыркап, көпкөнүбүздү айтпа, партиялардын көптүгүн айтпа, саясатчылардын жанкечтилигин айтпа... Өкүнүчтүүсү, эл биринде калды, эл кигеп окубай, маданиятыбыздын маңызын түшүнбөй, кайрадан жапа тырмак сырткы агымдардан маңкурт болуп бара жатканыбыз өкүнүчтүү. Ынтымагыбыздын ыдыраганы андан бетер өкүнүчтүү.

Бул айткандарыбыз тар замандын белгиси. "Куранда" айтылат, ар бир элге пайгамбарын, олуясын жөнөттүм деп, бир элден бир элди өйдө көрбөй, тең карадым дейт Жаратканым! Семиттерден пайгамбарлардын нускалуу жолун түзгөн системасын талашпай, өзүбүздүн айкөлдөрдү, олуяларды, даанышмандарды качан кайрадан маңыздуу үйрөнүп, андагы бийик илимдерди салыштыра талдап чыгаар экенбиз? Алардын асыл, аруу энергетикасын качан өздөштүрөөр экенбиз? Ушундай ачык айтылган Чындык кимге жагат? Эч кимге! Бирок, акыры чындык гана жеңет. Азыр биз Арстанбекти асылдардын бири катары, пир тутууга тийишпиз. Балким, Арстанбек бизге эмес, биз, Арстанбек олуяга өтө зарылдырбыз.

Бүгүнкү күнү ар бирибиз көр оокатчыл болуп, жекеленип кеттик, ачкөздүккө жетеленип кеттик. Арстанбектер болсо: **"Эл менен сен бийиксиң,/ Элден чыксаң кийиксиң"** деген философия менен жашашкан. *"Ажалдан күчтүү балбан жок"* деп, тыянактап: *"Акын өлсө не калар?/Айтылбаган сөз калар,/Ырдалбаган ыр калар,/ Чертилбеген күү калар"* деп, корутундулап, эли-журтун өмүрү барда күчтөнтүүнү ойлошкон. Элге болсо – эстутум, тарых керек. Тарых болсо – мурас менен нарктан турат. Негизги Ата мурасыбыз – Ала-Тоо, аны Арстанбек өтө бийик бир сыймык менен кастарлаган, бир жагынан жаны күйүп, ушул асыл жерге ээ боло албай калабызбы деп, "тар заманга" жем болбошту ойлоп-ойлоп зарланат: *"Бакасы бала уктатпас,/Балыгы жылкы сугартпас./Кайран биздин көлүбүз, //Кайда кеттик көбүбүз?/Салаадан аккан булагы,/Сапсары болгон туланы,/Сагындырат ыраңы!"* Мына, Ата-Журтка болгон ыйык мамиле! Оболу мындай мамлеге жерибиз суусап турат.

Же жерибизди сатып, сыртка чилдей тарасак, эл намысы майтарылып, бирок курсагыбызды чердейтип, ар кимибиз жеке байып алсак, ага корстон болсок, ошондо келечектен каргыш угабызбы же алкыш угабызбы? Минтип, тар заман күчөп олтурса, Ысык-Көлдү бир киши, Нарын дайрасын бир киши, Арсланбабды бир киши менчиктеп кете турган мезгилге кирип баратпайлыбы, эй бурадар! Арстанбек: *"Аркайган тоо, адыры,/Адамга өтөр кадыры./Жерибизден ажырап,/Карагайдын таңында,/ Элик болду элибиз./Каптап тузду көтөргөн,/Көлүк болду элибиз./Башка чапса, былк этпес,/Өлүк болду элибиз"* деп, зар какшайт. Демек, ар-намысыбыз өлүк болбой, качан козголот?!

Жерин сатыкка койгон эл – "өлүк болбогондо" эмнеси калды? Олуя акын биздин азыркы абалды 200 жыл мурун эле айтып койгон экен, катуу эскерткен экен. Андан биз, эки тыйындык корутунду, тыянак чыгардыкпы? Мурункудан нарк, нуска калбаса, өнөр муундан муунга өтүшүп турбаса, күнүмдүккө эле кор боло берсек, даанышмандын сөзүн укпасак, бийлик башына жеткен жемкорлор өздөрү олуя болуп алышса, кошоматчылары хор менен коштоп турса, анда тарыхты окуп, тажрыйба топтоштун кандай кажети бар? Көөнө айтылган сөздүн канчалык маани бар?

Көпкө чейин Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтарды "заманист" деп, күнөөлөп келдик. А чын-чынына келгенде, анык залкар таланттар заманист. Абийирди утурлап, ашыга жазган Ф. Достоевский же казактын келечегин издеген Абай – "заманист" эмеспи? "Согуш менен тынчтыгын" жазган Лев Толстой, "Тынч Донун" жазган Михаил Шолохов, "Жүз жылдык жалгызчылыкты" жазган Габриель Маркес, "Кыямат" менен "Кылымга тете бир күндү" жазган өзүбүздүн Чынгыз Айтматов анык заманисттер. Анда эмнеге Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтарды каралаган катуу каргы тагып коюп, дагы канча мезгил күнөөлөшүбүз керек? Ушу жерден жооп иретинде, Н. Некрасовдун: *"Акын болбосоң да, жаран болгонго милдеттүүсүң"* деген маанидеги насил саптары эске түшөт.

Тазабек Саманчин туура белгилегендей, Арстанбек анык эпик акын. Салттуу кыргыз поэзиясы табиятында эпикалык адабият. Бирок азыркы адабият ушул эпикалыктан кыйла адашып калды, сыртты туурап кеттик. Өзүбүздү бааласак, эпикалык зор чабыты болгондуктан, "Манас" сыяктуу поэтикалык океан же мезгил мухитине баа берген Арстанбектин "Тар заманы" сыяктуу карыбас, канаттуу чыгармалар пайда болгон. Азыр биз, бир беткей батышты туурап, чылк эле "лирик" болуп кеттик. Сүйүүдөн жолубуз болбой калган жеке пендечилигибизди туу тутуп, жеке шорубузду жалпы адамзаттык кайгы сыяктуу көкүрөгүбүздү казып, ойдон чыгарылган махабат үчүн ырыбызда калп ыйлап, көнүп бара жатабыз.

Ал эми Арстанбектердин руху дайыма эл тагдыры менен үзөнгүлөш. Алар элдин жашоосу үчүн далай тар замандар менен салгылашкан, өлүмүнө да, чындыгына да тик караган ырдын шерлери! Алар тазалагыч, аруулантткыч касиеттерге эгедерлер. Арстанбек:

Ушу заман – тар заман,
Азуулууга бар заман,
Бечарага зар заман.
Заманын келди жакындап,

Тайган иттей такымдап - дейт. Ал сөздү жалтактабай, бетке так, тике айтат; сөздү шакабалап, сырдап-кооздоп олтурбайт. Ыр жазуунун чеберчилиги менен иши жоктой. Бул дегениң – чеберчиликтен жогорку чеберчилик! Аныкы тубаса чеберчилик, ошондуктан Жеңижок "нукура" деп, суусап жатпайбы!

Жеңижок да:

Калың элди тынчыкка,
Койбой барат замана.
Кутурган ит сыяктуу,
Жойлой барат замана.
Канга тойбос жалындай,
Сойлой барат замана.
Бирөөгө кең, бирөөгө,
Тар экенсиң замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө,
Бар экенсиң замана.
Бирөөгө бак, бирөөгө,
Зар экенсиң замана.

Демек, тар болбой, бар болуп жашаганга жол алалы! Алп акындарыбыздын тилеги да ушу. Мисалы, Жеңижоктун бул ырынан Арстанбек устатын жакшы өздөштүргөнү, башкача айтканда, эпикалык салттуулук даана байкалат. Ушул ырды окуп туруп, Жеңижокту да "заманист" десек болчудай. Эми биз, "заманист" деген сөздөн саясий клеймону алып салып, "заманист" деген сөзгө зам-замдын суусун жуткуруп, коомдук-саясий турмуш боюнча зарыл чындыкты элге алдын ала эскерткен даанышман таланттардын көрөгөчтүгү катары кайрадан оң маанидеги көз карашка ээ болушубуз зарылчылдык. Айтор, акындардын ак тилегин туура жорушубуз өтө маанилүү. Антпесек, Жеңижок атабыз да бүгүнкүгө чейин *"Замана наадан, караңгы, /Баалай албайт адамды"* деп, мезгилден артта калган көрүнүш катары, түбөлүк нааразылыгын муундан муунга айтып кала берчүдөй.

Жыйынтыктаганда, Арстанбек кыргыз элинин салттуу өнөрүн алып жүргөн универсал, түшүнүгү өтө кеңири энциклопедист. Акын чынын айтсак, "заманист" деген сөзгө да батпайт. Ал бир жаралган феномен. Элестетиңизчи, 500 күүнү-ырды жадысына сакташ үчүн эле кандай акыл, кандай мээ керек? Мынча чыгарманы канча ай, канча жыл ырдаса болот? Жана билгенинин аягына өзү чыкты бекен? Төкмөлүгү төшөлгөн жорго, айтышы арыстан кылыч, албуут сөз; заманчылыгы – терең ойчулдук, тарых-дастанчылыгы, санжырачылыгы сан кылымды камтыйт; аянчы, аярлыгы алдын ала билип турат; даанышман, олуялыгы айтканы айткандай, дегени дегендей көсөмдүк. Комузчулугу-күүчүлүгү доош, үн дүйнөсүнүн үзүлгүс агымы! Мындай талантка ийилип мамиле кылып, ак жалгай бата жайып, астырт терең ойлонуп, замандарды салыштыра карап, сөзүбүзгө маани уютуп, касиет жалгаштырып, келеке кептен кетсек экен, мереке кудуретине жетсек экен. Оомийин!

(21-май, 2014-жылы Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына карата өткөрүлгөн республикалык илимий-практикалык конференцияда жасаган баянынын толукталып, кошумчаланган тексти)

Сейит Жетимишев,
жазуучу, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмери,
Академик Б.Юнусалиев жана
Классик акын А.Токомбаев атындагы
сыйлыктардын лауреаты

ӨЛБӨС АКЫН, ӨЧПӨС ЫСЫМ

Адамзат тарыхында тарыхый унутулгус колбашчылар болот. Буга өзүбүзгө жакын Ормон ханды мисал катарында айтсак абдан туура. Ал көчмөндөрдүн тарыхый чабышында – казак Кененсары, Норузбайдын кол салышында улутту улуу кыргындан сактап калган. Бул окуя аркылуу Ормон тарыхыбыздын баракгарында унутулгус, чоң тамгалар менен жазыла бермекчи. Ал эми ушундай тарыхтагы ар кандай кыйын кезеңдерге өзү катышып же өз көзү менен көргөн, ошондогу чындыкты чыгармага айландырып таштаган "өмүрү өлбөс тирүү" адамдар кездешет. Буга өзүбүзгө чукул төкмө акын Арыстанбекти айсак жетиштүү. Анткени, Арыстанбек өзүнүн өчпөс "Тар заман" поэмасы менен бүгүн да арабызда жашап жаткандай, кызматын кылып жатат.

Мындай дегеним, мындайча: Арыстанбектин "Тар заманын" терендеп окуганда, он тогузунчу кылымдагы алдуу, азуулуу Россия өндүү мамлекеттердин алсыз, кубатсыз, аз сандагы элдердин жерлерин басып алуу зордугу, баскынчылыгы эсибизге күнү бүгүнкүдөй түшүп турат. Ошол нагыз чындык азыркы учурдун накта аныктыгы (реалдууугу) менен үн алышып, шайкеш келгендей таасир калтырат. Баам салсак, он тогузунчу кылымда өзүн өөдөрөөк сезген азуулуу, алдуу өлкөлөр "жердин үстүн" – аймактарды өзүнө каратуу үчүн кыргын салса, жыйырма биринчи кылымда Америка Кошмо Штаттары өндүү күч-кубаттуу мамлекеттер "жердин алдын" – алтынды, мунайзатты, газды талашып, кен байлыгы көп өлкөлөрдө ар түрдүү калыптагы кандуу жана кансыз бүлгүндөрдүн, кырылыштардын чыгышына түздөн түз себепчиси болуп олтурат.

Арыстанбек атабыз муну азыр айтып жаткансыйт:

"Төгөрөктөп урдурган,
Коргон чыгат дечү эле.
Тегеректин баарысын,
Кагаз менен иштетип,
Соргон чыгат дечү эле".

Мына ушинтип, Арыстанбек акын айткандай, бүгүн ааламдашуу, дүйнөлөшүү деген "жети баштуу желмогуз", доллар аттуу "көк-жашыл азезил" аркылуу дүйнөнү каптап, канын соруп жатат ко, чиркин! Же:

Көлөкөлүү телпеги,
Жоо дегенде элпеги -дейт, Арыстанбек.

Учурда долларга жалданып, көлөкө телпек, кара бет кап кийгендер көбөйгөн, алар акчага улам бир эл менен экинчи элди кагыштырып, жо-

олаштырып, кан төгүүдөн кайра тартпай калган. Демек, Арыстанбек ырчынын эбак көзү өтсө да, дүйнөлүк деңгээлдеги ойчул акын катары – ааламдашуунун башаты менен мезгилин аныктаган, арамзалыкка малынган, зулумдуктун кара пардасына чүмбөттөлгөн ар кандай калыптагы баскынчылыктын бетин ачкан олуялыгына таң каласың. Ал адамзат дүйнөсүнүн актыгын, ар бир инсандын аруу дилин колдогон жана коргогон касиети үчүн замананын, керек болсо азыркы заманды ой демөөрү (идеологу) болгонун, ага бүгүн да ак кызматын кылып жатканын аңдап-билүүгө тийишпиз. Себеби, "келер жамандык бир ырчынын, бир сынчынын сөзүндө" деген жүйөөнү бетке кармаган кеңкелестер акындын тилин кесүү керек дешкенге чейин барышкан. Бирок, тил кесерлерден коркпой, кайран ырчы – "Тар заманды" баатырларча ырдаган, тарткынчыктап же кылчактап, тынчып калган эмес.

Жакында культуролог, оболуу обончу, Тургунбай Молдогазиев инсан комузчу, чебер кыякчы Мураталы Күрөңкеевден өз учурунда орус музыка изилдөөчүсү А. Затаевич нотага түшүргөн Арыстанбектин "Тар заманын" ырдоо-обонун комузга кошуп, үн салып берди. Ошол обондун ыргагы өзүнчө эле өзгөчө терең философия, бөтөнчө бир улуу симфониянын өзөгүндөй сезилди мага. Айтор, Арыстанбек тарыхтын барагында же таштын бетинде жазылып калуучу, унутулгус колбашчыга окшош эмес, ал күнү бүгүн да биз менен арабызда чогуу жашап жүргөн жана жашай бере турган Өлбөс Акын, Өчпөс Ысым.

13. 08. 2014-жыл.
(Арстанбек Буйлаш уулунун
190 жылдыгына карата жазылган макаласы)

Байтемир Асаналиев,
Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

АРСТАНБЕКТИН МУРАСТАРЫ АР ТАРАПТАН ТЕРЕҢ ИЗИЛДЕНИШИ ЗАРЫЛ

Кыргыз эли байыртадан эле таланттарга өтө бай болгон. Элибизден алтын жаак, жез таңдай ырчылар, жомокчулар, комузчулар, чоорчулар, төкмө акындар, куудулдар чыккан эмеспи. Тилекке каршы, жазуу маданиятыбыз өнүкпөгөндүктөн, алардын ысымдары бизге жеткен жок, өнөрлөрү өздөрү менен кошо кетти. Мунун өзү кыргыз эли үчүн орду толгус жоготуу. Атаганат, алардын асыл мурастары кагазга жазылып калганда, кийинки муундар үчүн түгөнгүс кенч, бай көрөңгө болбойт беле?!

Мурунку дооpлордогу өнөрлөрү түгүл, өздөрүнүн ысымдары бизге белгисиз кеткен не бир кайталангыс таланттарды айтпаганда да, 19-кылымда жашап өткөн Буйлаш уулу Арстанбектин тагдыры ага күбө.

"Аккан арыктан суу агат" демекчи, Арстанбектин тек-жайына эч кине коё албайбыз. Өз атасы Буйлаш бий болсо, бабасы Шопок эл көргогон баатыр, эгин айдаган дыйкан адам болгон экен. Ал тууралуу кытайлык кыргыздарда "Мамаке, Шопок" деген дастан айтылары белгилүү.

Арстанбектин ырчылык, комузчулук шыгы бала кезинен эле байкалат. Атасы ага өзүнө чакан комуз жасатып бергенден кийин, бирге ойноп, чогуу мал кайтарган теңтуштарына комуз чертип, ырдай коюп, көңүлдөрүн ачып, жарптарын жазат. Тубаса талант, шыгы ага тынчтык бербей, тымызындан жетиле берет.

Анын ак таңдай акын, залкар комузчу болуп калыптанышында Алайдан чыккан Алымбек датканын ролу зор. Атасы Буйлаш жана Тынымсейит уруусунун бир катар манаптары менен бирге Анжиянга барган 16 жаштагы ырчы, комузчу Арстанбекти бир жылдай жанында алып жүрүп, жетилүүнүн жана такшалуунун мектебинен өткөргөн. Ошол бир жыл болочок акындын келечегине туура багыт берип, жашоо-турмуштун карама-каршылыктуу көрүнүштөрүн аңдап-билүүсүнө, аң-сезиминин ойгонушуна шарт түзгөн. Ушул фактынын өзү эле Алымбек датка өз доорунун дааныштан, айкөл инсаны болгондугун айгинелеп турбайбы.

Алымбек менен Арстанбек Нарын жеринде өткөрүлгөн Аалыкенин ашында экинчи жолу жүз көрүшөт. Ал мезгилде Арстанбек акын жана комузчу катары кадимкидей такшалып, баралына келип калган кези эле. Ашка жарчы болуп дайындалгандыктан, ал адегенде кыргыз элинин келип чыгышы жана таралышы тууралуу ырдайт. Ага аябай ыраазы болгон Алымбек датка: "Арстанбек элибиздин тарыхын туура жана ишенимдүү баяндап берди" деп, алдына аргымак тартат. Аны көрүп турушкан башка мыктылар да сый-сыпаттарын көргөзүшөт.

Ошондой жагдайлардан улам, Арстанбек акын:

Жакшыларга жанаштым,
Жамандардан адаштым.
Ар жакшыдан ат алдым,
Булбул ырчы атандым-деп, ырдаган эмеспи.

Ушул төрт эле сап ырда эмне деген терең маани камтылган. Арстанбек өзүнүн адамдык да, акындык да бейнесин толук ачып берип жатпайбы.

"Жоктон бар болбойт" демекчи, жараткан ага талантты ченемсиз мол берген. Антпегенде, ал төкмө акын, чебер аткаруучу, обончу, күүчү, терең ойчул болуп таанылат беле? Албетте, ал университетте окуп, билим албагаңы менен, өз доруна жараша, элдик чыгармаларга таасирленип, аларды өздөштүрүп, чыгармачылыгында булак катары пайдаланган. Ыр-дастандарынын темасын элден, турмуштан алып, аларды өз жан-дүйнөсүнүн элегинен өткөрүп туруп, кайра элге тартуулаган. Ошол үчүн калың эл анын туундуларын өзгөчө сүймөнчүлүк менен кабыл алган. Ыр-дастандарын көңүл

коюп окуган адам анын сөздөрүнүн салмагын, элестүү, так, таамай жана маанисинин, философиясынын өтө тереңдигин баамдабай койбойт. Көпчүлүккө жакшы белгилүү болгон төмөнкү ыр түрмөгүн окуп көрөлү:

Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо упурап учса да –
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың!
Кабарың күнгө кетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да –
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң!

Бул саптар эч комментарийди талап кылбайт, ошондой эле бүгүнкү күндө да, көздөрүн май баскан куу чирендерге кагылган коңгуроо.

Ушуга эле улай, дагы бир мисал:

Зорлугу өтсө жакырга,
Зомбулук кылса бакырга,
Зордун түбү – кара жер.
Катарлаш элге кан чачса,
Канкорлорго жан тартса,
Кандын жайы – кара жер ж.б.

Көрүнүп тургандай, бул саптардын философиясы өтө терең.

Арстанбектин башка акындардан айырмасы – чыгармаларынын ой-маанисинин кенендиги менен тереңдигинде. Төкмө акындардын айрымдары желдирме жеңил ырларды жаратышса, Арстанбек уккан адамды ойлонто турган, ой-сезиминде уюп кала турган туундуларды тартуулаган. Албетте, бул өзгөчүлүк анын табыгий таланты менен тубаса акыл парасатына байланыштуу.

Арстанбектин замандашы, анын ырдаганын бир нече жолу уккан Талип молдо ага мындайча баа берген: "Мурун далай ырчыларды көрдүм, далай эле ыр уктум. Бирок, ыраматылык Арстанбектей кыябына келтирип ырдаган татыктуу ырды уга алганым жок" ("Арстанбек", Бишкек. 1994. 146-бет).

Эми, акындардын алпы, залкар комузчу Арстанбек тууралуу айта берсе, сөз түгөнбөйт.

Анда эмесе, залкар талант Арстанбектин акындык жана комузчулук мурастары тууралуу азыноолак сөз кылалы.

Акын кыргыздын оң менен солун түрө кыдырып, айлап-жылдап казактардын ырчы, домбурачылары менен айтышып, чертишип жүргөн эмеспи. Бир жолу казак жеринде узак жүрүп келип, "Казактарда эки куржун көзү ырым калды" деп айтканын анын жердеши Абышка Алсеит уулу эскерип калар эле. Атаганат, акындын талантын сыйлаган бир азамат чыгып, Казакстанга барып, элден сурамжылап, Академиясынын архивин аңтарып келсе кана?

Советтик идеология Арстанбекке окшогон нечен таланттуу адамдардын тагдырларын талкалабадыбы. Совет мамлекети алардын чыгармаларына караманча тыюу салып, элдин эс-акылынан өчүрүүгө бардык күч-аракетин жумшап, аны ишке ашырып келди. Натыйжада, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын архивинде Арстанбектин ырлары, дастандары жокко эсе, болсо да жарытылуу эмес дешет. Элден айланса болот, акындын туулгандыгынын 170 жылдыгына карата 1994-жылы чыгарылган "Арстанбек" аттуу китеп Кеминдик Кабай Абдыракман уулунун кокусунан табылган кол жазмасынын негизинде даярдалган.

Азыркы кезде арабызда Арстанбектин чыгармаларын, күүлөрүн билген адамдар жокко эсе. Ошентсе да, Академиянын тил жана адабият институту бул маанилүү ишти кечиктирбей колго алып, Казакстанга, атүгүл Кытайдагы кыргыздарга чейин барып, сурамжылап, жыйнап келүүгө тийиш. Акындын эл оозунда айтылып жүргөн айрым ырлары да китебине кирген эмес. Алсак, Арстанбектин Аалыкенин ашында жар чакырганы ж.б.

Арстанбек бир эле райондун же облустун жараны эмес, ал атпай журтуна таандык инсан. Ал чыгармаларында бүткүл кыргыз элин, кыргыз жерин даңазалап, мунун мундаган. Ошондуктан, анын алдыдагы 190 жылдык мааракесин өткөрүүгө Кыргыз Өкмөтү иштиктүү киришип, ага бардык облустар тартылууга тийиш. Керек болсо, жалпы Түрк дүйнөсүнүн масштабында белгилөө зарыл.

Улуттук илимдер академиясы залкар акындын чыгармаларын тереңдеп изилдеп, талдап, ал жөнүндө илимий, адабий эмгектерди чыгарса, кандидаттык, докторлук диссертациялар жазылса деген изги тилекти айтмакчымын.

Жакында эле Арстанбек өмүрүнүн акыркы жылдарында бий болуп шайлангандыгы тууралуу документ Алматынын архивинен табылганын уктум.

Эми, иштин практикалык жагына азар оодаралы.

Бишкектин бир чоң көчөсүнө "Арстанбек акын" деген ат берилип, окуу жайларына, мектепке ысмы ыйгарылса?! Борбор калаанын жана ал туулган Нарындын ылайыктуу жерине акындын айкели тургузулса; Жети-Өгүз районундагы анын сөөгү коюлган көрүстөнгө күмбөзү тургузулса!

Атмакчы, Арстанбек акындын жана башка көптөгөн таланттуулардын адабий мурастарынын толук сакталбагандыгы адабиятыбыз менен маданиятыбыз үчүн чоң өксүк. Жогорудагыдай алгылыктуу иштер аткарылса, мамлекетибиз келечек муун үчүн пайдалуу иш жасаган болор эле.

Тоталитардык бийлик акындын чыгармаларына дээрлик 70 жыл бою тыюу салып, атын өчүрүүгө аракеттенип келсе да, бүгүнкү күндө анын ырдастандарына, комуз күүлөрүнө кызыгуу күч алып жатканынын өзү эле анын өлбөс-өчпөс талант экендигин айгинелеп турбайбы!

1994-жылы акындын 170 жылдыгы белгиленерде айрым ырларынын кол жазмасы Кемин районундагы бир үйдүн огородунан табылышы да тегин эмес жерден чыгар.

Баса, Арстанбектин мурасын иликтеп, ал тууралуу илимий макала жазып жүргөн адабиятчы, филология илимдеринин кандидаты Батма Кебековага чоң ыраазычылык билдирүүгө тийишпиз. Урматтуу Батма эжебиз да бул кезде улгайып калды, эми Арстанбек боюнча илим-изилдөө иштерин жүргүзүүгө идиректүү, жаш илимпоздор тартылуусу абзел.

Төкмө акындардын Арстанбек Буйлаш уулу атындагы коомдук адабий фонду уюштурулуп, тиешелүү иштер жүргүзүлүп турса да, максатка ылайыктуу болор эле.

Айтор, алп акындын алдыдагы 190 жылдыгын жогорку деңгээлде өткөрүү боюнча Кыргыз Өкмөтү, Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, Кыргыз Улуттук илимдер академиясы бир катар уюштуруу иштерин жүргүзсө деген жакшы тилек.

Мен өзүмдүн ой-пикиримди, сунуштарымды мүмкүн болушунча ачык билдирдим. Ошондой эле, элибиздин адабияты менен маданиятына, алп акын Арстанбектин мурастарынын тагдырына кайдыгер эмес адамдар да өздөрүнүн жекече ой-пикирлери менен басма сөз аркылуу бөлүшсө, сунуштарын айтышса, "көп түкүрсө – көл" демекчи, далай иштердин башы ачылмак.

Айтор, булбул ырчы Арстанбек тууралуу айтылчу сөздөр алдыда деп ойлойм.

Жыйынтыгында айтаарым: узак мезгил тыюу салынып келген залкар инсандын асыл мурастары адабий, педагогикалык, лексикалык, философиялык ж.б. жактан терең изилдөөлөрдү күтөт.

Октябрь, 2014-жыл.
(Арстанбек Буйлаш уулунун
190 жылдыгына арнаган макаласы)

Керимбек Кадыракунов,
Алыкул Осмонов атындагы
адабий сыйлыктын лауреаты,
Эл аралык "Арча" адабий сыйлыгынын ээси,
Эл аралык коомдук поэзия академиясынын
академиги

АРСТАНБЕК ТУУРАЛУУ АЙТЫЛЫП ЖҮРГӨН СӨЗДӨРДӨН

Тоо этектей кеткен көк жайыкта, булак бойлой тигилген ак боз үйлөрдүн күн чыгыш жак ыптасындагы алты канат ак боз үйдүн түрүлгөн эшигинен кирип-чыгып, кызмат кылгандардын аягы тынбайт. Боз үйдөн обочороок орнотулган мамыда байланган сымпоочтолгон ээр токумдуу, жүгөн, куюшканы кайыштан үч того болуп өрүлгөн, канжыгасы

кайыштан сыны келишкен аттар – жабдыктарына караганда алыстан келген сыйлуу коноктордуку экени байкалып турат. Бул айыл тынымсейит уруусунан чыккан Буйлаш байдын айылы эле. Эзелтен бери келаткан кыргыздын каадасына ылайык, жайдын толуп турган кезинде ар урунун аттуу-баштуулары чогулуп, конок айттырышып, эл арасындагы ахыбалды билип, эл тагдырын, жер тагдырын чечкен журт башчыларынын үйлөрүндө конок болуу жөрөлгөсү бар эмеспи. Ошондой кезек бүгүн Буйлаш бийдин ак өргөөсүндө болуп жаткан. Меймандар өткөн-кеткенден, күз берекесин, келүүчү кышта аба ырайынын шарты кандай болоорун, алдын-ала жаратылыштан келген белгилери, жылдыздардын тогошкону боюнча чечмелеп, кышка камылга көрүүнүн жайынан кеп кылышып, дасторкон үстүндө сый көрүшүп отурган маалда – сырттан беш-алты жашар эркек бала чуркап кирип келип эле, ай-буйга келбей: -Ата, түшүмө комуз кирди, комуз алпериңизчи?-деп, мандаш токунуп отурган Буйлаш бийдин астына отура калды.

Коноктордун көзүнчө мындай олдоксондукту күтпөгөн Буйлаш бий алдындагы баланы эки колтуктан кага тургузуп, конок камылгасын көрүп жүргөн байбичесин жактырбай карап, "чыгар эшикке" дегендей ишарат кылды. Байбичеси бийдин оюн илгиртпей байкап, баланы колдон алып, эшикти көздөй жөнөп баратканда, отурган меймандардын бири: -Байбиче, коё турунузчу, баланын аты ким?-деп, саамга жооп күтүп. –Арстанбек-деди байбиче, баланы жактырбай обочолонтуп - "Кысыр жылоологон экен, түшүнө жакшылыктан аян келип атыптыр" деп, алакан жайып, бата тартып жиберди төрдө отурган меймандын бири.

Эртеси күнү аттанаар алдында, бешбармак желип бүтүп, колго суу куюлгандан кийин, моңолдор уруусунан чыккан, атагы алыска кеткен зергер, колунан көөрү төгүлгөн Айтмамбет уста: -Буйлаш, уулуң Арстанбекке курама комуз чаап берейин, үйүндүн уугунан үчтү чыгарып бер, шар суунун үнүн укпаган сөгөт талдан экен-деп, боз үйдүн үч уугун алып кетет. Айтмамбет айтканындай эле, убада берген күнүндө комуз чаап, берип жиберди. Буйлаш бий комуз алып келген адамга сый көрсөтүп, бир күн түнөтүп, эртесинде куйрук-жалы жайылган семиз бээ жетелетип, узатып койду.

Күндөр-күнгө улашып, айлар-айга жалгашып, жылдар жылып өтө берди. Арстанбек бойго жетип калган убагы, колунан комуз түшпөй, айыл ичинде күү чертип, ыр ырдап, эл оозунда сөзгө алынып калган кези. Буйлаш бийдин айылы жаздоодон жайлоого көчөөр мезгил келип, Арстанбек көчтө мал айдамак болот. Мал айдаардын алдында келип, жол азыгын бөктөрүнүп жатып: -Эне, мен мал менен кетип жатам, комузума сак болуңуз, жүккө аралашып, сынып калбасын-деп, дайындап, малынын артынан кетет. Үйдүн жүгүн таңып жаткан энеси комузду бирөө басып албасын деп, таш кемегеге тикесинен жөлөп коюп, таңылчактарын таңып, атка артып алып, эл караанына кошулуп, жаңы журтка жүрүп кетет. Чоң шашкеде чыккан Буйлаш бийдин айылынын көчү, түш оой

жаңы конушка келип, эртелеп келишип, журт чалып, конуш даярдаган билермандардын чектеген жерлерине ар кимиси өз жүктөрүн түшүрүп, дасмалын жайып, кошунасын чакырып, жаратканга сыйынып, нанга бата жасашып, ак жалгасын жөрөлгөсүн кылышкандан кийин, караңгыга калбай боз үйлөрүн тигип алуунун камында.

Күүгүм талаш мал айдагандар да келип калышты. Көк кунан минген Арстанбек боз үйүн тигип жаткан энесине жардам берүүгө ашыгып, жетип келип: -Конуш жайлуу болсун, эне, комузумду сындырбай алып келдиңизби?- деп сурады. Дендароо боло түшкөн энеси сол колунун алаканын оң колунун манжаларынын сыртына шак коюп: -Эсиме жара чыгып, унутуп калган турбаймынбы, мал тепсеп кетпесин деп, коломтого тикесинен жөлөп койдум эле, балам-деп, энеси кейип жиберди.

Көк кунанга үзөңгү теппей, секирип минген Арстанбек эски журтка чаап жөнөдү. Төтө жол менен эски журтка жетип келсе, комуз таш коломтодо жөлөнүп турган калыбында кылдары күүгө келип, термелип чертилип жатыптыр, эки кара кучкач эки жагында улам комуздун кулагына учуп-конуп, күү ыргагына кошулуп, сайрап турат... Арстанбек комузду колуна ала коюп, манжалары кылга тиери менен бир өзгөчө касиет келип, мурун билбеген, мурун укпаган ыргактар, жүрөк толкуткан күү кайрыктары биринен соң бири келип, муштумдай жүрөккө, кучакка сыйгыс эргүү пайда болот. Комуздун кулагында ойногон кара кучкачтын бири сол ийнине конуп, бири оң ийнине конуп, черте турган күүнүн кайрыктарын сайрап тургандай. Арстанбек далайга, бир эт бышым убакытка чейин колундагы комузга тил киргизип сайратып, өзүн-өзү билбей калып, оо бироокумда эсин жыйып, оор дем алып, болуп өткөн бул окуя аянбы, түшпү толук аңдап, билбей аттанып, жаңы журтка жөнөдү.

Сарсанаага батып, өзүн-өзү жемелеп, убайым жеп, уктабай күтүп отурган энеси ат дүбүртүнөн улам эшикке чуркап чыгып, жакындаган караан -- Арстанбектин кунаны экенин таанып, утурлай тосуп: -Комузуң бар бекен, балам?- деп, жүрөк өйүгөн санаа менен бет маңдай келаткан карааңга үн салды. Энесинин түпөйүл сезимин туйган Арстанбек да кунанын ылдамдай бастырып: -Бар, эне, бар, ордунда эле туруптур-деп, шашылыш жооп бергенге үлгүрдү.

Касиет жылоологон Арстанбектин акындык чеберчилиги, ойчулдугу, комузчулук, төкмөлүк өнөрү өрөөндөгү элдин сынынан өтүп, атагы алыска угула баштайт. Төгүп ырдап жатып, бир учурда: -Бу кай заман белгиси?-деп, ийнин карап койгон жышаанасы бар эле дешет, уламадан айтылып келген эл оозундагы санжырада.

Буйлаш бийди кошуп, тынымсейит уруусунун билермандарын Кокон бийлигинө айтылган көлөмдөгү салыкты төлөбөдү деп, жазага тартып, айдатып кетет. Убакыт өтөт, кеткен бийлер тууралуу айылга кабар келбейт. Арстанбек жайыттан бир күлүк атты алдырып келип, табына келтире суутуп, атасынын артынан жолго чыгат. Кокон бийлигинин ордосуна барып, өзү жөнүндө кабар кылат. Өнөр адамын байкаган ордонун кызматкерлери бир, эки күнгө өргүү алдырып, Арстанбектин тамашасын

көрүп, анын комузчулук, төкмөлүк өнөрүнө таң калышып, ордо бийлигине "оозунан ыры төгүлгөн, комузун адамча сүйлөткөн аркалык" келгенин кабар кылышат. Арстанбектин кабарын укkан Алымбек датка чакыртып келип, күү черттирип, ырдатып көрүп, өнөрүн өзгөчө баалап, сый көрсөтүп, ордого алып калат. Өзүнүн комузчусу менен Арстанбектиң өнөрүн сынамакчы болот. Белгиленген күнү өнөр таймашын көрүүгө ордонун билермандарын, бийлерин чакыртып, жыйын кылат. Өнөр таймашы Арстанбек менен ырай-бешенесине жарашыктуу кыркма кара сакалы бар – элүүгө не жетип, не жетпеген куракгы комузчунун ортосунда өтөт. Таймаштын шарты мындай деп сүйлөшүлөт: кезек алган адам бир күү чертет, чертилген күүнү экинчи комузчу кайталап чертип берүүсү абзел. Эгер күүнүн ыргагын бузбай, кайруусун өзүндөй кылып, чертип берсе, мөрөй ошонуку. Салт боюнча кезек улуусунан башталат эмеспи, кара сакал комузун колуна алып, кулагын бурап, добушун тыңшап: -Ээ, Арстанбек иним, күүнүн сырын туюп отур, ар кайруусун кулагыңа куюп отур, чебер болсоң чертип кетээрсиң, чобур болсоң ар кайрыгын кертип кетээрсиң. Күүнүн аты – "Жаным Кара жорго", жайын таппай, жанып өтөөрсүң, чырагымдеп, ар кайрыгы мукам, бирде асмандан шукшурулуп түшкөн шумкардын канатынан бүткөн закымдай, бирде аскадан агып түшкөн булактын шыңгырындай, бирде жайлоонун жамгырындай төгүлүп, кулактан кирип, бойду алган залкар күү чертип бүткөндө, угуп отурган эл бир азга тунжурай түшүп, анан: "Өнөрүңө баракелди" дешип, дуулдап кетишти.

Арстанбек комузун колуна алып, кулагын толгой, күүгө келтирип, ээкти оң ийни жакка саал буруп, эмненидир тыңшап жаткандай түр менен "Жаным Кара жорго" күүсүн кайталап черте баштады. Күүнүн кээ бир кайрыктарын өнөгүнөн айырмаланып, кол ойнотуп чертип, күүнүн акыркы кайрыгын мурунтан даярлай келген макисинин (бычагынын) мизи менен кылдат чертип, комуздун кылын үзбөй аяктады. Көрүп отурган көпчүлүк толкуй түштү, Арстанбектин талантына тан беришип, ыраазычылык билдирген таризде ордо билермандары улам биринен сала бири алдына сый чапан таштап турушту.

Арстанбек өз кезеги менен кара сакал комузчуга кайрылып, күүмдүн аты "Тыным Кара жорго", чамаң чакан болсо, жарым жолдон тынып калаарсың, көрүп турган көпчүлүктүн ичинде сынып калаарсың деп, көтөрүңкү маанайдагы чечен күүнү чертти. Атаандашы күүнүн башын чертип келип, аягын таппай калды. Бул өнөр айкашында Арстанбектин өнөрүнө ыраазы болгон ордо билермандары тартуулаган сый чапандын көптүгүнөн, мандаш токунуп отурган Арстанбектин тулкусу көрүнбөй калды.

* * *

Эл арасында тубаса, сейрек кездешкен өнөрү менен "Булбул" атагын алган Арстанбек атанын жайына барып, куран багыштап келсек деген ниет көптөн бери оюмда жүрөөр эле. Быйылкы жыл 190 жылдыгынын шарданы менен Муканбай Жунушалы уулу экөөбүз атайы камынып,

Арстанбек Буйлаш уулу жаткан жайга жөнөдүк. Оюбуздагы жалгыз максат Арстанбек атанын сөөгү коюлган жерин билип, куран багыштоо, ал киши тууралуу сөз кылган айрым адамдардын санжырасын угуп калуу эле. Мурунтан макулдашуубуз боюнча санжыранын сабын бузбай угуп, жыйнап жүргөн, айтылуу Боромбай хандын тукумунан чыккан Мыктыбек мырза, Арстанбек атабыздын архивин өз жекече аракети менен жыйнап, чоң эмгек кылып жүргөн, тынымсейит атанын урпагы Жээналы мырза бизди Жуукудан тосуп алышты.

Эл арасында, айрыкча көл өрөөнүндө белгилүү санжырачы Ысмайыл атага жолугуп, ал киши менен Арстанбектин сөөгү коюлган жайга барып, арбактарга куран окуп, билинбей бараткан жайдын кийинки муундар эскерип тургудай белги коюу жөнүндө ар кыл пикирлерди козгоп, ар кимибиз өз оюбузду билдирип, бир жыйынтыкка келдик. Азырынча "Арстанбек Буйлаш уулу, туулган жылы, өлгөн жылы" жазылган белги орнотуп коёлу, келген адамдарга маалымат болуп турсун, кийинчирээк эл менен, акыл калчаган аксакалдар менен, курулуш жаатындагы адистер менен кенешип, ойдогудай эстелик тургузаарбыз деген ойго токтодук. Бирок, белгини кечиктирбей коюу чечимине келдик. Болжолдогондой эле эстелик белгиси бир айдын чамасында тынымсейит уруусунун урпактары Муканбайдын, Жээналынын, Асанбектин демилгеси менен орнотулду. Ысымын ыйык тутуп, атайылап каттаган адамдар үчүн, урпактары үчүн Арстанбек атанын сөөгү коюлган жайды жаземдебей барып, дуба кылып турууга мүмкүнчүлүк болуп калды.

Санжырачы карыя Ысмайыл ата менен аңгемебизди уланттык. -Күнү бүгүнкүдөй эсимде, 1949-жылы-деп баштады аңгемесин ал: -Көл башындагы Пржевальск шаарындагы мугалимдердин окуу жайында окуучу элем. Кыргыз адабиятынан сабак берген Кыдырбаев деген агайыбыз келип, окуучуларга адабият окуу китебиндеги Арстанбек деген бөлүгүнө тиешелүү барактарынын баарын айыртып – мындан кийин муну окубайсыңар деп, айрылган барактарды жыйнап кетти. Жайкы каникулда үйгө келип, бул окуя тууралуу айтып берсем, бубамдын кичүү кызы Алмакан эжем, жашы сексенден өтүп калган кези эле, ордунан тура калып, отура калып, абдан кейиди, жарыктык: -Бекер кылыпсыңар, бекер кылыпсыңар. Ал Булбулду билишиңер керек, бала-чака окуп билиши керек, ал унутта калчу адам эмес. Мен көрүп калгам ал кишини, алты-жети жашар секелек кезим. Жуукунун ичиндеги коңшу айылдардан кабар келип, Арстанбек Булбул ооруп калыптыр, абалын сурап коёлу дешип, эл чогулуп, Арстанбектин айылы Чычкан-Башыга жөнөп калышты. Атам мени өңөрүп алган бойдон айылына бардык. Төшөктө жаткан экен, туруп отуруп, эл менен кол берип учурашты. Эл үйгө батпай, сыртта шиберге чапанын жая салып, отуруп калышты. Атам мени этегинин бир өңүрүн жайып, отургузуп: -Угуп тур, азыр Арстанбек атаң ырдайт-деди. Ал күнү барган элге Арстанбек Булбул ыр ырдап, күүлөрдү чертип берди. Айрымдары Арстанбектин ырла-

рын ыйлап угушту, эмнеге экенине мен балалык кылып, маани бере алганым жок, ал күнү. Бир учурда угуп отурган эл кыраан-каткы, айлана күлкүгө айланып кетти. Оо, түн бир оокум болгондо үйлөрүбүзгө тарадык. Эртеси атам мени дагы ээрчитип барды, биз барганда эл чогулуп калган экен. Арстанбек Булбул күү чертип жатыптыр. Эл арасында кечээгиден бүгүн салмактуураак экен, келген элди кыйбай, өнөрүн көрсөтүп жатат дешип, кобурап турушту. Кайрадан ырга кирди, коштошуп жатпайбы, жарыктык дешип, ыйлап угушту.

"Кой, Булбул эс алсын, чарчады ооруулуу киши" деп, элди таратышты. Үчүнчү күнү эрте жөнөдүк, барсак эл кечөөгүдөн да көп экен, көлдүн күңгөйүнөн да келиптир, Нарын тараптан шопок уруусунан туугандары жүрөт дешти. -Булбул сүйлөй албай калыптыр, кайран киши-дешип, көздөрүнө жаш алып турушту баргандар. Бир оокумда колу менен ишарат кылып, комузун алдырып, сөз сүйлөбөй, күү черте баштады. Эл арасында: -Карачы, кайран Булбул, комузга тил бүткөрүп, сүйлөтүп жатпайбы. Калайык калк менен коштошуп жатат, касиеттүү Ысык-Көл, Жууку, Чычкан-Башы менен коштошуп жатат, комузу тигинтип сүйлөп жатат, минтип сүйлөп жатат-дешип, комуздун кайрыктарына сөз бүткөндөй, акыркы керээзи экенин айтып турушту. Мына өнөрдүн күчү, ал кишинин осуятын китептен айыртып бекер кылышкан экен, кыргызда андай адам кайра жаралбайт деп, Алмакан эжем кейип, кебин токтотту...

Арстанбек Булбулду көзүм менен көргөм деген кишинин өз оозунан укканым ушул деп, Ысмайыл карыя аңгемесин аяктады.

Октябрь, 2014-жыл.
(Арстанбек Буйлаш уулунун
190 жылдыгына арнаган макаласы)

ТАЛАНТКА
ТААЗИМ

(Бул топтомго Арстанбек Буйлаш уулуна арналган чыгармалар, макалалар киргизилди)



Эсенгул Ибраев,
Кыргыз эл акыны

БУЙЛАШ УУЛУ АРСТАНБЕКТИН ТУУЛГАНЫНА – 170 ЖЫЛ! ЭКИНЧИ ӨМҮРҮҢҮЗ КУТ БОЛСУН, АКЫН АТА!

Өнөрдүн угуту, таланттын көрөңгөсү түгөнбөйт экен го, байыбайт экен го. "Эл ичи – өнөр кенчи" дегендей, бирдики миңге уланып, миңдики түмөнгө жалгашып, оомал-төкмөл дүйнөдө сүзүлүп, бирок үзүлбөй, жошулуп, бирок жоюлбай, оошуп-кыйышып, жүрө берет экен го. Журттагынын жугу үзүлбөйт экен го! "Он бешинде белсенген, оң менен солго теңселген", "далайлардан бата алган, булбул ырчы атанган" ак таңдай Арстанбек:

Өткөн ишке бушман жок,
Өлүмдөн кыйын душман жок-деген экен. Анын сыңарындай, өткөнгө өкүнбөй, табылганга таберик, колго тийгенине топук кылалы.

Акындын чыгармаларын жыйнап-иликтөөдө кыйла кыйынчылыктар болду. Кечээ күнү эле тыюу салынган акындын экинчи өмүрүнүн бактысына туш келген эмдигинин эркиндик таңы атты. Жедеп жүрөгүнүн үшү учуп, чоң элдин көзүн, чочоңдогондордун оозун карап, кир кабак, жалтак болуп бүткөн эл азыр деле шыр кете албай элеңдеп, эки жагын алаңдап, арты-кийинин карап, алда кандай болот деп, дендароо абалда тургандай сезилет. Муну да туура түшүнөлү.

Арстанбек алдына акын салбаган төшөлгөн төкмө, чоң комузчу, чебер аткаруучу, келечекти туура болжой билген акылман, даанышман, ойчул адам. Уккан уламыштарга, айтылган аңыздарга караганда, 500дөн ашуун күү чертип, 200дөн ашуун обон-ыргак менен ырдап, 20дан ашуун күү чыгарган. Устарадай жаланган бычакты бутунун салаасына кыстарып, комуз черткени жөнүндө имиштер айтылат. Дагы бир даректе Арстанбек комуз черткенде бактын башында сайрап турган күкүк кулап түшчү экен делет. Ал эми акындык дарамети жайында анын өзүнө кулак төшөп көрөлү:

Сейилкан менен чертиштим,
Музооке менен мундаштым.
Кантарбайды кантардым,
Калк алдында антардым.
Сүйүмбай менен айтыштым,
Өткөн кептен тартыштым-дейт.
Чонду акын менен айтышканында:

Тилим менин шок эле,
Казак менен кыргызда,
Мага,

Тендешер акын жок эле-деп, так кесер айтат. Ал эми Арстанбек жөнүндө Кантарбай, Чонду, Талип, Калча, Женижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Калык, Осмонкул сыяктуу залкарлардын берген баалары ушул пикирди дагы да ырастап турат. Дагы бир баса белгилеп кете турган жагдай бар: Арстанбек – акын, ойчул, комузчу гана эмес, калың элдин бар-жогуна, ач-тогуна каралашкан, сөз жүзүндө да, иш жүзүндө да жакындан жардам берип, калкка арка-бел, жөлөк-таяк болгон, коомдо салмактуу орду бар, улуу инсан катары да даана сезилип турат. Айрыкча, бугу менен сарбагыштын чабышында төгүлгөн кан, чабылган жер, чачылган эл, көздүн жашы, көкүрөктүн дарты тууралуу күйүп-бышып ырдаган ырлары, элди ынтымакка чакырган жөндүү да, жүйөөлүү да саптары муну ачык айгинелейт.

Улуу акындын аброю карапайым калк алдында гана эмес, бийлик ээлери, мартабалуу манаптар менен оёздогу орус төбөлдөрүнө да таасирин тийгизип, аны менен эсептешпей коё алышпагандыгы белгилүү. Акын бир ырында:

"Караколду бийледим,
Калк алдында сүйлөдүм"-дейт. Ал эми Ормондун чабуулунда Анжыян-Кашкарга кире качкан бугу элинин тентип-тербип, сатылганы сатылып, чачылганы чачылып, бүлүнгөнүн, эптеп акыры көлгө кайра жеткен качкындарды чогултуп, киерине кийим, ичерине аш уюштуруп, адашкан ата-баланы, ага-ини, эжн-сиңдини табыштырганын, ал үчүн оёздогулардын эшигин жырткынын минтип айтат:

Угуп, карап өзүмдү,
Кабыл алды сөзүмдү.
Хан Ормондун айынан,
Эркек балдар кул болгон,
Ургаачысы күң болгон.
Басып таман жүн болгон.
Жигит алып, мал жыйып,
Олжого кеткен эл жыйып,
Ар тарапка чаптырдым,
Адашкан жетим-жесирдин,
Ата-энесин таптырдым.

Арстанбектин акындык таланты жөнүндө ата-энелеринен угуп калган айылдагы кары-картандар: "Арстанбек акын келиптир дегенде, калк кара чабуулга түшүп, туяктуудан тай, таяктуудан жан калбай, жабыла жөнөп калар элек. Үй кызыл уук кылынып, эл жыйылып, дымырап угар элек. Нөшөр төгүп жатса да, түн кирип, түйшөлүп таң атса да, былк эткен бир жан болчу эмес. Угуп

отургандарды бирде ыйлатып, бирде күлдүрүп турар эле. Качан гана өзү: "Кана, эми, мал-жанынарды тейлеп алгыла" дегенде, эл эсин жыйып, этегин күбүп, орундарынан козголчу эле"-дешип, кеп салышкандарын укканым бар.

Мен муну Арстанбек акындын аброюн көтөрүш үчүн айтып жатканым жок. Курулай мактап, кургак даназалап, көп наамдын бирин алып берсемби деген деле ниетим жок. Болгону белгилүү акындын белгисиз ырларына калктын назарын бурайын деген гана аракет. Арийне, мындай бир үч жагдайды эске салгым бар: биринчиден, биз деген кыргыз уулу Арстанбекке милдеттүүбүз, экинчиден, белгилүү деңгээлдеги биз деген интеллигенттер Арстанбекке карыздарбыз, үчүнчүдөн, бир кыйла билермансынган интеллигенттер Арстанбектин арбагы алдында күнөөлүү! Нечен жолу айгышкан асылуулар, жалган жалаалар болгонун билесиздер. "Чындык сынбайт, бирок ийилет" болуп, иш илгерилеп, кыйшык түзөлөөр мезгилге жетип олтурабыз. Илээшкен илдеттен, жармашкан жалаадан акын атабыз арылат деп, ишенип олтурабыз.

Урматтуу окурмандар! Кулагыңыздарга алтын сырга, Арстанбек атанын 170 жылдык маараксине карата 13 басма табак көлөмүндөгү ырлар жыйнагы жарык көрүүнүн алдында турат. Бул китеп элибиздин маданий дөөлөтүнө кечигибирээк агып кирген мөлтүр булак экенин эскертебиз. Акындын алгачкы мурасы, бет ачары. Бул көрүп катаар, көзгө басар жыйнак – улуу акындын дагы белгисиз чыгармаларынын табылышына нук салган биринчи чыйыр болуп берер бекен деп, үмүт кылып олтурабыз. Эл ичи – алтын сандык. Арстанбек атабыздын сандакта сакталган, көмөкөйдө катылган канаттуу ырлары да табылып калар. Жакшы башталмага жабыла жардам берүүгө чакырабыз. Кыскасы, акындын кычыкта калган ырлары болсо кырып алып, чуңкурда жатканы болсо чукуп алууга аракет кылалы. Үзүмдөй сапка үзүктөй ой батырган даанышман, ойчул, төрт тарабы төп келген төкмө, чоң комузчу, чебер аткаруучу Арстанбек булбулдун калкына кайрылып келиши кут болсун! 170 жылдык маараке тоюңуз менен, акын ата!

("Кыргыз Туусу" гезити, 6-октябрь, 1994-жыл)

Найманбаев Мукаш
Калмат уулу,
санжырачы, акын

АРСТАНБЕК АКЫН

(үч бөлүмдүү, беш көрүнүштүү
тарыхый музыкалуу драма)

Катышуучулар:

1. АРСТАНБЕК – комузчу акын: I көрүнүштө 16 жаш; II көрүнүштө 22 жаш; III көрүнүштө 53 жашта.

2. БУЙЛАШ – Арстанбектин атасы, 50 жашта.

3. МАДЕЛИ – Кокондун ханы, 40 жашта.

4. АЛЫМБЕК – Анжияндын даткасы, хандын кеңешчиси, 37 жашта.

5. КАЗЫЙ – шаардын ыймамы, 45 жашта.

6. МАРАЗЫК – Куртка чебинин беги, 40 жашта.

7. БОРОМБАЙ – Бугу элинин бийи (ханы), 50 жашта.

8. ТЕЗЕКТӨРӨ – Казак элинин башкаруучу төрөсү, 50 жашта.

9. ТИЛЕКМАТ – Боромбайдын кеңешчиси, 45 жашта.

10. КАҢТАРБАЙ – Казак акыны, 55 жашта.

11. ЖЕҢИЖОК – акын, 20 жашта.

12. АЙГАНЫМ – Арстанбектин сүйгөн кызы, 16 жашта.

13. АКЫЛАЙ – Айганымдын жеңеси, 20 жашта.

14. СЕЙИЛКАН – комузчу, 25 жашта.

15. СОЛТОБАЙ – акын, Арстанбектин шакирти, 18 жашта.

16. ЭВНУХ – Кокон ханынын эшик кайтаруучусу, 30 жашта.

ЭПИЗОДДОРДО:

Бийчилер – 3-4 кыздар.

Күнөөкөрлөр – Алатоолук бай, бийлер.

Көрөрмандар – жигиттер, кыз-келиндер, айылдык эркек-аялдар.

Окуя: Нарын, Фергана жана Ысык-Көлдүн Каркыра жайлоосунда өтөт.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ: I көрүнүш

Авансценадан (микрофондо) комуз менен музыка угулат.

Коңур күз, өрүк жыттанган Фергана өрөөнү, мөмө-жемиштери салбырап, бышып турган алма-өрүк шактары. Айланасы чынар бактар менен курчалып, гүлзарга чулганган кең короонун ичиндеги чоң там үйдө хан ордосу.

Алдына ар түрлүү кооз килемдер төшөлүп, жибек-шайылар менен кооздолуп жасалгаланган кенен диванкана.

Төр жагында алтын менен кооздолгон таажы кийип, саймалуу кызыл кымкап чапан жамынып, ичке мурутун сыпаа тегиздеткен, арык чырай, тиртеңки көзүн ойноктотуп, Мадели хан тагында олтурат.

Хандан төмөнүрөөк оң жагында акселдечен Казый чөкө түшүп, колундагы калың китебин жай баракгап ачып, ар бир жеринен көз жүгүртүп, окуган болуп отурат.

Хандын сол жагында Казыйга тушма-туш, бет маңдай узун кара муруту сыпаа тегизделген узун төбөлүү сайма ак калпак, чоң күмүш кемер курчанып, көгала баркыт сайма чепкен жамынып, сөөлөттүү москоол Алымбек датка мандаш токунуп отуруп, имамдын айтып жаткан икаясына кулак төшөйт.

Мадели: -Калкыбыздын ичи тынчпы? Сиздер эл арасында жүрөсүздөр. Биздин жүргүзүп жаткан бийлигибизге калк раазыбы?

Казый: -Ниш Алла, Сиздин бийликке, ордо ишине барлык журтчулугуңуз разы. Мусулмандар жамагаты имамдарга баш кошушуп, мечиткe барып турушат. Хан ишине каршы топтошкон жамагат билинбейт.

Алымбек: -Ордо ичи жай, ичкиликтер тынч болгону менен тоолук кыпчактар менен аркалык кыргыздарга хан сурагы ойдогудай жетпеген сыяктуу. Ишенимдүү адамдарыбыздан жер-жерлердеги чептердин башкаруучуларын жаңылап туруу зарыл.

Мадели: -Хамтама болбоңуз датка. Кокон хандыгына кол көтөрүүгө ушул тапта ички жана тышкы душмандардын эч кимисинин чамасы келбейт. Корко турган жайыбыз жок. Керек десеск, бир күндө он миң сарбаз чыгара алабыз. Ал аркалыктар арасындагы чептерди куралдандырып, күчтөө боюнча оюңузга мен макулмун.

Датканын Анжиян, алайдан келген урматына бир аз тамаша кылсак, кандай дейсиз, Казый?

Казый: -Эң жакшы болот. Бизди сыйласаңыз, Сизди кудай сыйласын.

Хан (жайдары) алаканын чабат.

Эвнух: (кирип келип, таазим кылып, ылдый карап турганы боюнча) –Ляппай алдаяр?!

Мадели: -Дутарчы, бийчилерди чакыр.

Эвнух: -Куп, таксыр (таазим кылып, арты менен басып чыгып кетет).

Бир аз убакыттан кийин дутарчы, барабанчылар кирип келип, дутарчы "Аман Яр" күүсүн ойноп баштайт.

(Сахнада жарык, кызыл-тазыл, кооз күйүп турат).

Өзбекче кооз кийинишкен үч-төрт кыз назик бийлешип, бара-бара термелишип, үн кошуп, чимирилишип, тегеренип ырдашканда – отургандар: көп жаша! Өлбө-өлбө дешип, сүрөөнгө алышып, кубатташат. Экинчи жолу "Гүллала" күүсүнө да ойноп, бийлешет.

Алымбек: -Таксыр алдаяр! Аркалык кыргыздардан Сизге бир комузчу, ырчы бала келиптир. Ошону мында ээрчите келдим эле. Уруксат кылсаңыз, өнөрүн көрөлүбү?

Хан: -Куп болот, датка.

Алымбек: (сарбазга карап) –Сарайда менин аткошчумдун жанында Арстанбек деген бала бар, ошону мында чакырып кел-деп, жумшайт.

Сарбаз: -Хуп, таксыр (арты менен чыгып кетип, Арстанбек келет).

Арстанбек: (ак калпакчан, кыргызча тизеге чейин кемсел кийген, бутунда өтүк, сол колуна комузун кармап, оң колун бооруна алып, башын ийип кирип) –Ассалоом аллейкум-деп, таазим кылат.

Хан башын ийкейт, Казый менен Алымбек алик алышып, отурууга орун көрсөтөт.

Алымбек: (Арстанбекти карап) –Сени биз комуз чертип берсин деп чакырттык.

Хан: (Арстанбекти тиктей, жаш балалыгына арзыбагандай суз карап туруп) –Башка бирөөнүн күүсүн коюп, өзүндүн чыгарган күүлөрүң болсо, атын, маанисин айтып туруп черт.

Арстанбек: (оңдонуп, мандаш токунуп отуруп, комузун күүлөп) –"Сен дүйнө" өзүмдүн чыгармам-деп, күүнүн маниси: бул опасыз дүйнөдө адам баласы адал, адилет болуп, бири-бирин урматтап, дүнүйө-мүлк, мансапка алданбай, канаат кылып, ынтымактуу жашап өтүшүнө байланыштуу арналган акылмандардын насаат-ибараттарын күүгө салдым эле деп баштап, аткарат жана дагы "Кертолго", "Солтонсары" күүлөрүн чертет.

Казый: -Бали, рахмат. Таза жайына келтирип чертет экенсиз, көп жаша углум.

Хан Арстанбекке раазылык билдире (жайдарыланып) – Ырдай аласыңбы? Өзүндүн чыгарган ырларың болсо, ырдап көрчү?

Арстанбек: -Хуп, таксыр, алдаяр ханым (мурдагыдай кысынбай, үнүн батымдуурак чыгарып), комузун күүлөп, салмак менен ырдай баштайт:

Ассалоому аллейкум,
Анжиян, Кокон шаарында,
Алтын так минген хандарым,
Аркалык тууган калкындан,
Айтып турган саламым.
Түбүнөн кыдыр даарыган,
Түбүбүз түрктүн балдары,
Бир атадан тараган.
Касиеттүү ханымсың,
Калыстык менен сөздү уксаң.
Адөөлөттүк, жоомарттык,
Ата мурас – фазипаң!
Өзүмдүн дайным айтайын,
Атырдай жыты аңкыган,
Алатоо арка жерибиз.
Абалтан намыс бербеген,
Ак калпак кыргыз элибиз.

Кайберен, кайып колдогон,
Бугудан болот тегибиз.
Нарындын боюн жердеген,
Тынымсейит элденбиз.
Өз атам аты – Буйлаш бай,
Баатыр Шопок баласы.
Аттандым ошол айлымдан,
Айдалган атам жайынан.
Көп кыйналып, бел аштым,
Көргөнүм жолдо айтайын,
Көңүлгө катуу албагын.
Көргөнүн туура айтпаса,
Касиет турбайт акынга.
Курткада сиздин чебиниз,
Куураган экен элиниз.
Хансалыгы өтө оор,
Жарды-жалчы күйдүк дейт.
Мал-мүлк түгүл – адамдан,
Ордо кыз деп, бердик дейт.
Алдыбыз тентип, нан издеп,
Думана болуп, желдик дейт.
Жиберген кишиң жайлаптыр,
Өзүңө элди кайраптыр.
Ханыбыз зулум болду деп,
Калкыңыз кейип зарлаптыр.

Мааразыктын амалы,
Баарыга тийген залалы.
Сарбазга колун байлаткан,
Күнөөкөр кылып айдаткан.
Тирүүлөй жетим балдары,
Жесир калган алганы.
Атамдын дайнын билип бер,
Адилет хансыз – көзү ачык.
Атамды жалгыз сурабайм,
Азат кыл, бардык тууганды.
Канына сабын болбоңуз,
Каапырдан элди коргоңуз.
Калкыңдын ичи тынч эмес,
Келечек артын ойлоңуз.

Келер бир күн "Тар заман",
Кейиши көп зар заман.

Кезегинде кечиргич,
Кең пейил бол, падышам.
Букара, кулдар куралар,
Ак падыша куланар.
Азаттыкка чыктык деп,
Жаңы заман уланар.
Айта берсек түгөнбөйт,
Андан ары далайлар.

Он алты жашта баламын,
Орундалса талабым.
Аркалык элдин атынан,
Башымды тартуу кыламын.
Алымбек атам апкелди,
Арт жагын ойлоп карагын.
Адөөлөт экен хандар деп,
Аркага айтып барамын.
Абайлап өзүң текшергин,
Айттым го сөздүн тамамын.

Хан: (оң колун жай гана көтөрүп, токтотууга ишаарат кылат. Казыйга суроолу карап) –Ушул тапта аркалыктын байларынан же бийлеринен абакта отургандар барбы?

Казый: -Болсо болор. Мен дагы билбейт экемин. Бул баланын айтканына караганда, бар окшойт.

Хан: (Алымбекке карап) –Даткам, бул бала Сиздин туугандарбы?

Алымбек: -Ооба, ошондой. Адигине, Тагай бир тууган – бир оңдун баласы. Бул бала Тагайдан экен.

Хан сарбаз жиберип, Куртка чебинин беги Мааразыкты чакыртып келет да: -Бек, Сиз аркалыктардын байларын алдырып келдиңиз беле?

Мааразык: -Мындан алты айча мурда мен аркага барганда, ал жердеги тыңчыңыз (аты Сизге маалымдыр): "Эл бузар байлар жана бийлер бар. Алар хансалыгы оор, эмдиги жылдан ары төлөбөгүлө, биз да төлөбөйбүз деп, үгүттөп жүрүшөт. Аларды ушул баштан теске салып, тартип көрсөтүп койсоңор – Аркалыктарга сабак болуп калсын" дегенинен, мен Нарын өрөөнүндөгү Тынымсейит, Сарбагыш, Саяк, Моңолдор урууларынан 14 кишисин ордого айдатып жиберип, өзүм артта калып, кийин келгемин. Аларды айдап келгенде эле абакка камап коюшуптур. Күнөөкөрлөр менен бирге жумуш жасап жүрүшөт.

Хан: (Казый менен Даткага карап) –Сиздер буга эмне дейсиздер?

Алымбек: -Абакта жаткандарды алдырып, сурак жүргүзүп көрбөйсүзбү?

Казый: -Датка туура айтат. Күнөөкөрлөрдөн сурак алыңыз.

Хан: (алаканын чапканда, куралдуу сарбаз кирип, таазим кылат)

-Аркалыктардан абакта жаткан 14 киши бар экен. Буйлаш бийди баш кылып, баарын айдап кел.

Сарбаз таазим кылып, арты менен басып, чыгып кетип, күнөөкөрлөрдү айдап келет.

Хан: -Кана, улууңар ким? Күнөөңөрдү өзүңөр эле айткылачы?

Буйлаш жооп берүүгө башын жогору көтөрүп, ханды, андан кийин башкаларга кыдырта көз жүгүртүп келе жатып, Арстанбекти көрө коюп, айтканы камдап келаткан сөзүн таппай, айта албай мукактанып, токтой калат.

Арстанбек: -Ата...

Хан колун көтөрүп койгондо, жымжырттык орнойт. Буйлаштын гана сүйлөөсүн күтүп калат.

Буйлаш: -Алдаяр ханым. Бизде эмне күнөө бар экенин өзүбүз да билбейбиз. Сурак боло элек. Хан салыгын элибизден жыйнап жана өзүбүзгө түшкөн чыгымдарды кошуп, төлөп берип жүрөбүз. Айрым терсаяк, тентектер чыкса, андайларды теске салып, эл менен бирге ортого алып, ыкка келтирип эле жүрөбүз. Өткөн жайда Куртка чебинин беги Мааразык мырза сарбаздары менен барып, Куртка чебине чогулуп келгиле деп чакыртты. Келсек, эки күндөн кийин түш жарым убакытка чогулуш кылды. Акырында атыбыздан чакырып, Алжан, Буйлаш, Кожомжар, Арзымат, Бий, Субан, Чон ж.б. он төртүң каласыңар деп, бөлүп алып, калганын таратып жиберди.

Алар кеткенден кийин бизди үч күн сыртыбыздан кайтартып коюп, өзү башка айылдарда жүрүп келди. Ошондон кийин, Силер эмдиги жылы хандын салыгын төлөбөйбүз деп, элди тескери үгүттөп жатыпсыңар. Хан алдына, ордого барып, өзүңөр жооп бересиңер деп, сарбаздарына айдатып жиберип, өзү артта калган. Биз он чакты күн жол жүрүп, Коконго келсек, абактыга каматып салды. Мааразык бекти бүгүн көрүп отурабыз.

Алланын убакли – адлет хан, өзүңүз текшерип, биздей момун, карапайым букараларыңызга ырахим кылгайсыз.

Хан башка күнөөкөрлөргө карап: -Сиздер эмнени айтасыздар?

Күнөөкөрлөр: -Буйлаш бий айткандардан башкача айтар сөзүбүз жок. Ак жерден кор болуп жатабыз. Куткаруунузду суранабыз.

Хан Казый менен Датканы карап: -Сиздер не дейсиздер?

Казый: -Бышпаган иш экен да.

Алымбек Мааразыкка нааразы мүнөздө карап: -Күнөөнү алды менен ошол жеринде териштирип, такташ керек эле. Балким, жалган жалаадыр. Мындайдан ханга элден нааразылык чыгып кетет.

Хан эки кеңешчисинин сөздөрүн байкап, баалап түшүнүп, иштин чийкилигине көзү жетип жана көпкө суралбай жаткандыгын ойлоп, таяктын бир учу өзүнө тийип жатканын сезип, Арстанбекти бир карап коюп, бул бала келечекте эмне болорду билип айтып турат. Соо бала болбойт. Дагы байкайын деген ой менен жарлыгын айтты.

Хандын жарлыгы:

Аркадан айдалып келген он төрт бай-бий кишилер азат болушсун. Ат-тондору өздөрүнө кайтарылып берилсин. Аттарынан өлүп же жоголуп кеткендери болсо, казына эсебинен төлөнүп берилсин. Он күнү хан сарайында меймандалып узатылсын.

Тиги, ырчы бала Арстанбек Аркалык элинин эсебинен "Ак үйлүү" катарында бир жылга ордо ырчылыгына калтырылсын.

Арстанбек ордунан туруп, таазим кылып: -Жарлыгыңызга ыраазымын. Ак дилимден кабылдайм.

Күнөөкөрлөр колдорун боорлоруна алышып: -Ак кызмат кылууга шерт беребиз!

Сахнадагы жарык күйгүмдөп, өчүп барып, кайра жанганда Буйлаш баласы менен кучакташып өбүшүп, барлык күнөөкөрлөр көрүшүп: -Укумтукум экенсиң, өмүрлүү, бактылуу бол дешип, батасын беришет.

Арстанбек комузун колуна алып, учурашуу жана коштошуу ырын ырдайт:

Ассалему аллейкум,
Аманбы азиз аталар?
Ак жеринен айдалып,
Азапты тартып жаттыңар.
Алланын бул да буйругу,
Абактын тузун таттыңар.
Алты айлык тарткан азапты,
Аталар эстен чыгарар.
Арты жакшы болгон соң,
Аллага шүгүр кылыңар.
Аттанып силер баргыча,
Аман болсун айлыңар.

Калып жатам бир жылга,
Калкыма салам айткыла.
Хан буйругу ушундай,
Калбаска болбойт эч арга.
Атаке, сизден сураарым,
Апамды жакшы баккыла.
Алымбек датка кор кылбас,
Аман болсом барам да.
Эл көрүп жүрөт балаң деп,
Элиме салам айткыла.
Буюрса насип жеримден,
Бурулуп барам аз жылда.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ: II көрүнүш

Микрофондон: Атактуу Каркыра жайлоосу – жайдын толук кези. Кенен жайык жашыл нурга бөлөнгөн, тээ алыста биринен-бир бийиктеген, мунараланган ак карлуу тоолор. Андан бери этектеги торпудан эңкейиште өскөн карагай, арча, кайың аралаш жел менен ыргалып, толкуган көлдөй толукшуп турган жашыл шиберлүү кең өзөндүн ортосунан жарып өткөн Каркыранын күмүштөй тунук суусунун өзүз-бүйүзүнө тигилген айылдардын маңкайган ак боз үйлөрү.

Каракол дубанына караштуу Ысык-Көл жана Нарын тарабынан келген Бугу уруусунун кыргыз айылдары суунун сол тарабында. Ошондой эле оң тарабында казак айылдары. Ортодо жыйын башчыларына арналып тигилген 120 баш, көлөмдүү чоң ак үйдүн босогосунун эки жагына сайылып койгон казак менен кыргыздын ак-көк туулары. Алардын жанында турган куралчан эки жигит – бири узун калпак, экинчиси ак калпакчан, эшик кайтарып турушат.

Үйдүн ичи кооз килем, шырдак, атлас шайы жууркан, төшөктөр жыйылып, жасалгаланган. Төрдө Тезектөрө, жанында көгала сакал жаштагы Каңтарбай акын. Аларга улай казак билермандарынан беш-алтысы. Оң жак катарда Боромбай, Мураталы, Тилекмат, Алыбек, Сарт аке, Сейилкан жана башка бий-болуш, манаптары жаштарына карай эки тарапта бет маңдай олтурушат.

Тезектөрө: -Кечөөкү өткөргөн үч күндүк жыйында кыргыз-казак туушкандардын ортосундагы эрдин куну, элдин доосу, жердин чегинин талаш-тартыштары тынчтык менен чечилип, жумуштар аяктап калды. Боордош эки элибиз – эки-үч жылда бир баш кошот экен. Эртең, бүрсүгүнү улуттук оюн-тамаша: эр эңиш, балбан күрөш, кыз куумай, домбура, комуз чертиштирип, ырчы-акындарды ырдатып, табышмак, санжыраларды айттырып, жеңил тамашаларды өткөрүп, ойноп алышса болор беле?

Боромбай: -Сиздин ак дилден айткан бул оюңузга биз кошулабыз, төрө. Жыйыныбыздын акыры тойго айлансын, эң жакшы болот. Элибиз ойноп-күлүп, чер жазышсын. Биз, кыргыздар Каңтарбай абабыздын санжыра, санат ырларын угууга кумарбыз (отургандар дуулдап, кубатташат).

Буга Тезектөрө да кубанып, тамашаны акындарды айтыштыруудан баштамак болушат. Ошентип, айтышка кыргыздар Арстанбекти комузун көтөртүп, чакырып келишип, Каңтарбай акындын тике маңдайына, бетме-бет отургузушат.

Тезектөрө Каңтарбайга карап: -Бул отурган элдер силерге карап отурат. Сизде сөзүңүз болса, сөйлөй, домбураңызды тырмай отурбайсызбы?

Каңтарбай: -Макул, жакшы болот, төрө. (Арстанбекти бир карап коюп, баласынткан мүнөз көрсөткөнсүп, атаганат, мага теңдеш бирөө жок бекен дегенсип, ийнин көтөрүп, шаңданып, домбурасын күүлөп чертип, капкагын эки-үч жолу кагып-кагып жиберип, күүнү токтото коюп, казак обону менен ырдай баштайт).

Айтып сөзүм баштайын,
Абайлап тур, карагым.
Улуулук жолум болгон соң,
Учурашып алайын.
Кыргыз менен казактан,
Жеңип жүргөм далайын.
Карысам да сендейди,
Карчыга куштай аламын.

Казак деген калың журт,
Кыргыз качан теңелген.
Атасы жок кыргыздын,
Кырк кенизек төрөгөн.
Же азирети дос бекен?
Кыздар менен бир жүргөн.

Чолок этек карагым,
Каңтарбайга теңелбе.
Адалдай элек колуңду,
Алың менен серенде.
Ой-бай, кыргыз туугандар,
Күнөөлүүбү балаңар?
Каңтарбайга кабылткан,
Кандай түпкү оюңар?
Бечара жаш баланы,
Белге чаап койдуңар.
Боромбай менен Тилекмат,
Болбой калды мунуңар.
Тезек төрө кең төрө,
Баарыбызга тең төрө!
Абийириңер бар кезде,
Айтышпай-ак кеткиле.
Кадырын ырдын билелек,
Карын чачы түшө элек.
Келер-кетер турмуштун,
Келечегин түшүнбөс.
Мени болсо эл билет,
Казак-кыргыз тең билет.
Сөз кезегин берейин,
Катылбасын келжиреп.
Кылжың-мылжың сүйлөсө,
Карап турган эл күлөт.
Каарыма тийип тантыса,
Каңтарбайдан тепки жейт.

Казактардын үндөрү: -Жарады кайран, карт бөрү. Эми, бала эмнени айтат, айтышпай эле кете берсечи... (каткырып күлүшөт).

Тезектөрө: -Токтокула күлкүңөрдү, апыраңдабагыла (тынчтык боло калат).

Кыргыздар түйшөлүп, бирин-бири астыртан карашып, кантип жооп берер экен дегендей, жүрөксүнгөндөрү билинип турат.

Арстанбек комузун күүлөп, шаңкылдата чертип, коңур обонго салып:

Ассалому аллейкум,
Амансыңбы тууганда?
Тезектөрө, Боромбай,
Калк туткасы кандар бар.
Калпыс айткан сөз болсо,
Калыстык кылат ушулар.

Сен – казактан чыккан Каңтарбай,
Мен – кыргыздан чыккан Арстанбай.
Чын-чынынан айталы,
Дозок отун жазданбай.
Бысмылда деп баштоого,
Калыпсың тилиң айталбай.
Жалган айтып жамашка,
Жаралыпсың шайтандай.

Азезилге алданба,
Агала сакал чагыңда.
Эки элге тиле ынтымак,
Пайгамбар жашка барганда.
Кудай бирөө – куран чын,
Келме келтир аллага.
Казак менен кыргызды,
Бөлө албайсың жалганда.
Шылдың үчүн калп айтсаң,
Шылкыясың ал жайда.

Казактын теги кыргыздан,
Далилдеп берем шашылба.
Калың казак биригип,
Доосун бирге доолашкан,
Бээжинди бирге жоолашкан.
Ага кылган Манасты,
Артында Көкчө баратчу.
Жан аяшпай тең туруп,
Беттешкен жоосун тажатчу.

Кыргыз – кыргыз болгону,
Кыргыз атка конгону,
Эки миң үч жүз жыл болду.
Токсон эки ата өттү,
Манжанды жумуп, санап тур,
Аттарын атап көрөлү.
Казак – казак болгону,
Миң жылга али жетелек.
Кимден-ким чыгат ойлойлу,
Казактын теги кыргыздан,
Күмөндөр ага болбойлу.
Түпкү атасын тааныбай,
Каңтарбай акын шордойбу?

Атабыз биздин Угуз хан,
Небереси жыйырма төрт,
Эң кенжеси Кыргыз хан.
Кудайдан корксоң болбойбу,
Катасы кетти сөзүндүн,
Каңтарбай ага оңдойлу!

Мени айттың: бала – жаш дедиң,
Чыга элек сага чач дединг.
Түшүнбөйт турмуш сырларын,
Тоголок шордуу баш дединг.
Келер-кетер замандан,
Билсең не айтып бербединг?
Баландай болуп мен турсам,
Макоо деп кордоп, тилдединг.

Калыгул атам айтуучу,
Заман акыр болорун.
Өзүм ырдап жүрөмүн,
Тар замандын болжолун.
Анын арты зар заман,
Азуулуга бар заман,
Алсыздарга шор заман.
Орустарга зор заман,
Кыргыз-казак элдери,
Башын ийген кор заман.

Жатып өзүм кайгырам,
Казак-кыргыз калкыма.
Кагаз кармап, кат билбей,
Жапайы өскөн салтына.

Кезегиңди берейин,
Кекетип атат дебегин.
Кыргыз менен казакты,
Мен сизчилеп бөлбөймүн.
Кечирсең оор сөзүмдү,
Келишели маакулга.
Верныйга келген орустар,
Берилеп бизге жармашты.
Кабыл албай коюуга,
Кыргыздын болбос аргасы.
Оңкочой мурун, чуңкул көз,
Орус чыгат дечү эле.
Орустун чечен экен сөздөрү,
Чекир экен көздөрү.
Топурак экен тамдары,
Тоодой экен салмагы.

Сурап билчү улугуң,
Орус болот дечү эле.
Миң түтүнгө бир киши,
Болуш болот дечү эле.
Буйрук менен кондурган,
Конуш болот дечү эле.
Ой-талаанын баарына,
Коргон курат дечү эле.
Ал коргондун ичинде,
Кагаз менен иштеген,
Соргон чыгат дечү эле.
Ошол орус бийлесе,
Сактаарсың сары талааны.
Солдаттыкка берерсиң,
Ичиңден чыккан баланды.
Багарсың торпок менен тананы,
Көрөрсүң араба менен чананы.
Карагай менен зым чыгар,
Арстанбек сөзү чын чыгар.

Тегерегин өгөгөн,
Тыйын чыгат деп айткан.
Атасынан баласы,
Кыйын чыгат деп айткан.

Эки башын кайкайтып,
Кайык чыгат деди эле,
Мейилкадыр болом деп,
Элечегин булгалап,
Зайып чыгат деди эле.

Ушу орус чыкканда,
Жасоолдор минер күлүктү.
Мусулман көрөр бүлүктү.
Каяша кылган эрди алар,
Шиберди көздөп айдалар.
Кетмен курсак байды алар,
Кете турган жайды алар.
Карды салык байды алар,
Кача турган жайды алар.
Азыркы билгич жакшылар,
Үйүндө жатып кайгырар.
Көч алды болор орусуң,
Сары журт болор конушуң.
Мунун тегерек экен телпеги,
Жоо дегенде элпеги.
Мылтыгынын найзасы,
Залимге тиер пайдасы.

Кеме, кайык жүргүзүп,
Көлүңдү алат деди эле.
Кедейлердин колунан,
Эсеп ченек жүргүзүп,
Жериңди алат деди эле.
Кара жол кылар көлүңдү,
Кубалар тоого элиңди.
Каяша кылар алың жок,
Капкандай чабар белиңди.
Карагайдын таңында,
Элик болор элибиз.
Башка чапса былк этпес,
Өлүк болор элибиз.

Айта берсем тар заман,
Күнү-түнү уланган.

Кыскартайын сөзүмдү,
Кыргыз-казак жалпыңа,
Булут минсең жетпейсиң,
Мурункунун наркына.
Муңканып жүрүп өтөрсүң,
Бул замандын шартына.

Каңтарбай: -Тоо суусундай токтоо бербей, коштогон аттай элирип, нөшөрлөтүп ырды төгүп турган кезиң экен. Жүйөөлүү сөзгө не дейин, карагым. Мен жеңилдим, кыргыз туускандарымдын шолпону экенсиң. Аман бол, угул бала! (Колун сунуп, кол алышат, кыргыздар күлүп, кубатташат).

Айтыш токтоп, эл эс алууга эшикке чыкканда, **Тезектөрө** ызаланган мүнөздө: -Акыным, сага эмне болду? Мен сага чак келер ырчы жокко деп жүрчү элем?

Каңтарбай: -Бул баланын эки ыйыгында эки кучкач сайрап тур. Бала алардын айткандарын айтып жатыр. Мунун ыры Жети-Суугa бүт тарап кетип тур. Болбосо, өзүн өлтүрүп, кар жилигин эки жолдун айрылышына кагып салса – тар заман, зар заман, акыр замандар болбой калмак деп, акчыланып айтып туруп калыптыр.

Жарык күйгүмдөнүп, өчүп барып, кайра тегеренип, жарык болгондо

III көрүнүш

Ормон хан уулу Сейилкандын конокко арналып, айылдан обочолонуп тигилген ак өргөнүн жасалгаланган ичи көрүнөт. Күмүш чегеленген ала баканда Сейилкандын арча комузу менен күмүш кемери илинип турат.

Төрдө кара көлдөлөңдүн үстүндө салынып коюлган кош жаздыкка чыканактанып, чыкыйына саймалуу топусун кыйшайта кийип, сулуу кара мурутун чычайта жанып коюп отурган, курсактуу москоол Сейилкан мырза. Сол жагында элечекчен, саймалуу баркыт кемселчен келинчеги Созулкан. Оң жагында жан жигити Мырзабек отурушат.

Сейилкан: -Мырзабек, Ат-Башы, Нарын, Кочкор өрөөнүнөн мага теңдеш комуз чертишип, кумардан чыгарар бир да комузчу кезикпей койду эле. Өткөн жылы ушуну кыйын комузчу деп угуп, атайын киши жиберип, комуз чертишели, келсин деп чакыртсам, коркуп качып келбей койгон. Эми, ошол Арстанбек ушул жерге келиптир.

Кечөө ыры менен Каңтарбай акынды жеңгенин өзүбүз көрбөдүкпү?! Мага эмне үчүн келбегенин кийин уксам, Сейилканды жеңсең өлтүрүп коёт. Эгер женилсең – экинчи комуз кармабаска ант алып туруп, атыңды тартып алып, жөө жиберет деп, туугандары, ата-энеси жибербей коюптур.

Эми, топ (жыйын) тарады. Казактардын, кыргыздардын да чондору кетишип, өзүбүзчө калдык. Ушул жерден Арстанбекти чакыртып алып, комуз чертишип калсам кантет?

Мырзабек: -Мен билгенден жүздөн ашык комузчулар Сиз менен бири да теңдеше алган жок. Көпчүлүгү жыгылып, айрымдары айыбын тартып, эл айткандай атынан ажырап, жөө кетишти. Арстанбектин келбегени – Ханзаада, Сиздин жана атаңыз хан Ормондун даңкы аны сүрдөтүп, коркутуп жатпайбы.

Сейилкан: -Намыс кылбай эле, өзүң барып Арстанбекти чакырып кой. Аржагын өзү эле түшүнөөр. Бир тай, эки козу сойдуруп, мында калган көчө элек элге тамак берип кетели. Антпесек, хан Ормондун Сейилканы чайга жараган жок, сараң экен деп, кийинкилерге жаманатты болобуз.

Мырзабек: -Бул айтканыңыз туура акыл. Макул барайын (чыгып кетет).

Жарык өчүп, кайра жанганда

Чакырылгандар бүт келишип, үйгө толтура аксакалдар, жаштар, эшиктен шыкаалашкан келин-кыздар болушат. Бир-эки сыйра кымыз сунулуп, ичип отурушкандан кийин, жайкалган жээрде сакалын сылап, ээгин өйдө көтөргөн **Шадыкан:** -Биздин арада Сейилкан мырзанын чоң комузчу экенин мурдатан эле билебиз. Эки күндөн бери биз, жаңы таанышкан Арстанбек уулубузду да комузду жакшы чертет деп, укчу элек. Ушул экөөнүн өнөрлөрүн, комуз черткенин угуп, чер жазсак кандай дейсиздер?

Байсал: -Атаганат, жакшы эле болбойбу. Ушундай жерде, эл алдында чертишпегенде, анан качан, кайдан чертишмек эле? (Туурадан: тууратуура деген үндөр).

Комуздарын колдоруна кармаган Сейилкан менен сыпайы, таза кийинген, ичке бойлуу Арстанбекти элдин ортосуна, бет мандашлаштыра отургузат.

Шадыкан: -Кана, Сейилкан мырза, сенин жашың да, жолуң да улуу. Сен башта!

Сейилкан: -Мен болсо ырдабайм, комуз эле чертейин...

Отурган аксакалдардын үндөрү чыгат: -Ооба, ооба, комуз эле чертишкиле.

Байсал: -Эки киши комуз чертишкенде – шарт боюнча комуз билген аксакалдардан калыс болуш керек. Ошондуктан калыс дайындайлы.

Муратаалы: -Шадыкан, Байсал экөөңөр тең эле комуз чертип жүрчү эмес белеңер? Силер корксоңор, Кожомкул бийден өткөн комузчу, калыс болобу. Биз деле катышып, карап отурабыз да. (Туурадагы үндөр: туура-туура, ошолор калыс болушсун).

Сейилкан комузун күүлөй, өзү чыгарган көп кайрыктуу "Эрке күүсүн" шарылдата чертип бүтүп, токтоп, Арстанбекке карап, кезек берди.

Арстанбек "Эрке күүнү" Сейилкан өзү черткендей так аткарып, чертип туруп, андан кийин өзүнүн чыгарган "Ой толгоо" деген күүсүн чертип болуп, Сейилканга кезек берет.

Сейилкан да "Ой толгоону" Арстанбектей так аткаргандан кийин, атаандаштар экөө тең ичтеринен бирин-бири баалашып, чеберчиликтерин арттыра аткарууга намыстанып, чыйрала башташат.

Комуз уккандардын саны көбөйгөндөн көбөйүп, эл чогулуп, толуп кетет.

Комузчулар биринин черткенин экинчиси кайталап аткарышып, барган сайын эрегише 30-40тай күүлөрдү жаңыртып отурушуп, эрте шашкеде башташкан мелдеш кеч бешимге чейин улантылат.

Үй ээлери: -Казандагы эттер бышып, эзилип баратат. Кичине токтотуп, тамак ичип алгыла...

Угуп отурган калыстар да күңкүлдөшүп, чыдамсыздана баштайт.

Сейилкан: -Аксакалдар, шашылбагыла. Чыдап бериңиздер, эки жылдан бери чакыртсам, качып келбей жүргөн бул "саакыны" – кудай айдаппы же шайтан шаштырып келгенби? Муну экинчи комуз кармагыз кылам (ордунан козголбой, черте берет).

Ага каршы эч ким унчуга албайт.

Арстанбек тигинин сөзүн угуп, өңү кызара түшүп, жанында отурган Алымбек теңтушуна оң бутун суна берип, тарт өтүктү деген белги берет. Өтүк чечилген соң, курундагы бычагын сууруп алып, жыңайлак бутунун бармагына кыстара коюп, "Күңгүрөмө" күүсүн чертет.

Арстанбектен көзүн албай, карап турган Сейилкан да – жигитине бутун суна берип чечтирип, өзүнүн күмүш саптуу бычагын бармагынын салаасына кыстара коюп, черте баштаганда эле, комузунун кылдары бычак мизи менен кыркылып, үзүлүп түшөт. Сейилкан бычак менен комузду ошол отурган жерине бир чаап таштап, элдин ортосунан чыгып кетет. Элдер: "Арстанбек жеңди" дешип, чуулдап калышат.

Жарык акырындап өчүп, кайра жанганда

IV көрүнүш

Суу алууга бараткан, колдорунда чакалары бар Айганым менен Акылай жанаша басып баратат.

Акылай: -Кызыке, ушу сен бүгүн Арстанбекке кызыгып калдыңбы дейм. Биз, отурган ордубуздан туруп жатканда, жалгыз гана сен Арстанбектен көзүңдү албай, тиктеген боюнча отуруп калыпсың. Элдер байкап калбасын деп, жаным чыгып кете жаздады. Жеңиңен тартып тургузбадымбы.

Айганым: -Ии, жеңеке, ошентип тартканың жакшы болбодубу? Эгер ошентпесең, мен уят болмок экемин. Курган жаным, комузчуну карап отуруп эле, өзүмдү жоготуп коюпмун. Комуз күүсүнө кызыгып кеткемин го. Анан калса, дегеле укмуш турбайбы?! (Жеңесине уялыңкы карайт). Сейилкан ханзаадага караганда, уккулуктуу, мукам, чебер, назик чертет экен. Барыдан да буту менен, ага кошуп бычак менен чертет дегенди мурда көрмөк түгүл, эч кимден уккан эмесмин.

Акылай: -Жигиттин өнөрүнө кызыкканың эле, өзүнө кызыкканың болот. Эми, аны менен бир жүздөшүп албасаң, оюндан кетпейт. Ал түгүл кадимкидей башың айланып, көңүлүң чөгөттөп, жүрөгүңө тамак баспай, өзүңдү-өзүң оор сезе баштайсың. Ашыктык деген ошол, кызыке. Жүздөшүп, сүйлөшүп олтурганда балким, бир туура эмес сөз айтылып калса, анда

бир көңүлүң калып, тынч болуп, демиң сууп калар. Болбосо, комузчуну такыр унута албай, убаралана бересиң.

Айганым: -Ии-ий, жеңеке, кантип сүйлөшөбүз. Мен Сизге ашык болдум дейминби? Уят эмеспи. Эл билсе, эмне дейт? Өзү эмне деп ойлойт. Атамдар да кудам бар деп жүрүшпөйбү.

Акылай: -Жаңыдан акын болуп, чыгып келе жаткан биздин Солтобай төрт-беш күндөн бери ушул Арстанбекке шынаарлап, ээрчишип калышты. Ошол аркылуу сени айтпай, өзүмө чакыртамын. Анан, сен менин жанымда жүрсөң – өзү эле сага көз салат эмеспи. Ошентип, экөөңөрдү бир жолугуштуруп, сүйлөштүрөйүн. Кудалашкан, сени алуучу күйөө деле келечекте кандай бала болоруна көзүм жетпейт.

Айганым: -Мейлиң жеңе, мен макул. Мен дагы жүздөшүп, сүйлөшпөсөм, жүрөгүм тынчыбай калды окшойт. Түндө уктаганым жок. Бассам-турсам эле оюмдан кетпей койду.

Акылай: -Э-э, ботом, кыз кантесиң?! Эми эле мени ала кет деп, асылат белең же ал сени чөнтөгүнө сала кеткидей бир тоголок буюм белең? Барам десең да, биз, оңой менен бере койбоспуз. Ал көрөкчө, жөнөкөй эле сага пайда болгон эңсөөң – дартка чалдыгып кетпесин үчүн сүйлөшүп калсаң, бугуң чыгып, басылып калсын деп жатам. Маакулдаштыкпы... (экөө тең шыңкылашып күлүшөт).

Кашат жакка токойдон жөө кишилердин басып келе жаткан табышы билинип, келин менен кыздын акырын сүйлөшүп келе жаткан үндөрү угулат.

Солтобай акырын жөтөлүмүш болуп, алдыларынан угурлай басып тосуп, "Арбаңыздар" деп учурашып, "бул жакка басалы" деп, кол жаңсап, ээрчитет. Аңгыча Арстанбек да утурлай басып, алдынан чыгып учурашып, экөө менен тең кол алышат.

Арстанбек: -Жеңе, тотудай күлпунуп, кайын сиңдиң чоңоюп калыптыр. Кайыны барбы? (Күлүшөт).

Акылай күлө багып, Айганымга ыктай бет буруп, кылыктанып: -Кызыке, бул кишилерге өзүң жооп берчи. Кайының барбы, күйөөң барбы – мен билбейт экемин.

Айганым оң саамайын кармалап, алдыртан Арстанбекке көз таштай, ылдый карап:

Ырас, тоту куштай күлпурган,
Көз уялтар көркүм бар.
Күткөнүм үмүт, ак тилек,
Шамшардан өткүр шертим бар.
Ошол шертти аткарса,
Ойдогу ички сыр чыгар...

Арстанбек кыздын мындай терең, ачык мазмундуу сөз менен, болгондо да, ырдап айтаарын күткөн эместей. Кыздын оңой эмес экенине баа бере, кубануу менен:

Таттуу экен сөзүңүз,
Тартылды көзгө көзүңүз.
Тагдырдан келген иш болсо,
Таалайга салып көрөрбүз.
Таамай айтсаң шертиңди,
Табууга жардам берербиз.

Айганым: -Андай болсо: эр жигиттин үч шериги, үч асыл мүнөзү, үч касиети кайсылар?

Ошондой эле үч душманы, үч начар жактары, үч какма кесири болот дешет. Ушуларды чечмелеп, айтып бересизби?

Арстанбек башын бир жогору көтөрүп алып, бир азга ойлонуп туруп, салмак менен сүйлөп, жооп бере баштайт:

Эр жигиттин үч шериги: 1-Айнышбас асыл жубайы; 2-Астындагы жакшы аты; 3-Жанга күйөр жан жолдошу.

Үч асыл мүнөзү: 1-Чынчылдык – чынчыл болсоң кол жеткис, бийик чыккан чынарсың; 2-Адалдык – адал жүрсөң айныбай, турмушуңа кумарсың; 3-Адилеттик – адилет болсоң калкыңа, калыс бийлик кыларсың.

Жашоодогу үч касиети: 1-Аш – аш өмүрдүн гүл азыгы, тириликке жан берген; 2-Суу – суу өмүрдүн булагы, тамчысы денге кан берген; 3-От – от өмүрдүн өзөгү, жалыны тийсе эриген.

Эр жигиттин үч душманы: 1-Жалкоолук – кайнатуучу шоруңду; 2-Аңкоолук – агызат бир күн жашыңды; 3-Жатактык – уурдатат корооңдогу малыңды.

Үч начар жактары: 1-Жалтанчаактык-жашыктык – агызат ооздогу балыңды; 2-Жагымпоздук – көрүнгөнгө бүлүнсөң, боло албайсың жагымдуу; 3-Жалганчылык – жалган айтсаң жалпактап, жоготосуң арыңды.

Үч какма кесири: 1-Ушакчылык – сөз ташысаң ушактап, кыйнаганың жаныңды; 2-Алдамчылык – алдамчы болсоң ар качан, ачалбайсың багыңды; 3-Мактанчаактык – төшүңдү каксаң мактанып, кетиресиң баркыңды.

Он сегиз суроо сурадың,
Ой чабытым сынадың.
Акындыгы чынбы деп,
Акылымды сынадың.
Айтылган сурооң чечтимби,
Же адаштып башка кеттимби?
Ойдогу сырды чыгарар,
Оюңда баага жеттимби?

Көркөмүң көздү кубантып,
Көңүлгө кубат, дем берди.
Тилегиң күткөн ак болсо,
Айтылган сөзүң так болсо,
Аныгын айтчы угайын,
Антташсаң мен да чыдайын.

Айганым, сени тапканга,
Аллага шүгүр кылайын.

Акылай Айганымга шыбырап: -Тартынба, бирок көңүлүн да калтырба. Кызыке, кылыгыңдан жазба... (Солтобай экөө сахнанын төр жагына жашынып кетишет).

Арстанбек жанында жалгыз калган Айганымды колунан кармап, колунун үстүнөн сылай-сылай: -Колуңуз жылуу, жумшак экен. (Имере тартып, жүзүнөн сүйөт).

Айганым ылдый карап туруп:

Атыңызды укчу элек,
Алыста турат бизден деп.
Адашып жүргөн өңдүүсүз,
Антташууга кыз издеп.
Кайындуу кызга кабылып,
Калбасаң экен келтек жеп.

Арстанбек:

Айганым, кайның бар окшойт,
Ата-энең ага кошоктойт.
Өз пейлиң менен сүйбөсөң,
Өмүргө бакты токтобойт.
Кааласаң кылгын убада,
Кол сунайын мен сага!

Айганым:

Сунулган колуң алайын,
Суубасын акын маанайың.
Адамдык сының көрүндү,
Арнадым асыл көөнүмдү.
Өкүнчүм болбос кудайга,
Өткөрсөк бирге өмүрдү.

Арстанбек:

Ант болсун ушул убада,
Тартаарбыз бир аз убара.
Тилеген тилек ишке ашса,
Түбөлүк турмуш курууга,
Орундаар максат оюбуз.
Кырсыктан кудай сактаса,
Камынып келем Нарындан,
Качууга кылгын камылга-деп бүтүп, "Келе колуңду?" дейт. Айганым колун берет. Экөө кучакташып, өбүшүп ажырашат. Аңгыча Солтобай менен Акылай келет.

Акылай Арстанбекке карап, күлүмсүрөп тамашалап: -Күйөө бала, жеңкетайга көпкө жыгыласыңар го?

Арстанбек: -Болот, жеңе, болот. Солтобайды эле колдон чыгарбасаңыз, баары болот (күлүшөт).

Ушул убада боюнча камынып келүү үчүн Арстанбек эки жумага Нарынга кетет.

Жарык өчүп, кайра жанганда

Авансценадан (микрофондон) – убада боюнча камынып келүү үчүн Арстанбек эки жумага Нарынга кетет. Ошол мезгилде мурда Айганымга кудалап, калың төлөп, өткөрүп койгон болочок күйөөсү Карабайга – Айганым менен Арстанбектин таанышып, сүйлөшкөндөрү жөнүндө кабар жетип, Карабай намыстанып, ата-энеси кудалап койгон кызга чандырып, алалбай калганча, зордуктап да болсо алып келем. Ала албасам, өзүм өлүп же өлтүрүп келем деп, тандамал беш жигит ээрчитип алып келсе, ондой берди болуп, кыздын ата-энеси башка айылга кудага кетиптир. Үйүндө Айганым менен жеңеси гана калганын билишип, эл уйкуга киргенде ууданып үйгө киришип, коркутуп, бычак көрсөтүп туруп, жеңесинин колу-бутун байлап, керегеге таңып салышып, Айганымды алып кетишет.

Арстанбек Нарында жүрүп, 15 күндөн кийин келип, биринчи эле Солтобай шакиртине жолугат.

Арстанбек: -Ассалоому аллейкум, Солтобай мырза! Кандай эл-журт, үй бүлөң аман-эсенби?

Солтобай чочуп кетип, алик албай эле, Арстанбекке капалуу мүнөздө карап: -Айганымдан ажырап калдык!

Арстанбек түшүнбөй калгандай эле, мостоюп туруп калат.

Солтобай комузун колуна алып:

Алиги эки ушакчы,
Атайлап барып айтыптыр.
Аны уккан күйөө Карабай,
Арданып чыдап туралбай,
Ата-энеси жок кезде –
Аңдытып билип алыптыр.
Калыңын берген зайыбым деп,
Карматып кетип калыптыр.
Кайгырган менен айла жок,
Кудайдын бул да буйругу.
Элде-журтта кыздар көп,
Табаарбыз да бир сулууну.

Арстанбек үшкүрүп жиберип, ойлуу туруп калып, Солтобайдын комузун алып:

Ат күлүгү камдалып,
Айылдан жигит тандалып,
Аял алып келем деп,
Атайын чыксам камданып.
Алдырып ийип келдим деп,
Айлыма кантип барамын,
Айганым менен сүйлөшсөм,
Айласын ойлоп табармын-деп, өкүнүп отуруп калат.

(Көшөгө жабылат)

V көрүнүш

Сахнада жарык өчүп баратып, кайра жарык болгондо

Авансценадан (микрофондон): Жай мезгили, атактуу Каркыра жайлоосу. Арстанбектин даңкын угуп, бир көрүүгө ынтызар болуп жүрүп, алыскы Аксы жергесинен бир жолдошун ээрчитип, ондогон күнү атчан жол жүрүшүп, атактуу акын Арстанбекке учурап, жолугушуп, таанышып, акындык өнөрүнөн үлгү алайын деген максат менен келаткан 20 жаштагы акын жигит Жеңижок көлдөгү көп айылдардан сураштырып отуруп, Арстанбектин айылын таап келет.

Айылдын жогорку четинде, окчунураак тигилген ак үй Арстанбектики. Жолоочулар аттан түшүп, үйгө киришип, төрдө отурган кишиге жарыша салам айтышат. Алик алышкан соң, кол алышып учурашты.

Үйдүн төрүндө калыңча салынган төшөк көлдөлөңдүн үстүндө кызыл жүздүү, көгала сакал, орто жаштан өтүп бараткан Арстанбек сайма баркыт чепкен жамынып, мандаш токунуп, топучан отурат.

Байбичеси ордунан туруп, коноктorго кымыз куюп сунганда, бирденин ичип жиберишип, экинчиси кайталанып, алдыларына коюлганда – **Арстанбек** аларга карап: -Жол болсун, балдар! Кайдан, кайда баратасыңар? Ким болосуңар?

Жеңижок: -Анжиян тараптан, Аксы деген жерденбиз (жолдошуна көз кысып, комузуна жумшап коюп). Өз атым Өтө, эл койгон атым – Жеңижок дешет. Атайын эле Сизге учурашып кетейин деп, издеп келдим-деп, комузун күүлөп:

Аманбы, абам Арстанбек?
Ааламга айттың далай кеп.
Эсенби, абам Арстанбек?
Элге айттың далай кеп,
Эңсеп келдим сени издеп.
Нукура ырчы Арстандын,
Нуска сөзүн уксам деп.
Булбул болуп сайрадың,
Бурап тилиң кайрадың.
Карала сакал болупсуң,
Каралап келдим өзүңө,
Кадоо салгын сөзүмө.
Ырчылыгым жок болсо,
Жаш экен деп санабай,
Көңүлүмө карабай,
Тике айткын көзүмө.
Карыядан кеп уктум,
Кадими ырчы деп уктум.
Аксакалдан кеп уктум,
Артык ырчы деп уктум.

Өзгөлөрдөн кеп уктум,
Өзгөчө ырчы деп уктум.
Ошондон улам келгемин,
Аксы деген жерденмин,
Айтып бүттүм болгонун.

Арстанбек:

Аманбы, балам Жеңижок?
Айтканыңдын кеми жок.
Эсенби, балам Жеңижок?
Эчен сөз айттың кеми жок.
Оо, тирикарак чырагым,
Термедей сөздү курадың.
Темир тоо жылып көчсө да,
Сенин – термелбей турган убагың!

Көмүр тоо жылып көчсө да,
Кебелбей турган убагың.
Сыноого салдым сөзүңдү,
Байкап турам өзүңдү.
Жыйырмада жашың бар,
Жаш жолборстой башың бар!

Аттиң, балам Жеңижок,
Пейлимден чыккан сөз эмес,
Периштелер айт деди –
Айтпай коёр эрким жок!
Көксулууну алам деп,
Каргышка калып калыпсың.
Артыңдан бала ээрчибей,
Көңүлүң толкуп телчибей,
Бир ташы кем – шум дүйнө,
Арман болор ичиң чок.
Кабатыр болбо сөзүмө,
Тоодой мүшкүл түшсө да,
Томуктай кылып көтөрөт,
Таң калам – адам күчүнө!

Оо, балам, ырчылык жайын айтайын:
Ырчы болсоң – сынчы бол!
Зөөкүрдү чабаар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол.
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.

Аргымак минген баатыр бол,
Алсыздарга жакын бол.
Күлүк минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол.
Жесирлерге жөлөк бол,
Жетимдерге көмөк бол.

Канкорлорго касап бол,
Калп айтканга мазак бол.
Ууруларга айгак бол,
Ушакчыга сайгак бол.
Бечарага калка бол,
Беделсизге арка бол.
Ашта-тойдо мырза бол,
Аптыгып алкым агытпай,
Акындарга нуска бол!
Кара өзгөй болбой, калыс бол,
Кошоматтан алыс бол.

Усталарга балка бол,
Баатырларга калка бол.
Коркокторго уруш бол,
Кош сөздүүгө буруш бол.
Карыяга кайрым бол,
Алы жокко айбар бол,
Ашы жокко айран бол.
Эрегиш чыкса, элчи бол,
Эл-журтундун кенчи бол!
Аш менен тойдун көркү бол,
Тону жоктун бөркү бол.
Желек кармаар жетик бол,
Жардыларга кешик бол,
Жармачтарга эшик бол.

Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол.
Пейилдүүгө бейпил бол,
Ысаптууга байыр бол,
Мүлдө журтка шайыр бол.
Таразанын ташы бол,
Ырчылардын башы бол!
Калктын зарын зарлап өт,
Качанкы ырын ырдап өт.

Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып, жыргап өт.
Элдин зарын зардап өт,
Эзелки ырын ырдап өт.
Эл көңүлүн чалкытып,
Эргүү алып, жыргап өт!

Уламаны улагын,
Улардай таңшыр убагың.
Баяда минтип айткан деп,
Кек сактап, сөздү куубагын!
Санат сөздө сабагын,
Сабап айтар убагың.
Санаа тартпай, жыргап өт,
Сакадай болгон, чырагым!
Күлүк минип, гүлдөп өт,
Күмүрөй журтка сүйлөп өт.
Жорго минип, жолдо өт,
Жамы журтка ырдап өт.
Ырын журттун ырдап өт!
Ырың журттун ынагы,
Өзүң болгун чырагы.

Балам,
Сынчылардын сынын ук,
Ырчылардын ырын ук!
Жомокчуну издеп ук,
Ушакчыны уктап ук.
Акылманды аңдап ук,
Дудуктарды жаңдап ук.
Чечендердин сөзүн ук,
Көсөмдөрдүн көчүн ук.
Комузчунун күүсүн ук,
Кыякчыны кылдат ук.

Добулбастын доошун ук,
Чоорчуну чордоп ук.
Темир комуз күүсү –
Термелтип жанды жыргатат,
Назар салып, таасын ук.
Жолоочуну жолдон ук,
Добогердин доосун ук.
Манасчыны түнөп ук,
Кошокчуну кошуп ук.

Боз балдардын ырын ук,
Булбулдун мукам үнүн ук.

Кыз баланын сырын ук,
Боздогонду бозуп ук.
Бекбекейди безип ук,
Борумдууну тосуп ук.
Замананын зарын ук,
Каапырлардын каарын ук,
Мусулмандын жайын ук.

Кыргыздардын жоосун ук,
Кытай, калмак доосун ук.
Думананын зарын ук,
Мүлдө журттун баарын ук.
Нуска сөзүң кап болсун,
Санат сөзүң сан болсун!
Санжыра сөзүң саз болсун,
Калың кыргыз элине –
Кадырың артып, бак консун!
Балам,
Кайрылып сени көрбөсөм,
Нуска сөзүм айта жүр.
Арстанбекти көргөм деп,
Арткыларга айта жүр!

(Бул чыгарма Найманбаев Мукаш Калмат уулунун 2006-жылдын 3-июлунда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын академиги Үсөн Асанович Асановго жиберген жазылмасы боюнча берилди)

АРСТАНБЕК АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

(Дастан)

Ар бир заман доорунда,
Ардакталган адам бар.
Эли сүйүп, даңктаган,
Эзелки өткөн акындар.
Алардын бири Арстанбек,
Ак таңдай акын бул залкар.
Алдына акын чыкпаган,
Арымдуу жорго, чоң тулпар.

Адамдын буту баспаган,
Арстан, жолборс ашпаган.
Алты миң метр бийикке,
Аталды атың белгиге.

Эмгегиң баалап эл-журтуң,
Мектепке атын ыйгарды.
Ар дайым болсун балдарга,
Ак жолтой билим булагы.
Жолуңду жолдоп ырдаган,
Жаштардан чыгаар далайы.
Эстелик салды калкыбыз,
Эскерүү – кыргыз салтыбыз.
Чогулуп эл-журт белгилеп,
Ыраазы болдук жалпыбыз.

(Найманбаев Мукаш Калмат уулунун "Санжыра саптарынан" аттуу китебинен алынды. Бишкек – 2014. 157-163-беттер)

Жаналы Акматов,
журналист

ТАЛАНТЫ ТАШ ЖАРГАН ДААНЫШМАН

("Булбул" атка арзыган айтылуу
Арстанбек акынга – 190 жыл)

Илгери өткөн заманда Көлдүн тескей өрөөнүндө тынымсейит уруусунун бир журтуна Буйлаш бий башчылык кылып турган экен. Мал-журту, бала-бакырасы тамыр жайып, аброю артып, бакубатчылыкта бийлеп турган журтун. Күндөрдүн биринде айылына айтылуу Санчы сынчы келип, сынап берүү өтүнүчүн билдирет.

Сынчы:

-Бийим-дейт суз гана-балдарыңыздын тобунда сиздин мартабаңызды артыраар, камчы саптык мураскоруңузду көрө албай койдум.

-Каап, ушунча журтка дайын болсом, сый-урмат күтсөм. Жолумду улап, атымды өчүрбөй, тизгинимди алар балам болбогону өкүнүчтүү-деп, кайгыга көмүлөт.

-Бийим, капа болууга али эрте. Сиздин белиңизден бир баланы көрүп турам. Ал уул кызыл тилин кайрап чыгар, таң алдында сайрап чыгар топ жарган "булбул" болот. Макул көрсөңүз, ал уулду төрөп берер аялды таап берейин.

Бийдин айтымы менен камылга көрүлүп, эртесинде эл жайлоого көчүрүлүп, жол боюна сынчы менен эл жакшыларына арналып, берекелүү дасторкон жайылат. Көч менен сынчынын карегинен нечен сулуулугу суктандырган келин-кыздар, аялдар өтөт. Сынчы үндөбөйт да, бир ордунда тигилип олтура берет. Тээ көч аягы үзүлгөндө: "Сынчым, эл толугу менен сыныңыздан өтүп болду"-дегенде гана, алыска телмире карап: -Аркада дагы киши бар го. Аттанып, угурлай бастырбайлыбы-деп, ордунан турду.

Буйлаш бий баштаган топ бир кырга чыга бергенде, алыстан караан келатканы көрүнөт. Байырлап, дүрбү салса, өгүзгө жүк арткан аял келет, илээлеп. Эл жакшылары аттан түшүп, суусундук жутуп, байырлап калат. Тиги караан саамга токтогондой болот. Ошондо сынчы: "Бу жолочу тыным алгансыды. Кудай билет, жол четине отура калгандай түрү бар. Карагылачы, жигиттер"-дейт. Коштоп жүргөндөр дүрбү салып: -Жол боюна даарат ушатып жатат-дешти.

-Эмесе балдар, барып ким экенин, тек жайын билгиле. Жолоочуну узатып жиберип, даарат ушаткан жерин көргүлө. Эпада заарасы жерди бир карыш тешип кирип кеткен болсо, бийиме камчы сапка жараган уул төрөп берээр аял ошол-деп, жандаган жигиттерди аттандырды. Кыйладан кийин таңшыpма менен кеткендер келишти.

-Жолоочу бийдин айылындагы Төрөкан деген аял экен. Күйөөсү менен оту күйүшпөй, ажырашып келиптир. Ата-теги деле жарды жашаган кишилерден экен. Бирок, бийимдин көңүлү болобу, өнү деле черт ургаачы экендеп, топ баштаган жигит тим болду. Айткандай эле утурлай бастырып, чукулдаса, Кудай келбеттин ырыскысын бербеген, жүдөгөн келин экен.

Мезгил айланып, Жети-Өгүз сыртында Төрөкан токолдун ай күнү жетип, уул төрөдү. Азан чакырып, Буйлаш уулу Арстанбек деп, ат коюлганы эле болбосо, Төрөкан салбардын тиричилиги мурдагы калыбынан жазган жок. Болгону бий акысын берип, өз журтундагы устага бешик жасаттырып берди. Эне үчүн баланын эр жетмеги не деген азап болду. Уулун бешикке бөлөп, байбиченин, жада калса, кемсинтип кеп айткан бардар журт билермандарынын да ишин бүтүргөнгө үлгүрүп жүрдү. Кийин Арстанбек да бутуна туруп, эс тартканы кулагына жылуу сөз, колуна жеңил иш буюрбады. Ошентип, күн айды, ай жылды толуктап, сүрүп олтурду. Жаш бала эс тартканы аталаш улуу агаларынын малына көз болуп, койчулуктан колу бошогон жок.

Арстанбек 15 жашка караганда, ошол чөлкөмдөгү аш-той ансыз өтпөй, татымы жок тамактай, көрксүз болуп турду. Ак таңдай акын, комузда кол ойноткон чебер, кыл кыякчы катары көл өрөөнүндө ысымы угула баштады. Өнөрдүн туу кырынан көрүнүп, көрүүчүлөрдү таңдантып, бутунун салаасына бычак илип алып, нечен күүнү ийине жеткире аткарып, алкоого татып жүрдү. Ушундай күндөрдүн биринде Кокон хандыгынын салык жыйноочу черүүлөрү Көл, Нарын аймагынан 12 болуш-

бийди өз учурунда салык төлөбөйт деп шылтоолоп, хан алдына айдап кетет. Журт башчылары барымтага алынганы бир топ мезгил болсо да, хандын каарынан коркуп, аркасынан бирөө даап, бара албайт.

Акыры 16 жашар Арстанбек агаларынан уруксат сурап, барууга бел байлады.

-Мейли, биз башыбыздан айрылып жаттык беле-дешти да, ат, жолуна азыгын берип, узатышты.

Арстанбек нечен күн жол жүрүп отуруп, акыры Кокон хандыгынын дарбазасына келип токтоду. Комузун күүлөп, Мадали хандын мартабасын арттыра мактап, айланасындагы төбөлдөрүнүн ишин жактап, кынаптап ырга салып, токтобой турду. Тандa башталган ыр толкуну күн кечтеп барып басылды. Акак шурудай тизилген ыр түрмөктөр, кубулжуп жан дүйнөнү элжиреткен комуздун авазы кимди болбосун делебесин козгоп, акын өнөрүнө таң берип турду. Теребелге жан салгандай болгон шандуу мактоо эртеси жерге күн нуру себелегенде кайра уланып, айланадагы адам баласын мүлдө арбап, ыр-күү кереметине чөмүлтүп алды. Жез тандай акындын өнөрү ханга, ордо билермандарына дайын болду. Арстанбекти ордого алдырып, датын, мактоосун угушту. Жаш улан жазыксыз айдалган болуштардын артындагы элдин мүдөөсүн, хан ордонун, төбөлдөрүнүн ишин мактап, айга, күнгө тенеди. Орундуу кеп, жагымдуу сөзгө ынабаган, эрибеген жан болбоду. Хандын ыракымы менен барымтадагы болуштар бошотулуп, ордуна үч жылча Арстанбек ордо ырчысы болуп кызмат кылды.

Барымта мөөнөтү аяктап, хандын белегин, элдин урматын алып, өз мекенине кайткан Арстанбекти эл жактырганы менен, улуу байбиченин балдары ичи тардык кылып, суз кабыл алды. Көп өтпөдү, жаңы тууган таап, энеси менен таякелерине Жети-Өгүздөгү Чычкан-Башы айылына көчүп кетип, түбөлүк мекендеп калды. Акындын жайлоосунда өткөн топто казактын эң мыкты деген ырчысы Каңтарбай менен айтышка салды. Төрөнүн ырчысы улуу болсо да да, сынамакчы болду. Жаш баланы теңсинбей, ыр жарышынын кезегин Арстанбекке берет. Акын санат ырдан баштап, эт бышым мезгил ар кыл багытта ырга кошуп, кулак төшөгөн түмөн элди сөз кумарына балкытты. Ыр жамгыры басылганда, казактын ырчысы: "Баракелде, жарыгым! Кыргыздын бактысына жаралган чолпону экенсиң. Энди менин айтаар сөзүм калбады гой!"-деп, ырдабай жеңилип берген экен.

Арстанбектин зоболосу көтөрүлүп, өмүрүнүн акырына чейин сыйурмат үстүндө өттү. Жердештери эл таламын жактаган, мартабасы бийик, калыс, ыйманы ысык, ак таңдай акын бий болуп, бир канча мезгил акыйкат бийлик жүргүзгөн дешет...

("Кыргыз туусу" гезити, 2014-жылдын 10-июну)

Сейит Жетимишев,
жазуучу, Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмери,
Академик Б.Юнусалиев жана
Классик акын А.Токомбаев атындагы
сыйлыктардын лауреаты

АРЫСТАНБЕК

Жакшы акын көп – тил учунан сайраган,
Жакшы акын көп -- сезимдерди кайраган.
Бирок чиркин, Жан акыны деген бар,
Удургутуп Көктөн булут айдаган.

Төкмөлөрдүн ырлары көп – төгүлгөн,
Жамгыр жааса, сел жүргөндөй көрүнгөн.
Арыстанбектин алп саптары башкача,
Ааламды өрттөөр -- чагылгандан бөлүнгөн.
Арыстанбек – Жан акыны – аяндай,
Ойдон-ырдан жаралгансып карандай.
Өткөн эмес, бүгүнкү "Тар заманды",
Так айткансыйт, тирүү жүргөн Жарандай.

02. 09. 2014-жыл.
(Арстанбек Буйлаш уулунун
190 жылдыгына карата арналган ыры)

ЭЛ ООЗУНАН ЭШИТТИҢ БЕЛЕ?

"Сындын ээси – Санчы, ырдын ээси – Арстанбек, ойдун ээси – Калыгул, малдын ээси – Олжобай, журттун ээси - Боромбай"...

Байтемир Асаналиев,
Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер

АРСТАНБЕК

Кыргызда кыйла акын өткөн экен,
Жамгырдай ыр берметин төккөн экен.
Буйлаш уулу Арстанбек, кайран талант,
Булбул ырчы аталып, өзгөчө экен!

Адамдан чанда чыгар андай жорго,
Атагы тегиз тарап оңго, солго.
Коргошундай эритип укkан жанды,
Комузу сайрап турчу дешет чебер колдо.

Кыдырып кыргыз жерин, казак жерин,
Жазыптыр ыр-күү сүйгөн калктын черин.
Талыбай таңшычу экен Булбул ырчы,
Тапкандай ырдын, күүнүн бүтпөс кенин.

Акын арбын, комузчу көп билем мен,
Ыр, күүлөрү өзү менен бир өлгөн.
Арстанбектей алп талантка айла жок,
Ар бир сабы терең ойго ширелген.
Талантына тан бересиң азыр да,
Анжиянда туура он алты жашында...
Датка[1] кантип курсант болбой коё алмак,
Жапжаш бала жаңшап турса кашында.

Арстанбек – акындардын акыны,
Ал – даанышман, айбы – көзү ачыгы...
Тар замандын белгилерин ал кезде,
Таасын байкап, таамай айткан жазыгы.

Арстанбек – асылдардын асылы,
Ар бир сөзү жан дүйнөнүн азыгы.
Эчен жылдар өчүрсө да ырларын,
Эңсеп сүйгөн элге жетти акыры.

Эстен чыкпай сары алтындай саптары,
Эл аларды жүрөгүндө сактады.
Таң каларлык – мааракеси өтөөрдө,
Таңгак ырын огороддон тапканы...

Таазим этип: "Талантыңа сыйынам!" –
Жеңижок да өткөн келип сынынан.
Каңтарбайдай[2] канча акынды каңтарган,
Канат бүтүп калктын урмат, сыйынан.

Улам кайра уккуң келип самачу –
Укмуш дүйнө терме менен санаты.
Унутулбай толук жетмек асыл кенч,
Учурунда болсо элдин сабаты.

Тартып турган, ырларынын күчүбү?
Таза алтындын анча-мынча күкүмү –
Калкка жетти, ошого да канимет,
Арстанбек – Ала-Тоонун күкүгү!

Октябрь, 2014-жыл.

[1] **Алымбек датка жөнүндө**
[2] **Казак акыны**

МАЗМУНУ

Атабыздын керээзи – азыркынын гүлазыгы 3
Түзүүчүдөн түшүндүрмө 5
Кечиккен кенч 13
Илимий издер 130
Таасын табылгалар 307
Омоктуу ойлор 380
Талантка таазим 538

ЭЛ МЕНЕН СЕН БИЙИКСИҢ...

Илимий-адабий басылма

Редактору ***Турганбек Шайыков***
Жооптуу редактору ***Ишенбек Осмонов***
Техникалык редактор ***Эмилбек Эстебесов***
Компьютерге терген ***Курманбубу Субанова***
Калыпка салган ***Адилет Кеңеш уулу***

Басууга 10.11.2014-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84. 1/16.
«Times_Q2» ариби колдонулду.
Көлөмү 36 физ. б. т. Нускасы 1000 экз.
Келишим баада.

«АДЭМ БАСМА» басмасында басылды.